АТА-ЭНЕ МЕНЕН БАЛАНЫН МАМИЛЕСИ

БАЛДАРДЫ ТАРБИЯЛОО БОЮНЧА САБАКТАР

ХИШАМ АЛЬ-ТАЛИБ, АБДУЛХАМИД АБУ СУЛАЙМАН, ОМАР АЛЬ-ТАЛИБ

Ата-эне менен баланын мамилеси

АТА-ЭНЕ МЕНЕН БАЛАНЫН МАМИЛЕСИ

Балдарды тарбиялоо боюнча сабактар

Хишам аль-Талиб
Абдулхамид Абу Сулайман
Омар аль-Талиб

Ислам ойлору Эл аралык институту (IIIT)

Бишкек - 2021

I

УДК 297
ББК 86.38
Х 53

Хишам аль-Талиб, Абдулхамид Абу Сулайман, Омар аль-Талиб
Х 53 **Ата-эне менен баланын мамилеси: балдарды тарбиялоо боюнча сабактар (Kyrgyz)** – Б.: 2021. – 552 б

ISBN 978-9967-9330-7-1

© Ислам ойлору Эл аралык институту (IIIT)
1434 AH / 2013 CE

Parent-Child Relations: A Guide to Raising Children (Kyrgyz)
Hisham Altalib, AbdulHamid AbuSulayman, Omar Altalib

© The International Institute of Islamic Thought (IIIT)
1434 AH / 2013 CE
ISBN 978-1-56564-582-0 hardback
IIIT
P.O. Box 669
Herndon, VA 20172, USA
www.iiit.org

Которгон: А. О. Ибраев
Китептин редактору: Беделбек кызы Вера

Бардык укуктар корголгон
Китеп “Ихсан Хайрия” коомдук фонду тарабынан жарыкка чыгарылган

Бул китеп Кыргызстан мусулмандарынын дин башкармалыгы тарабынан тастыкталган.
№11 «05»__02__2021-жыл.

Бул китептин бир дагы бөлүгүн автордук укук ээсинин жазуу жүзүндөгү уруксатысыз басып чыгарууга болбойт. Бул китепте айтылган көз караштар жана ойлор авторго таандык жана басмакананын, котормочулардын, редакторлордун көз караштарын чагылдырбашы ыктымал.

ISBN 978-9967-9330-7-1

УДК 297
ББК 86.38

Авторлор

Хишам Яхья аль-Талиб

Доктор Хишам Яхья аль-Талиб 1940-жылы Ирактын Ниневадагы Мосул шаарында туулган. Ал – Ливерпуль университетинин электротехника боюнча Бакалавр даражасына ээ (1962-ж) жана Индиана штатындагы Лафайетт шаарындагы Пурду университетинде электрдик инженерия адистиги боюнча Илимдин Кандидаты (1974-ж).

Доктор аль-Талиб электр инженери болуп иштеп, кийинчирээк Түндүк Америкадагы исламдык иштерге жигердүү киришип, ушул күнгө чейин салымын кошуп келет. Ал ар кандай Ислам уюмдарында бир нече кызматтарды ээлеген, анын ичинде АКШ жана Канада Мусулман Студенттер Ассоциациясынын (Muslim Students Association) Лидерликти окутуу бөлүмүнүн биринчи директору (1975-1977) жана Эл аралык Ислам Студенттик Федерациясынын (Islamic Federation of Student Organizations) Башкы катчысы (1976). Ал Америкада жана чет өлкөлөрдө көптөгөн окуу лагерлерин жана семинарларды өткөргөн.

Доктор аль-Талиб – SAAR фондунун негиздөөчүсү жана директору (1983–1995), 1981-жылы Ислам ойлору Эл аралык институтунун (International Institute of Islamic Thought) негиздөөчү мүчөсү, ошондой эле 20дан ашык тилге которулган атактуу *«Мийсак аш-Шараф ад-Да'вий»* (арабча) жана белгилүү *«Ислам эмгекчилери үчүн окуу куралы»* китебинин автору. Учурда Ислам ойлору Эл аралык институтунун каржы директору. Ал – ардактуу ата жана кадырлуу чоң ата.

Абдулхамид Ахмад Абу Сулайман

Доктор Абдулхамид Ахмад Абу Сулайман 1936-жылы Мекке шаарында төрөлүп, ал жерде орто мектепти аяктаган. Ал Каир университетинин коммерция тармагында Бакалавр даражасына ээ (1959), Каир Университетинин саясий илимдеринин магистри (1963) жана Пенсильвания Университетинин Эл аралык Мамилелер бөлүмүндө илимдин доктору (1973).

Эмгек жолунда ар кандай кызматтарды аркалаган, анын ичинде Мамлекеттик пландоо комитетинин катчысы, Сауд Арабия (1963-1964); Мусулман Социалдык Илимпоздор Ассоциациясынын (Association of Muslim Social Scientists) негиздөөчү мүчөсү (1972); Бүткүл Дүйнөлүк Мусулман Жаштар Ассамблеясынын (World Assembly of Muslim Youth) башкы катчысы (1973-1979); Сауд Падыша Университетинин саясий илимдер бөлүмүнүн төрагасы, Эр-Рияд, Сауд Арабия (1982–1984); жана Эл аралык Ислам Университетинин (International Islamic University) ректору, Малайзия (1988–1998).

Көптөгөн эл аралык илимий конференцияларды жана семинарларды уюштурууга көмөктөшкөн доктор Абу Сулайман – учурда Ислам ойлору Эл аралык институтунун

(International Institute of Islamic Thought) президенти жана *мусулман коомдорун* реформалоо боюнча көптөгөн макалалардын жана китептердин автору, анын ичинде: *Эл аралык мамилелердин Ислам Теориясы; Ислам методологиясы жана ой жүгүртүүсүнүн жаңы багыттары; Мусулман аң-сезиминин кризиси; Үй-бүлөлүк келишпестик: Ислам рухун адамдык кадыр-баркка кайтаруу; Мусулман дүйнөсүндө жогорку билимди жандандыруу жана Курандын дүйнө таанымы: маданий реформалардын плацдармы.*

Ал – ардактуу ата жана кадырлуу чоң ата.

Омар Хишам аль-Талиб

Доктор Омар Хишам аль-Талиб 1967-жылы Ирактын Киркук шаарында туулган жана 1968-жылы ата-энеси менен АКШга көчүп келген. 1989-жылы Джордж Мейсон Университетин экономика адистигин Бакалавр даражасы менен аяктаган жана социология боюнча магистр (1993-ж), ошондой эле, Чикаго Университетинин социология илиминин доктору (2004-ж). Улуттук Илим Фондунда (1989-1992) аспиранттар үчүн стипендиясын алган жана Дали колледжи, Чикаго (1998-ж) менен Норзвест Индиана Университетинин доценти. (Гари, Индиана 1999-ж)

Ал – Эшланд Университетинин социология жана криминология кафедрасынын ассистент профессору (2000-2003-ж.ж.), Александриядагы (Вирджиния штатында) Сайнс Эпликейшнз Интернешнл Корпорациясында башкы инженери болуп иштеген (2005-2006-жж.). Эл аралык Ислам Университетинин Социология кафедрасынын доценти, Малайзия (2009-2011-жж.)

Доктор аль-Талиб – үй-бүлө, билим берүү, кайрымдуулук уюмдары жана коомдук иштер боюнча бир нече макалалардын автору. Ал илимий конференцияларга катышып, дүйнө жүзүн кыдырып келет.

Ыраазычылык

Доктор Ахмад Тутунжиге, доктор Фатхи Малкавиге, маркум доктор Джамал Барзинжиге жана доктор Якуб Мирзага ушул китептин үстүндө иштеп жатканыбызда, Ислам Ойлору Эл аралык Институтунун ишин өз нугунда алып барышкандыгы үчүн чын жүрөктөн ыраазычылык билдиребиз.

Текстти өркүндөтүү боюнча баалуу сунуштарды берген рецензенттерге, айрыкча, Батул Тумаха, Зайнаб Алавиеге, Мишель Мессаудиге, Доктор Ванда Краузга, Маида Малике жана доктор Джассер Аудага ыраазычылык билдиребиз. Китептин биринчи мазмунун карап чыккан доктор Икбал Унуска, түп нуска иллюстрациясын даярдап, форматтап, кол жазмага баалуу салым кошкон Лина Малкавиге жана Зина аль-Талибке да ыраазычылык билдиребиз.

Ошондой эле төмөнкү кесиптештерибизге ыраазычылык билдиребиз

Бир нече долбоор боюнча китептерди басып чыгарган жана аларды көчүргөн маркум Акбар Али Мир, Ашраф Сабрин, Сайф аль-Талиб, Заид аль-Талиб, Ноха аль-Талиб жана Махмуд Шерифке;

АКШнын Вирджиния штатындагы Херндон шаарындагы ADAMS (Даллес аймагындагы Бардык Мусулман Коому) ата-энелер семинарларында чыныгы турмуштук мисалдарды келтиргени үчүн Доктор Танвир Мирза жана Салма Ашмавиге;

Балдарды тарбиялоо боюнча видеолордун топтомун карап чыгууга жардам берген Жунаина Абдулла жана маанилүү комментарийлери үчүн Лейла Сейнге;

Тексттин презентациясы, мазмуну жана форматы боюнча көптөгөн пайдалуу шилтемелерди жана пайдалуу пикирлерди бергендиги үчүн Хасан аль-Талибге.

Биздин бактыбызга кеңсебизде Салва Медани бар, анткени ал кол жазманы тырышчаактык менен иштеп чыгып, аны күн сайын өркүндөтүп келди. Лондондогу кеңсебизде Шираз Хандын иштегени бул – биздин олжо. Ал – өзгөчө жана мыкты редактор, ал чыгармачылыктын жана сын пикирлердин алтын кени жана мыкты колдоонун булагы. Сара Мирзага, ушул жаңы басылманын редакциялык ишине, анын таркатылышы жана түзүлүшү боюнча көңүл бургандыгы үчүн терең ыраазычылыгыбызды билдиребиз.

Эркиндик Минарет Фондунун президенти доктор Имад ад-Дин Ахмадга, анын кылдат редакциялык иши, баа жеткис толуктоолор жана пайдалуу сунуштары үчүн терең ыраазычылыгыбызды билдиребиз.

Кылдат редакциялык иши үчүн Силвия Хантка, кеңири изилдөөсү үчүн Салма Мирзага жана укмуштай дизайн жана макет үчүн Абдул-Латиф Уайтманга абдан ыраазыбыз. Абдул-Латиф кызы Ханнага кол менен чийилген өзгөчө иллюстрациялары үчүн ыраазычылык билдиребиз. Алардын ишинин сапаты жана акыркы нусканы чыгарууну көзөмөлдөгөнү үчүн, Ислам Ойлору Эл аралык Институтунун Лондон кеңсесинин кызматкерлерине терең ыраазычылык айтабыз.

Китептин сапатына олуттуу салым кошкон билим берүү жана психология жаатындагы эксперттердин баа жеткис сунуштары жана кесипкөй түшүнүгү үчүн, маркум доктор Исхак Фархан, доктор Абдул Латиф Арабият, маркум доктор Махмуд Рашдан, доктор Фати Малкави жана доктор Абдул Рахман ан-Накибке ыраазычылык.

Кол жазманы иштеп жатканда, тегерегибиздеги оорчулукту жеңилдетүү үчүн ыңгайлуу жана жагымдуу шарт түзүп бергендиги үчүн үй-бүлөлөрүбүзгө терең ыраазычылыгыбызды билдиребиз. Доктор Хишамдын 52 жылдык өмүр өнөктөшү, доктор Илхам аль-Талибке өзгөчө ыраазычылык билдиребиз, анын чексиз колдоосу жана зор аракеттери болбогондо бул чыгарма жарыкка чыкмак эмес. Анын идеялары жана ата-энелер жөнүндөгү баа жеткис комментарийлери бул ишти жүзөгө ашырууда туруктуу илхам булагы болгон. Үй-бүлөлүк мамилелерибиз жана айрыкча, жети жана беш жаштагы небереларибиз Юсуф менен Амин бул эмгектин жарык көрүшүнө шык, ынтаа берип турду.

Бардык мактоолор бизге тапшырманы аткарууга күч берген Бардыгын Билүүчүгө жана Кудуреттүү, Күчтүүгө болсун!

Арноо

Бизди өмүр бою сүйүүгө жана мээримге бөлөп, биз үчүн азап тартып, биздин өнүгүүбүзгө кам көрүп, мүмкүнчүлүктөрүнө жараша бизди эң мыкты тарбиялап өстүргөн биздин сүйүктүү энелерибизге жана аталарыбызга; окуу жана расмий билими жок болсо да, алар ата-энелеринин тажрыйбасынан үлгү алып, акылмандыкты, эстүүлүктү жана өткөн муундардын жана цивилизациялардын тажрыйбасын колдонуп, бизге адилдикти, ишенимди жана көз карандысыздыкты үйрөтүштү. Кудай алардын жакшылыктарын жалгасын.

Бүгүнкү планетабыздагы ийгиликтүү балдарды тарбиялоо үчүн күрөшүп жаткан бардык ата-энелер, алардын ниети жакшы болсо да, балдары менен акылдуу сүйлөшүп, бактылуу, мээримдүү үй-бүлөлүк мамилелерди куруп жана үй шарттарын түзүп берүү үчүн зарыл билимге жана жөндөмгө муктаж.

Балдарын адилдик, чынчылдык, кайраттуулук, боорукердик, чыгармачылык жана ишенимге тарбиялап, ошондой эле бекем жана жоопкерчиликтүү көз карандысыздыктын баалуулуктары менен сапаттарына ээ болгондой кылып, балдарын эркектик жана аялдык моралдык сапаттарда өстүрүүнү каалаган бардык үй-бүлөлөргө;

Ушул китептин изилдөө жана жазуу иштери менен жүргөн кезибизде, көптөгөн жылдар бою ар кандай кыйынчылыктарды жана кайгыны баштан кечирип, чексиз чыдамдуулукта ар дайым колдоо көрсөтүп келген биздин аялдарыбызга жана балдарыбызга;

Бул кичинекей күч-аракетибизди жогоруда айтылгандардын баарына арнайбыз.

Жалгыз жана Мээримдүү, Кудуреттүү Кудай адамзатка гармония, бейпилдик тарттуулоо жана өркүндөтүүгө болгон чын дилден жасаган аракеттерибизди кабыл кылсын!

Мазмуну

1-БӨЛҮМ
Балага жакшы тарбия берүү: бул эмне жана биз эмнеден башташыбыз керек?.....3
2-БӨЛҮМ
Үй-бүлө тууралуу бөлүм: үй-бүлө – эмне үчүн маанилүү? Анын функциялары кандай?.....29
3-БӨЛҮМ
Жакшы тарбия: максаттарды туура коюу.....84
4-БӨЛҮМ
Эң негизги максат: Кудайды сүйгөн балдарды тарбиялоо.....99
5-БӨЛҮМ
Жалпы көйгөйлөргө жана тузактарга каршы туруу.....121
6-БӨЛҮМ
Кэңири жайылган туура эмес түшүнүктөр, тоскоолдуктар, уламыштар.....133
7-БӨЛҮМ
Ишиңиз оңунан чыкпай калганда….....143
8-БӨЛҮМ
Баланы эмизүү.....159
9-БӨЛҮМ
Баланын мээси: аны колдонуу же жоготуп алуу!.....178
10-БӨЛҮМ
Баланын өсүүсүнүн этаптары. Ар бир фазаны өнүктүрүү жолдору.....198
11-БӨЛҮМ
Ден соолугу чың баланы өстүрүүгө карай жол: гигиена, тамактануу, дене тарбия жана уйку.....224
12-БӨЛҮМ
Эркек балдарды жана кыздарды тарбиялоо: алар айырмаланышабы?.....266
13-БӨЛҮМ
Балдарга жыныстык тарбия берүү жана жыныстык мамиле тууралуу түшүндүрүү адеби.....303
14-БӨЛҮМ
Мүнөз жана мүнөздү калыптандыруу: жакшы сапаттарга үйрөтүү.....366
15-БӨЛҮМ
Позитивдүү сыпаттар:
Көз карандысыз, жоопкерчиликтүү жана чыгармачыл балдарды тарбиялоо.....429
16-БӨЛҮМ
Телевизордун, уюлдук телефондордун жана компьютер оюндарынын зыяндуу таасирлери.....485

Мазмуну

Авторлор V
Мазмуну IX
Бул китептин тарыхы XXI
Максаттар жана милдеттер XXIV
Кириш сөз XXVII

БИРИНЧИ БӨЛҮК (1-7-БӨЛҮМДӨР)

Балага тарбия берүү: Пайдубалды орнотуу

1-БӨЛҮМ
.....3

Балага жакшы тарбия берүү: биз эмнеден башташыбыз керек?
Кириш сөз 4
Баланын өнүгүү баскычтары 6
Балдарыбызды кантип тарбиялайбыз: тарбиянын стилдери 7
Балага тарбия берүү стили алдын ала эмнени айта алат? 10
Балага жакшы тарбия берүүнүн башталышы: алдыдагы тапшырмага сереп салуу 12
Балага тарбия берүү жөнүндө маалымат булактарын колдонуу 17
Балага тарбия берүү сабактары орто мектептерде окутулушу керекпи? 20
Орто мектеп курстары үчүн британдык көрсөтмө 21
Жыйынтыктоо 24
Иш-аракеттер 1–7 25

2-БӨЛҮМ
.....29

Үй-бүлө тууралуу бөлүм. Үй-бүлө эмне үчүн маанилүү? Анын функциялары кандай?
Кириш сөз 30
Ата-энеликке өтүү 31
Балдардын үй-бүлөлүк туруктуулукка тийгизген таасири 32
Америка Кошмо Штаттарындагы азыркы жана кийинки үй-бүлөлүк көлөм 36
Жалгыз бойлордун үй-бүлөсү 37
Жалгыз бой ата-энелер канткенде ийгиликке жете алышат? 40
Жалгыз бой эне болуунун Пайгамбарларга тийгизген таасири: Муса, Иса жана Мухаммед (с.а.в.) 42
Ата-эненин, эне-атанын ордун баса алабы? 43
Ислам жана ажырашуу 44
Үй-бүлөнүн Исламдагы мааниси 46
Куран боюнча үй-бүлөлүк максаттар 49
Мусулман үй-бүлөсүндө эмне туура эмес болду? 52
Баланын өнүгүүсү жана туура билим берүү системасы 53
Туура билим берүү системасына болгон муктаждыктарга көз чаптыруу 55
Америкадагы үй-бүлө 57

Балдарды тарбиялоо жөнүндө жалпыга белгилүү уламыштар 58
Колумбия орто мектебиндеги кыргындан алынган сабактар 62
Балдарга баалуулуктарды үйрөтүү: консервативдик-либералдык дебат 64
Мусулман өлкөлөрүндөгү жана АКШдагы үй-бүлөлөрдү салыштыруу 65
Мусулмандардын бала тарбиялоо усулуна Батыштын тийгизген таасири 67
Эркиндикпи же чындыкпы? 70
Балдарды кайда өстүрүү керек? 73
Батыш ой-пикириндеги жетишпеген эки түшүнүк 75
Ишеним баалуулуктары жана функционалдык баалуулуктар 75
Үй-бүлөнүн агрардык үлгүсү 78
Иш-аракеттер 8–15 79

3-БӨЛҮМ
.....84
Жакшы тарбия: максаттарды туура коюу
Киришүү 85
Туура максаттарды коё билүү: Жакшы тарбияны ишке ашыруудагы алгачкы кадамдар 85
Максаттарга жакыныраак көз чаптыруу 87
Куран аяттарынан алынган максаттар: момундардын дубасы 87
Пайгамбарыбыз Мухаммеддин (с.а.в.) хадистеринен алынган максаттар 90
Кофе жана үй-бүлөлүк баалуулуктар 92
Жыйынтыктоо 93
Иш-аракеттер 16–20 95

4-БӨЛҮМ
.....99
Эң негизги максат: Кудайды сүйгөн балдарды тарбиялоо
Киришүү 100
Балдарыбызды ыйманга тарбиялоонун азыркы жол-жоболору 101
Коомдук иштерге катышуунун жетишсиздиги 102
Жеке жоопкерчиликтин жоктугу 106
Бурмаланган маданият: артта калуучулук жана ырым-жырымдар 107
Тең салмактуу жол: акылдуу мамиле 109
Балдарды Куранды сүйүүгө үйрөтүү 110
Балдарды намазга үйрөтүү: Кудайды зикир кылуу 113
Балдарга *Таубаны* (тообо кылууну) үйрөтүңүз 113
Балдарга Пайгамбарыбыз Мухаммед (с.а.в.) ж.б. пайгамбарлар тууралуу түшүнүк берүү 114
Балдарды адепке үйрөтүү (адеп-ахлакка үйрөтүү) 114
Балдарыңызга алгач эмнени үйрөтүүңүз керек: алар Кудайды сүйөбү же Кудай аларды сүйөбү? 115
Иш-аракеттер 21–25 117

5-БӨЛҮМ
.....121
Жалпы көйгөйлөргө жана тузактарга каршы туруу
Киришүү 122
Ата-энелердин алдындагы негизги кыйынчылыктар 122
Тажрыйбанын жетишсиздиги 123
Күн сайын кайталануучу кысымдар 123
Күнүмдүк жумуш: бала тарбиялоо бул - 24/7 жумуш сааты 123
Бала тарбиялоо – ийкемсиз жумуш 124
Бала тарбиялоо – убакытты, күч-аракетти, акчаны узак мөөнөткө "инвестициялоо» 124
Балдардын жүрүм-турумуна таасир берүүчү факторлордун көптүгү 124
Ымыркай сүйлөй албайт 125
Бала тарбиялоонун эрежелери 126
Ата-эне жамаат катары иштеши керек 126
Бала тарбиялоо – ресурстарды туура башкарууну талап кылган көндүм 126
Балдардын түшүнүгү ата-энелердин оюна каршы болушу мүмкүн 127
Балдарга эмнени жана качан айтуу керектигин билүү 127
Балдарга кокусунан туура эмес түшүнүктөрдү берүү 128
Позитивдүү имидж түзүүнүн көйгөйлөрү 128
Ыйык Китептеги Мусадан бала тарбиялоо сабактары: Мусанын айткандары 129
Жыйынтыктоо 130
Иш-аракеттер 26 131

6-БӨЛҮМ
.....133
Кеңири жайылган туура эмес түшүнүктөр, тоскоолдуктар жана уламыштар
Киришүү 134
Кеңири жайылган туура эмес түшүнүктөрдү жокко чыгаруу жана тоскоолдуктарды аныктоо 134
Мурасталган ылайыксыз ыкмаларды дал өзүндөй колдонуу 134
Башкаларды ылайык келбесе да дал өзүндөй тууроо 134
Аткарылбай калган каалоолорго балдар аркылуу жетүү 135
Ата-энелик милдетти тапшыруу 135
Балдарды тарбиялоодо акыл-эс жетиштүүбү? 135
Кимдир бирөө балдарына каршы согушта жеңишке жете алат деп ишенесизби? 135
Ата-энелер өздөрүн колго алып, көзөмөлдөй алабыз деп ойлошот 136
Ата-энелер бардык балдарын окшош кылып тарбиялай алабы? 136
Балага чоң адамдай мамиле кылуу 137
Баланын ар бир каалоосун орундатуу 137
Бала тарбиялоодогу айрым ойдон чыгарылган окуялар четке кагылды 137
Иш-аракеттер 27-28 142

7-БӨЛҮМ
.....143
Ишиңиз оңунан чыкпай калганда...
Киришүү 144
Ачууланууу, баш ийбөө, чыр-чатактар жана көз жаштар 145
Баш ийбеген балдарды тарбиялоонун бир нече жолдору 145
Коркутуп-үркүтүүлөр: сиз жана сиздин балаңыз 146
Эгер балаңызга кордук көрсөтүлүп жатса, анда эмне кылуу керек? 147
Өспүрүмдөр: өспүрүмдөрдүн түшүнүгүнө карата айтылган сын-пикир 148
Өспүрүмдөрдөгү жана өзүбүздөгү ачууланууу 150
Ачууланган өспүрүмдүн ата-энеси болуу - өзүбүздү да ачууга салат 151
Өспүрүм балдарыбыз жана өзүбүз үчүн эмне кылсак болот? 152
Жакшы баарлашуунун бир нече принциптери 152
Иш-аракеттер 29-30 154

ЭКИНЧИ БӨЛҮК (8-13-БӨЛҮМДӨР)
Баланын өнүгүүсү
8-БӨЛҮМ
.....159
Баланы эмизүү
Кириш сөз 160
Баланы эмизүү Куранда 162
Баланы эмизүүнүн медициналык жана психологиялык артыкчылыктары 163
Америка бизнеси жана баланы эмизүү 166
Мусулман дүйнөсү жана баланы эмизүү 167
Имам Али менен Ибн Хазмдын баланы эмизүүгө болгон көз караштары 168
Баланы эмизүүнүн узактыгы 168
Бала эмизип жаткан энелерге пайдалуу кеңештер 169
Эненин күнүмдүк диетасы: үлгү 170
Физикалык жактан күчтүү улут 170
Иш-аракеттер 31 174

9-БӨЛҮМ
.....178
Баланын мээси, аны колдонуу же жоготуп алуу!
Кириш сөз 179
Мүмкүнчүлүктөрдүн терезеси 179
Нейрондордун өнүгүүсү жана мээ клеткаларынын системасы 181
Көрүү 182
Угуу 182
Музыка 183
Эмоциялар 184
Стресс эмоцияларды өзгөртө алат 184

Кыймыл 185
Балачактагы сөз байлык жана эске тутуу жөндөмү 186
Мээ кантип өзгөрөт? 186
Балдар менен жакшы маанайда сүйлөшүү 186
АКШдагы мектепке чейинки билим берүү программасы 187
Ата-энелер эмне кыла алышат? 188
Логикалык мээ 188
Музыкалык мээ 189
Тил мээ 189
Ислам, ырдоо жана музыка 190
Сүрөттөр жана айкелдер Исламда 192
Жаңы басып келе жаткан балдардын мээсинин өсүшү 192
Айлана-чөйрөдөгү маанилүү мисалдарга көңүл буруу 192
Балдардын физикалык иш-аракеттерге катышуусуна көңүл буруу 193
Балдар менен сүйлөшүү жана аларга айтылган нерселерди иштеп чыгуу 193
Позитивдүү, болжолдуу жана жагымдуу атмосфераны сактап калуу 193
Тажрыйба жүргүзүү жана кайталоону кабылдоо 193
Адамзаттын ийгилиги беш жашка чейин эле аныкталабы?! 195
Иш-аракеттер 32 196

10-БӨЛҮМ
.....198
Баланын өсүүсүнүн этаптары. Ар бир фазаны өнүктүрүү жолдору
Өнүгүү фазалары 199
Заманбап психологияга канчалык ишенсе болот? 199
Курандагы адам өнүгүүсүнүн фазалары 201
Бойго бүтүү, кош бойлуулук жана төрөт керемети 203
Адамдын жетилишинин ар түрдүү этаптары 204
Төрөлүү – 4 ай 205
5-18 ай 205
18-36 ай 207
4-7 жаш 208
7 -14 жаш 210
11-13 жаш: Кыздардын айызы 211
13-15 жаш: Эркек балдардын эрезеге жетиши 212
14-21 жаш 213
Өспүрүмдөрдү түшүнүү 213
21-40 жаш: Жаштык 217
40-65 жаш: Орто жаш 218
65 жаштан жогору: картаюу 218
Өнүгүү фазалары 219
Биринчи эки жылдагы баланы эмизүү 219
Кудайга болгон сүйүү жана коркуу сезимдери 219
Эс тутум 219
Дааваттын аспектилери 220
Өспүрүм кездеги сынга болгон сезимталдык 220

Өздүктү калыптандыруу күчөтүлүш керек 220
Экинчи тилди үйрөнүү 220
Батыш менен Чыгыштагы эске тутуу өзгөчөлүктөрү 221
Иш-аракеттер 33 223

11-БӨЛҮМ
.....224
Ден соолугу чың баланы өстүрүүгө карай жол: гигиена, тамактануу, дене тарбия жана уйку
Киришүү 225
Кош бойлуулук мезгили 225
Төрөттөн кийин: эмдөө тууралуу карама-каршы ойлор 227
Эмдөөгө каршы иш 228
Тазалык жана гигиена 230
Ден соолук: ислам адептеринен 231
Дааратка на тазалыгы 232
Чач жана тырмактар 232
Тамактануу 235
Ашыкча тамак ичүү 236
Имам аль-Газалинин тамактануу адаттарына болгон көз карашы 238
Балдар жана тамактануу тууралуу фактылар 239
Кош бойлуулук мезгили 239
Жаңы төрөлгөндөн өспүрүм жашка чейинки балдар 239
Өспүрүм жашка чейинки жана өспүрүм курактагылар 239
2 жаштан 10 жашка чейинкилер үчүн диетанын үлгүсү 240
Көп берилүүчү суроолор 240
Курандагы тамак тууралуу көрсөтмөлөр 246
Балдар жана дене тарбиясы 247
Балдар жана бут кийимдер 249
Балдардын активдүүлүгүн жогорулатуу жолдору 250
Машыгуулардын сунушталган жадыбалы 250
Уйку 252
Уйкунун бузулуусунун медициналык кесепеттери 253
Уулуу заттар: спирт ичимдиктеринин жана баңгизаттардын алдын алуу 255
Балдар жана азгырык 255
Баңгизаттарын колдонуунун белгилерине эрте көңүл буруу: ата-энелер эмне кыла алышат? 256
Наркомания жана туугандар менен тыгыз байланыш 259
Реабилитациялык программалар 260
Мыйзам бузуу 262
Иш-аракеттер 34–37 264

12 БӨЛҮМ
.....266
Эркек балдарды жана кыздарды тарбиялоо: алар айырмаланышабы?
Кириш сөз 267
Өзгөчө айырмачылыктар: логика жана эмоциялар 267
Эмоцияналдык байланыш 270
Сезимдер 271
Статус 271
Мимикалар 272
Эркек балдарды жана кыздарды маданий стереотиптерге бөлүү 273
Кайгы 273
Жыныстык сезимдердин айырмачылыктары 273
Жыныстык айырмачылыктардын даанышмандыгы 274
Америкалык эркектердин жана аялдардын приоритети: изилдөө 275
Гендердик бөлүнүү качан башталган? 277
Эркек сымал аялдар жана аял сымал эркектер 279
Ата-энелик милдетти аткаруу: гендердик акылдуулук 281
Эмнеге дисбаланс? 281
Аталардын бала багуучу катары ролу: чындык жана миф 282
Атасыздыктын балдарга тийгизен таасири 284
Эркек балдардын жана кыздардын ар кандай муктаждыктары 284
Кичинекей кыз эмнеге муктаж 285
Кичинекей эркек бала эмнеге муктаж 286
Гендердик айырмачылыктарга карай рационалдуу мамиле 288
Кыздар жана эркек балдар ар башкача окушат 290
Эркек балдарды жана кыздарды мектептерде жана класстарда бөлүү 292
Ата-энелик милдетти аткаруу жана гендердик суроолор: исламдын тили менен 294
Кудайдын жолу – эң жакшы жол: Кытайдын, Германиянын жана Индиянын мисалдары 298
Иш-аракеттер 38-40 300

13-БӨЛҮМ
.....303
Балдарга жыныстык тарбия берүү жана жыныстык мамиле тууралуу түшүндүрүү адеби?
Киришүү 304
Жыныстык тарбия деген эмне? 304
Америкадагы көрүнүш 305
АКШдагы эне жана кыздын ортосундагы мамиле 310
Баалуулуктар жана жыныстык мамиле: кече жана бүгүн 311
Эмне үчүн балдарга жыныстык тарбия берүү керек ? 313
Сексуалдык зомбулуктун олуттуу зыяндары 316
Ибрахимден таркаган диндер бузукулук менен никесиз жыныстык мамилеге тыюу салат 319

Никесиз жыныстык катнаш жана жубайлардын кыянаттыгын мыйзам жолунда жазалоонун себеби 320
Жыныстык жол менен берилүүчү илдеттер 320
Кыз менен жигиттин мамилелери тууралуу 322
Бала туруп балалуу болгон жаштар: Ислам дининде бойдон алдыруу жана бала асырап алуу 324
Бойдон алдыруу 326
Ислам дининде бала асырап алуу 357
Гомосексуализм жана ата-энелер 328
Исламдагы жыныстык тарбия 332
Балдардын алдындагы ата-энелердин милдети 335
Жыныстык мамилелер жана гигиена эрежелери 335
Өспүрүмдөр жана аруулук 336
Жыныстык тарбиянын ич-ара көйгөйлөрүнө карата Ислам дининин чечими жана алдын алуу чаралары 339
Уяттуулук (ḥayā') 341
Кийинүү адеби 346
Аял эркектин эркин аралашуусуна жана жалгыз калуусуна жол жок! 347
Тең курлардын таасири жана тышкы факторлор 348
Эмне кылуу керек? 349
Эрте никеге туруу 350
Билим берүү системасы эрте никеге турууга каршы 351
Балдарды жыныстык зомбулуктан коргоо 354
Балдарга сойкулук жөнүндө түшүндүрүү үчүн ылайыктуу курак 356
Балдардын үй-бүлө мүчөлөрү тарабынан сексуалдык зомбулукка кабылышы 357
Мусулмандарга мүнөздүү жыныстык тарбия берүүнүн планы 359
Иш-аракеттер 41-42 361

ҮЧҮНЧҮ БӨЛҮК (14-16-бөлүмдөр)
Мүнөз жана мүнөздү калыптандыруу

14-БӨЛҮМ
.....366
Мүнөз жана мүнөздү калыптандыруу: жакшы сапаттарга үйрөтүү
Кириш сөз 368
Кулк-мүнөз деген эмне? 370
Мүнөздүн калыптанышы 372
Кулк-мүнөз – үстүртөн эмес, ал терең тамырлуу 373
Мүнөз деген эмне? 374

Сүйүүгө үйрөтүү 375
Эмоционалдык мүмкүнчүлүктөрдү берүүнүн негизи 376
Сүйүү: жаратман акыл түшүнүгү жана Куран 377
Ата-энелерге пайдалуу кеңештер 379

Балаңар “Мен сени жек көрөм” десе эмне кылуу керек? 380
Тун бала 380
Ата-энелер балдарын эмне үчүн жакшы көрүшөт? 382
Сүйүү жана ата-энелердин өзүлөрүнө ишенүүсү 384
Боорукердикке үйрөтүү жолдору 384
Сурамжылоо: канткенде балдарыңарды өздөрүн сүйүктүү сезе алат? 387
Ата-энелер балдарына жек көрүү сезимин үйрөтүшү керекпи? Кээде! 388

Өзүнө баа берүүнү калыптандыруу 389
Баланы “эрке” кылып өстүрбөө үчүн эмне кылуу керек? 390
Чырлар: балдарга ыйлоону каражат катары колдонууга жол бербегиле 391

Чынчылдыкка жана ишенимдүү болууга үйрөтүү 392
Ата-энелер балдарына ишенүүлөрү керек, бирок алардын кайда жүргөнүн көзөмөлдөп туруулары зарыл! 393
Жалпы принциптер 394
Кулк-мүнөздү дүйнөгө болгон жалпы көз караш менен айкалыштыруу 396
Балдар эмне үчүн калп айтышат: калп айтууну кантип токтотуу керек 398
Калп айтууну токтотуудагы Пайгамбардын жолу 400

Кайраттуулукка тарбиялоо 402
Кайраттуулук менен коркуунун негизги принциптери 403
Балада пайда болгон коркунучтарды түшүнүү 406
Балдар эмоционалдык дагы, физикалык дагы кайраттуулукка үйрөнүүлөрү керек 407
Эрктүүлүк менен баш ийүүнүн ортосунда 408
Ата-эне, эрктүүлүк жана маданий практикалар 408
Теңтуштар тарабынан болгон кысым 410

Туура досторду тандоо 412
Балдарыңардын достору 412
Жаман достордун кесепеттери 414
Мектептеги теңтуштурдын кысымы 414
Туура досторду тандоо 414
Балаңар туура эмес досторду тандап алса эмне кылуу керек? 415
Эмне үчүн өспүрүмдөр бири-бирине тартылышат? 417
Ылайыксыз жерде жашаган үй-бүлөлөр 419
Иш-аракеттер 43-59 320

15-БӨЛҮМ
.....429
Позитивдүү сыпаттар: көз карандысыз, жоопкерчиликтүү жана чыгармачыл балдарды тарбиялоо.

Көз карандысыздыкка үйрөтүү 431
Киришүү 431

Америкалык балдар «көз карандылыкка» тарбиялануу да 432
Ымыркайлардын ыйлаган учурлары 435
Жаш курагына байланыштуу жетишкендиктер 436
Өспүрүмдөргө өз жолун табууга мүмкүндүк бериңиз 437
Үй-бүлөнүн ажырашуусу. Жабыркаган жүрүм-турум 437
Өспүрүмдөр 438
Тарбиялоо стилинин таасири. Укукка негизделген жана күчкө негизделген тарбиялоо стили 441
Балдарды көз карандысыздыкка тарбиялоонун жолдору 443
Ата-энелер үчүн кеңештер 448
Кеңеш берүү жана эркиндик: кыздар жана алардын энелери 450
Эгер сизге балаңыздын достору жакпаса... 452
Балдарга чечим кабыл алууга жардам берүү – көз карандысыздыкты өркүндөтөт 542
Чечим кабыл алуу кадамдары 454

Балдарды жоопкерчиликке үйрөтүү 454
Өнүгүүнүн башаты. Мамилелер жана дүйнө тааанымы 456
Өнүгүүнүн ар кандай баскычтарындагы мүмкүнчүлүктөр 458
Принциптерди иштеп чыгуу 459
Практикалык кеңештер 462
Артыкчылыкты жоопкерчилик менен байланыштыруу. Мисалдар 464

Балдардын чыгармачылыгын өнүктүрүү 466
Чыгармачылыктын жалпы түшүнүктөрү 467
Көрүнүктүү тарыхый ойлоп табуулар 469
Балдардын чыгармачылыгына бөгөт коюу 470
Чыгармачылыкка тоскоол болгон терс мамилелер 471
Чыгармачылыкты өнүктүрүүнүн жолдору 472
Чыгармачыл суроолор 472
Практикалык иш-чаралар 473
Тажрыйбанын түрлөрү 473
Мээге чабуул жасоо иш-аракеттери 473
Креативдүү оюндар 473
Балдардын кол жазмасы 474
Балдар жана искусство 474

Туура эмес түшүнүктөр: “таң калыштуу же пайдасыз” идеялар 475
Ата-энелер эмне кыла алышат? 476
Оюнчуктар жөнүндө эскертүү 476
Иш-аракеттер 60–68 480

16-БӨЛҮМ
.....485
Телевизордун, уюлдук телефондордун жана компьютер оюндарынын зыяндуу таасирлери
Кириш сөз 486
Ата-энелерге суроолор 486
Телевизор көрүүнүн терс таасирлери 488
ТВ жөнүндө ыкчам далилдер 494
Чочун киши 494
Телевизор көрүүнүн ордуна кыла турчу үй-бүлөлүк иш-аракеттердин тизмеси 497
Олуттууракак варианттар 501
Интернетти өтө көп колдонуунун зыяны 505
Компьютердик оюндар 505
Видео оюндар жана балдар 506
Корутунду 508
Жыйынтыктоо 508
Иш-аракеттер 69-73 510

Сөз аягы 514

Китептин тарыхы

Бул *«Ата-эне менен баланын мамилелери»* китебинин жаңыланган экинчи басылышы: 2013-жылы биринчи жолу *«Балдарды тарбиялоо боюнча жетекчилик»* атуу китебибиз ийгиликтүү жарыяланган. Түп нускадагы негизги мазмунунун көпчүлүгү сакталды, бирок бир нече бөлүмдөр учурдагы тенденцияларды чагылдыруу үчүн алынып салынган же жаңыртылган жана айрым бөлүмдөр кыйла жеңилдетилип жана жеңилирээк окууга багыт берүү үчүн өз бөлүмүнүн контекстинде бириктирилген. Башында эле айтылгандай, китеп бардык ата- энелер (алар ким экендигине жана кайда экенине карабастан) үчүн жазылган. Негизинен, бул концепция катары, Ислам ойлору Эл аралык институтунун (ИОЭИ) мусулман дүйнөсүн интеллектуалдык стагнациядан жана кыйроодон ойготкон улуу цивилизациянын символу болгон интеллектуалдык динамизмди калыбына келтирүү боюнча узак мөөнөттүү көз караштарынын бир бөлүгү.

Балдарды тарбиялоо боюнча көз карашын жайылтуу үчүн, бул китеп билим берүү чөйрөсүндө мусулмандардын акылын жана аң-сезимин интеллектуалдык жана адеп-ахлактык жактан калыбына келтирүүгө багытталган. Мусулман дүйнөсүнүн интеллектуалдык жактан төмөндөшүнүн ыкмаларын талкуулоо бул жерде каралбаса дагы, мусулман коомчулугунда билим берүүнү илгерилетүү боюнча Ислам ойлору Эл аралык институтунун басылмаларында жана конференцияларында каралган мусулман интеллигенциясын жандандырууга багытталган негизги темалар камтылды.

Иш жүзүндө, ата-энелер балдарды жакшы тарбиялоону билиши абзел, анткени, баалуулуктар менен инсандык психологиялык пайдубал негизинен үйдө эрте балалыкта калыптанат. Ошондуктан, баланы биринчи кезекте үйдө маданий, билим берүү жана социалдык жүрүм-турумдарга даярдоо – анын интеллектуалдык, психологиялык жана эмоционалдык өнүгүүсүнүн негизи экендигин унутпашыбыз керек. Үй – баланын ой-жүгүртүү процесстерин жөнгө салууда жүрүм-турум эрежелеринин булагы болгону менен, эмне туура экендигин билүү жана аны механикалык түрдө жасоо жетишсиз. Адамдын эркн жана сезимдери акыл-эс туура деп эсептегенди кабыл алып, ага ылайык иш-аракет кылышы керек; бул жерде ата-энелердин ролу – өтө маанилүү. Мектептер жана билим б ерүү мекемелери тарыхый маалыматтарды, фактыларды, физикалык жана техникалык көндүмдөрдү үйрөтүшөт жана баланын үй жана үй-бүлөлүк жашоосу менен толуктала турган маалыматтарды беришет, анткени ал мүнөздү, социалдык көндүмдөрдү жана эмоционалдык күчтү өнүктүрөт.

Бул иш-аракеттер балдарды өнүктүрүүгө жана тарбиялоого, адамдык лидерликти өнүктүрүүнүн ар кандай формаларына салым кошууга багытталган. Ислам ойлору Эл аралык институту ушул максатта көптөгөн конференцияларды уюштуруп, бир нече эмгектерди жарыялаган, анын ичинде: *Ислам эмгекчилери үчүн окуу куралы* (20дан ашык тилге которулган), *Далиль Мактабат аль-Усра аль-Муслима* (Мусулман үй-бүлөлөрдүн китепканасы үчүн колдонмо), *Балдарды окутуу: Билим берүүнү өнүктүрүүдө моралдык, руханий жана комплекстүү мамиле, Азмат аль-Ирадах ва аль-Вижданн аль-Муслим* (Мусулман эркиндеги жана психикасындаги кризис).

Ата-эне менен баланын мамилелери жөнүндө китеп жазуу идеясы 1994-жылы августта Малайзиядагы Тиоман

аралында Ислам ойлору Эл аралык Институтунун Камкорчулар кеңешинин отурумунда сунушталган. Бул Институт тарабынан адамзаттын өнүгүүсү жана инсандар аралык мамилелер боюнча бир катар китептердин үчүнчү сериясы болду. Буга чейин, Ислам ойлору Эл аралык институтунун өтүнүчүнө жооп катары 1982-жылы доктор Исмаил аль Фарукий *Таухиддин ой жүгүртүүгө жана жашоого тийгизген таасири* (Ыйман жана *акыйда* маселелери боюнча мусулман үчүн окуу куралы) аттуу эмгектин автору болду. Кийинчерээк, 1991-жылы Ислам ойлору Эл аралык институту жана Эл аралык Студенттик Уюмдардын Ислам Федерациясы (IIFSO) менен биргеликте мусулмандарды натыйжалуу жеке, топтук жана лидерлик сапаттарга тарбиялоого багытталган сериядагы «Ислам эмгекчилери үчүн окуу куралы» атуу эмгекти жарыкка чыгарышты. А колуңуздагы бул китеп – аталган сериядагы үчүнчү китеп болуп эсептелет.

Үй-бүлө куруунун маанилүүлүгүн түшүнүп, Ислам ойлору Эл аралык институтунун ректору, доктор Абдулхамид Абу Сулайман (1988-1998) жакшы тарбиянын негизин жана адеп-ахлактык баалуулугун жайылтуу максатында үй-бүлө жана бала тарбиялоо боюнча жаңы милдеттүү курс (диплом менен аяктаган) киргизди, ошондой эле бул курсту окутууда жетиштүү окутуучуларды даярдоо да каралган.

Мындан тышкары, Ислам ойлору Эл аралык институтунун негиздөөчүлөрү үч этапта уюштурулган лидерлик боюнча окутуу семинарларын өткөрүүнү демилгелешти. Бала тарбиялоо жөнүндө китеп чыгаруу идеясы үчүнчү этапта артыкчылыкка ээ болгон:

1-этап (1975–1990) аныктоо, даярдоо, жайылтуу жана мобилизациядан турган. Натыйжалуулукту жана өндүрүмдүүлүктү жогорулатуу үчүн зарыл болгон активдүүлүктүн ыкмалары жана шаймандары жөнүндө болчу. Бул этаптын туу чокусу жогоруда аталган сериядагы *«Ислам эмгекчилерин окуу куралы»* атуу чыгарманын жарыкка чыгышы болду.

2-этап (1991–2000) компетенттүү окутуучулардын, анын ичинде Куала-Лумпурдагы доктор Омар Касуле, Вашингтондогу доктор Икбал Юнус, Лондондогу доктор Анас аш-Шейх Али жана Нью-Делиде доктор Мансур Алам-дын жардамы менен тренинг уюштурушкан. Алар дүйнө жүзү боюнча көптөгөн окутуу программаларын өткөрүштү.

3-этап XXI кылымда бала тарбиялоого багытталышы керек эле. Бирок, I жана II этаптар жаш активисттерге багытталганына карабастан, төрөлгөндөн баштап эле мүнөздүн калыптанышы дагы эле маанилүү компонент экендиги айдан ачык байкалды. Ошентип, ИОЭИ ата- энелердин ден соолукта жана үй шартында принципиалдуу лидерлик сапаттарына ээ болгон адилеттүү жарандарды жана болочок лидерлерди тарбиялоосуна багытталган жазма эмгек жаратууга белсеништи. Ушунун негизинде бул чыгарма жарыяланган.

Бала тарбиялоо – бул баалабай же аны оңой кабыл ала турган нерсе эмес. Бул биз тарбиялаган балдардын түрүнө, биз жашап жаткан коомдун түрүнө жана келечек муунга калтырган цивилизациянын түрүнө чоң таасир этет. Ошентип, бул маселеге эң жогорку деңгээлде көңүл бурулушу – биздин артыкчылыктуу милдетибиз болушу керек. Биз бул ишенимди терең урматтайбыз жана башка авторлорду ушул китепте камтылган темалардын ар бирин кошумча изилдөө жана окуу материалдары менен иштеп чыгууга чакырабыз. ИОЭИ буга чейин тиешелүү материалдарды иште чыгуу үчүн бир нече

академиялык топторду түзүп, аларды дүйнөнүн ар кандай тилдерине которгон. Бул китеп, баланы туура тарбиялоо боюнча ишти практикалык деңгээлде жайылтуунун биринчи гана кадамы.

Көпчүлүк адистердин айтымында, *балдарды багуу жана чоңойтуу – эң маанилүү чоң милдет жана баланын келечеги үчүн эң мыкты инвестиция.*

Максаттар жана милдеттер

БУЛ ОҢОЙ ОКУЛГАН китеп – бүгүнкү дүйнөдөгү бир миллиард ата-энеге, мусулмандарга, башка динге ишенгендерге же ишенбегендерге, ошондой эле, балалуу эместерге, чоң-ата, чоң-энелерге жана туугандарга анын кеңештеринен пайда көрүүнү каалагандарга арналат. Бул китеп илимпоздор жана адистерге багытталган эмес. Анын өзгөчө – багыты балдарды тарбиялоо, көйгөйлүү маселелерди чечүүнүн жолдорун табуу. Ошондой эле адилеттүүлүктү, адеп-ахлак нормаларын, жана лидерлик сапаттарды чагылдырган адамдарды тарбиялоо жана өнүктүрүү ыкмаларына багытталган.

Иштин негизги максаттары:

- Баланы жана үй-бүлөлөрдү тарбиялоодо ата-эне тарбиясынын маанилүүлүгүн баса белгилеп, ата-энелик жоопкерчиликти теориялык жактан гана эмес, ошондой эле иш жүзүндө да милдеттендирүү.
- Ата-энелерге коомдун ыймандуу жана туура адеп-ахлактагы адилеттүү жарандарын тарбиялоо үчүн, билим берүүнүн туура ыкмаларын ишке ашыруу максатында керектүү билимди жана ыкмаларды кантип алууну көрсөтүү;
- Аягында, ата-энелерге үй-бүлөнүн бардык мүчөлөрүнүн ортосунда бекем мамилелер менен бактылуу, ырааттуу жана иштиктүү чөйрөнү түзүүгө жардам берүү.

Биринчи бөлүмдө биз балдарды жакшы тарбиялоонун негизин изилдеп, анын эмне экендигин жана мусулман дүйнөсүнүн жана бүтүндөй коомдун кайра жаралуусуна кандайча реалдуу жол түзүүгө боло тургандыгын аныктайбыз. Ошондой эле, бүгүнкү күндө балдарды тарбиялоодо колдонулуп жаткан ыкмаларды жана алардын абалын баяндап, анын ичинде балдарды тарбиялоо жөнүндө маалыматтардын булактарын карап чыгабыз. Активдүү социалдык өзгөрүүлөрдүн сапаттарына ээ болгон адеп-ахлактуу мүнөздөгү балдарды кантип тарбиялоону иликтөөгө аракет кылдык. Китептин экинчи бөлүмүндө алардын физикалык жана эмоционалдык чыңдуулугун өркүндөтүү үчүн зарыл болгон ыкмалар жана куралдар баса белгиленет. Үчүнчү бөлүм мүнөздүн калыптанышына көңүл бурат жана ашыкча телевизордун, компьютердик жана видео оюндардын балдарга жана үй-бүлөлүк жашоого тийгизген таасири жана аларды ашыкча пайдалануунун практикалык альтернативаларын сунуштайт.

Ар бир бөлүмдүн аягында ата-энелер да, балдар да жасай турган ыңгайлуу көнүгүүлөрдү камтыдык. Негизги максат – үй-бүлө мүчөлөрүнүн бири-бирин жакшыраак таанып-билиши, чогуу убакыт өткөрүшү, чечим кабыл алууга катышуусу жана тажрыйба алмашуусу үчүн туруктуу диалогду жана пикирлешүүнү жеңилдетүү. Бул ар дайым үй-бүлөлүк жакшы динамикалык мамилелерди жана бактылуу үй шартын түзүүгө жардам берет. Ал эми ар бир бөлүмдүн

аягында келтирилген иш-аракеттер аркылуу, китепкананы пайдалануу, башка ата-энелер менен кеңешүү же кесипкөй кеңеш алуу сыяктуу тышкы ресурстардан кантип пайдалануу керектигин айтып беребиз. Үй-бүлөлөргө бул иш-аракеттерди үйдө, үйдөн тышкары жерде же дасторкон үстүндө чогуу карап чыгууну сунуш кылабыз. Мындай биргелешкен жана интерактивдүү дискуссиялар жана иш-чаралар балдарды тарбиялоодо маанилүү жана жетишпеген боштукту толтура алат деп ишенебиз. Бул талкуулар жана үй-бүлөлүк ой-жүгүртүүлөр – негизинен, татыктуу максаттар.

Акырында, бул китеп жана ага байланыштуу маселелер эки негизги темага бөлүнгөн жана ушул тема боюнча кошумча эмгектердин басылышы менен аяктайт:

1: (а) Билим берүүдө, ишенимди тарбиялоодо жана жөндөмдөргө үйрөтүүдө ата-энелердин ролун түшүнүү;
(б) Бактылуу үй-бүлөлөр: болочок лидерлерди өстүрүү үчүн зарыл инкубаторлор.

1 (а) бөлүкчөсүндө: идея – ата-энелерге балдардын ишенимин жана лидерлик сапатын өнүктүрүүдөгү ролун түшүнүүгө, аны кабыл алууга жардам берүү. 1 (б) бөлүкчөсүндө: үй-бүлөнүн жагымдуу жана ыңгайлуу шартын түзүүгө көңүл бурулат, ал жарандык жоопкерчиликти сезип, потенциалдуу лидер болгон динчил адамдарды тарбиялоо үчүн «инкубатор» катары иштейт. Сүйлөшүү, мактоо, сындоо, ачуулануу жана үй-бүлө менен чогуу убакыт өткөрүү маселелери – туура чөйрөнү куруу жана камсыз кылуу үчүн керектүү практикалык кадамдар болуп эсептелет. Мындан тышкары, «балдар жакшы байкоочу, бирок начар аналитиктер» деген идея көрсөтүлөт. Ата-энелерге балдардын башкалар менен, анын ичинде бири-бирине, чоң-ата, чоң-энелерине, башка туугандарына, конокторуна, коңшуларына, кедей-кембагалдарга, жамаатка, жаныбарларга, өсүмдүктөргө, айлана-чөйрөгө жана жалпы дүйнөгө кандай мамиле жасаарын билүү үчүн практикалык тесттер берилет.

2: Жакшы тарбия үчүн үлгүлүү модель болуу керек: Ата-энелер - Пайгамбарлар.

Ата-энелер баланын өнүгүүсүнө карата өзүлөрүнүн жүрүм-турумунун маанилүүлүгүн билип калышат. Балдар туурооч болгондуктан, ата-энелер балдарына колунан келишинче мыкты үлгү көрсөтүш керек, ошондо алардан үлгү алып, аларды туураган балдары да мыкты боло алышат.

Пайгамбарыбыз Мухаммедди (с.а.в.) ата, чоң-ата, балдарга эң жакшы дос жана улуу лидер катары, эң сонун үлгү деп карасак болот. Чындыгында, анын жүрүм-турумун изилдөө жана үлгү катары колдонуу менен, мыкты кеңештерди берүүгө аракет кылабыз.

Акыры, эгер, ата-энелер колунан келгендин баарын жасап, сунуштарыбызды ишке ашырса, анда биз позитивдүү цикл баштайбыз деп үмүттөнөбүз, бул – коомдун активдүү катышуучулары болгон жана өздөрү

үлгүлүү ата-эне боло турган ден соолугу чың жана бактылуу балдарды тарбиялоо.

Эгер, жашоонун кайсы бир этабында энелерден жана аталардан: «Жашооңду маңыздуу кылуу үчүн эмне кылдыңыз?» десе алар ишеним менен: «Мен мыкты ата-эне боло алдым» – деп жооп бере алышат. Балким, алар – бактылуу чоң-ата жана чоң-эне дагы.

Кириш сөз

АДАМДАР эң мыкты формада жаратылган жана өтө татаал болууга жөндөмдүү. Демек, бала тарбиялоодо ымыркайлардын жана балдардын өнүгүүсүнө байланыштуу теориялык жана практикалык билимдер талап кылынат. Жаш ата-энелер, баланы тарбиялоо боюнча тажрыйбалары аз болгондуктан, алар бала төрөлө электе эле балдар менен мамиле түзүүнү үйрөнүшү керек.

Тилекке каршы, жакшы үйлөргө, автоунааларга жана эмеректерге ээ болуу үчүн байлык топтоого аракет кылып жатсак да, балдарды тарбиялоого бардык күч-аракетибизди жумшай бербейбиз. Бала тарбиялоонун оюндары чоң жана утуштары көп болгондуктан, кокустуктун эркине калтырбоо керек.

Ата-энелер, адатта сыноолор жана каталардан сабак алышат, ошондуктан, алар биринчи балалуу болгон убакка салыштырмалуу, кийинки балалуу болушканда кыйла тажрыйбалууараак болуп калышат. Бирок, башкы көйгөй – мына ушул баа жеткис сабактарды үйрөнүүдөн, көп учурда кечигип калгандыгында. Биринчи (төрөлгөн) балдар чоңоюп эрезеге жетишет жана бул сабактарды аларга карата колдонуу дээрлик мүмкүн эмес болуп калат.

Жакшы тарбия берүү – чындап эле маанилүү жана аны "өзү менен өзүн жалгыз калтырууга" болбойт. Бул туруктуу көңүлдү талап кылган татаал жумуш. Демек, алдыдагы тапшырманы кыскача баалап, өзүбүзгө, жубайыбызга жана үй-бүлөбүзгө чынчылдык менен моюнданышыбыз керек.

Иш учурунда биз баса белгилей турган нерсе, балдарды өстүрүүнүн маанилүү аспектиси бул – баарлашуу. Балдар менен натыйжалуу баарлашуу аларга бактылуу жана жоопкерчиликтүү адам болуп өсүүсүнө жардам берет. Балдар менен кантип жана качан сүйлөшүү керектигин, эң негизгиси, аларды чыдамдуулук жана түшүнүү менен кантип угуу керектигин билүү – өтө маанилүү. Ата-энелер, албетте, балдарын жакшы көрүшөт, бирок, ошону менен бирге, алар менен сүйлөшүп жана аларды уга билиши да керек. Байланыш эки тараптуу аракеттен көз каранды жана аны токтотууга болбойт. Ата-энелер балдарын күчкө салбастан, алардын максималдуу потенциалын өнүктүрүүгө жардам бериши керек. Башка энелердин жана аталардын турмуштук жагдайлары менен таанышуу – ата-энелерге ар кандай кырдаалдарды женүү үчүн жаңы адаттарды жана ыкмаларды колдонууга жардам берет.

Ата-энелер дагы эски тажрыйбаларды кайрадан карап чыгышы керек, анткени эски нерсе дайыма эле барктуу боло бербейт. Убакыт өткөн сайын башкача жана чыгармачыл мамиле жасоону талап кылган жаңы жагдайлар пайда болот. Албетте, бардык ата-энелер өз балдарын мыкты болот деп үмүттөнүшөт. Ата-энелердин байкабай кетирген катачылыктарынын айрымдарын, ошондой эле, алар дуушар болгон көптөгөн көйгөйлөрдү талкуулайбыз.

Андан сырткары, экинчи бир маселе – бул балдардын лидерлик сапаттарын өнүктүрүү. Бул нерсеге көңүл буруу кызыктай көрүнүшү мүмкүн. Бирок, лидерлик жөнүндө сөз болгондо, биз бийликке умтулуу дегенди эмес, тескерисинче, күч-кубаттуу, адеп-ахлактык, моралдык, этикалык жана башка сапаттар менен өнүгүп, жарандык жоопкерчиликти сезген, коомдун активдүү мүчөсү болуусун шарттайбыз.

Бүгүнкү күндө көптөгөн өспүрүмдөр үчүн үй – мейманкана жана ресторан деген деңгээлге түшүп калган. Ата-энелер

үчүн да, балдар үчүн да бактылуу жана тынч үй шартын түзүү – бул зарылчылык. Үй – жөн гана жай эмес; бул –инкубатор, аянтча жана сахна, үй-бүлө мүчөлөрү актёрлор, пикир алышуу – бул сценарий. Ар бир адам өз ролун «ойноону» үйрөнүшү керек. Бүгүнкү күндө көптөгөн ата-энелер менен балдардын бири-бири менен тил табыша албаганы өкүнүчтүү, демек алардын курган үйүндө жарака бар. Айрым ата-энелер жана балдар бири-биринен коркушат же шектенишет, ошондуктан, алардын көпчүлүгү мамилени кантип жакшыртуу керектигин билишпейт. Алар бири-бирин түшүнүүдөн баш тартып, көңүлү чөгүп, ачууланып, эмоцияга алдырышат жана акыры, мамилени таптакыр үзүшү мүмкүн. Бала тарбиялоо чоң жоопкерчилик болсо да, андан көңүл чөгүп калбашы керек.

Кыйынчылыктарды жеңүүгө эч качан кеч эмес жана мурунку каталарыбыз үчүн өзүбүздү күнөөлөбөсөк, мамилелерибизди дагы деле жакшырта албайбыз. «Эгер биз ушундай кылганда же кылбаганда» деп өкүнүүнүн кажети жок. Өкүнүү жана тынымсыз «эгерде гана» сценарийлери менен жашасак, ал бизге кыйноо жана зыян келтирүүдөн башка эч нерсе алып келбейт. Туура эмес чечим чыгарганыбыз менен, үй-бүлөбүзгө зыян келтирсек да, ниетибиз ак болгонун эсибизден чыгарбашыбыз керек. Өткөндү эстегенге азыраак убакыт коротуп, келечекке көз чаптырганга көп убакыт бериш керек. Өткөн нерселер үчүн эмне кылсак туура болмок же эмне кылышыбыз керек эле деп ойлонгондун ордуна, жаркын келечек үчүн азыркы учурда эмне кыларыбыз жөнүндө ойлонушубуз керек. Ошондой эле, биз балдарга жакшы ата-эне болуп, өткөндү – жашоо сабагы жана келечекти өзгөртүү мүмкүнчүлүгү катары эсептеп, өзүбүздү өркүндөтөбүз деп убада бере алабыз. Мунун өзү өткөндү скульптураланган мрамор же куюлган бетон, ал эми келечекти калыптана элек ийкемдүү чопо катары элестетүүгө жардам берет.

Бүгүнкү күндө көпчүлүк ата-энелер (өзүбүз дагы) бала тарбиялоо маселелерин балалуу болгонго чейин үйрөнүп алсак болмок экен деп ойлошот. Эгер алар ушул каалоону иш жүзүнө ашырса, балдарын тарбиялоодо кескин өзгөрүүлөр болушу мүмкүн эле. Көпчүлүк ата-энелер мамилелерди өркүндөтүүгө көбүрөөк убакыт кетет деп ойлошот. Өзүбүздүн жеке жашообузга көз чаптырсак, биз өткөрүп жиберген көп тажрыйбалар жана бөлүшө турган баа жеткис тарбиялык учурлар болгон. Балдарыбыз биздин каталарыбызды кечирет деп үмүттөнөбүз жана жаш ата-энелер, өз кезегинде, бул каталарды кетирбейт деген ойдобуз. Ошондой эле, Алла Тааладан ар бир ата-энени өзүнүн сабагын оор жол менен, биринчи жолу өз тажрыйбасынан үйрөнбөсүн деп тиленебиз!

Бул иште биздин мамиле – дарылоого эмес, көйгөйдүн алдын алууга көңүл буруп, жолдомо берүү. Баңгилик, алкоголизм, депрессия, кылмыштуулук жана жыныстык жол менен жугуучу оорулар сыяктуу көйгөйлөрдөн арылта алабыз деп айта албайбыз. Балдардын ийгиликке жетиши үчүн жана ата-энелеринин сыймыгы болуш үчүн, туура тарбия берүүдө жөндөмдөр жана даярдыктар талап кылынат. Бактыга жараша, балдарды тарбиялоо боюнча мурункуга караганда көбүрөөк маалымат жана ыкмалар бар. Балдарды тарбиялоодо арзыган нерсе узун жолдо жаткандай жана эч кандай кыска жолдор болбогондой эле, жакшы ата-эне болууга эч качан кеч болбойт, анткени, сиз балаңыз 4 же 40 жашта болсо дагы азыр жана түбөлүккө ата-энесиз.

Баланы бактылуу, акыл-эстүү жана ден-соолугун чың кылып чоңойтуп өстүрүү – бардык ата-энелердин үмүтү.

Бул китеп сиздин максатыңызга жетүү мүмкүнчүлүгүңүздү кеңейтет жана балдарыңыз менен ийгиликтүү жана пайдалуу мамиле түзүү жөнүндө кыялыңызды ишке ашырат. Бир акылман киши бир жолу: «Кыялдарың сени жетелебей, сен кыялдарыңды жетелешиң керек», – деген. Өспүрүм балаңызды тарбиялоонун эң мыкты убактысы – он жыл мурун болсо, экинчи мыкты убакыт – бүгүн, ошондуктан аны колдонуңуз. Кудурети Күчтүү Кудай чын дилиңизди жана аракетиңизди жалгайт.

Окурманга багыт жана үмүт берүү үчүн, биз көптөгөн булактардан алынган статистикалык маалыматтарды киргиздик. Статистика тез-тез өзгөрүп турат, аны туруктуу чындык катары эмес, колдонмо катары кабыл алуу керек.

Көптөгөн адистер бул сериянын форматына жана чыгарылышына комментарий беришкен. Айрым рецензенттер чыгарманы көптөгөн буклеттерде жарыялоону сунуш кылышса, башкалары теорияны практикалык колдонуудан бөлүү керек дешкен, кээ бирлери теорияны жана колдонмону айкалыштыра турган «Өзүң жасай бер» жетекчилигин түзсө жакшы болот деп ойлошкон. Ушул варианттардын баарынын жакшы жактарын көрөбүз. Бирок, учурда биз ушул биринчи басылышты ушундай форматта сунуштап жатабыз. Окурмандарыбыздан баалуу ой-пикирлерди жана сын-пикирлерди келечектеги чыгармаларга кошуп, ар кандай көлөмдө жана форматта жарыялайбыз деп үмүттөнөбүз.

Бир китепте көптөгөн этникалык маданияттарга ийгиликтүү кайрылуу адам баласы үчүн мүмкүн эмес;

Бирок, ар кандай тилдерде которулган басылмалар, жергиликтүү мугалимдер жана лидерлер тарабынан атайын окурмандарга ылайыкташтырылат деген тилектебиз.

Ыйык Курандагы аяттардын англисче котормосу Юсуф Али жана Мухаммед Асаддын чечмелөөлөрүнөн алынган (авторлор тарабынан зарыл болгон бир нече өзгөртүүлөр менен).

Бул чыгарма – авторлордун мусулман дүйнөсүндөгү жана Батыштагы тажрыйбаларынын туу чокусу. Бул китеп мусулман мурасы жана Батыш маданияты аркылуу Кудайдан келген вахийдин акылмандыгын, Пайгамбарлык жетекчиликти жана адамдын жетишкендиктерин синтездөөгө жана колдонууга аракет кылат. Бул, ушул улуу акылмандыктар бири-бирин канткенде туура талдоо жана баалоо аркылуу толуктап тургандыгын көрсөтүүнүн аракети болуп саналат. Ошентип, бул китеп ата-энелер менен балдардын ортосундагы мамилелер чөйрөсүнө өзүнүн уникалдуу жана кичинекей салымын сунуш кылат.

АВТОРЛОР
Январь 2013, Вашингтон
АКШ

Ал ыйлап келди

Энеси көзүнө жаш алып: «Аль-Талиб, бир тууганым, суранам, мага жардам бериңиз. Бул менин кызым. Мен аны чоңойтуп өстүрдүм, ал сураган нерсенин бардыгын бердим. Ал азыр он тогузда жана ал кечээ жигити менен качып кетиптир. Анын кайда экенин билбейм».

Мен: «Эже, сиз ага баарын бердим деп жатасызбы?"

Ал: «Тамак-аш, кийим-кече, оюнчуктар, акча – ага керектүү бардык нерселерди бердим!» – деди.

Мен: «Сиз ага дин, Куран, Пайгамбарлардын жашоосу жана мусулман тарыхы жөнүндө үйрөтүп айтып бердиңиз беле?"

Ал: «Жок, мен ага баарын бердим!» – деди.

Мен өзүмө-өзүм: «Аттиң! Биз балдарыбызга Кудайга көңүл бурбастан жана күчтүү адеп-ахлактык тарбия бербей тарбиялайбыз, бирок алардын адилеттүү Абу Бакр, Умар жана Али сыяктуу болушун күтөбүз! Эмен дарагында апельсин жана алма өспөйт! Биз он тогуз жыл кечиктик! Биз бир гана нан менен жашабайбыз».

Кыз жана анын күйөөсү (мурунку жигити) үчүн Кудайдын жолуна кайтып, никедеги төрт баласы менен ырахат жашоого жетүүгө бир жыл сабырдуулук, сүйүү жана акылмандык талап кылынган.

Эгер сиз чын эле балдарыңыздын кайрылуусуна жооп бергиңиз келсе, алар менен ЖЕКЕ мамиледе болушуңуз керек. Алар сиздин ишенимдүү экендигиңизди жана аларга керек болгондо сиз алардын жанында болооруңузду билиши керек. Балдарыңызга убакыт, акча жана күч-аракет жумшоо – бул эң мыкты «инвестиция»! Балаңыз сизге *апа, ата сураныч* деп үнүн катуу чыгарып сүйлөйт:

«Менин алдыма баспаңыз, мен сизди ээрчибешим мүмкүн,
Менин артымдан баспаңыз, мен сизди жетектебешим мүмкүн,
Менин жанымда жүрүңүз жана досум болуңуз». (Альберт Камус)

Кыйкырыкты уктуңузбу?

БИРИНЧИ БӨЛҮК

Балага тарбия берүү: Пайдубалды орнотуу

1-БӨЛҮМ: Балага жакшы тарбия берүү: бул эмне жана биз эмнеден башташыбыз керек? **3**

2-БӨЛҮМ: Үй-бүлө тууралуу бөлүм. Үй-бүлө эмне үчүн маанилүү? Анын функциялары кандай? **29**

3-БӨЛҮМ: Жакшы тарбия берүү: максаттарды туура коюу **84**

4-БӨЛҮМ: Эң негизги максат: Кудайды сүйгөн балдарды тарбиялоо **99**

5-БӨЛҮМ: Жалпы көйгөйлөргө жана тузактарга каршы туруу **121**

6-БӨЛҮМ: Кеңири жайылган туура эмес түшүнүктөр, тоскоолдуктар жана уламыштар **133**

7-БӨЛҮМ: Ишиңиз оңунан чыкпай калганда **143**

SPUTNIK

1- БӨЛҮМ

Балага жакшы тарбия берүү: биз эмнеден башташыбыз керек?

- Кириш сөз 4
- Баланын өнүгүү баскычтары 6
- Балдарыбызды кантип тарбиялайбыз: тарбиянын стилдери 7
- Балага тарбия берүү стили алдын ала эмнени айта алат? 10
- Балага жакшы тарбия берүүнүн башталышы: Алдыдагы тапшырмага сереп салуу 12
- Балага тарбия берүү жөнүндө маалымат булактарын колдонуу 17
- Балага тарбия берүү орто мектептерде окутулушу керекпи? 20

  Орто мектептердин курстары үчүн Британдык көрсөтмө 21
- Жыйынтыктоо 24
- Иш-аракеттер 1–7 25

КИРИШ СӨЗ

ЭГЕР сиз тынчтык менен гармонияда жашап жаткан бактылуу үй-бүлөнү көрсөңүз, анда сырткары, алардын балдары ыймандуу жана жакшы тарбиялуу экенин байкасаңыз, анда билиңиз, бул кокустуктун натыйжасы эмес. Бул – талыкпаган эмгектин жана ата-эне менен баланын ортосундагы мамилени өрчүтүүгө болгон аракеттердин натыйжасы. Жакшы тарбия – бул балдар үчүн узак мөөнөттүү инвестиция жана алардын эмоционалдык, психологиялык жана физикалык өнүгүүсүнүн ачкычы. Жакшы тарбия балдардын өсүп-өнүгүшү үчүн жылуу, мээримдүү чөйрөнү камсыз кылат. Мындай чөйрө мамилелерди оңдоо жана ата-эне менен баланын жакын болуусу үчүн абдан маанилүү. Ийгиликтүү баарлашуу катаал жана сынчыл пикирди эмес, оң маанайды талап кылат.

Бүгүнкү күндө мусулмандык бала тарбиялоо усулу бир топ кыйынчылыктар менен коштолгон. Көпчүлүк ата-энелер бала тарбиялоо курстарына барышпайт жана аларга ата-энелик көндүмдөр, тажрыйба, билим жетишпейт. Алар тубаса сезимге жана жалпы акылга гана таянат. Адатта, мындай көндүмдөр ата-бабалардан мурасталган же толук маалымдалган эмес же ата- энеси үчүн тарбия башка маданий маниге ээ болгон. Кээ бирлери билимдүү, бирок Батыштын маданиятын сокур түрдө туурап жатышат. Ата-энелер башка начар маалыматы бар ата-энелерин жана кошуналарын ээрчиши мүмкүн. Айрым ата-энелер өздөрүнүн аткарылбай калган каалоолорун балдары аркылуу орундатууга аракет кылышат. Айрымдары ата-энелик милдеттерин барктай албай, же болбосо кийинкиге калтырып коюшат. Түшүнбөгөндүктөн же убакыттын жетишсиздигинен улам, алар ата-энелик милдеттерин бала бакчага, мектеп мугалимдерине, тууганына, телевизор жана компьютердик оюндарга тапшырышат. Мындай көрүнүштөр мунайга бай өлкөлөрдө көбүрөөк байкалат жана бала багуучуларды чет жактан алып келүүнүн кесепети балдардын мүнөзүнө терс таасирин тийгизгенин адистер айтышууда.

Биз ата-энелерге жогоруда айтылгандардын бардыгын оңдоого жана алардын байкабай кылган каталарын жоюуга же азайтууга жардам берүүнү көздөйбүз. Кандайдыр бир мааниде, биз ата-энелер дуушар болуп жаткан көйгөйлөргө каршы жакшы «камсыздандыруу полисин» сунуштайбыз.

Тилекке каршы, бүгүнкү күндө бала тарбиялоо – көнүмүш нерсе катары кабыл алынган. Чындыгында, ата-энелер (алардын ичинде биз) өздөбүзгө жүктөлгөн иш жөнүндө олуттуу ойлонуп көрдүк беле?

ТӨМӨНКҮ СУРООЛОРДУ КАРАП КӨРҮҢҮЗ:

1-суроо: Менеджмент, психология, социология, антропология, оорулууларга кам көрүү, кулинардык искусство жана байланыш боюнча билимди талап кылган тапшырма кайсы?
2-суроо: Кайсы тапшырма даражаны, күбөлүктү же лицензияны талап кылбайт?
3-суроо: Эң туура эмес түшүндүрүлгөн жана көңүл бурулбаган тапшырмалардын бири кайсы?
4-суроо: Кыянаттыкка жана зордук-зомбулукка кайсы маселе себеп болду?
5-суроо: Эрезеге жеткен адамдардын да жашоосуна таасир эткен кайсы тапшырма ушунчалык маанилүү?
6-суроо: Бала үчүн эң маанилүү мугалим кайсы?

Жообу: **Балдарга тарбия берүү**

Ойлонуп көрсөңүз: эгер механиктер, сантехниктер, электриктер же дарыгерлер кесиптик квалификацияга ээ болбосо, биз аларды жалдабайбыз, бирок көпчүлүгүбүз эч кандай даярдыксыз эле ата-эне болуп калабыз. 16 жыл жогорку билимге ээ болуп, алдыда турган чоң жоопкерчиликке даярданбастан, өспүрүм кезинде эле ата-эне болуу оңой. Унаа айдоого, маралга аңчылык кылууга же участка учууга лицензиябыз болушу керектигин билсек да, адамдарга ата-энелик милдеттерди үйрөтүү керек деп эсептебейбиз.

Ата-энелер үчүн балага тарбия берүү боюнча көптөгөн теориялар жана пайдалуу кеңештер бар болсо да, алар көңүлгө алынбайт жана ата-энелер бардыгы жакшы болот деген үмүтүн уланта берет. Албетте, ата-энелер кандайдыр бир күч-аракеттерди жумшап, ата-энелер чогулуштарына катышып, «бардык нерсеге жалпы көңүл буруп», мектептеги бааларды сурашып, үй-бүлөлүк сейилдөөлөргө барышып жана башка нерселер үчүн үстүртөн аракеттерди жасашып жатат, бирок, ата-энелик милдет ушулар менен эле бүтүп калбайт, аткара турган толгон-токой жумуштар бар, а ата-энелер мындан баш тартышууда. Биз колдоно турган ар тараптуу үлгү жок болсо да, алдыга койгон максаттарыбызга жетүүгө жардам берген жол-жоболор бар.

Биз балдарга жакшы тарбия берүүчү жолдун ар дайым курулуп жаткандыгын билсек да, кандайдыр бир жакшыртууларды жасасак да процессти тездете албай турандыгыбызды түшүнөбүз. Балдарды ийгиликтүү тарбиялоонун кыска жолдорун издебеңиз, анткени андай кыска жолдор жок.

БАЛА ТАРБИЯЛООДОГУ АЛТЫ ТЕОРИЯ!?

«Үйлөнгөнгө чейин менде балдарды тарбиялоо жөнүндө алты теория бар эле азыр менин алты балам бар, бирок, теорияларым жок».

ДЖОН УИЛМОНТ,
ГРАФ РОЧЕСТЕР
(Браун 1994)

Баланын өнүгүү баскычтары

Адегенде, балдар өнүгүүнүн кандай баскычтарын басып өтөөрүнөн баштайлы. Ата-энелер үчүн бул этаптар менен таанышуу пайдалуу, анткени ар бир этапта ата- эненин талаптары жана муктаждыктары өзгөрөт. Баланын өнүгүү баскычтарын төмөнкүдөй бөлүштүрсө болот: – ымыркайлар, жеткинчектер жана мектепке чейинки балдар (0-6 жаштагы); – өспүрүм куракка чейинки балдар (7–11 жаш); – жаш өспүрүмдөр (12-17 жаш); – жаштар (21-40 жаш). Бул этаптардын ар биринде, балдар ар кандай физикалык, эмоционалдык, социалдык жана психологиялык ресурстарды талап кылат.

Аягында, бала толугу менен көз карандылыктан, дээрлик толук көз карандысыз абалга келет. Ата-энелер жана балдар үчүн бул өткөөл мезгилди ийгиликтүү өткөрүү маанилүү. Чыр-чатактын теоретиктери ата-энелер менен жаш өспүрүмдөрдүн бийлик жана ресурстар үчүн кантип атаандашкандыгын белгилешет. Ар бири башкаргысы келет жана ар биринин ресурстарды кантип бөлүштүрүү керектиги жөнүндө ар кандай ой-пикирлери бар (акча, мейкиндик жана убакыт). Балдары өспүрүм курактан чоң кишиге айланганда, ата-энелер өз энергиясын балдарынан өз жашоосуна багытташы керек. Ата-энелер картайганда жана балдарынан көз каранды болгондо, теңдеме өзгөрөт. Көз карандысыздык өз ара көз карандылыка айланат. Бул учурда ар дайым өз ара пикирлешүүлөр, кеңеш берүүлөр, ошондой эле балдар менен ата-энелердин ортосунда бөлүшүү жана кам көрүү болуп турат.

Балдарыбызды кантип тарбиялайбыз: тарбиянын стилдери

Көпчүлүк ата-энелер кабыл алган төрт тарбия стили бар экендигин эске алалы (албетте, тарбиялык стилдер ушул категорияларга дайым дал келбейт).

1) **Авторитардык/диктатордук:** Ата-энелер баш ийүүнү талап кылышат жана баш ийбестикти катуу жазалашат.

2) **Ыйгарымдуу:** Ата-энелер балдарынан алардын талаптарын канааттандырат деп үмүттөнүшөт, бирок ошондой эле алар балдарынын талаптарына да жооп беришет. Бул ата-энелер өз эрежелерин так түшүндүрүшөт жана эрежелерине ар кандай жүйөлүү себептерди келтиришет, ошондуктан балдар ата-энелеринин талаптары кокустук эмес экенин, ошондой эле негизсиз же маанисиз эмес экендигин түшүнүшөт.

3) **Уруксат берүүчү:** Ата-энелер балдарына өздөрү каалагандай кылууга уруксат беришет. Ата-энелер балдарынын каалоолорун аткаргандыгы үчүн келишпестиктер аз болот.

4) **Демократиялык:** Ата-энелер балдары менен сүйлөшүүгө аракет кылып, балдары менен чогуу чечим кабыл алышат. Жалпысынан социологдор ыйгарымдуу тарбияны артык көрүшөт. Өзүңүздүн тарбиялык стилиңизди карап чыгып, кайсы төрт категорияга жайгаштыра аларыңызды чечиңиз. Өзүңүздөн сурасаңыз, эмне үчүн белгилүү бир стилди тандап алдыңыз же эмне үчүн «белгилүү бир стилге» түшүп калдыңыз? Ушул стилдеги өзүн-өзү талдоо, позитивдүү жагдайларга көңүл буруп, аларды өркүндөтүп, колдонгон ыкмаларыңызды кайрадан карап чыгууга мүмкүнчүлүк берилет.

Авторитардык / диктатордук тарбияга көңүл буруу: мажбурлоо жана коркуу маданияты

Айрыкча мусулман ата-энелерде жана айрым элдер арасында авторитардык тарбия – балдарынын туура эмес жүрүм-турумун алдын алуу үчүн натыйжалуу жол деген кеңири пикир бар. Кызыгы, бул позитивдүү психикалык маанайды жана жакшы жүрүм-турумду кубаттоого эмес, жаман жүрүм-турумдун алдын алууга багытталган ой жүгүртүүгө негизделгенсийт. Үй-бүлөнүн айкалышкан мамилелеринде көзөмөлдөө жана коркуу сезими артыкчылыкка ээ болуп, натыйжада коом үчүн кеңири таралган терс кесепеттерге ээ балдар тарбияланат. Ушул себептен жана аталган стилдин популярдуулугунан улам, биз ага бир аз тереңирээк токтолууну чечтик.

Мусулман ата-энелердин бала тарбиялоодогу кеңири тараган усулу – эрежелерди катуу сактоо жана үстөмдүк кылуу, ошондой эле диалогдун, ага катышуунун жана кеңешүүнүн жоктугу болуп саналат.

Авторитардык үрөндөр үй-бүлөдө ымыркай кезинен баштап отургузулуп, андан кийин үйдүн сыртына жайылып, мектептерге, социалдык институттарга, акыры бийликке жана саясий системаларга тарайт.

Үй-бүлөдө ата балдарга, улуу бир туугандар кичүүлөргө, эркек балдар кыздарга караганда күчтүү бийликке ээ. Эркектер көбүнчө үстөмдүк кылган «башчы» болушат, жана бүт атмосфера өнөктөштүк жана жоопкерчилик түшүнүктөрүнөн куру калат. Ал эми Пайгамбарыбыз (с.а.в.) *койчу* деген түшүнүктү колдоп мындай деген:

Силер баарыңар – койчусуңар жана силерге дайындалгандар үчүн жооптуусуңар.
(БУХАРИЙ)

Жалпы практикада ата-энелерде өздөрүнүн аракеттеринин жана тыюу салуларынын өзүм билемдик тизмеси бар жана балдарына түшүнүксүз буйруктарды жана көрсөтмөлөрдү беришет. Балдар түшүндүрмө сураганда, алар «айтканды жаса», «ал ошондой болот», «менин жасаганымды кылбай, айтканымды жаса» же «көп талашпачы» деп жооп беришет. Айрым учурларда кулак салбаган балдарды сый-урмат көрсөтпөгөн, кежир же баш ийбеген деп айыпташы мүмкүн. Кулак салбаган балдардын оозун жабуу үчүн, кээ бир ата-энелер жоопту билбейм деп айткандын ордуна, суроолорго так эмес жооп беришет.

Бул ата-энелер балдарына кам көрбөйт деп айтууга болбойт; тескерисинче, алар үй-бүлөсүн аябай жакшы көрүшөт жана кам көрүшөт. Бирок, талабы катуу болуп жана көзөмөлдөөгө аракет кыла беришип, алар үстөмдүк кыла башташат. Андан тышкары, үстөмдүк кылуу – бул окутуу эмес, кээде аны чаташтырып жиберишет. Бул үстөмдүк кылуу практикасы эмоционалдык, психологиялык жана акыл-эстүү балдарды тарбиялоого жардам бербейт. Күчтүү балдарды тарбиялоо үчүн, ата-энелер балдарды биргелешип кеңешүүгө тартууга тийиш. Куранда:

Алар – өздөрүнүн ишин өз ара кеңешип чечкендерден. (Куран 42:38)

Аллахтын ырайымы менен, сен (Пайгамбарыбыз) өз жолдоочуларыңа жумшак мамиле кылдың: эгер сен каардуу жана жүрөгүң катаал болсо, алар чындыгында сенден алыстамак. Аларды кечирип, алардын кечирилишин тилен. Коомдук кызыкчылыкка байланыштуу бардык маселелер боюнча алар менен кеңеш; иш-аракет кылууну чечкенден кийин, Кудайга таян: Чындыгында, Аллах Ага таянгандарды сүйөт.

(Куран 3:159)

Мажбурлоочу мамиленин натыйжасында балдар ата-энелерин урматташы мүмкүн, бирок бул ишеним жана сүйүү эмес, коркуу сезимине негизделген куру боштук. Тарбияланган жана тубаса мүнөздөгү коркунуч 14-Бөлүмдө кененирээк талкууланат. Бул авторитардык мамиле билим берүү системасында жайылтылган, анда балдардын мугалимдерге болгон сый-урматы окууну сүйүүгө негизделбейт, тескерисинче окуучулар мугалимдин нааразычылыгынан жана жазалануудан коркушат. Натыйжада, балдардын окуусу начарлашы мүмкүн. Мажбурлоочу мамиле айрым өлкөлөрдө билим берүү тутуму тарабынан бекемделип, анда көпчүлүк окутуу түшүнүүгө жана катышууга эмес, жаттап үйрөнүүгө негизделген. Ушул тутумдун негизинде ата-энелерди жана мектептерди колдой албайбыз. Алардын жасаган иштери, социалдык жүрүм-туруму дик-

татордук жана авторитардык институттарга туура келген адамдардын «өндүрүшүнө» көмөктөшүү болду. Бул мамлекеттик башкаруу органдарында, саясий партияларда, коомдук кыймылдарда, полиция бөлүмдөрүндө, улуттук армияларда, корпорацияларда жана заводдордогу кулдук мүнөздөгү мамилени чагылдырат. Мындай билим берүү тутумунан баш тартып, коомдун зулумуна каршы тургандардын мүмкүнчүлүктөрү аз. Алар эки жүздүү болуп, көпчүлүктү ээрчип кетишет же ырайымсыз системанын тикенектерине жана жаракаларына айланып, анын кесепетинен азап-кайгыга жана көңүл калууга батышат.

Мусулман баласынын акылында, психологиялык жана эмоционалдык тарбиясында кризис бар. Ыраатту ыкмадагы мамиленин жоктугу, ошондой эле билимдин бөлүштүрүлүшү жана бөлүп-жаруусу мусулман маданиятынын жана ой жүгүртүүсүнүн бурмаланышына себеп болот. Балдарды тарбиялоого жетиштүү көңүл бурулбаганы, жаш балдардын эмоционалдык жана психологиялык жактан олуттуу ажырымына алып келет. Азыркы учурда көптөгөн мусулмандардын бала тарбиялоого болгон мамилеси Курандын *«Имран»* (цивилизацияны түзүү жана өнүктүрүү), *«Иткан»* (мыктылык) жана *«Тафаккур»* (ой жүгүртүү) жөнүндөгү көрүнүштөрүн камтыбайт; көбүнчө, сөзмө-сөз айтканда кулчулук жана тууроо көрүнүштөрү байкалат. Мусулмандар илимий, объективдүүлүк жана методиканын ордуна, ырым-жырымга ишенишет. Алар жин жана сыйкырчылык идеяларына толуп, илимий ой жүгүртүүнүн жемишинен кур калып жатышат.

Интеллектуалдык стагнацияны жана үммөттү дээрлик шал кылып койгон акыл кризисин чечүү жоопкерчилиги ойчулдар менен агартуучулардын мойнуна жүктөлгөнү жалпыга маалым. Бирок, алар маанилүү ролду ойношсо да, акыры биз чечимди ата-энелерден издешибиз керек. Ата-энелер бул нерселерге ишенишкенден кийин, коомдогу позитивдүү өзгөрүүлөрдү алып келе турган, акыр аягында үммөттүн шал оорусунан арылууга даяр, ден-соолугу чың, эркин жана туура тарбияланган лидер балдарды өстүрүү үчүн болгон күчүн жумшайт.

Балага тарбия берүүнүн бүгүнкү кейиштүү абалын төмөнкүдөй мүнөздөөгө болот:

- Ата-энелер арасындагы сабатсыздык – бул билим алууга жана окуу жөндөмүнө болгон тоскоолдук;
- Чыгармачылыгы жана демилгеси жок, «кулдук менталитетке» алып келген коркуу маданияты;
- Сын талдоосуз башкаларды сокур тууроо жана баш ийүү («үйүр менталитети»);
- Үйдө жана коомдук чөйрөдө үстөмдүк кылуу жана мажбурлоо мамилеси.

Балдарды тарбиялоо – үй-бүлөнү, коомду жана цивилизацияны түптөшү же жок кылышы мүмкүн. Цивилизацияны куруу эч качан бүтпөйт жана бул бир жолку жумуш эмес. Негизи бул – жашоо образы жана динамикалуу, үзгүлтүксүз процесс. Анын башталышы бар, бирок аягы жок. Цивилизация өсүп, өркүндөп, өнүгүп келе берет. Бул – тынымсыз изилдөө, ачылыш жана өркүндөтүү маселеси *(ихсан)*. Биз ата-энелерди жалпы көрүнүш жөнүндө ойлонууга жана аларды бала тарбиялоодо коомго болгон кесепеттери жөнүндө ой-жүгүртүүгө үндөйбүз.

Балдар коркуу жана кысымчылыктын сезиминде чоңойгон кезде, тобокелге салып, чечим чыгаруудан коркушат. Акыр-аягы, алар жоопкерчиликти сезишпейт жана чечим чыгара алышпайт. Ошондой эле, коркок балдар өзүнө-өзү жакпаган мамилени кабыл алышып, анын кесепетинен мамлекеттик иштерге жетишсиз катышат жана алардын лидеринин бийлигине шек келишине жол бербейт, бул авторитардык жана диктатордук режимдерге алып келет. Ушундай тарбияланган балдар коррупцияга жол берип, коом алдындагы милдеттерин аткаруудан баш тартышат. Бул процессте командалык дем жоголуп, коомду куруу үчүн зарыл болгон институттарды түзүүгө жол берилбейт. Балдардын жаңы, жаш акылына сиңирилген ырым-жырымдар жана акылга сыйбас маданияты илим менен техниканын өнүгүшүнө тоскоол болот.

Ислам цивилизациясынын алтын доору гүлдөп өскөн, себеби балдарды тарбиялоодо ушул факторлордун бардыгы эске алынган. Мисалы, эмчек эмизүү практикасы баланы тарбиялоонун ажырагыс бөлүгү катары каралып, анда баланын эмоционалдык жана психологиялык өнүгүүсүнө көңүл бурулган. Чындыгында, «эмне үчүн ушундай улуу цивилизация төмөн деңгээлдин эң төмөнү болуп калды?» – деген суроого жооп бир маанилүү аспектте жатат: балдарыбызды төрөлгөндөн баштап тарбиялоо жолу. Жакшы тарбияга көңүл буруунун жоктугу – мусулман тарыхында көптөгөн реформалардын жетишпеген боштугу болуп саналат.

Балага тарбия берүү стили алдын ала эмнени айта алат?

Биздин ата-энебиз менен болгон мамилебиздин жана балдарыбыз менен болгон мамилебиздин ортосунда кандайдыр бир байланыш барбы? Өз балдарына зордук-зомбулук көрсөткөн ата-энелер, өздөрүнө да бала кезинде ушундай мамиле жасалгандыгын көп учурда айтышат. Баланын ата-энеси менен болгон балалыктын позитивдүү тажрыйбасы баланы тарбиялоодогу жылуу, сезимтал жана дем берүүчү стилинин өнүгүшүн болжолдой алабы? Бала тарбиялоо стили укумдан-тукумга берилиши мүкүнбү?

Ата-эненин балдарды тарбиялоо тарыхы – баласынын бала тарбиялоо стилине кошкон салымы болуп саналат. Жалпысынан, балалыгынын кайсы мезгилинде болбосун, балдарды жакшы тарбиялоону башынан өткөргөн ата-энелер, өз балдарын жылуу, сезимтал, ата-эне болуусуна жол көрсөтөт. Жакшы тарбия үч жашка чейинки таанып-билүүчүлүктүн өркүндөтүлүшү менен байланыштуу.

(Баумринд, 2008)

Аталар ымыркайларга жана наристелерге энелерге караганда башкача мамиле жасашат. Көпчүлүк аталар менен энелердин сезимталдыгы жана сүйүүсү бири-бирине окшош болсо да, аталар энелерге караганда физикалык оюндарда активдүүрөөк болушат. Ата-энелер кыздары менен эмес, уулдары менен физикалык жактан көбүрөөк ойношот. Энелердин жана аталардын билим деңгээли балдардын мектептеги жана башка чөйрөдөгү жетишкендиктери менен байланыштуу. Эң кызыгы, атасынын канчалык көп жылдык билими бар болсо, эне өз балдарын ошончолук колдойт.

(Рикс, 1985-ж)

Ата-энелерибиздин бала тарбиялоо стилин чагылдыруудан тышкары, кээ бир учурларда биз алардын балдарды тарбиялоо стилине каршыбыз. Балдарды муундан-муунга тарбиялоо практикасында айырмачылыктар болушу мүмкүн. Чоң ата-энелердин дээрлик жарымы неберелери өз балдарынан башкача тарбияланып жатат деп эсептешет. Бул топтун жарымынын айтымында, ата-энелерге (1-муун) салыштырмалуу, балдары (2-муун) неберелери (3-муун) сылык мамиле кылышат. Жарымынан азы өздөрүнө салыштырмалуу балдары неберелерине үй жумуштарын азыраак беришет, жана балдарына караганда неберелеринде көбүрөөк мүмкүнчүлүктөр бар.

(Zogby International, 2006)

Ата-энелер өз балалыгына, «туулуп-өскөн үй-бүлөсүнө», билимине же кирешесине карабастан, өздөрү балалуу болгондон кийин - бала тарбиясын (ыкмаларын) кайра карап чыгуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушат. Алар чоңойгон кезде, өз балдары менен ата-энелеринин ыкмасын кайталай алышат же өркүндөтө алышат.

Акыры, ата-энелер канчалык аракет кылбасын, алардын балдары көз карандысыз, өз иш-аракеттери үчүн жооптуу жана жеке жоопкерчиликти мойнуна алган адам болуп калыптанат. Бардык ата-энелер балдарына колдоо жана жетекчилик сунуш кыла алышат. Бир күнү алар: «Биз жакшы ата-эне боло алдык» деп аябай кубанышат жана сыймыктанышат.

Балага жакшы тарбия берүүнүн башталышы: алдыдагы тапшырмага серепсалуу

Жакшы тарбия берүү бала бойго бүтө электе эле башталат. Үйлөнгөнгө чейин жакшы жубай тандоо керек. Үйлөнгөндөн кийин кош бойлуу эне ден соолугуна, тамак-ашына кам көрүп, зыяндуу заттардан алыс болушу зарыл. Атасы ага колунан келишинче кам көрүп, анын милдеттерин жана жумуштарын мүмкүн болушунча жеңилдетип, ага жетиштүү эс алууга, уктоого жана сергүүгө мүмкүнчүлүк бериши керек. Бул жерде биз ата-энелердин алдындагы милдеттерин карап чыгабыз жана баланын жакшы тарбиясы үчүн зарыл болгон билим жана жүрүм-турумдарды сунуштайбыз. Ата-энелер канчалык кыйынчылыкка кабылып жаткандыгын өтө эле жогору баалабаш үчүн, алардын канчалык деңгээлде кыйынчылыкка туш болгонун билүү пайдалуу. Эгерде алар балдарды тарбиялоо өтө эле жеңил деп ойлошсо, анда алар буга даярдануунун зарылдыгын сезишпейт. Эгер алар бул нерсе өтө эле кыйын деп ойлошсо, үмүттөрүн үзүп андан баш тартышы мүмкүн.

Баланы тарбиялоо адам баласынын эң пайдалуу, түрткү берүүчү жана кубанычтуу башынан өткөргөн тажрыйбасы болсо да, анын коюлган талабы эң эле жогору болот. Жашоо өзү бир катар сыноолордон турат, анын ичинде балдарды тарбиялоо эң оор маселелердин бири. Ошондуктан, романтикалык идеяларды кое туруп, айрым чындыктарды түшүнүү керек. Балдарды жакшы тарбиялоо оңой эмес жана эч качан кемчиликсиз болбойт. Балдар ата- энелеринин сабырдуулугун текшерип, чыдамдуулугун сынайт, жана алар жанында болбосо дагы, жүрөктөрү менен ойлорун ээлеп турат. Балдардын жаралышы менен адамдардын жашоосу кескин өзгөрөт.

Бардык балдар, бардык ата-энелердей, таланттуу жана шыктуу болушат. Баланы тарбиялоо – жалгыз адамга гана жүктөлгөн нерсе эмес. Көпчүлүк ата-энелер балдарына кам көрүүдө колдоочу чөйрөгө ээ, анын ичинде мугалимдер, бала багуучулар, туугандар, диний лидерлер жана достор бар.

Бала бойго бүткөндөн кийин, биз төмөнкү көрсөтмөлөрдү колдоно баштасак болот. Бул «керектүү нерселер» жана «жол берилбеген нерселер» менен чаташтырбоо үчүн кененирээк сүрөттү эстеп калууга жардам берет. Үй-бүлөлүк жашооңузду жана үйүңүздү тең салмактуулукта сактоого жардам берген төмөнкү сегиз багытты түшүнүүдөн баштаңыз:

1. БАЛАНЫН ӨНҮГҮҮСҮ УЗАК ЖАНА ТАТААЛ ПРОЦЕСС ЭКЕНДИГИН ТҮШҮНҮҢҮЗ

Адил балдарды, жигердүү жарандарды жана болочок мыкты лидерлерди тарбиялоо – айлар эмес, жылдарды талап кылган күнүмдүк мээнет. Романтикалык мамилелер бузулуп, достук мамилебиз үзүлүп кетиши мүмкүн, бирок ата-эне менен баланын мамилеси кандай гана бороон-чапкындарга туш болбосун кыйла күчтүү жана бузулгус болуп, жер шарындагы эң күчтүү жана туруктуу мамилелердин бири бойдон кала берет.

2. ТУУРА МАКСАТТАРДЫ КОЮП, АР ДАЙЫМ ӨРКҮНДӨТҮҮГӨ УМТУЛУҢУЗ

Максаттар башаламандыктан алыс болууга жана иш-аракетти аныктоого жардам берет. Алар биздин каякка баруу-ну жана ага кантип жетүү керектигин

түшүндүрөт (биз, кийинки бөлүмдөрдө талкуулай турган, балдарды тарбиялоонун максаттары боюнча таблица түздүк). Максатсыз же жол картасы болбосо, ата-энелер билбестик кылып ката кетире бериши мүмкүн, анткени алардын иш-аракеттерин өлчөй турган максаттары жок. Бул каталар болбойт дегенди билдирбейт; алар болот! Мааниси – каталарды моюнга алуу жана алардан сабак алып, көбүрөөк жоопкерчиликтүү болуу. Ушул эле нерсе балдарга да тиешелүү: биз балдарыбызга так көрсөтмө бердик беле? Аларды кандайча биз менен эриш-аркак жашоого үйрөттүк? Биз күткөндөй жашап кетиши үчүн, аларга керектүү жөндөмдөрдү бердикпи?

3. ҮЙРӨНГӨН ПРИНЦИПТЕРДИ ИШ ЖҮЗҮНДӨ КОЛДОНУҢУЗ ЖАНА БАШКА АТА-ЭНЕЛЕР МЕНЕН ТАЖРЫЙБА АЛМАШЫҢЫЗ

Баланы тарбиялоо боюнча адабияттарды изилдесек же кеңеш издесек, бизге жардам берген көптөгөн көрсөтмөлөрдү табабыз. Ата-энелер жалпы принциптерге макул болушса да, алар көбүнчө принциптерди иш жүзүндө аткара алышпайт

(көнүмүш адаттардын тажрыйбанын жоктугунан же күндөлүк жумуштардан улам). Негизи алар башка ата-энелер менен өз тажрыйбаларын бөлүшүү аркылуу эки тарапка тең бала тарбиясын өркүндөтүүгө жардам берет.

4. МЫКТЫ ҮЛГҮ БОЛУҢУЗ ЖАНА БАЛДАРДЫ ӨЗ АЛДЫНЧА ИШЕНИЧКЕ ҮЙРӨТҮҢҮЗ

Ата-энелер балдарына үйрөтө турган эң маанилүү нерселердин бири – аларсыз кантип иш-алып баруу. Үй-бүлөдө балдар кадыр-баркка, кайраттуулукка, өзүн өзү тарбиялоого, сүйүүнү, боорукердикти, өз ара көз карандылыкты жана жоопкерчиликти үйрөнүшөт. Балдарга лекция окуу – аларды суктандырган мүнөздөгү эркектерден жана аялдардан болуусуна керектүү куралдар менен камсыз кылуу жетишсиз. Ата-эненин үлгүсү – көптөгөн насааттарга караганда жакшыраак.

5. БАЛДАРДЫ ТУУРА МЕНЕН ТУУРА ЭМЕСТИ АЖЫРАТА БИЛҮҮГӨ ҮЙРӨТҮҮ

Ата-энелер башка балдардын начар жүрүм-туруму жөнүндө укканда, алар: «Менин балам андай кылбайт. Менин балам башкача» – дешет. Биздин балабыз жаман жүрүм-турумга кабылбайт жана табигый жол менен ийгиликке жетет деп ойлоо туура эмес. Чындыгында, бала биздин каалоолорубузга каршы жүрүм-турумда болушу мүмкүн. Бул таң калыштуу деле нерсе эмес, анткени биздин балдар биздин тегерегибизде сүйлөп, жашаган миңдеген балдардан эч айырмаланбайт. Бардыгыбыз Адам ата менен Обо эненин урпактары болгондуктан, бардыгыбыз оң менен терсти ажырата алабыз жана ушул ички билимге ылайык иш-аракет жасайбыз. Бир чөйрөдө жашап ушундай көйгөй-

лөргө туш болгондо, ар бир адам сөзсүз түрдө ката кетирет, бир гана айырмасы бар: кээ бирөөлөрүбүз башкаларга караганда көбүрөөк ката кетиребиз жана айрымдарыбыз өкүнүп, аларды оңдойбуз, ал эми башкалар антпейт. Баары теңдеш болбосо да, биз көптөгөн ушул сыяктуу окуяларды кезиктиребиз. Биздин жашообузда тигил же бул тажрыйбаны башынан өткөрбөгөн бирөө да болбосо керек.

6. НЕГИЗГИ МҮНӨЗДҮК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРДҮ ИШТЕП ЧЫГУУ ЖАНА ИШКЕ АШЫРУУ ҮЧҮН КӨП КҮЧ-АРАКЕТ ЖУМШАҢЫЗ

Жалпы көрүнүштүн көз карашынан алганда, чыныгы адамзат цивилизациясынын пайда болушуна ишенимдүү институттарды түзүү менен гана жетишүүгө болот. Бул институттар күчтүү жана кемчиликсиз мүнөзгө ээ, өзүмчүлдүк, кумар жана коррупциядан алыс адамдардан турушу керек. Мындан тышкары, бул инсандар чынчылдык, момундук жана башкаларды сүйүү сапаттарына ээ болушу керек. Жакшы мүнөздүн өзгөчөлүктөрү сейрек кездешүүчү нерсе; алар бактылуу үйлөрдүн, туруктуу чөйрөнүн жана ынак мамиле кылган ата-энелердин натыйжасы.

7. МАЕКТЕШҮҮ ЧЕБЕРЧИЛИГИН ӨРКҮНДӨТҮҢҮЗ

Сүйлөшүңүз! Балдарыңыз менен ар кайсы жана бардык нерсе жөнүндө, күн ичинде эмне кылганыңыз тууралуу, көйгөйлөргө кандай карай турганыңыз жөнүндө жана балаңыздын башка нерселер жөнүндө кандай ойдо экендиги тууралуу талкуулаңыз. Балдар үчүн өз ойлорун кантип түзүүнү үйрөнүү маанилүү. Баарлашууну артыкчылыктуу кылып, балаңыз менен жакындан таанышып, аны билгенге аракет кылыңыз. Карым-катнашты өнүктүрүүдөн тышкары, сүйлөшүү – тилдин өнүгүшү жана артикуляциясы үчүн да маанилүү. Балаңыздын алыстап кетишин телевизорго, интернетке же компьютердик оюндарга шылтабаңыз. Сүйлөшүүнүн жетишсиздиги – жараксыз интеллектке жана пассивдүүлүккө алып келет. Бул бөлүмдү өтө көп телевизор көрүүнүн терс таасирине арнадык. Баарлашуу олуттуу талкууларды жана тамашалуу пикир алмашууну камтыйт. Ата-энелер балдары менен тамашалашып ойношу керек, анткени тамашакөйлүк мамилелерди чыңдап, зеригүүнү азайтат. Ата-энелер балдарды тарбиялоого ушунчалык көп убакыт жумшагандыктан, алардан ырахат алууну унутушат. Бул чоң жоготуу. Балдар өздөрүнүн толук дүйнөсүндө жүрүшөт жана жыргап ойногонго жөндөмдөрү чоң. Балдары менен сейилдеп, тамашалашып, көңүл ачкандан көрө, телекөрсөтүү программаларын көрүүнү каалаган көңүлсүз, кейиштүү ата-энелердин болушу – өкүнүчтүү. Жашоо кысым жана тынчсыздануу сезимдерине толгондуктан, ата-энелер балалык дүйнөсүнө бир аз убакытка кайрылышса, балдар стресстен арылуунун эң жакшы дарысы боло алышат. Айрым ата-энелер балдары менен ойногондо өздөрүн алсыз же жашоого олуттуу мамиле жасабаган адамдай сезишет. Чындыгында, балдар менен тамашалашып жатканда, аларга өздөрүн ишенимдүү сезүүгө жана сизден коркпоого жол ачып бересиз, чыңалуунун деңгээли төмөндөйт, сүйүүнүн көзгө көрүнбөгөн байланышы түзүлөт жана балдар өз пикирлерин эркин билдире алышат. Тамашалоо жана күлүү – баарлашуунун ажырагыс бөлүгү.

8)БАЛА ТАРБИЯЛООДОН ЫРАХАТ АЛЫҢЫЗ!!

Бул мурунку маселеден келип чыгат. Жогоруда айтылган принциптер боорукердик жана көңүл ачуу менен колдонулушу керек. Ийгиликке жеткен ата-энелер кээде максаттарды көздөп, үй-бүлөлүк жашоонун жөнөкөй жыргалдарын өткөрүп жиберишет. Муну эстен чыгарбаңыз. Балдарды жакшы тарбиялоо – бул бүтүн түшүнүк жана боорукер милдет, анткени, баланы тарбиялоо тажрыйбасы – максаттарды жүзөгө ашыруу сыяктуу эле маанилүү.

Сапаттуу убакыт өткөрүү жана балдар менен АКТИВДҮҮ ИШТЕШҮҮ

Ата-энелер балдары менен көп убакыт өткөрөбүз деп ырасташат. Чындыгында, ата-энелер балдары менен «чогуу» отурганы эле болбосо, балдарынан «алыстап» кетишкен. Башкача айтканда, алар бала менен бир бөлмөдө болгону менен, бирок сыналгы көрүү, окуу, телефондо сүйлөшүү, электрондук почтаны текшерүү же башка коноктор менен алек болушу мүмкүн. Балдар менен жигердүү баарлашуу зарыл. Бул чогуу окууну, спорт менен машыгууну жана бирге ойноону, табышмактарды чогуу чечүүнү, тамакты бирге жасап чогуу тамактанууну, чогуу сүйлөшүп тамашалашууну, чогуу соода кылууну жана бирге идиш-аякты жууганды билдирет. Башкача айтканда, баланын жанында болуп, бирок ошол эле учурда баланы жалгыз калтырбастан, баланын иш-аракеттеринин активдүү катышуучусу жана өнөктөшү болуу зарыл.

Жигердүү баарлашууга жетиштүү убакыт бөлгөнүңүз – бул убактыңыздын сапаттуу сарпталганы. Эч бир бала багуучу же ата-энеден бөлөк бирөө ата-эне менен баланын ортосундагы өз ара баарлашууну алмаштыра албайт, атаны да, энени да!

Хасан аль-Талиб

Балага тарбия берүү жөнүндө маалымат булактарын колдонуу

Балдарды жакшы тарбиялоонун жолдорунун бири – бул адистердин кеңештери жана ой-пикирлери боюнча булактарга кайрылуу.

Балдарды тарбиялоо боюнча *Мусулман булактары* жана *Батыш булактарынын* адабияттары Түндүк Америкада кеңири таралган (1.1-таблица). Батыш ата-энелери үчүн туура тарбия берүү жөнүндө көп маалыматтар бар, алардын билимин кыйла пайдалуу, натыйжалуу кылууга жардам берүүчү ресурстар, маалыматтарды берген ар түрдүү китептер, веб-сайттар жетиштүү.

1.1-таблицада балдарды тарбиялоо жөнүндө адабияттардын жетиштүүлүгү

Китепкана	Аталыштардын саны
Конгресс китепканасы	2,464
6 Университеттин консорциуму, АКШ	3,215
Вирджиния штатындагы Фэйрфакс округдук коомдук китепканасы	432
Канада Улуттук китепканасы	362

Маалымат булактары: АКШ Конгресс китепканасы (www.loc.gov), Фэйрфакс округунун коомдук китепканасы (www.fairfaxcounty.gov/library), Канада китепканасы жана архивдери (www.collectionscanada.gc.ca).

Ал эми мусулман ата-энелер балдарды тарбиялоо боюнча мусулман булактарынан кеңеш издешсе, аларда кандай мүмкүнчүлүктөр бар? Аль-Талл жана Аль-Кайси (1990-жылы араб тилинде) ата-энелик маселелер боюнча жогорку сапаттагы мусулман адабияттарынын жетишсиздигин белгилешет. Балдардагы алгылыктуу баалуулуктарды жана мүнөздү кантип өрчүтүү керектиги жөнүндө китептер аз. Ата-энелер балдарды тарбиялоо боюнча классикалык китептерди колдонууда кыйынчылыктарга туш болушат. Эски китептер ар кандай мезгилдерди жана көйгөйлөрдү чагылдырат жана аларда так классификация, көрсөткүчтөр жана шилтемелер жетишсиз. Мусулмандар үчүн балдарды тарбиялоо жөнүндө маалымат ар кандай жазмаларга тараган, анын ичинде: юридикалык адабияттар, Куран тафсири (*тафсир*), тарыхый чыгармалар, суфий поэзиясы жана насаат китептери.

Доктор аз-За'балави (өспүрүм балдарды тарбиялоо боюнча арабча китебинде) балдарды тарбиялоо боюнча ислам адабияттары жана өспүрүм курактагы балдар үчүн атайын адистешкен эмгектер аз деп жазат. АКШнын жана Канаданын Мусулман Студенттик Ассоциациясы (Muslim Students Association of the United States and Canada) 1973-жылы балдарга арналган биринчи исламдык боёктор китебин чыгарды. Ал кезде мындай китептер болгон эмес жана Батышта жашаган ата-энелер балдарына адабияттын жетишсиздигин сезишкен.

Лестердеги (Англия) Ислам фондунун директору, доктор Маназир Ахсан Батыштагы мусулман жамааттары көп сандагы институттарды, мечиттерди жана мектептерди түзө алгандыгына карабастан, «үйдө да, мектепте дагы жаштарды окутууга коюлган талаптарга жооп берген англис тилиндеги адабияттарды чыгара алышкан жок деп белгилейт». (Д'ойен, 1996) Басылып чыккан адабияттар өтө эле аз, ошондуктан дагы көп нерсе талап кылынат. Бүгүн ислам китепканасында бала тарбиялоо жана аларды өстүрүү жөнүндө китептер жетишпейт.

Адабияттын көпчүлүгү чоң кишилердин билимине арналган жана балдардын өнүгүүсү жана өспүрүмдөрдүн психологиясы жөнүндө аз жазылган. Нике келишимдеринин формалдуу

аспектилери боюнча юристтер эбегейсиз көп жазышкан, мисалы, күй-өөлөрдүн, аялдардын жана балдардын укуктары жана милдеттери; ажырашуунун жана мурасты эсептөөнүн техникалык өзгөчөлүктөрү ж.б. Үй-бүлө жана бир туугандардын мамилеси, айрыкча социалдык, психологиялык жана өнүгүү аспектилери жөнүндө көбүрөөк исламдык китептерге муктаждык бар. Ата-энелер үй-бүлөлүк маселелер боюнча кеңеш издешкенде, алар окуган китептердин көпчүлүгү формалдуулук жана мыйзамдуулук *(фикх)* маселелерине арналат.

Мындан тышкары, Пайгамбарыбыздын (с.а.в.) өмүр баяны араб дүйнөсүндөгү жогорку окуу жайларында окутулган китептерде, адамдардын өз ара мамилелерин жана жеке өнүгүүсүн этибарга албай, көбүнчө саясий маселелерге, улуттар аралык тынчтыкты жана согушту жөнгө салууга багытталган. Адамдын сүйүүсүнө, боорукердигине жана Пайгамбарыбыз Мухаммеддин (с.а.в.) балдарга көрсөткөн сүйүүсү, урмат-сыйы, алар менен болгон мамилеси жана алардын оюндарына катышууга даярдыгы жөнүндө маалымат аз орунду ээлеген. Пайгамбарыбыз уул бала чоңойтуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон жок, анткени алар ымыркай кезинде чарчап калышып, кыздарын (Фатима, Зайнаб, Рукая жана Умм Кулсум) чоңойтуп, неберелерин жана туугандары менен жамааттын балдарын тарбиялоого өз салымын кошкон. Ошондой эле ал өзүнүн тууганы Али ибн Абу Талибди жана анын өгөй баласы Зайд ибн Хаританы тарбиялап чоңойтту.

Пайгамбарыбыздын балдарга ушунчалык көп көңүл буруп, аларга камкордук, боорукердик жана сый-урмат көрсөткөнү, ошол эле учурда душмандары тарабынан кырылып калуу коркунучунда турган жаңы коомду жана жаңы мамлекетти түзүү менен алек болгону таң калыштуу.

Эркектер балдарды тарбиялоого анча деле көңүл бурушпайт, анткени көпчүлүк учурда бул аялдардын мойнунда. Ислам адабиятында «Ыймандуулардын энелери» катары белгилүү болгон мусулман аялдардын аракеттерин изилдөө жана өнүктүрүү жетиштүү деңгээлде жүргүзүлгөн эмес. Чындыгында, мунун көпчүлүгү жоголгон же баалуулугун жоготкон. Пайгамбарыбыздын (с.а.в.) аялдары балдарды кантип тарбиялагандыгы жөнүндө илимпоздорду изилдөөгө жана адабияттарды иштеп чыгууга үндөшүбүз керек. Бул аялдардын социалдык өнүгүүдөгү ролунун маанилүү аспектисин көрсөтүүгө жана аялдардын изденүүсү үчүн ислам китепканасын кеңейтүүгө жардам берет. Андан тышкары, бул адабиятта акыркы мезгилдерде эркек жана аял лидерлерди ийгиликтүү тарбиялаган аялдардын иш-аракеттерин изилдөө керек. Эгер биз муну аткарбасак, «Бейиш эненин таманынын астында» деген көрсөтмө такыбалыктын бузулгандыгынан башка эч нерсеге алып келбейт.

Бүгүнкү күндө басым балдардагы мүнөздү жана баалуулуктарды өнүктүрүүнүн практикалык жолдору жана каражаттарына эмес, абстр актуу баалуулуктарга жана максаттарга багытталат. Өнүгүүнү жана өсүүнү анализдөөгө жана талдоого жетиштүү көңүл бурулбайт жана бул ата-энелердин күнүмдүк жашоосунда тарбиялоо принциптерин колдонууну кыйындатат. Практикалык ыкмалар, тиешелүү жүрүш-туруштар жана турмуштук мисалдар керек. Көңүлдү буруучу факторлордун бири мусулман өлкөлөрүнүн кылымдар бою колониялаштырылгандыгы болгон. Анын таасиринде жерди колониядан бошотуугa артыкчылык берилип, тарбия (билим берүү жана окутуу) этибарга алынбай

калган. Социалдык өзгөрүүлөр, туура башкаруу жана өнүгүү маселелери күн тартибинин аягында турган. Ата-энелик милдет жөнүндө жазуу артыкчылыктуу эмес болуп, бул жаатта узак убакыт бою эч кандай олуттуу изилдөө жүргүзүлгөн эмес.

Аль-Газали, аль-Маварди жана аль-Ишбилиден тышкары Кайраванд-дык (Тунис) Ибн Са'нун, Ибн аль-Жаз-зар жана Али аль-Габси сыяктуу му-сулман реформаторлор, бала эмизүүгө жана балдарды көзөмөлдөөгө, тартип жана жазалоо ыкмаларына көбүрөөк көңүл бурушуп, мугалимдердин ор-дун толтуруу маселесин да эске алыш-кан. Баланын психологиясына, бала-нын өнүгүүсүнө, билим алуусуна жана ата-энелик милдеттерге жетишсиз көңүл бурулган. Эмне үчүн улуу реформисттик агымдар, алардын лидерлеринин гений-лигине жана чын ыкластуу аракеттерине карабастан, мусулман цивилизациясын жандандырган жок деген суроого жа-рым-жартылай жооп алышыбыз мүмкүн. Өнүккөн коомду түзүү үчүн, балардын тарбиясы жана мүнөзүн калыптанды-руу боюнча мыкты билимге ээ болу-шубуз керек. Бизге күчтүү билим, бекем ишеним жана туура жөндөмдүүлүктөр керек. Куранда Пайгамбарларды өрнөк катары сүрөттөгөнү кызыктуу. Эгерде бала тарбиялоонун өнөрүн жана илимин тереңирээк түшүнсөк, лидерлик сапат-тарды эрте өркүндөтүүгө болот.

2002-жылы Ислам ойлору Эл ара-лык институту Кувейт университетинин профессору Мумтаз Анварга мусулман балдарды тарбиялоо боюнча учурдагы адабияттарды изилдөө тапшырмасын берген. Ал мусулмандар үчүн балага жакшы тарбия берүү боюнча китептер-дин жетишсиздигин, ошондой эле мусул-ман дүйнөсүнүн көптөгөн жерлеринде, айрыкча аялдар арасында сабаттуулук деңгээли өтө төмөн экендигин белгиле-ген. Мусулман ата-энелердин көпчүлүгү жеке байкоо жүргүзүү жана балдарды тарбиялоо тажрыйбасынан көз каранды, бул баланын ийгиликтүү тарбия алышы үчүн жетишсиз. Билимдүү мусулман ата-энелер үчүн да балдарды жакшы тарбиялоо боюнча жогорку сапаттагы адабияттар жетишпейт жана расмий окутуу жок. Мусулман дүйнөсүнүн бар-дык тилдеринде балдарды тарбиялоо боюнча канча адабият бар экендигин эсептөө кыйынга турса да, ал жетишсиз деп билебиз. Балдардын мүнөзү, баалуу-луктары жана адилеттүүлүгү жөнүндө билимге негизделген жогорку сапатта-гы балдарды тарбиялоо багыты боюнча адабияттарды тез арада чыгаруунун за-рылдыгы айдан ачык.

Курандагы кээ бир пайгамбарлардын сапаттары	
Курандагы Терминдер	تعابير قرآنية
Чынчыл	صدّيقاً
Боорукер жана каайрымдуу	رؤوف رحيم
Билимдүү жана даанышман	حُكماً وعلماً
Дене күчүн жана билимин жогорулаткан (Талуттан мисал)	زاده بسطة في العلم والجس
Күчтүү жан ишенимдүү	القوي الأمين
Кесипкөй жана ишенимдүү	حفيظ عليم

Балага тарбия берүү сабактары орто мектептерде окутулушу керекпи?

Эгерде балдарды тарбиялоо милдети жоопкерчиликтүү болсо, анда эмне үчүн биз мектептерде расмий курстарды өткөрбөйбүз? Он кишинин жетөө баладарды тарбиялоо – бул биз үйрөнө турган нерсе же бизге окулушу керек деп эсептешет.

(Лонгфилд жана Фицпатрик, 1999)

Экинчи дүйнөлүк согуш аяктагандан кийин дүйнө өзгөрдү. Бир үй-бүлөнүн алгачкы муундары бир айылда же шаарда жашаган. Чоң ата, чоң энелери, таежелери, агалары жана улуу бир туугандары балага кам көрүүдө кеңеш жана жардам беришчү. Азыр үй-бүлөлүк жашоо татаалдашууда. Толук эмес үй-бүлөлөр бар жана никеден ажырашып иштеп жаткан энелер мурункуга караганда көбүрөөк. Жакшы тарбия берүү чеберчилиги бөлүнүүгө учурагандыктан, кеңейип келе жаткан үй-бүлөлүк тармакта бош калган «тарбиячы мугалимдин» ролун толтурушубуз керек. Бул нерсени ишке ашырыш үчүн мектептерге кайрылышыбыз керекпи? Мындан тышкары, экинчи баланы тарбиялоо биринчи балага караганда жеңилирээк болушу мүмкүн, анткени биз дагы көп нерсени үйрөндүк.

Балдарды тарбиялоо курстарын өткөрүү канчалык логикалык жана жагымдуу көрүнгөнү менен, чындыгында ал андай эмес. Бизге эмне үчүн мындай курстар керек

экендигин так түшүнүшүбүз керек. «Бала тарбиялоочу мугалимдин» ролу да көйгөй болуп саналат. Үй-бүлөлүк жашоо бул таза илим эмес: ал сезимдер, жакын мамилелер менен да байланыштуу. Орто мектепте балдарды тарбиялоого каршы чыккандар, мамлекет тарабынан өткөрүлүүчү сабактарда балдарды тарбиялоо сабагын катаал формула катары окутууга болбойт деп ырасташат. Жеке үй-бүлөлүк жашоого кийлигишүүнү жана саясатчылардын ишине кийлигишүүнү каалаган билим берүү мекемелеринде үй-бүлөлүк мамилелердин татаалдашуусуна жол берилбеши керек. Балдарды тарбиялоодо кесиптик жардам пайдалуу, бирок ата-энелер мугалимдерге жана адистерге өз ролун артып салбаш керек. Ар бир үй-бүлө теңдешсиз болгондуктан, ата-энелер өздөрүнүн акылына, туюп билүүсүнө жана жеке көз карашына кайрылышы керек. Өз каталарынан сабак алуу пайдалуу жана үй-бүлөлүк көз карандысыздык сакталышы керек. Мындан тышкары, ата-эненин милдеттерине байланыштуу сунуштарды бергенде, үй-бүлөлүк жашоого туура эмес тышкы кийлигишүүдөн, авторитардык мамиледен оолак болушубуз керек. Бул ата-энелердин ишенимине жана жоопкерчилигине доо кетириши мүмкүн. Мугалимдер үй-бүлөлүк чыр-чатактарды чечүү үчүн элдешүү же арбитраж кызматы катары аракет кылбашы керек, бул учурда психологдун кеңеши талап кылынат.

Психотерапевт Дональд Уинникоттун айтымында:

Мен кесиптик жашоомдо кеңеш берүүдөн алыс болгом. Дарыгерлер – жакшы ниети болсо дагы, энелер менен ымыркайларга, ата-энелер менен балдарга тоскоолдук жаратууга жакын.

(Уинникот, 1992)

Муну айткан соң, жакшы уюштурулган курстун пайдалуу элементтери бар экендигин унутпаш керек. Үй-бүлө куруудан келип чыккан жоопкерчиликтин баалуулугун, ошондой эле, убакытты жана чыгымды балдарга үйрөтүшүбүз керек. Төмөндө талкууланган балдарды тарбиялоо курстарынын мисалы Улуу Британиядан алынган, бирок мусулман дүйнөсү да балдарды тарбиялоону окутуп баштайт.

Орто мектеп курстары үчүн британдык көрсөтмөлөр

Жогоруда айтылгандай, ата-энелер менен мектептердин ортосунда тең салмактуулук болуп, ал милдеттүү сабактардын киргизилишин бузбашы керек. Мындан тышкары, медициналык мекемелер жана кайрымдуулук уюмдар жаш ата-энелерге кош бойлуулук, төрөт жана наристелерге кам көрүү боюнча жардам сунуштап жатышса да, социалдык аспектилерди жана баалуулуктарды окутуу карама-каршы болушу мүмкүн.

Британиянын өкмөтү 2000-жылы мектеп окуучуларына формалдуу түрдө бала тарбиялоо классын үйрөтө баштаган. Үй-бүлөнүн бузулушу жана жалгыз бой эне болуу Британия үчүн олуттуу көйгөй болуп саналат жана бул нерсе Европада коркунучтуу деңгээлге жетти. (Вулф 1999) Билим берүүчүлөрдүн, мамлекеттик кызматкерлердин жана психологдордун берген кеңештеринин негизинде, Британия өкмөтү окуучуларга төмөнкү темаларды окутуу боюнча көрсөтмөлөрдү киргизди:

- Никедеги чыр-чатактарды чечүү;
- Балдарды тийиштүү түрдө жазалоо;
- Супермаркетте балдардын чыр-чатактарын кантип токтотууга болот;
- Энелердин жана аталардын ролдору;
- Балдарды тарбиялоонун баасы жана артыкчылыктары;
- Балдарда жана ата-энелерде өзүн-өзү сыйлоо сезимин мактоо менен көтөрүү;
- Сүйүү жана коопсуздук менен материалдык нерселердин салыштырмалуу мааниси;
- Укуктар жана көз карандысыздык менен бирге жоопкерчиликтер;
- Никенин баалуулугу;
- Убакытты башкаруу көндүмдөрү;
- Үй-бүлөлүк турмуштагы стресстер менен күрөшүү.

Британиянын өкмөтү бул окуу программасы өспүрүмдөрдүн кош бойлуулугун жана балдардын кылмыштуу жүрүм-турумун азайтууга жардам берет деп ишенген. Үй-бүлөлүк эрежелер боюнча жашоону үйрөнүү – коомдун мыйзамдары боюнча жашоону үйрөнүүнүн жана түрмөдөн алыс болуунун биринчи кадамы.

Бала тарбиялоо – кыйын болсо да, бул биз үчүн эң кубанычтуу, пайдалуу, дем берүүчү жана акырында, көпчүлүгүбүзгө жагымдуу тажрыйба болушу мүмкүн.

(Батуул ат-Тома)

Илим – методологияларды, структураларды, стратегияларды жана божомолдорду талап кылат.
Искусство – акылмандыкты, сылыктыкты, сезимталдыкты, сүйүүнү жана жалпы түшүнүктү талап кылат.
Балдарды тарбиялоо – бул илим, искусство жана руханий аракет.

Биздин балдарыбыз нормалдуу эмеспи?

Бала тарбиялоонун татаалдыгынан улам, кээ бир ата-энелер балдарын нормалдуу эмес деп ойлошот. Бир эне айтты: «Балалуу болгонго чейин жолдошум экөөбүз кошуналарыбыз кетип жатканда үйүн тазалап таң калтырдык. Алардын үч кичинекей баласы бар эле, алар көп оюнчуктарды үйдүн туш тарабына чачып ойношуптур. Биз жыйнап баштадык, алты саат өткөндөн кийин чарчап диванга эс-учубузду жоготуп куладык. Башыбызды чайкап, бул нормалдуу эмес дедик. Эгер мындай болсо, биз эч качан балалуу боло албайбыз. Эки жыл ичинде эки балалуу болгондон кийин, менин кошунамдын үйү кадимкидей эле болгонун билдим. Азыр өзүбүздүн конок бөлмөбүз балдар аянтчасына окшошуп калды.

(*Фабер жана Мазлиш, 1992)*

Балдар – адамзаттын келечеги жана балдар аркылуу биз дүйнөнү өзгөртө алабыз.

- Балдар, силердин аларга болгон ишенимиңерге ылайык жашашы мүмкүн. Эгер балаңызга «Сен муну жасай аласың» десеңер, ал аны жасайт. Эгер силер ага: «Сен муну жасай албайсың» десеңер, ал аны жасабайт.
- Улут – бул үй-бүлөлөрдүн жана эркектер менен аялдардын саны.
- Эгерде биз бир улутту өзгөрткүбүз келсе, биз үйдү өзгөртүшүбүз керек.
- Ар бир коркунучка кабылган бала үчүн, үй-бүлө дагы коркунучта.
- Акыл – бул жөн гана сиз эмес, сиз кандай адам болгонуңузда.
- Үй-бүлөнү өзгөртүү үчүн биз өзүбүздү өзгөртүшүбүз керек.
- Балдарыңыз чоңойгон сайын, ата-эне катары сиздин ролуңуз менеджерден кеңеш берүүчүгө, жергиликтүү жетекчиден тарбиячыга чейин өзгөрүшү керек.

Чындыгында, адамдар ички дүйнөсүн өздөрү өзгөртпөсө, Кудай алардын абалын өзгөртө албайт; Эгер Кудай адамдардын (жаман иштеринин) кыйынчылык тартышын кааласа, аны эч ким токтото албайт: анткени аларды Андан коргой турган эч кимиси жок. (Куран 13:11)

Жыйынтыктоо

Курстар расмий түрдө окутулабы же жокпу, бир нерсе бизге белгилүү: Балдарды жакшы тарбиялоо жана анын коомго тийгизген таасири кеңири каралууда. Үй-бүлө кыйынчылыктарына жана ата-энелик милдеттердин кыйынчылыктарына каршы туруу, бала төрөлгөнгө чейин эле анын өсүп-өнүгүүсүнө кам көрүү менен, ата-энелерлер көптөгөн кыйынчылыктардын алдын ала алышат. Бала тарбиялоо жаатында кандай гана маселе болбосун, ата-эненин ордун эч ким баса албайт жана эч ким алмаштыра да албайт. Өкмөткө, мектептерге же массалык маалымат каражаттарына үлгүлүү жарандарды тарбиялап чыгарат деп ишенүү бул – эң жакшысы – оюн же эң жаманы – ата-энелердин милдеттерин жалкоолук менен четке кагуу. Балдардын жыргалчылыгы үчүн ата-энесинен башка ким чын дили менен аракет кыла алат? Мында эч ким ата-энеге атаандаш боло албайт!

ИШ-АРАКЕТТЕР

1-ИШ-АРАКЕТ: Сиз качандыр бир «Эмне үчүн?» деп таң калдыңыз беле?

Төмөнкүлөрдү балдарыңыз менен талкуулап, туугандарыңыздын жана досторуңуздун жеке тажрыйбаларын айтып бериңиз. Эмне үчүн экенин көрөлү:

Кимдир бирөө улуу окумуштуу болушу ыктымал, бирок социалдык кемчилиги бар;
Ата-эне мээримдүү жана боорукер болушу мүмкүн, бирок үй-бүлөсү менен убакыт өткөрбөйт;
Адам динчил болушу мүмкүн, бирок акылсыз;
Адам өзүнө чоң ишеним артышы мүмкүн, бирок башкаларга ишенбейт;
Адам улуу ойчул болушу мүмкүн, бирок илээнди;
Адам өзүнө берешен, бирок башкаларга сараң;
Адам бай боло алат, бирок битир.

Туура тарбия берүү бул көйгөйлөрдү чечүүдө чоң роль ойношу мүмкүн!

2-ИШ-АРАКЕТ: Сиздин бала тарбиялоо стилиңиз

Балдарды тарбиялоонун сизге эң жаккан ыкмасы кайсы? Бала тарбиялоо стилиңиздеги бир кемчиликти аныктап, аны жакшыртуу үчүн керектүү чараларды көрүңүз. Муну балдарыңыз менен талкуулаңыз.

3-ИШ-АРАКЕТ: Баланын демейдеги терс жүрүм-турумунун тизмеси

Менин балам өзгөчөбү?
Айрым ата-энелер балдарын башкаларга караганда жакшыраак деп эсептешет же жаман болсо өзгөчө деп ойлошот. Чындыгында, көпчүлүк өзгөчөлүктөрдү балдар замандаштары менен бөлүшөт. Андыктан ата-энелер менен тажрыйба алмашуу пайдалуу. Балдарыңызга мүнөздүү көйгөйлүү жүрүм-турумдардын тизмесин түзүп, аларды кантип жакшыртуу керектигин талкуулаңыз. Баланы шыктандыруу үчүн, жеңил оңдоп-түзөй турган нерселерден баштаңыз.

Тизме түзүңүз: **«Менин баламдын эмнеси начар?»**

Төмөндө айрым балдар көрсөткөн жүрүм-турум көйгөйлөрү келтирилген:

Мектепте ийгиликсиз окуу;
Жалкоо болуу;
Ашыкча же нормадан ашып тамак ичүү;

Сизге жакпаган чач стили;
Кайым айтышуу;
Сизге жакпаган достор менен жүрүү;

Намаз окуудан баш тартуу;
Үй-жумуштарынан качуу;
Таарынычын узака созуу;

Тыкандыктан баш тартуу;
Акылсыз тобокелчиликтерге баруу;
Улууларга сый көрсөтпөө;
Түнкүсүн кеч калуу;

Үйдө жүргөндү жактырбоо;
Эч качан эшике чыккысы келбеген;
Уурдоо;
Башка адамдарды уруу;
Талашып-тартышуу;
Коркунучтуу кинолорду көрүү;
Жалган сүйлөө;
Тамеки чегүү;

Урушуу жана оройлук;
Сыналгыны өтө көп көрүү;
Уюлдук телефондорго көп убакыт коротуу;

Туура эмес тамактануу;
Коңшуларына, чоң ата, чоң энелерине орой мамиле кылуу.

Ата-энелерге эскертүү: *Сиздин жагдайыңыз көнүгүүнү жокко чыгарып, балдарыңызга «менин ата-энемдин эмнеси туура эмес?» деп тизме түзүүгө мүмкүндүк берет. Аларды ушул көнүгүүгө тартуу үчүн сиздин кайраттуулугуңуз жана акылмандыгыңыз жетиштүү болобу?*

4-ИШ-АРАКЕТ: Поэма жөнүндө ой жүгүртүү

Үй-бүлөңүз менен чогуу отуруп, бир балаңызды бул ырды үн чыгарып айтуусун сураныңыз. Үй-бүлөңүздүн бардык мүчөлөрүнөн бири-бирине болгон мамилеси жөнүндө ойлонуп, жакшыртуу боюнча конкреттүү сунуштарын сураңыз.

Мен өтүп бара жатып чочун кишини сүзүп алдым, «Кечиресиз», - дедим.

Ал: «Сиз да мени кечиресиз, мен сизди байкабай калдым».
Биз экөөбүз сылык сүйлөшүп,

Коштошуп жолубузду уладык.
Бирок үйдө башка окуя айтылат,

Жакындарыбызга, кары-картаңдарга кандай мамиле кылабыз?
Ошол эле күнү кечки тамак бышырып жатканда

Уулум дагы деле менин жанымда турган.
Мен бурулуп, аны жыгып ала жаздадым.

«Жолдон тур», - дедим кабагымды бүркөп.
Ал кетип калды, анын кичинекей жүрөгү жараланды.

Кантип катуу айтканымды түшүнгөн жокмун.
Мен уйку жок төшөктө жатканда
Мага жумшак үн келип:

«Чочун адам менен мамиле түзгөндө,
Сиз абдан сылык болдуңуз,
Бирок, сиз үй-бүлөңүздө андай сылык эмессиз…

Ашканага барып жерди караңыз,
Эшиктин жанынан гүл таап аласыз.

Булар сиздин уулуңуз алып келген гүлдөр.
Ал аларды өзү тандап алган: кызгылт, сары жана көк…

Ал сюрпризди бузуп албаш үчүн күтүп турган.
Анын кичинекей көздөрүнө толгон жашты эч качан көргөн эмессиз».

Ушул убакта өзүмдү кичинекей сездим
Эми көзүмдөн жаш ага баштады.

Мен акырын барып, анын керебетинин алдында тизе бүктүм;
«Ойгон, балам, ойгон,» – дедим мен.
«Бул сен алган гүлдөрбү?»
Ал жылмайып: «Мен аларды дарактын жанынан таптым.

Мен аларды тандадым, анткени алар сизге окшош.
Сиз аларды, айрыкча, көк түстөрдү жакшы көрөрүңүздү билчүмүн».

Мен: «Балам, мен бүгүн кылган ишим үчүн аябай өкүнүп жатам.
Сага минтип кыйкырбашым керек эле

Ал: «Апа, баары жайында.
Мен дагы эле сизди жакшы көрөм»,– деди.

Мен: «Балам, мен да сени жакшы көрөм,
Мага гүлдөр, өзгөчө көк гүлдөр аябай жагат».

Анонимдүү
(Англис тилинен которулду)

5-ИШ-АРАКЕТ: Бүгүнкү ата-энелер менен кечээки ата-энелерди салыштыруу

Төмөнкү суроолорду карап чыгып, аларды балдарыңыз менен талкуулаңыз:

Кимге көбүрөөк жакынсыз ата-энеңизгеби (балаңыз менен тең кураккa салыштырмалуу) же балдарыңызгабы? (Америкалык ата-энелердин 76% балдарга деп жооп беришкен).

Ата-энеңизге караганда (колледжде окуп жүргөн мезгилде), өз балдарыңыз менен көбүрөөк сүйлөшөсүзбү? (Америкалык ата-энелердин 71% ооба деп жооп беришкен).

(*Кантровиц энд Пег,* 2006)

Жалпы үй-бүлөңүздөн, мүмкүн болушунча чоң ата жана чоң энелердин окуяларын келтирип, өз ара мамилелерин жана байланыштарын жогорулатуунун жолдору жөнүндө ойлонуусун өтүнүңүз. Бул окуялар балдардын үй-бүлөлүк окшоштугун жана тегин аныктоого жардам берет.

6-ИШ-АРАКЕТ: Ата-эне катары сиз өзгөртө аласыз!

Балдарыңыз менен төмөнкүлөрдү талкуулаңыз:

Досум мага: «Балам менен кандай иш кылбайын анын мааниси деле жок. Жалгыз менин колуман эмне келмек эле!»

Эгер дүйнө жүзүндөгү ар бир адам «Жалгыз өзүм эмне кыла алмакмын» деп өзгөртүүнү жасоону токтотсо, анда өзгөртүүнү ким жасайт? Бул катачылык. Биз билгендей, Аллахтын Пайгамбарлары да, улуу сахабалар, аалымдар жана тарыхтагы көптөгөн акылдуу эркектер менен аялдар да жекече, жалгыз инсан болгон. Алар дүйнөнү өзгөрттү. Стив Джобс, Билл Гейтс жана Нельсон Мандела жөнүндө ойлонуп көрсөңөр. Андан кийин өзүңүздөн сураңыз: жашооңузду ким өзгөрттү? Тууган, дос, мугалим, машыктыруучу же диний жетекчиби? Балдарыңызга окуяңызды айтып бериңиз жана алардын жашоосун ким өзгөрткөнү жөнүндө бөлүшүүсүн сураныңыз.

7-ИШ-АРАКЕТ: Балдар: ата-энеңерден эмнени күтөсүңөр?

Балдарыңыздын бирөөсүнөн Шел Сильверстейндин «Жоомарт дарак» аңгемесин үн чыгарып окуп берүүсүн сураныңыз. Андан кийин балдардан сизден эмнени күтүшөрүн сураңыз. Эмне, качан жана кантип? Андан кийин балдарыңыздан эмнени күтүп жатканыңызды айтыңыз!

Жаш баланын жана токойдогу бактын ортосундагы мамиле жөнүндө Шел Сильверстейндин «Жоомарт дарак» аңгемеси. Ал Жоомарт дарак балага ар дайым каалаган нерсесин берет. Жаш кезинде, дарак балага селкинчек тебүүгө бутактарды берет. Кийинчерээк дарак отура турган көлөкө, жей турган алма жана үй кура турган жыгач менен камсыз кылат. Бала чоңойгон сайын ага көбүрөөк бак-дарактар керек болот, бирок баланын чөйрөсүн эңсеген кайгылуу даракка бала эч нерсе бербейт. Курмандыктын акыркы иш-аракетинде, эрезеге жеткен балага алыс жака сүзүп кете турган кайык керек болуп, дарак өзүн бүт бойдон кыйдырганга макул болот. Бала дүмүргө айланган бактан кетет. Көп жылдан кийин баягы бала карып, отуруп эс алуу үчүн тынч жер издеп бакка кайтып келет. Дарак өзүнүн дүмүрүн сунуштайт жана акыры бала жанында болгонуна сүйүнөт.

2-БӨЛҮМ

Үй-бүлө тууралуу бөлүм. Үй-бүлө эмне үчүн маанилүү? Анын функциялары кандай?

- Кириш сөз 30
- Ата-энеликке өтүү 31
  Балдардын үй-бүлөлүк туруктуулукка тийгизген таасири 32
- Америка Кошмо Штаттарында мурунку жана азыркы үй-бүлөлүк көлөм 36
- Жалгыз бойлордун үй бүлөсү 37
  Жалгыз бой ата-энелер канткенде ийгиликке жете алышат? 40
  Жалгыз бой эне болуунун Пайгамбарларга болгон таасири: Муса, Иса жана Мухаммед (с.а.в.) 42
- Ата-эненин, эне атанын ордун баса алабы? 43
- Ислам жана ажырашуу 44
- Үй-бүлөнүн Исламдагы мааниси 46
  Куран боюнча үй-бүлөлүк максаттар 49
  Мусулман үй-бүлөсүндө эмне туура эмес болду? 52
  Баланын өнүгүүсү жана туура билим берүү системасы 53
  Туура билим берүү системасына болгон муктаждыкты жакындан карап чыгуу 55
- Америкадагы үй-бүлө 57
  Балдарды тарбиялоо жөнүндө жалпыга белгилүү уламыштар 58
  Колумбия орто мектебиндеги кыргындан алынган сабактар 62
  Балдарга баалуулуктарды үйрөтүү: консервативдик-либералдык дебат 64
- Мусулман өлкөлөрүндөгү жана АКШдагы үй-бүлөлөрдү салыштыруу 65
  Мусулмандардын бала тарбиялоо усулуна Батыштын тийгизген таасири 67
- Эркиндикпи же чындыкпы? 70
- Балдарды кайда өстүрүү керек? 73
- Батыш ой-пикириндеги жетишпеген эки түшүнүк 75
- Ишеним баалуулуктары жана функционалдык баалуулуктар 75
- Үй-бүлөнүн агрардык үлгүсү 78
- Иш-аракеттер 8–15 79

Кириш сөз

Үй-бүлө деген эмне жана ал кандай максатта иштейт? Бул кандай иштейт? Анын максаттары кандай? Аны эмне күчтөндүрөт? Аны эмне бузат? Анын ийгилигине ар бир мүчө кандай салым кошушу керек? Ийгиликти кантип өлчөөгө болот? Ушул суроолордун жообу балдардын жакшы тарбиясына жана аларды өстүрүүгө түздөн-түз таасир этет. Бул бөлүмдө ушул жана башка маселелер каралат. Ошондой эле, ата-энелерди жана окурмандарды үй-бүлөнүн социалдык позитивдүү өзгөрүүлөрдү жасоого жөндөмдүүлүгү туурасында кабардар кылабыз. Үй-бүлө өзүнүн мүчөлөрүн гана эмес, бүтүндөй коомду өзгөртөт. Мусулман дүйнөсүндө жана Батышта бала тарбиясынын кандайча колдонулгандыгын карап чыгабыз.

Биринчи бөлүмдө биз, ата-энелерди эмне үчүн жакшы тарбия берүү керек, балдарды кандай тарбиялоо зарыл жана биз тандап алган тарбиянын стили балдарыбыздын адам болуп өсүүсүнө кандай таасир бергендиги туурасында суроолор менен таанышстырдык. Жакшы ата-эне болуу – негизги принциптерди колдонуу менен эле чектелбейт. Бул бөлүмдө сүйүү, кам көрүү жана коопсуздук жөнүндө ар дайым сөз болот. Үй-бүлөнүн мээримдүү чөйрөсү балдардын жана ата-энелердин муктаждыктарына жооп берет. Жакшы тарбия балдарды жарандык жоопкерчиликти сезип, чоң киши болууга даярдайт. Ошондой эле, биз толук эмес үй-бүлөлөргө, ажырашууларга, үй-бүлөбүздөгү өзгөрүүлөргө жана мусулман дүйнөсүндөгү азыркы үй-бүлөлүк шарттарга кайрылабыз. Көпчүлүк мусулман үй-бүлөлөрүнүн тушунда орун алган туруксуздук балдарды тарбиялоодо анчалык деле таасир тийгизбегендей сезилиши мүмкүн, бирок чындыгында туруктуу жана динамикалуу коомду түзүү үчүн туруктуу үй-бүлө керек. Прогрессивдүү коомдор бекем үй-бүлөлөрсүз түзүлө алышпайт жана бул айрыкча артта калган мусулман дүйнөсүнө тиешелүү.

Айрымдар «үй-бүлөнү» бири-бири менен байланышкан адамдардын тобу, башкалары социалдык бирдик катары, ал эми башкалары үй-бүлөдө чогуу жашаган ата-энелер жана балдар тобу деп белгилешет. Үй-бүлөгө байланыштуу көптөгөн көз караштар болсо да, салттуу үй-бүлөнүн аныктамалары көбүнчө нике жана балдар менен тыгыз байланышта. Үй-бүлө түзүлүшү көбүнчө нике аркылуу өнүгөт. Анткени нике эки адамдын шериктештиги гана эмес, эки чоң үй-бүлөнүн кошулушу. Заманбап үй-бүлөлүк түзүлүш (айрыкча Батышта) акыркы жылдарда бир кыйла өзгөрүлүп, кеңейтилген өзөктүк түзүлүшкө өттү. Андан тышкары, үй-бүлөнүн көлөмү өзгөрдү (адамдар аз балалуу болуп жатышат).

Негизи, үй-бүлө анын бөлүктөрүнүн жалпы суммасынан бир топ чоң болушу керек. Үй-бүлө – бул чоң маданияттын же бүтүндөй маданияттын бир бөлүгү. Үй-бүлөдөгү ролдордун маанисин түшүнүү биз үчүн маанилүү. Үй-бүлө бул – чакан сыйынуу үйү, кичинекей өкмөт жана кичинекей жакшылык мектеби.

Ата-энеликке өтүү

Үй-бүлө жөнүндө ойлонгондо, биз адатта, ата-энелерди жана балдарды ойлойбуз. Биринчи баланын төрөлүшү менен ата-энелер эки адамдан (диад) үч адамга (триад) өтүшөт. Балдардын келиши менен ата-энелер жашоонун жаңы баскычына киришет. Ата-энелер балдардын жашоо мүнөзүндөгү өзгөрүүлөргө (кыйынчылыктарга жана чыңалууга, ошондой эле кубаныч менен бакытка) байланыштуу адаптация мезгилин башынан өткөрүшөт. Мусулман үй-бүлөдө бала төрөлгөндө, жаңы төрөлгөн бала белгилүү бир салттар өткөрүлөт:

Энелер, силер ар дайым баарын толуктап турабыз дебеңиздер.

Жумушу жок эне деген түшүнүк жок.

Идеалдуу жубай, эне, үй кожойкеси, ошону менен бирге эле, толук кандуу жумушчу адам болууга аракет кылбаңыз. Сиз ар кандай убакта ар кандай нерселерди жасай аласыз. Балдар сиздин жашооңузда чоң өзгөрүүлөрдү жасашат, андыктан бул өзгөрүүлөрдү кабыл алыңыз, үй-бүлөңүзгө жагымдуу жана ийкемдүү болуңуз.

- Жаңы төрөлгөн баланын кулагына азан чакырыңыз. Ал-Хаким Абу Рафиден, Пайгамбарыбыз (с.а.в.) Алинин уулу Хасандын (Фатима төргөндөн кийин) кулагына Азан айтып жатканын көргөнүн айтты. Туулган кезде *Азандын* оң кулагына, *кооматтын (намазга тезинен чакыруу)* сол кулагына айтылышы – Аллахтын жалгыздыгын жарыялайт, Мухаммед Пайгамбарыбыздын (с.а.в.) кабарын тастыктайт жана ыймандууларга бала үчүн дуба кылууну эскертет.
- Ымыркай жарык дүйнөгө келгенде, ага кечиктирбестен ысым бериңиз. Ымыркайга жакшы маниге ээ ысым берүү өтө маанилүү (анткени, сиз баланын умтулуусу үчүн өрнөк кылып жатасыз). Бул арабча же тарыхый аталышы бар болушу шарт эмес жана балага эң сонун үлгү болгон мусулман эместердин деле аты болушу мүмкүн. Ысымдын мааниси жакшы болушу керек жана бир нече тилде жазууга жана айтууга оңой болгон ат коюуну эске алыңыз.
- Ымыркай үчүн *«акика» (жараткандан берилген белекке ыраазычылык курбаны)* уюштуруу. *Акика* (араб тилинде) жаңы төрөлгөн балага курмандыкка чалынган малды билдирет. Пайгамбарыбыз (с.а.в.) небереле ри Хасан жана Хусайнга бир кочкор союп берген. Бул нерсе төрөлгөндөн кийин, жетинчи күнү же андан кийин болушу керек. Этти бышырып аны жамааттын майрамында *(валима)* жесе болот. Эт үй-

бүлөнү жана жамаатты, жакыр жана бай адамдарды азыктандыруу үчүн колдонулат. Жаныбар ден соолукка пайдалуу жана кемчиликсиз болушу шарт. Малды союп жатканда, төмөнкү дуба айтылат: «Аллахтын аты менен, баары Сен үчүн жана жакшылыктар жалгыз Сенден гана, бул ымыркайдын *акикасы*».

- Ахмад жана Тирмизий риваят кылат, Пайгамбар (с.а.в.) айтты: «Ар бир бала өзүнүн *акикасы* менен күрөөгө коюлат, аны бала төрөлгөндө жети күн өткөндөн кийин мууздап, баланын чачын кырдырып, балага ысым берүү керек». Бул сунушталат, бирок милдеттүү эмес. Мындан тышкары, Пайгамбарыбыз (с.а.в.) өзүнүн кызы Фатимага наристенин кырктырган чачын күмүш менен таразалап, күмүшүн кедей-кембагалдарга таратып берүүнү буйруган. Иудейлерде ушу сыяктуу каада-салттар бар, бирок Исанын жолдоочулары үчүн сууга чөмүлтүү көп учурда алардын талаптарына жооп берет.

Балдардын үй-бүлөлүк туруктуулукка тийгизген таасири

Балдардын келиши менен үй-бүлө түзүлүшү дароо кысымга дуушар болот. Ата-эне болуу – чоң белек болсо да, кээде биз ойлогондой болбой калат. Ата-эне болгондон кийин, жубайлар жашоо эч качан мурункудай болбой тургандыгын түшүнүп, алдыдагы кыйынчылыктарга даярдануусу керек. Ата-энелер баланын кызыкчылыктары үчүн өздөрүнүн айрым кызыкчылыктарын курмандыкка чалууга аргасыз болушат. Бул жерден эне же ата болуу жөндөмү туурасында суроо жаралат. Наристеге тынымсыз көз салып туруудан чарчоо, айрыкча энелер үчүн оңой болбойт. Аталар үйгө келгенде

көңүлдүү аял, бактылуу бала жана таптаза үй күтүп турушу дайым эле мүмкүн эмес. Көпчүлүгү аялдарынын ашыкча иштеп, бактысыз болуп калгандыгын жана мурункудай кам көрө албастыгын байкашы мүмкүн.

Эне болуу психикалык, физикалык жана эмоциялык алсыроону камтыйт. Уйкунун аздыгы жана балага ар дайым кам көрүү – эң күчтүү мамилелерге да таасир этет, натыйжада нике кыйынчылыктарга дуушар болот. Бала багуу учурунда, үй-бүлө жана жумуш милдеттери менен күрөшүп жаткандыктан, каржы маселеси барган сайын актуалдуу болуп баратат. Бул үй-бүлөлүк жашоого да терс таасирин тийгизиши мүмкүн. Эртеден кечке чейин иштеген ата-энелер үчүн жашоо оор болот. Айрым ата-энелер балдарын бала бакча мекемелерине өткөрүп берүүдөн оолак болушат жана бир ата-эне баланын жанында дайыма болушун камсыз кылуу үчүн кезектешип иштешет. Бул бала үчүн жакшы болсо да, түн ичинде өтүп бара жаткан эки кемеге окшогон күйөө менен аял үчүн оптималдуу эмес. Мындай учурларда мамилелер тездик менен начарлап кетиши мүмкүн. Үйдү тазалоо же идиш-аяк жуумай кезектери боюнча ата-энелердин ортосунда майда пикир келишпестиктер же көйгөйлөр болушу мүмкүн. Балдар менен өткөргөн убактысынын жетишсиздигинен улам өзүн күнөөлүү сезген ата-энелер «бала убактысынын» ордуна «жубайлардын убактысын» кыскартуу менен кырдаалды ого бетер курчутуп алышат.

Башка ата-энелер балдарына белектерди, акчаларды жана пайдасыз тамак-аштарды (алар менен убакыт өткөрүүнүн ордуна) алып берип, өздөрүнө чоң каржылык жана социалдык кысым пайда кылышат. Мындай кысымдар нике маселесин курчутат, айрыкча жубайлардын убактысы чектелүү болгондуктан, алар интимдик сүйлөшүүлөрдүн ордуна арыздануу сессияларын башташат. Ата-энелер ортосундагы никедеги чыр-чатак балдарга терс таасирин тийгизет. Көптөгөн ата-энелер пикир келишпестиктен жабыр тартышат, бул түшүнбөстүккө жана чечилбеген чыр чатакка алып келет. Балдарды «кичинекей чоң кишилер» катары кароого болбойт, аларга дайыма чоң кишилердей мамиле жасашы керек деген туура эмес. Балдарга тажаткандык маанайда мамиле кылуу болбойт. Алардын тырышчаактык менен суроолорду берүүсү бул – баланын табияты. Алардын физикалык, эмоционалдык жана өнүгүү муктаждыктары канааттандырылышы керек.

> ***Үй-бүлөлөр үй-бүлөлөргө кам көрүшсүн, ал эми коом өзүнө өзү кам көрөт.***
>
> *Конфуций*

Төмөндө ата-энеликке өтүүдөгү кыйынчылыктарды жеңүүгө жардам берген бир нече кеңештер келтирилген. Үй-бүлөлүк динамикада күйөөсү менен аялы үчүн эне жана атага чейинки өзгөрүш процесси оор эмес болот деген үмүт бар.

1. Күнүгө же жума сайын жубайыңыз менен чогуу, өз алдынча өткөрүүгө убакыт бөлүңүз. Буга сейилдөө, бир нече көнүгүү жасоо же бирге кечки тамак ичүү кирет. Күндүзү телефон менен сүйлөшүү же бири-бирине көңүл буруу үчүн бир нече мүнөт эрте туруу пайдалуу. Бала багуу убактысын башка ишенимдүү ата-энелер менен бөлүшүү жакшы иш.

2. Ичиңиздеги нерселерди жубайыңыз менен бөлүшүңүз. Жаңы ата-энелик ролуңузга байланыштуу кандайдыр бир тынчсыздануу талкуулаңыз. Ата-энелик милдетиңиздин ден соолугуңузга, мамилелериңизге жана ишиңизге тийгизген таасири жөнүндө сүйлөшүңүз.

3. Тамактанууга, сыйынууга, жыныстык катнашууга жана көңүгүү жасоого чогуу убакыт өткөрүңүз. Ымыркайдын муктаждыгы бардык убактыңызды алат, кир кийим жана жууй турган идиштерди кийинкиге калтырсаңыз дагы, баарлашууга убакыт бөлүңүз.

4. Өзүңүздүн пикир келишпестиктериңизди билдирип, чыр-чатактан коркпоңуз. Урушту – мамиледеги бир нерсенин туура эмес экендигинин белгиси катары карап, чогуу кеңешип көрүңүз.

5. Жубайлыктан ата-энеге өтүүнү башынан кечирген ишенимдүү досуңуз же акылдуу кесиптешиңиз менен сүйлөшүңүз. Бул өзүнчө сезимди жеңилдетет. Сиз бир жыныстагы адам менен сүйлөшүүнү унутпаңыз, жубайыңыз жөнүндө купуя сырды ачыкка чыгарбаңыз.

Балдарды тарбиялоо – ата-эненин ажырагыс өнөктөштүгүнө негизделет, ар биринин тапшырмасы ар башка, бирок толуктоочу ролу бар. Баласы менен ойноп жатканда да, ата-энелер ар кандай муктаждыктарды канааттандырышат. Эне баланы кучактап, аны көкүрөгүнө кысып, сүйүүсүн жана мээримин төгөт. Атасы аны көкүрөгүнөн алыс кармап, абага ыргытат жана аркасына мингизип, жерде аны менен күрөшөт. Бул көнүгүүлөрдүн бардыгы баланын өз алдынча ишенимге үйрөтүп, баланын оройлугун, агрессивдүүлүгүн жана тобокелчиликтин деңгээлин көзөмөлдөйт. Баланын инсандыгын өркүндөтүү үчүн ата-эне өз милдеттерин аткарышы керек. Ата катары, бала тарбиялоо – бул аялыңыз менен өнөктөштүк; коргочу ата катары – сиздин жумушуңуздун зарылдыгы. Качан «ата-эне» жана качан «дос» болуу керектигин билишиңиз

Балдардын никенин туруктуулугуна тийгизген таасири



Ажырашкан жубайлардын балдардын санына карата пайызы

керек, башкача айтканда, балаңызга качан аны үйрөтүү керек жана качан аны коргош керек болгон учурлар.

Балдардын ата-энелеринин никеге карата сезимдерине кандай таасир этишине карабастан, балдар никеге көбүрөөк ынтызар болушат. 2.1-сүрөт көрсөткөндөй, жубайлардын балдары канчалык көп болсо, никени улантуу ыктымалдыгы ошончолук жогору. Кичинекей балдарына жашоонун жогорку деңгээлине жетүүгө мүмкүнчүлүк берүү үчүн, көпчүлүк ата-энелер никесин чогуу сактап турушат.

Кичинекей балдары бар ата-энелер (айрыкча энелер), бактысыз болсо дагы, никени улантууга аргасыз болушкан учурлар кездешет. Балдар никедеги бакытты азайтып же көбөйтө алышса да, алар туруктуулукту жогорулатканы күмөнсүз, себеби мында толук үй-бүлөнү сактап калууга басым жасалат.

Артур Брукс «Жалпы улуттук бакыт» китебинде АКШда баласы жокторго караганда балалуулар бактылуураак экендигин түшүндүрөт. Мунун бир себеби, балдар жашоонун маңызын беришет. Үй-бүлөлүү диний адамдар (жума сайын эки жолу чиркөөгө катышуу мүмкүнчүлүгү бар) бойдокторго караганда көбүрөөк бактылуу болушат, анткени алар материалдык байлыгы үчүн эмес, алардын жашоосунун байыганы үчүн бактылуу.

КИМ ЭМНЕ КЫЛЫШЫ КЕРЕК?

Ата-энелер: Бактылуу үй жаратуу;
Балдар: Ата-энеден үйрөнүп жана аларга колдоо көрсөтүү;
Чоң ата-чоң энелер: Үй-бүлөнү муундан муунга бекемдөө;
Достор: Ата-энелерге жардам берүү;
Мугалимдер: Балдарды окутуу.
Реформаторлор: Балдарга жакшы тарбия берүү жаатында ата-энелерге жол көрсөтүү.

Балдар менен жашоо – өтүп бараткан баскыч гана

Мына, ар бир кыйынчылык жеңилдейт.
Чындыгында, ар бир кыйынчылык жеңилдейт! *(Куран 94:5-6)*

Ымыркайлардын ата-энелери кээде уйкусуз түндөр эч качан бүтпөйт деп ойлошот, бирок билинбей балдары чоңоюп кетип калышкан болот. Үй-бүлөлүк мамилелерден айырмаланып, ата-эне менен баланын мамилеси сөзсүз түрдө бөлүнүүгө өтөт. Жубайлар балдары келгенге чейин жалгыз болгондой эле, алар кеткенден кийин дагы жалгыз калышат. Ата-эне болуу – бул нике жана жашоодо маанилүү баскычтардын бири. Ата-энелер үчүн, балдар менен жашоо – убактысынын болжол менен үчтөн бир бөлүгүн жана алардын үй-бүлөлүк жашоосунун жарымынан көбүн түзөт. Негизи бир жолку ата-эне, ар дайым ата-эне бойдон калат. Балдар үйлөнүп, бөлүнүп чыккандан кийин да мамилелер түбөлүктүү. Ошондой эле, балдар жакын жердеби же миңдеген чакырым алыстыктабы, мамилелерди улантыш керек. Ата-эне чоң ата жана чоң эне болуу баскычына өтөт.

АКШдагы мупунку жана азыркы үй-бүлөлүк көлөм

Үй-бүлө санынын кыскарышы үй-бүлөдөгү мамилелерге таасирин тийгизди. Бир туугандардын саны аз болсо, балдар ата-энелеринин көңүлүн көбүрөөк бура алышат. Үй-бүлөлүк байланыштар барган сайын бекемделүүдө. Ошол эле учурда, балдардын инилерине жана эже-карындаштарына кам көрүү жөндөмү жок болушу мүмкүн. Ымыркайлардын дүң мууну 1946-1964-жылдардын ортосунда туура келип, 77 миллион америкалык наристелер төрөлгөн, ата-эне катары 80 миллионго жакын баланы тарбиялаган. Азыр эми, ата-энелердин кирешеси жана билими жогору болгонуна карабастан, алардын үй-бүлөсү кичинекей. Төрөттү башкаруу жана бойдон алдыруу аппараттары жетиштүү болуп, балдардын санын азайтканга шарт түзөт. Азыр көптөгөн үй-бүлөлөрдө бир же эки гана бала бар, ошондуктан аларга көңүл буруп, көп убакыт бөлүшөт. Эки адамдык жубайлардын саны өсүп жаткандыгы, үй-бүлөлөрдүн мобилдүүлүгүнүн жогору болушу жана ата-энелер менен алардын тууган-туушкандарынын алыстыгына байланыштуу үй-бүлө көлөмү дагы азая баштады.

1960-жылы америкалык аялдардын 77% турмушка чыгып, 30 жашка чейин балалуу болушкан. 2000-жылы америкалык аялдардын 46 пайызы гана турмушка чыгып, 30 жашка чейин балалуу болушкан! 2000-жылы АКШда нике куруунун орточо жашы эркектер үчүн 27, аялдарда 25 жашты түзгөн. 1950-жылы бул курак эркектер үчүн 22 жаш жана аялдар үчүн 20 жаш болгон.

(Кантровитз энд тайе, 2006)

Жалгыз бойлордун үй-бүлөсү

АКШда төрт баланын бири толук эмес үйдө жашайт (12 миллион бала), 2 миллионго жакын жалгыз бой энелер жана 1 миллион жалгыз бой аталар бар. Жалгыз бой аталардын саны он жылдын ичинде дээрлик эки эсеге көбөйдү (Леланд 1996). Толук эмес үй-бүлөлөрдүн саны өсүүдө жана мунун эки себеби бар: ажырашуу жана никесиз төрөлгөн балдар.

Нике курбастан чогуу жашоону каалаган айрым жубайлар үчүн нике (жана анын бардык милдеттенмелери) жагымсыз. АКШда 3 миллионго жакын бала никеси жок үй-бүлөлөрдө жашайт (бул АКШнын калкты каттоо бюросунун маалыматы боюнча балдардын болжол менен 4%): 1.8 миллион бала энеси жана анын өнөктөшү менен, 1,1 миллиону атасы жана анын өнөктөшү менен жашашкан.

(АКШнын Санак бюросу, 2002)

Перспективада биргелешип жашоо: АКШдагы 2000-жылкы эл каттоо учурунда 4,9 миллион никесиз үй-бүлөлөр катталган. 1990-жылы бул эсеп 3 миллион никесиз үй-бүлөнү көрсөткөн. Кантсе да, никесиз өнөктөшү болгон үй-бүлөлөрдүн саны өсүүдө.

«Күнөөсүз ажырашуу» иши

Күнөөсүз ажырашуу бул – эки жубай тең никени бузууга макул болуп жана сот алардан эч кандай себеп талап кылбаган ажырашуунун түрү. Айрым адамдар мындай ажырашууну токтотууну каалашат. Ажырашуулардын көбөйүшүнүн негизинде, Калифорния штатынын губернатору Рональд Рейган (өзү дагы ажырашкан), 1969-жылы жубайларга күнөөсүз ажырашууга жол ачкан мыйзамга кол койгон. Ага чейин жубайлар никесин бузуу үчүн өнөктөшүнүн туура эмес иш жасагандыгын сотто далилдөөгө аргасыз болушкан (эң көп таралган себептерге ойноштук, кыянаттык мамиле же таштап кетүү кирген). Жубайлар бири-биринен алыстап кетүүгө чоң аракет кылып, сотто калп айтышкан же бири-бирине тыңчылык кылуу үчүн жеке детективдерди жалдашкан. Күнөөсүз ажырашуу мыйзам долбоору – ажырашууну каалаган жубайлардын ортосундагы ачуу сезимдерди жана алдамчылыктарды азайтуу максатында иштелип чыккан. Бул нике бузууну каалаган жубайларга ынтымакта ажырашууга мүмкүндүк берди; эгер бири ажырашууга каршы чыкса дагы, экинчиси жубайын күнөөлүү дебестен эле ажырашууга жетише алат. Нью-Йорктон башка бардык штаттар Калифорнияны туурап, күнөөсүз ажырашууга уруксат алышты. Күнөөсүз ажырашууга уруксат берилгенден кийин, үч жыл аралыгында ажырашуунун деңгээли жогорулады.

(Леланд, 1996)

Жалгыз бой ата-энелерге бейпилдик жана чын жүрөктөн берилген кеңешчинин артыкчылыктары жетишсиз болуп келет, ал: экинчи ата-эне.

Бала никесиз төрөлсө дагы, бул эки ата-эненин тең ата-энелик милдетин төмөндөтпөшү керектигин баса белгилейбиз. Балдарды жалгыз бой ата же эне катары тарбиялоо бир топ чыйрактыкты жана өзүнө болгон ишенимди, ошондой эле күчтүү психикалык мамилени талап кылат. Жумуштун жана үйдүн талабы менен күрөшүү оңой эмес. Жалгыз бой тарбия берүү акыл-эстик жана эмоционалдык жактан кыйын жана оор. Кош тарбиялоого караганда жалгыз бой ата-энеге талап көбүрөөк коюлат. Жалгыз бой ата-энелер эки ролду (эненин жана атанын ролун) аткарышы керек: алар бардык каржылык чечимдерди жалгыз кабыл алышат, бардык ички эрежелердин сакталышын камсыздайт жана бардык чыр-чатактарды жана балдардын начар жүрүм-турум маселелерин чечишет.

Булардан тышкары, алар жалгыздык менен күрөшүшү керек болот. Эки ата-энелүү үй-бүлөлөрдө баары дайым жакшы болот деп айтууга болбойт, бирок жалгыз бой ата-энелердин жумушу оор жана алардын эмоционалдык муктаждыктарын аткаруу кыйыныраак. Бардык ата-энелер, айрыкча жалгыз бой ата-энелер, жакшы психологиялык маанайда болуш керек.

Бир ата-эне менен чоңойгон балдар үчүн, экинчи ата-энесинин (атасы же энеси) камкордугу жана колдоосу жетишсиз бойдон калат. Албетте, ажырашкан ата-эне баласы менен да байланышты үзөт дегенди билдирбейт. Ажырашканына карабастан, эки ата-эне дагы деле балдарынын жашоосуна жигердүү катыша алышат. Эки ата-энеси бар балдарга караганда, жалгыз бой ата-энелердин балдарынын колдоо тутуму жетишсиз болот. Жалгыз бой ата-энелер балдарын жакшы көрүшөт жана аларга кам көрүшөт, ошондой эле балдарынын билими, жөндөмү жана маалымдуулугу канчалык көп болсо, балдар азыраак кыйналышат.

Төмөндө толук эмес үй-бүлөлөрдүн балдарга тийгизген терс таасири жөнүндө айрым фактылар келтирилген.

(Харпер энд Макланахан, 2004)

- Жалгыз бой ата-энелүү үй-бүлөлөр, салттуу толук үй-бүлөлөргө салыштырмалуу аялдар менен өспүрүмдөрдүн жыргалчылыгын коргоого мүмкүнчүлүктөрү азыраак.
- Эки ата-энеси (биологиялык) тең жок чоңойгон кыздар өспүрүм курагында сексуалдык жактан активдүү болушат.
- Биологиялык атасы жок жаш балдар жана өспүрүмдөр физикалык, эмоционалдык же сексуалдык зомбулукка дуушар болуу коркунучу жогору.
- Ажырашкан үй-бүлөлөрдөн чыккан жогорку класстын мектеп окуучулары мектепте көбүрөөк көйгөйлөрдү жаратышат.
- Айрым жамааттарда жалгыз бой ата-энелердин балдары көбүрөөк кылмыш жасашат.
- Жалгыз бой ата-энелердин балдары зомбулукка же кайдыгер мамилеге көбүрөөк кабылышы мүмкүн жана түрмөгө түшүү ыктымалдуулугу бар.

Бул китепте балдарды жакшы тарбиялоо боюнча баяндалган көрсөтмөлөр жалгыз бой ата-энелерге жана эки ата-энеси бар үй-бүлөлөргө карата колдонулат. Бардык ата-энелер ушул сыяктуу көйгөйлөргө туш болушат, бирок жалгыз бой ата-энелер төмөнкү маселелерге өзгөчө көңүл бурушу керек:

1. Жеке күчүн көрсөтүү. Эгерде ата-энелер ажырашып калса, баланын дүйнөсү туруксуз болуп калат, анткени кайрыла турган экинчи ата-эне жок. Андыктан жалгыз бой ата-энелер кырдаалга баа берип, сабырдуулукту жана ишенимдүүлүктү карманышы керек. Алардын психикалык жана эмоционалдык абалы күчтүү болушу керек.

2. Эки ролду аткаруу. Үй-бүлөдөн кеткен ата-эненин ролу аткарылышы керек. Мисалы, аталар балдарына эмоционалдык жана рухий жактан жакыныраак болушу керек. Буга ата-энелерди жетектөөгө жардам берген көптөгөн өз алдынча жардам китептери бар.

3. Өзүн-өзү баалоону жогорулатуу. Балдар ата-энесинин бири гана бар экенинен уялбашы керек жана алар эки ата-энеси бар үй-бүлөдөгү адамдай жакшы экендиктерин билиши зарыл. Жалгыз бой ата-энелер балдарына жакшы үй жана бактылуу үй-бүлөлүк жашоо бериш керек. Балдарга Мухаммед Пайгамбарыбызды (с.а.в.) кичинекей кезинде ата-энесинен ажырагандыгын үйрөтүңүз. Экинчи ата-энесинин жоктугунун ордун толтуруу максатында балдарды эркелеткенде этият болуңуз жана алар өзүңүздү күнөөлүү сездирип, сизди башкарып алуусуна жол бербеңиз.

4. Жакшы байланыш. Ата-эне менен баланын ортосунда туруктуу байланыш керек. Мээримдүү жана боорукер мамилелерди жана жагымдуу үй чөйрөсүн түзүүнүн негизинде ата-энелер менен баланын жашоосу жеңилдейт.

Муну айткандан соң, жалгыз ата-эне болуу бул балдарыбызды эч бир жардамсыз тарбиялоо дегенди билдирбейт. Бул эки ата-энеси бар үй-бүлөдөй эле кубанычтуу жана ийгиликтүү тажрыйба болушу мүмкүн (же балким эки ата-энеси бар көп үй-бүлөлөрдө үй-бүлөлүк чыр-чатактын жана чыңалуунун деңгээли жогору болгон шартта жакшыраак да болушу мүмкүн).

Жалгыз бой ата-энелер канткенде ийгиликкке жете алышат?

Төмөндө жалгыз бой ата-энелердин балдарды ийгиликтүү тарбиялоо жана ата-энелер менен балдардын ортосундагы күрөштү азайтуу үчүн жасай турган бир катар иш- аракеттер келтирилген.

- Достор жана мамилелер тармагын өстүрүңүз. Жакшы досторду табыңыз жана аларды балдары менен чогуу коомдук чогулуштарга жана балдарыңыз менен тамактанууга чакырыңыз.

- Жалгыз бой ата-энеси бар башка үй-бүлөлөр менен жакындан таанышыңыз (жалгыз бой ата-эне болсоңуз да, сиз жалгыз эмес экениңизди эсиңизден чыгарбаңыз). Жакын достор сизге эмоционалдык колдоо көрсөтүп, шерик болуп, өзгөчө кырдаалдарда жардам берип, бала багышып жана сизди көңүл коюп уга алышат. Достошо турган адамдар боюнча кыраакы болгула; Кыйын мезгилдерде жаныңызда жөлөк боло турган камкор, ишенимдүү жана сизге чын дили менен берилген адамдарды тандаңыз. Эгерде, сиздин чоң үй-бүлөңүз болсо, анда ал мамилелериңизди сактап, бири-бириңизге үзгүлтүксүз барып туруңуз. Ата-энелик милдеттериңизди үй-бүлөңүздүн мүчөлөрү менен бөлүшүүдөн уялбаңыз жана сизге керек учурда жардам сураңыз.
- Балдарыңыз менен көптөгөн сейилдөөлөрдү жана кубанычтуу күндөрдү өткөрүңүз. Сиз жана балдарыңыз бактылуу күндөр жана окуялар жөнүндө эстеп туруу үчүн, эсте калган учурларды сактап коюңуз.
- Чечим кабыл алуу жана көйгөйлөрдү чечүү учурларын балдарыңыз менен бөлүшүңүз. Бул алардын өзүн-өзү баалоо сезимин көтөрөт жана өздөрүн үй-бүлөнүн баалуу мүчөлөрү экенин сезишет. Толук эмес үй-бүлөлөрдө ар бир баланын жардамы жана кызматташуусу күн сайын керек. Командада иштөө жана жумуш жүгүн бөлүшүү – сизге тийгизген кысымды төмөндөтөт.
- Ачуулануунуздун же жеке тынчсызданууңуздун балдарыңызга таасир этишине жол бербеңиз. Эгер сиз дүйнөнү алардын көз карашынан көрө алсаңыз, балдар өзүлөрүн алсыз сезишерин түшүнөсүз. Балдар ата-энеси кокустукка кабылып калса, дүйнөдө жалгыз калабыз деп коркушат. Бардык муктаждыктарыңыз үчүн Кудайга кайрылууну унутпаңыз жана мүмкүн болушунча аракет кылып, кыйынчылыктарыңызды жана коркуу сезимдериңизди Анын камкор колуна өткөрүп бериңиз.
- Эгер ажырашып кетсеңиз, балдарды бир тараптуу болууга мажбурлабаңыз. Балдарыңыздан «жакшы ата-эне менен жаман ата-эненин» ортосундагы тандоону сурабаңыз. Балдар атасына да, энесине да бекем берилгендикти көрсөтүшөт жана бирин экинчисинин пайдасына четке кагуу менен өздөрүн күнөөлүү сезишет.
- Баарынан мурда, позитивдүү болуп, Кудайга ишениңиз. Балдарды жакшы тарбиялоо жөндөмү бар жалгыз бой ата-эне балдарын жубайсыз эле ийгиликтүү тарбиялай аларын эсиңизден чыгарбаңыз. Бул нерсени достор, туугандар жана кошуналар чөйрөсүн түзүү аркылуу жасаңыз. Жакшы балдарды тарбиялоо – ата-энелердин саны менен эмес, тарбиянын сапаты жана ата-энелердин дүйнө таанымынын сапаты менен байланыштуу.

Жалгыз бой эне болуунун Пайгамбарларга тийгизген таасири: Муса, Иса жана Мухаммед (с.а.в.)

Адамзатка жиберилген улуу Пайгамбарлардын кээ бирлери жалгыз бой ата-энелердин үйлөрүндө тарбияланган. Төмөндө ушул төрт Пайгамбардын энелеринин окуялары кыскача баяндалат. Бул улуу аялдардын күчү жана акылмандыгы бардык ата-энелерди шыктандырат.

Муса Пайгамбар

Ошентип (ал төрөлгөндө) Мусанын апасына илхам кылдык: «Аны бир аз убакытка эмиз, эгер сен ал үчүн корксоң, аны дарыяга ыргытып жибер, коркпо жана капаланба, анткени Биз аны сага кайтарып беребиз жана аны Биздин билдирүү-ташуучуларыбыздын бири кылабыз!» (Куран28:7)

Мусанын энеси баласына кам көрүү үчүн Кудайга таянып, уулун дарыяга таштады. Фараондун үйүндө эмчек эмүүдөн баш тарткандан кийин, ал аны өзү чоңойтту. Ал кандай сонун чечим чыгарды! Ал Кудайга баласынын өмүрүн тапшырган жана ушундай улуу Пайгамбардын лидерлик сапаттарын өрчүткөн!

Иса Пайгамбар

Мына! Периштелер айтты: «Эй Мариям! Аллах сени тандады жана тазалады, сени бардык улуттагы аялдардын арасынан тандады ...» (Куран 3:42)

Иса Мариям тарабынан чоңойтулган атасыз бала болгон. Мариям сүйүүнүн, курмандыктын жана чынчылдыктын эң жогорку стандарттарын чагылдырган жалгыз бой эне болгон. Аллах Курандын бир бөлүмүндө аны эң таза тандалган аял жана ыйманы эң жогору аял деп сыпаттады.

Мухаммед Пайгамбар

Мухаммед (с.а.в.) атасы өлгөндөн кийин төрөлгөн, ошондуктан анын апасы Амина бинт Вахаб жалгыз бой эне болуп калган. Ал аны алты жыл бою тарбиялап өстүргөн жана ушул аралыкта анын үлгүлүү мүнөзү жана инсандыгы калыптанган. Ага эрдик, сүйүү, чынчылдык, чыгармачылык жана өзүнө болгон ишенимди энеси үйрөткөн. Аны чөлдө Харис менен Халима чоңойткон.

Энеликтин таасири чексиз! Балдарды тарбиялоого кошкон баа жеткис салымы үчүн энелерге канчалык урмат-сый көрсөтө алабыз?

- **Бул дүйнөгө балдар энелеринин ким экендигин билип келет, энеси балага атасынын ким экендигин айтат!**
- **Имам Ахмад риваят кылат: Бир адам Пайгамбарыбызга (с.а.в.) келип: «Мен хижра (көчүү) учурунда сага ант берүүгө келдим, ата-энемдин экөө тең ыйлаган бойдон калды» деди. Пайгамбарыбыз (с.а.в.):**

«Артка кайтып, аларды кандай ыйлатсаң, ошондой күлдүр», – деди.

- **Энесин акыркы сапарга узатуу учурунда бир мусулман ыйлап: «Бейиштин бир эшиги жабылып жатса, мен эмне үчүн ыйлабашым керек?» – дегени айтылат.**

Ата эненин, эне атанын ордун баса алабы?

Эне толугу менен атаны алмаштыра албайт, ата энени толугу менен алмаштыра албайт. Эки ата-эненин бекем мамилесинде чоңойгон ымыркайлар мыкты ийгиликтерге жетишет. Энелер ак сүтүн, чексиз сүйүүнү, назиктикти, чыдамкайлыкты жана сабырдуулукту бере алат. Аталар күч-кубаты, жоопкерчилиги, өктөм үнү, аталык жыты жана сайгылаган сакалы менен балага мээрим тартуулайт. Булар – бала үчүн пайдалуу стимулдар. Жалпысынан, энеден айрылуу балдар үчүн атасын жоготкондон көрө олуттуураак. Эне коргоону жана сүйүүнү камсыздай алат жана анын үмүтү көбүнчө балдарга багытталат. Үй кожойкелери (дайым үйдө болгон) балдарга көбүрөөк кам көрүшөт, ал эми балдар аларга жакыныраак болушат. Балдар анын күнүмдүк күн тартибин толтурушат. Ал балдарынын ийгиликтүү жашоосу үчүн, аларды сүйүү жана тынчтыкка толтурууга жөндөмдүү.

(Джордж Тремблай жана Аллен Израиль, 1998)

Бала энесине караганда атасына, кыз атасына караганда энесине көбүрөөк мактаж деген жаңылыш түшүнүк бар. Ата кыз үчүн да, уул үчүн да маанилүү, бирок ар кандай деңгээлде. Ушу сыяктуу эле, балдарды тарбиялоодо эне чоң роль ойнойт. Аталар кыздарга күч-кубат, колдоо жана коопсуздук сезимдерин берет. Эркектер менен жакшы мамиле түзө алышы үчүн кызга ата керек.

Чындыгында эмне маанилүү?

Кырк жыл өткөндөн кийин, банк эсебиңизде канча акча болгону, кайсы үйдө жашаганыңыз жана кандай унаа айдаганыңыз маанилүү болбой калат... Чындыгында, баланын жана неберенин жашоосунда канчалык деңгээлде керек экендигиңиз маанилүү.

Ислам жана ажырашуу

Жалгыз бой ата-энелердин санынын көбөйүшүнүн негизги себептеринин бири ажырашуулардын көбөйүшү болуп саналат. Айрым маданияттарда жана диндерде ажырашууга тыюу салынган (Бразилияда 1977-жылга чейин ажырашуу мыйзамсыз болгон, Хинду мыйзамы ажырашууга тыюу салчу, Филиппинде католиктер үчүн ажырашууга тыюу салынган). Ислам ажырашууга тыюу салат, бирок ага жол берет (белгилүү бир жол-жоболор боюнча). Ажырашуудан мурун, ата-энелер үй-бүлөлүк ортомчулук жана жубайлардын ортосундагы арбитраждан өтүшү керек. Ислам акылдуу жана ишенимдүү туугандарынан никени сактап калуу үчүн, (айрыкча балдарга таасирин тийгизген учурда) көп күч-аракетти жумшоону талап кылат. Ошентсе да, Ислам жана башка диндер никенин бузулушун моюнга алышат. Бул өкүнүчтүү, бирок боло турган нерсе. Ата-энелер никесин сактап калуу үчүн колунан келгендин баарын жасашы керек. Ажырашуу болгондо жана ортодо балдар таасирленгенде, ата-энелер балдарына чынчыл болушу керек:

- Ажырашкандан кийин жана кайрадан баш кошкондо, балдарга чынында эмне болуп жаткандыгын, окуяларды жашырбастан жана ойлоп таппастан кылдаттык менен айтып бериш керек. Ата-энелер эмне үчүн ажырашып кеткендигин түшүндүрүп, бул балдардын күнөөсү эмес экендигин жана аларды дагы деле жакшы көрөөрүн баса белгилеши керек. Ата-эне эч кандай себепсиз жоголуп кетпеши керек. Бул балдарды капа кылышы мүмкүн. Мындай ачык түшүнүшүүдөгү мамиле балдардын кайгыдан алыс болуусуна жардам берет.

- Балдарды атасынын же энесинин көз карашын бир жактуу кабыл алууга же бир тараптуу болууга мажбурлабаңыз.

Өгөй ата-энелер катышкан учурунда, балдарды биологиялык туугандары болбогон адамдарды өздөрүнө кабыл алууга үндөө эч кандай максатты көздөбөйт. Мамилелердин өркүндөшүнө байланыштуу көптөгөн тирешүү, кызганыч жана атаандаштык болушу мүмкүн. Бала өгөй атасын же өгөй апасын анын жаңы ата-энеси катары кабыл алгандан көрө «менин энемдин жаңы күйөөсү» (же «менин атамдын жаңы аялы») деп кабыл алганы жакшыраак.

Ажырашуунун балдарга тийгизген таасири:

Ажырашкандан кийин, балдары бар үй-бүлөлөрдүн кирешеси 21% төмөндөйт; Балдары бар ажырашып кеткен аялдардын 38% жакырчылыкта жашашат; Камкордукка алынган эркектер үчүн бул көрсөткүч 17% түзөт; Ажырашкандардын балдары мектепти таштап, никесиз балалуу болуп жана психикалык саламаттыгынын начардыгынан кыйналышы мүмкүн.

(Селтзер, 1989)

Ата-энелер жана мурдагы жубайлар үй-бүлөнүн бардык мүчөлөрүнө сый-урмат жана сабырдуулук менен мамиле кылышы керек. Куран мындай учурларда өзүн туура алып жүрүүгө кеңеш берет.

Талак (ажырашуу) эки ирет. Ошондуктан тууралык менен кармоо, же жакшылык менен ажырашуу (керек). Аларга бергениңерден бир нерсени (кайра) алуу адал эмес . Бирок экөөсү тең Алланын чегин сактай албай калуудан коркушса, же силер да ал экөөсү Алланын чегин сактай албоосунан корксоңор , анда аялдын күйөөсүнө төлөм берүүсүндө экөөнө тең күнөө жок. Мына ушул – Алланын чектери. Андан аша чаппагыла. Ким Алланын чегинен өтсө, мына ошолор – заалымдар.

(Куран 2:230)

Ажырашкан учурда бир кыйла сабырдуулук керек. Айрым балдар эч качан алардын өгөй ата-энелерин кабыл алышпайт; мындай учурларда, боорукер жана жумшак болуп, убакыттын өтүшүн күтүү керек. Кийинчерээк, балдар өздөрүнүн үйүн түптөш үчүн үйдөн кетишет. Узак убакытка созулган кыйынчылыктардан кийин нике бузулса, бул балдардын абалын кыйла жеңилдетет. Айрым учурда, атасы же энеси жок болсо деле, бала өзүн жакшы сезүүсү толук ыктымал. Албетте, бала сагынат, атасы же энеси менен үйдө чогуу болусу келет, болгону, бул абалды моюндабай жүргөн болуусу мүмкүн. Балдар баары жакшы болот деп үмүттөнүшөт. Камкор өгөй ата же эне өмүр бою достук мамилелерин өрчүтө алат. Акылдуу өгөй ата же эне балага: «Мен сенин ата-энең эмесмин, бирок мен сенин ата-энеңдин күйөөсү же аялымын жана мен сага кам көрөм», – дейт.

Өспүрүм баласы бар жалгыз бой ата-эне ар кандай кыйынчылыктарга туш болот. Ата-эне өспүрүмгө өтө эле көз каранды болбой, ошол эле учурда ага «жок өнөктөш» ролун бергенден сак болушу керек. Өспүрүм уулдар – күйөө эмес, ал эми өспүрүм кыздар – аял эмес. Ошондой эле сексуалдык, физикалык жана психикалык зомбулуктун чоң коркунучу бар. Өспүрүмдөрдүн өз кыйынчылыктарынан сырткары мектептеги иштерине дагы жетишиши керек, бул алар үчүн өтө эле оор. Жалгыз бой ата-энелер балдарынын үйдөн тышкары кызыкчылыктарын эске алып, аларга жетүүгө жана өркүндөтүүгө даяр болушу керек. Ата-энелер канчалык жалгыз болушса да, алар өзүмчүл болбошу зарыл. Мыйзамсыз балдар – жесир калган же ажырашкан жалгыз бой ата-энелердин балдарындай эмес. Негизги айырмачылык – атасына таандык болуу сезими. Маркум атасы дагы деле өз балдарына аны таанып билүүчүлүк жана ага таандык деп эсептеген жубатуу сезимин берет. Бул энеге балдарына коопсуздук жана сүйүү сезимдерин өрчүтүүгө жардам берет. Эне балдарын жетектей алат жана суктанарлык жашоосу менен эки ата-энеси бар курбуларына караганда жагымдуу достук чөйрөнү камсыздай алышы мүмкүн. Өзүнүн туруктуу колдоосу менен балдарын кыйынчылыктарды жеңүүгө үйрөтө алса, ал ийгиликтүү адамдарды өстүрө алат. Бул энелер балдарына жетилүүгө жана өзүнө болгон ишенимди өрчүтүүгө мүмкүнчүлүк беришет.

Ажырашкан ата-энелерге кеңеш

- Балдардын башка ата-эне жөнүндөгү түшүнүгүн бузбаңыз;
- Балдар менен башка ата-эненин жана анын тууган-туушкандарынын ортосунда жакшы мамиле түзүүгө аракет кылыңыз;
- Балдарды ата-энеси экөө тең жакшы көрөрүн ынандырыңыз;
- Балдарга ажырашуунун алар менен болгон мамилесине зыян келтирбестигин түшүндүрүңүз.

Үй-бүлөнүн исламдагы мааниси

Ислам үй-бүлөнү сактоого ушунчалык чоң маани берген. Биринчиден, Куран адам баласы Аллахтын жараткандарынын эң кадыр-барктуусу жана сыйлуусу экенин тастыктайт жана аларды Жаратуучу жер жүзүнө өзүнүн орун басары кылып жаратты. Адамдар камкорчулук *(истихлаф)* милдетин аткарууга үйрөтүлүп, даярдалышы керек. Адам баласынын ымыркайлык мезгили бардык башка жаныбарларга салыштырмалуу эң узак экени бекеринен эмес.

«Үй-бүлөлүк билим берүү мектебинин» башталышы – бул күйөө менен аялдын ортосундагы жакшы мамилелер. Муну «ишкердик келишимдер сыяктууларга» же мыйзамдуу укуктарга жана милдеттерге негиздөөгө болбойт («үй-бүлөлүк мыйзамдар» минималдуу коргоо катары талап кылынат). Күйөө менен аялынын ортосундагы мамилелер *маваддада* (боорукердик) жана *рахмада* (мээрим) курулууга тийиш. Ушул негиз болбосо, ата-эненин бактылуу үй менен ийгиликтүү жана такыбалуу балдар жөнүндө-

гү эки каалоосу (Курандын 25:74 аятында жазылган) ишке ашпайт. Жалгыз бой ата-эне да балдарына боорукер жана кайрымдуу болушу керек.

Алар: «Раббибиз! Бизге көзүбүздү жубатуучу жубайларды жана тукумдарды тартуула жана бизди Кудайдан корккондор үчүн үлгү кыл.
(Куран 25:74)

Алар (аялдарыңар) силердин кийиминер, силер (күйөөлөрү) аларга кийимсиңер.
(Куран 2:187)

Үй-бүлө адамга өзүнүн психологиялык өнүгүүсүн толук түшүнүшү үчүн керек. Жараткан бизди, анын ичинде физикалык жана физикалык эмес өзгөчөлүктөрүбүздү эң сонун жол менен жараткан. Биздин келбет, бой, түс, кыймыл, сырткы көрүнүшүбүз, ошондой эле, психологиялык, руханий жана акылой аспектилерибиз бардыгы ырааттуу түрдө жаратылган. Кудай бизге урууларды, жамааттарды жана улуттарды берип жалгады. Биз жашоо сапарыбызда ар кандай кырдаалдагы баскычтар менен өнүгүп жатабыз. Адам назик жана алсыз ымыркай кезден баштап, өсүү жана үйрөнүү баскычтары аркылуу күч-кубаттын туу чокусуна жетип, акыры карылыктын алсыздыгына кайтып келет. Бул процесстин жүрүшүндө ата-энелер балдардын, неберелердин жана чоң үй-бүлөнүн өнүгүшүнө зор салым кошуп, психологиялык жактан өсүүнү уланта берет. Эгерде адам жубай күтпөсө, ден соолукка керек болгон муктаждык канаатандырылбай калат. Эркектер менен аялдар никенин ыйыктыгынын чегинде гана оптималдуу психологиялык жакындыкты сезе алышат. Куранда айтылгандай:

Үйлөнгөндөн кийин, өсүүнүн дагы бир фактору пайда болот: балалуу болууну жана үй-бүлө курууну каалоо. Бул баскычта төрт башка мүмкүнчүлүк пайда болушу мүмкүн, алардын ар бири өзүнүн психологиялык натыйжаларына ээ. Же түгөйлөр баласыз калат, же кыздары гана болот, же уулдары гана болот, же кыздары менен уулдары болот. Мындай натыйжалардын ар бири ата-энелерге жана балдарга таасир этет.

Ал, кыз урпак белегин Өзү каалагандарга берет, ал эми эркек урпак белегин Өзү каалаган адамына берет; же эркекти да, кызды да (Өзү каалаганына) берет жана Өзү каалаган адамын төрөбөс кылат: Чындыгында, Ал баарын билүүчү, Анын күчү чексиз.
(Куран 42: 49-50)

Үй-бүлөнүн бир гана баласы бар болгондо, ал кандай гана айырмаланарын түшүнөбүз. Баланын бир туугандары жана эже-карындаштары болгон сезим башкача болот. Чоң үй-бүлө – балдарды байытат. Балдардын тууган аралык мамилелеринин бекем болушу, алардын психологиялык жактан баюу мүмкүнчүлүктөрүн пайда кылат. Бул ар кандай ролдордун контекстинде орун алат; аялзаты үчүн: кызы, эжеси, жубайы, апасы, таежеси жана чоң-энеси катары жана эркек үчүн: уулу, байкеси, күйөөсү, атасы, таякеси жана чоң атасы катары.

Бир жолу үй-бүлө – ар дайым үй-бүлө!

Эгер эртең өлүп калсак, биз иштеген компания же уюм бир нече күндүн ичинде биздин ордубузду башка бирөө менен толуктай алат. Ал эми, биз таштап кеткен үй-бүлө өмүрү өткөнчө жоготууну сезишет. Биз жумушка өзүбүздүн үй-бүлөбүзгө караганда көбүрөөк күч жумшайбыз жана бул чындыгында, эле акылга сыйбас нерсе!

(Жашыруун интернет пост)

Куран боюнча үй-бүлөлүк максаттар

Үй-бүлөлүк жашоо – жөн эле балалуу болуу максаттарынан тышкары, туура үй-бүлөлүк максаттарды коюудан көз каранды. Үй-бүлө адамзаттын тукум курут болуп калуусунан сактап калуу үчүн гана балдарды бул дүйнөгө алып келбейт. Үй-бүлөнү өз кызыкчылыгы үчүн күтүү эч кандай маниге ээ эмес, ошондуктан үй-бүлөлүк максаттар өзүн-өзү сактап калуудан дагы көптү камтышы керек. Куранда айтылат:

О адамзат! Силерди бир тирүү жандыктан жаратты жана анын теңин жаратты жана ушул экөөнөн, көптөгөн эркектер менен аялдарды тараткан Жаратканыңардан сестенгиле. Аллахтан сестенгиле, Анын атынан бири-бириңердин (укугуңарды) жана тууганчылык байланышыңарды талап кыласыңар. Чындыгында, Аллах силерди дайым карап турат!

(Куран 4:1)

Адамдар бир рухтан (нафсдан) жаралган, андан кийин жубай жаралган жана ушул рухтан жана анын жубайынан көптөгөн эркектер жана аялдар жаратылган. Аят жеке түрдө болгону менен, ошол эле процесс көптүк түрдө баса белгиленет:

Аллах силерге өзүңөрдөн түгөй жаратты, түгөйүңөрдөн уул-кыздарды жана неберелерди жаратып, силерге эң сонун ырыскыны берди. Алар жалганга ишенип, Аллахтын ырайымына ишенишпейби? (Куран16:72)

Адамзаттын жер бетинде белгилүү бир ролду аткаруу идеясы төмөнкү аятта сүрөттөлгөн:

Ошондо Эгең өзүнүн периштелерине: "Мен Жер үстүнө орун басар жаратамын", – деди. Алар: "Анда (жерде) бузукулук жасай турган жана кан төгө турганды жаратасыңбы? Биз сени мактоо менен аруулайбыз .

(Куран 2:30)

Бул аят ар бир адамдын ролун аныктайт: камкорчу жана башкаруучу (халифа). Башкаруучунун ролу жерди өнүктүрүү (имран) жана адилеттүүлүктү жайылтуу (адль). Ошондой эле Куранда жашоо – бул сыноо деп айтылган жана биз бир гана Кудайга сыйынып, ага кызмат кылуу үчүн келгенбиз:

Мен жиндерди жана адамдарды Өзүмө сыйынуу үчүн гана жараттым.

(Куран 51:56)

Ошентип үй-бүлөнүн максатына Кудайга кызмат кылуу, башкаруучулук кылуу, Кудайдын ырыскысын жана ырайымын урматтоо, туугандык мамилелерди сактоо жана бири-биринин укугун сактоо кирет. Андан соң Кудай кийинки аятта жубайлардын ортосундагы мамилени үй-бүлө мүчөлөрүнүн ортосундагы тынчтык, сүйүү жана кайрымдуулук жөнүндө сөз кылат: Анын белгилеринин арасында:

Ал силердин бейпил жашооңор үчүн, өзүңөрдүн араңардан аял (жар) жаратты жана жүрөктөрүңүзгө сүйүү жана мээримдүүлүктү орнотту. Чындыгында, мында, ой жүгүрткөндөр үчүн белгилер бар. (Куран 30:21)

Үй-бүлөдөгү сүйүү өтө бийик орунда турса дагы, бул жашоодогу эң жогорку сүйүү эмес. Аллахтын сыпаттарынын арасында боорукердик, адилеттүүлүк жана тынчтык бар. Улуу Аллахка жана Анын Элчисине болгон сүйүү эң жогорку деңгээлге коюлган:

Айткыла: «Эгер атаңар, балдарыңар, бир туугандарыңар, жубайыңар, досторуңар, тапкан мал-мүлкүңөр, токтоп калуусунан корккон соодаларыңар жана жакшы көргөн үйлөрүңөр силер үчүн Алладан, анын элчисинен жана Анын жолунда согушуудан артыгыраак көрүнсө, анда Алланын амири келгенге чейин күткүлө!” – деп айт. Алла – бузуку коомду Туура Жолго баштабайт!»

(Куран 9:24)

Сүйүүнүн пайдубалы – Жаратканыбызга болгон сүйүү. Жаратканга болгон сүйүү – сүйүүнүн эң жогорку даражасы. Демек, ата-энеңди, балдарыңды жана тууган-туушкандарың сага жаман мамиле кылса да, аларды жакшы көрөсүң, анткени аларга болгон сүйүүң Кудуреттүү Кудайга болгон сүйүүңдөн келип чыгат жана андан көз каранды. Сиз туура эмес иш кылсаңыз да, Анын сизге болгон берешендиги дагы деле улана берет. Куранда үй-бүлө ичиндеги сүйүү мындайча түшүндүрүлөт:

...Аллахтан сестенгиле, Анын Атынан бири-бириңерден суранасыңар, жана туугандык байланышты бузуудан корккула. Чындыгында, Аллах силерди көрүп турат! (Куран 4:1)

Себеби Раббиңер Өзүнөн башка бирөөгө сыйынбоону буюрган. Ата-энеңерге жакшылык кылгыла.

(Куран 17:23)

Сүйүү жана кам көрүү жаатында эне атадан мурун турат жана биринчи кезекте энеге кам көрүү керек. Бир адам Пайгамбарыбыздан (с.а.в.): «Ким менин камкордугума жана ыраазычылыгыма *(бирр)* татыктуу?» – деп сураганда, Ал: «Сенин энең, сенин энең, сенин энең, андан кийин сенин атаң», – деп жооп берди. (АЛЬ-БУХАРИ)

Ырайымдуунун бардык кызматчылары *(ибад-ар-Рахман)* алардын эки тилеги орундалат деп үмүттөнүшөт: бактылуу үй-бүлөлүк чөйрө жана адилеттүү лидерлердин өнүгүшү:

Алар: «Раббибиз! Биздин көзүбүздү жубаткан жубайларды жана урпактарды тартуула жана бизди Кудайдан корккондор үчүн үлгү кыл».

(Куран 25:74)

Үй-бүлөдөгү ар бир адамдын (анын ичинде ата-энеси, чоң ата, чоң энеси, балдары жана неберелери) максаты – үй-бүлөдөгү кубаныч жана бейпилдик. Адил лидерлерди чыгаруу экинчи максат жана бул нерсеге балдарды камкордукка үйрөтүү, Жаратканга сыйынуу, жерди өркүндөтүү (имран) жана Аллахка жана Анын элчилерине болгон сүйүү аркылуу жетишсе болот. Ушул негизги принциптерди этибарга албаса, үй-бүлө бакыттан айрылат. Ата-энелердин кубанычы – балдардын туура жүрүм-турумун көрүү жана алардын жердеги жашоо миссиясына ылайык өмүр сүргөндүгү.

Бул түшүнүктөрдү өздөштүрүп, аларга ылайык жашаңыз жана балдарыңыз жетилген кезде аларга түшүндүрүп бериңиз. Бул алардын жүрөктөрүнө жана акыл-эстерине жакшылыктын жана ийгиликтин үрөнүн отургузуунун жолу. Бала Кудайды эстебей чоңойсо дагы, бир күнү ишенимдин үрөнү өсүп, өз жемишин берет. Баланын ыйманынын тазалыгы – ал азыктанган эне сүтүнүн тазалыгы менен байланыштуу. Баланын жакшы мүнөзүнө негиз салыңыз. Балаңыздын артыкчылыктарын башынан эле тактап коюңуз.

Адилдиктин бул пайдубалы баланын айланадагы азгырыктарга каршы иммунитетин бекемдейт. Коомду коргоо үчүн бир гана тышкы «полициянын иш-аракеттерине» ишене албайбыз. Баланын ички баалуулук тутуму, өзүн-өзү сыйлоо сезими жана өзүн-өзү башкара билүүсү – коомду коргоонун эң натыйжалуу механизмдери. Ата-энелер балдарына жашоосунун башталышында ишенимди, чынчылдыкты жана боорукердикти баса белгилөө менен Кудайдын вахийинен келген акылмандыгынан пайда алууга жардам бериши керек.

Мусулман үй-бүлөсүндө эмне туура эмес болду?

Үй-бүлөлүк баалуулуктар ондогон жылдар бою төмөндөп кетти. Ажырашуулардын, жалгыз бой энелердин үй–бүлөлөрүнүн, чогуу жашаган никесиз жубайлардын, мыйзамсыздыктын, жакырчылыктын жана кооптонуу көрсөткүчтөрүнүн көбөйүшү балдарга да, ата-энелерге да таасирин тийгизди. Тилекке каршы мусулман үй-бүлөлөрү өзүнүн өзгөчө мүшкүлдөрүнөн жана кемчиликтеринен жапа чегип келишет жана ушул көйгөйлөрдөн корголгон эмес. Мусулман үй-бүлөсү ийгиликтин жана туруктуулуктун негизи болот деген ой бар. Ал эмне себептен ылдыйлап кетти деген суроонун жообу татаал, бирок жарым-жартылай үммөттүн өзүнүн төмөндөп кетишине байланыштуу. Экономикалык абалдын начарлоосу, билим берүү системасынын жетишсиздиги жана чын ыкластуу ишенимдин алсыздыгы мусулман үй-бүлөсүнө терс таасирин тийгизди.

Куран мусулмандардан окууну *(икраны)*, акыл-калчоону *(яъкилун)*, ой-жүгүртүүнү *(ятафаккарун)*, үйрөнүүнү *(ятадаббаруун)* жана түшүнүүнү *(йафкахун)* талап кылат. Анан эмне үчүн мусулмандар сабатсыздыктын эң жогорку деңгээлдерине ээ жана ырым-жырымдарга белчесинен баткан? Акыркы бир нече кылымдар бою мусулмандар жеңилип, кырылып, басынтылды. Мындан тышкары, алар өз жеринен, байлыгынан жана үмүтүнөн куру калып, дүйнөнүн бурмаланган көз карашын, булганган маданиятты жана өзүнө болгон ишенимдин алсыздыгын өркүндөтүштү. Алар өздөрүнө тиешелүү мүнөздөрүнүн көбүн жоготуп, адеп-ахлак жана жалпы жыргалчылыктын ордуна акча жана бийликти тандап алышты. Жалкоолук жана ач көздүк жалпы коопсуздук жана коомдук кызыкчылыктардан өйдө нерсеге айланды. Үммөт коррупцияга, ооруга, жакырчылыкка жана ачкачылыкка туш болууда.

Ойлонбостон дүйнөкордукка жана дене ырахатын алууга умтулуу – ата-эненин да, баланын да рухун жоготуп, моралдык жактан чөктүргөн абалга алып келди. Коомдун курулуш материалы болгон үй-бүлө бузула баштады. Мусулман үй-бүлөлөр татыктуу жарандарды (кайраттуу, чыгармачыл, өзүнө ишенимдүү жана жоопкерчиликтүү) тарбиялоонун ордуна, эрке жана өзүмчүл балдарды өстүрө баштады. Бул балдар берүүчүлөрдүн ордуна алуучулардан, жамааттын мүчөлөрүнө жана кызматчыларына кам көргөндүн ордуна өзүмчүл болуп жана пайдалуу болуунун ордуна ысырапкор жана зыяндуу болушту.

Көптөгөн мусулман ата-энелер сабатсыздыктан, маданиятсыздыктан жана кайдыгерликтен жапа чегишет. Көптөгөн мусулман балдары билим жана жүрүм-турумдарга ээ болуу аракетинде өздөрүн карманышат. Кээ бир мусулман коомдору эзүүчү бийликтерден жапа чегип келишет. Көпчүлүк мусулмандар төмөнкү көйгөйлөргө туш болушат:

- Кысымга жана пропагандага байланыштуу ой жүгүртүү эркиндиги чектелген;
- Суроо берүү, сурап билүү жана сүйлөө эркиндиги чектелген;
- Коррупциянын өсүшүнөн жана башкаруунун начардыгынан бизнес жүргүзүү жана өркүндөп-өсүү эркиндиги чектелген;
- Билимсиздиктен жана эркектердин кысымынан улам аялдардын эркиндиги чектелген;
- Эзүүчүлүккө жана кысымчылыкка байланыштуу жарандардын өз

лидерлерин тандап алуу эркиндиги чектелген. Мусулмандар бул факторлордун бардыгын бир эле түнү чече алышпайт. Бирок, алар өздөрүнүн көзөмөлүндө болгон нерседен баштаса, бул балага жакшы тарбия берүү болуп саналат.

Мусулмандар өз өлкөлөрүндө азыркы кездеги бала тарбиялоодогу авторитардык жана зулумдук стилин өзгөртүп, тарбия берүү иш-аракеттерин олуттуу түрдө реформалашы керек.

Баланын өнүгүүсү жана туура билим берүү системасы

Мусулман дүйнөсү чөгүп бара жаткан караңгылыкка бөгөт коюу максатында олуттуу реформа аракети жасалды. Көптөгөн пландар ишке ашырылды. Ошентсе да, өтө маанилүү деп эсептелген балдардын билим алуусу реформаторлордун күн тартибинде каралган эмес. Улуу илимпоздор көптөгөн илимдерди (теология, философия, саясат таануу, социология жана экономика) камтып, үммөттүн төмөндөшүн жоюуга жана анын абалын жакшыртууга олуттуу салым кошушкан. Бирок такыба улуттун пайда болушуна тоскоол болгон оорулар айыккан жок. Мусулман калкынын жана коомдорунун зор мүмкүнчүлүктөрү жана потенциалы натыйжалуу колдонулган эмес. Чыгармачылыкта, өндүрүмдүүлүктө жана жетишкендиктерде (илим жана технология жаатында) мусулмандар менен мусулман эместердин ортосундагы ажырым ондогон жылдар бою кеңейип келди. Окумуштуулар менен педагогдор жетишпеген өлчөмдү изилдөө жана анын чечимин иштеп чыгуу үчүн жооптуу. Алар балдарды тарбиялоо, балдарды өнүктүрүү жана балдарга билим берүү маселелерин карап чыкса жакшы болмок. Алар үйдөн балдарды тарбиялоодон башташы керек. Баланын психикасы менен менталитети ата-энелердин жана реформаторлордун көңүл борборунда болмоюнча, мусулман дүйнөсү начарлап, төмөндөп, артта калуудан жабыркай берет.

Тарыхта, көптөгөн салттуу реформаторлор негизинен диний ырым-жырымдарга, алардын укуктук жана саясий аспектилерине көңүл бурушкан. Көптөгөн заманбап секулярдык мусулман реформалары башка багытта кетип, мурдагы Батыш басып алуучуларын туураганга багытталган. Көпчүлүгү ишке ашпаган куру убадалар жана үмүттөр менен кала беришти. Курч маанайдагы көптөгөн диний реформаторлор Исламдын алтын доорун туураган түшүнүксүз чечимдерди сунуш кылышкан. Балдарды тарбиялоодо аялдардын (аялдар жана энелер) ролуна жана жоопкерчилигине чыныгы көңүл бурулган жок. Баланы өнүктүрүү, балдарга билим берүү жана балдарды тарбиялоо жөнүндө ар тараптуу илим жана адабияттар жетишсиз болгон. Салттуу диний же заманбап (динден тышкаркы) болобу, реформаторлордун чын ыкластуу чакырыктарына көпчүлүк кайдыгер жана үнсүз жооп кайтарды. Көпчүлүк мусулмандар жигердүү болуунун ордуна кетенчиктешкен. Көйгөйдү терең талдоодон жана түшүнүүдөн алынган кылдат ыкманы колдонуу менен пландаштырылган иш-чаралар болгон эмес. Реформаторлор Кудайдын мыйзамдарын (аль-сунан аль-Илияхия) жана табигый, социалдык жана гуманитардык илимдерди тийиштүү түрдө караган жок.

Мусулмандар жакшы балдарды тарбиялоонун маанилүүлүгүн жана анын узак мөөнөттүү натыйжаларын түшүнүшү керек. Пайгамбарыбыздын (с.а.в.) негизги сахабалары чоң кишилер болушкан. Алардын мүнөздөрү ымыркай кезинен эле калыптанган. Алар эркин, эр жүрөк адамдар катары тарбияланган жана эч качан эзүүчүлөр тарабынан кысымга алынган эмес. Пайгамбарыбыз (с.а.в.) баланын мүнөзүн калыптанышынын маанилүүлүгүн белгилеп кеткен: «Алардын эң жакшысы Исламга чейинкилери жана алардын эң жакшысы Исламдан кийинкилери, эгер алар Исламды жакшы түшүнүшсө». Адамдын негизги сапаттары бала кезинен эле калыптанат. Балага ишенимди жана жөндөмдүүлүктөрдү кийинчерээк үйрөтсө болот, ал эми жакшы мүнөздү үйрөтүүгө болбойт.

Пайгамбарыбыз (с.а.в.) өз миссиясын баштаган кезде ал 40 жашта, Абу Бакр 37 жашта, Усман 30 жашта, Умар 26 жашта, Али 8 жашта, Пайгамбарыбыздын жубайы Хадича 55 жашта эле. Негизги максаттарды жана баалуулуктарды Куран белгилейт, ал эми аларга жетүү үчүн алгачкы кадамдар ата-энелердин милдети. Ата-энелер психологиянын, социологиянын, коммуникациянын жана билим берүүнүн куралдарын колдонуп, эрте мүнөздүн калыптанышын демилгелеши керек. Негизги адамдык баалуулуктар жана муктаждыктар өзгөрбөсө дагы, ата-эненин ыкмалары жакшы изилденип, иштелип чыгып, жаңыртылып турушу керек.

Жакшы тарбия берүүнүн маанилүүлүгү жана улуттардын абалы негизинен балдарды тарбиялоодо аныкталаарын түшүнүү максатында, дүйнө жүзүндө ата- энелердин билимин өркүндөтүү жана коомдук чөйрөдө кеңири чагылдырыш үчүн бир нече курстар иштелип чыккан. Бул мүмкүнчүлүктүн терезесин этибарга албоо өтө кымбат жана эч бир улут мындай чоң жоготууга учурагысы келбейт. Азыркы жана келечектеги ата-энелер үчүн балдарга тарбия берүү курстарын өткөрүү менен чоң пайдаларга жетүүгө болот.

Эгерде биз балдарыбыздын билимин реформалоону кааласак, биз мусулман дүйнөсүндөгү билим берүү системасына кылдат көз жүгүртүшүбүз керек. Бүгүнкү күндө кээ бир мусулман мектептери баланын табиятын түшүнбөгөнү үчүн сынга алынат. Мисалы, балдардын оюндарын кемчилик деп эсептөө ыкмасы. Окуу программасы баланын өнүгүү баскычтарына негизделбейт, анткени ал негизинен милдеттендирилген, кургак

жана ийкемсиз. Бул балдардын кызыгуусун жана спорт менен машыгууга, оюндарды ойноого болгон табигый кызыгуусун эске албайт.

Балдарды тарбиялоо жөнүндө билимди жогорулатуу максатында коомдук иш-чараларды уюштуруу өтө пайдалуу. Анын ордуна ал механикалык үйрөнүүгө жана жаттоого таянат.

Туура билим берүү системасына болгон муктаждыкты жакындан карап чыгуу

Тарыхты карасак, мусулман дүйнөсүндө билим берүүнүн эки түрү аныкталган. Биринчиси, бул башкаруучулар жана байлар сыяктуу элиталык балдар үчүн жеке, жакшы ойлонулган жана мыкты иштелип чыккан билим берүү стили болгон. Алардын балдарына жогорку квалификациялуу жана боорукер мугалимдер *(му'аддиб*) жеке сарайларда тарбия беришкен. Бул мугалимдерге же устаттарга балдарды лидерликке жана мыкты сапаттарга даярдоо тапшырмасы берилген. Муавия ибн Абу Суфян, Абдул-Малик ибн Марван, аль-Хажжаж аль-Такафи, Харун ар-Рашид жана башкалар сыяктуу башкаруучулардын улуу устаттары болгон. Бул мугалимдерге балдарды дин, маданият жана адабият сабактарын окутууга керектүү каражаттар жана белгилүү бир көндүмдөр менен тажрыйбалар берилген. Жекеме-жеке окутуу системасынын бир кемчилиги – балдар топтук окутуу артыкчылыктарынан куру калат. Бул окутуу стили Курандын айрым гана бөлүктөрү жана арифметиканын негиздери окутулган көпчүлүккө багыттылган *Куттаб (котор. библиотека,* экинчи окутуу стили*)* деп аталган мектептерден айрымаланып турган. Бул массалык окутуу жайларында мугалимдер да, окуу жайлары да талаптагыдай болгон эмес. Мугалимдер окуучуларды тартипке салуу үчүн физикалык жазаны колдонушуп, балдардын оюн ойноосуна тыюу салышып, жаттоону окутуунун негизги ыкмасы катары колдонушкан.

Билим берүү системасындагы бул тарыхый эки жактуулук бүгүнкү күндө кээ бир мусулман өлкөлөрүндө дагы деле бар. Бай ата-энелер балдарын жергиликтүү же чет өлкөдөгү жеке мектептерге жөнөтүшөт, ал эми кедейлер балдарын начар жабдылган мамлекеттик мектептерге жиберишет. Жеке мектептерде квалификациялуу мугалимдерди жалдоо, чет жана атайын программаларда окуу үчүн мыкты шарттар, анын ичинде мамлекеттик мектептерде жок лабораториялар, көрсөтмө куралдар, китепканалар, компьютерлер жана оюн аянтчаларын каржылоо мүмкүнчүлүктөрү бар. Тилекке каршы, кымбат жеке менчик мектептер адатта окуучуларга өз маданияты, мурасы жана дини жөнүндө терс көз караштагы тарбия беришет. Жетишсиз билим алуунун чыныгы курмандыгы бул – бала. Улуттун көпчүлүгүн тарбиялоо жана билим берүүдөгү «мүмкүнчүлүк терезесинин» жоголушун жеке адамдардын акылдары жана жүрөктөрү калыптангандан кийин оңдоо кыйынга турат. Эгер биз үммөттү жандандырууну кааласак, анда биз балдарды тарбиялоону жана билим берүү системабызды (мектептеги билим берүү) өзгөртүшүбүз керек. Ошондуктан, балалыктын алгачкы жылдарына өзгөчө көңүл буруу зарыл. Ийгиликке жетүү үчүн, биринчи мугалимдерге: ата-энелерге кайрылуудан башташыбыз керек. Алар рух мугалимдери жана кулк-мүнөздү иштеп чыгуучулар экенинде шек жок.

Бүгүнкү күндө мусулман дүйнөсүндө да, Батышта да балдарга тарбия берүүнүн жакшы жана тең салмактуу үлгүсү жок деп айтууга болот. Социалдык өзгөрүүлөрдү көздөгөн ар бир коом, балдарды тарбиялоодо бакытка жетүүнүн негизги фактору – моралдык, рухий жана материалдык жактан жетишкендик экендигин билиши керек. Биринчи кезекте, биз балдарды тарбиялоо боюнча түшүнүктөрүбүздү жана тажрыйбабызды реформалашыбыз керек. Балдарды тарбиялоодо жүрөк да, акыл да чогуу иштеш керек. Акыл ой жүгүртүүнү, логиканы жана стратегияны талап кылат. Жүрөк сезимдерди, сүйүүнү, сылыктыкты жана туюп билүүнү талап кылат. Балдарды конструктивдүү тарбиялоодо илимий билим жана искусство бирдей талап кылынат.

Цивилизация курулушу *(имран)* чынчыл, чыгармачыл, натыйжалуу, ишенимдүү жана кеңеш берүү чөйрөсүндө иштеген адамдар тарабынан башкарылса гана ийгиликтүү боло турган институттарга муктаж. Акыл-эси, денеси, руху жана мүнөзү күчтүү инсандарды тарбиялоо үй-бүлөлүк институтка – ата-энеге жүктөлөт. Бул милдетти мектептерге, массалык маалымат каражаттарына жана өкмөткө калтырууга болбойт, анткен менен алардан чоң жардам күтсө болот. Эч бир мекеме ата-энелерге караганда балдардын кызыкчылыктарын чын ыкластан көздөп жана аны илгерилетүүгө жөндөмдүү эмес. Чын дилден берилгендик жана боорукердик ата-энелик сыпатты ушунчалык белгилейт жана ар бир адам анын дүйнөдө эң мыкты болушун кааласа да, ата-энелер балдары алардан да мыкты болушун каалашат.

Эгер ата-энени ынандырса, алар чын ыкластан курмандыктарга барышат жана балдарды эң мыкты тарбиялоо үчүн колунан келгендин баарын жасашат. Кимдир бирөө ата-энелерине балдарынын кызыкчылыктары жөнүндө айтып берсе, алар аны кунт коюп угушат. Алар жоопкерчиликтин башталыш чекити экендигин түшүнүшү керек. Балдарды тарбиялоо беш жашка чейин эң маанилүү мезгил болушу мүмкүн, негизинен бул өмүр бою созула турган милдет. Ушул баштапкы этапта ата-энелер негизги оюнчулар болуп саналат жана алар туура жол көрсөтүүнү

билишсе, кийинчерээк дагы балдарынын мүнөзүн жана жашоого болгон көз карашын калыптандырууда натыйжалуу ролду ойной беришет.

Америкадагы үй-бүлө

АКШнын мурдагы мамлекеттик катчысы Хиллари Клинтон (1996-жылы), өспүрүм кыздардын 40 пайызы 20 жашка чыга электе кош бойлуу болуп, жыл сайын бир жарым миллион бойдон алдыруу жасалат деп билдирет. Көптөгөн америкалыктар үй-бүлө курууну пландоого караганда, дем алыш күндөрүн мыкты пландашат. Клинтондун айтымында, мыйзамсыз төрөлгөндөрдүн саны 1960-жылдан 1996-жылга чейин беш пайыздан 25 пайызга чейин көтөрүлдү.

Балдардын жыйырма пайызы жакырчылыкта жашашат. Жыл сайын киши өлтүрүүлөр жана суициддер 7000ге жакын баланын өмүрүн алып, күн сайын 135,000 бала мектепке курал көтөрүп келет.Көпчүлүк балдар кыянаттык, кайдыгер мамиледен жана эмоционалдык көйгөйлөрдөн жапа чегишет. 1970-жылдары америкалык бойго жеткендердин төрттөн бири ашыкча салмакка ээ болсо, азыркы учурда алардын үчтөн бири ашыкча салмактан жабыркашат.

Вашингтон Пост жана Гарвард университети биргелешип жүргүзгөн сурамжылоонун натыйжасында көптөгөн эркектер менен аялдардын артыкчылыктары төмөнкүлөр экендиги аныкталды: «Психологиялык жана экономикалык кысымга туруштук берүү; үй-бүлөлүк жана тууганчылык байланыштарды чыңдоо; балдар менен натыйжалуу баарлашуу; жана энелер көпчүлүк убактысынын көбүн үйдө балдар менен өткөргөндү жакшы көрүшөт». Балдарды жакшы тарбиялоо, албетте, биринчи кезекте турат.

Аль-Усра журналы, 2005

Клинтон жазгандай, орто эсеп менен 17 жаштагы бала 18000 киши өлтүрүүнү сыналгыдан көргөн. Орто эсеп менен алганда америкалык окуучу мектепте окуган 11,000 саатка салыштырмалуу 15000ден 20000 саатка чейин сыналгы көрөт. Орточо эсеп менен алганда америкалык бала жыл сайын сыналгыдан миңден ашуун стилдештирилген жана ачык зордуктоолорду, киши өлтүрүүлөрдү, куралдуу талап-тоноолорду жана кол салууларды көрөт.

Сыналгыдан 1972-жылы Никсон Уотергейт кризисин көргөн жана ар күнү кечинде ушул сыяктууларды көрүп, аларды баатырдык иш деп эсептегенден кийин бала эмне үчүн Демократиялык партиянын кеңселерине жашыруун кирүү туура эмес деп ойлошу керек? Күн сайын көптөгөн кылмыштарды көргөндө балдар мерез болуп калышат жана бул алардын жашоосунун кадимки бөлүгү болуп калат.

Ата-энелер балдары кабыл алып жаткан туура эмес кабарлар жөнүндө кабардар болушу керек жана аларды ушул нерселерден коргоп, терс факторлорду азайтууга жигердүү катышып турушу зарыл. Балдарды тарбиялоо жөнүндө америкалык адабияттардын көпчүлүгү керектүү таасирин берген жок.

Андыктан, ушунча көп кеңештерге жана ондогон жылдар бою жүргүзүлгөн изилдөөлөргө карабастан, балдардын тарбиясы барган сайын начарлап баратканынын себебин билишибиз керек.

Голливудда интеллектуалдык жетишкендиктерге жана адеп-ахлактын сулуулугуна караганда, сырткы көрүнүш менен сырткы келбетке көбүрөөк көңүл бурулат. Коомдук аянттарда эркектер менен аялдардын жылаңач айкелдери бар. Адеп-ахлактык жана руханий жактан алыс болгон аял денесине арналган сулуулук сынактары кеңири жайылган. Бул нерсе ушунчалык деңгээлде коммерциялаштырылган, ал тургай, иттер менен мышыктар үчүн сулуулук конкурстары бар. Ислам доктринасында Кудай сулуу деп айтылат жана Ал бардык нерседе сулуулукту сүйөт; бирок мүнөздүн, баалуулуктардын жана адеп-ахлактын сулуулугуна эң көп көңүл бурулган.

Баңги заттар жана жыныстык мамилелер сыяктуу үй-бүлөлүк көйгөйлөр жөнүндө сөз болгондо, көйгөйдү аныктоонун ыкмасы аны чечүүнүн мүнөзүн талап кылат. Эгерде биз көйгөйлөрдү экономикалык деп аныктасак, анда чечим экономикалык болот. Эгерде алар социалдык оорулар катары божомолдонсо, анда дарылоо негизинен социалдык болот; эгерде физикалык деп карасак, анда жооп физикалык мүнөзгө ээ болот. Мисалы, баңгизаттар көйгөйү суроо-талап эмес, сунуш көйгөйү деп айтылат. Бул көйгөйдү токтотуу максатында өкмөт жабдууларды, анын ичинде кайыктарды жана учактарды камсыз кылуу ирээтинде ири инвестицияларды жумшады. Чындыгында, бул көйгөйдү чечкен жок жана баңгизат ээлери өздөрүнүн ыплас соодасынан чоң киреше алууну улантышууда. Коом бул маселелерди моралдык, руханий жана социалдык деп атап, аларга ылайык мамиле жасоо учуру келди.

Балдарды тарбиялоо жөнүндө жалпыга белгилүү уламыштар

Максаттар менен каражаттардын ортосундагы карама-каршылык Американын коомчулугунда балдардын аң-сезиминде чоң башаламандыкты жаратат.
Уильям Килпатрик (1993) *«Эмне үчүн Жонни туура менен туура эмести айырмалай албайт»* деп аталган китебинде, ата-энелер балдарынын чынчыл, ишенимдүү, адилеттүү, сабырдуу жана сыйчыл болушун каалайт деп түшүндүрөт. Балдарына ушул сапаттарды өрчүтүүгө ата-энелерге эмне тоскоолдук кылат? Бирден бир жообу бул – балдарды тарбиялоо жөнүндөгү күчтүү уламыштардын таасири. Бул уламыштарга кийинки бөлүмдө кененирээк токтолобуз, бирок америкалык үй-бүлөгө тиешелүү бир нече жалпы уламыштар ушул жерде келтирилген. Уильям Килпатрик төмөнкүлөрдү сындайт:

а) **Америка Кошмо Штаттары негизинен өзүнүн түптөлгөн мезгилинде катаал индивидуализм идеясына негизделген, ошондуктан балдарды эч кандай ыйгарым укуксуз тарбиялоо керек.** Адам токойго чыгып, үй куруп,

тамак-ашына керектүүлөрдү өстүрүп, жеке бизнесин түзүп, ошол эле учурда өзүн жана үй-бүлөсүн жапайы жаныбарлардан, уурулардан жана чет өлкөлүк өкмөттөрдөн коргогон. Ал бийликтен качты. Ар кайсы конфессиялардагы алгачкы христиандык зыяратчылар, адам укуктарын басмырлап жана алардын эркиндигин кордогон Англия, Франция жана Германиядагы диктатордук өкмөттөрдүн кысымынан кутулуу үчүн, жери кенен жана өкмөт бийлиги жок же аз «Он үчүнчү колония» деп эсептелген жерге келип жайгашышкан. Чектелген мамлекеттик бийлик идеясынан пайда көргөн көптөгөн америкалыктар, укугу аз же таптакыр жок болгон балдарды чоңойтууну туура деп эсептешет. Бирок балдарды сүйкүмдүү адам катары тарбиялоо үчүн, балдар ата-эненин камкордугуна жана өз укуктарына муктаж.

б) **«Жакшы жаман бала» уламышы.** «Жаман» балдар сүйкүмдүү жана бактылуу балдар катары сүрөттөлөт. Том Сойер жана Бустер Браун, америкалык жомок китептериндеги эки белгилүү каарман, булар 20-кылымдын мисалдары. Ал эми, азыркы учурдун мисладарына: Коркунучтуу Денис, Барт Симпсон, «Кичинекей шылуундар» жана башка «сүйкүмдүү» ымыркайлардын тасмалары кирет. Бул тасмалардагы эпизоддор баланын элестетүүсүнө күчтүү таасир тийгизет, ошондуктан «баш ийүү» сөзү баланын лексикасында жагымсыз сөзгө айланат.

в) **Баланы сүйүү анын «табигый боорукердигин» сактай тургандыгы жөнүндө уламыш.** Руссонун идеясы боюнча, эгер балдардын өз алдынча өсүшүнө жол берилсе, анда алардын жакшы сапаты өзү эле пайда болот. Эң негизгиси ата-энелер балдарын сүйүүсү керек; Руссонун айтымында, сүйүү – бул кийлигишпөө жана толук эркиндик.

г) **«Эксперттик билим» уламышы ар дайым туура жана эч качан жаңылбайт.** Ата-энелер өздөрүнүн жоопкерчилигинен баш тартып, балдарын тарбиялоодо «эскперттерге» өткөрүп беришти. Балдарды тарбялоодогу эксперттердин көпчүлүгү жогоруда айтылган «табигый боорукердик» уламышын колдошот, ошондуктан бизде бир уламыш башкасын колдогон жагдай бар. Адистер, эреже катары балдардын уникалдуу, чыгармачыл болуп чоңоюшуна жана алардын ички мүнөзүнө өтө көп маани беришет. Айрым адистер, ата-энелер балдарын эрежелерди сактоого жана баш ийүүгө үйрөтүүнүн ордуна, аларды өз ойлоруна коюусун каалашат.

д) **«Моралдык көйгөйлөр – психологиялык көйгөйлөр» уламышы.**

Жүрүм-турум көйгөйлөрү өзүн-өзү баалоо көйгөйү же канааттандырылбаган психологиялык муктаждыктардын натыйжасы катары каралат. Көпчүлүк балдар адистеринин айтымында, жүрүм-турум көйгөйлөрүнүн көпчүлүгү балдардын каалоолорунан жана айкын «ниеттенүүсүнөн» келип чыгат. Көптөгөн китептер «өзүн-өзү баалоо» темасына арналган жана «мүнөз» деген сөздү эч жерден таппайсыз. Белгилей

кетчү нерсе, 1900, 1910 жана 1980-жылдардагы «The Ladies Home Journal», «Women's Companion» жана «Good Housekeeping» журналдарында балдарды тарбиялоо боюнча макалаларынын үчтөн бири мүнөздүн өнүгүүсүнө арналгандыгын көрсөткөн.

е) **«Ата-энелер балдарына өз баалуулуктарын үйрөтүүгө укугу жок» деген уламыш.** Айрым адамдар балдар өз баалуулуктарын өздөрү түзүшү керек деп ырасташат. Чындыгында, балдардын буга мүмкүнчүлүгү аз, анткени коомдогу башка адамдар да өз баалуулуктарын таңуулоону каалашат. Бардык адамдар (сценаристтер, сүрөтчүлөр, жарнак берүүчүлөрдөн баштап жыныстык катнаш билим берүүчүлөргө чейин) өз баалуулуктарын балдарга сатууну талап кылышканда, ата-энелер бейтарап күбө болуп турушу керекпи? Баалуулуктарды аныктоонун бир жолу – күнөөлөр жөнүндө ой жүгүртүү.

ж) **«Бир ата-энеси бар үй-бүлө эки ата-энеси бар үй-бүлөдөй эле жакшы» деген уламыш.** Мүнөздү кандай жол менен калыптандырууну билсек дагы, ал татаал маселе. Ажырашуу мүнөздүн калыптанышын кыйындатат. Ажырашуу көрсөткүчтөрү өтө жогору, бул американалык үй-бүлөлөрдүн жарымынан көбүнө таасир этет. Толук эмес үй-бүлөлөрдүн балдары баңги заттарын колдонуудан, кылмыштуулуктан, эмоционалдык көйгөйлөрдөн жана каалабаган кош бойлуулуктан жапа чегүү коркунучуна көбүрөөк кабылышат. Муну айтуу менен, биз бардык үй-бүлөлөрдүн балдары туура психологиялык жактан оңдоп-түзөлүшүнө жөндөмдүү экендигин танбайбыз. Англиялык психиатр Д.В. Винникотт «жетиштүү эне» деген сөз айкашын ойлоп таап, ал баланын ден соолугун чың болушу үчүн, эне балага «эненин баштапкы кам көрүүсү» менен байланышкан «жетиштүү эне» болушу керек дегенди билдирет. Бул бир же эки ата-энеси бар үй-бүлөлөрдөгү аталарга жана энелерге тиешелүү. Толук эмес үй-бүлөдөгү камкор ата-эне, кээ бир камкорсуз эки ата-энеси бар үй-бүлөлөргө караганда балдарды өстүргөн жагынан жакшыраак иш алып барышат. Мындан тышкары, эгерде жалгыз бой ата-эне үй-бүлө мүчөлөрүнө жардам көрсөтүп, үй-бүлө үчүн жагымдуу иш алып барса, ал балдарын үй-бүлөнүн эки ата- энеси бар сабатсыз ата-энелерге караганда жакшыраак тарбиялай алат.

з) **Эң мыкты үлгү катары «динден тышкаркы үй-бүлө» уламышы.** Өткөн еврей, рим жана грек цивилизацияларында, ал тургай Америкада XVIII-XIX кылымдарда үйдүн ыйыктыгы идеясы эреже катары кабыл алынган жана өөн болгон эмес. Үйдө көптөгөн ырым-жырымдар колдонулуп же ыйык китептер окулган. Үй турмушу өзүнөн олуттуу нерсеге, чоң көрүнүшкө жана максатка байланыштырылган. Үй-бүлөнүн бул эки көз карашы өзүнчө ыйык жана кеңири ыйык деп эсептелген алкактын чегинде орнотулуп, ата-энелерге кошумча ыйгарым укук берип, үй-бүлөлүк мамилелерди чыңдады.

Тилекке каршы, бүгүнкү күндө көптөгөн үй-бүлөлөр көп нерсеге туруштук бере алышпайт. «Кичинекей чиркөөлөр» же «кичинекей өкмөттөр», «кичинекей мейманканалар жана ресторандар» сыяктуу адамдардын да милдеттүүлүк сезими жок болуп, «баары убактылуу» деген түшүнүктү карманып алышкан сыяктанат. Чындыгында, баалуулуктар жана этикалар тривиалдаштырылып, «бардыгы боло берет» деп четтетилген жана эч кандай мааниге ээ эмес деңгээлге жетти.

Үй-бүлөнү жамааттан өз максаттарын аткарууну көздөгөн инсандар тобуна айлануунга эмне түрткү берди? Көптө-

Христиандыкта өлүмгө дуушар кылуучу жети күнөө: соргоктук, ачкөздүк, жалкоолук, көрө албастык, ачуулануу, текебердик жана кумар

гөн азыркы америкалык психологдор айыпталышы мүмкүн. Алардын басымы үй-бүлөгө же никеге эмес, бөлүнүп жашоого жана индивидуализмге багытталган. Америкалык психологиянын оптимисттик тармагынын атасы деп эсептелген Альфред Адлер өзүнүн теориясын «индивидуалдык психология» деп атады (адамдын жашоо планынын контекстиндеги мотивдер, сезимдер, эмоциялар жана эстутумдар боюнча гуманисттик изилдөө).

Доктор Сардар Танвир (Цинциннати университетинин профессору) «мен» жана «өзүм» түшүнүктөрү класстарда катуу колдоого алынгандыгын, ал жерде мугалимдер студенттерге төмөнкүлөрдү

айтышкандыгын ырастайт: «Ата-энең эмес, өзүң чечесиң», «Сен өзүң каалаган нерсени жасайсың». Мисалы, бир кыз чоң энесине: «Мага буйрук бере албайсың, керек болсо сен менин апам да эмессиң», – деди. Таенеси: «Бирок мен сенин энеңдин энесимин», – деди (Адамс Борборундагы семинар, 1997-ж)

Руханий чөйрөдө балдар ата-энелеринен «буйрук алышпайт» жана үй-бүлөнүн бардык мүчөлөрү ыйык китептердеги Кудайдын осуяттарын түшүнүп, Кудайга таанышат. Туура жана туура эмес жүрүм-турумду чагылдырган позитивдүү жана ачык диний эрежелер, диний эмес тарбия берген ата-энелерге караганда диний тарбия берген ата-энелерди көбүрөөк ыйгарым укуктуу кылат.

Чыгыш элдеринде диний үлгүлөр көп кездешип, үй-бүлөгө жана үй-бүлөлүк жөрөлгөлөргө баш ийүү сезими күчтүү. Америкалык үй-бүлөлөрдө салттар дээрлик жоголуп баратат жана азыркы учурда күнүмдүк каада-салт катары – бирге сыналгы көрүү гана бар. Бул нерсе тагдырдын тамашасына айланган The Simpsons телекөрсөтүүндө сатираланган. Бирок Чыгыш маданияты Батыш элдерине караганда жакшыраак деген жалпылаштыруу – жаңылыштык болмок.

АКШдагы үй-бүлөлүк байланыштар үй-бүлөлүк «социалдык келишим» үлгүсүнүн пайда болушу менен алсырады жана анда рационалдуу жеке кызыкчылык абсолюттук милдеттенмени алмаштырат. Бул үй-бүлөлөр, эгерде алардын мүчөлөрүн өз кызыкчылыгы үчүн түзүлгөн, милдетке жана сүйүүгө негизделген акционердик коом дей турган болсок, анда ал иштей албайт деп ишенебиз. Балдарды тарбиялоо же өмүр бою үй-бүлөлүк жумуштарды жасоо жеке курмандыктарды талап кылат жана бул чыгымдар менен пайдалар жагынан алып караганда акылга сыйбаган нерседей көрүнүшү мүмкүн. Диний ишенимди бекем кармаган америкалык христиан үй-бүлөсү тамактанардан мурун ырайым сөздөрүн айтышат, түнкү сыйынууларды окуйт жана чиркөөнүн литургиялык календарына ылайык үй-бүлөлүк литургияларды өткөрөт. Бул иш-аракеттер мак-

сат жана миссиянын маанисин берет.

Диний жашоонун борбору бул – ыйык жайга айланган үй жана андагы балдардын моралдык жана руханий өнүгүүсү артыкчылыктуу болуп эсептелет. Чоң ата, чоң энелер, агалар жана таежелер сыяктуу ата-энелерди жана улуу туугандарды урматтоого өзгөчө көңүл бурулат. Туугандар менен тыгыз байланыш үзгүлтүксүз жүргүзүлөт жана чоң диний майрамдар бактылуу жолугушууга себеп болот.

Демек, православдык еврейлердин топтору жыш отурукташкан шаарларда жашашса дагы, алардын балдары баңги заттарынан, зордук-зомбулуктан жана жоопкерчиликсиз жыныстык мамилелерден алыс экени таң калыштуу эмес, анткени башка шаардык балдар ушул терс көрүнүштөрдөн жапа чегип келишет. Ушундай эле байкоолор Американын мусулман үй-бүлөлөрүнө дагы тиешелүү.

Умар ибн аль-Хаттабга бир киши келип, ал аялын сүйбөгөнү үчүн ажырашкысы келгендигин билдирди. Умар ибн аль-Хаттаб: «Сага кайгы! Үй-бүлөлөр сүйүүгө гана негизделгенби? Сенин койчулук сапатың жана камкордугуң кайда?»

(Аль-Хашми, 1999)

Колумбия орто мектебиндеги кыргындан алынган сабактар

1999-жылдын 20-апрелинде Литлтон шаарындагы Колумбина орто мектебинде (Колорадо штаты) болгон кандуу окуяда 15 адам өлүп, 26 адам жаракат алып, жүздөгөн адамдар жабыр тартышкан. Андан кийин Джорджия, Кентукки, Арканзас жана Вирджиния мектептеринде дагы бир нече зомбулук окуялары болуп өттү. Маркум профессор Дилнаваз Сиддики жаман мүнөз маселесине токтолгон. Айрым серепчилер бузулган үй-бүлөлүк тутумду айтышса, айрымдары ММКнын өтө көп зомбулук жөнүндөгү басылмаларын айтышса, башкалары кластердик бомбаларга окшогон курал-жарак жана жеке коргонуу куралдардын оңой жеткиликтүүлүгүн айыпташкан.

Ошентсе да, анализде орчундуу нерсе жок болуп, атап айтканда, *жеке жоопкерчилик* жана *иш-аракеттери үчүн жооп берүү* болгон эмес. Ишенимдер, ниеттер жана мамилелер, ошондой эле сөздөрүбүздүн кесепети бар. Сиддикинин ата-энелерге берген кеңештерин төмөнкүчө баяндоого болот:

- Адамдар менен болгон байланышуу, билим берүү жана өз ара мамилелер туура баалуулуктарды жайылтууга тийиш.
- Балдар жакшылык менен жамандыктын нормаларын жана ишенимдерди

билиши керек.

- Дени сак жана акыл-эси толук бала жалпы адамзаттык баалуулуктарды (чындык, чынчылдык, адилеттүүлүк жана тынчтык) үйрөнүшү керек.

Балдарга баалуулуктарды үйрөтүү: консервативдик-либералдык дебат

«Баалуулуктарды үйрөтүүнүн бир гана жолу: Балдарга аларды аныктоого жардам бер» макаласында (Чикаго Трибюн 1998) Эрик Зорн мындай дейт: «Балдарга баалуулуктарды үйрөтүүнүн бирден-бир жолу – балдарга аларды аныктоого жардам берүү. Социалдык консерваторлор изгиликтин, этикалык ой жүгүртүүнүн жана адеп-ахлактык жүрүм-турумдун өнүгүшүнө басым жасашат. Балдар математиканы өз алдынча өздөштүрө алгандан тышкары, бул сапаттарды сыйкырдуу түрдө өздөштүрүп кете алышпайт. Баласына убактысы жок үй-бүлөлөр жана баалуулуктарга басым жасаган популярдуу маданият доорунда, баланын мүнөзүн мектеп гана тарбиялап, калыптандыра алчудай сезилет».

Зорн мектептердеги мүнөздү тарбиялоо билимин колдойт. Ал белгилегендей, солчулдар мектептерде мүнөздү тарбиялоо билимин кайрадан киргизүүгө каршылык көрсөтүшкөн, анткени бул ой жүгүртүүсүз дал келбестик, тар акылдуулук жана сабырсыздыкты жаратышы мүмкүн деп эсептешкен. Бирок, адеп-ахлактык жактан жакшы билим албай чоңойгон балдар жакыр, оорулуу, кароосуз калган же зомбулукка кабылган балдардай эле жараланган абалда болушат.

Зорн Ларри Нуччинин сөздөрүн келтирип: «Жаңы түзүлгөн компромисс позициясы балдарга чындыкты кашыктап берүүгө болбойт деп түшүнөт. Балдар жакшылап ойлонууга жана аны ачууга аракет кылышы керек. Бирок ошол эле учурда, алар чоң кишилер эмес жана аларды жетектөөдө мугалимдердин ролу чоң. Баштапкы пункт катары коом жалпы баалуулуктарга ээ болушу керек – бул баарына тең оңой боло бербейт».

Элфи Кондун айтымында, мүнөздү тарбиялоо билимин «балдарды кыйналып иштөөгө жана аларга айтылгандарды аткарууга багытталган насаттар жана сырткы түрткү берүүлөрдүн жөнөкөй жыйындысына айлантпастан ишке ашыруу» көйгөй бойдон калууда. Элфи Кон моралдык адеп-ахлактык тарбияга «жаза жана алкыш мамилеси» (азыркы учурда үстөмдүк кылган форма) балдарды «даяр чындыктарды жөнөкөй көз караш менен кабыл алуу» катары изгилик жөнүндө жөнөкөй түшүнүккө ээ кылат деп ырастады. Түшүнүктүн мындай түрү адамдын мүнөзүнө негизделбейт, же эмпатияга, скептицизмге жана башка моралдык жактан өркүндөтүлгөн сапаттарга алып келбейт. Мектептерге мүнөздү тарбиялоо билимин киргизүү – жакшы жана керектүү идея, анткени ал мүнөздү тарбиялоо билиминин таптакыр жок болгонуна караганда жакшыраак! Ата-энелер балдарга баалуулуктарды мүмкүн болушунча алардын өз алдынча үйрөнүүсүнө жардам берип, аларга жетекчилик кылууга жоопкерчиликтүү.

Балдар, эсеп жана этика

Балдар эсеп чыгаруу принциптерин өз алдынча үйрөнүп алат деп күтпөш керек. Ушул сыяктуу эле, ата-энелер балдарын этикага, адеп-ахлакка жана баалуулуктарга үйрөтүшү керек.

Адеп-ахлактык жактан жакшы билим албай чоңойгон балдар жакыр, оорулуу, кароосуз калган же зомбулукка кабылган балдардай эле, жараланган абалда болушат

Мусулман өлкөлөрүндөгү жана АКШдагы үй-бүлөлөрдү салыштыруу

Биздин адамдык билимибиз чектелүү, андыктан ал абсолюттук эмес. Үй-бүлөлөр кайда гана жашабасын, алар көптөгөн кыйынчылыктарга туш болуп келишет. Ошентсе да, башкаларга салыштырмалуу айрым үй-бүлөлөрдө олуттуу көйгөйлөр бар. Урбанизация, индустриализация жана секуляризация шаарда жашаган үй-бүлөлөргө чоң таасирин тийгизет. Авторлор белгилегендей, Американын ири шаарларындагы айрым көйгөйлөр төмөндө келтирилген:

- Никеден тышкаркы жыныстык мамилелер кызыктуу, жагымдуу жана жеткиликтүү болуп, натыйжада сексуалдык бузулгандыкка алып келет.
- Аралаш бий, аралаш сууда сүзүү жана сексуалдык мүнөздөгү музыканын жанданууусу кеңири жайылган.
- Физикалык байланышты (өбүшүү, кучакташуу) камтыган таанышуу, эркектер менен аялдар бири-бирин таанып-билүү үчүн бекитилген система ата-энелер тарабынан балдарга жол берүүчү ченем катары үйрөтүлөт.
- Жуунуучу жана чечинүүчү жайлардагы жылаңачтануу – кадимки көрүнүш. Айрым мектептерде дааратканалардын эшиктери жок болушу мүмкүн; ваннада купуялуулук жоголгон.
- Үйлөнүүгө чейин жыныстык катнаштан баш тартууга жетиштүү басым жасалбайт. Айрым мектептерде, ал тургай чиркөөлөрдө турмушка чыга элек жаштарга презервативдерди таратышат.
- Айрым мугалимдер балдарга адеп-ахлактык жактан чектөөлөр-сүз «өзүңөр эмнени каалап турсаңар ошону кылгыла» деп кеңеш беришет, ошондой эле, кумар жана каалоо өз максаттарына жетип, чектелип же тыйылып калбашы керектигин, эң жогорку бийлик Кудай эмес, адам экендигин белгилишет.
- Алкогол ичимдиктерин ичүү кеңири жайылып, уруксат берилет жана кубатталат.
- Баңги заттарды пайдалануу, курал-жарактар жана зордук-зомбулук мектептерде жана коомдук жерлерде, балдар арасында кеңири жайылган. Телекөрсөтүүдө зомбулук пропагандалап көрсөтүлөт.
- Бойдон алдыруу кеңири колдонулат. Үй-бүлө көлөмү кичирейип баратат жана кеңейтилген үй-бүлөдөн айырмаланып, чакан үй-бүлө куруугa умтулууда.
- Көпчүлүк эркектер кынапталгандыгын кийишет, ал эми аялдар эркектерге жагымдуу көрүнүш үчүн боёнуп, атырларды колдонушат.

Көпчүлүк адамдар башкалардын көңүлүн бурдуруп, денелерин азыраак жашырышат. Эрте жашта никеге туруу кубатталбайт жана бул нерсе жоопкерчиликсиз жыныстык мамилеле катары бааланат.

- Ажырашуулардын деңгээли жогорулап, жалгыз бой ата-энелердин саны тездик менен көбөйүүдө.
- Балдары бар өспүрүмдөр көбөйүп баратат. Никесиз турмушка чыкпаган энелер көбөйүүдө. Профессор Оласкинин айтымында, 1950-жылдардагы өспүрүм энелердин 85 пайызы балдары жарык дүйнөгө келгенге чейин баш кошушкан

(Оласки, 1994)

- Улгайган адамдар балдары жана неберелери менен чогуу жашагандын ордуна, карылар үйүнө өткөрүлүп берилүүдө.
- Никеге чейин жыныстык катнашта такыр болбогон кыздар сейрек кездешет. Жыныстык катнашта болбогон 20 жаштагы кыздар эч ким жактырбаган деп эсептелинет. Көпчүлүгү никеге чейин жыныстык мамиледе болушат. Үйлөнгөнгө чейин жыныстык катнашта болбоого убада кылгандар азчылыкты түзөт.
- Үй-бүлө акырындык менен ыдырап, үй-бүлөлүк байланыштар *(силат-рахм)* жана баалуулуктар алсырап баратат.
- Кандайдыр бир бойго жеткен адам менен жыныстык канааттануу жеке гана иш болуп эсептелет.
- Жыныстык жол менен жугуучу оорулар (ЖЖБИ), анын ичинде СПИД көп кездешет.
- Үй-бүлөлөр жумуштарын жана жашаган жерлерин бат-бат алмаштырып турушат; алар абдан мобилдүү.
- Көптөгөн аялдар өздөрүнө гана таянууга аргасыз болушат жана тууган-туушкандарынын бири да ага камкорчу жана коргоочу катары моралдык жана материалдык жактан милдеттүү эмес.
- Аялдар менен эркектер бири-биринен көз карандысыз жана тобокелчиликти кабыл алууга даяр. Эки жубай тең жумушта иштеген үй-бүлөлөр арбын. Эркектер менен аялдардын ролдорунун ортосунда бир аз гана айырма бар.



Бүгүнкү күндө шаарларда мусулман үй-бүлөлөрдүн саны барган сайын көбөйүп жаткандыктан, балдарды тарбиялоо кыйла оорлоп баратканын моюнга алуу керек.

Британияда жашаган мусулмандардын окуялары

Ирактын Мосул шаарынан келген Бакри мырза Англиянын эң мыкты аскердик колледжинде окуган. Колледждин душ бөлмөсүндө Бакри мырзадан башка баары жылаңач жуунушчу, анткени ал ич кийимин кийип жүргөн. Анын офицери: «Эмнеге ич кийиминди чечпейсиң?», - деп таң калды. Бакри мырза мусулмандар өздөрүнүн купуя жерлерин (авраттарын) көргөзбөй тургандыгын жана жеке купуялуулук чоң маниге ээ экендигин жакшылап түшүндүргөн.

Англиянын Бирмингем университетинде окуп жаткан Мухаммед мырзадан ал жашап жаткан үй ээси андан сураган: «Эмне үчүн сенин сүйлөшкөн кызың жок? Сен гомосексуалсыңбы?» Ал Исламда жыныстык мамилеге жубайлардын ортосунда гана жол берилет деп түшүндүргөн.

Жогоруда келтирилген жалпылоолор үй-бүлөнүн кайсы системасы жакшыраак экендигин көрсөтүү үчүн арналган эмес. Жалпылоолор эки системада тең балдарды тарбиялоо максатында куралдарды колдонуу, ой жүгүртүүгө жана изилдөөгө тийиштүү маселелерди көтөрүшөт.

Чындыгында, батыш маданияты мусулман дүйнөсүндөгү үй-бүлөлөргө жана балдарды тарбиялоого күчтүү таасирин тийгизди. Мындай таасирлер ар кандай натыйжаларды берди: айрымдарына оң, башкаларына терс.

Светтик билим берүү тутумдарында адамдар Кудайды жогорку бийликке алмаштырышты, ал эми материализм үстөмдүк кылган идеологияга айланды. Ааламды илимий түшүнүү – себеп менен натыйжага гана байланыштуу. Бул илимий дискурс ааламдын материалдык аспектилери жөнүндө көптөгөн кызыктуу маалыматтарды бергенине карабастан, ал биз көргөн жана көргөнүбүздүн артындагы нерселер жөнүндө тең салмактуу, ар тараптуу көз карашты сунуш кылбайт. Мусулман дүйнө таанымы Аллахтын Жалгыздыгын *(тавхид)*, адамдардын ишеними *(амана)* жана жерди өркүндөтүү үчүн жоопкерчиликти *(имран - истихлаф)* акыреттик толук жоопкерчилик менен кабыл алат.

Мусулмандардын бала тарбиялоо усулуна Батыштын тийгизген таасири

Батыш медиасынын агымы жана Батыштын билим берүү үстөмдүгү менен, динге негизделбеген үй-бүлөлүк тажрыйбалар мусулман үй-бүлөлөрүнө чоң таасирин тийгизди. Мусулман өкмөттөрүндө жана өлкөлөрүндө *«Акысыз Ислам билимине карай»* (арабча) китебинде Абу аль-Хасан аль-Надви билим берүү системасын ар тараптуу реформалоого чакырат. Ал инсандын туруктуулугун бузуп, ишенимди алсыраткан Батыштын окуу программаларынын тийгизген терс таасирин мисал келтирет. Бүтүрүүчүлөрдүн мууну пайдасыз болуп өсүп, мектептерде динге каршы күрөшкөн, динге ишенгендерди кысымга алган жана өз өлкөлөрүн экономикалык кыйроого учураткан башкаруучулар жана администраторлор пайда болду. Мусулман коомуна жүктөлгөн

заманбап билим – адашкан, адеп-ахлак үчүн күрөшө албаган же материалдык жана руханий жактан камтылган тең салмактуу дүйнөлүк көз карашты өнүктүргөн жаштарды пайда кылат. Башка маданияттар үчүн туура нерсе мусулман балдары үчүн ылайыктуу болбошу мүмкүн. Америкалык окумуштуулар жапон мектептеринин чоң ийгиликтери жөнүндө айтып жатып, Жапонияга жаккан нерселердин көпчүлүгү АКШ үчүн ылайыктуу эмес экендигин, себеби бул эки башка маданий система экендигин белгилешти. Ар кайсы маданияттарды сокур тууроо көп көйгөйлөрдү жаратат. Балдарды тарбиялоо – бул өтө кылдат маселе жана аны билим жана акылмандык менен чечүү керек.

Элдер Батышчылыкка жана заманбапчылыкка ар башкача карашат. Профессор Али Мазруи (Нью-Йорк мамлекеттик университети) «биз экономикалык модернизацияга маданий вестернизациясыз (батышты тууроо) эле, жете алабызбы?» деген суроо Жапонияга, Түркияга жана Африкага коюлганда, үч башка сценарий пайда болгонун түшүндүрөт. Жапондор: «Ооба. Биз Батыш ыкмаларын колдонуп жана жапон рухун сактай алабыз», Мустафа Кемал Ататүрк: «Жок, маданий вестернизация модернизацияга карай жападан-жалгыз жол», - деп ишенди.

XX кылымдын ичинде Кемалисттик Түркия Батышчылыкты өз элине таңуулоо үчүн колунан келгендин бардыгын жасады, анын ичинде: араб алфавитин жокко чыгаруу жана латын алфавитин кабыл алуу; фез мыйзамына тыюу салуу (эркектердин баш кийими); Батыштын кийим кодун кабыл алууга мажбурлоо; жана фанаттык динден тышкары мамлекетти куруу ж.б. Колониялык жана постколониалдык Африка мындай деп жооп берди: «Экономикалык модернизациясыз маданий вестернизацияны ишке ашыруу – чындыгында бул эки дүйнөнүн эң жаманы болгон».

(Мусулман Социалдык Илимдер

ЮНИСЕФтин изилдөөсү боюнча, 21 бай өлкөлөрдү алты категорияга бөлгөндө (материалдык бакубатчылык, ден соолук жана коопсуздук, билим берүү, теңтуштар жана үй-бүлөлүк мамилелер, жүрүм-турум жана тобокелдиктер, ошондой эле, жаштардын субъективдүү жыргалчылыгы) Америка Кошмо Штаттары жана Британия алты категориянын бешөөсүнүн эң төмөнкү бөлүгүндө болушкан.

(ЮНИСЕФтин отчету)

Балалуу үй-бүлөлөрдүн муктаждыктарын канааттандыруу үчүн АКШ жана Британиядагы экономикалык теңсиздик менен социалдык колдоонун деңгээли төмөн болгондуктан жана улуттук бакубаттуулуктун деңгээли жогору болсо дагы, балдар начар жашашкан. Америка менен Британия континенталдык Европа өлкөлөрүндөй болуп, балдарга көп каражат жумшабайт сыяктуу. Сурамжылоого төмөнкү категориялар киргизилген:

ЮНИСЕФТИН СУРАМЖЫЛООСУНУН СУБКАТЕГОРИЯЛАРЫ

Жумасына бир нече жолу үй-бүлөсү менен күндүн негизги тамагын жеген адамдардын пайызы	Башка балдар менен «жакшы» же «пайдалуу» мамиледе болгон балдардын үлүшү
Медициналык камсыздоо алгандардын пайызы	Күндүзгү тейлөө кызматтарынын дэңгээли
Балдар үчүн алдын алуу профилактикасы жүргүзүлгөндөрдүн пайызы	Ден соолук жана коопсуздук деңгээли
Толук эмес үй-бүлөлөрдүн масштабы	Ымыркайлардын өлүмүнүн деңгээли
Балдар арасында коркунучтуу жүрүм-турумдун пайызы	Балдарды ооруларга каршы эмдөөлөрдүн пайызы
Алкоголь ичүү деңгээли	1 жашка чейинки жаракаттан жана кырсыктан каза болгондордун пайызы
Тобокелдүү сексуалдык иш-аракеттердин деңгээли	Өткөн жылы мушташкандардын пайызы
Толук эмес үйдө же өгөй ата-энелер менен жашаган балдардын пайызы	Мурунку эки айда кордолгон балдардын пайызы

Эркиндикпи же чындыкпы?

Балдарды тарбиялоодо чоң көйгөйлөрдүн бири – бул жеке эркиндик. Заманбап индустриалдашкан мамлекеттерде эркиндик өзү максат болуп калат. Көпчүлүк ата-энелер балдарына дээрлик чексиз эркиндик беришет жана бул акыры терс кесепеттерге алып келип, баланын өзүмчүлдүк каалоолорун жогорулатууга шарт түзөт. Көзөмөлдөнбөгөн каалоолор – коркунучтуу, анткени алар Кудайдын этикалык жана боорукер жетекчилигинен ашып түшүп, адамдарды материалдык жыргалчылыктын кулуна айлантат. Көңүл ачуу жана шайырдык – бала үчүн «жашоонун маңызы» болуп калат. Исламда жеке жоопкерчиликке жана милдеттенмеге басым жасалып, аны «бүгүнкү күндүн ырахаты үчүн жашайбыз» деген жеңил ойлуулукка алмаштырбоо керек. Куран бул адам кубулушун мындайча сүрөттөйт:

Сен көргөнсүңбү кумарынын кулу болгон адамды жана өз напсисин кудай кылып алганды? Аллах аны илимдин негизинде адаштырды, кулагына жана жүрөгүнө мөөр басып, көзүнө парда жапты. Аллахтан кийин аны ким түз жолго багыттайт? Эскертме эсиңдеби?

Алар: «Бул дүйнөдөгү жашообуздан башка дагы эмне бар? Биз өлөбүз, жашайбыз жана убакыт гана бизди жок кыла алат.» Бирок алар бул жөнүндө эч нерсе билишпейт: жөн гана божомолдошот.

(Куран 45:23–24)

Каалоолордон эркин болуу – ички дүйнөнүн тынчтыгына алып келет.

Лао Цзу,
даосизмдин негиздөөчүсү,
бзч. XI кылым.

Биринчи жана мыкты жеңиш – бул өзүн өзү жеңүү.

Платон,
грек философу.

Эркиндик – бул туура же туура эместигине карабастан, жагымдуу максаттарда гана жоопкерчиликсиз пайдаланылбай турган баалуу белек. Эркиндик – бул эң сонун идеал, анткени анын жардамы менен биз *чындыкты* издеп, таап, андан соң аны түшүнө алабыз. Адамдардын эң башкы изденүүсү – чындыкты табуу, ал бийик жана татыктуу максат. Эркиндик пайдалуу максаттарда акылдуулук менен колдонулса, ал Жараткан берген баалуу белек болуп калат, ошондуктан адамдар туура иш кылууну чечишип, жаман жана бузуку нерселерден баш тартууга даяр болушат. Балдарды жакшы адаттарды өрчүтүүгө, чечим чыгарууга жана чындыкты абийирдин эң жогорку баалуулугу деп эсептөөгө үйрөтүү керек – бул эркиндикке караганда маанилүү.

Ааламдагы ар бир система өзүнүн чектерине ээ жана адам эркиндиги тартиптүү жана конструктивдүү, башаламан жана кыйратуучу эмес, адеп-ахлактык жетекчиликке ылайык орнотулушу керек. Ата-энелер чыныгы баалуулуктар системасына негизделген туура жүрүм-турумду жана ишенимди өркүндөтүүгө жардам беришет жана анын булагы – Кудайдын Жазмасы жана бардык Пайгамбарлардын салт-санаалары (алардын бардыгына тынчтык болсун).

Эркиндигибизди Кудайдын ыраазычылыгына колдонуш үчүн, чыныгы Кудай билимин гана эмес, адамдын табиятын таанып-билишибиз керек. Билимдин эки түрүн тең айкалыштыруу – бизди сокур аракеттерден жана айлана-чөйрөнү жана өзүбүздү жок кылуудан сактайт. Жараткан эң жакшы билет жана Жалгыз гана Ал бизди туура жолго багыттай алат. Изилдөө, илимий тажрыйба жана билим менен биз Аллахтын чыныгы жетекчилигине жакындайбыз жана убакыттын өтүшү менен суроолорубузга туура жооп табабыз.

Мисал катары үй-бүлөнү алалы. Көптөгөн заманбап психологдор жана социологдор үй-бүлө зарыл экенин жана ансыз коом кыйрай турганын айтып келишет. Эгерде, адамзат байыртадан эле үй-бүлө куруунун зарылдыгын түшүнбөгөн болсо, анда бүгүнкү күндө жашоого жарамдуу коомдор болушу мүмкүн эмес эле. Чынчылдык, ишеним, жашоону жана мүлктү урматтоо, сексуалдык чектөө, теңдик жана кысымчылыктан эркин болуу сыяктуу ар кандай негизги баалуулуктар адамдын жашоосунун негизги талаптары болуп саналат. Бул баалуулуктар болбосо, коом гүлдөп кете албайт. Адамзат үчүн бул баалуулуктар ушунчалык маанилүү болгондуктан, адамзат аларды таанып билүүдөн мурун эле, алар ички дүйнөбүзгө, тубаса табиятыбызга (фитрага) тамырлап, адамзат жашоосу жана коом бул планетада гүлдөп өнүгүшү үчүн башынан эле маанилүү баалуулуктар катары ачылып берилген.

Демек, жер бетинде адамзаттын атасы болгон Адам ата жана Адамзаттын энеси болгон Обо эне ушул негизги түбөлүктүү баалуулуктарды балдарына жана өз кезегинде келечектеги адамзатка үйрөтүшү үчүн жаратылганы бекеринен эмес. Кудай өмүрдүн ыйыктыгын Кабыл (Кабыл) жана Абыл (Хабил) окуяларында сүрөттөйт. Адам, Обо жана алардын балдары аракечтик, баңгилик же жыныстык жеңил ойлуулук кылышкан деп элестетип көрсөңөр. Натыйжасы кандай болмок?! Аян китеби бизге чөл аркылуу жол көрсөтүп турган билимдүү жетекчиликке окшош; ансыз адамзат жоголуп, жок болмок. Туура жетекчиликке алынган эркиндик маданияттуу балдарды жана жарандык коомду жаратат, алар өзүн-өзү башкара билүү, жакшы адаттар жана айлана-чөйрөнү коргоо боюнча туура иш-аракеттерге ээ болгондуктан жашап кете алышат.

Аалам – кемчиликсиз бир система: клеткалар, атомдор жана галактикалар – эң жогорку тартиптеги бир система жана бул уюшулган системалардын баары белгиленген эрежелер менен чектөөлөрдүн чегинде иштешет. Бул чектерди этибарга албаса, системалардын ыдырашына алып келет. Жаратуучу бул ааламды так жана тең салмактуу өлчөөгө негиздеп, толуктоо жана интеграцияга көп көңүл бурган. Төмөнкү аяттарда тең салмактуулук түшүнүгү үч жолу эскерилет:

(Анын каалоосу менен) Күн жана Ай алардын (так) дайындалган багыттарында жылат; (Анын алдында) жылдыздар менен даректар сажда кылды. Ал асманды бийик көтөрүп, (бардыгы үчүн) тараза орнотту, (Эй, адамдар) силердин да таразаңар (адилеттүүлүктүн) так болсун: Ошондуктан, (иштериңерди) адилеттик менен таразалагыла, тең салмактуулукту бузбагыла!

(Куран 55:5–9)

Динди сабактан алып салуу ынтасы менен алар адеп-ахлакты терезеден ыргытышты

Демек, негизги баалуулуктар бардык учурда сакталышы зарыл. Адамдар өз өмүрлөрүн кыянаттык менен пайдаланбашы керек жана жашоосунда бир нерсе туура эмес болуп, өз өмүрүн кыюудан бөлөк жол таппай калган абалда да, мындай ишке баруудан алыс болуусу керек. Адамдар өздөрү кааласа дагы, жакын тууган арасында кан аралашуу болбошу керек. Адамдар өздөрүн, үй-бүлөлөрүн жана коомун кыйратып, аракечтикке же баңгиликке берилбеши керек. Жетекчилик адамзатка илгертен бери эле Кудай тарабынан берилген. Адамдардын билиминин деңгээли чектелүү жана көпчүлүк адамдар үй-бүлөнүн баалуулугун толук түшүнүп, расизм, суицид, алкоголдук ичимдиктерди, баңги зат колдонуу жана ойноштуктан келип чыккан көйгөйлөрдү түшүнгөнгө чейин көп убакыт талап кылынышы мүмкүн. Адамзаттын жердеги жашоосунун башталышынан баштап, Кудайдан келген жетекчилик адамзатка өзүнүн эң сонун сапаттарын ишке ашырууга мүмкүндүк берүү үчүн, ушул жаман иштерден сактанууну көздөгөн.

1993-жылы Исламды кабыл алган Бириккен Усулдук Чиркөөнүн мурдагы дайындалган министри, доктор Джералд Ф. Диркстен ИОЭИнин семинарында диний чиркөөнүн окуу программасына киргизиле турган эң маанилүү реформа кайсы деп сураганда мындай деп жооп берген: «Чексиз жана коркунучтуу өзгөрүп турган баалуулуктар менен адеп-ахлактык мамилелерде релятивизм оорусуна чекит коюу». Негизги идея өзгөрүүсүз бойдон сакталат жана жаш муундардын каалоолоруна ылайык өзгөртүлбөйт. Акыр-аягы, адамдардын негизги муктаждыктары өзгөрүүсүз калат. Урбанизацияланган жана заманбап индустриалдаштырылган үй-бүлөлөрдүн ыдырашына жол бербөө үчүн үй-бүлөлүк тутум сакталууга жана корголууга тийиш.

Мусулмандар Батыштын эркиндигинин позитивдүү аспектилеринен көп нерсеге үйрөнө алышат жана аларды кулчулукка айлантып, өнүгүү менен прогрессте батыштан артта калтырган репрессиялык жана авторитардык ой жүгүртүүдөн жана башкаруудан бошонууга жардам бермек. Цивилизациянын куруучулары катары мусулмандар дүйнө көз карашын жоготушту. Мусулман саясатындагы жана экономикасынын бардык маселелерин, ошондой эле социалдык тилектештикти, анын ичинде үй-бүлөнү жана балдарды тарбиялоону жөнгө салган «Адл жана Шура» тутуму (акыйкаттык жана кеңеш берүү тутуму) катаал мамилелерге алмаштырылды. Батыштын көзөмөлсүз эркиндик тутумун тартипке салуу үчүн кыраакылык керек, ал эми мусулман коомдору катаал жана репрессиялык тартиптен бошотулушу кажет. Эки коом тең бири-биринен сабак алышы керек жана алардын түшүнүктөрү менен иш-аракеттерин чыныгы Аллахтын вахийине тең салмакташтырышы керек.

Балдарды кайда өстүрүү керек?

Чыгыш менен Батыштын ортосундагы жер которуудан келип чыккан маданий таасирди изилдөө

Үй-бүлөлөр Чыгыштан Батышка же тескерисинче көчүп барганда, маданий таасирге дуушар болушат. Бул жерде, бир үй-бүлөнүн эки баласы АКШдагы колледжди аяктагандан кийин, мусулман өлкөсүнө кайтып келишинин чыныгы окуясы келтирилген. Алардын Америкада иштөө мүмкүнчүлүгүнө ээ болушканына карабастан, үй-бүлөсү балдары араб жана Куранды үйрөнүшү үчүн Жакынкы Чыгышка кайтып баруу-ну чечишкен.Участан конгондон кийин, балдар жаңы өлкөнүн цивилизациялык таасирин сезип башташкан жана аны мындай деп түшүндүрүшкөн: «Бул жер кир экен. Батирге киргенден кийин, алар колу тийген нерселердин бардыгы алар үчүн кирдей сезилген. Ата-энелер батирди кылдаттык менен тазалашканына карабастан, килемдер, дубалдар, тепкичтер жана балкон чындыгында таза эмес болчу. Алардын чыныгы көйгөйү – ушул чаңдын ортосунда кантип оокаттарын жайгаштыруу эле. Жалгыз гана чечим – бул батирди өздөрү тазалап чыгуу болгон.

Экинчи сокку: курулуш материалдары кымбат болгонуна карабастан, чеберчилик орто деңгээлде болгон. Даараткананын эшиктери толугу менен жабылган эмес. Мозаика кооз, бирок тегиз эмес, тайгалак болчу. Сантехника жалтырак болгону менен, суусу тамчылап калган. Суунун тартыштыгына, суу берүүнүн күн сайын үзгүлтүккө учурап жаткандыгына карабастан, крандын суусу токтобой агып турган. Үчүнчү кабатта суунун басымы төмөн болгондуктан, түнкүсүн чакаларга суу толтуруш керек болчу.

РОНАЛЬД КЕЛЛЕРДИН БАЯНЫ

Айрым бекем стандарттарга ылайык бактылуу жашоо үчүн бизге туруктуу руханий жана баалуулук тутуму керек.

«Мен 1954-жылы АКШда католик фермердин үй-бүлөсүндө төрөлдүм. Менин айланамдагы физикалык дүйнөдөн сырткары, чиркөө менин балачагымды рухий дүйнө менен камсыз кылды десем жаңылбайм жана убакыт өктөн сайын, айрыкча, Католик Университетине кирип, андан ары окуй баштагандан кийин, динге болгон кызыгуум уламдан-улам күчөп, менин динге болгон мамилемдеги ишеним жана тажрыйба шек жарата баштады.

Мунун бир себеби, 1963-жылы Экинчи Ватикан Кеңешинен кийин католиктердин литургиясы жана ырым-жырымдарынын тез-тез өзгөрүп турушу, чиркөөнүн так нормалары жок экендигине ишарат кылды. Диний жетекчилер бири-бирине ийкемдүүлүк жана литургиянын актуалдуулугу жөнүндө айтып беришти, бирок карапайым католиктер үчүн бул караңгыда жол издегендей сезилди. Кудай өзгөрбөйт, аны менен бирге адамдын рухий дүйнөсүнүн муктаждыктарын да өзгөртпөйт жана асмандан жаңы ачылыш болгон жок. Бирок, биз жумадан-жумага жана жылдан-жылга болгон өзгөрүүлөр жөнүндө коңгуроо какканбыз; тилди латын тилинен англис тилине өзгөртүү, азайтуу жана кошуу, гитара менен элдик музыканы киргизүү ж.б. диний кызматкерлер түшүндүрүп жатышты, ал эми карапайымдар баштарын чайкап угушту. Ылайыктуулукту издөө көп сандагы адамдарды алардын анчалык деле көп эместигине ынандырды».

(Нух Ха Мим Келлер, 2001)

Дагы бир сокку мектептеги окуу болду. Жеке мектептер кымбат болуп, мамлекеттик мектептер билим берүүнүн кайгысына айланган. Мугалимдерди окутуу муктаждыгы бар эле, ал эми балдарга ар тараптуу адеп-ахлак жана тартип тарбиясы жетишсиз болгон. Ата-энелер балдарын мектепке жөнөтүүнүн бардык артыкчылыктары менен кемчиликтерин таразалап көрүшкөн. Жол тыгынынын айынан жана жолдорду оңдоп-түзөө иштери жок болгондуктан, транспорт өтө жай жүрчү. Окуучуларга жык толгон мектеп автобустары балдарды мектепке жана мектептен үйгө жеткирүүдө узак убакыт жүрүүгө мажбур эле. Көптөгөн окуучулар үчүн автобуска түшкөндүн ордуна жөө басуу тез болгон. Тууган-туушканга же досторго конокко баруу үчүн, бир шаардан экинчи шаарга барган сыяктуу, сапарды алдын ала пландоо керек эле. Машина айдоо үчүн мыкты көндүмдөр жана бардык нервдер талап кылынган (согуш зонасына кирүү жана душмандардын ырайымсыз аракеттери менен кагылышуу).

Абанын булганышынан тышкары, ызы-чуу булганычы да бар эле. Балдар үйдөгү, атүгүл алардын айланасындагы катуу үндөрдөн улам өздөрүнүн жеке купуялыгын жана тынчтыгын жоготушкан. Мектептердеги, көчөлөрдөгү жана коңшулардын ызы-чуусу алардын уктоочу бөлмөсүнө чейин угулуп турган. Тынч убакытты өткөрүүнүн бирден-бир жолу – бул коңшу айылдарга баруу болчу.

Бул мүмкүн болгон маданияттык шоктун бир гана мисалы. Албетте, аны жалпылаштыруу мүмкүн эмес, анткени, ар бир адам бирдей кыйынчылыктарга же көйгөйлөргө туш болбойт, же бул үй-бүлөлөр Чыгышта же Батышта жашашы керек дегенди билдирбейт. Белгилей кетчү нерсе, ар бир мамлекеттин кызыктуу жана көйгөйлүү жерлери бар жана ар бир үй-бүлө өзүнүн жагдайында уникалдуу. Балдардын кайда жашаары жөнүндө жалпы көрсөтмө жок.

Көчүүнү чечкен үй-бүлөлөр терс жана оң натыйжаларды камтыган топтомдук келишимди кабыл алышканын түшүнүшү керек. Жашоо – чынында эле сыноо!

Батыш ой-пикириндеги жетишпеген эки түшүнүк

Авторлор менен өткөрүлгөн бир нече дискуссияларда Виржиния штатындагы ИОЭИнин ишенимдүү адамы доктор Таха аль-Альвани Батыштагы эки негизги түшүнүктүн жетишсиздигин түшүндүрдү: 1) Аллах – Улук *(Аллаху Акбар)* жана 2) Аллах эң жакшы билет *(Аллаху Ал'ям)*. Биринчи түшүнүккө ылайык, адамдар Кудурети Күчтүү Кудайдын акылмандыгын жана бийлигин өздөрүнүн иштеринде этибарга албаганда, Жалгыз Жараткандын ордуна өздөрүн «кудайлар» деп эсептешкен. Эгерде адамдар текебер болуп, адашса жана каталардан жана билимдин түпкү булагынан алысмын деп ишенишсе, анда алар өздөрү, үй-бүлөлөрү, коомдору, дүйнөсү жана айлана-чөйрөсү үчүн жактырган нерселерин актай алышат. Алар билип туруп же билбей туруп жаныбарлардын жана өсүмдүктөрдүн падышалыктарын жок кылып, жерди, деңизди жана абаны булгашы мүмкүн. Текебердик жаратылыш менен асмандын жана алардын айланасындагы мейкиндиктин (озон катмарынын) тартибин жана тең салмактуулугун бузат. Адамдар Кудайдын жаратуусун баалабагандыктан жана экосистема менен жаратылышка кийлигишкендиктен, таза аба, таза суу, химиялык заттарсыз эт жана жашылчалар сейрек кездешет. Дүйнө жылуулугунун күчөп баратканы адамзаттын жашоосуна чыныгы коркунуч болуп саналат. Илим жана технология жаатында канчалык өнүгүп жатсак дагы, биз Жараткандын чексиз кең ааламынын анча-мынча үлүшүн гана алабыз.

Момундук – бул Аллахты эң жакшы билет деп айтуу *(Аллаху Алам)*. XXI кылымга чейинки укмуштуу илимий жана технологиялык ачылыштар көптөгөн адамдардын адамдык билими менен менменсинип мактануусуна себеп болду. А бирок, кептин баары – биз канчалык көп билсек да, ошончолук биз билбеген нерселерди тапканыбызда болуп жатат. Башкаларга момундукту көрсөтүү жана Кудай алдында момун болуу – сыйга татыктуу билимдин маанилүү компоненти болуп саналат. Муну чыныгы улуу ойчулдар түшүнүшөт. Адамдар тынымсыз изденип, билимдин жаңы чектерин ачышы керек. Биздин билимге болгон каалообуз бизге акыл берген жана бизге жер менен ааламды берген Улуу Жараткандын батасы менен байланыштуу экендигин унутпаңыз. Куран илим темасына жарык чачат:

... Илимден силерге аз гана нерсе берилген (Эй адамдар!)

(Куран 17:85)

Алланын каалоосунан сырткарыны, алар билбейт.

(Куран 2:255)

Айткын: Эгерде деңиз менин жараткан-ымдын сөздөрү үчүн сыя болуп калса, анда биз ага жардам берүү үчүн ошол эле деңизди алып келген болсок дагы, жараткандын сөздөрү кургаганга чейин, деңиз соолуп калмак. (Куран 18:109)

Ишеним баалуулуктары жана функционалдык баалуулуктар

Үй-бүлө адептүүлүктү жана баалуулуктарды (чындык, адилеттүүлүк, сүйүү, кайраттуулук, чынчылдык жана жоопкерчилик сыяктууларды) тарбиялайт. Булардын бардыгы функционалдык маанилердин алдына фундаменталдык маанилер коюлган – *акыйда* концепциясына негизделген. Экөө тең

дайым эле шайкеш келе бербейт. Кээ бир коомдордо бул дүйнөдөгү жашоодон ырахат алуу – эң негизги максат болуп саналат. Бирок мусулмандар үчүн акыретте түбөлүк өмүргө жетүү, бул дүйнөдө жакшы жашоо – тең салмактуу башкы максат. Демек, акыретте ийгиликке жетүү – бул дүйнөдө жакшы жашоого карама-каршы келбейт; акыретте ийгиликке жетүү мүмкүн жана бул дүйнөгө да көңүл буруп жетишүү керек.

Бул дүйнөдө тирүү болуу – түбөлүк өмүргө жетүү үчүн каражат гана болуп эсептелет. Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам) бир бедуинге Аллахка тобокел кылууну, ошол эле учурда табигый жана коомдук илимдердин мыйзамдарына баш ийүүнү кеңеш кылды. «Төөнөрдү (адашып кетпеши үчүн) байлап, Кудайга таянгыла (алыста жүргөндө Анын мээримин сурагыла)». Дүйнө жашоосу менен акырет арасында тең салмактуулук керек:

«Бул дүйнөдө түбөлүктүү жашагандай иште, ал эми акырет үчүн эртеңки күнү өлүп калчудай иште».

(Абу Талиб, 1996)

Талмуддун окумуштуулары: «Күн сайын бул сиздин акыркы күнүңүз болгондой жашаңыз, анткени, ушундай же ушундай эмес экендигин ким билет».

Буга мурунку коммунисттик өлкөлөрдө жашаган адамдардын абалын салыштыруу жакшы мисал. Коммунизм капитализмге караганда жумушчуларга көбүрөөк кам көрүшү керек эле, бирок чындыгында жумушчулар начар шарттарга туш болушкан. Функционалдык баалуулуктар адамдарга кам көрүү керек деп айтылса да, коомдун башка катмарлары үчүн чыр-чатак, кысымчылык жана кыйроо маанилери терең мазмунга ээ болгон.

Батыштын капиталисттик, кирешелүү мамлекеттери коммунисттик режимдерге караганда ийгиликке жетишип жатышат, анткени сүйүү, боорукердик жана кайрымдуулук терең тамырлаган христиан баалуулуктары кеңири жайылган. Мына ошондуктан, бул өлкөлөр кедейлерге жана муктаждарга кам көрүү үчүн көбүрөөк шарттарды түзүшкөн, ал эми коммунизм учурунда көпчүлүк адамдар жапа чегишкен.

Коммунизмдин кыйрашына анын ырайымсыз баалуулуктары жана дүйнө тааанымы себеп болгон. Идеология конфликке, тирешүүгө жана менчик укуктарды жок кылууга негизделет. Бул режимдер жумушчу табынын бийлигин орнотот деп ырасташса да, иш жүзүндө пролетариат көпчүлүктүн кысымына алынган жана марксисттик идеологиянын максаттарына карама-каршы келген.

Коммунисттик философия терең, дисфункционалдык жана утопиялык көз карашта болгон, ал эми Батышта абал бир кыйла жакшы болчу. Капитализм жер бетинде утопиянын формасын жайылта албайт. Жеке менчиктеги көзөмөлсүз эркиндик түшүнүгүнө жана жеке кызыкчылыктарга негизделген философияга таянып, ал жумушчулар үчүн акыйкатсыз социалдык-экономикалык шарттарды түздү. Бирок, Батышта терең тамырлаган диний баалуулуктар жана христиандык кайрымдуулук кедей жумушчу табына тийгизген кесепеттерин жумшартууга жардам берип, индустриялаштыруунун кесепеттерин бир аз кыскартты.

Бул Коммунисттик партиянын элиталарына карама-каршы келет, алар өздөрү жараткан эбегейсиз бюрократиялык машина аркылуу өз кызыкчылыктары үчүн иштеп жатышат. Бул режимдердин негизги курмандыктары жумушчу табы болгон. Терең тамырлуу кайрымдуулук жана диний баалуулуктар – коомдун

жана жеке адамдардын жыргалчылыгы үчүн маанилүү.

Батышта адабияттар жана балдарды тарбиялоо боюнча изилдөө иштери көп болсо дагы, биздин адамдык билимибиз чындыгында эле чектелүү.

Адамдар «АКШда жасалган» же «Кытайда жасалган» буюм эмес жана биз аны жакшы билебиз. Бизди «Аламдын Жаратуучусу» жараткан. Биздин Жаратуучубуз жана Жол көрсөтүүчүбүз биз жөнүндө бардыгын билет. «Балдарды тарбиялоо боюнча адистер: алардын кеңештери, изилдөөсү жана туура чечим чыгаруу» китебинде, психолог Джейн Ранкин ата-энелердин тобу эмнени насаат айтып жатканы менен акыркы 30 жылдагы илимий изилдөөлөрдүн ортосунда олуттуу айырма бар деп ырастайт. XX кылымдагы Батыштын балдарды тарбиялоо боюнча таанымал адистери Бенджамин Спок, Т.Берри Бразельтон, Джеймс Добсон, Пенелопа Лич, Джон Розмонд жана башкалардын балдарды тарбиялоодо ур-токмок, чектөө киргизүү, жумушчу энелер, балдарга күнүмдүк кам көрүү, балдардын өз алдынча даарат канага баруусу, балдардын сыналгы көрүүсү жана башка көптөгөн маанилүү маселелери боюнча көп жагынан пикирлери кайчы келет.

Коомдук, табигый жана рухий илимдердин колдо бар бардык куралдарын колдонуп, балдарды тарбиялоо боюнча үзгүлтүксүз изилдөөлөрдү кубаттап турганыбыз менен, адам изилдөөлөрүнүн натыйжаларына моюн сунушубуз керек. Аллахтын илиминен жетекчилик жана акылмандыкты издөө керек.

Текебердик + Билим → Сабатсыздык

Момундук + Билим → Сабаттуулук

Жүз жыл мурун Англиянын Оксфорд университетиндеги Бриолисттер колледжинин устаты өзүнүн эшигинин сыртына мындай деп жазган: “Мен бул колледждин устатымын; мен билбеген нерсе – билим эмес».

Башка адамдарды кемсинткен адамдар, акыр аягына чейин бийик боло алышпайт.

Үй-бүлөнүн агрардык үлгүсү

Балдар өсүмдүктөргө окшош, ал эми ата-энелер багбанга окшош

«Маданият» деген сөз «өстүрүү» деген сөздөн келип чыккан. Балдар жана адамдар өсүмдүктөргө көп жагынан окшош болот. Экөө тең камкордукка жана кароого муктаж жана алар үчүн атайын даярдалган жакшы шарттарда мыкты өсүшөт.

Булгануу деңгээли жогору райондордогу эң жаш өсүмдүктөр үчүн күнөскана айлана-чөйрө үчүн эң жакшы шарт болуп саналат, анткени сыртка отургузулганга чейин өсүмдүктөрдүн сабагы бекемделиши керек. Бул нерсе аларга артыкчылык берет, себеби алар башка жака отургузулгандан кийин башка өсүмдүктөргө караганда бат чоңоюп, бекемирээк болуп, илдеттерге туруштук бере алышат.

Балдардын адеп-ахлактык жактан жакшы өнүгүүсү үчүн, алар камкордукка жана тарбияга муктаж.

«Ошондо биздин уулдарыбыз – жаш кезинде жакшы өсүп чыккан өсүмдүктөрдөй болушат».

(Забур 144:12)

Жакшы үй шартында тарбияланган бала күчтүү, ден-соолугу чың болуп, кеңири маданиятта жайылган адеп-ахлак ооруларына туруштук бере алышат. Мындай окшоштук айыл чарба коомчулугуна айдан ачык көрүнүп турат, бирок өсүмдүктөрдү өстүрүү тажрыйбасына ээ болбогон индустриалдык коомдордо бул нерсе анча байкала бербейт. Бирок, албетте балдар жөн гана өсүмдүктөр эмес. Өсүмдүктөр – пассивдүү, ал эми балдар – акылга жана эркке толгон активдүү энергия топтому. Алар өзүлөрүнүн өнүгүшүндө жигердүү роль ойноп, өзүлөрүнүн жүрүм-турумуна чек коюуну үйрөнүшү керек.

ИШ-АРАКЕТТЕР

8-ИШ-АРАКЕТ: Жыйырма биринчи кылымдын үч негизги тынчсыздануулары

Үй-бүлөңүз менен талкуулаңыз: Ушул үч чоң тынчсыздануунун себептери кандай жана аларды кантип алдын алууга болот?

1997-жылы маркум Уильям Бакли (консерватордук сынчы) жана сенатор Джордж МакГоверн (либералдык демократ) Кейп Джирардодогу Түштүк-Чыгыш мамлекеттик университетинин бүтүрүү аземинде үч негизги көйгөйдү аныкташкан:

1. Америкалык үй-бүлөнүн бузулушунун жана дисфункциясынын натыйжасында никесиз төрөлгөн балдардын пайызы жогорулады;
2. Айлана-чөйрөнүн бузулушу: анткени булгануунун көп өлчөмү жер, аба, океан, суу жолдоруна жана токойлорго төгүлүп жатат;
3. Адамдын ден соолугун жана үй-бүлөсүн бузган – алкоголизм.

9-ИШ-АРАКЕТ: Балдарга атрибуттарды колдонуу (алфавиттик тартипте)

Ата-энелер балдары менен бирге отуруп, төмөнкү мүнөздөрдүн ар бирин талкуулап, аны ар бир балага үйрөтүүнүн бирден бир ыкмасын сунушташы керек.

Балдар –

Таң калтырган, аларды тааныңыз,
Ишенимдүү, аларга ишениңиз,
Жандуу, аларды багыттаңыз,
Күнөөсүз, аларга суктаныңыз,
Шайыр, аларды баалаңыз,
Жүрөгү жумшак, алардан сабак алыңыз,
Сүйүктүү, аларга кам көрүңүз,
Кутман, аларды кадырлаңыз,
Ачык ойлуу, аларга үйрөтүңүз,
Баалуу, аларды баалаңыз,
Суроочул, аларга туура жооп бериңиз,
Табышкер, аларды колдоңуз,
Эркин, алардан ырахат алыңыз,
Таланттуу, аларды өрчүтүңүз,
Өзгөчө, аларды ырастаңыз,
Кайгылуу, аларга көңүл буруңуз,
Күлкүлүү, алар менен кошо күлүңүз.

(Мейжи, 1999)

10-ИШ-АРАКЕТ: Балдардагы зомбулуктун чыныгы себептерин талкуулоо

Балдарыңыз менен алардын башынан өткөн кандайдыр бир коркунучтуу окуяларды талкуулаңыз. АКШдагы Колумбия орто мектебинде болгон кандуу окуя таң калтырган. 18 жана 17 жаштагы эки бала мылтыктарды жана бомбаларды колдонуп, 15 адамды өлтүрүп, 26 адамды жарадар кылышкан. Телевизордо, кинодо жана видео оюндарындагыдай эле каткырып күлүп аткылашып, аягында өздөрүн атып салышкан. Алар өз үйлөрүндө 19 бомба жасашкан. Мындай окуялар сейрек болгон эмес: кийинки айларда АКШда болжол менен ушул сыяктуу 22 окуя болгон. Эмне үчүн алар муну жасашты? Буга ким жооп берет? Канткенде анын алдын алууга болмок? Келечекте ушул сыяктуу окуялардын алдын алуу үчүн эмне кылуу керек? Мындан кандай сабак алууга болот? Зомбулуктун чыныгы себептерин кантип айыктырууга болот?

11-ИШ-АРАКЕТ: Социалдык көйгөйлөрдү чечүү

Үй-бүлөңүз менен тамеки тартуу, баңги зат колдонуу, никесиз кош бойлуулук, алкоголизм, суицид жана ажырашуунун себептери жана кесепеттери жөнүндө сүйлөшүңүз. Үй-бүлөңүз менен бирге коомду өркүндөтүүнүн практикалык жолдорун сунуштаңыз.

12-ИШ-АРАКЕТ: Доктор Спокстун (1903-1998) Америкада балдарга тарбия берүү үлгүсү. «Менин айтканымды жаса, бирок мен кылганды жасаба!»

Доктор Споктун өмүр баяны (Майер, *Ньюсвик*, 1998) менен кошо балдарды тарбиялоо боюнча өз тажрыйбаңызды талкуулоо үчүн чогулуп отуруңуз:

XX кылымдын алдыңкы педиатрдык психологу – доктор Бенджамин Споктун балдарды заманбап тарбиялоого тийгизген таасирин эске албасак, АКШда балдарды тарбиялоонун абалын түшүнүү толук болбойт. Бала кезинде энеси аны сүйүүгө, эрежелерге жана чоң үмүттөргө курчап салган. Ал аракеч аялы менен 51 жыл чогу жашагандан кийин ажырашкан. Доктор Спок педиатриялык практиканы ачып, *балдардын көпчүлүгүнүн көйгөйлөрү медициналык эмес, жүрүм-турумдук*: долулук, баш бармагын соруп алуу, тамактануудан баш тартуу, уктаганды каалабоо жана күн тартибине ылайык өз алдынча даарат алганга баруудан баш тартуу мүнөзгө ээ экендигин түшүнгөн. Ал Фрейдге (Зигмунд Фрейд XX кылымдын психологиясына, медицинасына, социологиясына, антропологиясына, адабиятына жана искусствосуна олуттуу таасир эткен психоанализдин негиздөөчүсү катары белгилүү) кызыгып, эки жолу психоанализден өткөн.

Дагы ал ата-энелерге балалуу болууга шашууга эмес, аларга кам көрүүгө кеңеш берген. «Өзүңүзгө ишениңиз. Сиз ойлогондон да көптү билесиз». Ал ымыркайларга энелерден жана аталардан көбүрөөк сүйүү керек деп окуткан. Бейтаптарын кунт коюп уккан, бирок ар дайым өз балдарына анчалык көңүл бурган эмес. Энеси: «Кичинекей бала ата-энесин *жылаңач* көрүшү керекпи?», – деп сураганда, ал: «Буга жөнөкөй жооп берүү кыйын», – деп жооп берген.

Доктор Споктун үй-бүлөсү ийгиликсиз болгон. «Бул жөнүндө жазгандан дагы, балдарың менен туура иш кылуу кыйыныраак». Анын аялы аракеч болуп, психикалык жактан жабыркап, кийинчерээк ооруканага жаткырылган. Ал ата катары, балдарына салкын мамиле кылчу жана анын эки уулу өздөрүн атанын мээримин көрбөгөндөй сезишкен.

Ал өзүнүн карьерасына өтө эле ынтызаар экенин мойнуна алгандыктан, кийинчирээк үй-бүлө мүчөлөрү бири-бирин кучактап, мурунку кездердеги муздак сезимдердин ордун жылуу сезимдерге толтура башташкан. «Мен эки уулумду кичинекей кезинде өпчү эмесмин», – деп мойнуна алган.

Ал уулдарына ата-энелеринин атын атоону буюрган, бул нерсе ошол мезгилдеги радикалдуу кадам эле. Атасы балдарына берген тарбиясы анын философиясын чагылдырышы керек деп эсептеген. Аларды бирдей деп айтуу чындыгында реалдуу эмес; бул дүйнөнүн калган бөлүгүнө жасалган ишарат болду, «Бул − менин ысмым менен атаган уулум». Доктор Спок уулдары менен сүйлөшүп жаткан кезде, алардын сүйлөшүүсү оозеки сынак катары кабыл алынчу. Анын китептерин мүнөздөгөн жайбаракат үн үйдө колдонулган орой жана айыптоо үнгө окшобойт; ал ата катары өзүнүн каустикалык таасири жөнүндө эч нерсе билген эмес.

Ал уулдарынан башкалардын алдында өздөрүн эч качан уяң сезип же үй-бүлөнүн атын уят кылбашын талап кылган. ММКнын көз карашы жана сырткы ой-пикирлер ал үчүн чоң мааниге ээ эле. Анын балдары тыкан кийинип, сылык жана кошуналарга жакшы мамиле кылуусу атасынын буйругу болгон. Эгерде Джондун көңүлү чөгүп же ал кежирленип баштаса, Бен аны тезинен мындай абалдан сууруп чыкканга аракет кылчу. «Андай ачуулуу болбоңуз, эл алдында бир аз жагымдуу көрүнүүгө аракет кылыңыз», – деп суранчу.

Доктор Спок үйдөгү көйгөйлөрүн четке кагып жаткандай сезилчү. Анын эки уулу бири-бири менен урмат-сыйда болууга үйрөнүшкөн. Майк менен Джон атасы менен кандай гана чатак болбосун, ал купуя бойдон калган. Жаңылыктар журналдарынын жана телеканалдын кабарчылары алар менен чогуу отурууну суранышканда, алар журналисттер жана фотографтар менен чогуу ойношуп, атасынын үйдөгү жүрүм-туруму жөнүндө кыскача гана жооп беришкен.

Ал балдарына өз сүйүүсүн жана чыныгы эмоцияларын көргөзгөн эмес жана бул нерсени балдары эл алдында айта алышкан: «Биз эч качан атабызды өпкөн эмеспиз». Доктор Спок адамга караганда көбүрөөк символго жана атага караганда көбүрөөк бийликке ээ болгон; ал өз балдарынын эмоционалдык муктаждыктарын четке каккан муздак жана катаал ата болгон.

Спок өзүнүн тарбиясын айыптады. «Мен эч качан физикалык ынактыкты көрбөдүм (ата менен баланын ортосундагы так ынактык мамилени). Атам мени жакшы көрчү жана ал кандайдыр бир иш-аракеттерди жасаган, бирок физикалык ынактык жөнүндө айта турган болсом, атам кандайдыр бир учурларда мени же башка бир туугандарымды өпкөнүн эстей албайм».

Сабак: Эксперттердин теорияларын билип-билбей эле ээрчибеңиз. Мындай билим өнүгүп, өзгөрүлө берет. Эгер биз адамдык илимий ачылыштарды вахийдин жетекчилиги менен толуктабасак, анда биз адашып, пайдага караганда көбүрөөк зыян алып калабыз.

13-ИШ-АРАКЕТ: Маданият таасирин талкуулоо

Балдарыңыз менен алардын маданий шокко учураган тажрыйбаларын талкуулаңыз. Андан кийин ар бир баланы башка мамлекеттерге болгон саякаттарын же башка расаларга, диндерге жана этникалык топторго классташтарынын маданиятын түшүндүрүп берүүгө чакырыңыз.

Эгерде балдар чет жактагы туугандарына эч качан барышпаса, үй-бүлөлүк эс алууну мүмкүн болушунча көп жолу пландаштыруу сунушталат.

14-ИШ-АРАКЕТ: Чыныгы лидерлердин менталитети

Төмөнкү цитаталарды үй-бүлөңүз менен талкуулаңыз:

«Мен эң натыйжалуу лидерлер мамлекеттик кызматтарда сейрек кездешээрин байкадым. Бул эркектер менен аялдар иш-аракет үчүн мыкты күрөшкөндөрдөн эмес. Алар чыдамдуулук менен, кылдаттык менен жана акырындык менен иш алып барышат. Алар туура делген ишти кылышат.

(Вадаракко,2002)

«Лидерлер үйүр менталитетин өз жолдоочуларынын арасында өркүндөтүүнү каалашы мүмкүн, бирок алар андай ой жүгүртүүгө өздөрүн алдырбашы керек».

(Стивен Б. Лидерлик боюнча карама-каршы жетекчилигиндеги үлгү)

Жыйынтык: Популярдуулукка жана модага карабастан, туура иш кылуу маанилүү. Эмне туура жана аны ким кантип аныктай тургандыгын талкуулаңыз. Ал сизби, менби, албы, же Кудурети Күчтүү Жаратканбы?

15-ИШ-АРАКЕТ: Үй-бүлө тарыхы менен бөлүшүү

Балдарыңыз менен отуруп, алардын ата-бабалары жөнүндө билгендериңиз менен бөлүшүңүз.

Бүгүнкү күндө көпчүлүк үй-бүлөлөр үй-бүлөлүк тарыхын балдары менен бөлүшүшпөйт. Балдар ата-бабаларынын жашоосу, жетишкендиктери, кемчиликтери, жумуштары, тажрыйбасы, иши жана күчтүү жактары жөнүндө билиши керек. Балдарга тарбия берүү боюнча эксперт Нина Абдулла, өзүнүн кардарларына үй-бүлөлүк дарактарды жана генограммаларды тартууну үйрөтөт. Генограмма–- бул эне жактан жана ата жактан да болгон никелер, ажырашуулар, оору-сыркоолор жана үй-бүлө мүчөлөрүнүн ортосундагы мамилелерди чагылдырган диаграмма. Пайгамбарыбыз (с.а.в.) араб уруулларынын ата-бабалары жөнүндө муундан муунга айтып берүү салтын жана ар бир инсан өз уруусунун тукумун мүмкүн болушунча так билип жүрүшүн колдогон (Кампо 2009). Кээ бир Сомалиликтер ата-бабаларынын 20 муунун билишет жана бул билимди бөлүшүү үчүн чоң уруулардын чогулуштарына катышышат.

3-БӨЛҮМ

Жакшы тарбия: максаттарды туура коюу

- Киришүү **85**
- Туура максаттарды коё билүү: жакшы тарбияны ишке ашыруудагы алгачкы кадамдар **85**
- Максаттарга жакыныраак көз чаптыруу **87**
  Куран аяттарынан алынган максаттар: Момундардын дубасы 87
  Пайгамбарыбыз Мухаммеддин (с.а.в.) хадистеринен алынган максаттар 90
- Кофе жана үй-бүлөлүк баалуулуктар **92**
- Жыйынтыктоо **93**
- Иш-чаралар 16–20 **95**

Биз, тектүү жана күчтүү үй-бүлөлөрдү,
ынтымактуу, күчтүү жамааттарды,
түптүү жана күчтүү элдерди,
жана тынчтык дүйнөсүн кура турган
мыкты жана күчтүү балдарды тарбиялоону көздөйбүз.

Киришүү

АТА-ЭНЕЛЕР АКЫЛДУУ ТАРБИЯ БЕРИШИ КЕРЕК. Көпчүлүк ата-энелер карьераларын жана жылдык эс алууларын эң майда-чүйдөсүнө чейин пландаштырышканы менен, үй-бүлө катары маңдай-тескей олтурушуп, өздөрү үчүн план түзүшпөйт. Чындыгында, көпчүлүк өзүлөрүнүн үй-бүлөсү үчүн кандайдыр бир чыныгы ниети, максаты, умтулуусу же стратегиясы жөнүндө бир пикирге келе алышпайт. Максатсыз жашоо, белгилүү болгондой эле, чоң ийгиликтерге жетелей албайт. Жумуштан чыгаарыбыз менен үйдү көздөй жүгүрөбүз, дүкөндөргө, мектептерге шаша жөнөйбүз, майрамдан майрамга, кризистен кризиске батып, баары жакшы болот деп үмүттөнүп жашаганыбыз менен баалуу убактыбызды көз жаздымда калтырып, балдарыбыздын келечеги менен ойноп жаткандайбыз. Бизге узак мөөнөттүү максаттар жана аларды жүзөгө ашыруу үчүн стратегия керек.

Туура максаттарды коё билүү: жакшы тарбияны ишке ашыруудагы алгачкы кадамдар

Балдарды тарбиялоого болгон туура мамиле жеке адамды жана коомду бирдиктүү тутум катары карайт. Күчтүү жана адилеттүү адамдарсыз биз күчтүү коомду кура албайбыз. Мындай адамдар жок жерден келе бербейт, анткени алар социалдык биримдик чөйрөсүнө жана кызматташууга муктаж. Ата-энелердин милдети – бул Кудайдын өкүлү болгон күчтүү, ишенимдүү жана маданияттуу жарандарды жана жашоодогу миссиясы бүткүл дүйнө жүзүн өнүктүрүү жана реформалоо болуп саналган адамдарды тарбиялоо. Ансыз адамдын жашоосу максатсыз жана маанисиз. Жеке адамдардын кызыкчылыктары бул жашоону жана акыретти, руханий жана убактылуу, ошондой эле коомдук жана өздүк жашоону камтышы керек. Бул ата-энелердин балдарды тарбиялоодогу негизги багыты болуусу керек.

Биринчи максат: бактылуу үй-бүлө	**Экинчи максат: (адилеттүү) такыбаларды тарбиялоо**			
Өз-ара байланыш, Мактоо/ сындоо, Мамилелер, сезимдер, сабырдуулук/ ачуулануу, өөп-кучактоо, кубаныч, өз-ара түшүнүшүү, үй-бүлөнүн биргеликте убакытты өткөрүүсү, телевидениеге альтернатива, үй-бүлөлүк жолугушуулар, чогуу тамактануу, стресс менен күрөшүү, оюндар, спорт, ар-кыл иш-аракеттерге балдар менен жигердүү катышуу	Физикалык күч/ Ден соолук & фитнес	Инсандык касиет жана кулк-мүнөз	Билим, акылмандык , ыйман	Көндүмдөр жана адаттар
	Жубай тандоо маселеси, баланын өнүгүүсү, баланы эмизүү, мээ керемети, ден соолукка кам көрүү, туура тамактануу, машыгуу, уйку, жубайлардын никелик маселеси, жугуштуу оорулар менен ооруган адамдардан алыс болуу.	Эрдик, сүйүү, чынчылдык, эркиндик, жоопкерчиликти сезе билүү, көз каранды сыздык, чыгармачылыкты өнүктүрүү, өзүн-өзү сыйлоо, ишеним, сый-урмат, чыдамдуулук, момундук жана баш ийүү	Билим берүү/ мектептен билим алуу, үй тапшырмалар, көтөрмөлөө, кубаттоо, мүмкүнчүлүктөрдү ачуу, балдардын тартиби жана жазалоо, ишеним көрсөтүү, окшоштук, чоң үй-бүлө.	Окуу, жазуу, компьютер, унаа айдоо, жумуш, акча жана убакытты туура пайдалануу, жетекчилик, дуба кылуу (бата берүү), чечим кабыл алуу.

Келгиле анда, жакшы тарбия берүүдөгү изги максаттардын графигине көз чаптырып көрөлү. Бул жерде балалыктан бой жеткен убакытка чейинки аралыкта, принциптер менен баалуулуктарды өздөштүрүү аркылуу максаттарыбызга кандайча жетерибиз сүрөттөлгөн.

Негизинен максаттар: а) Курандын ата-энелердин терең тилек-максаттары баяндалган 25:74-аятынан жана б) Пайгамбарыбыз Мухаммеддин (с.а.в.) хадисинен алынды.

> *"Раббибиз, бизге жубайларыбыздан жана урпактарыбыздан ырахат жана бейпилдик бер жана бизди такыбалардын жол башчысы кыл!"* (Куран, 25:74)

> Адамдар минералдарга окшош [же өзүнө тийиштүү мүнөздөмөсү бар металлдарга]; Исламга чейинки [жахилият доорундагы] адамдардын эң жакшысы, эгер алар динди үйрөнүшсө, Исламдагы эң мыкты адамдар.
> (АЛЬ-БУХАРИ, МУСЛИМ)

Ата-энелер жогорудагы графикти акылга салып кайра карап чыгышы абзел, анын максаттары жана баалуулуктары менен таанышып, аларды изилдеп, андагы иш-аракеттерди жана көндүм адаттарды баштан өткөрүп туруулары керек. Бул алардын өзүнө болгон ашыкча ишенимин ооздуктап, күнүмдүк турмуш менен убараланып ата-энелик милдеттерин унутуп калбоого мүмкүндүк берет.

Максаттарга жакыныраак көз чаптыруу

1. КУРАН АЯТТАРЫНАН АЛЫНГАН МАКСАТТАР. ЫЙМАНДУУЛАРДЫН ДУБАСЫ

Момундардын улуу Аллахтан сураган бирден-бир маанилүү дубасы, аларга жубайларынан жана урпактарынан *"qurrata a'yun"* (бакытка толгон көз ка раш) берүүсүн тилешет. Курандa бул сөз айкашы алты жолу кайталанган жана анын түздөн-түз мааниси: «көзүбүздүн жайлуулугу, көзүбүзгө кубаныч, бактылуу ырахатка толгон көздөр» деп чечмеленет. Ошентип, биринчи каалоо бактылуу үй жана үй-бүлөлүк жашоо жөнүндө. Жогоруда айтылгандар өзөктүк үй-бүлөгө гана эмес, чындыгында чоң үй-бүлөгө, анын ичинде жубайы, бала-чакасы, чоң ата, чоң энеси, агалары, таежелери жана жээндерине да тийиштүү. Үй-бүлөнүн бактылуулугу төмөндөгүдөй негизги шарттарды:

ата-энелер менен балдардын ортосундагы байланышты, сүйүү жана боорукердик көрсөтүүнү, мактоону жана сын-пикирди конструктивдүү түрдө колдонууну камтыйт. Ал эми кошумча шарттар: позитивдүү маанайды калыптандыруу, сезимдерге назик жана жылуу мамиле кылуу, жылмайып, өөп, кучакташуу, балдар менен кол алышып учурашуу чогуу тамактанып, үй жумуштарын бирге жасоо, керектүү учурда тамашаларды кабыл алуу.

Момундардын Роббисинен сураган экинчи талабы – алардын жубайлары жана урук-тукуму «такыбалардын имамы» болушу. Имам жана анын көптүк «а'имма» сөзү Куранда он жолу кездешет. Ар кандай жоромолдордо «бизди такыбалардын имамы кыл» деген сөз айкашы төмөнкүчө түшүндүрүлөт: бизди башкаларга үлгү кыл, адилдикке чакыруучулардан, башкаларга жол көрсөтүүчүлөрдөн кыл, ыймандуулардын арасында жол башчы кыл, Кудайды таанып-билгендердин арасынан биринчи орунга кой.

Ошондуктан, үй-бүлөнүн экинчи милдети – такыба жана мыкты лидерлерди жана адамзатка туура жол көрсөтүүчүлөрдү тарбиялоого багытталган.

Мындан улам, лидерлик жөнүндө сөз болгондо, бийликке умтулуу дегенди эмес, тескерисинче, күчтүү, адеп-ахлактуу, жогорку деңгээлдеги лидерлик үчүн зарыл болгон дагы башка сапаттарын өрчүтүп жаткан адамдарды белгилейбиз. Баса белгилей кетчү нерсе, айрым учурда "лидер" сөзү негативдүү мааниде колдонулуп калышы мүмкүн, мында бир топтун ар бир мүчөсүнүн ушул позиция үчүн ат салышуусун айтсак болот. Албетте, бул максатка ылайык келбейт. Бир топтун бир гана расмий «лидери» болушу мүмкүн. Эгерде бул кызматка бардыгы ашык болушса, анда "жумушчулар" же "жолдоочулар" кимдер? Биздин максатыбыз – балдарыбызды принципиалдуу лидерлик сапаттарды чагылдырган мүнөзгө ээ болуусуна шыктандыруу. Статус-квону (мурнку абал) өздөштүргөн жана аны өркүндөтүп жаткан коомдун ар бир мүчөсү чыныгы лидер боло алат: мына ушундай жол менен биздин

Лидерлер кайда? Сен лидерсиң!

- Биз лидерлерди күтүп жатабыз.
- Лидерлик бул – маанилүү болуу эмес, маанилүү нерселерге кызмат кылуу.
- Ээлеген позицияңызга эмес, милдетиңизди канчалык деңгээлде мыкты аткарасыз, ушуга көңүл буруңуз.
- Лидер Кудайдан бөлөк эч ким көрбөгөн учурда да татыктуу иш алып барат.
- Ар бирибиз кимдир бирөө үчүн лидербиз, кызматкергеби, жубайыбызгабы, уулубузгабы... Демек, сен лидерсиң!

Ырастап кетүүчү нерсе, лидерлик бул – бийликке, кадыр-баркка, кызматка же акчага умтулуу дегенди билдирбейт. Ошондой эле алар үстөмдүк кылуу жана башкаруу жөнүндө окутуу да эмес. Тескерисинче! Сунуш кылынган нерсе – балдарды кең пейилдүүлүк, момундук жана өзүлөрүн коомдун активдүү жана баалуу мүчөлөрү катары кабыл алган максаттарда тарбиялоо. Жашоону оорчулуксуз кабыл алган адамдар өздөрүнүн ой-пикирин билдиришип, артыкчылыктарын ишенимдүү түрдө орното алышат, алар жогорку максаттарга жетүүдө аз натыйжаларды тоскоолдук деп эсептешпейт. Коомдон өзүлөрүнүн ишеними жана расасы тууралуу колдоо таба албаган балдар, эч убакта ошол коомго татыктуу кызмат кыла алышпайт. Биз жашап жаткан коомдун мүнөзүн эске алганда, бул сапаттарга маани бериш керек. Эгерде кимдир бирөө балдарын өзүнө ишенимдүү инсан кылып тарбиялабаса, туура жолдо жүрүүгө үйрөтпөсө, анда аларды жолдон адаштыруу, туура эмес багытка буруу алдаганча жеңил.

Лидер башка адамдарды жана алардын жумушун белгилүү бир максатка карай жетектейт. Ал эми, *Мураббий* адамдарды максаттарын жүзөгө ашырууга даярдайт жана окутат. Мисал келтирсек, Пайгамбар Мухаммед (с.а.в.) аскерлерди жетектөө үчүн Амру ибн аль-'Асты жана Убайда ибн ал-Жарраны тандап алган, ал эми Муса ибн Умайды Мединага , Муаз ибн Жабалды Йеменге окутуучу, жетекчи, насаатчы катары адамдарды туура жолдо тарбиялоо үчүн жиберген.

КУРАНДА “ЛИДЕР” СӨЗҮ КОЛДОНУЛБАЙТ. БУЛ СӨЗ ТӨМӨНДӨГҮДӨЙ ТЕРМИНДЕР МЕНЕН АЛМАШТЫРЫЛГАН:

Жетекчи, пастор , кароолчу **RA’I** . / Райи
Тренер, тарбиячы **MURABBI**/ Мураббий
Эң мыкты адам,үлгү болчу адам **IMAM**/ Имам
Тарбиячы **MU’ADDIB**/ Муаддиб
Мугалим **MU’ALLIM**/ Муаллим
Жетекчи, устат **MURSHID**/Муршид
Треннер **MUDARRIB**/ Мударриб

Көптөгөн пайгамбарлардын, алардын ичинде Шу'айб, Муса, Иса жана Мухаммед, Аллахтын аларга мээрими болсун, белгилүү бир учурларда кой багуучулар болгону бекеринен эмес. Бул жумуштун өзү кол алдындагыларга болгон боорукердикти, камкордукту билдирет. Биринчиден, бул момундуктун белгиси . Бул балдарды тарбиялоодо негизги жана маанилүү сапаттар эмеспи. Демек, лидер бул – койчу (мээримдүү жетекчи), насаатчы, машыктыруучу жана окутуучу.

Жетекчи же койчу?

«Лидер» *(qa'id)* сөзү ар кандай тармакта колдонулат, бирок Куранда кездешпейт. Анын ордуна, хадисте «койчу» сөзү колдонулат: Баарыңар койчусуңар жана кол астындагыларыңар үчүн жооптуусуңар. Имам (б.а. аким) кол астындагылардын койчусу жана алар үчүн жооп берет, ал эми эркек өз үй-бүлөсүнүн койчусу жана алар үчүн жооп берет. Кул кожоюнунун мал-мүлкүн кайтарат жана алар үчүн жооптуу. Эркек атасынын мүлкүн кайтарат жана ага жооптуу. Баарыңар койчусуңар, өз камкордугуңардагы нерселер үчүн жооптуусуңар. (БУХАРИЙ)

2. ПАЙГАМБАРЫБЫЗ МУХАММЕДДИН (С.А.В..) ХАДИСТЕРИНЕН АЛЫНГАН МАКСАТТАР

Пайгамбарыбыз Мухаммед (с.а.в..) мындай дейт:
Адамдар минералдык заттарга (металлга) окшош; исламга чейинки сабатсыздык доорундагы адамдардын эң жакшысы, эгер алар түшүнүп жатса, ислам доорундагы эң мыкты адамдар. (Аль-Бухари жана Муслим)

Бул хадистен көп нерсени билүүгө болот. Маанилүү сабак – инсандын мүнөзү жаш чагынан калыптануусу керек, бул хадисте айтылгандай, мусулман жана мусулман эместигине карабай бардык адамдарга тиешелүү. Эр жүрөктүк, чыгармачылык, чынчылдык, сүйүү жана ишенимдүүлүк ислам келгенге чейин эле көптөгөн адамдарда болгон. Мындай мүнөздөгү өзгөчөлүктөргө ээ адамдар эң мыкты адамдар. Ислам ыйманды, акылмандыкты, билимди жана Кудайдын жетекчилигин кошумчалайт. Пайгамбарыбыз бизге: "Эң мыкты мүнөздөгү" мушриктер исламды түшүнсө, эң мыкты мүнөздүү мусулман боло алат", – деп айтып жатат.

Мыкты мушрик - исламды түшүнөт жана аңдай алат, ал эң мыкты мусулман.

Кээ бир мусулмандар улуу мусулмандардын кайраттуулугун, чынчылдыгын жана ишенимдүүлүгүн (мисалы, Умар ибн аль-Хаттаб жана Халид ибн Валид) Исламды кабыл алгандан кийин келип чыккан деп эсептешет. Чындыгында алар Исламга кирерден мурун эле кайраттуу, чынчыл жана ишенимдүү болушкан. Болгону ислам алардын мурун болгон жакшы мүнөзүн акылмандык менен толуктап койду.

Бул хадис кулк-мүнөзгө басым жасайт. Ден соолугунун чың болушу жана физикалык даярдык сыяктуу ыймандууларга мүнөздүү болгон өзгөчө шарттар бар (айрыкча, кош бойлуулук жана бала эмизүү учурунда). Спирт ичимдиктери, баңги заттар, тамеки тартуу жана никесиз жыныстык катнаш – кош бойлуу энеге жана айрыкча төрөлө элек балага орду толгус зыян алып келет . Болочок энелер дарыгердин кеңешинен башка дары-дармек ичүүдөн алыс болуусу керек. Андан тышкары, алар жакшы тамактанууга

жана жетиштүү уйкуга муктаж. Вирустук жана бактериялык инфекциялардан сак болуусу жана коргонуусу керек.

Биз балдарыбыздын мүнөзүндөгү кайраттуулукту, чынчылдыкты, чыгармачылыкты, ишенимди, татыктуулукту, сүйүүнү жана жоопкерчиликти өнүктүрүүгө умтулабыз. Бирок алардын өнүгүү мүмкүнчүлүгү чектелген. Биринчи беш жыл ичиндеги ата-эненин балага болгон мамилеси, камкордугу чечүүчү маниге ээ. Андан тышкары, ата-энелер балдардын окуу, жазуу, сүйлөө, айдоо, сүзүү жана компьютерди колдонуу көндүмдөрүнө ээ болуусуна шарт түзүп берүүсү абзел. Ошондой эле, балдарды чыдамдуулукка, башкаларды урматтоого жана өз алдынча чечим кабыл алууга үйрөтүүбүз керек. Бул көндүмдөр канчалык эрте өздөштүрүлсө, алар ошончолук көп пайда алып келет жана балдар үчүн жакшы мүмкүнчүлүктөрдү ачып берет.

Пайгамбарыбыз Мухаммеди (с.а.в.) достору жана душмандары чынчыл жана ишенимдүү деп сыпатташкан. Бул сапаттар Мухаммеддин (с.а.в.) пайгамбарлыкка чейин эле негизги мүнөзү болгон. Ной (Нух), Жонах (Юнус), Авраам (Ибрахим), Ишмайл (Исмаил), Моисей (Муса), Саул (Талут), Иисус (Иса), Жозеф (Юсуф), Жоб (Айюб), жана Якуб (Жакып) (бардыгына салам болсун) пайгамбарларды сүрөттөдө, жогоруда хадисте айтылган мыкты сапаттар кайра эле кайталанат. Муса пайгамбар «күчтүү жана ишенимдүү» болгон. Жусуп пайгамбар «билимдүү, кесипкөй жана ишенимдүү адам» деп мүнөздөгөн. Бул сүрөттөмөлөр лидерликтин маанилүү сапаттарын камтыйт: күч (дене-бой жана мүнөз), кесипкөйлүк (билимди жана көндүмдөрдү талап кылган) жана ишенимдүүлүк. Жыйынтыктап айтканда, Куранда айтылган 25 пайгамбар чынчыл, акылдуу, билимдүү, кайрымдуу, боорукер, күчтүү, ишеничтүү, чыдамдуу жана убадаларын так аткаруучу катары сүрөттөлөт. Балдарды тарбиялоо жана өнүктүрүү үчүн бизге ата-энелерден ушул негизги сапаттар керек, пайгамбарлык сапаттар! Төмөнкү Куран аяттарына көңүл буруңуз:

Китепте (Ысмайылдын) окуясын да эстегиле: Ал убадасына бекем турду жана элчи жана пайгамбар болгон. *(Куран, 19:54)*

[Жусуп): «Мени бул жердин кампаларына башчы кыл, мен чындыгында ишеничтүү жана билгичмин», – деди. *(Куран, 12:55)*

Ал (Муса) толук жашка жетип, бекем болгондо, ага акыл жана илим бердик. Жакшылык кылгандарды ушинтип сыйлайбыз. *(Куран, 28:14)*

Кыздардын бири мындай деди: “Оо, кымбаттуу атам! Аны [Мусаны] жалданма жумушка ал! Чындыгында, силер үчүн эң жакшы адамдар – күчтүү жана ишеничтүү”. *(Куран, 28:26)*

Ал (Талут): «Аллах аны силерден жогору тандап, ага илим жана дене күчү менен көп мүмкүнчүлүк берди. Аллах Өз бийлигин каалагандарына берет. Аллах бардыгына кам көрөт жана Ал – баарын билүүчү. *(Куран, 2: 247)*

Эми силерге араңардан бир элчи келди (Мухаммед), ал силердин өлүмүңөргө азап чегет. Ал силер үчүн абдан тынчсызданат. Ал – момундар үчүн эң боорукер жана кайрымдуу. *(Куран, 9: 128)*

Кофе жана үй-бүлөлүк баалуулуктар

Бир ата-эне чоң бош кутучаны алып, аны гольф топторуна толтурду. Андан соң балдарынан: “бул кутуча толдубу”, – деп сурады. Алар “ооба” деп жооп беришти. Андан кийин ал бир нече майда таштарды кагаз баштыктан алып, гольф топтору толтурулган кутучага кайрадан салып, аны жеңил-желпи чайкады. Таштар гольф топторунун ортосундагы ачык аянтчаларга жайылып кетти. Балдарынан кутучада дагы бош орун бар же жок экенин сурады. Албетте, кутуча эбак эле топ жана майда таштар менен толуп калган болчу, андыктан, балдардын жообу бизге маалым, кутуча толду. Андан кийин ата-эне бир ууч кумду алып, кутучага себелетип жиберди. Кум да калган боштуктарды ээлеп, кутучага батып кетти. Кайра эле баягы суроо жана баягы эле жооп “ооба , атаке, бу сапар биздин куту толду”. Эң аягында ата-эне столдун үстүндөгү эки чыны кофени алып, кумдун ичинедеги бош орунду толтуруп, идишке куюп жиберди. Балдар таңыркап, күлүп калышты.

“Эми, – деди ата-эне, – бул кутуча силердин жашооңор деп элестеткиле. Гольф топтору – маанилүү нерселер: сыйынуу, силердин келечектеги жубайыңар жана балдарыңар, ден соолук, досторуңар жана жолдошторуңар, эгерде ушуларды гана маанилүү деп билип, калган майда нерселерди турмушуңардан чийип салсаңар, анда жашооңор толук боло албайт. Майда таштар – бул жумуш, үй-жай, малмүлк жана унаа сыяктуу маанилүү нерселер. Кум – көңүл ачуу жана биздин күнүмдүк турмушубузда болуп жаткан бардык майда-барат нерселер.

Эгер кумду кутучага биринчи салып койсоң, анда ташка же гольф топторуна орун калмак эмес. Өмүр үчүн дагы ушундай. Бардык убактыңды жана күч-кубатыңды майда-чүйдө нерселерге жумшап, маанилүү нерселерге орун таппай калгандай. Акыреттеги ийгиликтериң жана бул дүйнөдөгү бактылуулук үчүн маанилүү нерселерге көңүл бургула. Көбүнчө дуба кылып, кайрымдуулук иштерин көбөйткүлө. Убакытты туура пайдаланып, балдарыңар менен ойногула. Ден соолукка олуттуу кам көргүлө. Жубайыңар менен анда-санда болсо да кечки тамактанууга барып келгиле. Изденүүгө жана окууга убакыт бөлгүлө. Ал эми үйдү тазалоо жана кол жуугучту оңдоо үчүн ар дайым убакыт табылат.

Адегенде гольф топторуна, чынында эле маанилүү нерселерге кам көрүүңөр абзел. Артыкчылыктарыңарды орното билгиле. Калганы жөн гана кум”. Балдардын бирөөсү кофенин эмнени билдирээрин сурады. Ата-энеси жылмайып , “Сураганыңа абдан кубанычтамын. Жашооңор канчалык татаал болбосун, досуңар же жакын адамыңар менен бир-эки чыны кофе ичүүгө ар дайым убакыт бар экендигин көрсөтүп жатам”.

Жыйынтыктоо

Жакшы кабар менен бөлүшөбүз

Бул бөлүмдө максаттар жана милдеттер жөнүндө маселе кеңири каралып чыкса дагы, бардыгы айтылып, аткарылганы менен, максат коюу – бул максатка жетүү үчүн гана керектелүүчү нерсе. Ал эми, адилеттүү балдарды тарбиялоо — актуалдуу маселе катары , ар дайым эс-акылыбыздын түпкүрүндө сакталуусу керек. Бул балдардын келечекте ата-энелик милдетин аткарууда мыкты сапаттарды азыртан өздөштүрүүсүнө түздөн-түз таасир этет.

Балдарыбыз алдыга койгон максаттарына жетүүсү үчүн, биз өзүбүздүн мүнөзүбүзгө жана жүрүм-турумубузга көңүл бурушубуз керек.

1) Тартиптин, шыктандыруунун жана мүмкүнчүлүктөрдүн кеңейтилишине ылайыктуу тең-салмактуулукту колдонуңуз.

2) Биз тараткан маалыматтарды мүмкүн болушунча иш жүзүндө колдонуңуз. Ката кетирген учурда, катаңызды мойнуңузга алып, кечирим сураңыз.

3) Жогоруда айтылгандарды ишеним жана дубалар менен толуктаңыз. Кудуреттүү Кудай чын ыкластуу адамдарга жооп берет жана аларга өз жолу менен жана өз убагында жардам берет.

Ыйык Китепте:

> ***«Балага кандай жол менен басуу керектигин үйрөткүлө жана ал улгайганда да ал жолдон чыгып кетпесин»***
>
> (Накыл сөздөр, 22:6)

Бул дүйнөнүн келечеги жана анын коопсуздугу көбүнчө анын келечектеги муундарынан көз каранды. Тарбиянын коомду реформалоодо жана аны калыбына келтирүүдө ролу абдан чоң жана анын кесепеттерин көз жаздымда калтырууга болбойт. Адамзат чоң коркунучтарга жана кыйынчылыктарга дуушар болууда, биз бала тарбиялоодогу ата-энелик милдеттерибизди мыкты деңгээлде өздөштүрүп жана аны иш жүзүндө колдонушубуз керек. Биздин балдар – келечектеги ата-энелер, алар да өз баалуулугун өз балдарына үйрөтүшөт, ошентип дүйнөгө тынчтык, акыйкаттык жана туруктуулук алып келе турган айлампаны башташат. Жашоо дем алуунун саны менен эмес, дем алып жаткан учурлар менен өлчөнөт.

ИШ-АРАКЕТТЕР

16-ИШ-АРАКЕТ: Үй-бүлөнүн жашоо чөйрөсүн талкуулоо

Үй-бүлөнүн ар бир мүчөсүнөн төмөнкү суроолорго жооп берүүсүн сураңыз:

Үйгө киргенде өзүңүздү бактылуу сезесизби?
Үйдөн чыкканда өзүңүздү бактылуу сезесизби?
Үй-бүлөңүздү бактылуу кылуу үчүн эмне кылсаңыз болот?

Үй-бүлөдөгү бактылуулукка жетишүү үчүн, ар бир үй-бүлө мүчөсүнөн жок дегенде бир нерсени аныктаңыз.

17-ИШ-АРАКЕТ: Балдарыңызга үйрөтүңүз

Төмөндөгү нерселерди карап чыгып, аларды балдарыңызга кантип үйрөтүүнү талкуулаңыз. Балдарыңыздын тарбиясында жетишпеген маселелерди чечиңиз.

- Өздөрү жакшы көргөн гүлдү кантип отургузушу керек (балдарыңыз топурак, жер казып, суу түтүктөрү менен ойногонду жакшы көрүшөт)?
- Таштандыларды чыгарбоо.
- Сиздин жумушуңузга кантип чалса болот?
- 911 (999 же улуттук тез жардам номери) номерин кантип, качан жана эмне үчүн терүү керек?
- Карыз алган нерсесин кайтарып берүү.
- Башкаларды мактоо.
- Башкаларга зыян келтирбөө. Жаныбарлардан коркпой, тескерисинче, аларга аяр мамиле жасап, баалай билүү.
- Алардын сөзүн өз ара байланыштыруу.
- Өз башаламандыгын оңдоо.
- Бөлүшүү жана кам көрүү. Биргелешкен кубаныч – эки эселенген кубаныч жана орток кайгы – жарым кайгы!
- Бийликти сыйлоо керек, бирок андан коркуунун кереги жок.
- Ар кандай расадагы жана түстөгү балдар менен, атүгүл кыргызча сүйлөбөгөндөр менен достошуу.
- Коопсуздук чектеринде жаңы нерселерди сыноодон коркпоңуз.

- Адашып кетсе, өзүн кандай алып жүрүү керек?
- Кантип жеңишке жетүүгө болот?
- Эгер балаңыз бир нерсеге шыгы жок болсо да, ал нерсени аткаруу менен ырахат ала алат.
- Кыйынчылыкка кабылганда, колунан келгендин баарын жасап, Кудайдан жардам издөө.
- Сатып алаардан мурун баалардын төмөндөшүн күтүү.
- Кирди жууп, кайра аны кантип текчеге иреттеп жыйнаса болот?
- Китептер менен достошуу.
- Үйгө өз убагында келүү, кечигип калса ар дайым чалып эскертүү.
- Колдонулбаган буюмдар менен бөлүшүү.
- Кандайча тыкан жана татынакай болуу керек?

Ата-энелер:

- Балаңызга «ыйлаба» деп айтпоо; андан эмне үчүн ыйлап жаткандыгын суроо.
- Колуңуздан келсе дагы, балаңызга ар бир каалаган нерсесин сатып ала бербеңиз.
- Балаңыздын каталарын сындабаңыз, бирок алардын аракетинин жоктугун эскертиңиз.
- Балаңызга ишениңиз.
- Балаңыздын көзүнчө жубайыңызды сындабаңыз.
- Балаңыздын бөлмөсүнө телевизор же компьютер койбоңуз.
- Балдарыңыздын узак убакытка телевизор көрүүсүнө тыюу салыңыз, анын ордуна өнүктүрүүчү оюндарды ойнооңуздарды сунуштайбыз.

18-ИШ-АРАКЕТ: Араб маданиятындагы айрым туура эмес макалдары

Ата-энелер араб маданиятында колдонулган айрым бир туура эмес макал-лакап, учкул сөздөрдү балдарына түшүндүрүп жана четке кагуулары керек. Бул макалдар өзүн-өзү жемелөө, өзүмчүлдүк, көңүл коштук жана эки жүздүүлүк сапаттарды камтыган.

Эгер карышкыр болбосоң, сени карышкырлар жеп кетмек. [Эң үстөмдүккө жана агрессивдүү жүрүм-турумга үндөйт]
Тиштелбеген колду өбүү керек. [Эки жүздүүлүктү билдирет]
Мага эмне, мага баары бир! [Өзүмчүл көз караш, кайдыгер мамиле]
Эгер суусап өлсөм, бул жерге экинчи жамгыр жаабасын. [Эске албоо]
Сиз жактырган адамдардын жамандыгынан сак болгула. [Терс мамиле]

19-ИШ-АРАКЕТ: Чыныгы достукка негизделген дүйнө тааным

Төмөндөгү хадисти балдарыңызга түшүндүрүп бериңиз, андан соң, башыңыздан өткөн, көңүл оорутуп, кол жууп кеткен достошууларыңыз тууралуу баяндап бериңиз. Пайгамбарыбыз Мухаммед (с.а.в.) айтты:

> «Кудайдын бир топ жаккындары бар, аларга пайгамбарлар жана шейиттер да көз артышат». Алар: «Йа, Алланын Элчиси, булар кимдер?» – дешти. Ал: «Алар бири-бирин байлык же үй-бүлөлүк байланыш үчүн эмес, Аллахтын нуру үчүн сүйгөн адамдар. Алардын жүздөрү жарыкка толгон, алар жарыктын кутучаларындай. Эл корккондо, алар коркушпайт, эл кайгыга батканда, алар капа болушпайт». Кийин Пайгамбарыбыз: «Оо, чындыгында, Аллахка жакындар! Алардан коркуунун кереги жок жана алар кайгырышпайт» деди. (Абу Дауд)

20-ИШ-АРАКЕТ: Үзгүлтүксүз өткөрүлүүчү үй-бүлөлүк жыйындар

- Үй-бүлөдөгү адамдардын саясий, социалдык жана экономикалык абалын талкуулоо үчүн айына бир жолу үй-бүлөлүк жолугушуу өткөрүңүз.
- Мындай кызуу талкуудан улам, үй-бүлөңүздө стресске жана капалануунга ж.б эч кандай негиз жок экендигин текшериңиз.

4-БӨЛҮМ

Эң негизги максат: Кудайды сүйгөн балдарды тарбиялоо

- Киришүү **100**
- Балдарыбызды ыйманга тарбиялоонун азыркы жол-жоболору **101**
- Коомдук иштерге катышуунун жетишсиздиги **102**
- Жеке жоопкерчиликтин жоктугу **106**
- Бурмаланган маданият: артта калуучулук жана ырым-жырымдар **107**
- Тең салмактуу жол: акылдуу мамиле **109**
- Балдарды Куранды сүйүүгө үйрөтүү **110**
- Балдарды намазга үйрөтүү: Кудайды зикир кылуу **113**
- Балдарга *Таубаны* (тообо кылууну үйрөтүү) үйрөтүңүз **113**
- Балдарга Пайгамбарыбыз Мухаммед (с.а.в..) ж.б. пайгамбарлар тууралуу түшүнүк берүү **114**
- Балдарды *адабга* үйрөтүү (адеп-ахлакка үйрөтүү) **114**
- Балдарыңызга алгач эмнени үйрөтүү керек: алар Кудайды сүйөбү же Кудай аларды сүйөбү? **115**
- Иш-аракеттер 21–25 **117**

Киришүү

МУРУНКУ бөлүмдө биз ата-энелердин балдарды тарбиялоодо койгон негизги максаттары жана баалуулуктары жөнүндө бир нече жолу талкууладык. Бирок өзгөчө маани берүүнү талап кылган бир жалпы максат бар: Кудайга ишенүү. Кудайды *билген* балдарды тарбиялоо менен Кудайды *сүйүп*, түшүнүп жана аны таанып билген балдарды тарбиялоодо айырмачылык бар. Аллахты таанып билүү – башка бардык баалуулуктардын гүлдөп өсүшүнө жана чыныгы ийгиликтин биз тарапта болушуна негиз болот.

Биздин балдарыбыз менен болгон убактыбыз чектелүү гана, алар бат эле бой жетип калышат. Алардын руханий байлыгы жана адеп-ахлагы кандайдыр бир жол менен өзүнөн-өзү чечилет деп үмүттөнүп жүрө бербей, өзүбүздү колго алып, убактыбызды туура колдонуп, эреже, графиктерди түзүшүбүз кажет. Тарбия маселесин кийинкиге же кимдир-бирөөгө ишенип калтырууга болбойт, бул ата-эненин милдети.

Биз жашап жаткан коом ар дайым, Кудайды жашообуздан четтетүүчү ой жүгүртүүлөрдү таңуулаган теңдешсиз рационализмге жол ачып келет. Андан сырткары, Кудайды арткы планга түрткөн мектептер жөнүндө да унутпаңыз.

Балдарыбызды ыйманга тарбиялоонун азыркы жол-жоболору

Мусулмандардын азыркы жашоосундагы адашкан диний мамилени формализм жана легализм деп мүнөздөөгө болот жана бул маселенин мусулман балдарынын тарбиясына тийгизген таасири чоң. Азыркы учурдагы үстөмдүк кылган диний маданият жашоону эки негизги иш-аракеттерге бөлүштүрөт: диний ырым-жырымдар *(ибадат)* жана ишкердик мамилелер *(му'амалат)*. Диний ырым-жырымдар жагынан алганда, диний билим берүүнү жөнөкөй каада-салттар менен: даарат жана беш убак намаз, Рамазан айында орозо тутуу, зекет берүү менен чектеп, мусулман элинин бала тарбиялоо маданиятына таасир тийгизүүдө. Ошондой эле, ал социалдык мамилелерди, анын ичинде нике келишими *(заваж)*, ишкердик келишимдер *(укуд)*, расмий адеп-ахлак *(адаб)* жана негизги ишенимдерди (*калима* же *шәһадах*) жаттоону катуу көзөмөлгө алат. Бул ишенимди жүргүзүүнүн легалисттик жолу.

Мындан тышкары, мусулман ата-энелер жана үй-бүлөлөр коомдун башка мүчөлөрүнүн алдында моралдык жоопкерчиликтер жөнүндө эч нерсе ойлонбостон, коомдук- үммөттүк милдеттердин жана отчеттуулуктун маанилүүлүгүн этибарга алышпайт. Натыйжада, балдарды жарандык иштерге катышууга үндөшпөйт жана алар намаздын негиздерин үйрөнүп, Куранды окушса, ата-энелер өзүлөрүнөн ыраазы болушуп, милдеттерибизди толук аткарып жатабыз деп ойлошот . Мындан улам, балдар жеке ырым-жырымдарды аткаруу бул – жашоонун негизи деп ойлоп калышат жана коомдун алдындагы милдеттерин ырымдарды аткаруу менен чектеп коюшат. Бул индивидуалдык эгоисттик жашоо образына, жөн гана күн кечирүүгө жана коомдук терс мамилеге алып келиши мүмкүн. Тилекке каршы, бул кайдыгерлик чоң кесепеттерди алып келет, анткени, акыр-аягы барып, коомду жана коомдук жашоону кыйратат . Натыйжада адамзат жеңилүүгө дуушар болот.

Чындыгында, сыйынуу *(ибадат)* – кенен түшүнүк, ал бир эле намаз окуу, орозо, зекет берүү менен гана чектелбейт , ислам мыйзамына (мусулманчылыкка) ылайык мусулмандын жашоосунда талап кылынгандай: жамандыктан алыс болуу, коомдук күрөшкө катышуу, башкаларга кам көрүү, жардамга колун созуу, коомго пайдалуу жаран болуу сыяктуу милдеттери жана баалуулуктары бар. Эгер бул сапаттар мусулмандардын эмоционалдык курамында *(вужданында)* терең тамырлашпаса, анда алар ушул кайдыгерликти өз балдарына өткөрүп беришет жана ошону менен каргашалуу кайдыгерлик айлампасын улантышат. Демек, диний билим берүүнүн ыраатсыздыгы жана кемчиликтери бар, ал ырым-жырымдарды аткарууну негизги

максат катары көрсөтүп, ички өнүгүүнү жана коомдук тынчсыздануу эске албагандыгында. *”Ибадат”* сөзү чындыгында *зикирди* түшүндүрөт, бул Жаратканды эстөө жана адилеттүүлүктү, жакшы жүрүм-турумду орнотуу үчүн байланышуу дегенди билдирет.

Коомдук иштерге катышуунун жетишсиздиги

Тилекке каршы, бир жагынан мусулман аалымдары менен ойчулдарынын, экинчи жагынан заалым жана коррупцияга аралашкан саясий лидерлердин ортосундагы тарыхый тирешүүлөрдөн жана поляризациянын кесепетинен коом дагы деле арыла элек. Мусулман юристтери коомдук жашоодон четтетилген, ошондуктан коомдук жана саясий маселелерге көңүл бурбай, негизинен, адамдардын жеке жашоосу менен алектенишкен. Ошентип, коомдук иштер, ак ниеттүү, калыс башкаруу, саясий иш-аракеттерге аралашуу, консультация, жарандык милдеттер, социалдык акыйкаттыкты издөө жана бир туугандык мамилени орнотуу тажрыйбалары тийиштүү маниге ээ болгон жок. Бул көрүнүштөр исламдык дүйнө таанымды бурмалады. Коомдук маселелерге пассивдүү мамиле Үммөт командасынын рухуна таасирин тийгизип, коомдун көңүлүн буруу үчүн зарыл болгон топтук байланышты алсыратты. Цивилизацияны жеке адамдын кызыкчылыгына маани берүү менен өнүктүрүүгө мүмкүн эмес; аны социалдык жана коомдук көйгөйлөргө басым жасоо менен толуктоо керек. Башкача айтканда, *истихлаф* (адамзаттын камкордугу) бизден, муундан муунга *«имран»* миссиясынын (жалпы жакшылыкка негизделген цивилизацияны) улам өнүккөн вариантын өткөрүп берүүбүздү талап кылат. Ислам *фиқхинде* (юриспруденциясында) жеке жана үй-бүлөлүк мыйзамдарга кам көрүү – негизги талап болуп саналат, бирок бул цивилизацияны орнотуучу коомду өстүрүп чыгуу үчүн жетиштүү эмес.

Мындай дискурс пассивдүү, баш ийген адамдардын жана жамааттардын пайда болуусуна алып келет. Салттуу, формалисттик жана легалисттик маданиятта тарбияланган коом даарат алып, намаз окуп, орозо тутуп жана ажылык ибадаттарын туура аткарат, бирок, тилекке каршы, алар жакшы жарандыкка, коомдук иш-чарага катышууга жана коомго кызмат көрсөтүүгө умтулушпайт. Жеке жана коомдук милдеттерин өз мойнуна алуунун ордуна, Өкмөттөн көз каранды болуу – алар үчүн алда канча жеңилдик болуп эсептелинет. Алар өкмөткө даяр жумушчу күч болуп берет. Бул алардын өздөрүнүн келечеги жөнүн-

дө чечим кабыл алуу, өзүнө кам көрүү мүмкүнчүлүгүнөн пайдалана албаганынан кабар берет. Башкача айтканда, кош көңүлдүк коомдо активдүү болуу мүмкүнчүлүгүнөн арылтат. Ушундай жол менен тарбияланган балдар эркин, адеп-ахлактуу, новатордук ойчул, жамаатык жумушчулар же коомдук прогресстин пионерлери боло алышпайт.

Катаал саясий жана диний бийликтин тушунда жашаган адамдар оор жагдайдан жапа чегишет. Социалдык өзгөрүүлөрдүн ордуна, алар оорулуу коомду жана кыйратуучу жүрүм-турумду жаратат, бул алардын айлана-чөйрөсүнөн, экономикалык абалынан жана социалдык кыйынчылыктарынан айкын көрүнүп турат. Алар пайыздык- банктык эсептерден баш тартышканы менен, жалганчылык жана алдамчылык шарият өкүмдөрүнө карама-каршы келсе дагы, алар киреше салыгы боюнча декларацияны жана зекетти төлөөдө алдамчылыкка барышат. Бажы органдарынын кызматкерлерин ийгиликтүү аткезчилик менен алдап кетишкенде, алар өзүлөрүнүн жеңишин сезишет, анткени алардын бажы салыгы таасирдүү чиновниктер тарабынан туура эмес колдонулуп же уурдалганын алдын ала билишет.

Айрым ата-энелер баланын төрөлгөн кезинен баштап, чоңойгонго чейинки өзүмчүлдүгүн баса белгилешет. Балдарды башкаларга кам көрүүгө жана аларга боорукердик менен мамиле кылууга, айрыкча, жакыр жана муктаж адамдарга, ошондой эле айлана-чөйрө үчүн жоопкерчилик сезимин өстүрүүгө үйрөтүүнүн ордуна, балдардын кийим-кечесине көбүрөөк көңүл бурушат. Көпчүлүгүбүз балдарыбыз оңой эле бузуп кое турган кымбат баалуу оюнчуктарды сатып алышыбыз мүмкүн, бирок, ошол эле учурда, жолдо жакыр бала тамак-аш жана кийим-кечек сурап кыйналып жатпайбы.

Жашоого болгон мындай көз караш биздин коомго жана коомдук жашообузга залакасын тийгизди. Мисалы, Бангладештеги Улуттук күн Бангладештин Пакистандан бөлүнүшүн билдирет деп кантип түшүндүрө алабыз? Качандыр бир убакта бири-бирине душман болгон Европа мамлекеттери азыркы учурда жалпы кызыкчылыктарын көтөрүү үчүн биригип, кызматташып жатышат. Эмне үчүн анда башкалар бөлүнүүнү майрамдашууда? Бразилияда көптөгөн этникалык, диний жана тилдик топтор бар, алардын ар биринин өзүнүн экономикалык, социалдык көйгөйлөрүнө карабастан, өлкөдө ынтымак жана биримдик өкүм сүрөт. Ошол эле

учурда, Мусулман жана Араб өлкөлөрү, алардын тилдери, маданияты жана жалпы кызыкчылыктарынын окшоштугуна карабастан, ыдырап талкалануда. “Жаңжалдашкан “ Араб мамлекеттери жана “кедей” мусулман өлкөлөрү өз жарандарына анчейин көп жардам бере беришпейт. Дүйнө жүзү боюнча мусулмандардын саны өсүүдө, а бирок, дүйнөлүк аренада алардын абалы көңүл кубантаарлык эмес. Мусулман дүйнөсүнүн бөлүнүшүнө, ынтымагынын ыдырашына, майдаланып, коомдон обочолонушуна дин себепчи болушу мүмкүнбү? Мусулмандар өз динин туура эмес түшүнүп жатышабы?

Үммөттүн менталитетинде жарака бар. Ар бир адам өзү жөнүндө гана ойлонуп, өзүнүн үй-бүлөлүк жана жеке кызыкчылыгын сактоого аракет кылып калды, ал эми тууган-туушкандын, коңшу-колоңдун жана коомдун башка мүчөлөрүнүн кызыкчылыктары эске алынбай жатат. Мусулман маданияты өзүнүн коңшулук сезими жана биргелешип иштөө руху менен башка маданияттардан айрымаланып туруунун ордуна, тар чөйрөдө ойлонуп, бурмаланып бараткансыйт.

Бул абалды байкап көрүңүз, коомго өзүнүн бардык байлыгын тартуу кылган Абу Бакрдын маанайы кандай болгон? Пайгамбарыбыз Мухаммед (с.а.в.): «Үй-бүлөңө бир нерсе калтырдыңбы?» – деп сураганда, ал: «Мен аларга Аллахты жана Аллахтын Элчисин калтырдым» деп жооп берди. Абу Бакрдын бул аракети Аллахка болгон терең ишенимин билдирет, ошону менен бирге ал Пайгамбарыбыздын жана коомдун анын үй-бүлөсүнө ар дайым кам көрүүсүнөн күмөн санаган эмес. Эгер Абу Бакрда Аллахка болгон ишеним болбогондо, анда ал байлыгынын көп бөлүгүн сактап, анын бир аз бөлүгүн гана элге тартууламак.

Мусулман дүйнөсүнүн учурдагы бактысыз абалын, анын чоң аймакты ээлеп, андагы ар башка тилде сүйлөгөн көп түрдүү этникалык топтордун бири-биринен өтө эле алыс жайгашканына, же аларды эзүүчү режимдер башкарып жаткандыгына, же колонизатор тарыхына дуушар болгонуна байланыштырбоо керек. Ислам дини тынчтыкта жашоону жана социалдык гармонияны жайылтат. Бүгүнкү күндө мусулмандар дүйнө калкынын төрттөн бир бөлүгүн түзөт. Алардын ыдырап, бөлүнүүсүнө дин себепчи эмес. Анткени, ислам биримдикке, бир туугандыкка жана боорукердикке үндөйт. Муну саясий жана экономикалык факторлорго да байланыштырууга болбойт, анткени экономикалык жана саясий төмөндөө себеп эмес, ал симптом. Анда мусулмандардын бактысыздыгына эмне күнөөлүү болду? Жоопту Куран аяттарынан издеп көрөлү:

Чындыгында, Аллах, адамдар өзүлөрүнүн ниетин өзгөртмөйүнчө, алардын абалын өзгөртпөйт.
(Куран, 13:11)

Бул ойду жетиштүү деңгээлде кантип түшүндүрсөк болот... элдин начар абалы бул сырткы факторлордон эмес, ички дүйнөсүнөн көз каранды. Демек, Куранды түшүнүп, ички дүйнөбүздү өзгөртүү менен гана жашообуздун абалын өзгөртө алабыз. Бул албетте, келечек муунга туура тарбия берүү аркылуу ишке ашат.

Билим берүү – бул өмүр бою жүрүп жаткан процесс. Ал эми, туура тарбиялоо – жоопкерчилик сезимин, жардам берүү жана башкаларга кам көрүү сыяктуу коомдук кызыкчылыкты орнотуу үчүн маанилүү. Мындай баалуулуктарды баланын жаш кезинде дээрине сиңдирип коюу керек. Максатыбыз коомго пайдалуу жана коомдун кызыкчылыгын ойло-

гон муунду өстүрүү болуп жатат, демек, туура тарбияны эртерээк баштаганыбыз , биздин максатыбызга жетүүбүзгө чоң жардам берет.

Фикх китептери (юридикалык эрежелер) мусулмандын инсандык жеке өнүгүүсү үчүн негизги диний жана маданий колдонмолорду камтыйт жана инсанды тарбиялоодо мыкты жол көрсөтөт. Ошондуктан, коомго жана адамзатка болгон камкордуктун жетишпеген көлөмүн кошуу үчүн фикх китептерин кайрадан карап чыгуу керек. Бул тууралуу Куранда жана хадисте ачык түшүндүрүлгөн:

Бул үйдө [Мединада] жашагандар жана алардан мурун ыйман келтиргендер, баш калкалоо үчүн келгендерге боорукердик көрсөтүшөт жана аларга берилген нерселерге эч кандай муктаждыкты сезишпейт. Алардын [өзүлөрүндө] муктаждык болгонуна карабастан, башкаларды өздөрүнөн артык көрөт. Ач-көздүктөн кутулгандар – ийгиликке жетишкендер.

(Куран, 59: 9)

Пайгамбарыбыз Мухаммед (с.а.в.) айтты:

Мусулмандардын иштери менен алек болбогон адам – алардын бири эмес.

(ИБН МАС’УД)

Коомдогу жакырлар, жетимдер, кошуналар жана муктаж болгондорго кам көрбөсөк, биз эң жакшы адам боло албайбыз. Курандагы аль-Ма'ун сүрөсүндө көрүнүп тургандай:

[О, Мухаммед], кыяматты жокко чыгарган адамды көрдүңбү? Демек, ал жетимди [катаалдыгы менен] четке кагып, жакырларды тамактандырууга үндөбөйт, намаздарына көңүл бурбайт [амалдарын башкалардын көрүшүн каалаган], коңшулук муктаждыктарды берүүдөн баш тарткан адамдар, аларга кайгы болсун.

(Куран, 107:1-7)

Жеке сыйынуу менен коомдун жыргалчылыгынын ортосунда түз жана тыгыз байланыш бар. Диний ырым-жырымдар жетимдерге кам көрүү, кедей-кембагалдарга тамак берүү жана кошуналарына жардам берүү менен байланыштырылышы керек.

Сыйынуунун чыныгы максаты – сыйынуучуну башка адамдарга кызмат кылууга даярдоо. Мусулман дүйнөсүнүн көчөлөрүндө кайырчылардын көп болушу, бүгүнкү күндө адамдардын арасында тамыр жайган чыныгы жоопкерчилик сезими жоктугун далилдейт.

Жеке жоопкерчиликтин жоктугу

Көпчүлүк адамдар өзүлөрү үчүн, баш калар үчүн же алардын келечеги үчүн эч кандай жоопкерчиликти сезишпейт. Талыкпаган эмгек жана чынчылдык адамга аз пайда алып келе баштаганда же эч кандай пайда алып келбей калган коомдо, адам өзүнүн жана үй-бүлөсүнүн алдындагы милдеттеринен кача баштайт же ал милдеттердин аткарылуусун башкалардан талап кылат. Жеке жоопкерчилик түшүнүгү азыркы мусулман коомунда жокко эсе. Бул дагы мусулман дүйнөсүндө жамааттыктын кеңири жайылышынын түздөн-түз натыйжасы. Башкаларга кам көрүүнү коллективизм менен чаташтырбоо керек, анткени коллективизм жеке адамга караганда топко артыкчылык берүү болуп саналат. Коллективдештирүүнүн эң примитивдүү түрлөрү трайбализм жана кландык өкмөткө кул болуу менен алмаштырылды. Интеллектуалдык көз карашта, коллективизм "прогресстин" негизин түзгөн жеке индивидуалдык ойдун (ижтихад) душманы болгон "топтук ой жүгүртүүгө" же үйүрдүн менталитетине алып келет. Экономикалык жактан алганда, ал өндүрүмдүүлүккө болгон каалоолорду жок кылат да, жеке адамдарды натыйжасыз керектөөчүгө айлантат. Психологиялык жактан алганда, адамдардын өзүлөрүн халифа катары көрүшүн жокко чыгарат. Коллективизм көз карандылык маданиятын жана өзүн-өзү сыйлоо сезиминин жоголушун өркүндөтөт. Этикалык жактан, бул адеп-ахлаксыздыкка алып келет. Саясий жактан алганда, бул бири-бирине каршы келген фракциялардын бири-бирине өзүлөрүнүн эрктерин таңуулоосуна, же “күчтүү адамдын” өзүнүн милдетин коомго таңуулоосуна алып келет.

Андан айырмаланып, Куран адамдарды өзүлөрүн халифа катары кабыл алууга жана Аллахтын буйругуна моюн сунууга үндөп, аларды өзүлөрүнө, коомчулукка жана коомго жакшылык кылуу үчүн күрөшүүгө үндөйт. Эгерде биз башкаларга да өзүбүзгө каалаган нерсени кааласак, анда биз башкалардын да акылдуу, жоопкерчиликтүү жана эркин болушун каалайбыз.

Айрым өлкөлөрдө балдарга кээ бир эскирген юридикалык актыларды окутуу менен аларды пассивдүү жана сын көз карашсыз болууга үйрөтүшөт.

Укук таануу боюнча китептерде кулдар менен иш алып баруу жана аларды

алып-сатуунун туура ыкмалары жөнүндө бөлүмдөр дагы бар! Жаш мусулмандарга эскирген жана керексиз маалыматтарды үйрөтүп жатышат. Боорукердикти жана башка адамдардын муктаждыктарына кам көрүү сыяктуу баалуу мүмкүнчүлүктөрдү жоготуп жатабыз. Ырайымдуулуктун жоктугу бул – келечектеги Үммөткө олуттуу кемчилик!

Баланы зекет жөнүндө окутуунун негизги себеби – төө, курма жана арпанын пайызын кантип эсептөө гана эмес, социалдык тилектештиктин, боорукердиктин, курмандыктын, кең пейилдиктин улуу түшүнүктөрүн, ошондой эле, жарга такалган жана муктаж болгондор менен бөлүшүүнүн маанилүүлүгүн түшүнүүгө үйрөтүү. Ырайымдуулук жана боорукердик сезимин өркүндөтүү, ошондой эле коомдун алсыз жана азап чегип жаткан катмарын карап чыгуу (баалоо) бул – коомдук маселенин материалдык аспекттеринен да маанилүү. Жогорудагы айтылгандардын баары бир гана кызыктуу математикалык эсептөөлөр эмес, бул бир туугандык карым-катнаш практикасы жана кедей-кембагалдарга жардам колун созуунун ошондой эле, зекет берүүнүн кубанычын сезүү дегендик.

Бурмаланган маданият: артта калуучулук жана ырым-жырымдар

Мусулманчылыктын өнүгүшүнө тоскоол болгон дагы бир маселе бул – ырым-жырым, сыйкырчылык жана жиндер дүйнөсүнө болгон көз караш. Ислам цивилизациясы илимдин, билимдин, объективдүүлүктүн жана акылдын негиздеринде куралган. Мусулман аалымдары бардык пайгамбарлардын кереметтерине ишенишсе да, Пайгамбарыбыз Мухаммеддин (с.а.в.) адамзатка калтырган Куран китебин чыныгы керемет деп билишкен. Куран – адамдык интеллектке багытталган жана акылга негизделген. Ал изилдөө, ой жүгүртүү, акылга салууну жана түшүнүп жетүүнү талап кылат. Ата-энелер балдарын коомдун акылына таянып, Кудайга жана келечек жашоого болгон терең ишенимин жоготпой жашоого тарбиялоосу керек.

Цивилизация ырым-жырымдарга жана сыйкырчылыкка негизделбейт. Кээ бир адамдардын үй-бүлөлүк жана жеке кыйынчылыктарда медициналык жана психологиялык дарылоого эмес, рухтардын, жиндердин, жылдыздардын жана сыйкырдуулуктун күчүнө кайрылгандарын угуп калабыз. Бул каада-салттар исламдын принциптерине жана рухуна жат көрүнүш жана балдардын аң-сезимине тескери таасир берет. Биздин ата-эне катары ролубуз – келечек муунду Куранда белгиленген илимий ой жүгүртүүгө тарбиялоо. Курандагы Аллахтын мыйзамы “ас-Суна аль-Иляхия” *(al-sunan al-Ilāhiyyah)*, адамдын жашоосун жана физикалык ааламды жөнгө салуучу табият мыйзамдарын өзүнө камтыган. Пайгамбарыбызга (с.а.в.), берилген бул табигый мыйзамдар аяттарда мындайча баяндалган:

Айткын:

«*Эгер Аллах каалабаса мен өзүмө пайда же зыян келтире турган күчүм жок. Эгер мен анын сырын билсем, анда өзүмө жакшылыкты көбөйтүп, жамандык мага тиймек эмес. Бирок мен жөн гана эскертүүчү жана ыймандуулар үчүн жакшы кабар жеткирүүчү болдум».*

(Куран, 7: 188)

Айткын:

"Мен да силердей адаммын, мага Аллахтын Жалгыз Кудай экендиги жөнүндө аян келди. Ким Раббиси менен жолуккусу келсе, салих амалдар-

ды кылсын жана Эгебизге сыйынууда эч кимди шерик тутпасын».

(Куран, 18: 110)

Бул объективдүү жана илимий менталитет дүйнөдөгү эң улуу цивилизациялардын бирин жараткан. Бул алтын доордун аралыгында мусулмандар Европага кылымдар бою өкүм сүргөн караңгылыктан Агартуу дооруна кадам таштоого жардам берген.

(Аль-Хассани, 2011)

Француз философу Роджер Гарауди Батыш цивилизациясынын "көлөмүн" төмөнкүчө сүрөттөгөн:

Заманбап батыш цивилизациясы өзүнүн эстетикалык жана укуктук тутуму үчүн Рим жана Грек цивилизацияларына, моралдык жактан Христиан динине, ал эми илимий ой жүгүртүүсү үчүн испаниялык мусулмандарга милдеттүү.

(Al Hewar журналы, 2002)

Туура эмес дүйнө тааным: алсыздык жана коркуу сезими

Пайгамбарыбыз Мухаммед (с.а.в.) айтты:

«Бир табак аш жеп жаткан ачка адамдарга окшоп, башка элдер силерге кол сала турган убак келет». Бир сахаба: «Оо, Аллахтын Пайгамбары, бул биздин саныбыздын аз болгону үчүнбү?» Пайгамбарыбыз: «Жок, анда силер көп болосуңар, силер океандын толкундарындагы көбүк сыяктуу болосуңар. Аллах душмандарыңардын жүрөктөрүнөн силерге болгон коркуу сезимдерин жана сый-урматын алып таштайт жана Ал силердин жүрөгүңөрдө алсыздыкты (wahn) орнотот". Кимдир бирөө: «Ээ, Аллахтын Пайгамбары, wahn бул эмне?», – деди. Пайгамбарыбыз (с.а.в.): «Вахн – бул дүйнө жашоосун сүйүү жана өлүмгө болгон жек көрүү». *(Абу Дауд)*

Тең салмактуу жол: акылдуу мамиле

Ата-энелерден алардын диний ишенимдерине чынчыл көз караш менен кароону суранабыз. Диниңердеги адаттарды жана ички талаптарды акылдуулук менен түшүнсөңүз, балдарды тарбиялоодо жакшы таасирин тийгизет. Ата-энелер өзүн-өзү сиңирүү, артта калуу жана мажбурлоо маданиятынын өсүшүнө жол бербөө керек.

Алгачкы илимпоздор (*аалымдар, фудаха,* молдолор) ырым-жырымдарды да, сыйынууну да *(ибадат)* баса белгилешкен. Куранда *зикир* айтуу жана Кудуреттүү Кудайды эстөө баса белгиленет. Балдарды окутууда бул эки элемент тең маанилүү. Ата-энелер ислам дүйнөсүн таанып – билип, аны балдарга үйрөтүшү керек. Биздин милдетибиз – жер бетиндеги жашообузду Аллах көрсөткөн баалуулуктар жана эрежелер менен ылайыкташтыруу экенин балдарыбызга түшүндүрүп жана Аллахка сыйынуу – ушул максаттарга жетүүнүн жолу экендигин айтуубуз керек.

Ата-эне катары, биздин жүрүм-турумубуз балдарга үлгү болот. Биздин байма-бай *зикр* айтып туруубуз жашообузду жакшыртууга түрткү берет жана Аллахка жаккан иштерди кылуу милдетибиз экенин эсибизге салып турат. Тактап айтканда, биз жер бетинде адилеттүү жашоо үчүн, айлана-чөйрөбүзгө кам көрүү, билим алуу жана башкаларга жардам берүү үчүн колубуздан келгендин баарын жасашыбыз керек. Эгер балдар ата-энелеринин мындай иш-аракетин көрүшсө, анда алар *ибадаттын* чыныгы маанисин жана максатын жакшыраак түшүнүшөт жана жашоонун сапатын жакшыртуу үчүн мыкты аракеттерди кыла башташат. Төмөнкү аяттар баланын аң-сезимине дүйнө таанымдын негизин ачат:

Айткын: «Чындыгында, менин намазым, ибадатым, өлүмүм ааламдардын Раббиси Аллах үчүн. Аллахка шерик жок, мага буйрук кылынган жана мен мусулмандардын биринчисимин».

(Куран, 6:162–163)

«Чындынында, намаз жийиркеничтүү жана айыптуу нерселерден сактайт».

(Куран, 29:45)

Алар өзүлөрүнө керек болуп турса да, муктаж болгондорго, жетимдерге жана туткундарга тамак беришет: "Биз силерди жалгыз Аллах үчүн азыктандырабыз: биз сиздерден эч кандай сыйлык жана ыраазычылык күтпөйбүз".

(Куран, 76: 8-9)

Аллах араңардан ыйман келтирип, жакшы иш-аракеттерди жасагандарга, алардан мурункуларга мураскорлукка бергендей, жер жүзүн аларга мурас катары берем деп убада кылды. Албетте, аларга өзү бекиткен дини коркуу сезимин коопсуздук менен алмаштырууга мүмкүнчүлүк берет. Алар Мага гана сыйынышат жана Мага эч нерсени шерик кылышпайт. Ишенүүдөн баш тарткандар – ыймансыздар.

(Куран, 24:55)

Балдарды Куранды сүйүүгө үйрөтүү

Кудайды сүйгөн балдарды тарбиялоо үчүн, ата-энелер алгач балдарына Куранды таанышпырышы керек, анын жөн гана текчеде ыйык китеп болуп сакталып турушунан же диний мааракелерде гана окулуп коюшунан эч кандай майнап чыкбайт. Эмнеге көбүрөөк басым жасообуз керек: маалымат берүүгөбү же баланын эмоционалдык жана психологиялык өнүгүүсүнөбү? Билим алуу жана маалымат алуу өмүр бою уланат, ал эми баланын эмоционалдык жана психологиялык өнүгүүсү балалыктын эрте учурунда же өспүрүм куракка чейин калыптанышы керек.

Көбүнчө мусулмандар балдарды эрте курагынан эле тозок оту (*jahannam*) менен коркутуп, Аллахтын Сүйүүсү, Ырайымы жана Мээримин же Бейиштин сулуулугу жөнүндө азыраак эскеришет. Эгер алар Кудайга же ата-энелерине баш ийишпесе же ката кетиришсе, анда алар тозокто күйүп кетишин көбүрөөк эскертебиз. Ошол эле учурда, эгер алар Аллахка баш ийишсе, ата-энесинин сөзүн угуп, башкаларга жардам беришсе жана туура иш кылышса, анда алар кандайча сыйланып, Бейиште кызмат кылаары жөнүндө сөз кылбайбыз. Биз балдарды ар дайым коркутабыз, аларга айрым учурда кылмышкердей мамиле жасап сейрек кубаттайбыз, жазалоону бат-бат эскертип турабыз, ал эми алардын жакшы жүрүм-туруму үчүн сыйлык бергенибизди эстей деле албасак керек. Мындай чөйрөдө балдар чоң кишилерден коопсонуп, коркок болуп өсүшөт. Эң жаманы алар өздөрүнө болгон ишеними жок болуп чоңоюшат.

Мугалимдер адатта балдарга Куранды акыркы бөлүктөн баштап үйрөтө башташат. Бул бөлүктө Меккеде Аяндын башталышында түшүрүлгөн кыска сүрөлөр бар. Алар Курайш уруусунан чыккан адашкан жана менменсинген зулумдарга жана алардын катаал бутпарас лидерлерине (Абу Жахал жана Абу Лахаб сыяктуу) багытталган. Ушул алгачкы бөлүмдөрдө мусулмандарды кыйнап, алардын кээ бирлерин өлтүрүп, Пайгамбарыбызды өлтүрүүнү көздөп, момундарды жок кылуу үчүн согушкан адамдарга кайрылат. Бул сүрөлөр зулумдарды эсине келтирүү үчүн түшүрүлгөн жана катуу эскертүүлөр камтылгандыктан, аяттар күн күркүрөгөндө чыккан дабыш сыяктуу алардын кулагына катуу угулган. Төмөнкү мисалдарды караңыз:

Абу Лахабдын эки колу үзүлөт жана ал өзү дагы жок болот.

(Куран, 111:1)

Ар бир жалганчы жана ушакчы үчүн үрөй учурган коркунуч болсун.

(Куран, 104:1)

Сизге Кыямат күнү жөнүндө кабар келди беле? Ошол күнү кээ бир адамдардын бети карайып, [күнөөнүн оордугунан], алар алоолонгон отто күйүшөт, аларга ичүүгө кайнаган булактан суу берилет. Алар уулуу кургак тикенек менен азыктанышат.

(Куран, 88:1-6)

Айткын: "Эй, каапырлар!"

(Куран, 109:1)

Катуу соккудан жер силкинет.

(Куран, 99:1)

Тилекке каршы, мындай катаал кайрылуу формасы бейкүнөө балдар үчүн айтылбаса да, бүгүнкү күндө аларга биринчи жолу үйрөтүлүп келген аяттар. Мунун себеби, алар өтө кыска жана жаттап алууга оңой болгондугуна байланыштуу. Бирок, ушул жаш кураста балдарды коркутуунун ордуна, биз Кудайга болгон сүйүүнү, ата-энелердин ырайымын жана Бейиштин сулуулугун баса белгилешибиз керек. Бул алардын психологиясына шайкеш келип, коопсуздук, сүйүү, жылуулук, кең пейилдик жана эрте балалык мезгилинде назиктик сезимдерин козгойт. Жаш муундар биздин келечегибиз, андыктан окутуу жана тарбия берүү: Кудайдын сүйүүсү, кайрымдуулугу, боорукердиги, кечиримдүүлүгү жана кең пейилдиги менен башталганы жакшы.

Балдарды Кудайга болгон сүйүүгө үйрөтүүдөн мурун, Кудай аларды сүйөөрүн түшүндүрүшүбүз керек.

Тактап айтканда, биринчи кезекте Кудайдын сүйүүсү (бизге болгон), андан кийин Кудайга болгон сүйүү.

Балдар муну түшүнгөндөн кийин, ата-энелер акырындык менен тозокту жамандык үчүн берилүүчү жаза экенин айтуулары керек. Чоң күнөө жасоого байланыштуу эскертүү жана коркутуу камтылган сүрөлөрдү, балдарды коркуу сезимине алдыруу максатында эмес, тескеринче, алардан сабак алуусу үчүн окутуу керек. Мындай дисциплиналарды балдарга өспүрүм курагынан баштап түшүндүрө баштаса, алар да туура кабыл алышмак, себеби, бул убакта балдар абстрактуу идеяларды жана өздөрүнүн жасаган иш-аракети үчүн жооп бериш керектигин баамдап башташат.

Балдардын ой жүгүртүүсүн жана психологиясын өрчүтүүгө, айрыкча Куранды үйрөтүүдө абдан этият болушубуз керек. Ата-энелер балдарынын жаш курагын эске алып, алар үчүн эң ылайыктуу келген аяттарды үйрөтүүсү керек. Пайгамбарыбыздын (с.а.в.) *сахабаларынын* көпчүлүгү Куранды улгайып калган кезинде таанышкан. Ошол жашта Куран аларга чоң таасир эткен. Алардын ансыз да кайраттуу жана күчтүү мүнөзү андан да бекемделип, Куран аларды бийик адеп-ахлак нормаларына жеткирген. Куран илимдеринин адистери билим берүү тармагындагы адистер жана коомдук илимпоздор менен биргеликте ата-энелерге балдарды Куранга кандайча үйрөтүүгө, анын ичинде жаш курагына байланыштуу аяттарды иретке келтирүүгө кеңеш бере алышат. Албетте, Курандын бардык аяттарын үйрөнүшүбүз керек. Бирок, аларды кандай ырааттуулук менен окутуш керек, кайсы жашта кайсы аяттарга көңүл буруу керек деген суроолор туулат. Эстеп калууга оңой болгону үчүн эле 30-бөлүктөн баштаганыбыз – бир аз туура эмес болуп калат.

Араб тилинде сүйлөбөгөн үй-бүлөлөрдө ата-энелер аяттардын маанисин өз тилдеринде түшүндүрүп бериши керек. Көпчүлүк учурда аяттардын маанилерин билбей эле аларды жөн гана жаттап

алууга басым жасашат. Ата-энелерге Курандын котормосун үйрөнүп, окуу сабактарын чечмелөө *(тафсир)* сабактары менен толуктап, Курандын дүйнөгө болгон көз карашы жана кабары менен мамиле түзүүнү сунуш кылабыз. Эгерде ата-энелер муну кыла албаса, анда мугалим таап, балдарына эмне жана кандайча окутулуп жаткандыгын көзөмөлдөп, алардын Куранды угуу жана жазуу жөндөмдөрүн үй шартында да такай кайталап туруулары керек. Араб тилин экинчи тил катары үйрөнүү, балдарга Куранды үйрөнүүгө, түшүнүүгө жана аны менен иштөөгө жардам берет. Пайгамбардын аяттарынан алынган окуялар жана алардан сабак алуу жөнүндө көптөгөн жакшы китептер жарык көргөн. Ата-энелер бул китептерди балдардын Куран окуусун толуктоо үчүн сатып алышса болот.

Балдарды намазга үйрөтүү. Кудайды зикр кылуу

Көпчүлүк кыска тиленүүлөр бизге Кудай ар дайым биз менен экенин, бизге кам көрөөрүн эскертип турат. Кудайдын жетекчилигинин астында экенибизди элестетүү менен Ага болгон ишеничибиз бекемделип, балдарга да Ал тууралуу оңой түшүндүрө алабыз. Муну сезген балдар ар дайым Кудайдын ыраазычылыгын табууга, аны таанып билүүгө жана изденүүгө ашыгышат. Ошондой эле, алар Кудайды арткы планга коюудан оолак болушат. Мисалы, ата-энелер тамактанаардын алдында жана андан кийин Кудайга ыраазычылык билдирип, балдардан да бул тууралуу сурануусу керек. Үйгө киргенде жана чыгып жатканда, уктап жатканда жана ойгонгондо, аларга дуа кылып турууну үйрөтүү керек. Бул биздеги жана балдарыбыздагы ыраазычылык маанайын өстүрөт. Жөн гана Бисмиллах деп (Аллахтын аты менен) иш башталганда, балдар байкап, эс тутумуна көчүрүп алышат. Башында балдарга бир аз оор жана зериктиргендей көрүнсө да, туруктуулук менен кайталап туруубуз керек. Акыр-аягы, бул адатка айланып, балдарыбыздын кудуреттүү Кудай менен болгон байланышын алардын жашоосундагы табигый аспектке айлантат. Ошондой эле алар бардык нерседе Кудайдын ырайымдуулугун, мээримин байкай башташат.

Намаз окуу – ата-эненин күнүмдүк жашоосундагы маанилүү жана табигый нерсе болуш керек. Аны менен ата-энелер балдарына мыкты үлгү калтырышкан болот. Балдарыңыздын алдына үнүңүздү бийик чыгарып намазга азан айтыңыз, намаздарыңыздын убактыларына кылдаттык менен мамиле жасаңыз. Намаз туура маанайда башталышы үчүн, телевизорлор өчүрүлүп, үй-бүлө мүчөлөрүнүн баары намаз окуу үчүн бир сапта туруулары керек. Ата-энелер балдарынын көзүнчө эстүүлүк жана сабырдуулук менен тиленип, дуа кылуусу керек. Эгер алар намаздарын шашып окуса, балдар да аны байкап, бул амалды шашып окууну адат кылып алышат. Намаздан кийин балдарыңызга дуа кылууну үйрөтүңүз.

Балдарга *Таубаны* (тообо кылууну) үйрөтүңүз

Балдарыңызды тауба (тообо) кылууга үйрөтүңүз. Балдар иш-аракеттердин кесепетин, туура эмес жүрүм-туруму Кудайга белгилүү экендигин, ошондой эле жаман иш кылганда тообо кылуу керек экендигин түшүнүшү керек. Балдардын “кечириңиз” деп гана айтып коюусу жетишсиз. Жүрүм-туруму үчүн өкүнгөн адам Кудайга кайрылышы керек экендигин түшүнүшү керек. Бул Кудай жөнүндө көбүрөөк билүүгө жол ачат жана ата-энелерге балдарына Кудайдын мээримин тууралуу үйрөтүүгө мүмкүнчүлүк берет. Андан кийин гана балдар Кудай менен тереңирээк мамиле түзө алышат.

Ата-энелер балдарын Аллах жолуна окутууда балдарынан ыраазычылык кептерди сейрек угушат же такыр угушбайт, тескерисинче, алар чыр-чатакка жана ар кандай каршылыктарга туш болушу мүмкүн. Ошого карабастан, кырдаалды чечкиндүү түрдө колго алып, балдарга таубаны, дуа кылууну, Аллахка кайрылууну такай кайталап, үйрөтө берүүлөрү керек. Кийинчерээк балдар чоңойгондо, эгер алар башкаларга жаман мамиле кылышса же туура эмес иш-аракет жасаса, Кудай менен мамилесин кантип оңдоо керек экендигин билип алышат. Бул албетте, ата-энесинин талыкпаган аркетинин натыйжасы жана жемиши эмеспи.

Балдарга пайгамбарыбыз Мухаммед (с.а.в.) жана башка пайгамбарлар тууралуу түшүнүк берүү

Ата-энелерге кичинекей китепкана ачып, балдары менен үзгүлтүксүз китеп окууну адат кылуулары сунушталат. Бул аларга Пайгамбарыбыздын окуяларын (анын ичинде анын өмүрү, балалыгы, мүнөзү жана кабары), неберелеринин жана сахабаларынын окуяларын балдарына окуп жана айтып беришине ыңгайлуу шарт түзөт. Пайгамбарлык аңгемелер балдарга пайгамбарлардын дүйнөсүнө кирүүгө, алар менен тыгыз байланыш түзүүгө жана алардан өрнөк алууга мүмкүнчүлүк берет. Бирок, бул окуялардын балдардын курактык тобуна жана кабыл алуу өзгөчөлүгүнө ылайык бөлүштүрүлүшүнө көңүл буруулары керек. Ата-энелер балдарына ислам тарыхындагы күчтүү, адеп-ахлактуу лидер инсандардын эрдиктери жөнүндө окуп берсе болот. Ислам цивилизациясынын жетишкендиктери жөнүндө да балдарга үйрөтүүбүз керек. Андан сырткары балдарды музейлерге алып баруу жана аларга ислам өнөрү, тарыхы жана архитектурасы менен тааныштыруу сунушталат. Музейлер – бул тарыхты окуп-билүүнүн сонун объектиси. Бул темага арналган мыкты интернет булактары да бар, мисалы, мусулмандардын акыркы миң жылдыктагы жетишкендиктерин чагылдырган http: // www. 1001 ixtiro. com. 1001invistions.com: сайты ишке киргизилген. Ошондой эле ата-энелерге «001 изилдөөлөр. Биздин дүйнөдөгү мусулмандардын мурасы» деген китептин көчүрмөсүн балдарына сатып берүүсү сунушталат. Окууга оңой, кооз сүрөттөлгөн колдонмо, китеп сүйүүчүлөргө миңдеген жылдар аралыгында илим жана технологиянын өнүгүү этаптарын, орто кылымдагы пионерлердин жасоосу жана алардын ойлоп тапкычтыгы тууралуу баяндайт. Андан сырткары жашаган дүйнөбүздүн сулуулугун чагылдырган веб-сайттар, китептер, DVDлер дагы мыкты маалымат булагы болуп саналат. Айрыкча балдарга көзгө жагымдуу, кооз сүрөттөлгөн жаратылыш кереметтерин чагылдырган фильмдерди (мисалы, аарынын кереметтерин) тандап берүүбүз керек. Айта кетчү нерсе, балдар чоңойгон сайын, светтик дүйнө таанымдын агымы алардын өсүп келе жаткан абийирине ого бетер таасирин тийгизет. Эволюция теориясы сыяктуу темалар боюнча суроолорго жооп берүүгө даяр болуңуз (бул дагы деле болсо илим тарабынан далилденбеген теория). Сиздин балдарыңыз Ааламга тереңдеп кирип барган сайын балдар өзүлөрүн алсыз сезишет. Кудай жана анын жаратуулары жөнүндө билим балдарга терең жайылганда, айрым динге негизделбеген иллюзияларды жеңүү оңой болот. Балдарыбыз өзүлөрүнүн көз карашына жана дүйнө таанымына бекем туруусу үчүн, аларга ишенимдүү жана бекем негиз керек .

Балдарды *адабга* (адеп-ахлакка) үйрөтүү

Исламдын жүрүм-турум түшүнүгүндө адеп-ахлак түшүнүгү камтылган. Балдарды "сураныч" жана "рахмат" деп айтууга, "аль-хамду лиллах" (Аллахка мактоолор болсун), "инша Аллах" (Аллах кааласа) жана "ас-саламу алейкум" (силерге салам болсун) деп айтууга үйрөтүүбүз керек. Көбүнчө бул саламдашуу сөздөрүн "салам", "кандай" же "кош бол" деп жазууга болот. Балдарга тамактануу, кийинүү адебин жана ошондой эле социалдык чөйрөдө өзүн-өзү алып жүрүү адебин үйрөтүү кажет. Үй-жайыбызды дайыма тыкан жана уюшкандык-

та сактоо керек, мындай тартипке көнгөн бала бул адаттарды бат эле өзүнө сиңирип алат. Балдарыңызга дайыма өзгөчө тамактарды жасоо менен аларды бузуп албаңыз: алар тамак-аштын баалуулугун сезүү үчүн, кээде жөнөкөй гана тамакты бышыруу жетиштүү. Балдарыбызды өтө эле мактап же аларды аша чапкан суктануу менен кароо – аларды курулай убарагерчиликке же текебердикке түртүшү мүмкүн. Андан сырткары, алар талап кылган ар бир оюнчукту сатып алуунун кажети жок; эгер алар чын эле бир нерсени каалап жатса, анда аларга майда-барат жумуш жасап, акча табуусуна мүмкүнчүлүк берүүбүз керек. Кээде, балдардын каалаган нерсеси иш жүзүнө ашпай калса же сүйгөн оюнчугун ата-эне алып бере албаган учурларда, алар альтернативдүү чечим кабыл алууга үйрөнө баштайт. Бул бир жагынан аларды реалдуу турмушка даярдаса, экинчи жагынан Кудурети Күчтүү Кудай жакшыраак бир нерсе даярдап койгон деген ишенич пайда болот.

Балдарыңызга алгач эмнени үйрөтүүңүз керек: алар Кудайды сүйөбү же Кудай аларды сүйөбү?

Эгер балдарга: "Мен Кудайды сүйөм, Ал мени жаратты, жерди, күндү жана айды жаратты" деп үйрөтсө, анда алар бул кабарды кандай кабыл алышат? Биринчиден, балдарда Кудай жөнүндө эч кандай түшүнүк жок, анткени бул азырынча түшүнүксүз абстрактуу идея. Алар өздөрү көрүп, билбеген нерсени сүйүп же сүйбөй коё албайт. Себеби, балдар үчүн алардын айланасындагы аалам чындыгында бир факт гана, андан бөлөк эч нерсе эмес. А эгер балдарга: «Кудай сени сүйөт, Ал сени жаратты жана сенин жыргалчылыгың үчүн Ааламды жаратты» деп үйрөтүшсө, анда алар Анын ким экенин, Ким аларды жакшы көрөөрүн, аларга жана алардын бактылуу болушуна Ким кам көрөөрү жөнүндө албетте, билүүгө ашыгат. Алар сөзсүз түрдө, ушундай мээримдүү, камкор субъект менен мамиле түзүүнү жана Ал жөнүндө көбүрөөк билүүнү каалашат.

Сыйынуу, жашоо жана Жараткандын эркине баш ийүүнүн ортосунда тыгыз байланыш бар. Биздин жакшы жүрүм-турумубуз чындыктын жана кең пейилдүүлүктүн ээси болгон Кудуреттүү Кудайдын ыраазычылыгына негизделиши керек. Мунун жолу – жашообуздун сапатын жакшыртуу үчүн Анын көрсөт-

Балдарыңызга айтыңыз!

Кудай сени сүйөт. Ал сени жараткан жана, сенин жыргалчылыгың үчүн Ааламды жараткан.

Алар, албетте, ушундай мээримдүү, камкор субъект менен мамиле түзүүнү жана Ал жөнүндө көбүрөөк билүүнү каалашат.



мөлөрүн карманyy. Биз адилет, эмгекчил, чынчыл, пайдалуу болуу жана башкаларга жардам берүү менен рухубузду бекемдеп, Жаратканга жакындайбыз. Биз башкаларга жардам берүү менен, жашоо, мүлк жана ар-намыс укуктарын урматтоо менен, акыйкаттыкты, боорукердикти жана эркиндикти жайылтуу, зулумдуктан алыс болуп жана куугунтуктоого каршы туруу менен өзүбүзгө да жардам берген болобуз. Бул күрөштөрдүн бардыгы Кудайды жана Анын мыкты сыпаттарын дайыма эстеп, эскерүүнү талап кылат. Диний ибадаттарды аткаруу Жаратканга болгон сүйүүбүздү жана сезимибизди бекемдейт. Ушундай жол менен гана Кудайдын ыраазычылыгын таап, жакшы жана туура иштерди кылууга күч-кубат ала алабыз.

Араб өлкөлөрүндөгү билим берүү көйгөйлөрү

Билим алуу, эркиндик жана ижтихад (изилдөө) үчүн катуу кыйкырык бар. БУУнун 2009-жылдагы Араб өлкөлөрүнүн инсандык өнүгүү потенциалы боюнча баяндамасында белгилегендей, азыркы араб дүйнөсүндө илимий прогресс жана изилдөө жаатында тынчсызданyy жараткан тенденциялар орун алууда. Бүгүнкү күндө арабдар өзүлөрүнүн бай маданий салтын сактоодо башка элдерден артта калышкан. 1991-жылы БУУнун басылмалар боюнча изилдөөсү Араб басмаканаларынын иш алып баруусун эң төмөнкү көрсөткүч менен баалага. Араб өлкөлөрү менен салыштырганда, беш эсе көп публикацияларды чыгаргандыгы менен Европа өлкөлөрү алдыңкы орунда турат.

Отчётто Араб өлкөлөрү менен дүйнө жүзүндөгү башка өлкөлөрдүн ортосундагы теңсиздиктин күчөгөнү баса белгиленген. Авторитардык башкарууну көздөгөн Араб өлкөлөрү, чыгармачылыкты жана аргументтерди токтотушту. Цензурага өз алдынча дайындалган коомдук адеп-ахлактын күзөтчүлөрү тарабынан кысым көрсөтүлөт жана анын эркиндигин четке кагып келишет. Бул четке кагуунун биринчи курмандыгы – креативдүүлүк, инициативалар, инновациялар жана билим”.

(The Economist 2003)

Ата-энелер өзүлөрүнүн ролун өкмөткө өткөрүп берүү менен балдарынын алдындагы жоопкерчиликтен качканы туура эмес. Тескерисинче, ата-энелер, балдарына үлгү катары жана баштапкы мугалим катары кыйынчылыктарга туруштук берип, коомду өзгөртүүгө болгон аракеттерин жасоого тийиш. Натыйжалуу реформаларды жүргүзүү үчүн ата- энелер «от алдыруучу ачкыч» болуп саналса, айдоочулары — интеллектуалдык реформаторлор жана окутуучулар, мугалимдер, булар балдарга эмне кылыш керектигин жана аны кантип жасоону үйрөтүшөт. Эгер ата-энелер ишенсе, анда балдар талап кылынган нерсени чын дилден аткарышат. Алар балдарына моралдык жактан эбегейсиз таасирин тийгизип, мыкты келечектин куруучулары кылып тарбиялай алышат.

ИШ-АРАКЕТТЕР

21-ИШ-АРАКЕТ: Өнүккөн Жапония жана Германия өлкөлөрү Мусулман өлкөлөрүнүн артта калуусу

Жубайлардын тобу менен бейрасмий жолугушууда төмөнкү суроолорду талкуулаңыз:

Эмне үчүн мусулман өлкөлөрүнүн көпчүлүгүндө өнүгүү жок, ал эми Экинчи Дүйнөлүк Согуш учурунда ыдыраган Жапония жана Германия азыр дүйнөнүн алдыңкы мамлекеттеринин катарына кирет?

Эмне үчүн кээ бир мусулман өлкөлөрү дагы деле таштандыларды дарыяларга ыргытып жатышат, билим берүү системасы начар жана чийки заттарды кымбат баалуу өндүрүш катары кайра сатып алуу үчүн арзан сатып жатышат? Мисалы, бир тонна темир рудасын 2000 долларга экспорттошуп, андан кийин компьютерлер жана электрондук шаймандар катары миллиондогон долларга кайра сатып алышат.

Эмне үчүн мусулман дүйнөсүндө Курандын *окулушуна* карабастан сабатсыздык эң жогорку деңгээлге жетип баратат?

22-ИШ-АРАКЕТ: Балдар менен алардын жаратуучуларынын ортосундагы байланышты түзүү

Беш убак намаз Кудайды системалуу түрдө эсибизге салса дагы, Жараткан менен байланыштырган дагы башка көптөгөн иштер бар.

Балдарга ар дайым Жаратканды зикир кылуусун үйрөтүү керек. Төмөндө биз Пайгамбарыбыз Мухаммед с.а.в.дын эртең менен ойгонгондон баштап кайра кечинде уктаганга чейин жасаган дубаларын мисал келтирдик. Ал кыска дубалар биздин эс-тутумубузду жакшыртып, иш-аракетибизди туура багытка багыттайт (айрыкча, биз тамак жеп баштаганда). Жумасына дубалардан бир же экөөсүн тандап, кийинки баскычка өтүүдөн мурун, туура окууну камсыз кылып, алардын маанисин балдарыңызга түшүндүрүп бериңиз.

(Эгерде араб тилинде окуу кыйын болсо, аларды эне тилиңизде же англисче айтуу жакшы натыйжа берет.)

Ойгонгондон кийин айтылуучу дуа: Бардык мактоолор Аллахка болсун, Ал бизге өлүм бергенден кийин кайра жашоо берди жана биз Ага кайтып баруучуларданбыз.

إذا أفاق من نومه قال: الحمد للهِ الذي أحيانا بعد أن أماتنا وإليه النشور

Таңкы жарыкты көргөндө айтылуучу дуа: Биз эртең менен ойгондук. Бүт ааламдардын Падышасы Аллахка мактоолор болсун.

إذا رأي نورالفجر قال: أصبح الملك لله والحمد لله

Күзгүнүн алдында турганда айтылуучу дуа: Менин Жаратуучума мактоолор болсун. Оо, Аллах, менин келбетиме көрк берген сыяктуу, менин адеп-ахлагыма да көрк бер.

إذا نظر إلى المرآة قال: الحمد للهِ الذي خلقني فسواني، اللهم حسن خُلُقي كما أحسنت خَلْقي

Кийинүүдө айтылуучу дуа: Авратымды жабуу үчүн мени кийиндирген Аллахка мактоолор болсун.

إذا لبس ثوباً قال: الحمد للهِ الذي كساني ما أواري به عوراتي و أتجمل به في حياتي

Мечитке кирүүдө айтылуучу дуа: Оо, Аллах! Мага ырайым эшиктерин ач жана мага илим казынаңдан чач.

إذا دخل المسجد قال: اللهم أفتح لي أبواب رحمتك وانشر علي خزائن علمك

Тамактанууда айтылуучу дуа: Аллахтын ысымы менен жана Анын берекеси менен баштаймын.

إذا أكل طعاماً قال: الحمد للهِ الذي أطعمنا فأشبعنا و سقانا فأروانا وجعلنا مسلمين

Суу ичээрде айтылуучу дуа: Мээрими менен сууну таттуу кылган Аллахка мактоолор болсун , биздин күнөөлөрүбүздөн кийин бул суу ачуу да эмес, туздуу да эмес.

إذا شرب الماء قال : الحمد للهِ الذي جعل الماء فراتاً برحمته ولم يجعله ملحاً أُجاجًا بذنوبنا

Жуунуунун алдында айтылуучу дуа: Каргышка калган шайтандан сенден баш баанек издейм. Кирден жана ыпластыктан мени корго.

إذا دخل الخلاء قال: أعوذ بالله من الشيطان الرجيم اللهم إني أعوذ بك من الخبث والخبائث

Жуунуп бүткөндө айтылуучу дуа: Аллах, мени кечир. Мага чың ден соолук берген Аллахка мактоолор болсун.

إذا خرج من الخلاء قال : غُفرانك الحمد لله الذي أذهب عني الأذى وعافاني

Үйдөн чыгып баратканда айтылуучу дуа: Аллахтын ысымы менен үйдөн чыктым, Ага гана тобокел кылдым.

إذا خرج من البيت قال : بسم اللهِ توكلت على الله اللهم إني أعوذ بك أن أضل أو أُضل

Үйгө кирээрде айтылуучу дуа: О, Аллах! Мен сенден үйгө кирүүнүн, үйдөн чыгуунун жакшылыктарын сураймын. Аллахтын ысымы менен үйгө киребиз жана Анын ысымы менен үйдөн чыгабыз жана Аллахка гана тобокел кылабыз.

إذا دخل البيت قال : بسم الله دخلنا وبسم الله خرجنا وعلى الله تو كلنا

23-ИШ-АРАКЕТ: Кудайдын жакшылыктарын жана мээримин баалоо

Жогорудагы расмий дуаларды балдарыңызга өз алдынча окутуңуз, андан соң ата-энелер менен талкуулоо талап кылынат.

24-ИШ-АРАКЕТ: Көйгөйлөрдөн перспектива жаратуу

Балаңыз төмөндөгү болгон окуяны окуп чыксын, андан соң өз тажрыйбаларыңыз менен бөлүшүп, окуяны чогуу талкуулаңыз. Кудай берген кичинекей нерселерге канаатануу, ыраазычылыкка алып барат, ал кызганыч, ачууга алдыруу жана кайгыдан арылтат. Бул бакыттын сыры жана тынчсыздануунун дабасы.

> Мен олуттуу көйгөйлөр менен алектенген бир кызды тааныймын. Ал кыздын ата-энеси ажырашып кетишкен. Каржылык жагынан кыйналып, тынымсыз жумуштар менен алек болчу. Анын мойнунда төшөктө жаткан, оорулуу энеси да бар. Бирок, ага карабастан, анын жашоого болгон мамилеси көңүлдүү эле: «Эгер эрте менен ойгонуп, бутума баса алсам, анда баары жайында!»

Башка сөз менен айтканда, колуңузда болгон ар бир майда-барат нерселерге да көңүл буруңуз жана жашоодогу эң жакшы натыйжага жетүүгө аракет кылыңыз. Төмөнкү хадисте ушул улуу мамилени жыйынтыктайт:

> Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам):
> «Ким өз төшөгүндө бейпил ойгонсо, ден соолугу чың жана бир күнгө жетиштүү тамак-ашы болсо, анда ал үчүн бүт дүйнө жүзү сунулган сыяктуу», – деди.
> (Тирмизи жана ибн Мажа)

25-ИШ-АРАКЕТ: Балдарды окутуунун жети концепциясы

Балаңызга төмөнкү хадисти окуп бериңиз, ар бир принцип боюнча ой жүгүртүп, аны «Аллахтын көлөкөсүнөн башка көлөкө болбогон ошол күнү Ал жети адамды өз көлөкөсүнө алат: адилеттүү башкаруучуну; Аллахка сыйынып өсүп жаткан жаш жеткинчекти; мечиттен чыгып, кайтып барганга чейин жүрөгү мечитке байланган адамды; Аллах үчүн бири-бирин сүйгөн, Аллах үчүн жолугуп, Ал үчүн ажырашкан эки адамды; жалгыз калганда Аллахты эстеп, көзүнө жаш алган адамды; жогорку абалды ээлеген сулуу аялдын азгыруусуна: «Мен Аллахтан корком», – деп айта алган эркекти жана оң колу менен берген садаканы сол колу билбеген, берешен адамды».

(аль-Бухари жана Муслим)

5-БӨЛҮМ

Жалпы көйгөйлөргө жана тузактарга каршы туруу

- Киришүү 122
- Ата-энелердин алдында негизги кыйынчылыктар 122
  Тажрыйбанын жетишсиздиги 123
  Күн сайын кайталануучу кысымдар 123
  Күнүмдүк жумуш: бала тарбиялоо бул – 24/7 жумуш сааты 123
  Бала тарбиялоо – ийкемсиз жумуш 124
  Бала тарбиялоо – бул убакытты, күч-аракетти, акчаны узак мөөнөтүү «инвестициялоо» 124
  Балдардын жүрүм-турумуна таасир берүүчү факторлордун көптүгү 124
  Ымыркайлар сүйлөй албайт 125
  Бала тарбиялоонун эрежелери 126
  Ата-эне жамаат катары иштеши керек 126
  Бала тарбиялоо – ресурстарды туура башкарууну талап кылган көндүм 126
  Балдардын түшүнүгү ата-энелердин оюна каршы болушу мүмкүн 127
  Балдарга эмнени жана качан айтуу керектигин билүү 127
  Балдарга кокусунан туура эмес түшүнүктөрдү берүү 128
  Позитивдүү имидж түзүүнүн көйгөйлөрү 128
- Ыйык Китептеги Мусадан бала тарбиялоо сабактары: Мусанын айткандры 129
- Жыйынтыктоо 130
- Иш-аракеттер 26 131

Киришүү

Акыркы бир нече бөлүмдөрдө биз ата-энелердин ар тараптуу пландарынын этикасын түшүндүрүп бердик жана аны ишке ашыруунун негизги чаралары жөнүндө сөз кылдык. Ошондой эле биз табигый ата-энелик инстинкттерди план менен биргеликте жакшы балдарды тарбиялоодо колдонмо катары колдонуунун маанилүүлүгүн белгиледик. Биздин ой-пикирлерибиз ата-энелерге өз пайдубалын түзүүгө жана үй-бүлө тарбиялоодо өз алдынча чечим кабыл алууга мүмкүнчүлүк берет жана биздин жалпы максатыбыз – такыба, жоопкерчиликтүү жана социалдык билимдүү балдарды тарбиялоо. Ошондой эле, жакшы балдарды тарбиялоо – бир гана өзүбүздүн жан дүйнө бейкуттугубуз жана үйдөгү бактылуу жашообуз эмес, чынында бул андан да маанилүүрөөк, бул коомдун жана цивилизациянын кызыкчылыгы үчүн!

Биздин мыкты иштелип чыккан пландарыбыз бала тарбиялоодогу татаал иштерди бир топ жеңилдетет, бирок айрым кыйынчылыктар менен көйгөйлөрдү чечүүдө, башка методдорду колдонуу да жакшы жыйынтык берет. Бул бөлүмдө биз ушул кыйынчылыктардын айрымдарына токтолуп, бир катар туура чечимдерди сунуштайбыз. Адегенде биз негизги кыйынчылыктарга, андан кийинки бөлүмдө кээ бир тоскоолдуктарга токтолобуз. Жогоруда айтылгандардын айрымдарына мурда токтолсок да, аларды бир бүтүн катары көрүү, ата-энелерге өзүлөрү жана алардын балдары жашап жаткан дүйнөгө дагы бир ирет көз чаптырып, андагы кыйынчылыктар, тоскоолдуктар жөнүндө билип алуусуна мүмкүндүк берет.

Ата-энелердин алдындагы негизги кыйынчылыктар

Жакшы тарбия тууралуу айтуу оңой, бирок аны иш жүзүнө ашыруу кыйын.

Балдар айтышат: *Ата-энебиз бизди акылдан аздырат!*
Ата-энелер айтышат: *Балдарыбыз бизди акылдан аздырат!*

АРЫЗДАНУУНУ ТОКТОТКУЛА!

Көйгөйлөрдү аңдап көргүлө!
Маселелерди талдап, аларды сабырдуулук менен чогуу чечкиле!

ТАЖРЫЙБАНЫН ЖЕТИШСИЗДИГИ

Биринчи балаңыздын жарык дүйнөгө келиши кыйынчылыктар менен коштолот. Көпчүлүк учурда ата-энелер ар кандай жагдайда эмне кылуу керектигин биле беришбейт. Айрым теорияларды үйрөнүшсө да, аларды иш жүзүнө ашырууда тажрыйбасы жетишсиз. Мындай учурда сиз башка ата-энелерден кеңеш сурасаңыз, алар чоң жардам бере алат. Бул жумушта жетекчи жок, жөн эле окутуу. Андыктан коркпой сурай бериңиз.

Кулактан чоюп тарбиялоо

Мурда балдарды тарбиялоо жөнөкөй маселе болчу, апаң сенин кулагыңдан эле акырын чоюп койчу...

КҮН САЙЫН КАЙТАЛАНУУЧУ КЫСЫМДАР

Ата-энелер көбүнчө гендердик негиздеги эмгек бөлүштүрүүнүн натыйжасында кысымга алынышат. Көптөгөн энелер күндү үйдө өткөрүшөт, ал эми аталар үйдөн тышкары жерде иштешет. Кечинде энелер үйдөн чыккысы келет, ал эми аталар үйдө калууну жакшы көрүшөт. Эгер ата-энелер бири-бирин түшүнүшө алышпаса, бул тирешүүгө алып келиши мүмкүн.

Атанын милдети – бир гана материалдык жактан камсыздоо эмес

Чоңойгон сайын биз, ата болуу – бул балдарын тамак-аш жана турак-жай менен гана камсыздоо эмес экендигин түшүнүп жетишибиз керек.

КҮНҮМДҮК ЖУМУШ: БАЛА ТАРБИЯЛОО–БУЛ 24/7 ЖУМУШ СААТЫ

Бала тарбиялоодо “бир күндүк жумуш сааты” деген түшүнүк жок. Сиздин иштөө убактыңыз: күнүнө жыйырма төрт саат, жумасына жети күн жана жылына элүү эки жума. Эсиңизде болсун, “өргүүгө” чыгуу да жок . Балдар менен «ажырашуу» деген түшүнүк да жок. Ата-эне болуу менен, өмүр бою милдеттенме алабыз жана анын ишке ашуусуна эч нерсе тоскоол болбошу керек.

Кайсынысы кыйын: Ата болуубу же АКШнын Президенти болуубу?

«Мен эки нерсенин бирин жасай алам, Америка Кошмо Штаттарынын президенти боло алам же кызым Элисаны башкара алам. Мен экөөнү тең бир убакта аткара албайм».

Теодор Рузвельт (1858–1919)
АКШнын *Президенти*
(Портер жана Сервантес, 2007)

«Менин бир буйругума миллиондогон адамдар баш иет ... бирок мен үч кызыма эртең мененки тамакты өз убагында ичүүлөрүнө буйрук бере албайм».

Британ Офицери Вавелл
(1883–1950)

БАЛА ТАРБИЯЛОО – ИЙКЕМСИЗ ЖУМУШ

Бала төрөлгөндөн кийин, ата-энелик милдетибизди кийинкиге калтырууга, жылдырууга же кайдыгер калтырууга болбойт. Балдардын өзүлөрүнүн биологиялык сааттары бар, ата-энелер алардын өнүгүшүн түшүнүшү керек. Ата-энелер баланын өсүшүн жайлата албайт жана аны тездете албайт. Эгер кийлигишүүгө аракет кылышса, анда алардын жан дүйнөсүндө "кокустук" болушу мүмкүн. Дүйнө тынымсыз өтө берет, бирок балдар андай эмес. Табигый темпти кабыл алуу – акылдуулукка жатат: анын сыры – чыдамдуулук.

БАЛА ТАРБИЯЛОО – УБАКЫТТЫ, КҮЧ-АРАКЕТТИ, АКЧАНЫ УЗАК МӨӨНӨТКӨ «ИНВЕСТИЦИЯЛОО»

Балдарды тарбиялоо – убакытты жана өз-ара мыкты мамилени талап кылган узак процесс. Ата-энелер баласынын адил же адеп-ахлаксыз адам экендигин билүү үчүн бир нече жыл талап кылынышы мүмкүн.

БАЛДАРДЫН ЖҮРҮМ-ТУРУМУНА ТААСИР БЕРҮҮЧҮ ФАКТОРЛОРДУН КӨПТҮГҮ

Ата-энелер балдары өсүп жаткан дүйнөнүн дайым өзгөрүп тураарын билиши керек. Мисалы, технологиянын

өнүгүшү менен бир топ оор маселелер жаралды (телевизор, интернет, уюлдук телефондор, онлайн чат бөлмөлөрү, санарип музыка, DVD жана компьютердик оюндар). Фильмдер жана поп жылдыздарынын балдарга тийгизген таасири да чоң. Балдарды алаксытуучу факторлордун көптүгүнө да күбө болуп жатсаңыз керек. Ата-энелер балдарын тарбиялоодо толук эркиндикке ээ боло албай, телекөрсөтүүлөр, интернет жана курдаштары тарабынан атаандашууга туш болушууда. Балдарга оң жана терс таасирлер көп, аларга көп факторлор таасирин тийгизет, ата-энелер – алардын бири гана.

Көбүнчө балдарды тарбиялоодогу кемчиликтер үчүн ата-эне өзүлөрүн күнөлүү сезишет, бирок ата-эне баланын өнүгүүсүнө таасир эткен фактор-

лордун бири гана. Макро (коомдук) көз караштан алганда, көпчүлүк ата-энелер дагы деле интернетти ыплас, көчө бандаларын анчейин зөөкүр, ал эми маалымат каражаттарын одоно деп эсептөөдөн алыс.

Албетте, ата-энелер — балдарына эң биринчи олуттуу таасир тийгизүүчү фактор, бирок курдаштардын таасиринин маанилүүлүгү жыл сайын жогорулап отуруп, студенттик курактагы жылдарга чейин сакталат. Бул убакыт аралыгында балдар досторунун баалуулугун жана алардын жүрүм-турумун чагылдырышы мүмкүн. Өспүрүмдөр курдаштарынын тобуна жакын болуп, ата-энесинен алыстап кетишет. Ошондой эле, бир туугандар бири-биринин өнүгүшүнө маанилүү жана кээде туруктуу таасир тийгизет; алар бири-бирине социалдык күзгү жана үлгү болуп саналат жана алар атаандаштыктын жана кызганычтын булагы болушу да мүмкүн. Чөйрөнүн таасири, жашаган жери, үй-бүлө мүчөлөрү, алардын социалдык абалы, дин жана раса мамилелери да балдардын өсүп жетилүүсүнө таасир берүүчү факторлордун катарын толуктайт.

ЫМЫРКАЙ СҮЙЛӨЙ АЛБАЙТ

Жаныбарлар менен сүйлөшүү мүмкүн эмес экендигин элестетип көрсөңүз, андан кийин ымыркайлар жөнүндө ойлонуңуз. Алар сүйлөй алышпайт, ошондуктан алардын муктаждыктарын, сезимдерин жана ойлорун билүү кыйын. Биз алардын каалоолорун түшүнүүгө жетишишибиз керек. Биздин кеңешибиз: ымыркайларга Куран сүрөлөрүнөн үзүндүлөрдү окуп бериңиз, анткени ымыркайлар сүйлөй албаса да, уккан сөздөрдү эстеп калышат.

Ойго да келбеген нерсе!
Мен он төрт жашымда, атам ушунчалык акылсыз болгондуктан, анын алдында чыдап тура алчу эмесмин. Бирок жыйырма бир жашка чыкканымда, анын акыркы жети жылда ушунчалык акылы өсүп кеткенине таң калдым.

МАРК ТВЕН

Ха, ха! Эми мен билдим…
Балдар 40 жашка чейин өз ата-энелерин жек көрүшөт, бирок алардын күтүлбөгөн жерден аларга окшоп калышканы бул – тукумдун уланып жатканынан кабар берет.

КВЕНТИН КРОЙ,
АМЕРИКАЛЫК ЖАЗУУЧУ

Балдардын Түшүнүктөрү Өзгөрөт
О, менде балам кичине кезинде сүрөттөгөн сулуулуктун жарымы болсочу же ал чоңойгондо (мен тарапка) айткан келесоолуктун жарымы болсочу...

РЕБЕККА РИЧАРДС
(Brown,1994)

Ата-энелик милдет өз убагында аткарылышы керек
“Биздин көптөгөн жаңылыштыгыбыз жана күнөөлөрүбүз бар, бирок ошолордун ичинен эң жаман кылмышыбыз – өз балдарыбыздан баш тартуу, жашоо башатын унутуп коюубуз. Бизге керектүү көп нерселер бар, алар күтө турат. Бирок балаңыз күтпөйт. Азыр анын сөөктөрү пайда боло баштады, анын кан айлануусу түзүлүп жатат, анын акыл-эси өркүндөөдө. Ага эртең деп айта албайбыз. Ал бүгүн».

Г. МИСТРАЛЬ,
НОБЕЛ СЫЙЛЫГЫНЫН
ЛАУРЕАТЫ

БАЛА ТАРБИЯЛООНУН ЭРЕЖЕЛЕРИ

Бала тарбиялоо – бул бизден ар дайым татаал көндүмдөрдү талап кылган (алардын көпчүлүгүн биз аңдап биле бербейбиз) жумуш десек жаңылышпайбыз. Балдарды тарбиялоо психология, социология, экономика, медицина, биология, менеджмент жана искусство сыяктуу бир нече адистикти камтыйт. Бизди курчап турган дүйнө улам өзгөрүлүп, алдыбызга күндө жаңы, татаал маселелерди коюп жатат, ошондуктан ата-энелерден балдарына жакшы тарбия берүү талап кылынат. Кала берсе, жогорку даражага ээ болгондор (илим же искусство болобу) сөзсүз түрдө бактылуу жана канааттандырарлык үй-бүлөнү жаратат деп эч ким кепилдик бере албайт. Ата-энелер менен балдардын өз-ара түшүнүшүүсү, байланышы – жакшы жана натыйжалуу тарбиялоонун ажырагыс бөлүгү бойдон калат. Андыктан, азыркы замандын талаптарына жараша, биз ата-энелер ар дайым өзүбүздүн үстүбүздөн иштеп, балдарыбызга мыкты үлгү болууга умтулушубуз керек.

АТА-ЭНЕ ЖАМААТ КАТАРЫ ИШТЕШИ КЕРЕК

Команда менен иштөө оңой эмес жана ата-энелер үчүн чоң кыйынчылык болуп саналат. Жубайлар биргелешип иштөө үчүн шайкеш болуш керек. Сиз тандаган жубай – бул аял же күйөө гана эмес, келечектеги эне же ата. Команда катары иштөө сүйүүнү жана чын ыкластуулукту гана эмес: билимди, көндүмдөрдү жана туура мамилени талап кылат. Кандайдыр бир көйгөй келип чыккан учурда, ата-энелер “сен күнөөлүү”, “мен күнөөлүү” оюнун ойнобошу керек, ал үчүн бири экинчисин айыптаганы – көйгөйдүн чечилишине эмес, ырбашына алып келет. Балдардын бактылуу балалыгы үчүн жана балалыктан кийинки тепкичке ийгиликтүү өтүүсү үчүн ата-энелердин ортосундагы чоң кызматташтык талап кылынат.

БАЛА ТАРБИЯЛОО – РЕСУРСТАРДЫ ТУУРА БАШКАРУУНУ ТАЛАП КЫЛГАН КӨНДҮМ

Үй-бүлөнүн каржысын көзөмөлдөө үчүн бухгалтер жалдап, билим алууга кам көрүүчү тарбиячы жана ден соолукка кам көрүү үчүн медайымды жалдоого болот. Бирок, үй-бүлөнү башкаруу милдетин бөтөн кишиге жүктөй албайсыз. Эгер ата-энелер үй-бүлөнү башкара албаса, аны эч ким башкара албайт. Үй-бүлөнү башкаруу ата-энелерден сүйүүнү, чын дилден берилгендикти, убакытты жана көңүл бөлүүнү талап кылат. Советтик Россиядагы марксисттик тажрыйбаларды карап көрөлү: анда ата-энелерден же үй-бүлө мүчөлөрүнөн башка адамдар ата-энелик милдетин өз мойнуна алышкан. Буга чейин Грециядагы спартандыктар дагы бул тажрыйбаны колдонуп көрүшкөн. Натыйжада, бул иш ийгилик жарата алган

жок. Убакыттын жана ресурстардын сарамжалдуу пайдаланылышы толук үй-бүлөлөргө (атасы да, энеси да бар) караганда кыйла ырааттуу график менен күрөшүүгө мажбур болгон жалгыз бой эне же аталар үчүн дагы маанилүү болот.

БАЛДАРДЫН ТҮШҮНҮГҮ АТА-ЭНЕЛЕРДИН ОЮНА КАРШЫ БОЛУШУ МҮМКҮН

Балдар ата-энелеринин жардамын "кийлигишүү" деп, ал эми кеңеш берүүсүн "буйрук" деп кабыл алышат. Эгер, ата-эне камкордугун же сүйүүсүн көрсөтсө, алар "мен жаш бала эмесмин" деп айтышы да мүмкүн. Ошондуктан балдардын ойлорун, сезимдерин жана реакцияларын эске алыңыз. Балдарыңардан: «Менин сага кылган ишим жагып жатабы?» деп сурап туруңуз.

БАЛДАРГА ЭМНЕНИ ЖАНА КАЧАН АЙТУУ КЕРЕКТИГИН БИЛҮҮ

Бир эле окуядан чоңдор менен балдар ар кандай сабак алышат. Мындан тышкары, ата-энелер өздөрүнүн жеке кызыкчылыгы үчүн балдардын бир ишке акылы жетпей жатканынан жана сабатынын аздыгынан пайдаланып, жашоосун жеңилдетүүнү көздөшөт. Мисалы, балдар анар жеп жатканда, кээ бир ата-энелер аларга, анарды кийимдерине же эмеректерге түшүрбөстөн, үрөндөрү менен жеп коюусун айтышат (кийин тактарды кетирүү кыйын болот). Бирок, ата-энелер, фактыларга таянуунун жана балдар менен толук кызматташуунун ордуна, өз кызыкчылыгын ойлоп, учурдагы абалдан чыгууну көздөйт. Алар балдарга анардын ичинде Бейиштен түшүрүлгөн өзгөчө бир дан бар экенин, аны сөзсүз түрдө калтырбай жеш керек экенин айтышат (балдар ошол бата тийген бейиштик данды жоготуп албаш үчүн, анардын ар бир данын жан-дили менен жешет). Анын сыңарындай, көптөгөн үйлөрдө күрүч эгиндерин жууп-тазаланган убакта, күрүч ысырап болбошу үчүн, энелер кыздарына эгиндерди жоготпой этият болууга чакырышат, анткени алардын арасында "Бейиштен келген өзгөчө бир дан" болгону үчүн!

Балаңызга эмне жөнүндө жана качан айтуу керек?

Бул окуя кайсы жашта ылайыктуу? Арстан, карышкыр жана түлкү үчөө чогулуп уй, эчки жана коёнго аңчылык кылышты. Арстан карышкырга олжону бөлүштүрүүсүн буюрду. Карышкыр: «уй сага, эчки мага, ал эми түлкүгө коёнду берели», - деди. Ошондо ачууланган арстан карышкырдын башын жулуп салды да, түлкүгө кайрылып: «Олжону кантип бөлүштүрүп жатасың», - деп сурады. Түлкү: «Коён сиздин эртең мененки тамагыңыз үчүн, түшкү тамакка эчки, уй болсо кечки тамагыңыз үчүн» , - деп бөлүштүрүп берди. Арстан түлкүдөн: «Мындай акылмандыкты кайдан билдиң?»-деп сурады. Түлкү: «Карышкырдын жерде жаткан башынан», - деп жооп берди. Мындай окуяны жаш балдарга айтып берсеңиз, алар коркууну, коркоктукту жана эки жүздүүлүктү үйрөнүшөт. Эгерде бул окуяны балдар чоңоюп калган кезинде угушса, анда алар ойлонуп иш кылууга жана этият болууга үйрөнүшөт. Балдарга убакыт бөлүп, окуяларды айтып берүү абдан маанилүү.

Ата-энелер өздөрү үчүн убакытты жана акчаны үнөмдөө, ошондой эле, балдарды тартипке, тазалыкка жана жоопкерчиликке үйрөтүү үчүн пайдалуу жана акылдуу амалдарды колдонушат. Бирок, кийинчерээк ата-энелер балдар кыраакылык курагына жеткенде, мурдагы айтылгандардын көбү чындыкка туура келбеген миф экенин түшүндүрүүсү кажет. Балдар үчүн кеңири жайылган миф бул Рождество убагында пайда болгон Санта Клаус жана «анын белектери». Дээрлик бардык балдар Санта Клаусту Кудайдан маанилүүрөөк көрүшөт, бул албетте, алардын аң-сезимине зыян.

БАЛДАРГА КОКУСУНАН ТУУРА ЭМЕС ТҮШҮНҮКТӨРДҮ БЕРҮҮ

Төмөнкү окуяларды карап көрөлү:

1-окуя: Салем бала бакчанын жуунучу бөлмөсүнө кирүүдөн баш тартканда, мугалим андан эмне үчүн деп сурайт. Ал: «Ата-энем мага дааратканаларда жиндер жана шайтандар жашайт деп айткан. Алар менен жалгыз калуудан корком ».

2-окуя: Хамид аттуу кичинекей балага периштелер жуунуучу бөлмөгө кирбейт деп айтышкан, бирок дагы: эки периште анын эки ийнинде дайым карап тураарын жана анын ар бир жасаган иштерин жазып тураарын айтышкан. Ошондо Хамиддин ийниндеги эки периште ал менен чогуу жуунуучу бөлмөгө киреби?! Ал түшүнө алган жок!

Айрым ата-энелер балдарга чочконун эти эмне үчүн тыюу салынгандыгын туура эмес түшүндүрүп беришет. Балдар чочколорду жек көрүп, ырайымсыз мамиле кылуу керек деп ойлоп калышат. Ата-энелер бардык жаныбарлар Кудайдын сонун жаратуулары экенин, бирок алардын айрымдарын жегенге тыюу салынганын туура түшүндүрүп бериши керек. Бардыгы жакшы максат үчүн жаратылган жана биз жаныбарларга боорукер болушубуз керек.

Айрым ашыкча ынтаалуу ата-энелер ката кетирген адамдарды жактырышпайт. Алар адамдарды жаман иш-аракетке түрткөн факторлорго көңүл бөлүшпөйт жана тамекини да, тамеки тарткан кишини да жаман көрүшөт. Кээде түз жолдон адашкан кишиге каталарын оңдоого жардам берүү керек. Эгер ата-эне ката кетирген адамдарды жек көрүүнү уланта берсе, балдар да аларды жактырбай, өздөрүн алардан жогору деп ойлоп, бой көтөрүү сезимине алдыра баштайт.

ПОЗИТИВДҮҮ ИМИДЖ ТҮЗҮҮНҮН КӨЙГӨЙЛӨРҮ

Мода журналдарындагы моделдердин, Голливуд жылдыздарынын келбеттүү дене-мүчөлөрүн көрүп, балдар (айрыкча, өспүрүм кыздар) тамак-аш сиңирүү органдарынын бузулушуна кабылууда. Ошондой эле, өспүрүм кыздардын ашкере боёнуулары жана мода кийимдеринин артынан сая түшүп кууганы да поп-жылдыздардын таасиринин астында болуп жатат. Сырткы келбетке байланыштуу тынчсызданууну «арык чырай дене бойлуулар – эң сонун» деген кабар-

ды коммерциялык маалымат каражаттары байма-бай көтөрүп чыгууда.

Балдарыбыздын балалыктан чоң турмушка өтүүсү эрте башталып, талап кылган кемчиликсиз идеалдары орундалбай, ишенимсиздик менен коштолууда. Бул ата-энелер үчүн чоң кыйынчылыктарды жаратат. Демек, адеп-ахлактык баалуулуктарды, ишенимди жана жакшы мүнөздү тарбиялоонун маанилүүлүгү барган сайын жогорулап баратат. Ошондой эле ата-энелер балдардын бузук иштерге (коррупция, жыныстык катнаш ж.б.) эрте аралашып кетүүсүн адын алуусу жана билиши керек.

(Уильямс, 2002)

Балдардын канааттануу сезими жалпыга маалымдоо каражаттары тарабынан колдоого алынган булактардан (акча, бийлик, атак-даңк) эмес, жамааттык мамилелерден, пикир алышуудан жана үй-бүлөлүк байланыштардан келип чыгышы керек.

Ыйык китептеги Мусадан бала тарбиялоо сабактары: Мусанын айткандары

Ук, Ысрайыл: биздин теңирибиз – Кудай, Кудай – бирөө. (Мыйзам 6: 4)

1-сабак: Туура артыкчылыкты кой! Ата-энелер балдарына артыкчылыкка ээ болууну кантип үйрөтүшөт? Биз эмнени билишибиз маанилүү эмес, эгер биз эмне маанилүү экендигин билбесек. Эгер биз акыркы Кудайды унутуп койсок, анда биз жакын арада кул болобуз.

Өзүңдүн Теңириңди, Кудайыңды чын жүрөгүң менен, жан-дилиң менен, бүт күчүң менен сүй. (Мыйзам, 6:5)

2-сабак: Мамилелер – эрежелерге караганда маанилүү. Эрежелердин эрежелери: Аз, Маанилүү, Тиешелүү, Жөнөкөй жана Трансформациялоо эрежелерин белгилеңиз. Эрежелер – жаман эмес, эгер жүрүм-турумду сырттан өзгөртө алса. Бирок, сүйүү адамдын жүрөгүн жана ниетин өзгөртөт.

Бүгүн мен сага айткан ушул сөздөр жүрөгүңдө (жана жаныңда) сакталсын. (Мыйзам, 6:6)

3-сабак: Ыйык Жазууларды билип алыңыз. Ата-энелер Кудайдын сөздөрүн балдарына үйрөтүүдөн мурун, биринчи өздөрү билип алуусу керек. Бул сөздөр балдардын жүрөгүнөн орун таба электе, ата-энелердин жүрөгүнөн орун табуусу керек. Ата-энелер өздөрүндө жок нерсени бере алышпайт, ошондуктан алар айткандарына ылайык жашоосу кажет.

Аларды балдарыңа кылдаттык менен үйрөт. (Мыйзам, 6:7)

4-сабак: Убакыттын саны эмес, сапаттуу убакыттын саны маанилүү. Ата-энелер «ынтызар учурларды» кубаныч менен тосуп алуусу жана ал жөнүндө ойлонуусу керек . Ата-энелер балдарына бардык нерселерди берүүгө даяр, бирок аларга эң керектүү болгон убакытты бере алышпайт. Биздин коом үй-бүлөгө эмес, жумушка багытталган. Маселе, артыкчылыктарыбызды биринчи орунга коюуда эмес, маселе аларды аныктап алууда!

> Үйдө отурганда, жолдо баратканда, жатканыңда жана турганыңда ал жөнүндө балдарыңа айтып бер. (Мыйзам, 6:7)

5-сабак: Эстей турган нерсени кайталоо керек. Ата-энелер баалуулуктарды оозеки, баса белгилеши, кайталашы керек. Так, кыска жана жөнөкөй болуңуз. Көрсөтүп жана айтып бериңиз. Ата-эне катары балаңызды жүрүм-туруму баалуулуктарды чагылдырган туугандарыңар, лидерлер, Конгресстин мүчөлөрү, пасторлор, имамдар жана конок-тор менен тааныштыра аласыз.

Жыйынтыктоо

Бирок бардык кыйынчылыктарга карабастан, бала тарбиялоо – ата-энелер үчүн кызыктуу, жагымдуу жана пайдалуу тажрыйба. Албетте, тоскоолдуктар, туура эмес түшүнүктөр болбой койбойт, биз аларды кийинки бөлүмдө карап чыгабыз.

ИШ-АРАКЕТ

26-ИШ-АРАКЕТ: Маанилүү түшүнүктөрдү жеткирүү

Балдарыңызга төмөнкүлөрдү түшүндүрүңүз (өзүңүздүн мисалдарыңыз менен):

Сиздин эмнени билгениңиз маанилүү эмес, эгер сиз анын маанисин түшүнбөсүңүз. Маселе, артыкчылыктарды биринчи орунга коюуда эмес, маселе аны аныктап алууда. Башкаларга сүйүү көрсөтүү үчүн, жүрөгүңдү Аллахтын сүйүүсүнө толтур. Өзүңүздө жок нерсени башкаларга бере албайсыз.

Ата-энелер үчүн: эмнени балдарыңызга айтып жатсаңыз, аны өзүңүз да колдонуңуз. Сүрөт миң сөзгө арзыйт. Ал эми, практикалык мисал сүрөттөн миң эсе жакшы.

6-БӨЛҮМ

Кеңири жайылган туура эмес түшүнүктөр, тоскоолдуктар жана уламыштар

- Киришүү 134
- Кеңири жайылган туура эмес түшүнүктөрдү жокко чыгаруу жана тоскоолдуктарды аныктоо 134
  - *Мурасталган ылайыксыз ыкмаларды дал өзүндөй колдонуу 134*
  - *Башкаларды ылайык келбесе да дал өзүндөй тууроо 134*
  - *Аткарылбай калган каалоолорго балдар аркылуу жетүү 135*
  - *Ата-энелик милдетти тапшыруу 135*
  - *Балдарды тарбиялоодо акыл-эс жетиштүүбү? 135*
  - *Кимдир бирөө балдарына каршы согушта жеңишке жете алат деп ишенесизби? 135*
  - *Ата-энелер өздөрүн колго алып, көзөмөлдөй алабыз деп ойлошот 136*
  - *Ата-энелер бардык балдарын окшош кылып тарбиялай алабы? 136*
  - *Балага чоң адамдай мамиле кылуу 137*
  - *Баланын ар бир каалоосун орундатуу 137*
- Бала тарбиялоодогу айрым ойдон чыгарылган окуялар четке кагылды 137
- Иш-чаралар 27-28 142

Киришүү

МУРУНКУ БӨЛҮМДӨ биз адептүү баланы тарбиялоо – үй-бүлөнүн тынчтыгы жана ата-эненин бактылуу жашоосуна гана байланыштуу эместигин жана ал абдан кеңири түшүнүк экендигин сөз кылганбыз. Аны менен катар максаттардын маанилүүлүгүн белгилеп, ата-энелер билиши керек болгон негизги көйгөйлөр жөнүндө кеңири айтып бердик. Бул бөлүмдө бала тарбиялоого байланыштуу кеңири тараган божомолдорду четке кагууга, ата-энелер кабылган айрым тоскоолдуктарды же бөгөттөрдү белгилөөгө жана алардан кантип сактануу керектигине токтолобуз. Ошондой эле, биз көп кездешкен уламыштарды четке кагууга аракет кылабыз. Бала тарбиялоодогу жакшы план, эгер ата-энелерди тоскоолдукка учуратчу кыйынчылыктардан арылта албаса, анда ал толук иштелип чыкты деп эсептелинбейт.

Кеңири жайылган туура эмес түшүнүктөрдү жокко чыгаруу жана тоскоолдуктарды аныктоо

МУРАСТАЛГАН ЫЛАЙЫКСЫЗ ЫКМАЛАРДЫ ДАЛ ӨЗҮНДӨЙ КОЛДОНУУ

Көпчүлүгүбүз адаттарыбызды ата-энелерибизден үйрөнөбүз. Бул адаттар ар дайым эле пайдалуу боло бербейт, кээ бирлери эскирген же зыяндуу болушу мүмкүн. Бир эне: «Кош бойлуу кезимде, мен өз энеме окшоп калдым», – деген. Айрым ата-энелер, баш ийүүчүлүк же ыраазычылык билдирип, ата-энелерибиз бизди эң мыкты тарбиялаган деп ырасташат. Албетте, алар бизге сүйүүсүн жана камкордугун көрсөттү, эгер алардын айрымдары арабызда жок болсо, Кудай алардын жаткан жерин жайлуу кылсын. Бирок, ошол убактагы ата-энелердин бардыгы эле конструктивдүү тарбиялоо үчүн керектүү каражаттарга, билимге же көндүмгө ээ боло алышкан эмес.

БАШКАЛАРДЫ ЫЛАЙЫК КЕЛБЕСЕ ДА ДАЛ ӨЗҮНДӨЙ ТУУРОО

Башкаларды ылайык келбесе да дал өзүндөй тууроо – тарбиялоодогу эң туура эмес жол. Ар бир бала табиятынан өзгөчө жана башка бала үчүн пайдалуу болгон нерсе, экинчи балага такыр пайдасыз болушу толук ыктымал. Ар бир ата-эне балдарын адептүүлүккө үйрөтүүнүн эң жакшы жолун табууга аракет кылышы керек. Башка ата-энелер менен кеңешкен учурда, ата-энелик тарбиянын көп жактуу экенине, балаңыздын кабыл алуу өзгөчөлүгүнө көңүл буруңуз. Ар бир ата-эненин тарбиялоо стили ар башка, жадагалса тарбиялоодо конкреттүү бир ыкманы эки ата-эне эки башка учурда колдонушу мүмкүн. Айрым ата-энелер тарбия берүүдө демократиялуулукту колдосо, башкалары катаал, диктатордук ыкманы тандашып, кадам сайын күтүлбөгөн жагдайларга дуушар болушат.

> «Жаңы аталар балдарды чоңойтуу – импровизациянын бир түрү экендигин тез эле баамдашат».
> (Билл Косби, актер)

> “Бала тарбиялоо – сиз үйрөнө турган нерсе эмес, бала төрөлгөндө бул нерсени жөн эле жасайсыз».
> (Элкинд, 1995)

АТКАРЫЛБАЙ КАЛГАН КААЛООЛОРГО БАЛДАР АРКЫЛУУ ЖЕТҮҮ

Бул ата-энелердин туура эмес жүрүм-турумунун кеңири тараган көрүнүшү. Кээ бир ата-энелер өзүлөрү жете албаган максаттарын балдарына таңуулап, алар аркылуу ишке ашырууга далалаттанышат. Мисалы, ата-эне жаш кезинде врач же инженер болууну кыялданып, бирок ал ою ишке ашпай калса, ал өз баласынын каалоолорун эске албастан аны медицина же техника менен алектенүүгө мажбурлайт. Биз мындай көрүнүштөргө көп жолу күбө болгонбуз. Балдар ата-энелеринин уландысы эмес, алардын өз алдынча көз караштары жана амбициясы бар.

Ата-энелер балдарын өзүлөрүнүн өмүрүнүн уландысы деп эсептешет. Алар балдары аркылуу кетирген кемчиликтерин, атүгүл ата-энелеринин кетирген каталарын оңдоого аракет кылышат.

Эгер ата-энелер эч качан жакшы гольф оюнчулары болушпаса, анда алар балдары гольф оюндарынын чемпиону болушун каалашат. Эгер ата-энелер математикадан начар болсо, балдары Эйнштейндей болушун, эгерде ата-энеси саясатчы боло албаса, анда алардын балдары ар кандай саясий жарышта жеңишке жетишин каалашат. Ата-энелик бул – экинчи балалык эмес жана балдар ата-энелеринин миниатюралык версиялары да эмес. Балдар да толук кандуу инсандар, алардын келечекте кандай кесиптин ээси болушу эмес, биринчи кезекте жакшы адам болуп жетилүүсү маанилүү.

АТА-ЭНЕЛИК МИЛДЕТТИ ТАПШЫРУУ

Көпчүлүк учурда тарбиялоо менен ата-эненин бирөөсү алектенсе болот деген божомолдор да бар. Чындыгында, ата эненин ордун баса албагандай эле, эне да атанын ордун баса албайт. Анткени, оң колубуз сол колдун, сол колубуз оң колдун милдетин аткара албайт эмеспи. Ар бир ата-эненин өзүнүн конкреттүү жана чечүүчү ролу бар. Ата-эненин ролун эч убакта чоң ата, чоң энеси же башка туугандары аткара алышпайт. Булардын баары ата-эненин акыл-эске сыйбаган орун басарлары.

БАЛДАРДЫ ТАРБИЯЛООДО АКЫЛ-ЭС ЖЕТИШТҮҮБҮ?

Ата-энелер менен балдардын ортосундагы мамилелер туура багытта ой жүгүртүүгө гана негизделбейт, адаттар менен эмоциялар да бар. Ата-энелер балдарына: “жашылча жемиштерди жегиле, алар силер үчүн пайдалуу минерал жана витаминдерге абдан бай ” деп айтуу менен аларга жемиштерди жедире албайт. Ооба, ой жүгүртүү зарыл, бирок бул жетишсиз.

КИМДИР БИРӨӨ БАЛДАРЫНА КАРШЫ СОГУШТА ЖЕҢИШКЕ ЖЕТЕ АЛАТ ДЕП ИШЕНЕСИЗБИ?

Ооба, ата-энелер балдары менен тигил же бул маселе боюнча “согушуп”, “жеңишке” жетүүсү мүмкүн. Балдар буга кандай жооп берет деп ойлойсуз? Албетте, алар өч алат же алардын жек көрүү сезими күчөйт. Ата-энелер 10

жаштагы кызынын ойго сыйбаган каалоолорун аткарышына каршы турушу мүмкүн. Бирок ал кыз 13 жашка чыкканда үйдөн качып, кош бойлуу болуп, ата-энесинин ага каршы баштаган согушунда жеңишке жетиши мүмкүн. Же болбосо, алардын уулу унааны уурдап, айдап баратып, чоң кырсыкка учурашы ыктымал. Мындай жагдайда ата-энелердин бир эле варианты бар: балдарын өз тарабына тартуу, аларды угуу, сүйүү, түшүнүү, маселелерди чогуу талкуулоо, бирге ой жүгүртүү. Бул чыдамдуулукту жана натыйжалуу баарлашууну талап кылган назик маселе.

АТА-ЭНЕЛЕР ӨЗӨДӨРҮН КОЛГО АЛЫП, КӨЗӨМӨЛДӨЙ АЛАБЫЗ ДЕП ОЙЛОШОТ

Балдар акыры күчкө толуп, чоң киши болушарын билишет. Эгерде ата-энелер өз күчүн балдарын урушуп, коркутуп-үркүтүү үчүн колдонушса, анда балдар бойго жеткенде ошол эле жүрүм-турум тактикасын колдонушу

мүмкүн. Эгерде ата-энелер балдарын өздөрү менен бир тарапта экенине ишендире алса, анда балдар башкалар менен жакшы мамиледе болушат. Ата-энелердин күчү балдарына күч-кубат берээрин унутпоо керек. Балдарына орой мамиле жасаган ата-энелер билип алса болот: кайсы бир максатка жетүү үчүн балда-

Аларга уул-кызыңыздай мамиле кылыңыз

“Сиз баатырларды эмес, уулдарды тарбиялап жатасыз. Эгерде сиз аларга уулуңуздай мамиле кылсаңыз, анда алар баатыр болуп өсүп чыгышат».

(Ширра, 2001)

рыңызга карата күч колдонуунун ордуна сүйүү жана ишеним сөздөрүн колдонсоңуз, ошол эле максатка жетесиз же сиз күткөндөн да жакшыраак жыйынтык болушу мүмкүн. Эгер сүйүү же күч колдонуудан эле бирдей натыйжага жете турган болсок, анда эмнеге күч колдонуу керек?

АТА-ЭНЕЛЕР БАРДЫК БАЛДАРЫН ОКШОШ КЫЛЫП ТАРБИЯЛАЙ АЛАБЫ?

Ата-энелер балдарынын бардыгы окшош деп ойлошу мүмкүн. Бирок андай эмес. Балдар стресске сабырдуулугу, билим алуу жөндөмү, социалдык кырдаалга жана хоббилерине болгон ишеним деңгээли менен бири-биринен айырмаланат.

Убакыт өткөн сайын ата-энелер ар бир баланын өзгөчөлүгүн, анын башка балдардан эмнеси менен айырмаланарын биле башташат. Бир туугандардын ар кандай болушу мүмкүн экендиги да таң калыштуу. Айрым айырмачылыктар жыныстык жана гендердик ролду социалдаштыруудагы айырмачылыктардан улам келип чыгышы мүмкүн.

БАЛАГА ЧОҢ АДАМДАЙ МАМИЛЕ КЫЛУУ

Ата-энелер балага чоң адамдай мамиле жасоо керек деп ойлосо жаңылышат. Аль-Жаражра (Al-Jarajra 1988, араб

тилинде), гректер менен римдиктер ишенишкендей, бала бул – кичинекей чоң адам эмес экендигин түшүндүрөт. Ал биздин жашообуздагы эң маанилүү баскыч – бул балалык экенин баса белгилеген. Чындыгында ата-энелер баланын психологиясын түшүнүшү керек, бул албетте, оңой эмес. Ага салыштырмалуу, ымыркайдын биологиялык муктаждыктарын түшүнүү оңоюраак болот (б.а. эгер бала ачка болсо, сиз аны тамактандырасыз, чарчаса уктатасыз же жалаякты булгап койсо, аны тазалайсыз). Ымыркайдын психологиялык муктаждыктарын түшүнүү кыйыныраак. Чоңдор өзүлөрүнүн психологиясын да жетиштүү деңгээлде түшүнө беришпейт. Бирок биз ата-энелер, бул теманын үстүндө тынымсыз иштешибиз кажет.

БАЛАНЫН АР БИР КААЛООСУН ОРУНДАТУУ

Ата-энелер балдарына каалаган нерсесин сатып алууга же алардын ар бир каалоосун орундатууга шашпоосу керек. Ата-энелер балдарынын оозунан чыккан буйругун күтүп отуруунун ордуна, аларга жашоо алыш-бериштен тураарын түшүндүрүүсү зарыл. Баланын бардык каалоосун аткарууга шашкан ата-энелер, мындай жагдайга кандайча түшүп калганын байкабай да калышат. Бирок бала чоңойгон сайын анын каалоолору да чоңоё баштайт. Кийин балаңыз керексиз эле буюмдарга көмүлө баштаганына күбө болушуңуз ыктымал.

Бала тарбиялоодогу айрым ойдон чыгарылган окуялар четке кагылды

Баланы тарбиялоо – ата-энелердин бири-бирине болгон жылуу мамилелери, бала төрөлгөндөн кийин алардын күнүтүнү тынбай тарбия менен алек болуусу менен башталат. Мунун баары биринчи кезекте, коом үчүн керек: коом жаңы төрөлгөн ымыркайлар менен уланат.

Айрым ата-энелер: "Бала тарбиялоо – кызыктуу, жакшы ата-энеден жакшы балдар төрөлөт, жакшы тарбия берүү үчүн сүйүү жана интуиция жетиштүү, балдар ата-энелердин алар үчүн кылган курмандыктарын баалашат, тарбия берүү табигый жол менен болот, үй-бүлөлүк баалуулуктарды балдарга түшүндүрүү оңой", – деп ишенишет.

Тилекке каршы, булар чындыкка дал келе бербейт. Төмөндө биз фактылар менен тастыкталбаган ишенимдердин кээ бирлерин мисалга келтирдик.

(Нокс жана Шахт, 1997)

1-миф: Балдарды тарбиялоо ар дайым көңүлдүү. Болочок ата-энелер, сыналгыдан сейил бакта балдары менен ойноп жаткан жаш ата-энелердин жарнамасын көрүп, бала тарбиялоо бул – чексиз көңүл ачуу жана жыргал турайбы деп ойлоп калышы мүмкүн. Чындык бир аз башкача. Жарнамада ата-эненин ролун ойноо демилгесин сиз колдоп же колдобой таштап кетип калсаңыз да болот, ал эми чыныгы ата-энелик милдетиңизди таштап кете албайсыз, бул тажрыйба сизге ырахат тартуулайбы же жокбу, сиз балаңыздын жанында болууңуз керек. Бул жумуштан чыгып да кете албайсыз.

2-миф: Жакшы ата-энелер сөзсүз түрдө жакшы балдарды тарбиялашат. Көпчүлүк адамдар туура эмес жумуш жасаган (баңги затын колдонгон, ууру, сойку же шылуун) балдардын ата-энелери да жакшы адамдар эмес деп ойлошот. Балдар кандайдыр бир жаман иштерди жасаганда, биз ата-энебизди күнөөлөйбүз. Анткен менен, балдары үчүн колунан келгендин баарын жасаган ата-энелердин балдары да айрым учурда жаман иштерге баруусу мүмкүн (мисалы, Нух пайгамбардын уулу тууралуу ой жүгүртүңүз). Же тескерисинче, жаман ата-эненин тарбиялаган баласы, келечекте мыкты инсан болуп өсүүсү толук ыктымал (мисалы, фараондун үйүндө тарбияланган Мусанын жана Ибрахимдин пайгамбарлык окуяларын эстеңиз).

Кээде ата-энелик милдет балдардын курсагын тойгузуу менен гана чектелип калууда

3-миф: Балдар ата-энесине ыраазы болууну билет. Көпчүлүк ата-энелер: “Эгер балдарыбызга бардык керектүү нерсени берсек, биздин курмандыкка барганыбызды билишет жана ыраазы болушат”, – деп ойлошот. Чындыгында, мындай эмес. Ата-энелердин сүйүүсү, камкордугу жана берген тарбиясы да айрым учурда, балдары тарабынан бааланбай калышы мүмкүн. Кээ бир ата-энелер балдарына материалдык нерселерди (кийим, оюндар, компьютерлер жана унаалар) берсе, аларды баалайт деп ишенишет. Бул божомол да туура эмес. Айрым балдар, ата-энесинин колунан келгендин бардыгын алууга укуктуубуз деп эсептешип, алардын алдында жоопкерчиликти сезишпейт.

4-миф: Бала тарбиялоо – табигый нерсе

Айрым адамдар бала тарбиялоо боюнча формалдуу окутуунун кажети жок деп эсептешет. Көпчүлүк өлкөлөрдө ата-энелерди даярдоо курстарына караганда, айдоочулукка окутуу курстары көбүрөөк. Жаңы төрөгөн жаш эне менен тажрыйбалуу энелердин ортосунда чоң айырмачылыктар бар. Жаш энелер балдарынын максаттарын жана муктаждыктарын түшүнө алышпайт жана алар чоңойгон сайын алардан кандай иш-аракеттерди күтөөрүн билишпейт. Тажрыйбалуу энелер, тескерисинче, балдардын ой жүгүртүүсүн жана жүрүм-турумун жакшыраак түшүнүшөт. Эгер жаш энелерди бал тарбиялоого окутпасак, анда алар ата-энелеринин каталарын кайталай башташат.

5-миф: Балдарга үй-бүлөлүк баалуулуктарды үйрөтүү оңой.
Көпчүлүк үчүн үй-бүлөлүк баалуулуктар төмөнкүлөрдү билдирет:

- Аксакалдарга жана башка адамдарга сый көрсөтүү;
- Адамдардын ортосундагы айырмачылыктарды баалоо;
- Айырмачылыктарды сабырдуу талкуулоо жана аларды чечүүнүн жолдорун табуу;
- Канчалык кыйын болсо дагы, жакшы нерселер менен алек болуу;
- Милдеттенмелерди кабыл алуу жана сактоо;
- Ар дайым кынтыксыз бойдон калуу;
- Башкаларга жардам берүү жана коомго кызмат кылуу.

Адам сунуштайт, бирок Кудай жокко чыгарат.

Ымыркайыңыз төрөлгөнчө жакшы пландарды түзөсүз, бирок ал төрөлгөндө, пландалбаган нерселер да орундалып кетет.

Өзүңүз көрүп тургандай, жогорудагы жана башка баалуулуктарды балдарга оңой эле үйрөтүп коюу мүмкүн эмес. Бул сизден чоң аракеттерди талап кылат. Андан сырткары, балаңыз сиз айткан ар бир акыл-кеп, насааттарды кунт коюп уга берсечи! Жашоодо бала тарбиялоо биз ойлогондой боло бербейт, сабырдуулукка, чечкиндүү кадамдарга даяр туруңуз.

6-миф: Бала тарбиялоодо интуиция, жалпы түшүнүк жана сүйүү жетиштүү
Ата-энелер билим жана көндүмдөргө муктаж. Ата-энелик милдет бул – өз убагында чара көрүүнү талап кылган чакан окуялардын, мезгилдүү жаңжалдардын жана күтүлбөгөн кризистердин жыйындысы. Сиздин ар бир жообуңуз кандайдыр бир жыйынтыкка алып келет, себеби, жооптор балдарга тигил же бул деңгээлде жакшы же жаман таасир калтырат. Баланын муктаждыктарына туура жооп берүүнү үйрөнүү керек. Баланын мүнөзү ар кандай адамдар жана кырдаалдар менен болгон окуялардан улам калыптанат.

Балдар эч бир бир мүнөзгө жок жерден ээ боло албайт. Лекция аркылуу эч ким лоялдуулукка, кат алышуу аркылуу кайраттуулукка, басым кылуу аркылуу эр жүрөктүүлүккө же назиктикке үйрөтө албайт. Жакшы мүнөздүн түзүлүшү баланын психологиясын жана баланын өнүгүү баскычтарын билүүнү талап кылат. Ата-энелер өспүрүм балдарынын

боорукер, кайраттуу жана эрктүү болушун каалашат. Албетте, ар бир ата-эне муну ишке ашыра алат. Бул үчүн бала тарбиялоонун туура ыкмаларын үйрөнүшү керек.

7-миф: Өзүн-өзү азапка салуу жөнүндөгү туура эмес түшүнүк. Айрым ата-энелер (өзүлөрүнүн жакшы сезимдеринен улам) өзүлөрүнүн балдары үчүн күйүп-жанып, азап менен багышым керек деп ишенишет. Андан тышкары, дин алардан ушуну талап кылат деп ойлошот. Чындыгында, байлык менен балдар ата-энелер үчүн кубаныч жана жашоону көрккө бөлөө үчүн берилген, кыйноо жана азаптоо үчүн эмес.

Акылсыздык жана акылмандык!

«Акылсыздык мураска берилчү нерсе, сен муну балдарыңдан аласың».

Сэм Левенсон (Браун, 1994)

«Акылдуу болуу чеберчилиги – эмнени көз жаздымда калтыруу керектигин билүү чеберчилиги».

Уильям Джеймс (Lazear, 1993)

БИРИНЧИ ЖАКТЫН ТАЖРЫЙБАСЫ

Бала тарбиялоону ата-эне өз тажрыйбасы аркылуу үйрөнөт. Бирок, тажрыйба – татаал мугалим: ал алгач суроолорду, андан кийин сабактарды берет. Төмөнкү өтүнүчтү окуугa аракет кылыңыз: «О Кудай, өмүрүмдөгү бардык сабактарды өз тажрыйбамдан үйрөнүшүм керек эмес».

Мал-мүлк жана балдар – бул дүйнө жашоосунун кооздугу, бирок акыреттик жакшы иштер Раббиңердин алдында сыйлык үчүн жакшыраак жана андан үмүт кылганыңар да жакшыраак. (Куран, 18:46)

Ата-энелер, айрыкча энелер өз балдары үчүн баарына даяр болуп, өзүлөрүн курмандыкка чалуусу – туура эмес көрүнүш. Тескерисинче, биринчи кезекте балдар энелерге жардам берип, аларга кызмат өтөшү керек. Энелер адегенде өзүлөрүнө, андан кийин балдарына кам көрүшү кажет.

8-миф: Ата-эненин эң башкы жоопкерчилиги – анын балдар менен болгон мамилеси. Тескерисинче, биринчи жоопкерчилик башкалар менен болгон мамиледе эмес, жеке өзү менен болгон мамиле.

Ошол күнү адамдар бир туганын, өз энеси, атасын, жубайы жана балдарын таштап кетет, ал күнү ар ким өз кызыкчылыгын ойлойт.
(Куран, 80: 34-37)

Өзүңүздүн, балдарыңыздын жана Жараткандын ортосунда тең салмактуулукту орнотуңуз. Пайгамбар Мухаммед (с.а.в.) айтты:

Жубайыңыздын сиздин үстүңүздөн укугу бар, денеңиздин укугу бар, Жараткаңыңыз сиздин үстүңүздөн укугу бар, ошондуктан алардын ар бирине өз укугун бериңиз.

(БУХАРИЙ)

Бул жерде ата-энелердин өздөрүнүн ден соолугуна кам көрүүсү, ырахат алуусу, мыйзамдуу каалоолору, достук жана эс алуусу жөнүндө сөз болуп жатат!

ИШ-АРАКЕТТЕР

27-ИШ-АРАКЕТ: Жеке турмуштук кыйынчылыктар

Ата-эне катары өзүңүздүн тажрыйбаңыздан, ата-энелик кыйынчылык эмне себептен жана кандайча болгонун айтып бериңиз. Муну үй-бүлөлүк жыйында балдарыңыз менен талкуулаңыз. Бул алардын турмуштун оор чындыктарына көзүн ачышы мүмкүн.

28-ИШ-АРАКЕТ: Балдарды тарбиялоо боюнча ойлорду талкуулоо

Бул аяттарды үй-бүлө мүчөлөрүнүн бардыгына түшүндүрүп бериңиз, андан кийин балдарды тарбиялоодо кандай кыйынчылыктар жана кубанычтар менен коштолоорун айтып бериңиз. Реалдуу турмуштан алынган окуяларды мисал катары келтириңиз.

Бир ата айтты: «Балдар ата-энелерин жазалоо үчүн жаратылган».
Ал эми, бул тууралуу Куранда эмне дейт, көңүлүңүздү буруңуз!

Мал-мүлк жана балдар – бул дүйнө жашоосунун кооздугу, бирок акыреттик жакшы иштер Раббиңердин алдында сыйлык үчүн жакшыраак жана анда үмүт кылганыңар да жакшыраак. (Куран, 18:46)

Эй, ыйман келтиргендер! Чындыгында, жубайларыңардын жана балдарыңардын арасында душманыңар бар. Алардан этият болгула, эгер кечиримдүү болсоңор, берешендик көрсөтүп, аларды кечирсеңер, анда Аллах силерге да Кечиримдүү жана Мээримдүү. (Куран, 64:14)

Чындыгында, мал-мүлкүңөр жана балдарыңар силерге сыноо үчүн түшүрүлдү, бирок Аллахтын эң чоң сыйлыктары бар. (Куран, 64:15)

7-БӨЛҮМ

Ишиңиз оңунан чыкпай калганда...

- Киришүү 144
- Ачууланууу, баш ийбөө, чыр-чатактар жана көз жаштар 145
  Баш ийбеген балдарды тарбиялоонун бир нече жолдору 145
- Коркутуп-үркүтүүлөр: сиз жана сиздин балаңыз 146
- Эгер балаңызга кордук көрсөтүлүп жатса, анда эмне кылуу керек? 147
- Өспүрүмдөр: өспүрүмдөрдүн түшүнүгүнө карата айтылган сын-пикир 148
- Өспүрүмдөрдөгү жана өзүбүздөгү ачууланууу 150
- Ачууланган өспүрүмдүн ата-энеси болуу – өзүбүздү да ачууга салат 152
- Өспүрүм балдарыбыз жана өзүбүз үчүн эмне кылсак болот? 152
- Жакшы баарлашуунун бир нече принциптери 152
- Иш-аракеттер 29-30 154

Киришүү

Эч бир мамиледе, анын ичинде ата-эне менен балдардын оротсундагы мамиледе да ийгиликке кепилдик жок. Кээде биз каалабаган нерселер да ишке ашып кетиши мүмкүн. Жаңы төрөлгөн наристеге үмүт жана оптимизмге толо көздөр менен карайсыз. Балаңыз менен өткөрүүчү алдыдагы сонун күндөрдү элестетип, балаңыздан сүйүүнү, тил алууну жана урматтоону күтөсүз. Сиз өзүңүзчө: "Бул кандай гана сонун мамиле болот", - деп ишенгенсиз.

Он беш жылдан кийин, өзүңүзгө: «Эмне болуп кетти?» – деген суроону беришиңиз мүмкүн. Сиз балаңыздын тарбиясы үчүн колуңуздан келгендин бардыгын жасадыңыз, мүмкүн болгон нерсенин баарын ага бердиңиз: сүйүү, ишеним, үмүт. Кантип сиздин каныңыздан жаралган балаңыз бир убакта “желмогуз” болуп чыга келди?

Бир ата-эне өзүнүн ден-соолугу чың, мыкты окуган, мыкты жетишкендиктерге ээ болгон уулунун эмоциялык жетишпестигин байкап, абдан таң калган. Ал бала психикалык жактан жетиле элек болчу. Айрыкча, бала мектепте жакшы окуп, ден-соолугу жана акыл-эси жакшы болсо, ата-энеси анын эмоционалдык көйгөйлөрүн байкабай калышы мүмкүн. Чындыгында, ал класстагы мыкты окуучу болушу мүмкүн, бирок эмоционалдык жөндөмү жок. Бул тууралуу ата-энеси мугалимдерден, досторунан же туугандарынан кокусунан түшүндүрмө же комментарий алышы мүмкүн, муну ата-энелер олуттуу кабыл алышып, оңдоп-түзөөгө аракет кылышы керек .

Бир эне мындай дейт:

«Биз шаардын чет жакасында жашайбыз, жашообуз жакшы. Балдарыбыз мыкты мектептерде окушат жана биз алар менен үй-бүлө катары кемпинг, лыжа жана сууда сүзүү сыяктуу көп убакытты чогуу өткөрчүбүз. Уулубуз азыр түрмөдө. Ал бир жолу түнү жергиликтүү азык-түлүк дүкөнүнөн уурулук үчүн кармалып, бутуна ок жеди. Азыр биз өзүбүздөн кайсыл жерден ката кетиргенибизди сурабай да калдык. Ал жыйырма үч жашта. Каргашалуу ошол түн балабызды ”уурдап” кетти.

Бул бөлүмдө ишибиз оңунан чыкпай калган учурда эмне кылуу керектигин карайбыз. Кайсыл жерде ката кетирдим деп, өткөнгө кайрыла берүүнүн ордуна, кыйынчылыктарды кантип чечүүгө көңүл бурганыбыз жакшы. Андан сырткары, өспүрүмдөрдүн туура эмес жүрүм-турумун да карап чыгабыз. Бул жерде ачык пикир алышуу көйгөйлөрдү чечүү үчүн маанилүү курал катары каралат. Кыйынчылыктар канчалык чоң жана аны чечүүгө мүмкүнчүлүктөр аз болгонуна карабастан, ата-энелер тарабынан автоматтык түрдө иштин бүткөнү деп бааланбашы керек. Бул сөзсүз түрдө сиздин күнөөңүз же атайылап жасаган катаңыз эмес.

Сиздин уулуңуз же кызыңыз ар дайым өзгөрүп турат жана балалыктан чоң турмушка өтүүдө силердин ортоңордо тирешүү болушу толук ыктымал. Мындай иштерге өзүңүздү же жубайыңызды күнөөлөбөңүз. Ата-эненин жакшы тарбиясы менен тоскоолдуктарды жеңүүгө болот жана бул жакшы натыйжа берет. Адамдын үмүтү жана тилеги, ошондой эле башка ата-энелердин билимин, көндүмдөрүн жана тажрыйбаларын колдонуу ийгиликке жетүүнүн кепилдиги болуп саналат.

Ачуулануу, баш ийбөө, чыр-чатактар жана көз жаштар

Балдар ар дайым билим алып, өсүп жатышат жана аларга ата-энесинин көзөмөлү абдан керек. Айрым учурда балдар муну сынап да көрүшөт. Бул күрөшкө айланышы мүмкүн. Ата-энелердин айткан акыл-насааты кээ бир баш бербеген балдарды токтото албайт, алар өздөрү каалаган нерсеге жетмейинче же чоңдордун көңүлүн өздөрүнө бурмайынча кыйкырып, ыйлап, ар өнөрүн көрсөтүшү мүмкүн. Мындай абалда ата-энелер айласыздыктан көз жашка алдырышы же баланын тарбиясына кол шилтеп, таштап коюусу мумкүн.

Чынында, бул туура эмес чечим. Тарбия – узак мөөнөттүү процесс жана бир гана акылдуу ойлонуу менен жакшы натыйжаларга жетүүгө болот. Балдарга кыйкыруу, аларды сабоо жана мажбурлоо менен сиз көйгөйдү чече албайсыз.

Балдарыңыздын сиздин эрежелериңизди урматтоосу үчүн жана көзөмөлдү өз колуңузга алууңуз үчүн акылдуу чечимдерди кабыл алууңуз керек. Кабыл алган чечимиңиз – сиздин бала тарбиялоо методуңуз болуп эсептелет.

БАШ ИЙБЕГЕН БАЛДАРДЫ ТАРБИЯЛООНУН БИР НЕЧЕ ЖОЛДОРУ

Тарбия жүрүм-турумду оңдойт, ал эми жазалоо аны бузат.

- Жаман жүрүм-турумдун кесепеттерин баса белгилеп, кадимки үн менен сүйлөңүз. Баланын көңүлүн баш ийбөөчүлүктүн кесепеттерине буруш керек. Эгер мындай жол жыйынтык бербей жатса, анда үн жана көз байланышына көңүл буруңуз. Бул кандайдыр бир иш-аракет жасалааргa чейин биринчи кадам. Бекем, токтоо үн чыгарып сүйлөңүз, эч убакта кыйкырбаңыз.
- Балага кайраттуу экендигиңизди билдирип, анын көзүнө тике караңыз. Ага бир нече жолу так жана жай эскертиңиз. Эгерде ал укпаса, үнүңүздүн тонун бекем чыгарып, ага жакындап барыңыз. Дагы бир ирет кайталап айтыңыз.
- Балаңызга бул да таасир бербесе, анда кесепеттердин эрежесин колдонуңуз: балага ата-энеге тоң-моюндук кылуу кандай кесепеттерге алып келээрин айтып, (кесепеттердин) тизмесин бериңиз. Сизге сый-урмат көрсөтүүсүн талап кылыңыз, аларга эскертүү бериңиз, болбосо балдарыңыз сизди олуттуу кабыл албайт. Эгерде алар кыйкырып, ачууланып жатса, анда жооп бербеңиз. Балаңызга түшүнүүгө убакыт бериңиз, тезинен жыйынтык талап кылууга аракет кылбаңыз.
- Ата-энелерге дагы бир сабак. Балдарыңызды көз чаптырып, алар эмнени баалап жана эмнелерди жакшы

көрөөрүн билүүгө умтулуңуз жана ошол нерсени бир аз убакытка конфискациялаңыз. Бул сүйүктүү оюнчугу же кандайдыр бир буюм болушу мүмкүн. Балаңыз өкүнүп же тынчтанып калганда, аны жакшы жакка өзгөргөнү үчүн сүйүү жана жакшы сөздөр менен сыйлаңыз . Баланын туура эмес иштерин токтотуңуз жана анын кесепеттерин дагы бир жолу балаңыз менен чогуу карап чыгыңыз.

- Бала кечирим сураганга чейин, убактылуу "тентек аймакка" калтырып койсоңуз да болот, а сиз өзүңүздүн күнүмдүк жумушуңузду уланта бериңиз. Үй-бүлөдөгү маанайды сактоо үчүн балаңыздын кемчилигин кечириңиз жана унутуп коюңуз. "Тентек аймак" идеясы – сиз аны кандай атайсыз, балаңызга көңүл бурбайсыз, ага сүйлөбөйсүз, сүйлөшүүгө аракет кылса да, сиз аны көз жаздымда калтырыңыз (атайылап). Бул убакыт сүйлөшүү үчүн эмес; баланы жалгыз калтыруу керек. Сиз тандаган "тентек аймак" кызыксыз жана тынч жер же бөлмө болушу керек, балаңыздын уктоочу бөлмөсү бул аймак үчүн жарабайт, ал жерде бала ээн калып өзүнүн катачылыгын түшүнүүсү жана ойлонуусу керек.
- Балдарыңыз өзүн жакшы алып жүргөндүгү үчүн кубаттап, сыйлык берип туруңуз. Алар чыр салганда, ыйлаганда же сизге каяша сүйлөсө, аларды алдап, жакшы жака буруу үчүн пара бербеңиз. Бул орунсуз практика, бул менен балаңызды эч нерсеге үйрөтө албайсыз.

Коркутуп-үркүтүүлөр: сиз жана сиздин балаңыз

Бардык балдар коркууга кабылышы мүмкүн. Эгер сиз балаңыздын бул абалын эртерээк байкап калсаңыз, аны көңүл оруусунан жана стресске кабылуусунан сактап каласыз. Коркууга алдыруу – баланы мазактоодон, ага кол көтөрүүдүн келип чыгат. Көпчүлүк учурда ата-эне баласынын бул абалынан бейкапар болушат, себеби ортодогу ишеничтин жетишсиздигинен бала атасы же энесине айтуудан коркушу мүмкүн. Балаңыздын адаттан тышкары жүрүм-турумун байкасаңыз, тез арада буга чара колдонуңуз.

"Рэкетинг Онлайн" (http://www.bullying.co.uk) – бул коркутуп-үркүтүү менен күрөшүүгө каршы иш алып барган веб-сайттын дареги. Сайттан алынды: "Улуу Британияда жыл сайын болжол менен 16 бала коркутуп-үркүтүүдөн улам өзүн өзү өлтүрүүгө барышат. Алар окуган мектептин мугалимдери көбүнчө балдардын эмне себептен мындай жолго барышканын айта алышпайт. Бирок балдарды бул жолго түрткөн коркутуп-үркүтүүчүлөр жана алардын достору суициддин себебин так айтып бере алышат. Кимдир бирөө каза болуп калганда же катуу ооруга чалдыкканда, өкүнүү кеч болуп калат".

“РЭКЕТИНГ ОНЛАЙН” ВЕБ-САЙТЫНДА БАЛАҢЫЗДЫН КОРДОЛУШУНУН АЙРЫМ БЕЛГИЛЕРИ КЕЛТИРИЛГЕН

- Жыртылган кийимдер
- Акчаны жоготуу
- Жакын достору менен катташпай калуу
- Көңүлсүз жана ачуулуу болуу
- Себепсиз тынчсызданyy
- Унчукпоо жана башкалардан алыс болуу
- Үй тапшырмаларына көңүл бөлбөө
- Дайыма үйдө болууну каалоо
- Бир туугандар менен агрессивдүү болуу
- Уйкусу качуу
- Үйгө денеси көгөргөн же жаракат талган абалда келүү

Эгер балаңызга кордук көрсөтүлүп жатса, анда эмне кылуу керек?

Балдардын көпчүлүгү кордук көргөнү жөнүндө айткысы келбейт. Ата-энелер балдарынан так жоопту угуу үчүн, аларды бурчка такап суроолорду жаадыра берүүсү туура эмес. Жөн гана "Бүгүн мектепте эмнелер болду?" деген сыяктуу суроолорду берүү маанилүү маалыматтарды алууга жардам берет. Бирок, көпчүлүк балдар мектептин күнү жөнүндө сүйлөшкүсү келбеши мүмкүн жана сурамжылоону тажатма деп эсептешет. Адаттан тыш жүрүм-турумду белгилөө – маанилүү.

Балдар өзүлөрүн дайыма эркин сезиши керек жана ата-энелери менен коркутуу же жалпы бактысыздык жөнүндө сүйлөшүүдө ачык болуулары керек. Ачык баарлашууга балаңызды эрте жаш курагынан баштап үйрөткөнүңүз жакшы. Балдарыңыз менен ачык мамиледе болсоңуз, алар коркуу сезимин жана көйгөйлөрү жөнүндө сизге жашырбай айта алат, ошону менен көп убакытты жана күч-аракетти үнөмдөгөн болосуз. Эң негизгиси, балаңыз сиздин алдыңызда өзүн ыңгайлуу сезүүсү керек, ошондо гана экөөңөрдүн ортоңордо ишенимге негизделген жылуу мамиле орнойт.

- Көпчүлүк мектептерде рэкетчиликке каршы саясат бар. Балаңызга мектеп тандоо – биринчи кадам болушу керек. Бул маселени талкуулоо үчүн балаңыздын мугалими менен жолугушууну уюштуруу – кийинки кадам.
- Баланы өч алууга үйрөтпөңүз, анткени, өч алуу – көйгөйдү чечпейт жана көбүрөөк кыйынчылыктарды жаратышы мүмкүн. Башка окуучуга катуу тийүү менен, балаңыз мектептен чыгарылышы мүмкүн.
- Ата-эне катары сабырдуу болуңуз, дүрбөлөң салбаңыз же балаңызды кордогон баланын ата-энеси менен байланышууга шашпаңыз. Адатта, бул ата-эненин биринчи жообу болсо да, кээде көйгөйдү ого бетер ырбатат. Мектептин жетекчилиги коркутуп-үркүткөн баланын ата-энеси менен байланышканы жакшы.
- Балаңыз жана мектеп жетекчилиги менен рэкетчиликтин токтогонун билүү үчүн дайыма сүйлөшүп туруңуз.
- Балаңызга чыдамдуу болууну үйрөтүңүз. Жекеме-жеке күрөш жана өзүн-өзү коргоо курстарына алып барсаңыз да болот.
- Балаңызга коопсуздук стратегиясын үйрөтүңүз. Эгер ага карата басым көрсөтүлүп жатса, чоң кишилерден кантип жардам издөө керектигин, жардамды кантип сурашы керектигин сүйлөшүңүз. Балаңызга рэкетчилик жөнүндө кабар берүү – туура иш экенин айтыңыз.
- Мугалимдерден тыныгуу жана түшкү тамак убагында балаңыздын коопсуздугуна көңүл бөлүүсүн сураныңыз.
- (http: // www. Stopbullyingnow.hrsa.gov) сыяктуу веб-сайттар менен таанышып, башка ата-энелердин кандайча рэкетчиликти жеңгенин жана алар колдонгон стратегияларды билип алсаңыз болот.

Өспүрүмдөр: өспүрүмдөрдүн түшүнүгүнө карата айтылган сын-пикир

Балким, өспүрүм курактагы жылдар – бала тарбиялоонун эң оор баскычы болушу мүмкүн. Доктор Имад аль-Дин Ахмед: “Эркиндик шартында өспүрүмдөр лидер боло”, – алат деп ырастайт. Өспүрүм курак бул – «жыныстык жетилүү менен балагатка жеткен мезгилдин аралыгы» деп аныктама берилген. Бирок алгачкы коомдордо балагатка жеткен мезгилди чоң турмуштун башталышы деп эсептеген. Динде да бул маселени ырым-жырымдары жана мыйзамдары менен ырастап келишкен. Иудаизмде жаштар бар-митцвада: "Бүгүн мен эркекмин" деп жар салышат. Исламда кыздар айызы башталган мезгилден тартып балагатка жеткендиги жана ага намаз окуу парз экендиги айтылат.

Мурунку коомдун шакирттик үлгүлөрү азыркы коомдун формалдуу билим берүү системасы менен алмаштырылды. Жалпы калкка расмий билим берүү тутумун киргизилиши менен, эрте балагатка жетүү түшүнүгү жана андагы айрым мүмкүнчүлүктөр жокко чыгарылды. Расмий билим берүүнү

аяктаганга чейин көп жерлерде жумушка жол берилбейт, тактап айтканда орто мектеп (17-18 жаш) же колледж (19-22 жаш). Балдар мектепти аяктаганга чейин өспүрүм балдар же жетиле элек балдар деп эсептелинет. Мыйзамда бекитилгендей, бардык балдар 18 же 21 жашта жетилет! Эгер фактка таяна турган болсок, балдар орто эсеп менен 19 жашында физикалык жактан жетилет, ала эми акыл эси бир аз эртерээк жетилүүсү толук мүмкүн.

Өспүрүмдөргө балдардай мамиле кылган заманбап үлгү көз карандылыкты күчөтүп, алардын өзүн-өзү сыйлоо сезимдерин мазактайт. Салттуу коомдордо 15 жаштагы балдар окутууга, бизнеске, жарандык коомго, согушка катышып, атүгүл баш кошушкан. Азыркы коомдо аларга жаш балдардай мамиле жасалат.

Олуттуу стипендия алуу үчүн алар колледжди күтүш керек. Өспүрүмдөргө чоң турмуштун милдеттемелерин берүүнү кечеңдетүү, айрым көйгөйлүү маселелерди жаратууда. Мисалы: өспүрүмдөрдүн бардыгы эле 11 жылдык мектеп жашоосуна ылайыктуу эмес жана бул жаатта алардын нааразычылыктары байкалууда. Стипендияга татыктуу болгондор “бизге жаш баладай мамиле жасашат”, – деп эсептешет. 16 жашка чейинки жарандарга мыйзам тарабынан иштөөгө тыюу салынган менен алар мыйзамсыз соода менен алектениши мүмкүн (мисалы, баңгизат сатуу). Башкача айтканда жарандык коомдон орун издегендер ар кыл бандалык топторго кошулушу мүмкүн. Анча-мынча формалдуу же кыйла тереңдетилген окууларды ийгиликтүү бүтүргөндөр мектептеги сабактарга көңүл бөлбөй калышат.

Көпчүлүк өспүрүмдөрдө "көңүлдүн коюуунун бузулушу" аныкталган, анткени алардын акыл-эси көңүлүн көтөрүү үчүн өтө эле кызыксыз тапшырмаларды аткара албай калды. Андан тышкары, кээ бир өспүрүмдөр жыныстык жетилүү мезгилинде гармондордун алмашуусунан улам, никесиз жыныстык катнашка барышып, натыйжада аборт жасаткан секелектердин саны өсүүдө. Ал эми мурунку коомдо эрте никеге турууга руксат берилгендиги үчүн, жаштар арасында мындай одоно көрүнүштөр байкалган эмес.

Бул көйгөйлөрдү укуктук жол менен чечүү ушул китептин алкагына кирбейт. Бирок, ата-энелер үчүн азыркы коомдун каталарын кетирбөө маанилүү. Жаш балдарга балдардай мамиле жасабаңыз, жаш кесиптештериңизге кандай мамиле кылсаңыз, аларга да ошондой мамиле жасаңыз. Алар жетекчиликке жана тажрыйбага, ошондой эле сый-урматка, жоопкерчиликке жана насаатчылыкка муктаж экендигин билип алыңыз. Аларга мүмкүн болушунча көбүрөөк жоопкерчиликти жүктөңүз.

Өспүрүмдөрдөгү жана өзүбүздөгү ачуулануу

АЧУУГА АЛДЫРУУ МЕНЕН КОРКУНУЧКА ЖАКЫНДАЙСЫЗ

Өспүрүмдөрдүн ачуулануусу ата-энелер үчүн оңой эместей сезилет. Линда Лебелл (Focus Adolescent Services) бул абалды чечмелөө үчүн төмөнкү эки мисалды колдонуп, маселени түшүндүрөт:

1-мисал: Карен 9-класстын окуучусу жана ал өзүн эч нерсеге арзыбаган нерседей сезет. Канчалык аракет кылбасын, анын колунан эч нерсе келбейт окшойт. Бир күн мурун мектептин пьесасын ойногонго аракет кылган, бирок сахнага чыкканда, тили күрмөөгө келбей, аудиториянын ортосунда мостоюп эле туруп калган. Эми бул жөнүндө мектептеги ар бир адам билди да, атүгүл алар Карендин үстүнөн күлүп жатышкандыр... Бирок ал эч качан аларга өзүнүн жаман абалда калганын билдирбейт. Карен алардын эмнени ойлоп жаткандыгын жакшы билет жана алар туура ойлоп жатышат. ...Карен алардын бардыгын жек көрөт.

2-мисал: Крис уктоочу бөлмөнүн дубалына муштумун сайды. Бирок, жетиштүү болгон жок. Ал столдо турган банканы алып, залга ыргытып жиберди. Күрөң шекердүү суюктук дубалга тийип, килемдин үстүнө жайыла түштү. «Сен мени мажбурлай албайсың ...!» деп кыйкырды. “Мен сени менен эч жакка барбайм! Мен каалаганымды кылам!» Крис тепкичтен түшүп, арткы эшиктен сыртка карай жөнөдү. Атасы анын артынан чуркап чыгып, кыйкырган бойдон кала берди, Крис унаасына отуруп зуулдаган бойдон жөнөп кетти. Крис атасына аябай кыжырданып бара жатты. Чоң-атасын жоктоп, конокко баруудан да маанилүү пландары бар эле, ал досторуна убада берип койгон. Крис: «Бир аз чылым тартып алсам жеңилдей түшөм», – деп ойлоп баратты.

Бул өспүрүмдөрдүн ортосунда кандай окшоштуктар бар?

Алар ачууланyy менен күрөшүп жатышат. Алар өзүлөрү каалаган нерсесин ала алышпайт жана пландары оңунан чыккан жок. Андыктан бирөөгө же бир нерсеге катуу нааразычылыгын же каршы пикирин билдирип жатышат. Алар колунан эч нерсе келбей тургандыгын түшүнүшөт.

Ачууланyy – бул жүрүм-турум эмес, сезим

Ачууланyyнун көп формалары бар, ал чочулоодон таарынууга, анан кыжырданууга жана караманча каршылык көрсөтүүгө өтөт, мунун аягы биз көрүп тургандай ачууланууга алып келет жана биздин жүрүм-турумубузду негиздейт. Карен ачуусун кысмакка алып, ички дүйнөсүнө чөгүп кетти. Крис баш ийбестик кылып, мүлктү талкалады. Алардын мындай жүрүм-туруму, өздөрүнүн жан-дүйнөсүн, ички туюмун өзгөртмөйүнчө улана берет.

Ачууланyy ден соолукка зыян келтириши мүмкүн

Ачууланyy — үрөй учураарлык эмоциялык абал жана ага физикалык жана оозеки зомбулук, касташуу, зыяндуу ушак, коомго жат жүрүм-турум, какшык, көз карандылык жана психосоматикалык оорулар кирет. Мындай абал адамдардын өмүрүн кыйратып, мамилелерди бузуп, башкаларга зыян келтирип, иштин үзгүлтүккө учурашы, ой жүгүртүүсүнүн тумандашы, ден соолугуна таасир этүү менен келечегине доо кетириши мүмкүн.

Бирок анын оң жактары да бар: ачууланyy – бул коркуу сезиминен улам пайда болгон экинчи сезим. Бул бизге жашообузда иштебей калган маселелерди чечүүгө түрткү болот, ошондой эле, көйгөйлөрүбүздү чечүүгө жана ачууланyyнун негизги себептерин билүүгө жардам берет.

АЧУУЛАНУУНУН СЕБЕПТЕРИ:

Кыянаттык **Тынчсыздануу** **Маңзаттарды колдонуу** **Муң-кайгы**
Депрессия **Ичкиликке берилүү** **Жаракат алуу (травма)**

Ачууланган өспүрүмдүн ата-энеси болуу – өзүбүздү да ачууга салат

Өспүрүмдөр көптөгөн эмоционалдык маселелерге туш болушат. Алар өзүнө тийиштүү жеке суроолорго, ар кыл топторго бөлүнүү, мамилелер жана максат коюу боюнча суроолорго туш келишет. Алардын ата-энелери менен болгон мамилеси барган сайын көз карандысыз болгондуктан өзгөрүлүп турат. Бул ачууланууга жана реакцияланган жүрүм-ту-

румга алып келген нааразычылыкты жана башаламандыкты жаратышы мүмкүн. Өзүбүздүн жүрүм-турумубузду өзгөртүүгө аракет кылбасак, өспүрүмдөргө алардын жүрүм-турумун өзгөртүүгө жардам бере албайбыз. Бизден бири-бирибизге жана кырдаалга реакция кылуу эмес, акылга салып жоп беришибиз талап кылынат. Ниетибиз – ачууну четке кагуу эмес, ал эмоцияны башкара билүү.

Өспүрүм балдарыбыз жана өзүбүз үчүн эмне кылсак болот?

Өспүрүм балаңызды угуп, сезимдерине көңүл буруңуз. Бул жагдайды балаңыздын көз карашынан түшүнүүгө аракет кылыңыз, боорукер болуңуз. Айыптоо жана күнөөлөө көп дубалдарды бекемдеп, баарлашууну токтотот. Балаңызга кам көрөөрүңүздү жана аны жакшы көргөн сезимиңизди ага билдириңиз. Жеңиш алып келүүчү чечимдерди кабыл алыңыз. Ачуулануу зордук-зомбулукка алып келбеши керектигин эсиңизден чыгарбаңыз. Зордук-зомбулук, өнөкөт душмандык, депрессия же өзүн-өзү өлтүрүү коркунучу болгондо, өспүрүмгө, өзүңүзгө жана үй-бүлөңүз үчүн психологдордун жардамынан колдонуңуз.

Жакшы баарлашуунун бир нече принциптери

Идеалдуу дүйнөдө баары план боюнча иштейт: турмушта андай болбой калышы да мүмкүн. Ата-энелердин койгон максаттары, алар колдонгон принциптер жана үй-бүлөдөгү иш-аракеттери, туура пикир алышуу болбосо, ийгиликсиз болот. Кандайдыр бир ката кетсе, ачуулануу, көңүл калуу же көңүл чөгүү сезимдеринин жаралышына жол бербеңиз. Көйгөйлөрдү ойлонуп, жайбаракат сүйлөшүңүз.

Балдарыңыздын өз оюн айтуусуна мүмкүндүк бериңиз, анын көңүлүн оорутпаңыз, ал сүйлөп жаткан учурда чыдамсыздыгыңызды көрсөтпөңүз. Алардын бүгүнкү күнү жөнүндө сураңыз, сизге окуяларды айтып берүүсүнө мүмкүндүк бериңиз, көйгөйлөрдү чогуу талкуулоого үндөңүз. Балаңыз сүйлөп жатканда сөзүн бөлбөңүз.

Өткөндүн оозеки каада-салттары (аңгемелерди жана өткөндөрдү талкуулоо жамааттын жана үй-бүлөлүк жашоонун ажырагыс бөлүгү болгон) бүгүнкү күндүн визуалдык салттары менен алмаштырылды (ТВ, кино жана видео оюндар). Сүйлөө аракети – көптөгөн артыкчылыктарга ээ; бул балдарга өз оюн ачык айтууга ишеним берет, аларды чечкиндүүлүккө жетелейт жана майда-барат же олуттуу маселелерди ата-энелер менен талкуулоонун табигый жөндөмүн өстүрөт.

Ата-эне катары, албетте, сиз жумуш жасап, чарчап каласыз, бирок сүйлөшүү кыйын болуп жатса да, аны кийинкиге калтырбаңыз, баарлашуу – балаңыз үчүн абдан маанилүү экенин билиңиз. Пикир алышуу балдарга башкалар менен мамилелешүүдө талап кылынган жүрүм-турумду, өзгөчө, ата-энени урматтоону үйрөтөт. Балдарды төмөнүрөөк койбоңуз же аларды келесоо деп ойлоп жүрбөңүз. Өзүңүздүн жүрүм-турумуңузга көңүл буруңуз, ал сылык, көңүлдүү болушу жана көзөмөлгө алынышы керек. Балдарды өзүнө ишенимдүү жана коопсуз тарбиялоо – аларды чоң турмушка даярдоочу эки аспект болуп саналат. Талаш маселелерди талкуулап, пикирлерди салыштырып көрүңүз. Бул балдарды сынчыл ой жүгүртүүгө үйрөтөт жана алардын интеллектуалдык чыйрактыгын өрчүтөт. Балаңыздын акыл-эсин жогору баалабаңыз же предметтерге болгон көз карашын четке какпаңыз.

Биз башкаларды көп сүйлөйт деп күнөөлөйбүз, бирок, аларды "көп угат" деп да күнөөлөп көрдүк беле? Уга билүү – камкордук. Биз канчалык катуу сүйлөсөк, балдарыбыз ошончолук тез "өчүп" калат.

Кечки тамактануу маалы – сүйлөшүү үчүн абдан жакшы убакыт. Эгер ата-энелер телевизорду өчүрүп, дасторкондо чогуу тамак жей берүүнү адат кылып алышса, балдары чоңойгон сайын алардын жашоосу бир топ жеңилдейт. Телевизор көңүлдү буруп, үй-бүлөлүк терең мамилелердин өрчүшүнө тоскоол болот.

Балдарыңызды башкаруу үчүн, ачууга алдырып, кырдаалды колдон чыгарып жибербеңиз. Өзүңүздү тынч, жайлуу сезмейинче балдарыңыз менен сүйлөшүүдүн алыс болуңуз. Айрым энелер балдарын тартипке салуу максатында, ойдон чыгарылган "желмогуздар" менен коркутушат. Алар ар кандай аталыштагы, мисалы, *жезкемпир, албарсты* сыяктуу жин же желмогуздарды ойлоп табышкан. Бул тактика балдарды түнкүсүн себепсиз сыртка чыгуудан, физикалык зыяндардан алыс кармоого жардам бергени менен, акылга сыйбаган коркуу сезимин туудурат. Алар караңгыдан, жалгыз болгондон, кичинекей бөлмөлөрдөн, жаныбарлардан, күндүн күркүрөшүнөн, чагылгандан жана бейтааныш адамдардан коркуп чоңоюшат. Балдар чоңойгондо, албетте, бул жөн гана жомок экенин билип алышса да, жаш кезинде алган эмоционалдык жана психологиялык жабырлануулары акыл-эс тутумунда кала берет. Мындай тажрыйбалар ата-энелердин терең талдоо жүргүзө албагандыгынан же алгылыктуу альтернатива иштеп чыгууну билбегендиктен болушу мүмкүн.

Балаңызга үстүртөн карабастан, анын деңгээлинде сүйлөшүңүз. Ал дайыма сиз менен тыгыз байланышта болуу үчүн жана сезимдерин билдирүүсү үчүн, ага жумшак мамиле кылыңыз, сүйлөп жатканда анын колдорун кармап**, көздөрүнө сүйүү менен караңыз**.

ИШ-АРАКЕТТЕР

29-ИШ-АРАКЕТ: Ата-энелер жана өспүрүмдөр үчүн суроолор жана жооптор

Ачуулануунуу аныктоонун жана башкаруунун биринчи кадамы – өзүбүзгө көз чаптыруу. Ата-энелер менен өспүрүмдөр чогулуп отуруп, төмөнкү суроолорду өздөрүнө берип, өзүн-өзү билүү сезимин өркүндөтүш керек.

Ачуулануу кайдан келип чыкты?
Ачуулануу сезимин кандай жагдайлар пайда кылат?
Менин оюм «керек», «сөзсүз», «ар дайым жана эч качан?» деген сыяктуу абсолюттук нерселерден башталабы?
Менин күтүүлөрүм, оюмдагы каалоолорум негизсизби?
Чечилбеген кандай конфликтке туш болуп жатам?
Кайгыруу, жоготуу же коркууга кандай жооп берип жатам?
Мен ачуулануунун физикалык сигналдарын билеминби (бат-бат дем алуу, тердөө)?
Ачуумду кантип билдирем?
Менин каарым кимге же эмнеге багытталган?
Мен ачууланып, башкаларды коркутуп-үркүтүп жатамынбы?
Натыйжалуу сүйлөшүп жатамынбы?
Сезимдерим үчүн мен жооптуумунбу?
Менин ачууланганыма кантип жооп берем?
Мен эмоцияларымды башкара аламынбы же эмоцияларым мени башкарып жатабы?

30-ИШ-АРАКЕТ: Көйгөйдү чечүүчү иш-аракеттер

Эки-үч жубайларды чогултуп, төмөндөгү мисалда сиз жигиттин көйгөйүн кандайча чечкениңизди талкуулаңыз. Андан соң Пайгамбарыбыздын (с.а.в.) мамилеси менен ойлоруңузду салыштырып көрүңүз.

Бир жигит келип, Пайгамбарыбыздан (с.а.в.), ага бузукулук кылууга уруксат берүүсүн өтүндү. Аны уккан сахабалар таң калышып, аны уруша башташты. Пайгамбарыбыз жигитке: «Мага жакыныраак келиңиз», – деди. Жигит келип олтургандан кийин, Пайгамбар ага катары менен беш суроо берди: «Бул нерсени сен энеңе, кызыңа, карындашыңа, энеңдин эжесине же сиңдисине каалайт белең?» Беш суроонун ар бирине ал

жигит мындай деп жооп берди: «Кудай менен ант берем, Жок! О, Алланын Элчиси, Аллах сизге мени калкан кылсын!» – деди. Пайгамбарыбыз (с.а.в.) анын үстүнө колун коюп: «О, Аллахым, анын күнөөлөрүн кечир, жүрөгүн тазалап, жыныстык мүчөлөрүн корго», – деп дуба кылды. (Ахмад) Бул жигит андан кийин бузукулук жөнүндө эч качан ойлогон эмес!

Пайгамбарыбыз (с.а.в.) бул жигит менен сүйлөшүп, анын кадыр-баркын жана өзүн-өзү сыйлоо сезимдерин козгоп, өзүн-өзү натыйжалуу башкара билүүсүнө жардам берди. Урушуу, кыйкыруу, жазалоо же тозок оту менен коркутуу – бул жагдайга жардам бермек эмес.

Тарбиянын бул ыкмасы теориялык билим менен адамдын сезимдерин психологиялык жактан терең түшүнүүнүн ортосундагы айырманы көрсөтүп турат. Жигит өзүнүн кумарын кандыруу чечимин издеп жүргөн. Пайгамбарыбыз (с.а.в.) ага азап жана тозокко алып баруучу күнөөлөр жөнүндө кабар айткан эмес; Анын ордуна, ал өзүнүн таза тубаса кадыр-баркына жана абийирине кайрылды. Ал адеп-ахлактык жана диний максаттарга жетүү үчүн психологиялык мамилени колдонгон. Бул жөн гана мисал эмес, бул баланын өнүгүүсүндөгү көйгөйлөрдү чечүүнүн акылдуу ыкмаларына негизделген философиялык мектеп.

ЭКИНЧИ БӨЛҮК

Баланын өнүгүүсү

8-БӨЛҮМ: Эмчек эмизүү 159
9-БӨЛҮМ: Баланын мээси: аны колдонуу же жоготуп алуу 178
10-БӨЛҮМ: Баланын өнүгүү этаптары жана аны максималдаштыруу этаптары 198
11-БӨЛҮМ: Дени сак бала: гигиена, тамактануу, физикалык көнүгүү жана уйку 224
12-БӨЛҮМ: Балдарды жана кыздарды тарбиялоо: алар айырмаланабы? 266
13-БӨЛҮМ: Жыныстык мамилелер жана жыныстык билим берүү: балдарыбызга эмне деп айтабыз? 303

8-БӨЛҮМ

Баланын өнүгүүсү

- Кириш сөз 160
- Баланы эмизүү Куранда 162
- Баланы эмизүүнүн медициналык жана психологиялык артыкчылыктары 163
- Америка бизнеси жана баланы эмизүү 166
- Мусулман дүйнөсү жана баланы эмизүү 167
- Имам Али менен Ибн Хазмдын баланы эмизүүгө болгон көз караштары 168
- Баланы эмизүүнүн узактыгы 168
- Бала эмизип жаткан энелерге пайдалуу кеңештер 169
- Эненин күнүмдүк диетасы: үлгү 170
- Физикалык жактан күчтүү улут 171
- Иш-аракеттер 31 174

Кириш сөз

Физикалык жана эмоционалдык жактан күчтүү, дени сак балдарды өстүрүүдөгү эң маанилүү кадам – бул баланы эмизүү. Куран баланы эмизүүгө жана эмчектештиктен келип чыккан туугандык мамилеге жетүү мүмкүнчүлүгүнө өзгөчө басым жасайт. Бул “эмчектеш туугандык” деп аталып, балдар эмчектеш бир туугандар болуп калат. Мисалы, эмне үчүн Түркиялык 20 жаштагы Салах Индонезиялык Фатима аттуу жаш кызга үйлөнө албайт? Анткени Салах бирге чыкканда, аны Фатиманын энеси эки күн эмизген. Бул нерсе Салахты Фатиманын эмчектеш агасы кылып коет, ошондуктан ал ага үйлөнө албайт. Андан тышкары, Фатиманын бардык эжелери жана таежелери дагы автоматтык түрдө Салахтын эжелери жана таежелери анын бир туугандары болуп калгандыктан, алар үйлөнө алышпайт (махрам). Ошентип, алар анын көзүнчө чүмбөт (хиджаб) жок жүрө алышат. Диндеги бир туугандык мамилелерди түшүнүүгө оңой эмес, кандайча, бир аз эле сүт жат адамды байке же эже кылып коюшун кандай түшүнсөк болот? Бул эмчек сүтүнүн маанилүүлүгүн көрсөтүп турат.

Кан куюуну карап көрөлү. Бир адамдын бардык каны башка адамдын каны менен алмаштырылса дагы, ошондой эле кан куюу көп жолу болсо деле, бул алардын ортосунда бир туугандык мамилени жаратпайт. Кан куюу эң керек болуп саналып, органды алмаштыруулар биздин жашообузду жакшыртууга жардам бергени менен алар канчалык маанилүү жана көпкө созулса дагы, эч кандай бир туугандык мамилени пайда кыла албайт. Исламдагы сүт донорлору пункттарына тыюу салынуусун бардык укукчулар колдойт. Аныгында, эмчектеш туугандык биологиялык үй-бүлө мамилелери менен бирдей турат. (4:24 аятты карагыла) Бирок, мураска ээ болуу мыйзамдары эмчектеш туугандыкка колдонулбайт.

Силерге энелериңерге, кыздарыңарга, эжелериңерге, атаңар жана энеңер жактан болгон таежелериңерге, байкеңердин кыздарына, эжеңердин кыздарына, эмчектеш энеңерге, эмчектеш эжелериңерге, аялдарыңардын энелерине, силер никеге турган аялдын кыздары болгон өгөй кыздарыңарга, бирок эгерде силер никеге турбасаңар анда силерге күнөө болбойт (эгерде анын кыздарына үйлөнсөңөр), ошондой эле силердин өз уулдарыңардын жубайларына жана эже-сиңдиге бир убакта үйлөнүүгө тыюу салынат. Чынында, Кудай кечирүүчү жана ырайымдуу. (Куран 4:24)

Куран баланы эмизүүгө жана биринчи эки жылда эненин балага толук кам көрүүсүнө көңүл бурат. Балага болгон сүйүүнүн жана боорукердиктин жоктугу – анын акылынын кем болушуна алып келиши мүмкүн. Президент Хилтон өткөргөн Ак Үй Конференциясында эксперттер “ымыркайлардын акыл-эси төрөлгөндөн баштап активдүү болуп, алардын биринчи алган тажрыйбаларына жараша калыптанат”, – деп шексиз түрдө айтышкан.

(Бегли жана Уингерт, 1997)

Баланы эмизүүдөгү биринчи эки жыл баланын мээсинин калыптанышына чоң таасирин тийгизет. Египеттеги соттор эмчектеш бир туугандыкка жарай турган беш керектүү шарттарды аныкташкан:

- Жок дегенде беш жолу эмизүү.
- Ар бир эмизүү баланы толук тойгузуш керек.
- Ар бир эмизүү бат-баттан биринин артынан бири болгон сеанстар эмес, өзүнчө тамактануу маалында болушу керек.
- Беш жолу эмизүү анык деп ишенимдүү күбөлөр тарабынан ырасталыш керек.
- Бардык беш жолу эмизүү бала эки жашка чыкканга чейин болушу керек.

Бала эмизүү Куранда

Баланы эмизүү Курандын төрт бөлүмүндө каралат жана алар энелерди балдарын эки жылга чейин эмизүүгө үгүттөйт. Бала эмизип жаткан эне ажырашып кеткен болсо дагы баласына толук кам көрүү үчүн жашоого болгон каражаттарды табуу жоопкерчилигинен бошотулат. Эгерде атасы каза болуп калса, анын мураскору баланы багып жаткан энени каражаттар менен камсыз кылуу жоопкерчилигин алат.

Диний ырым-жырымдар бардык мусулман аялдарына жеңилдетилген (энелерге дагы). Алар күнүмдүк жамаатттык намаздардан жана жума намаздарынан бошотулган (биринчи кезекте балдарга кам көрүүгө ылайыктуу график менен камсыз кылуу үчүн). Бул энелерге балдарды багуу жоопкерчилигин бала багуучуларга тапшыргандан көрө өзүлөрү бакканга мүмкүнчүлүк берет. Биринчи эки жылда бала физикалык, психологиялык жана эмоционалдык жактан бир гана энесине таянат.

Пластикалык сүт берүүчү бөтөлкө эненин жумшак эмчегин жана сүйүүсүн алмаштыра албайт. Баладагы эненин сүтүн эмбегендигинен келип чыккан физикалык жана психологиялык зыяндар кийин дарылоого оор болуп калышы ыктымал. Бул зыян олуттуу жана туруктуу болуп калышы мүмкүн. Куранда баланы эмизүү кийинки аяттарда каралат:

1. *Энелер өз балдарын толук эки жыл эмизиши керек, эгерде ата мөөнөттү толуктоону кааласа. Бирок ал алардын тамагы менен кийиминин чыгымдарын колунан келген шарттарда камсыз кылат. Эч бир адамга анын мүмкүнчүлүктөрүнөн тышкары жүк жүктөлбөйт. Энеге баласы үчүн зыян келтирилбеш керек жана атасы дагы баласы үчүн зыян тартпаш керек жана анын мураскоруна дагы ушундай эле жоопкерчилик артылат. Эгерде алар биргеликте макулдашуу жана кеңешүү менен баланы эмчектен чыгарууну чечишсе, алар күнөө кылган болушпайт. Эгерде, силер эмчек энени жалдоону чечип, ага колуңардан келген шарттарда төлөп берсеңер, күнөө кылган болбойсуңар. Бирок, Аллахтан корккула жана Ал силердин кылып жатканыңарды көрүп тураарын билгиле.* (Куран 2:233)

2. *Биз адамга ата-энесине жакшылык кылууну буюрдук: анын энеси азап менен аны көтөрдү жана эки жашында эмчектен чыгарды: [буйрукту уккула], "Мага жана ата-энеңерге ыраазычылык билдиргиле: Мага (акыры) кайтасыңар".*

(Куран 31:14)

3. *Биз адамга анын ата-энесине боорукер жана кайрымдуу болушун буюрдук: анын энеси аны кыйналып көтөрүп, кыйналып төрөдү. Аны эмизүү отуз айга чейин созулду. Ал бойго жетип, кырк жашка толгондо айтат: "О Аллах! Сенин мага жана менин ата-энеме кылган ырайымдуулугуң үчүн ыраазычылык билдирүүнү буюра көр жана Сен ыраазы боло турган гана иштерди жасоого жардам бере көр, менин кыйынчылык күндөрүмдө мага ырайымдуу боло көр. Чындыгында, мен Сага кайрылдым жана чынында мен Сага Исламда баш ийем".*

(Куран 46:15)

4. *Аялдарга өзүңөрдөй жашоодо жашаганга уруксат бергиле: аларды чектеш үчүн зыян келтирбегиле. Эгерде алар кош бойлуу болсо, анда төрөгөнгө чейин аларды камсыз кылгыла, эгерде алар силердин балаңарды багып жатса, анда сыйлык бергиле, адилеттүү жана ылайыктуу болуу үчүн чогуу кеңешкиле. Эгерде силерде кыйынчылык жаралса, башка аялга балаңарды эмизип багууга бергиле.* (Куран 65:6)

5. *Мүлкү бар адам өзүнүн мүлкүнө жараша сарптасын:эгерде адамдын мүлкү чектелген болсо, Аллах берген мүлкүнө жараша сарптасын. Аллах Өзү бергенден артык жүк жүктөбөйт. Кыйынчылыктардан кийин Аллах жеңилдиктерди берет.*

(Куран 65:7)

Эгерде энеде эмчек сүтү чыкпаса, анда эмчек энени жалдаса болот. Эмчек эне багып алган эне болуп калат жана ал мураска ээ болуудан башка бардык максаттарында баланын энеси болот. Анын балдары баланын байкелери жана эжелери (эмчектеш бир туугандар) болушат жана анын күйөөсү анын атасы болуп калат. Бала менен эмчек эненин балдары, байкелери, эжелери жана күйөөсүнүн ортосунда эч кандай нике боло албайт. Баланын биологиялык атасы эмчек эненин акысын төлөп берүүгө милдеттүү. Эгерде ата каза болуп калса, анын мураскору баланы дагы, эмизип жаткан энени дагы эки жыл бою камсыз кылышы керек.

Баланы эмизүү алгачкы мусулман мамлекетинде олуттуу кабыл алынган. Экинчи халиф “Умар ибн ал-Хаттабдын” (б.з. жетинчи кылым) убагында ар бир муктаж болгон жаңы төрөлгөн балага жакшы кам көрүлүш үчүн социалдык камсыздоого акчалай жардам берилген.

(Хак, 1967)

Баланы эмизүүнүн медициналык жана психологиялык артыкчылыктары

Ал-Бар жана Кандил (1986) төмөнкү артыкчылыктарды айтышат:

- Эненин сүтү балага керек болгон азыкты жутуу жана сиңирүү үчүн туура өлчөмдө, ылайыктуу абалда болот. Эмчектин азык болуучу элементтери ымыркайдын талабына жараша күнүгө өзгөрүп турат. Ара туулган балага туура келүү үчүн, эненин сүтүндө даяр ылайыктуу формула болот. Сүт бездери чоңоюп келе жаткан баланын өзгөрүп турган талаптарына жараша анын секрецияларын тууралоо аркылуу пайда болот.
- Адамдын эмчек сүтү табигый түрдө ылайыктуу температурада, микробдору жок жана керек болгон учурда жеткиликтүү болуп сакталып турат.
- Эч кандай бөтөлкөлөрдү тазалап, кошумча тамактарды даярдоо керек болбойт.
- Эмизип жаткан эне менен анын баласынын ортосунда тыгыз психо-

логиялык байланыш пайда болот.

- Эмизүү энеге анын төрөгөнгө чейинки салмагына келүүсүнө жардам берет. Эмизүү эндокриндик безден бөлүнүп чыгуучу окситоциндин натыйжасында жана бала эмгендеги рефлекстен улам жатынды кичирейтет.
- Эмизүү баланы бир нече оорулардан коргойт (мисалы, диарея жана көкүрөк оорулары). Эмчек эмген ымыркайлар дем алуу органдарынын жана ичеги-карын ооруларынан аз жапа чегишет жана жасалма азыктар менен багылган балдарга караганда өлүмдүн деңгээли азыраак болот. Адамдын сүтү ИгАны (иммуноглобулин А) камтыйт, ал эненин тамак эритүү жолунан келген лимфоциттер аркылуу иштелип чыккан сүт бездериндеги антитело болуп саналат. (Антителолор оорулар менен күрөшүү үчүн иммундук системанын каражаттары). Эмчек сүтүнө чейин бөлүнүп чыккан ууз, көп сандагы антителолорго ээ. ИгА биринчи күнү холестерол белогунун 97 пайызын түзөт, ал эмизүүнүн төртүнчү күнүндө 25 пайызга түшөт. Эмчек сүтү ымыркайды жашоого керектүү иммунологиялык клеткалар менен жана ар түрдүү бактерияларга, өзгөчө ичеги таякчасы, алтын түстүү стафилококк, В5 түрүндөгү Коксаки вирусу, жөнөкөй герпес вирусу, полиомиелит жана пневмококко каршы иммунитет менен камсыз кылат. Туберкулинге сезгич энелер өзүлөрүнүн ымыркайларына узакка созулган иммунитетти өткөрүп беришет.
- Ууз ич алдыруучу сапатка ээ, ошон үчүн ал жаңы төрөлгөн баланын чоң заарасын жоюп сала алат.
- Уйдун сүтү же адамдан башканын сүтү аллергияны пайда кылат. Ымыркай адамдык эмес белокторго болгон сезгичтиктен улам экзема, бронхиалдык астма жана ичеги-карын ооруларын жугузуп алуу коркунучу жогору.
- Эмчек эмген балдар жакшыраак өсүшөт. Жугуштуу жана иммунологиялык ооруларга, аз кабылышат. Эненин сүтү өсүп келе жаткан иммундук системаны баланын биринчи беш айында бекемдетет. Бала дем алганда эне бактерияларды соруп алат. Андан кийин, ал ичегилер аркылуу анын лимфатикалык түйүндөрүндө иммундук клеткаларды пайда кылып, ал өз кезегинде бала сүт эмгенде керектүү коргоочу антителолорду бөлүп чыгарат.
- Эмизип жаткан эненин эмизүү учурунда бойго бүтүп калуусу төмөн, ошентип ал энелерди табигый жана ылайыктуу төрөө көзөмөлү менен камсыз кылат. Ымыркайлар эмчек сүтүнө биринчи 9 айдан 12 айга чейин муктаж.
- Адам сүтүндө цинк лиганд бар, ал эми уйдун сүтүндө жок. Цинктин жетишсиздиги көбүнчө жасалма азыктар менен багылган балдарда же эрте эле эмчектен чыгарылган балдарда болот.
- Эмизүү адамдын ойлоо жөндөмдүүлүгүн оптималдаштырууда эң маанилүү роль ойнойт. Эненин сүтүндө эч бир үйдөгү балага берилген кошулмаларда жок маанилүү эң керектүү элементтер бар. Бир эле ай эмчек эмген балдар “бала бакчада 8-баллдык IQ артыкчылыктарга ээ болушат

жана бул сан эмизүү узактыгы менен дагы өсөт”. (BBC 2002) Жаңы Зеландиядагы 1000ден ашык балага байкоо жүргүзгөн изилдөө эмизүү менен мыкты интеллекттин ортосундагы байланышты колдошот.

- Эненин сүтү менингит, заара чыгаруучу каналдардын оорулары, кулак оорулары жана бактериялык инфекцияларга каршы коргоолорду камтыйт. Кошунду менен багылган балдар инсулинге көз каранды диабеттен, лимфома, аллергия жана тамак сиңирүү көйгөйлөрүнөн көбүрөөк жапа чегишет.

Жаныбардын сүтү жаныбардын балдарына ылайыктуу жана курамдар ар бир жаныбарда ар башка. Төмөнкү таблица адамдын, уйдун, топоздун жана эчкинин сүттөрүнүн негизги курамынын пайыздык көрсөткүчүн түшүндүрөт. Суу 88% түзүп, калганы төмөндөгүдөй:

Сүт	Белок %	Май %	Шекер %	Минералдар %
Адам	1.5	3.5	6	0,2
Уй	3	4	4	0,8
Топоз	3	6	4	0,8
Эчки	3	4	4	0,8

Энелерге жок дегенде 12 айга чейин эмизүү сунушталат. Эмчек сүтү эң пайдалуу экенине ишенерлик далилдер бар. Эмизүү эмчек рагынын, жатын рагынын, остеопороздун жана аялдардын башка ооруларынын пайда болушун кыскарта алат. Эмизүү жатынды баштапкы калыбына келтирүүнү камсыздайт.

(CNN, 7-декабрь, 1997)

Америка бизнеси жана баланы эмизүү

Адам сүтүнүн балага болгон анык артыкчылыктарына карабай, Америкалык аялдардын 60 пайыздан азы бала эмизишет, бул көп өнүккөн өлкөлөргө караганда азыраак. АКШдагы энелердин 22 эле пайызы балдары 6 айга толгондо дагы эле эмизип жаткан болот. Мунун бирден бир себеби – эмизүүнүн талаптары. Жаңы төрөлгөн ымыркайлар 24 сааттын ичинде он жолкуга чейин эмизүүнү талап кылып, демейде 10-15 мүнөттөн болгон убакытты алат. Бул графикти иш сааттары менен ылайыктоо – абдан эле жадатма жана татаал.

Америкадагы бала эмизип жаткан энелер үчүн жумуш орду боюнча жакшыраак шарттарды түзүп бериши мүмкүн. Өкмөттөр жана компаниялар аялдарга бир күндө бир саатка чейин сүтүн чыгаруу үчүн төлөнүүчү бош убакыт менен камсыздап же жумуш ордундагы эмизүү программаларын колдоп жатышат.

(Кэссиди, 1998)

1993-жылы ЮНИСЕФ сыйлыгы Жон Хэнкок атындагы камсыздандыруучу компанияга жумуш ордунда бала эмизүүчү бөлмөлөрдү киргизгени үчүн ыйгарылган (бөлмөлөрдө электр сүт чыгаргыч, ыңгайлуу орундуктар жана муздаткыч болгон). Бир жылдык орточо 300 кош бойлуу жумушчулар менен компания жаңы программа аркылуу акчаларды үнөмдөгөнүн байкаган (аны кабыл алгандан бери 60,000$), анткени балдардын дени сак болуп, энелердин жумушка чыкпай калуусу азайган. Ага кошумча, жумушка кайрадан чыгуу жеңилирээк болгондуктан, көп жаш энелер кыска мөөнөттүү декреттик өргүүгө чыгууну туура көрүп жатышат. АКШдагы эмчек эмген балдар кошунду менен багылган балдарга караганда 35 пайызга азыраак оорушкандыктан, эмизип жаткан энелер эмизбеген энелерге салыштырмалуу 27 пайызга азыраак жумуштан калышат.

(Рона Кохен, Медайымдар мектеби, Лос-Анджелестеги Калифорния университети)

Мусулман дүйнөсү жана баланы эмизүү

Тарыхта мусулман коомчулуктары баланы эмизүүгө жана эмчек энелерге өзгөчө көңүл бурушкан. Баланы өз энеси эмизсе деле, ымыркайды кошунасы, тууганы же курбусу дагы эмизген учурлар кадимки көрүнүш болгон. Мындай тажрыйбалар бир нече коомдук артыкчылыктарга ээ болгон. 15 жаштагы же андан жаш турмушка чыккан кыздар жана 18 жаштан жашыраак үйлөнгөн балдар улуу муундардын кеңешине жана жардамына муктаж. Алыскы туугандар энелерди кээ бир кыйынчылыктардан куткарууга жардам беришет.

Жаңылануу мусулман өлкөлөрүндөгү коомдук жана маданий көз караштардын үлгүлөрүн өзгөртүп жатат. Бул баланы эмизүү айыл аймактарына караганда тездик менен азайып жаткандыгы шаар аймактарында көбүрөөк экендиги байкалат. Өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдө балдардын тамак-ашын чыгарган ишканалардын сатуулары жана кирешелери энелер баланы эмизүүнү токтотуп, алардын азыктарын сатып алганда көбөйөт.

ЮНИСЕФ жана Бүткүл Дүйнөлүк Саламаттык Сактоо Уюму бул ишканаларды өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдөгү балдарды өлтүрүүдө биринчи орунда турат деп эсептеп, алардын өкмөттөрүнө баланын тамак-аштарын жарнамалоону тыюу салууну көптөн-көп сунушташкан. Жасалма тамактандырылган балдар көбүнчө аралашма жана кошундуда колдонулган ыпыластык булактардан алынган таза эмес суунун эсебинен аябай көп өлчөмдөгү микроорганизмдерди жана бир аз эле азыктандыруучу заттарды камтыган булганган азыктарды алышат. ЮНИСЕФ менен Бүткүл Дүйнөлүк Саламаттык Сактоо Уюмунун жыйынтыктарына ылайык, жылына өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдө 9,4 миллион чала тоюу учурлары катталат деп эсептелет, алардын жок дегенде жарымы жасалма тамактандыруунун кесепетинен болот. Ошондой эле, жылына өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдө тамак сиңирүү системасынын ооруларынын айынан 10 миллионго жакын ымыркайлардын өлүмү катталат. Алардын аз дегенде жарымы жасалма тамактандыруунун айынан болот, ал эми ошол эле учурда, эмизүү аларды сактап кала алмак. Эмизүү ошондой эле арзаныраак (Малайзияда 6 айлык кошулманын запасы 300$ же андан көбүрөөк турат).

Изилдөөчүлөр балдар аралашмасын аш болумдуу кылууга аракет кылып

жатканына карабай, ал эненин сүтүн алмаштыра албайт. LCPUFA (“Elsie Pufas” деп аталган) майлуу кычкылдыктарды камтыган бекемдөөчү кошулма мээнин өсүүсүнө жардам бере алат. Шотландиядагы Данди университети 44 ымыркайдан турган топтун жарымына эмчек сүтүндө табылган LCPUFAнын жогорку концентрациясын камтыган кошулманы беришкен. Ал эми калган ымыркайлар кадимки кошулманы жешкен. 10 айлык кезинде LCPUFA алган ымыркайлар катылган оюнчукту табуу боюнча берилген тапшырмада бир кыйла жогору упайларга ээ болушкан, бул мүмкүн алардын мээсиндеги нерв клеткаларынын бекемирээк байланышканын көрсөтүп турат. Кээ бир Европа өлкөлөрү азыр кошулмаларды LCPUFA менен байытышат.

Имам Али менен Ибн Хазмдын баланы эмизүүгө болгон көз караштары

Эмчек эмүү ымыркайлардын энелерине болгон табигый укугу болуп саналат. Энелер балдарын эмизүүгө шыктандырылышат. Ибн Хазм мындай деп айткан:

“Эне падышанын кызы болсо дагы өз баласын эмизиши керек. Ал ошол милдеттен эмизе албаган абалда болсо гана бошотулат”. (Ибн Хазм, 10-том)

Эгерде Ислам окутуулары колдонулса, балдарга жана алардын энелерине болуп жаткан көптөгөн көйгөйлөрдөн кутулса болор эле.

‘Али ибн Аби Талиб мындай деп айткан:

“Эненин сүтүнөн башка эч бир сүт баланы жыргата албайт”

ЭЛ АРАЛЫК БАЛАНЫ ЭМИЗҮҮ БЕЛГИСИ

Баланы эмизүүнүн узактыгы

Укукчулардын ойлору ар башка, бирок жалпы бир пикирдүүлүк боюнча баланы эмизүү эки жылдан ашпаш керек. Эгерде эненин ден-соолугу чың болсо жана анын сүтү чыгып жаткан болсо эки жашта эмчектен чыгарган жакшыраак. Юсуф Али 46:15 аят боюнча мындай дейт: “Эмизүүнүн эң көп узактыгы кайрадан эле баланын биринчи тиштери толук чыгып бүтүшү менен байланыштуу. Ортодогу алдыңкы сүт тиштер 6 айдан 9 айга чейинки мезгилде чыгат, андан кийинки башка сүт тиштер азуулар пайда болгонго чейин чыга баштайт. Экинчи азуу тиштер 24 айында чыгат жана ошону менен баланын сүт тиштери толук болот. Ушундан баштап ал тамакты өз алдынча чайнап, энесинин сүтүнө толугу менен көз каранды болбой калат. Экинчи жагынан, баланын сүт тиштери толук чыгып бүткөндө аны эмизүүдө энеде ооруксунуулар болот. Түбөлүктүү тиштер 6 жашта чыгып баштап, экинчи азуу тиштер 12 жаштан тартып чыгат. Үчүнчү азуу тиштер акыл тиштери, алар 18-20 жашта чыгышы мүмкүн же чыкпай калышы дагы ыктымал”.

Кээ бирлер баланы эки жаштан ашык эмизүү – балага физикалык, акыл-

эс жана психологиялык жактан зыян болушу мүмкүн деп айтышкан. 1997-жылы Педиатрлардын Америкалык Академиясы (ПАА) энелерге балдарын жок дегенде 6 айдан 12 айга чейин эмизүүлөрүн сунуштаган. Чындыгында, 6 айдан кийин америкалык энелердин 20% гана балдарын эмизишет. ПАА кийинчерээк бул сунушту жок дегенде бир жылга чейин эмизүү керек деп узартышкан. Анда эмизүүнүн пайдалары тизмектелип берилген (жатын рагына, эмчек рагына жана остеопорозго кабылуу ыктымалдыгынын азайышы сыяктуу).

Пайгамбар эмчек эне тарабынан эмизүү жөнүндө айткан. Мүмкүн болушунча, эгерде медициналык себептер жок болсо, баланы биологиялык эне-си эмизиш керек, эгерде медициналык себептер болсо анда эмчек энени жалдоого болот. Ал мындай деп түшүндүрөт:

> “Эмчектеш бир тууганың ким болоору тууралуу сак болгула! Эмчек энени бала ачка болуп калган учурда гана колдонгула”. (АЛ-БУХАРИ)

Никени жалпыга маалымдоонун бир артыкчылыгы – бул аялдын жаңылыштык менен өзүнүн эмчектеш байкеси же атасы менен никеге туруп калуусун алдын алуу. Бул коомчулукка ушундай эмчектеш бир туугандарынын бар же жок экенин текшерип көрүүсүнө мүмкүнчүлүк берет.

Бала эмизип жаткан энелерге пайдалуу кеңештер

(Эл-Аминден 1998-ж. адаптацияланган)

Эмизүү – табигый көрүнүш, бирок аны жакшы өздөштүрүп алса болот. Төмөндө энелерге бир нече пайдалуу кеңештер келтирилген:

- Өзүңөрдү бала төрөлө электе даярдагыла. Бала эмизүү жөнүндө китептерди окугула. Өзүңөрдүн бейтапканадан, медициналык уюмдардан, бала эмизүү боюнча кеңешчиден сабактарды алгыла. Бала эмизүүнү колдогон уюмдун чогулуштарына баргыла.
- Туура жайгаштыруу абдан маанилүү. Эмчектин үрпү баланын оозуна жарымына чейин киргенине ынангыла. Балага карай ийилбегиле, баланы өзүңөргө жакын алып келгиле. Көбүнчө жаздыкты колдонуу жардам берет.
- Баланы бир эмчек жумшарып калганча эмүүгө жана баланын эмүү кыймылы жайлап калганча мүмкүндүк бергиле. Андан соң экинчи эмчекти бергиле. Бир эмчек жумшарганча эмизүү эки эмчекти тең жарым-жартылай эмизгенге караганда жакшыраак. Биринчи порция каймагы алынган сүткө, ортоңку порция нак сүткө жана акыркысы каймакка барабар. Бул каймак эмизүүнүн ырааттуулугун теңдеп, баланын өтө эле көп ыйлоосун алдын алат.
- Кээ бир учурдагы көкүрөктүн шишип чоңоюп кетиши алгачкы бир нече күндөгү кадимки эле көрүнүш. Эгер ымыркай шишип кеткен үрптөн эме албай жатса, эмизээрдин астында бир аз сүт чыгарып койгула.
- Сезгенип кызарып калган үрптү талаптагыдай даярдык көрүү менен айыктыруу керек. Үрптөрдү аба менен кургатып, андан кийин органикалык зайтун майы же таза ланолин сыяктуу табигый продукттарды сүйкөгүлө.
- Сууну көп ичкиле. Чытыр чайы жана сарымсак сүттүн көп чыгышына таасир этет деп айтылат.
- Канча жолу эмизүү жетиштүү? Биринчи 2-3 жумада силерге балаңарды

эмизүү үчүн ойготууга туура келет. Бала күндүз жок дегенде ар бир үч саат сайын, ал эми түн ичинде ар бир төрт саат сайын эмет. Бат-баттан эмизүү балага жана сүттүн көп чыгышына шарт түзөт. Бала канчалык көп эмсе, энеде ошончолук сүт көп болот. Балаңар жакшы салмак алып баштаганда, баланын каалоосу менен эмизүү керек.

- Саалган эненин сүтү менен жасалма тамактандыруу: эмчек эмип жаткан балага эмчек эмизүү бир калыпк а түшкөнгө чейин бөтөлкө менен тамактандыруу сунушталбайт, демейде бул 3 жумадан 5 жумага чейинки аралыкты камтыйт. Акырындык менен балдар бөтөлкө менен эмчекти алмак-салмак эмүүгө көнүп калышат.
- Кээ бир балдар башынан эле жакшы эмип кетишет, ал эми кээ бирлерине үйрөнүүгө убакыт талап кылынат. Башында анча жакшы эме албаса эч нерсе деле болбойт.
- Эмизүүдөн баш тартпагыла. Бир эне эмизүүнүн ылайыктуу ыргагына түшүүгө алты жума кеткенин айткан.

Энелер баланы эмизүүдөн ырахат алышат. Тамак даярдоонун кереги жок, бала менен өзгөчө бир жакындык пайда болот жана балдар аз оорушат, кулак ооруларына аз чалдыгышат. Төрөгөнгө чейин энелер биринчи күндөрү кыйынчылык жаралса кимге кайрылууну билүү үчүн керектүү кызматтардын тизмесин түзүп алышы керек.

Эненин күнүмдүк диетасы: үлгү

Төмөндө бала эмизип жаткан эненин диетасынын үлгүсү келтирилген:

- Үч порция тоок эти жана балык сыяктуу белокко бай азыктар.
- Үч порция С витаминине бай азыктар, мисалы апельсин.
- Беш порция сүт же сыр сыяктуу кальцийге бай тамактар.
- Алты порция жер-жемиштер, мисалы кокос жана спаржа.
- Алты порция углеводдордун толук жыйындысы, мисалы буудай наны.
- Бир порция темирге бай азыктар, мисалы уйдун эти же буурчак.
- Аз өлчөмдөгү майлуу азыктар, мисалы сыр же нак сүт.
- Сегиз стакан суу.
- Кош бойлуу же эмизип жаткан аялдарга арналган витаминдер.

Туура жана жакшы тамактануу – эненин сүтүнүн жакшы чыгуусун камсыз кылат, ага күч берет жана кош бойлуулуктан келип чыккан ашыкча салмактуулуктан арылууга жардам берет. Ошондой эле энеге көп сүт ичүү абдан маанилүү, себеби келечекте кальцийдин жетишсиздиги болуп калышы мүмкүн.

Физикалык жактан күчтүү улут

Куран жана Пайгамбардын сүннөттөрүндө күчтүүлүктүн бардык түрү жөнүндө айтылат:

...Силер чындыгында адамзаттын пайдасына жиберилген эң мыкты коомсуңар: силер туура нерсени буйрук кылып, туура эмес нерсени жасоого тыюу саласыңар жана силер Кудайга ишенесиңер...

(Куран 3:110)

...Аллахтын жана силердин душ-

мандарды коркутуу үчүн аларга каршы бардык күчтөрдү жана күчтүү аттарды даярдагыла…

(Куран 8:60)

Пайгамбар мындай деп айткан: «Динге катуу (qawy) ишенген адам анча көп ишенбеген адамга караганда жакшыраак жана Аллахтын сүймөнчүлүгүнө көбүрөөк ээ болот, экөөндө тең жакшылык бар». Qawy сөзү хадисте дененин жана диндин күчтүүлүгүнө колдонулганына көңүл буруу керек. Жогоруда айтылган “мыкты коом”, “бардык күчтөрдү жана күчтүү аттарды даярдагыла” жана “катуу ишенген адам” деген сүрөттөөлөр физикалык (биологиялык) дагы, адеп-ахлактык жана дин жагын дагы камтыйт. Буга чейинки бөлүмдөрдү эске алганда төмөндөгүдөй жыйынтыкка келсек болот: (коомчулук физикалык күч жактан төмөндөгү сунуштарды жана көрсөтмөлөрдү эске алып аткарганда, башка элдерден ашып өтө алат)

- Дени сак жубайларды тандоо.
- Никеге чейинки бардык жыныстык жакындыктардан карманyу; бул ата-энеге жана алардын баласына жыныстык жактан жугуучу оорулардын алдын алат, кабылданган иммундук жетишсиздик синдромун (КИЖС) кошуп, бирок ал аны менен эле чектелбейт.
- Туура тамактануу. Ата-энелер, кош бойлуу энелер жана балдар *azkā ta‘āman* (ошондой эле *al-tayyibāt* деп аталган) жешет, бул: пайдалуу, азыктуу жана таза тамак. Чочконун эти, кан жана муунтулуп өлтүрүлгөн жаныбардын этин жегенге руксат берилбейт. Куранда суу, сүт жана бал жакшы азык деп эсептелет. Жер жемиштерден (курма, жүзүм, инжир жана зайтун), эт (канаттуулардын эти, уйдун, койдун эти жана деңиз азыктары) жана жашылчалар (пияз, сарымсак, бадыраң, дан эгиндери жана буурчак өсүмдүктөрү).
- Таза, санитардык жашоо образын жүргүзүү. Микробдор ар бир тамакка чейин жана кийин жөн гана колду жууганда кетет. Сол колуңарды жууганда, ал эми оң колуңарды тамак жегенде колдонгула. Күнүнө беш жолу даарат алгыла.
- Мас кылуучу нерселерден карманyу

Бир эне айтты, “Эмизүү - абдан сонун. Жадагалса түн ичинде мен анын кичинекей жүзүнө карап, менин балам каалаган нерсе жалгыз гана мен болгонумду билип туруп, мен кантип аны эмизгим келбей коет? Эмизүүнүн эмоционалдык жактан берген пайдасы менин балама канчалык болсо, мага дагы ошончолук”.

(спирт ичимдиктери, тамеки жана баңги заттары). Эгерде ата-энеси спирт ичимдиктери менен баңги заттарын колдонуу жана химиялык нерселерден баш тартышса, түйүлдүк дени сак болуп төрөлөт.

- Балдарды эмизүү. Балдар жакшы өсүп, күчтүү мүнөзгө ээ болуп ошондой эле аларды такыба адам кылып, дин башкаруучулары кылып дайындоого ылайыкташып, физикалык жана психологиялык жактан күчтүү болуп чоңоюшат.
- Декреттик өргүү сегиз жумадан ашык болуш керек. Бир жылга созулган декреттик отпуск энелерге балдарына толук кандуу кам көрүүгө жардам берет (Моисейдин энесиндей келечектеги башкаруучуларды чоңойтуп тарбиялоого). Жыйынтыгында, биринчи беш жыл мүнөзү жакшы, дени сак жана күчтүү адамды өстүрүп чоңойтуу үчүн абдан маанилүү.

Ал мүмкүнчүлүк терезесин түзөт жана аны өткөрүп жибербеш керек. Жогорудагы көрсөтмөлөр адамзаттын арасында мыкты адамдар болуш үчүн коомчулукту алдыга жетелейт.

Күчтүү, дени сак балдарды тарбиялоо менен биз аларды динге, акылмандуулукка, билимге жана илимге үйрөтө алабыз. Жозеф, Моисей жана башка Пайгамбарлардын мисалындагыдай, булар жашоодо кийинчерээк келет.

Муса эрезеге жеткенде, Биз ага акыл жана илим бердик: туура иш кылгандарга Биз ушундай сыйлык беребиз.

(Куран, 28:14)

Баланы эмизүү элдердин мыктысын чыгарууга күчтүү негиз болуп саналат, анткени:

а) Ал балдарга физикалык күч, психологиялык дарамет жана эмоционалдык кубат берет.

б) Ал массалык түрдө өндүрүлгөн жасалма азыктандырууда колдонулган кошулмаларга салыштырмалуу жакшы ылайыкташтырылган жана жекелештирилген азыктандыруу түрү болуп саналат.

в) Ал баланы багуунун эң табигый жолу. Адамзаттын билими өзгөрүп жана кеңейип жатканда, ыйык жазуулар адамдарга алар пайда алыш үчүн белгилүү көрсөтмөлөрдү (уруксат берилген жана тыюу салынган нерселер) берип жатат.

Анында, Куран эң туура жолду көрсөтүп, жакшы амалдарды жасаган момундарга чоң сыйлыктар болорун айтып, жакшы кабарды жарыя кылды.

(Куран, 17:9)

Азыр мусулмандар Пайгамбардын сергек жашоодо жашоо үчүн берген насааттарын бузуп жатышат. Эч бир мусулман өлкөсү дүйнө жүзүндөгү эң жогорку жашоо узактыгы боюнча айырмаланган 12 өлкөнүн катарында жок. Афганистан эң төмөн жашоо узактыгы менен айырмаланат (эркектердин жашоо узактыгы 43 жана аялдардыкы 44)!

(Бириккен Улуттар Уюму, 2010)

ИШ-АРАКЕТТЕР

31-ИШ-АРАКЕТ: Мени тынчсыздандырат…

Ата-энелер жана балдар бул нерселерди талкуулап, аларды кантип кылбаш үчүн макулдашуулары керек.

МЕНИ ТЫНЧСЫЗДАНДЫРГАН НЕРСЕЛЕР:

- Жакшы кесилбеген пицца, баклава жана торт;
- Балдар өз таштандыларын албай, алардын ордуна ата-энеси алса;
- Таштанды таштанды челектин ичине салынбай, сыртында калып калса;
- Адамдар жолугушууларга кечигип келишсе;
- Күйөөсү аялына айтпай үйүнө кечигип келсе;
- Адамдар бут кийиминин боосун байлаганды унутуп калса жана аны эч ким айтып койбосо;
- Адамдар даарат канадан колдорун жуубай чыгышса;
- Адамдар даарат канага киргенде ичинен илип албаса;
- Адамдар уктаардын астында чай, кофе же суу куюлган кружкаларды ичиндегисин ичип бүтпөй таштап койсо;
- Чачын тарабаган адамдар (узун каш жана сакалдарын дагы);
- Адамдар кыпчыгыч, төөнөгүч жана башка ушундай нерселерди столдун үстүнө же полго чачып койсо;
- Досунун үйүндө балдары тентек кылып жатса, күлүп койгон ата-энелер;
- Ушак айткан жана бирөөнү жамандаган адамдар (Куран муну сен адамдын этин жеп жатканга барабар деп сүрөттөйт);
- Балага суроо берилгенде анын ордуна атасы же энеси жооп берсе;
- Балдар сүйлөп жатканда адамдар сөзүн бөлсө;
- Үйдүн кожоюну конокторун көп тамак жегенге кыйнаса;
- Адамдар расалык комментарий же тамашаларды айтышса;
- Адамдар табагында көп тамак калтырып, аны ыргытып ийишсе;
- Айттырбай келген коноктор;

- Ата-энелер балдарына берген убадасын аткарбаса;
- Адамдар окуяны толук айтпай туруп эле кеңеш сураса;
- Жаштар тепкичтин ордуна лифттерди колдонушса;
- Кабарчы маалыматты толук жана так жеткирбесе;
- Бирөө сага себебин айтпай эле таарынса;
- Адамдар акчаны, тамакты, кагазды, даарыны, убакытты, самынды жана кагаз майлыкты ысырап кылса;
- Айдоочулар машина айдап баратканда текст түрүндөгү билдирүүлөрдү окуп, жөнөтүшсө. (кээ бир өлкөлөрдө унаа айдап баратканда уюлдук телефонду колдонуу мыйзамсыз болуп эсептелет)
- Адамдар ооздорун жана мурундарын жаппай туруп сенин бетиңе чүчкүрүп же жөтөлүшсө;
- Чогулуштарда, намаз убагында жана китепканаларда адамдар уюлдук телефонун үнсүз режимине коюшпаса;
- Адамдардын кийими жана байпагы жаман жыттанса;
- Адамдар даарат канадагы полдорду жана жуунмаларды кургатпай таштап коюшса;
- Бир эле убакта бир кишиден ашык киши сүйлөсө;
- Айдоочулар себеби жок эле машинанын сигналдарын басышса;
- Сүйлөп жаткан киши ылайыксыз эле бир сөздү кечке кайталай берсе;
- Башкалардын тынчын алып өтө эле катуу сүйлөгөн адам, ал эми башка адам аябай эле акырын сүйлөсө;
- Жарыкты жөн эле күйгүзүп коюшса;
- Бирөө адамдардан сурабай эле кезеги жок өтүп кетсе;
- Меймандар үй кожоюнунун көрсөтмөлөрүн аткарбаса;
- Үй кожоюну кечигип жаткан мейманды күтүп тамакты өз убагында бербесе;
- Адамдар колдорун жууп жатканда сууну ысырап кылса;
- Суунун чоргосу толук буралбаса;
- Түкүргөндө кагаз салфеткага эмес, жерге түкүргөн адамдар;
- Жолундагы таштандыны алып койбогон адамдар;
- Адамдар сүйлөшүп жатканда коридорду тосуп туруп алышса;
- Чогулуштарда эки адам бири-бири менен сүйлөшүп же шыбырашса;
- Ката кетирген адам катасын мойнуна албай, ал үчүн кечирим сурабаса;
- Адамдар сени чакырып, ал жерде тамак болобу же жокпу ачык айтышпаса;
- Кагаз салфетканы алып жатканда көп салфетканы чууруп алып чыгып алуу;
- Сүйлөп жаткан адамдар аларга берилген убактан өтө көп же өтө аз сүйлөшсө;
- Күлгөндөн көрө кабагын түйүп жүргөн адамдар;
- Сен бирөөгө салам бергенде алик албаган адамдар;

- Бөлмөнү өтө эле жарык же өтө эле күңүрт кылып алган адамдар;
- Адамдар башкалардын тынчын алып катуу сүйлөп, сөз аңдып же байкуш болуп алгандар;

Бул тизмеге үй-бүлөнүн ар бир мүчөсү өзүнө жакпаган нерселерди кошуп койсо болот.

9-БӨЛҮМ

Баланын мээси: аны колдонуу же жоготуп алуу!

- Кириш сөз 179
- Мүмкүнчүлүктөр терезеси 179
- Нейрондордун өнүгүүсү жана мээ клеткаларынын системасы 181
- Көрүү 182
- Угуу 182
- Музыка 183
- Эмоциялар 184
- Стресс эмоцияларды өзгөртө алат 184
- Кыймыл 185
- Балачактагы сөз байлык жана эске тутуу жөндөмү 186
- Мээ кантип өзгөрөт 186
- Балдар менен жакшы маанайда сүйлөшүү 186
- АКШдагы мектепке чейинки билим берүү программасы 187
- Ата-энелер эмне кыла алышат? 188
  - *Логикалык мээ 188*
  - *Музыкалык мээ 189*
  - *Тил мээси 189*
- Ислам, ырдоо жана музыка 190
- Сүрөттөр жана айкелдер Исламда 192
- Жаңы басып келе жаткан баланын мээсинин өсүшү 192
  - *Айлана-чөйрөдөгү маанилүү мисалдарга көңүл буруу 192*
  - *Балдардын физикалык иш-аракеттерге катышуусуна көңүл буруу 193*
  - *Балдар менен сүйлөшүү жана аларга айтылган нерселерди иштеп чыгуу 193*
  - *Позитивдүү, болжолдуу жана жагымдуу атмосфераны сактап калуу 193*
  - *Тажрыйба жүргүзүү жана кайталоону кабылдоо 193*
- Адамзаттын ийгилиги беш жашка чейин эле аныкталабы?! 195
- Иш-аракеттер 32 196

Кириш сөз

Ал силерди эч нерсе биле элегиңерде энеңердин курсагынан чыгарып, силерге угуу жана көрүү жөндөмдөрүн, акыл жана жүрөк тартуулады: силер Аллахка ыраазычылыгыңарды билдиргиле.

(Куран 16:78)

КУРАНДА ымыркайлар эч нерсени билбей төрөлүшөт деп айтылат. Кудай аларга билим алууга каражаттарды берди: биринчи угуу, андан кийин көрүү жана акырында *фу'ад* (жүрөк), акыл, сезимдер жана эмоциялар очогу.

Биологияда угуунун борбору мээнин астында, ал эми көрүү борбору мээнин артында жайгашкан деп түшүндүрүлөт. Экөөнүн ортосунда мээнин башка бөлүктөрү жайгашкан. Булар адамдарга акылга негизделген чечимдерди кабыл алууга мүмкүнчүлүк берген билимди түзөт. Бул үч сөз Куранда бири-биринен ажырагыс болгондой дайыма чогуу айтылганы таң калыштуу: угуу, көрүү жана сезүү.

Баланын мээсинин пайда болушун жана өнүгүүсүн түшүнүү – баланын биринчи тажрыйбаларынын маанилүүлүгүн жана алар логикага, математикага, музыкага, тилге жана эмоцияларга мээнин тутумдарынын пайда болушуна жардам беришине көңүл бурат. Биз муну түшүнгөндөн кийин, биринчи эки жылда баланы эмизүүгө болгон басым жасоону түшүнүп, баалай алабыз.

Мүмкүнчүлүктөрдүн терезеси

"Балдарга туура мамиле кылуу үчүн биз алардын биологиясын түшүнүшүбүз керек. Мээнин ар кайсы жагындагы тутумдар ар кандай убактарда жетилет, бирок көбүнчө ымыркай кезде. Жыйынтыгында, ар кандай тутумдар турмуш тажрыйбаларына ар кайсы убакта көбүрөөк сезгич келет. Балдарыңарга алар муктаж болуп турган убакта дем бергиле жана бардыгы жайында болот, ката кетирсеңер натыйжасы жакшы болбой калышы мүмкүн". (Бегли, 1996).

Адамдын мээси 3 фунттай (=1360 грамм) болгону менен анда триллиондогон мээ байланыштары бар жана эбегейсиз эсептөөчү кубаттуулукка ээ. Эгерде биз дүйнөнүн ар бир эки шаары бир башкы даңгыр жол менен байланышкан жана башка даңгыр жолдор бул шаарларды дүйнөнүн башка чоң шаарлары менен ошондой эле бардык айылдарды дүйнө жүзү боюнча байланыштырып турат деп элестетсек, бул баары бир мээнин иштешиндей болбойт. Эгерде ар бир айылды башка айылдар менен бириктирип турган экинчи жол салынса дагы, алардын баарын жайгаштырууга биздин планетада жер жетишсиз экенин

эске албаганда деле, башкы жана экинчи жолдордун тутуму баары бир мээнин татаалдыгына барабар боло албайт.

Мээнин өнүгүүсүндөгү болгон көйгөй ымыркай кездеги биринчи жылдары курулбаса, бул жолдор менен аларды кийин куруу мүмкүн болбой калат. Тилекке каршы, азыркы учурда так ушундай көрүнүш болуп жатат. Ушул сыяктуу алтын мүмкүнчүлүк түбөлүккө жоголуп кетип жаткандыгы – кандай гана трагедия! Ошондуктан, мээнин байланыштарын кантип өнүктүрүү керек экенин билүү жана аларды өзүбүздүн балдарда өнүктүрүүгө аракет кылуу – абдан маанилүү.

Мээнин кабыл алуу дарамети

Үч жаштагы баланын мээси канча маалыматты кабыл ала алат?

Эгерде биз мээни эң күчтүү жана татаал компьютер катары элестетсек, баланын айлана-чөйрөсүн маалыматтарды киргизип турган компьютердин кол баскычындай деп элестетсек болот. Компьютер өтө көп эс тутум өлчөмүнө ээ болгондуктан, биринчи үч жылда адамдардын бүтүн армиясы киргизе алчу маалыматтан дагы көп маалыматты сактай алат. Үч же төрт жылдан кийин, кабыл алуу жайлап калат. Компьютер маалыматты төмөн ылдамдыкта кабыл ала берет. Биз чоңойгон сайын процесс жайлай баштайт, ал эми биз карый баштаганда биздин мээ клеткаларыбыз жана синапстар соолуй баштайт. Биз бул мүмкүнчүлүктү ал үч жаштан кийин жоголуп кеткиче кармап калышыбыз керек.

(Котулак, 1993)

МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨР



Кайталоо үчүн, Куран бала төрөлгөндө эч нерсени билбей төрөлөт деп далилдейт:

Ал силерди эчтеке биле элегиңерде энеңердин курсагынан чыгарып, силерге угуу жана көрүү жөндөмдөрүн, акыл жана жүрөк тартуулады: силер Аллахка ыраазычылыгыңарды билдиргиле. (Куран 16:78)

Нейрондордун өнүгүүсү жана мээ клеткаларынын системасы

"Мээде миллиарддаган нерв клеткалары (нейрондор) кайчылашып турат. Кээ бир нейрондор дем алууну көзөмөлдөп, жүрөктүн согушун башкарып, дененин табын жөнгө салып же рефлекстерди чыгарып турат. Бирок, төрөлгөндө триллиондогон нейрон байланыштары колдонула элек болот, алар фабрика программдык камсыздоону жүктөгөнгө чейинки компьютердеги Пентиум чиптерине окшош. Эгер нейрондор колдонулса, алар башка нейрондор менен биригип, мээнин тутумуна кошулушат эгерде колдонулбаса алар өлүп калышы мүмкүн. Ымыркай кездеги тажрыйбалар мээнин тутумдарын бириктирүү менен кайсы нейрондордун колдонулушун аныкташат. Балада кайсы баскычтар басылып жатат, кандай тажрыйбалар бар, бала чоңойгондо акылдуу же зээнсиз, коркок же өзүнө ишенген, сөзмөр же кекеч болоорун аныктайт. Биринчи тажрыйбалар ушунчалык күчтүү болгондуктан, алар адам кийин кандай болоруна таасир тийгизе алышат".

(Наш, 1997)

Жетилген куракта мээде 100 миллиарддан ашык нейрондор кайчылашып, миндеген башка нейрондорго жетип, мээде 100 триллиондон ашык тутумдар пайда болот. Ааламдагы белгилүү галактикалардын санынан дагы көп ошол тутумдар мээни теңдешсиз күчтүү кылган болуп эсептелет. Салттуу көз караш боюнча, жатындагы уруктандырылган урук клеткасындагы гендер аркылуу байланыш схемасы күн мурун эле аныкталган деп эсептелет. Гендердин жарымынан көбү борбордук нерв системасында роль ойногону менен алар мээнин теңдешсиз татаал байланышын так аныктоо үчүн жетишсиз. Бул башка бир мүмкүнчүлүктү берет, гендер мээнин башкы эле байланыштарын аныктап, башка нерселер ичке байланыштардын триллиондогон санын түзүшү мүмкүн. Ошол башка нерселер айлана-чөйрө, тышкы дүйнөдөн мээ кабыл алган сансыз маалыматтар болуп саналат. "Мээнин өткөрүүсүнүн эки чоң этабы бар: тажрыйбалар кабыл алына элек баштапкы этап жана алар кабыл алынган кечирээк этап".

(Карла Шатц, 1996, Калифорния университети,1997)

Бирок, туташкандан кийин мээнин жөндөмдүүлүгүнө өзүн түзүш үчүн мөөнөттөр бар. Ал "Кризистик мезгилдер" деп аталып анда, "алар табият тартуулаган мүмкүнчүлүк терезелери жана жыл өткөн сайын биринин артынан бири жабыла баштайт" – деп айтылат. Мунун натыйжалары бир эле учурда үмүттөндүрөт жана тынчсыздандырат. Өз убагында туура киргизүү менен бардык нерсе мүмкүн. Бирок бул мүмкүн-

чүлүктү өткөрүп жиберсе, анда майып болуп калуу коркунучу бар. Жаңы басып келе жаткан баланын башталгыч программа сыяктуу интенсивдүү мектеп программаларынан алган билимдери көбүнчө убактылуу эле болот: бул интенсивдүү билим берүү мээни түбүнөн өзгөртүш үчүн өтө эле кеч башталат. Экинчи тилди үйрөтүүнү жылдыруу дагы чоң жаңылыштык болуп саналат. Чугани айткандай: “Кайсы акылсыз чет тилин окутуу орто мектепте киргизилсин деген токтомду чыгарган? Анда өтө эле кеч болуп калат.”

(Др. Гарри Чугани, Мичигандагы Балдар ооруканасы)

Мээнин көрүү, үн, эмоциялар жана кыймыл бөлүктөрү төмөнкүдөй сүрөттөлө алат:

Көрүү

Көрүү схемасында ымыркайлар дүйнөнү байкай баштаганда 2 айдан 4 айга чейинки аралыкта нейрондун өсүү процесси болот жана 8-айда жогорку чекитине жетип, ар бир нейрон башка 15,000 нейрондор менен биригет. Төрөлгөндө эле чечекейи тунарган балдар, 2 жашында кылынган операцияга карабай түбөлүккө сокур болуп калышат. Мышыкка кылынган эксперименттер бул жыйынтыктарды далилдейт.

Угуу

“12 айында ымыркайлар өз тилинде маанилүү болбогон үндөрдү ажыратуу жөндөмдүүлүгүн жоготушат жана алардын былдыроолору өз эне тилинин дабышын алган” – дейт Патриция Куль

(Вашингтон университети)

Бул эмне үчүн жапондор Л жана Р тыбыштарын ажырата албаганын түшүндүрүп турат: “илектс”,“иректс” деп угулат. Ошондой эле, көптөгөн араб эместер д тыбышын з тыбышы менен окшоштурушат, *дааллин зааллин* деп угулат.

Экинчи тилди биринчи тилден кийин үйрөнүү абдан оор. “Биринчи тилдин кабыл алуу картасы экинчи тилди үйрөнүүнү чектеп турат”– дейт ал. Мисалы, эгерде тутумдар Испан тилине туташкан болсо, калган аныкталбаган нейрондор Грек тилин экинчи тил катары калыптанышына жаңы байланыштарды түзүү жөндөмдүүлүгүнөн ажырап калышкан. 10 жаштан өткөндөн кийин экинчи тилди үйрөнгөн бала ал тилди өз тилиндей сүйлөп калышы күмөн. Ошондуктан, балдарга Курандын сүрөлөрүн, араб тамгаларынын тыбыштарын толук үйрөнүү үчүн ымыркай кезинде угуу абдан маанилүү.

Бул негизги схема орногондон кийин, балдар тыбыштарды сөздөргө айлантууга даяр болушат. Балдар канчалык көп сөз угушса, тилди ошончолук батыраак үйрөнүшөт. Энелери көп сүй-

лөшкөн ымыркайлар 20 айында энелери көп көңүл бурбаган ымыркайларга караганда 131 сөз көбүрөөк билишкен, ал эми 24 ай болгондо, айырма 295 сөзгө жеткен. Эне кайсы сөздөрдү колдонгону маанилүү болгон эмес, бир муундуу сөздөр жарай берген. Сөздөрдүн тыбыштары нейро-схеманы түзүп, кийин көбүрөөк сөздөрдү кабыл алууга даяр болот. Абдан чоң сөздүк запасына ээ болуу керек болот жана ал сөздөрдүн кайталанган таасири менен мүмкүн болот. Бул жерде белгилей кетчү маанилүү нерсе, эгерде балдардын аларга сүйлөп турган бир нече бир туугандары болсо, баланын тилинин чыгышына жакшы таасир берет.

Музыка

Музыка менен эрте таанышуу – нейрон схемаларын өзгөртөт (Элберт ж.б., 1995). Кылдуу аспаптарда ойногон музыканттардын мээлери магниттик-резонанстык томография менен текшерилген. Баш бармак менен калган бармактарга жооп берген мээнин бөлүгүнүн өлчөмү аспапта ойнобогондордукуна салыштармалуу бир кыйла чоңураак болгон.

Платон: “Музыка – Билим берүүдөгү эң күчтүү каражат”, – деп айткан. Эмнеге экенин окумуштуулар азыр билип жатышат. Музыка, алардын ою боюнча мээни жогорку ой жүгүртүү формасына көнүктүрөт. Изилдөөчүлөр музыканын күчүн мектепке чейинки балдардын эки тобуна байкоо жүргүзүү аркылуу изилдешкен. Биринчи топтогу балдар пианино сабагын алышып, күнүгө ырдашкан. Ал эми экинчи топ андай кылган эмес. 8 айдан кийин музыка сабагын алган 3 жаштагы балдар мейкиндик акылында (дүйнөнү так элестете алуу жөндөмдүүлүгү) берки топтогу балдарга салыштырмалуу 80 пайызга көбүрөөк упай алып, баш

катырманы чечүүдө эң мыкты чебер болушкан.

Бул жөндөмдүүлүк кийин татаал математикалык жана инженердик жөндөмдүүлүктөргө айланып кетиши абдан таң калтыраарлык болуп саналат. Калифорниянын Ирвайн шаарынын физиги Гордон Шоунун ою боюнча, музыканы эрте үйрөнүү – баланын ой жүгүртүү жөндөмдүүлүгүн жакшыртат. (Бегли, 2000). Мээде музыка, математика жана логиканын ортосунда тыгыз байланыш бардай көрүнөт. Жогорку ой жүгүртүү жөндөмдүүлүгү окшош мээ түзүлүштөрү менен мүнөздөлөт. Кичинекей балдарды окуткан мугалимдер аларга жогорку математиканы же шахматты үйрөтүшпөйт. Бирок, кичинекей балдар музыкага кызыгып, аны кабыл ала алышат. Фрэнсис Раушер (Висконсин университети) кээ бир балдарга пианино сабагын өтүп, ал эми башкаларга ырдоо сабагын өткөн. 8 айдан кийин музыка сабагын алган балдар музыка сабагына катышпаган балдарга караганда “мейкиндик ой жүгүртүүдө натыйжалуу түрдө мыктыланышкан”.

Балдар музыкалык аспапта ойноого шыктандырылышы керек.

Бул жакшыруу алардын лабиринттерден чыгуу, геометриялык фигураларды тартуу жана эки түстүү блокторду көчүрүү жөндөмдүүлүктөрүндө байкалган. Балдар классикалык музыканы угуу аркылуу мээнин үстүңкү бетин (кабыгын) машыктырышканда, алар математикага колдонулган тутумдарды бекемдешет. Музыка тубаса мээ түзүлүштөрүн козгоп, алардын татаал логикалык тапшырмаларда колдонулушун жакшыртат.

Эмоциялар

Мээнин эмоцияларды көзөмөлдөгөн тараптарынын негизги сызыктары төрөлгөнгө чейин эле калыптанат. Андан кийин ата-энелер көзөмөлгө алышат. Мүмкүн эң күчтүү таасир болуп ылайыкталуу эсептелет. Эгерде баланын мышыкты же күчүктү көргөндө сүйүнүп кыйкырышы жылмаюу жана кучактоо менен коштолсо, же анын учакты көргөндөгү кубанычы чагылдырылса, мээнин бул эмоцияларга жооп берген жактары күчөйт. Кыязы, мээ эмоцияны келтирүүдө жана ага жооп берүүдө бир эле багыттарды колдонот. Ошондуктан эгерде эмоцияга жооп кайтарылса, аны пайда кылган электрдик жана химиялык сигналдар күчөйт. Бирок, эгерде эмоция бир нече жолу көңүл коштук же урушуу менен кабыл алынса (мисалы бала апасынын эң жакшы идиштеринен куралган көп кабаттуу үй менен мактанып жатса, бирок апасы аябай жини келсе), ошол бөлүктөр адашып, бекемделбей калат. Бул жакта негизги сөз бул “бир нече жолу”: бир жаман сөз балага өмүр бою кала турган зыян келтирбейт. Бул маанилүү нерсе жана аябай күчтүү болушу мүмкүн. Бир изилдөөдө, энеси кубануу деңгээлине жооп бербеген бала өтө эле мажүрөө, кубанычты же сүйүнүчтү сезүүгө жөндөмсүз болуп чоңойгон.

Стресс эмоцияларды өзгөртө алат

Стресс жана демейдеги коркутуулар эмоцияларды өзгөртө алат. Мээнин бул түзүмдөрү көрүнүштөрдүн жана үндөрдүн эмоционалдык курамын текшерип турган мээнин тереңинде жайгашкан кичинекей бадам сымал алкым безинде жайгашкан. Көз жана кулак импульстары рационалдуу ойлоо неокортекстерине жеткенге чейин алкым безине жетет. Эгерде көрүү, угуутажрыйбалары терс болсо, мисалы уруу менен коштолгон атасынын үйүнө мас болуп келүүсү, жогорку мээ билгенге чейин алкым бези тутумдарды нейрохимикаттар менен толтуруп калат. Бул нерсе канчалык көп болсо, жөн гана атасын эстегенде коркунуч жаратуучу деңгээлге өсүп жетет. Тутумдар бир нече күнгө чейин тынч эмес абалда турушса, мээ жогорку даярдыкта турат. Бул абалда, көбүрөөк тутумдар беттин түрү, заардуу үндөр сыяктуу жакындап келе жаткан коркунучту билдирген бейвербалдык сигналдарды көзөмөлдөшөт. Жыйынтыгында, мээ кыртышы өнүгүүдөн артта калып, татаал маалыматты өздөштүрүүдө кыйынчылыктар жаралат. Бул Пайгамбардын ачууланып турганда унчукпа деген насаатын түшүндүрүп бере алат, анткени аябай ачууланганда ниет кылынбаган туура эмес сөздөр чыгып кетиши мүмкүн.

Кыймыл

Кош бойлуулуктун жетинчи аптасында түйүлдүк кыймылдап баштап, 15-17- аптада жогорку ченине жетет. Ушул учурда мээнин кыймылды көзөмөлдөп турган бөлүктөрү иштей баштайт.

Критикалык мезгил бир кыйлага чейин созулат: келбетти жана кыймылды көзөмөлдөгөн каракуш мээсиндеги

клеткалар иштеген тутумдарды пайда кылыш үчүн эки жылдай убакыт керектелет. Көптөгөн калыптануулар болот. Эгерде силер баланын кыймылын чектеп койсоңор, каракуш мээсиндеги синаптикалык байланыштардын өсүүсүн кечиктиресиңер. Баланын синаптикалык кыймылдары алгач мээнин мотордуу бөлүгүнө сигнал жиберет. Кол канчалык көп кыймылдаса, тутум ошончо күчтүү болуп, мээ колдун атайын жана салмактуулук менен кыймылдашы менен жакшы иштей баштайт. Бул мүмкүнчүлүк бир нече жылга чейин эле созулат: төрт жашка чейин гипстелген бала акыры басканды үйрөнөт бирок түз баса албай калат.

(Крамайкл, 2007)

Көнүгүү жүрөккө эле эмес, мээге дагы жакшы, глюкоза сыяктуу заттар менен азыктандыруу жана нерв тутумдарын көбөйтүү бардык жаштагы балдарга окуп үйрөнүүнү жеңилдетет. Машыгуу жасаган балдар мектепте жакшы окушат. Балдарга жөн гана өз ордуларында отургузуп, ыр же жадыбал жаттатып койбостон, физикалык көнүгүүлөрдү дагы жасатыш керек. Эгерде балдар материалды оозеки эле эмес, эмоционалдык жана физикалык жактан дагы окушса, билим көбүрөөк сакталып калат.

Бала чактагы сөз байлык жана эске тутуу жөндөмү

Бул биологиялык ачылыштар эмне үчүн арабча сүйлөбөгөн балдар Куранды эрте куракта эстеп кала аларын түшүндүрүп бере алат. Кээ бир балдар аны 10 жашка чейин толук жаттап калышат. Азыркы элдерде эрте эске тутуп калуу практикасы жок болуп жатат. Физикалык денеге өсүү үчүн тамак керектелсе, эске тутуу мээни тилди өнүктүрүү үчүн негиз болуп берет. “Окуп үйрөнүүгө мүмкүнчүлүк терезелери” 12 жашка чейин созулат. Мээ канчалык көп глюкоза колдонсо, ошончолук активдүү болот.

Балдардын мээси төрт жаштан баштап жыныстык жетилгендикке чейин чоң адамдыкына караганда эки эсе көп глюкозаны сиңире алат. Ошон үчүн, жаш мээлер жаңы маалыматты мыкты өздөштүрө алышат. Тригонометрия жана чет тилдер сыяктуу татаал сабактар эрте куракта окутулуш керек. Башталгыч мектептин окуучусуна экинчи тилди угуу жана өздөштүрүү, ал тургай ал тилди акценти жок сүйлөө алда канча жеңилирээк болот.

Мээ кантип өзгөрөт?

Көнүгүү мээнин эс тутум менен байланыштуу бөлүгүнүн өсүүсүнө жана жакшы иштөөсүнө түрткү болот. Изилдөөчүлөр көнүгүү мээнин тиштүү бутулдарында (эс тутумда колдонулган гиппокамптагы бөлүк) кандын өлчөмүн көбөйтүп, ошол бөлүктө жаңы мээ клеткаларын пайда кылган деп табышкан.

(Кармайкл, 2007)

Балдар менен жакшы маадайда сүйлөшүү

Ар түрдүү үй-бүлөлөрдүн бири-биринен айырмачылыгы бул сүйлөшүүлөрдүн саны. Ата-эне канчалык билимдүү жана бай болсо, балдары менен ошончолук көп сүйлөшөт жана баланын сөз байлыгынын көбөйүшү ошончолук натыйжалуу болот. Үч жашта, бай ата-энелердин балдары аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдүн балдарына караганда үч эсеге көп, 30 миллиондон ашык сөз угушат.

Ошондой эле, ата-энелердин балдары менен сүйлөшүү манерасында дагы бир кыйла айырмачылыктар болгон. Эң көп кирешелүү жана билимдүү ата-энелер тез жана ачык колдоолорду айтып, позитивдүүрөөк сүйлөшкөн (“Абдан жакшы”, “Туура”, “Мен сени жакшы көрөм”, “Азамат” деген сыяктуу шыктандыруучу сөздөрдү айтуу). Жумушчулар тобундагы ата-энелер жалпысынан балдарын макташкан, бирок бат-баттан эмес жана алар көбүнчө жактырбоо сөздөрүн айтышкан (“Ал жаман”, “Сеники туура эмес”, “Токто”, “Чык”, “Жаагыңды жап” деген сыяктуу). Кедей ата-энелер балдарын аз мактап, бат-баттан сындашкан.

Жаңы басып келе жаткан баланын сөз байлыгы алардын энесинин аларга сүйлөгөнүнө байланыштуу көбөйөт. Кесипкөй ата-энелердин балдары бир саатта жумушчулар тобундагы ата-энелердин балдарына караганда, 75 пайызга көбүрөөк, ал эми аз камсыз болгон ата-энелердин балдарына караганда үч эсеге көп сөз угушкан. Байыраак балдарга кедейирээк балдарга салыштырмалуу экиден беш жолкуга чейин көбүрөөк жакшы пикир берилген. Көп сөз уккан жана көбүрөөк жакшы тажрыйбаларга ээ болгон балдар үч жашында стандартташты-

рылган тестте текшерилгенде аз сөз угуп, азыраак жакшы тажрыйбаларга ээ балдарга салыштырмалуу жогору упайларды алышкан. Бирок аз камсыз болгон жана жумушчулар тобундагы ата-энелер балдарын башка ата-энелердей эле жакшы көрүшөт, деп белгилей кетүү керек.

(Бегли жана Уингерт, 1997)

АКШдагы мектепке чейинки билим берүү программасы

1965-жылдан бери аз камсыз болгон балдарды балалыктагы эрте өнүгүү кызматтары менен камсыз кылган федералдык программа болуп эсептелген «Баштапкы программа» ийгиликке жеткен эмес. Балдардын интеллектуалдык жетишкендиктери болжол менен үч жылдан кийин жоголуп кетет. Себеби мөөнөттөрдө: баштапкы программа эки, үч жана төрт жаштагыларды каттайт. 1992-жылы «Азбукалык долбоор» башталган. 120 кедей үй-бүлөнүн балдары бала бакчадагы интенсивдүү эрте билим берүүнүн төрт тобунун бирине жазылышкан: I топто төрт айдан сегиз жашка чейин, II топто төрт айдан беш жашка чейин, III топто беш айдан сегиз жашка чейин жана IX топто интенсивдүү эрте билим берүү жок болгон. Төрт айлык балага “билим берүү” эмнени түшүндүрөт? Аларга шыңгырактарды жана мончокторду берүү, алар менен сүйлөшүү жана оюндарды ойноо (мисалы ку-ку). 200дөн ашык “үйрөтүүчү оюндардын” ар бири когнитивдик, тил, коомдук жана кыймыл өнүгүүлөрүн жакшыртууга арналган. «Азбукалык долбоорго» мектепке чейин жазылган балдар башка балдарга салыштырмалуу 15 жашында математикада жана окууда жогору упайларга ээ болушкан. Балдар канчалык эрте катталышса, жетишкендиктер ошончолук көпкө сакталган. Беш жаштан кийин кошулуу эч кандай IQ же окуудагы артыкчылыктарды берген эмес.

Тынчсыздандыруучу суроо: акыл мүмкүнчүлүктөрү биз башталгыч мектептеги кезде эле жабылып калса, билим алуу мүмкүнчүлүктөрүн өткөрүп жиберген балдарда эч кандай үмүт жокпу? Математикалык жөндөмдүүлүктөрүн жакшыртуу үчүн балдарына мончокторду санатпай калган же алардын тил жөндөмдүүлүгүн өстүрүү үчүн алар менен сүйлөшпөгөн ата-энелер эмне кылышат?

Мээ өмүр бою үйрөнүү жөндөмдүүлүгүн сактап калат деген кайсы бир деңгээлде үмүт бар. Колледжде француз тилин окубай, кийинчерээк, жадагалса эмгек өргүүсүнө чыккандан кийин үйрөнгөн адамдарды карагыла. Бирок тереңирээк деңгээлде баары бир маселе бар. Бала бакчага чейин өсүүсүнө түрткү болбогон балдардын мээлери азыраак жөндөмдүү болуп калат.

Эң маанилүү нерсе – бул биз чоң дарамет менен төрөлсөк деле, ошол дараметти жакшы өнүктүрсө гана толук пайдалануу болот. Ошондуктан ата-энелер мээнин өнүгүшүн билип, ал кантип билимди сактаарын түшүнүүлөрү тийиш. Баланын мээсинде үч негизги жөндөм өз убагында өздөштүрүлүш керек:

- логикалык мээ (математика жана логика)
- тил мээси
- музыкалык мээ

Ата-энелер эмне кыла алышат?

ЛОГИКАЛЫК МЭЭ

Жөндөм: Математика жана логика
Үйрөнүү убагы: төрөлгөндөн баштап 4 жашка чейин.
Биз эмне билебиз: математикага жооп берген тутумдар мээнин кыртышында музыкага жооп берген тутумдардын жанында жайгашкан. Бир жана көп деген жөнөкөй түшүнүктөрдү үйрөнгөн жаңы басып келе жаткан балдар математикада жакшы болушат.
Аракет: жаңы басып келе жаткан балдар менен сан оюндарын ойносо болот. Мисалы, балдарга бирге бир катышын үйрөтүү үчүн столду даярдатып койсо болот, ар бир кишиге бир тарелка, бир вилка. Ал эми ортодо жай музыканы коюп койсо болот.

1997-жылдын 30-сентябрында Британия премьер министри Тони Блэр Эмгек партиясынын улуттук конференциясында: (Брайтон, Англия) "Мектепке чейинки билим берүү мээнин өнүгүүсүнүн эрте мөөнөтүн пайдалануу үчүн төрт жашта эмес, үч жашта башталыш керек" , - деп айткан.

МУЗЫКАЛЫК МЕЕ

Жөндөм: музыка
Үйрөнүү мөөнөтү: 3 жаштан 10 жашка чейин.
Биз эмне билебиз: кылдуу аспапта ойногондордун сол колдо ойноо үчүн сенсордук кыртышынын чоңураак бөлүгү жайгашкан. Концерт өткөрүүчү деңгээлдеги аткаруучулардын көбү 10 жашка чейин музыкалык аспапта ойноп башташат. Бойго жеткенден кийин музыкалык аспапта ойноону үйрөнүү оорураак болуп калат. Музыка сабактары мейкиндик жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүгө жардам берет.
Аракет: ата-энелер Куран аяттарын (тажвид), азанды жана табият үндөрүнүн жана чымчыктардын сайраганынын жай ыргактарын коюп койсо болот. Алар ошондой эле балдар менен бирге ырларды жана нашиддерди (диний ырлар) ырдап, жай музыканы коюп
коюшса болот. Балдардын музыкага болгон кызыгуусун же жөндөмүн билүү үчүн аларга музыкалык аспаптарды берип көрүү керек.

ТИЛ МЕЕ

Жөндөм: тил
Үйрөнүү мөөнөтү: төрөлгөндөн баштап, 10 жашка чейин.
Биз эмне билебиз: сөздөрдү пайда кылган үндөргө жооп берген угуу кыртышындагы тутумдар бир жашта иштеп баштайт. Эки жашында балдар канчалык көп сөз угушса, алардын сөз байлыгы ошончолук көп болот. Угуудагы көйгөйлөр, үндөрдү тамгалар менен салыштыруу жөндөмүн начарлатат.
Аракет: ата-энелер балдары менен бат-баттан сүйлөшүп туруу абдан маанилүү. Эгерде алар балдарынын экинчи тилди өздөштүрүүсүн каалашса, аны үйрөнүүнү 10 жашка чейин башташ керек. Угуу кулак ооруларын дароо дарылоо аркылуу сакталыш керек.

Айша (Аллах андан ыраазы болсун) баяндаган:

Эки кыз менин жанымда Бу'ат (Ансардын Хазраж жана Аус аттуу эки уруусунун ортосундагы согуш жөнүндө окуя) ырларын ырдап жаткан кезде менин үйүмө Аллахтын элчиси келди. Пайгамбар керебетке жатып, ары карап жатып алды. Абу Бакр келип мени урушуп, каяша түрүндө мындай деди: "Аллахтын элчисинин көзүнчө шайтандын аспабы?" Аллахтын элчиси ага карап мындай деди: "Жайына кой". Абу Бакр байкабай калганда мен эки кызды кетирип жибердим. Бул Айт күнү болчу, анда эфиопиялыктар булгаары калкан жана найзалар менен ойношчу. Же мен Аллахтын элчисинен сурадымбы, же ал өзү менден оюн-зоокту көрүүнү каалап жатканымды сурадыбы, мен көргүм келип жатканын айттым. Ал анын артында туруума уруксат берип "Уланткыла, О Бану Африда (эфиопиялыктар)!" – деп айтты. Мен чарчап баштаганда ал менден жетиштүүбү деп сурады, мен ооба деп жооп бердим, анан ал мени кетирип жиберди.

(МУСЛИМ)

Ислам, ырдоо жана музыка

Ислам музыканы жана ырдоону эгерде ал жаман жана сексуалдык козгоолорду пайда кылбаса жана диний милдеттерди аткарууга тоскоол кылбаса уруксат берет. Пайгамбардын сахабалары жана алардын жолун жолдоочулар ырларды жана музыканы угушкан. Айрыкча кубанычтуу окуялар (үйлөнүү тойлор, айттар, көңүл ачуу кечелери жана бешик тойлор) ырлар жана музыкалык аспаптар (барабан жана тамбурин сыяктуу) менен өткөрүлгөн. Аль-Бухари жана мусулман билдирүүлөрүндө Абиссиндиктер Пайгамбарга ырдап жана бийлеп беришкенин жана ал аларды аялы Айша менен көп убакытка чейин көрүп турган деп айтылат.

Бул ата-энелерге балдарына жана кыздарына көңүл ачууну тыюу салгандан көрө, аларга оюн-зоок менен көңүл ачууга уруксат бериши керек экени жөнүндөгү сабак. Азыркы заманда музыка жана искусство тескери нерселерди жарнамалоого колдонулат (сексуалдык кызыгуу, баңги заттар жана аракечтик). Бирок биз музыканы билим алууда жана таза көңүл ачууда колдонсок болот.

Музыкага жана ырдоого тыюу салган анык хадистер жок. Аль-Карадави (2007) музыкага жана ырдоого каршы хадистерди четке кагат, анткени алар мааниси жана баяндоолору жагынан так эмес. Эч бир доордо эч бир тыюу салуулар жөнүндө эскертүүлөр жок. Андан тышкары, Пайгамбардын убагындагы кээ бир музыканын жана ырдоонун мыйзамдуулугу мындайча далилденет. Мисалы:

1. Абу Бакр Пайгамбардын үйүнө келип, Айшанын эки аялдын ырдаганын угуп жатканына күбө болот. Ал аларды токтотууга аракет кылат: “Аллахтын элчисинин көзүнчө шайтандын аспабы?” Бирок, Пайгамбар ага мындай деп айтат: “Аларды азыр майрам күндөрү жайына кой; [Айт].”

2. Айша Ансарда колуктуну күйөө баланын үйүнө жеткирип барганда, Пайгамбар колуктудан сурады: “Оюн-зоок өткөрдүңөрбү?” (Ансар эли шаан-шөкөттү жакшы көрчү).

3. Пайгамбар Меккеден Мединага көчүп жатканда эсте каларлык шаан-шөкөттөр болгон: кыздар аны ырдап тосуп чыгышкан; Бану ал-Нажжар аялдары барабанда ойноп, ырдашкан. Абу Бакр аларды токтотууга аракет кылганда Пайгамбар айткан: “Аларды жөн кой, биздин дин шаттуу дин”.

4. Умар ибн ал-Хаттаб Айт майрамы убагында *масжидге* (masjid-арабча которг. мечит) келип пайгамбар менен анын аялы Айшанын алдында эфиопиялыктардын найзалары менен бийлеп жатканына күбө болгон. Ал аларды токтотууга аракет кылганда, Пайгамбар: “Жөн кой”, – деп айткан.

Жалпы эреже – иштер ниетине жараша бааланат жана жалганга алып келчү иштерди жасоодон абайлаш керек. Сексуалдык жактан козгогон музыка, адепсиз ырлар жана порнография – анык түрдө мыйзамсыз болуп саналат. Башка бардык музыка жана ырлар (тескери нерселерди жарнамалабаган) мыйзамдуу болуп эсептелет.

ЭМИЗҮҮ ЖАНА МУЗЫКА ТУУРАЛУУ

Ибн Сина мындай деген: “Психологиялык факторлордон келип чыккан оорулар бар”.

Баланы эмизүү: Ибн Сина психология менен дененин сактыгынын ортосундагы байланышты басып көрсөткөн. Анын бир мисалы болуп бала эмизүү саналат. Ошондуктан, ал эмчек энени туура тандоого көңүл бурган.

Музыка: Ибн Сина жакшы музыканын физикалык жана психологиялык жактан ооруп жаткан адамга тийгизген таасирин баса белгилеген.

Сүрөттөр жана айкелдер Исламда

Сүрөттөр жана айкелдер Исламда мыйзамдуу болуп саналат (эгерде алар жылаңачтыкты, бузукулукту же адепсиздиктин башка түрлөрүн көрсөтпөсө). Пайгамбардын учурунда сүрөттөр жана айкелдер көбүнчө сыйынуучу жасалма кудайларга колдонулган, ошондуктан ал аларга тыюу салган. Азыркы убакта ошол эле сөздөр колдонулат бирок маанилери башка. Мисалы, Курандагы *sayyarah* сөзү (*Юсуф сүрөсү*) жолоочулардын кербени дегенди билдирсе, азыркы учурда автоунаа дегенди билдирет (таптакыр башка колдонуу).

Ошол эле принцип сүрөттөргө жана айкелдерге, чиймелер жана сүрөттөргө, электрондук экрандарга, эки өлчөмдүү жана үч өлчөмдүү айкелдерге колдонулат. Көп убакытка чейин, сүрөттөр жана айкелдер (жасалма кудайлар) бутпарастар тарабынан сыйынууга жана диний ырым-жырымдарды өткөрүүгө колдонулган. Бул эмне үчүн Пайгамбар сүрөттөрдү диний эмес жагдайда көргөндө каршы болбогонун түшүндүрүп турат. Ошондой эле, ал балдардын үч өлчөмдүү куурчактар менен ойноп жатканын көргөндө каршы болгон эмес.

Ошол себептен, жасалма кудай же сыйынууга колдонулган ар бир сүрөт же айкелге таптакыр тыюу салынган. Бирок, ушундай сүрөттөр же айкелдер сыйынууга эмес, илим, технология, медиа, билим берүү, оюн-зоок, паспорт, өздүктү күбөлөндүргөн документтерде жана кредиттик карталарда колдонулуп жатат. Бардык бул колдонуулар Пайгамбар тарабынан тыюу салынган эмес. Биздин бул каражаттарды колдонуубуз зыяндуу эмес, пайдалуу кызыкчылыктар үчүн болуш керек. Мисалы, бычакты көп жакшы нерселерге колдонсо болот, бирок ал киши өлтүрүүгө же зордук көрсөтүү үчүн эч качан колдонулбашы керек (ырымдап мал союу, өзүн-өзү коргоо же согуштан башка).

Жаңы басып келе жаткан балдардын мээсинин өсүшү

Жаңы басып келе жаткан балдар тилди, ар кандай үлгүлөрдү жана бардык түрдөгү байланыштарды билүүгө кызыгышат. Алар ымыркай кездегидей дүйнөнү жөн гана байкап турушпайт, алар анын бир бөлүгү болгусу келишет. Төмөндө ата-энелерге алардын жаңы басып келе жаткан балдарынын кызыкчылыктарын өстүрүп, алардын мээсинин өсүүсүнө жакшы таасир кылуу үчүн бир нече идеялар берилген:

АЙЛАНА-ЧӨЙРӨДӨГҮ МААНИЛҮҮ МИСАЛДАРГА КӨҢҮЛ БУРУУ

Кырдаалдар жана ырааттуулуктар – жаңы басып келе жаткан балдарга абдан маанилүү. Ырааттуулуктар аларга абдан кызык, анткени алардын мээлери адатта окуяларды себептик-натыйжалык байланышта байланыштырат. Ата-энелер физикалык көрүнүштөрдүн (жарыктын, температуранын, суунун, тартылуу күчүнүн жана шамалдын) жана коомдук тартиптердин (киреерден мурда эшикти тыкылдатуу керектигин, кезекти сактоону, “рахмат” айтууну) туура ырааттуулугун көрсөтүп берсе болот. Балдар, ошондой эле, үй тазалоо, тамак жасоо же кийинүү сыяктуу кадимки иштердеги ырааттуулукка таң калышат. Экинчи маанилүү нерсе – бул кырдаалдар. Жаңы басып келе жаткан балдар кырдаалдарга ырааттуулукка кызыккандай кызыгышпайт. Бирок антсе да, 13-19-айларда алар топтошуу мисалдарын байкай башташат. Мисалы, ресторандагы нерселер эмнелер, андагы адамдар кимдер жана ал жактагы окуялар эмнелер? Мектепке чейинки убакта балдар бул маалыматты айлана-чөйрөнү түшүнүп жана ага

жалпысынын көнүшүү үчүн колдонушат. Ата-энелер балдары менен ар кандай кырдаалдарда болуп калганда "эмне", "ким", жана ал тургай "эмне үчүн" жана "кантип" деген сыяктуу суроолорго маани бериши керек.

БАЛДАРДЫН ФИЗИКАЛЫК ИШ-АРАКЕТТЕРГЕ КАТЫШУУСУНА КӨҢҮЛ БУРУУ Мейкиндик түшүнүктөрүн билүү физикалык катышуу аркылуу бир кыйла жеңил болот. Мисалы, "астында" деген сөз айтылганда бала столдун "астына" барса көбүрөөк маанилүү болот. Балдарды чектелген нерселер менен чектелген жерлерде кармоо алардын өсүүсүн жайлатат. Балаңарга коопсуздук маселелерин кароо менен жана көбүрөөк байланышуу аркылуу мүмкүнчүлүк болушунча жол көрсөтүүчү болгула.

БАЛДАР МЕНЕН СҮЙЛӨШҮҮ ЖАНА АЛАРГА АЙТЫЛГАН НЕРСЕЛЕРДИ ИШТЕП ЧЫГУУ

Ата-энелер балдары менен сүйлөшүп жатканда алардын сөз байлыгын көбөйтүп жаткан болушат. 12-24-айларда балдар бардык нерселердин аталыштарын билгилери келишет. Ата-энелер ошол аталыштарды айтып жатканда алар эмнеге тиешелүү экени жөнүндө мүмкүн болушунча так болуулары керек. Буюмдарды кармоо тилди үйрөнүүгө жардам берет. Ата-энелер ошондой эле кыймылды көрсөтүп жатып "мен китепти алганы жатам" деген сыяктуу "контексттик" ыктарды колдонушса болот. Энелер суроолорду берип, анан балдарынын жоопторун толуктап кайталаса, балдар грамматиканы жакшы өздөштүрүшөт. Мисалы, бала "Чымчык каякта?" деген суроого "капаста" деп жооп бергенде, атасы же апасы "Ооба, чымчык капаста" деп толук сүйлөмдү түзүп жооп берсе болот.

ПОЗИТИВДҮҮ, БОЛЖОЛДУУ ЖАНА ЖАГЫМДУУ АТМОСФЕРАНЫ САКТАП КАЛУУ

Ата-энелердин балдарына берген сезимдери мээге таасир этет. Маанайы жок энелер менен алардын ымыркайларынын ортосундагы байланыш ымыркайдын мээсинин энесиникине окшош маанайда иштегенин көрсөткөн. Сергек, оптимисттик атмосфера тың, сергек жана эмоционалдык жактан туруктуу баланы өстүрөт. Жаш балдар ата-энелеринин эмоционалдык энергиясы менен таасирленишет. Режимдеги ырааттуулук окууну жеңилдетип, көбүрөөк эмоционалдык коргоо менен камсыз кылат.

ТАЖРЫЙБА ЖҮРГҮЗҮҮ ЖАНА КАЙТАЛООНУ КАБЫЛДОО

Практика жана кайталоо абдан маанилүү. Кайсы бир кырдаалдан бала алган нерсе ошол нерседен, окуядан же абалдан келип чыкчу жалпы түшүнүктүн гана бөлүгү болуп эсептелет. Аныгында ымыркайлар жана жаңы басып келе жаткан балдар алар уккан, көргөн же сезген нерселердин башка касиеттерин байкагычакты кайсы бир элементине эле көңүл бурушу мүмкүн. Мээ айлана-чөйрөнүн чындыктарын кабыл алуу үчүн убакыт керек. Ата-энелер процессти шаштырбай көп нерсени үйрөтүү керек болот!

Кээ бир энелер толук жумушка дагы жана баланы толук тарбиялоого дагы жетишем деп ойлошот. Бул мүмкүн эмес. Эне болгондон кийин тандоо болот: алардын балдары карьерадан биринчи турат. Коом үй кожойкелерин, энелерди жана үй-бүлөнү кемсинткен бардык нерселерди токтотушу керек. Балалыкты жана энелик ырахатты майрамдоого активдүү катышуу керек.

Түйүлдүк силердин үнүңөрдү билеби?

Изилдөөлөр кош бойлуулуктун акыркы апталарында эненин курсагында кээ бир үйрөнүүлөр болот деп көрсөтөт. Аталар бала алардын үнүнө көнүш үчүн тоголоктолгон газета аркылуу түйүлдүк менен сүйлөшсө болот. (Генри Биллер, 1993). Француз жана жапон изилдөөлөрү түйүлдүк кош бойлуулуктун акыркы эки аптасында үндөрдүуга баштайт деп табышкан.

Адамзатынын ийгилиги беш жашка чейин эле аныкталабы?!

Коомдун ийгилиги мээнин өнүгүүсүнөн көз карандыбы? Адамдын негизги түзүлүшү (скелет) гендер аркылуу аныкталат, ал эми гендер бекилген жана аларды өзгөртүүгө көп тоскоолдуктар бар. Адамзаттын чыныгы пайдалуулугу жана натыйжалуулугу көбүнчө адамдын мээсине көз каранды. Баланын мээсинде 10 жашка чейин триллиондогон тутумдар пайда болот жана алардын көпчүлүгү үч жашта эле калыптанышы мүмкүн. Ошон үчүн, кичинекей балдарын жакшы кам көргөн элдерде эбегейсиз ийгиликке жетүү мүмкүнчүлүгү бар. Эгерде, алар ымыркай кезде керек болгон нерселерди кылбаса, ал нерселерди толтуруу кийин кеч болуп калышы мүмкүн. Бул үч жыл аралыгындагы балдарга болгон салымдар кайсы болбосун бардык коомчулукка максималдуу пайда алып келет. Мээнин эң жакшы байланыштары төрөлгөндөн баштап төрт жашка чейинки мезгилде пайда болот. Бул эмне үчүн Куран эки жашка чейин эмизүүнү сунуштаарынын бирден бир себеби болуп саналат.

Бул процесс төрөлгөндө, ата жаңы төрөлгөн ымыркайдын оң жана сол кулагына *азан* айтканда башталат. Эненин эмизүүсү жана анын балага берген сүйүүсү, мээрими жана таандык болуу сезими менен уланат. Андан кийин балада өз алдынча болуу сезими өнүгө баштайт жана ата-энелер анын когнитивдик өнүгүүсүн бул китептеги кеңештерди колдонуп жакшырта алышат.

Ибн Сина Куранды 10 жашка чейин эле жаттап алган. Бул ага анын мээсинин пайдалуу жөндөмдүүлүгүн кеңейтүүгө жана анын мээсинин иштөө мүмкүнчүлүктөрүн жогорулатуу менен эс тутумун арттырууга жардам берген. Кээ бирлер биз мээбиздин жөндөмдүүлүгүнүн бештен он бешке чейинки эле пайызын колдонобуз деп ишенишет.

(Морган, 2007)

ИШ-АРАКЕТТЕР

32-ИШ-АРАКЕТТЕР: Бир айга бир китеп системасын орнотуу

Ата-энелер жана балдар китеп клубун түзүп алышса болот. Тандалып алынган китептерди белгиленген, бирок ийкемдүү графикте жума сайын, ай сайын же канча бир айда бир окуса болот. Ар бир үй-бүлө мүчөсү китепти окуп, андан соң аны айтып берет жана талкуулоо башталат. Жакшыраагы, бул ар бир үй-бүлө мүчөсү тамаша айтуу менен коштолгон жакшы тамактануудан кийин болсо жакшы. Бул график жакшы иштеш үчүн жана аны адатка айлантыш үчүн үзгүлтүксүз түрдө болуп туруш керек. Мисалы, ар бир айдын биринчи жума күнүндө (же ишемби) саат кечки 7:00 дү китеп клубуна арнап койсо болот. Ушундай жол менен эскертүүлөрдү айтуу талап кылынбайт жана график боюнча үй-бүлө мүчөлөрүндө эч кандай келише албастыктар болбойт.

10-БӨЛҮМ

Баланын өсүүсүнүн этаптары. Ар бир фазаны өнүктүрүү жолдору

- Өнүгүү фазалары 199
- Заманбап психологияга канчалык ишенсе болот? 199
- Курандагы адам өнүгүүсүнүн фазалары 201
- Бойго бүтүү, кош бойлуулук жана төрөт керемети 203
- Адамдын жетилишинин ар түрдүү этаптары: 204
  Төрөлүү - 4 ай 205
  5-18 ай 205
  18-36 ай 207
  4-7 жаш 208
  7-14 жаш 210
  11-13 жаш: кыздардын айызы 211
  13-15 жаш: эркек балдардын эрезеге жетиши 212
  14-21 бой жеткен курак 213
  Өспүрүмдөрдү түшүнүү 213
  21-40 жаш: жаштык 217
  40-65 жаш: орто жаш 218
  65 жаштан жогору: картаюу 218
- Өнүгүү фазалары 219
  Биринчи эки жылдагы баланы эмизүү 219
  Кудайга болгон сүйүү жана коркуу сезимдери 219
  Эс тутум 219
  Дааваттын аспектилери 220
  Өспүрүм кездеги сынга болгон сезимталдык 220
  Өздүктү калыптандыруу күчөтүлүш керек 220
  Экинчи тилди үйрөнүү 220
- Батыш менен Чыгыштагы эске тутуу өзгөчөлүктөрү 221
- Иш-аракеттер 33 223

Өнүгүү фазалары

Бул бөлүмдө ата-энелерге баласынын бир этаптан кийинки этапка акырындык менен өтүүсүн жакшы элестетүүсүнө жана ошону менен ар бир этаптын өзгөчө талаптарын жакшы түшүнүүсүнө мүмкүнчүлүк берүүгө керек болгон адамдын өнүгүү фазалары каралат. Адам денеси менен мээсинин өсүү жылдарындагы өнүгүү абалын мүнөздөө менен бирге, ата-энелерге алардын тарбиялоосунун натыйжасын оптималдаштыруу үчүн ар бир этапка таандык болгон аспекттерди кантип колдонуу керек экени көрсөтүлүп берилет.

Мисалы, кээ бир ата-энелер балдарын көп жегенге зордошот, бирок алар одоно түрдө андан баш тартышат. Кийинчерээк, алардын табити ачылып, өзүлөрү эле көп жей башташат. Бул ата-энелердин зордогонунан эмес, табигый түрдөгү өсүүнүн айынан болот. Ушул сыяктуу эле, өспүрүмдөр кокустан эле ата-энелерине жана айлана-чөйрөсүнө каршы чыгышы мүмкүн. Бирок, алар чоңойгондо мындай мамиле өнүгүүнүн табигый фазаларынын кесепетинен бара-бара жоголот. Доктурлар ата-энелерге өнүгүүнүн негизги этаптарынын качан болушун жакшы түшүнүүсүнө кеңеш беришет. Бул негизги этаптарга белгилүү бир убакта жетпей калуу тынчсызданууга себеп болушу керек жана олуттуу ден соолук көйгөйлөрү пайда болушу мүмкүн.

Ата-эненин эң мыкты коргонуусу болуп жакшы маалымдалышы болуп эсептелет. Алар өзүлөрүнүн үй-бүлөлүк дарыгерине түшүндүүрүлөрдү берүүсүн өтүнүүдөн коркпошу керек. Ошондой эле, алар балдарынын ар бир этапка өз убагында жетпей калуусуна тынчсызданбашы керек. Ымыркайлардын өнүгүүсү өз темпинде болот. Баланын өсүшү – жалпы адамзаттын генетикалык үлгүсүн сактаганы менен, ошол эле учурда ал ар бир адамда уникалдуу. Ийгиликке жетүү үчүн, ата-энелер өз кыялдарын балдарына таңуулагандын ордуна, балдардын өз кыялдарын жетүүсүнө жардам бериши керек. Балдар ата-энелерине окшош болушпайт, анткени алар өзүнчө өздүккө ээ. Ата-энелерге чындыкты жана сабырдуулукта болгон табияттын темпин кабыл алууга кеңеш берилет.

Заманбап психологияга канчалык ишенсе болот?

Мусулмандар азыркы коомдогу үстөмдүк кылган психологиянын ар түрдүү теорияларын баалаганы менен алар адамзаттын өнүгүүсүндөгү жана жүрүм-турумундагы теорияларда өзгөчө сак болуулары керек. Баарынан мурда, алар бат-бат өзгөрүп турат жана психологдордун бул маселелер боюнча бирдиктүү пикири жок. Бирок, мусулмандар таптакыр адашып кеткен эмес, анткени алар туура жолдо болуш үчүн жана карама-каршы ойлордун ортосунда арсар болбош үчүн аларда ыйык ачылыштар бар.

Мисалы, психологдордун тынчын алган нерселер – табият жана тарбия, генетика жана айлана-чөйрөдөгү талаш-тартыштар болуп эсептелет.
Райт (1998) айтат:

> “Психологдор кылымдарга созулган изилдөөсүн – *жакшы баланы тарбиялоонун ачкычын* издөөнү токтото берсе болот, алар аны эч качан таппайт, себеби андай ачкычтын өзү жок. Ата-энелер баласынын инсандык өнүгүүсүнө маанилүү узак мөөнөттүү таасир бере алышпайт”.

Джудит Харрис (1998) балдар арасындагы өздүктөгү айырмачылыктардын жарымы – генетика тарабынан эмес деп далилдейт. Эң маанилүү айлана-чөйрөдөгү таасир үйдөн сыртканы, курдаштарынын баалуулуктарын сиңирүү жана жергиликтүү экологияда баш калкалоо табууда болот. Алар орой же сылык, кызык же тентек боло башташат жана мүнөздөр оорлошо баштайт. Албетте, ата-энелер үйдө жүрүм-турумду калыптандыра алышат. Бирок жалпысынан, бала башка адам жана көптү үмүттөндүргөн адамдын тамыры ушунда болуп саналат.

БАЛА ӨЗҮНЧӨ ТАБЫШМАК!

“Баланын дүйнөсү – чоңдор түшүнө алгыс деңгээлде өтө укмуштуу. Ал ушунчалык татаал болгондуктан, жадагалса ата-энелер, ойчулдар, философтор, психологдор, машыктыруучулар жана окумуштуулар түшүнө алышпайт.”

(Абу Ал Хаб, 1979)

Албетте, жөнөкөй сыйкырдуу тарбиялоо ыкмасы аркылуу жакшы баланы өстүрүү тууралуу поп-психологиялык түшүнүктөр – сөзсүз түрдө туура дегенди билдирбейт. Аныгында, жүрүм-турумдук генетиктер бирге тарбияланышкан окшош эгиздер өзүнчө тарбияланышкан окшош эгиздерге салыштырмалуу окшоштукта бир аз эле айырмаланышканын билишкен. Төрөлүү ирети дагы бирден бир фактор боло алат. Мүмкүн үй-бүлөдөгү кичүү балдарга ата-энелери тарабынан башкача мамиле кылынат же башка бир туугандары тарабынан коркутуу сыяктуу “микро-чөйрөлүк” таасирге кабылышат.

Арканзастагы бала классташтарына ок чыгарган, ал эми анын байкеси андай жолго барган эмес. Эмне үчүн? Мектептеги обочолонуунун критикалык чекке жетишине ал баланын байкесине караганда азыраак сүйүү жана мээрим алганы себеп болдубу? Мектептеги обочолонуу аны түнт кылып, байкесине жакшы таасир берген тарбиялоо ыкмасы ок чыгарган балага жакшы таасир бере албагандыр? Тарбиялоо ыкмасы баланын ар түрдүү талаптарына жараша өзгөрүп туруусу – маселени чечүүдөгү жол болуп эсептелеби? Кыязы, муну эч ким билбейт...

Харристин негизги ынандырган билдирүүсү – бул ата-энелер өз таасирлерин жогору баалап жана

азыркы кооптуу мезгилинде бала тарбиялоо жаатында өздөрүнүн жайдары (өтө эле тынчсыздана бербей) алып жүрүшсө да болот. Бирок бул тескери жыйынтык бериши дагы ыктымал. Азыркы заманда, тарбиялоо талаптары курдаштардын таасине ылайыкташып жатат. Ата-энелер кабатырланбай эле коюшса болот. Илим бул суроолордун көбүнө жооп бере элек. Ата-энелер канчага чейин илимден өз балдарына кандай мамиле кылыш керек экенин күтүшөт? Адамдар Кудайдын жана Анын Элчилеринин туруктуу диний колдонмолоруна таянып, ишенүүлөрү керек. Кудайга таянбаган теориялар коомго пайда эмес, зыян алып келет. Туура тарбиялоонун жообу – Жараткандын ачылыштары менен адамзаттын чогулган билиминин туура айкалыштыруусунда болуп саналат жана бул улана берчү процесс.

Курандагы адамдын өнүгүүсүнүн фазалары

Төмөндө адам денесинин өнүгүүсүнүн ар түрдүү фазалары тууралуу аяттар тизмеленген:

Адам эмнеден жаралганы тууралуу ойлонсун! Ал кабыргалар менен жүлүндүн ортосунан чыккан суюктуктан жаралган. (Куран 86:5-7)

О адамдар! Эгерде силер кайра тирилүүдөн шек санап жатсаңар, Биз силерди топурактан, андан кийин тамчыдан, андан кийин уюган кандан, анан түспөлдүү-түспөлсүз бир үзүм эттен силерге (өзүбүздүн кудуретибизди) билдирүү үчүн жараттык; андан кийин жатындарда белгилүү бир мөөнөткө чейин коюп коёбуз, анан ымыркай кылып чыгарабыз, андан кийин эрезеге жеткиребиз; жана кээ бирлериңер кайтыш болуп, кээ бирлериңер көп нерсени билгенден кийин эч нерсени билбей кала турган карылыкка чейин жетесиңер жана кууган жерди көрүп турасыңар, бирок эгерде Биз ага жамгыр жаадырсак, ал кыймылга келип, көөп, ар түрдүү кооз өсүмдүктөрдү чыгарат (жуп менен).

(Куран 22:5)

Ал силерди эчтеке биле элегиңерде энеңердин курсагынан чыгарып, силерге угуу жана көрүү, акыл жана жүрөк тартуулады: силер Аллахка ыраазычылыгыңарды билдиргиле.

(Куран 16:78)

Аллах силерди алсыз кылып жаратып, силерге алсыздыктан кийин күч берди, анан күчтөн кийин кайра алсыратып, картайтты: Ал Өзү каалагандай кылып жаратат жана Ал – Кабардар жана Кудуреттүү. (Куран 30:54)

Адамды Биз тандалмадан (топуракты) жараттык; андан соң Биз аны (тамчы ка-

тары) эс алуу жайга коюп койдук; андан кийин Биз ошол тамчыдан уюган кан жасадык; анан ошол уюган кандан Биз бир үзүм эт жасадык; андан соң ошол бир үзүм эттен сөөктөрдү жасадык да, сөөктү эт менен каптадык; анан Биз андан башка жандыкты жараттык. Ошондуктан эң мыкты Жаратуучуга шүгүрлөр болсун! Андан кийин, силер акыры өлөсүңөр. Кайрадан, Кыямат күнү силер тирилтилесиңер.

(Куран 23:12-16)

Жаралуу жана өсүүдө бир нече фазаларды аныктаса болот:

- Чаң – топурактын тандалмасы. Бул адамдар жаралган материал, илим жактан далилденген: алар топурактан жаралып, кайра топуракка кайтышат жана андан кайра тирилишет.
- Нафс вахида (жан дүйнө). Адам менен Обо бир жандан жаратылышкан. Завж сөзү куранда жуп, жубай жана түгөй деген нерселерге бирдей колдонуларына көңүл буруу керек.
- Көбөйүү – биринчи жуптан көбөйүү процесси төмөндөгүдөй: нутфа: уруктандырылган урук клеткасы (эрендик+энелик клетка) → алака: уюган кан → мудга: эмбрион (бир үзүм эт) → изаман: (сөөктөр) → лахман: сөөктөрдү каптаган эт.
- Башка жандык (түйүлдүк) – (кош бойлуулуктун 4 айынан баштап) жашоонун жаңы фазасына, адам түрүнө айлана алчу эмбрион. Түйүлдүк жөн гана материалдык нерсе эмес, ата-энесинин генин алган жан менен бириккен абал. Ал өзүнчө инсан болуп, өзүнүн укугуна ээ жана бул этапта эч кандай милдеттер жок.
- Ымыркай (тифлан) – адам баласы ымыркай болуп төрөлгөндө алсыз жана эч нерсени билбеген абалда болот.
- Эмчектен чыгуу (фисалуху) эң көбү эки жылдан кийин – ымыркай эки жылдан ашык эмес эмчек эмет. Баланы эмизүү беш аятта көптөн көп сунушталат.
- Жыныстык жетилгендик – жыныс гормондорунун жетилгенин көрсөтүп турган поллюция же менструация.
- Бойго жетүү (ашудд) – аялдын же эркектин жетилиши. Юсуф Алинин ою боюнча, толук кубаттуулук убагы 18 жаштан 32 жашка чейин, бирок Пайгамбар 15 жаштан өткөн балдарга согушка катышууга уруксат берген. Кээ бир адамдар башкаларга караганда кечирээк жетилиши мүмкүн. Бойго жеткендерде акылмандык курагы 40 жашта же орто жаштарда болушу мүмкүн.
- Карылык (шайх, шайбаа, ардал ал-Умур жана даф) – алсыз карылык, эстутумдун жана билимдин начарлашы жана алсыздык. Бул курак билимдин төмөндөлүшү жана адам билген нерселерин кайра унутуп калуусу менен айырмаланат. Ушуга чейин, адам баласы алсыздык, анан күчтүүлүк, андан соң толук күчтүүлүк, анан кайра алсыздык жана акырында толук алсыз карылык этаптарынан өттү.
- Өлүм – Жараткан буйруп койгон мөөнөткө жеткенде, топурактан адамга айланган физикалык дене кайра топуракка айланат жана кайра тирилүү күнүн күтөт.
- Кайра тирилүү (ба’с) – ошентип жаралуу цикли аяктайт.

Биз силерди топуракта жараттык жана кайра ага айлантабыз жана экинчи ирет андан кайра чыгарабыз. (Куран 20:55)

• Өлбөстүк – убактылуу же түбөлүккө бейиште же тозокто жашаарыбыз биздин кылган иштерибизге жана Кудайдын ырайымдуулугуна жараша болот. Бул адам баласынын ажалдуудан түбөлүккө болгон жаралуу циклин жыйынтыктайт.

Куран бул фазаларды дүйнөлүк перспективага коет. Кудай бир бүтүндү жаратты (Адамзатты) бир жанды (өзүн). Ошол жалгыз жандан Жаратуучу түгөй жаратты (кантип экени белгисиз, анткени Куран муну түшүндүрбөйт). Андан соң бул эки жуп үйлөнүп, кошулуу аркылуу жаңы көбөйүү системасы жаралды, ал ата, эне жана балдарынан турган коомдун эң маанилүү уюмун сактоо жана коргоо үчүн расмий никеге туруу системасы менен коштолду.

Бойго бүтүү, кош бойлуулук жана төрөт керемети

Д'Ойен (1996), атанын эрендиги эненин уругун уруктандырганда, жаңы уруктандырылган клетка "i" сап тамгасынын чекитинен бир аз эле чоңураак болуп, бир нече жумага чейин бир чайнам нерсеге окшош болорун түшүндүрөт. Ал төрт жума болгондо, узундугу дагы эле бир дюймдан (23 мм) кичирээк кезде анда адамдык касиеттер пайда болуп, кичинекей жүрөгү сого баштайт. Төрт ай болгондо анын узундугу 6 дюймду түзүп, колдун жана буттун бармактары жана кашы менен кошо толук түрдө адамдын кейпин алат. Өз алдынча дем ала албаганы жана көздөрү жумулуу болгону менен, баш суунун астында болгондо үндөрдү уга алгандай эле, ал дагы энесинин жүрөгүнүн согушун, анын үнүн жана башка катуу үндөрдү уга алат. Түйүлдүк бармагын соруп, керилип, ар кайсы тарапка оодарылып жана тебе баштайт! Кээде ал амнион суюктугун кичине жутуп алып, ык тута баштайт. Эне бул кыймылдарды сезе алат. Түйүлдүк чоңойуп баштаганда, атасы энесинин курсагына колун коюп, анын ык тутканын жана тепкенин сезе алат.

Кээ бир учурларда эне уктаардын астында ымыркай кыймылдай бергенинен ал уктай албайт. Бала өсүш үчүн ал витаминдүү тамактарды көп жеш керек. Бирок бала чоңойгон сайын, ал көп тамак жей албай калат. Кош бойлуулуктун жетинчи айында, баланы көтөрүү оорлойт. Кош бойлуу энелерге өзгөчө кам көрүп жана көңүл буруп, үй жумуштарында жардам бериш керек. Тогуз айда баланын салмагы 6 фунттан 10 фунтка чейин болуп, бою 18ден 21 дюймга чейин болот. Ал жатындын ичинде араң эле кыймылдап калат: ал жашоосун сырткы дүйнөдө улантыш керек болот.

Бала төрөлүүгө даяр болгондо, Кудай денедеги эң күчтүү булчуң кылып койгон жатын баланы түртүү үчүн кыскара баштайт. Башка жаныбарлардай эле, аялдын денеси доктурдун жардамысыз эле төрөөгө ылайыкталган. Төрөт адатта, сыналгыда көрсөтүлгөн апыртылган жаман көрүнүш эмес, тескерисинче коопсуз жана кубанычтуу окуя болуп саналат. Жыйрылуунун кесепетинен болгон төрөттөгү катуу оорутууга карабай, көпчүлүк энелер өз балдары

үчүн күчтүү жана кайраттуу болушат. Алар жаңы төрөлгөн баласын колуна алганда, төрөттөгү кыйналганын унутуп калышат.

Кудай кош бойлуулук абалды *вахнан ала вахнан*, азап чегүүдөн пайда болгон азап чегүү же алсыздыктан келип чыккан алсыздык деп сүрөттөйт. Чынында эле, кээде эненин териси кычышып, тынчы жок болуп, бат кыжыры келип, бир кубанып, бир кайгырып, көп тынчсызданат. Аллах ага Орозо айында орозо кармабоого уруксат берген, ал кийин мүмкүнчүлүгү болгондо өткөрүп жиберген орозону кармап койсо болот. Төрөт учурунда жана төрөгөндөн кийин кырк күнгө чейин ал күнүмдүк беш убак намаздан бошотулат. Бул анын күйөөсүнө жана туугандарына үй жумуштарында ага физикалык жана психологиялык жактан жардам бериши керек дегенди билдирет. Алар ал эмизип жаткан мезгилде аны жакшы пайдалуу тамак менен тынч уйку жана жан дүйнөсүнүн тынчтыгын камсыз кылуулары керек.

Адамдын жетилишинин ар түрдүү этаптары

Өсүү этаптары физикалык жана психологиялык деңгээлде болот, экөө тең туура каралыш керек. Ар бир этапка көрсөтүлгөн жаштар болжолдуу болуп саналат.

Умар ибн аль-Хаттаб жетилүү этаптарын төмөндөгүдөй аныктады:

Бала жети жашка чейин багылат (чоңойтулат); жети жаштан кийин жардам бергенге жарап калат; анын физикалык өсүүсү (бою) 23 жашында токтойт; анын мээсинин өсүшү 35 жашында токтойт жана андан аркысы жөн гана тажрыйба болот.

(Туффаха, 1979, араб тилинде)

Эки маанилүү суроо: мүнөз качан калыптанат? Аны кийин өзгөртүүгө мүмкүнбү? Эч ким так жоопту билбесе дагы, жакшы жалпылоолор пайдалуу. Өсүүнүн жалпы этаптары төмөндө берилген:

ТӨРӨЛҮҮ - 4 АЙ

Төрөлгөндө, (16:78) аятта жазылгандай, адамдар эч несени билишпейт, бирок Кудуреттүү Кудай аларга угуу, көрүү жана ойлоо жөндөмдөрүн берген, ошондуктан алар өз Жаратуучусуна ыраазычылык билдириши керек.

0 дөн 4 айга чейин ымыркай ар кайсы тарапты так эмес карай берет, андан соң алар адамдарды изилдеп башташат. Алар өз энелерин башкаларга караганда көбүрөөк карашат. Алар күтүлбөгөн үндөрдөн чочуп, өтө ачык жарыктан көздөрүн ирмешет, колдорун чоюп, баштарын ары бери кыймылдатышат. Андан соң алар ата-энесинин үндөрүн жана өңдөрүн тааный башташат жана жылмайып, былдырай башташат. 4 ай болгондо, орточо ымыркай оодарыла алат. Эркек балдардын баштары кыздардыкына караганда чоңураак болот.

(Спок, 1974)

Эмдөө графиктери сакталыш керек. Баланы силкилдетпеш керек, анткени анын мээси жакшы катый элек болушу мүмкүн. Эгерде бала ыйлап, басылбай жатса, бирок анын дене табы нормалдуу болсо, анын жалаягын которуш керекпи? Же тамак бериш керекпи? Же уктатыш керекпи? Же жөн гана көтөрүш керекпи? Бала бир нерсе керек болгондо ыйлайт. Ыйлоо, ата-энелерди кыйнаганы менен кадимки көрүнүш. Ата-энелер доктуруна, эгерде бала ашыкча ыйлап, аны сооротуу мүмкүн болбосо кайрылышы керек.

5-18 АЙ

Өсүү этабы – мүмкүн, адамдардын жашоого болгон мамилелеринин калыптанышына эң маанилүү болуп саналат. Балдар өзүнчө инсан болууну сезип, бөтөлкөлөрүн өздөрү кармагылары келип жана көпкө чейин кучактоону жактырбоо менен өз алдынча болууга умтулушат. Алардын ата-энелерине болгон биринчи берилгендиги пайда болот. Эгерде атасы же энеси мээримдүү болсо, башка адамдардан дагы ошондой мамилени күтүшөт. Ата-эненин сүйүүсү алардагы сүйүүнү бекемдейт. Эгерде, тескерисинче, алардын атасы же энеси суз жана ишенбеген болсо, алар дагы ушундай болуп чоңоюшат. Алар дүнөнү суз элестетип, анын терс жактарын көрүшөт. Ушул этапта балдар алар негизинен жагымдуу же жагымсыз, жакшы же жаман экендигине көңүл буруп, кабыл ала башташат. Эгерде балдар ата-энелери менен аз байланышта болушса, алар идеяларга жана нерселерге жакшы байланышышпайт. Баланы эмизүү – анын физикалык жана эмоционалдык өнүгүүсүнө чоң таасир тийгизет.

Эгерде бала эмгектебесе, кармап турганда тура албаса, үндөрдү чыгарбаса же буюмдарды көрсөтө албаса анда ата-энелер доктурунан кеңеш сураш керек. Алты айында бала өз алдынча отуруп, бир колу менен буюмдарды алып, аны экинчи колуна берип, былдырап жана өз ысымын тааный

алыш керек. Көпчүлүк балдар, бирок баары эмес, түн ичинде укташат. Биринчи тиш адатта алты айында чыгышы керек. Бала өз башын өйдө кармап, түз карап, жакшы угуп жана көрүш керек. Ата-энелер бала “ачка болдум” жана “силерге муктажмын” деген ыйларын ажырата билиш керек. Жалпысынан, кыздар шылдырактарды шылдыратуу сыяктуу нерселерди жасоодо балдарга караганда эртерээк чоңоюшат.

Тогуз ай болгондо алар эмгектеп, ар кандай балээлерге кабылышы мүмкүн. Бала ар кандай үндөрдү ажыратып, аларды туураганга аракет кылат. Бир нерсени катуу кармоо менен алар кичинекей нерселерди алып, эки нерсени чапканга жарап калышат. Алар эмгектеп баштагандан тартып алардын дүйнөсү кеңейет. Кээ бир балдар өз алдынча туруп, бир нерсеге сүйөнүп басууга аракет кылышат. Дээрлик бардык нерсени алар дароо ооздоруна салышат, анткени алар нерселерди оозу аркылуу сезүүгө көнүп калышкан. Баланын колу анын ата-энеси ойлобогон жерлерге жетиши мүмкүн.

Балдар бир жашка чыкканда басып, бир нече сөздөрдү айтып жана өз алдынча тамак жей башташат. Алар “Ата” жана “Апа” деп айта башташат.

Чыныгы жазалоо жөнүндө аларда эч кандай түшүнүк болбогону менен, “жок” дегендин маанисин түшүнүшөт. Баланы жаман нерселерден алыс кармоодо туруктуу болуу керек. Бир жашка чейин балдар туура эмес кылып жаткандарын билишпейт. Алар бир гана чоң, кең дүйнөнү изилдеш керек деп эсептешет.

Бир жаштан эки жашка чейин балдар жакшы басканды үйрөнүп калышат. Бала жаңы басып келе жатканда, өз алдынча болуп, бир нерсени билүүгө ашыгат. Балдар топту тээп, чуркап, тепкичтин кырларын кармап чыгып жана карандаш же маркерлер менен чиймелей алышат. Алар импульс менен иш кылышат, анткени алар жакшы жүрүм-турумду ойлуктан, жаман нерсени жакшы нерседен айырмалай алышпайт. Тыныгуулар (баланы бир жерге кармоо) тартиптин жакшы ыкмалары болуп эсептелет, ар бир жашка бир мүнөттөн. Бул жаштагы балдар ой жүгүртүү же келишүү деген эмне экенин билишпейт. Ата-энелер жазалоо эмес, тандоолорду сунуштап, өз алдынча болууга эркиндик бериши керек. Мүмкүн болушунча аз эле эрежелер болуш керек, бирок келишим – маанилүү.

Мээнин логика жана тилге жооп берген бөлүктөрүн өнүктүрүүдө балага жай Куран аяттарын, жай музыканы, жаратылыштын үндөрүнүн жай ыргактарын жана нашид (диний ырлар) сыяктуу ылайыктуу ырларды жана ыргактарды угузуу – абдан пайдалуу болуп саналат, анткени, булар баланын ар түрдүү мээ бөлүктөрүн өнүктүрүүгө жардам берет.

Ата-энелер узагыраак көңүл бурууга убакыт бөлүп, сүрөт тартуу, кубиктер менен куруу сыяктуу иш-аракеттерди жасатыш керек. Баласынын көңүл коюусу начар болуп жатса, алар үй-бүлө дарыгери менен кеңешүү керек. Доолулануулар туталантат, бирок негизинен тынчсызданууга себеп эмес. Угуу жөндөмү көрүүгө караганда тезирээк өнүгөт. Бала катуу үндөрдөн таасирленет. Ал алты айга чейин тунук көрбөйт. Угуу жана көрүү жөндөмдөрүнөн кийин ойлоо жөндөмү келет.

18-36 АЙ

Бул этапта балдар өз каалоолору бар өзүнчө адам катары белгилүү өздүк сезимин кабыл алышат. Бирок алар өз ата-энелерине көз каранды экенин дагы жакшы түшүнө башташат. Бала бир канча карама-каршы турган нерселерди биле баштайт: өз алдынчалык жана көз карандылык, тазалык жана кир болуу, келишүү жана өзүнүкүн бербегендик, сүйүү жана душмандык. Үч жылдан кийин баланын инсандыгы тил алгычтык же өжөрдүк деңгээлинен, тубаса темпераментинен жана бул аралыкта ата-энеси менен болгон мамилесинин жылуулугунан көз каранды болот.

Илимий изилдөө менен эксперттердин ортосундагы бир аз кармашуулар

Бразелтон, ата-энелерге баласынын дааратканага өз алдынча баруусун мактоо керек, бирок бош жагдайды түзбөш үчүн өтө көп мактоо болбойт деп айтат. Ал балага дааратканага барууну ал көрсөтмөлөрдү аткарып, башкаларды туурап калган мезгилде – эки жашка чыгып калганда үйрөтүү керек деп эсептейт.

Лич айтат: “15 айга чейин баланы оз алдынча дааратканага барууга көндүрүү керек деп ойлонбогула жана үч жашка чейин, жадагалса күндүз дагы ишенбегиле. Балага сүйлөнүп, урушпагыла. Бул процесстин кечеңдешине алып келет”.

Роземонд, энесинин багуучудан буйрук кылуучу адамга айлануусу эки жаштан өтүп кетсе, бала туура жетилбей, кийин жашоосунда жүрүм-турум маселелери пайда болушу мүмкүн деп эсептейт.

Изилдөө ар бир бала ар кайсы мезгилде үйрөнөт деп далилдейт. Кыздарга үйрөнүү тогуз айды талап кылат (эркек балдарга көбүрөөк).

(Лемоник, 1999)

Мисалы, эгерде ата-эне өтө эле үстөмдүк кыла берсе жана бала темпераменти боюнча тил алчаак болсо, ал кийин өтө эле жоош болуп калышы мүмкүн. Эгерде алар адепсиз жана орой болушса, бирок баланын каяша айтуу же кайра согуу амалдарын жөн коюшса, бала өтө эле адепсиз жана орой болуп калышы мүмкүн. Эгерде ата-эне өтө эле олуттуу жана тазалыкты чоң нерсеге айлантышса, алардын баласы дээринен элпек жана тил алчаак болсо, кийин өтө эле таза жана кыйкымчыл болуп калышы мүмкүн. Эгерде ата-эне баласын өтө эле калкалай берсе жана дайыма көзөмөлдөй берсе жана бала сезимтал болсо, алар кийин өтө эле көз каранды болуп чоңоюшу мүмкүн. Баланы эмизүү эки жашта токтотулуу керек, ошону менен бала өзүнө көбүрөөк ишенүүсүн камсыз кылуу керек. Ар түрдүү психологдор баланын мүнөзү үч жашында калыптанат деп айтышат. Бирок, эгерде айлана-чөйрө жана басым кылуу өзгөрсө, мүнөздүн кээ бир жактары бойго жеткенде аябай эле өзгөрүшү мүмкүн.

Ошондой эле, көптөгөн башка сапаттар балалыктын кийинки этаптарында гана пайда болот. Баланын өз жынысындагы жана башка жыныстагы адамдарга болгон мамилеси – алар кандай достукту каалашарын жана аларда кандай нике болоорун аныктай алат.

Биринчи экинчи жылда бала бат өсүп, бат өзгөрүп турат. Ар бир айда жаңы нерсеге үйрөнөт. Эки жылдан кийин, балдардын өсүүсү жайлай баштайт.

Балдар оңой эле чуркап, секире башташат жана жадагалса үч дөңгөлөктүү велосипед тепкенди билип калышат. Алар сөздөрдү жана кыймылдарды туурай башташат жана жарым-жартылай билинүүчү тегерек жана төрт бурчтук фигураларды тартып, жөнөкөй баш катырмаларды чече алышат. Алар дааратканага өз алдынча барууга кызыга башташ керек. Ушул этапта, жаңы басып келе жаткан балдар кыска сүйлөмдөрдү айтканга аракет кылышып, 50гө жакын сөздү билип калышат.

Ата-энелер “эмнеге” деген суроонун көп берилгенине сабырдуулук менен мамиле кылып, кызыгуучулукту кыжырданбай колдоо өтө маанилүү. Бул мезгилде, бир нерсени башкалар менен бөлүшүү жана башкалар менен кезектешүү сыяктуу коомдук ыктарга үйрөтүү ылайыктуу.

Так сүйлөй албоо, башка балдар менен ойноого кызыкпоо жана тез-тезден жыгылуу болсо, ата-эне үй-бүлөлүк дарыгерге жана психологго кайрылыш керек.

Кыздар жана балдардын өсүүсү темпинин айырмачылыктары жоюла баштайт. Үч жашта кыздарда дагы, балдарда дагы 250 сөздөн турган сөз байлыгы болуш керек.

4-7 ЖАШ

Төрт жашка келгенде балдар эки жаштагы кезинен азыраак тамак жешет, анткени алар анчалык тез өспөй, анча көп активдүү болбой калышат. Балдар жыл сайын туруктуу түрдө өсүп, өспүрүм кезге чейин күн сайын жаңы нерселерди үйрөнүшөт, өспүрүм куракка жеткенде алар башка чоң өзгөрүүгө дуушар болушат! Балдардын күчү төрт жана беш жашта ашып-ташып турат (алардын басып, чуркап, секиргилери келет)

ата-энелери алардын эмгектеп жүргөн кезин сагынышат. Бала топту ыргытып ойноп, үч дөңгөлөктүү велосипедди тебе алат.

Бул этапта ата-энелер эмне үчүн кээ бир жоруктар туура эмес экенин түшүндүрүп, ал жоруктардын кесепеттерин талкуулашса болот (эгерде түшүндүрүү кыска болсо). Жакшы кылык-жоруктарды мактап жана колдоп, ал эми жаман кылык-жорук үчүн жазалоо керек. Бала беш жашка чыкканча өз алдынча даараткана барганды үйрөнүп жана жалгыз же башкалар менен болобу, активдүү болуш керек.

Балдар кыздар менен эркектердин айырмасын байкап, дене мүчөлөрүнүн аталыштарын билгилери келишет. Бул "Суроо" фазасы, анткени алар абдан көп суроолорду беришет (жыныстык байланыш тууралуу дагы). Ата-энелер бул суроолорго жооп бериши керек, антпесе балдар жоопторду досторунан сурап билишет, ал эми алар туура эмес маалыматтарды берип коюшу толук мүмкүн.

Бара-бара балдар балдардын маанайы тез-тезден өзгөрүп, эмоционалдуу б абдан берилип сүйүүдөн жек көрүү жана кыжырдануу, кубанычтуу абалдан капалуу абалга, бир чектен экинчи чекке тез өтө турган болуп калат. Балдар коркуу сезими пайда болуп, караңгылыктан, жаныбарлардан, өлүмдөн жана Кудайдан корко башташат. Алар ошондой эле ата-энелеринен айрылуудан, аларды жоготуп алуудан коркушат. Балдар коркуу сезимин ата-энелеринен жана айланасындагы адамдардан билишет. Алар жөргөмүштөн, башкача жерлерден жана катуу үндөрдөн коркууну аларды көрүп кабыл алышат.

(Жабир, 1977, араб тилинде)

Балдар башкаларды кызганып, абдан агрессивдүү болуп калышы мүмкүн. Ошондуктан, ата-энелер бардык балдарын бирдей көрүп, бирдей мамиле кылуу абдан маанилүү. Юсуф Пайгамбардын байкелеринин ага карата болгон агрессивдү кызганычы жакшы мисал болуп эсептелет.

Балдардын чоңоюшу менен өз жынысындагы ата же энеге окшошуу – ошол атанын же эненин таасирин маанилүү кыла алат. Эркек балдар атасынын бакчада иштеп жатканын өзгөчө көңүл коюп байкап турушса, кыздар энесинин үй жумуштарын кылып жатканын жакшылап карап турат. Ата-энелер бири–бирине жана балдарына болгон сүйүү жана сый аркылуу балдарга сүйүү жана сый-урматтоо сезимдерин бере алышат.

Бир нерсени чогуу жасоо, мисалы ойноо, китеп окуу жана жаныбарларга тамак берүү, ишеним, өзүнө-өзү ишенүү жана ачык сүйлөшүү негиздерин орнотууга жардам берет.

Балдар динди ата-энесинин кылгандарын байкоо жана ырым-жырымдарды чогуу кылуу аркылуу үйрөнүшөт. Эгерде жакшы адаттар алар сырткы дүйнө менен тааныша электе үйрөтүлсө, алар чоңойгондо туура нерселерди жасоо мүмкүндүгү жогору болуп саналат.

7-14 ЖАШ

Бул мезгил башталгыч билим берүү жана жетилүүнүн башталышынын мезгили. Кыздар жана балдар чоңойгон сайын, алар бара-бара аял жана эркектердей болуп, өзүлөрүн ошондой алып жүрө башташат. Бул өзгөрүүлөр адатта кыздарда 9 жана 13, ал эми эркек балдарда 11 жана 15 жаштын аралыгында башталат. Бул мезгил бойго жетүү мезгили деп аталып, балдар балакаттан чоң адамга айланып, өзүлөрү балалуу болууга жарап калышат.

Бойго жетүү мезгилинде көптөгөн физикалык, акыл-эстик, эмоционалдык жана руханий өзгөрүүлөр болот. Балдар бир жыл мурункуга салыштырмалуу башкача көрүнүп, өзүлөрүн башкача сезип жана башкача ойлоп башташканын байкашат.

Бойго жетүүгө аз калган кыз өсүүнүн чукул өзгөрүшүнө даярданып, тез эле салмак кошуп, бою бир нече айда эле бир кыйла дюймга өсөт. Анын сандары жооноюп, көкүрөгү чоңое баштайт. Анын колтугуна жана интимдик жерлерине чач өсө баштайт. Эркек бала деле ушундай өзгөрүүлөргө туш болуп, тамакты көп талап кылат. Анын далысы кеңейет. Колтугуна, интимдик жактарына чач чыгып, бетине жана төшүнө жүн чыга баштайт. Анын үнү жоонураак чыгып, чоң эркектин үнүндөй боло баштайт. Кыздар дагы, балдар дагы бир нече айда эле бут кийими батпай калганын байкашат. Ушул убакта ата-энелер намазга мурункудан дагы көбүрөөк көңүл бурушу керек.

Төмөнкү өзгөрүүлөр байкалган: (7-14 жаш)

- Балдар сынга сезимтал болуп калышат; тез жинденип, маанайы баттан өзгөрүп жана эмоционалдуу боло башташат.

- Балдар өз теңтуштары менен көп сүйлөшүп, алардын баалуулуктарын жана этикалык стандарттарын алышат. Ошондуктан, ата-энелерге алар коомдук жерлерге барганда аларды көзөмөлдөп, чогу барганы жакшы.

- Балдар уялышып, өз ойлорун айтууга колдоо күтүшөт жана алардын оюн сыйлоо керек. Дене булчуңдары бат өсүп, алар спорт менен алектенүүгө кызыгуу күчөйт (чуркоо, тоого чыгуу, сууда сүзүү жана футбол, баскетбол жана волейбол ойноо сыяктуу).

- Алар тамактанууда, кийинүүдө жана жеке гигиенаны сактоодо өзүлөрүнө таяна башташат.

Ушул мезгилде аларга тамак жегендеги, ичкендеги жана коомго аралашуудагы этикаларды үйрөтүү ылайыктуу. Аларга ар бир учурдагы окулуучу дубаларды (сурануу) үйрөтө баштасаңар болот. Бул “сексуалдык аракетсиздик” мезгили болуп саналат.

Алар өз жынысындагылардын курчоосунда болууну артык көрүшөт. Аларга телевизордон, журналдардан же китептерден эротикалык сүрөттөрдү көрсөтпөө керек.

10 жаштан кийин алар башка бир туугандары менен бир керебетте уктабаш керек.

11-13 ЖАШ: КЫЗДАРДЫН АЙЫЗЫ

Көпчүлүк кыздарда айыз 11-13 жашта келе баштайт. Ар бир айда 3-7 күнгө чейин жыныс мүчөдөн бир аз кан чыгып турат. Бул алар физикалык жактан балалуу болууга даяр деген белги. Кан чыгуу кадимки көрүнүш болуп, оорутпайт (жаратылыш өз ишин кылып жатат, анткени адам баласы ушундай жол менен жаралган). Бул кан жатындын ичке ички чели. Эки энелик клетка ар бир айда бир урук клеткасын жетилтип, жатында канга толгон чел пайда болот, бул ичинде бала өсүп жетиле турган уя сыяктуу нерсе.

Эркектин уругу жок болсо, урук клетка өсө албайт жана чел эскире баштап, жатын андан айыз аркылуу арылат. Ар бир 27-30 күндө (календарлык ай) бул табигый процесс кайрадан башталат.

Кыздын биринчи айызынын келиши – анын жашоосундагы маанилүү окуя болуп саналат. Бул анын бойго жеткенинин жана расмий түрдө жаш айым болгондугунун белгиси. Ушул учурдан баштап, ал диний милдеттерди аткарууга милдеттүү.

Бул милдеттерге орозо кармоо, намаз окуу жана чочун эркектердин алдында жамынуу сыяктуу нерселер кирет. Аялдардын жарымы айыз учурунда ыңгайсыздыктарга туш болушат. Аларда жел туруп калуу, алсыздык жана тез-тезден кыжырдануу болушу мүмкүн. Аллах Орозо учурунда айызы келип калган аялдарга орозо кармабоого уруксат берген, бирок алар Орозо бүткөндөн кийин калып калган күндөрүн толтуруш керек болот. Ошондой эле аялдарга бул мезгилде намаз окуу, мечиттин ичинде отуруу жана Куранды кармоо тыюу салынган. Намазды кайра окуу шарт эмес. Аялдын айызы келип бүткөндө, ал намазга өзүн тазалоо үчүн *гусул* (ванна же душ) алышы керек.

Айыз келгендеги оорутуу

Миллиондогон аялдар айыз учурундагы оорутууларды айтып даттанышат. Көйгөйлөр бир канча күнгө созулуп, жумшак оорутуудан катуу оорутууга чейин өзгөрөт. Симптомдор төмөнкүлөрдү камтыйт: шишүү, жел туруп калуу, эмчектин оорутуусу, менструалдык шакый, кандын өтө көп же узакка чейин келиши, алсыздык жана маанайдын тез-тезден өзгөрүшү.

(Калб, 2003)

13-15 ЖАШ: ЭРКЕК БАЛДАРДЫН ЭРЕЗЕГЕ ЖЕТИШИ

Эркек балдар бойго жеткенде эрендик чыгара башташат жана жаш жигит болушат. Кээде, алар уктап жатканда алардын жыныс мүчөсү катуу болуп, эрендик (*хайван манави*) чыгат. Бул поллюция деп аталат, анткени эрендик урук деп аталган (мани) суюктукта жашап, качан ал чыкканда ич кийимди суулантат. Бул заара эмес, таза суюктук жана мындан уялуунун кажети жок. Бул бала эркек болгонун жана физикалык жактан ата болууга даяр экенин түшүндүрөт. Ушундан баштап ал диний милдеттерин аткарууга тийиш (бардык эле мусулман эркектери сыяктуу). Кээ бир балдарда поллюция болбойт, бирок алар Шарият (Ислам мыйзамы) боюнча 15 жашка чыкканда же бойго жетилүүнүн башка физикалык белгилери болгондо (үндөрүнүн жооноюшу сыяктуу) жаш жигит деп эсептелинет. Кандай болбосун, кыздар жана эркек балдардын бойго жетилүүсү кечеңдеп жатса дагы, алар 12 жаштан баштап намаз окуп жана орозо кармап баштоолору керек.

Кээ бир балдар жана эркектер дүүлүгүү максатында өз жыныс мүчөлөрүн кармап, массаж аркылуу уруктарын чыгарышат, анткени алар эякуляциядан ырахат алышат. Бул мастурбация деп аталат. Бул жорукка кээ бир либералдык коомдордо колдоо көрсөтүлүп, тыюу салынган эмес *(харам)*. Аялдын жана эркектин мастурбация кылышы Исламда жактырылбайт. Өз жыныс мүчөлөрүн атайын дүүлүктүргөн ар бир адам намаз окуурдун алдында жаңы даарат *(вуду)* алууга милдеттүү. Мастурбация менен алектенген ар бир адам намазга даяр болуш үчүн душка түшүп чыгыш керек *(гусул)*.

“Силердин сонун балаңар бар. Бирок кийин, ал он үчкө чыкканда сыйкырдуу бир арам күч аны алып кетип, анын ордуна силерге бир да мүнөт тынчтык бербеген чочун адамды таштап кетет”.

(Джилл Айкенберри Браун, 1994)

14-21 ЖАШ. БОЙ ЖЕТКЕН МААЛ

Бул куракта, балдардын үнү катуураак, жоонураак чыгып, кыздардыкы жумшак, назигирээк болуп калат. Балдардын булчуңдары күчтүү болуп, кыздардын көкүрөктөрү чоңоюп, алардын денесинде майлар чогула баштайт. Балдардын колдору жана буттары чоңоюп узун болуп, далылары кеңейип баштайт. Беттеринде сакал-мурут өсүп, колтук жана жыныс мүчөлөрүнүн тегерегинде жүн пайда болот. Колдун жана буттун өсүүсүндөгү убактылуу туура келбестиктер басканда жана буюмдарды кармаганда билинип турган эпсиздикке алып келет. Аларга денесинин өзгөрүшүнө көнүүсүнө жана аны жөнгө салуусуна убакыт керектелет.

ӨСПҮРҮМДӨРДҮ ТҮШҮНҮҮ

Чечимдерди чыгарууда өспүрүмдөр акылына эмес, сезимдерине таянышы мүмкүн. Алардын жүрөктөрү акылына каршы туруп, сезимдер жана эмоциялар акыл-эске үстөмдүк кылышы мүмкүн. Өспүрүмдөр тартынчаак болушат: алар өздөрүнүн келбетине көп тынчсызданышып, көп убакыт коротушат. Алар тиштерин түздөө үчүн брекет тагынышы мүмкүн, беттерине безеткилер чыгып жана өтө толук же арык, узун же кыскамын деп көп уйгу-туйгу ойлорго батышат. Алардын денесиндеги болуп жаткан бардык өзгөрүүлөр аларды кыжырдантып, өзүлөрүнө ишенбестикти пайда кылат. Алар келечектеги карьерасы тууралуу, кайсы кесиптин ээси болорун, кайсы окуу жайга тапшырыш керек жана ким менен үй-бүлө куруу керек деген нерселер жөнүндө көп ойлонушат. Бардык бул чечимдерди ойлоо аларды кыжырлантып, кабатыр кылат.

Дененин тез өсүүсүнө алып келип жаткан гормондор дагы маанайдын тез-тезден өзгөрүшүнө алып келет: эр-

кек балдар эч себеби жок эле тынчы кетип, жиндери келе бериши мүмкүн, ал эми кыздар кичинекей нерселер үчүн эле кыжырланып, ыйлай башташат. Кээде өспүрүмдөр аларга чоң кишидей мамиле кылуусун каалап, бирок кичинекей балдардай болгулары келишет. Бул сезимдер адаштыруучу болгону менен, аларды көзөмөлдөсө жакшы эле болот. Соо адамдар өз сезимдерин башкарып, аларга таянып сүйлөөрдүн же иш кылардын алдында жакшы ойлонушу зарыл.

Жакшы жагы, 13 же 14 жашта мээ жана акыл жакшы иштеп баштап, өспүрүмдөр ага чейин түшүнө албаган татаал нерселерди биле алышат. Ушул мезгилде жашоого керектүү нерселерге үйрөнгөнү жакшы, мисалы тамак жасоо, балдарды багуу жана үйдөгү нерселерди оңдоо сыяктуу.

Өспүрүмдөр коомдук нерселерди дагы үйрөнүшөт, мисалы башкалар менен кантип сүйлөшүш керек жана ар кандай мааракелерге катышуу сыяктуу. Алар өздөрүнө жана башкаларга жоопкерчиликтүү болууну үйрөнүшөт жана окуудан тышкары толук эмес жумуш менен алектенип же волонтер катары иштеп баштай алышат.

Ибн Синанын айтканы боюнча балага Куранды алар физикалык жана акыл-эс жактан кабыл алууга даяр болгондо үйрөтүп баштоо керек. Аларга тамгаларды үйрөтүп, диндин негиздерин түшүндүрүп бергиле. Андан соң аларга билимди мактап, билимсиздикти жаман көрүү, ата-энеге жакшы мамиле кылуу, башкаларга жакшылык кылуу жана кедейлерге жана алсыздарга жардам берүү сыяктуу нерселер жөнүндө аяттарды окуткула. Бала Куранды жана тилди үйрөнүп бүткөндө, анын кызыкчылыктарына жана жөндөмдүүлүгүнө төп келген хобби жана иштерге багыттоо керек.

(Аль-Ибраши 1976, араб тилинде)

Ислам бул кураста өспүрүмдөргө төмөндөгүдөй алдын-ала көрүлчү чараларды сунуштайт:

- Башка жыныстагы адамды көргөндө ылдый кароо.
- Күч топтоо үчүн спорт менен машыгуу.
- Дүйшөмбү жана Бейшемби күндөрү орозо кармоо жана башкалар менен чогуу ооз ачуу.
- *Калвадан* баш тартуу (башка жыныстагылар менен бир бөлмөдө жалгыз калуу).
- 10 жаштан өткөндөн кийин эркек жана кыз бир туугандар өзүнчө керебеттерде укташы керек (бирок бир эле бөлмөдө уктаса болот). Британияда 10 жаштан өткөн эки башка жыныстагы балдарды өзүнчө бөлмө менен камсыз кылуу эрежелери бар экенин айтып кетүү зарыл.

(Турак жай акты, 1985)

Бул өтө эле аша чапкандык болуп саналат, анткени эгерде бул эреже бардык жерде колдонулса, планета жалаң гана чоң өзгөчөлөнгөн үйлөргө толуп калмак.

Физикалык эмес жактан, бир нече маселелерди айтып кетүү керек:

- Өспүрүмдөр өзүнчө инсан катары калыптанышат: Аларга обочолонуу жана жалгыз болуу керек. Алар чоңойгон сайын: Мен киммин? Эмне үчүн жаралдым? Жашоонун мааниси эмнеде? Эмне үчүн жашоодо көйгөйлөр өтө көп? деген сыяктуу суроолор жөнүндө ойлоно башташы мүмкүн. Ушул мезгилде өспүрүмдөр алар үйрөнгөн нерселер жөнүндө көп суроо берип, жоопторду жана жаңы идеяларды издей башташат. Кээ бир учурларда, бул алардын ата-энелери менен болгон айтышууларына жана келишпестиктерине себеп болот. Өспүрүмдөр адатта 16 жана 19 жаш аралыгында туруктуураак боло башташат. Бойго жетүү учуру (11-19 жаш) узак жана татаал мезгил болуп, үй-бүлөдөгү бардык мүчөлөрдөн түшүнүүнү жана сабырдуулукту талап кылат.

- Өспүрүмдөрдө далилдүү эмес ой жүгүртүү жөндөмдүүлүгү болот: Алар түшүнүп жана элестете башташат. Алар келечекте боло турган маселелерди ойлоп, аларга жоопторду издешет. Жакынкы гана учурду ойлогон кездеринен айырмаланып, алар азыр ар бир учурдун маанисин биле башташат: өткөн, азыркы жана келечек. Алар күндөрдүн, айлардын, жылдардын, кылымдардын ошондой эле тарыхтын маанисин биле башташат. Ошондуктан алардын суроолору эми жөн гана материалдык нерселер жөнүндө эмес, жашоонун башталышы, кийинки дүйнөнүн табияты, максаттар жана каражаттар, баалуулуктар жана этикалар, ааламдын пайда болушу жана бүтүшү, азыркы жашоо, өлгөндөн кийинки жашоо тууралуу боло баштайт.

- Өспүрүмдөрдө динчилдик сезим пайда болот: бойго жетүү курагы диний ойгонуу мезгили болуп саналат, анткени өспүрүмдөр бейиш жана тозок, күнөө жана тобо кылуу, кайра тирилүү жана түбөлүк жашоо, тагдыр жана жазмыш, эркиндик жана детерминизм тууралуу көз караштарын коргоо аракеттерин көрүшөт. 20 жашка келип калганда алар туруктуураак болуп, жашооого объективдүү көз караш менен карай башташат.

- Өспүрүмдөр кыялга батып, көп ойлонушат. Бул алардын өздөрүнүн каалоолорун билдирүүнүн жакшы жолу. Бул акыл жактан өсүүнүн бирден бир мүнөздөмөсү болуп, кадимки көрүнүш болуп саналат, бирок бул чектен чыкпаш керек (алардын жеке жана коомдук жашоосунун демейдеги бөлүгү болуп калбашы керек).

Силер, эмне үчүн көп өлкөлөрдө болуп өткөн коомдук нааразычылыктар демейде студенттер тарабынан болоору жөнүндө ойлонуп көрдүңөр беле? Ал Түркияда болобу, Египеттеби, Малайзиядабы, Индонезиядабы, Ирандабы же АКШда болобу…. Анткени өспүрүмдөр күч-кубаттуу, эмоционалдуу, кызуу кандуу болушат, реформа жана толук өзгөртүү тууралуу көз караштарына абдан ишенишет. Бул сценарийлер алардын өсүү фазасы менен тыгыз байланышта.

- Өспүрүмдөр ата-энелеринен баштап, башкаларды да сындап башташат. Алар ата-энелеринин кийимин, тамагын, табитин, алардын бир туугандарын тарбиялаганын сындап, курдаштарынын ата-энелери менен салыштырышат. Алар ошондой эле мектептерди, коомду, өкмөттү сындап, коомдук өзгөрүүнүн жана реформанын радикалдуу ыкмаларын колдошот.

- Өспүрүмдөр идеалист болушат: алардын жашоодогу тажрыйбалары жок болгонуна байланыштуу өспүрүмдөр арасында идеализм кадимки көрүнүш болуп саналат.

АБСТРАКТТУУ ОЙ ЖҮГҮРТҮҮ + ТАЖРЫЙБАНЫН ЖОКТУГУ → ИДЕАЛИЗМ

Идеалист өспүрүмдөр ата-энелерин же коомду тоготушпайт, өзгөчө алардын идеялары жана чечимдери эч бир себепсиз эле дайыма кабыл алынбаса. Өспүрүмдөр капаланып, тынчы кетип, обочолоно башташат. Идеалист өспүрүмдөр алсыз жана үмүтсүз болуп, өзүнө-өзү ишенбей жана башкаларга дагы ишенбей калышы мүмкүн.

ОКУЯЛАРДЫН БОЛЖОЛДУУ ТИЗМЕГИ

Бир нерсе экинчи нерсеге төмөндөгүдөй жол ачып бериши ыктымал:

Өспүрүмдүн идеалдуулугу жана тажрыйбанын жоктугу → ата-энеси жана коом тарабынан колдоонун жоктугу → уруш-талаш → обочолонуу → алыстоо → айласыздык → ишенбестик → алсыздык → үмүтсүздүк → кош көңүлдүк → ынтасыздык → демилгесиздик

- Өспүрүмдөрдүн сабыры суз болуп калат. Алар жашоодо бир нече тандоолорго туш болушат. Бирок, алар ата-энеси же башка тажрыйбалуу адамдар менен кеңешпей туруп чечим чыгаргандыктан, туура чечим чыгарышпайт. Бул курактта аларды милдеттендирбеген кыйыр жардам көрсөтүү керек.
- Өспүрүмдөрдө жетишкендик сезими пайда болот. Жетишкендик сезими алар бир нерсеге жеткенин далилдөө үчүн керек. Так аныкталган жоопкерчиликтер аларга ийгиликке жетүүгө жардам берет. Жоопкерчиликтердин жоктугу аларга көңүл бурулбай, өздөрүн маанилүү эмес сезүүсүнө алып келет. Өтө көп же өтө оор тапшырмаларды берүү алардын өздөрүн жөндөмдүү эмес жана жолу жок деп эсептөөсүнө жеткирет. Бардык нерседе баланска жетүүгө аракет кылыш керек.
- Өспүрүмдөр эстеп калуу жөндөмүнө ээ: Эстеп калуунун эки жалпы түрү бар: механикалык эстеп калуу жана түшүнүп эстеп калуу (түз же түз эмес). Жаттама аркылуу эстеп калуу менен түз үйрөнүү – бир нерсенин мазмунун түшүнбөй туруп эле жаттоо. Түз эмес түшүнүү – мазмунду түшүнүү жана анын маанилерин башка нерселер менен байланыштырып, жана ошондой эле мазмундардын ортосундагы жаңы байланыштарды табуу. Түз механикалык түшүнүү балалык кезде башталып, 15 жашта жогорку ченине жетет. *(ас-Саид, 1975)*

Ал андан кийин курчтук, ылдамдык деңгээлинде ылдыйлай баштайт. Ал эми түз эмес түшүнүү кечирээк башталып, өспүрүм чакта өнүгүп, орто жашка чейин уланат. Эрте бала чакта үйрөнгөн нерсе ташка чеккендей болсо, карыган кездеги үйрөнүү суунун үстүнө жазганга барабар.

21-40 ЖАШ: ЖАШТЫК

Бул көп адамдар үчүн жетилүү, күчкө толуу, көбөйүү мезгили. XX кылымдагы Юсуф Али жана жетинчи кылымдагы Умар ибн аль-Хаттаб экөө тең 40 жашта акыл толук жетилет деп эсептешкен, андан соң өнүгүү тажрыйбага гана негизделет.

40-65 ЖАШ: ОРТО КУРАК

Орто жаш – бул физикалык өнүгүү эмес, билим алуу, үйрөнүү жана тажрыйба топтолгон курак. Физикалык жактан алсыздык *(даф)* акырындан пайда боло баштайт.

65 ЖАШТАН ЖОГОРУ: ШАЙХУХА (КАРТАЮУ)

Карылык билим жана эс-тутум жоголуп баштап, эң алсыз болуп калган мезгилде (*ардал аль-умур*) келет. Эгерде адамдар узак жашашса, алардын билими азаят. Бул акырындан өчүрүлүп жаткан компьютерге окшош. Карыган адамдардын эс-тутумунун начарлашы менен аларга Альцгеймер оорусу таасир берет. Бул фазанын башкача аталыштары *шайхуха* (картаюу), *да'фан* (алсыздык) жана *шаиба* (карылык).

Жашоо циклы балынын төрөлүшү менен башталат. (эч нерсени билбеген бирок угуу, көрүү, жана *фуад*, жүрөк жана акыл менен камсыз болгон) Кудай адамдарды Ага шүгүр кылуусуна чакырат: *ла'аллакум ташкурун*. Андан соң ымыркайлар алсыздыктан күчтүүлүккө жана кайра карыган убакта алсыздыкка өтөт (*шайба*). Төрөлүү жана карылык мезгил аралыгында адамдар билимдүү болуп, Кудай аларды түшүнүү жана акылмандуулукка жетүүсүнө үндөйт: *ла'алаккум та'куйлун*. Бул жашоонун акыркы этабында адамдар туура жолдо болуп, чоң күнөөлөрдү кылуудан баш тартуулары керек. Пайгамбар түшүндүрүп бергендей, 60 жаштагы адамдарга жамандык кылууга эч кандай кечирим жок:

"60 жашка чыкканда, баарын Кечирүүчү Кудай адамга бардык кечиримдерди берип бүткөн болот". (АЛЬ-БУХАРИ)

Биз картайган сайын, биздин эс-тутум жоголо баштайт, бирок ой жүгүртүү дараметибиз күчтүү бойдон калат. Чыныгы алкыш!

Жаратканды мактоону эрте баштагандар жана жаралуунун жана адамдардын бул жашоого келишинин маңызын жана максатын түшүнүп билген деңгээлге чейин жетилген адамдар бактылуу болуп эсептелишет.

Бала саатка карап өспөйт. Ар бир бала өз убагында жана өз алдынча өсөт

Ата-энелер көңүл бурчу нерсе – бул баланын уникалдуу ички сааты

Өнүгүү фазалары

Бала – биздин мүмкүнчүлүгүбүз

Баланын жүрөгү – таза жана бош. Ал табияттан бардык нерсени сактоого ылайыкталган жана бардык нерсени өзүнө тартып алат. (Имам аль-Газали)

Бала ага айтылган бардык маалыматты жана бардык үйрөтүүлөрдү кабыл алганга даяр. (Ибн Мискавай)

Бул ата-энелердин мүмкүн болушунча максималдуу деңгээлде балдарын үйрөтүп, алар менен сүйлөшүүгө жакшы мүмкүнчүлүк!

БИРИНЧИ ЭКИ ЖЫЛДАГЫ БАЛАНЫ ЭМИЗҮҮ: Бул этапта инсандыктын маанилүү элементтери пайда болот. Мунун жыйынтыгы болуп, баланын физикалык жана эмоционалдык жактан дени сак болушу болуп саналат. Ымыркай кезде баланын мээ системасы, мээ тутумдары жана мээ байланыштары пайда болот. Эр-жүрөктүүлүк, тапкычтык, сүйүү, сынчылдык, мамилелер, тил жана логика ушул этапта түзүлөт. Эмчек сүтүнүн сансыз медициналык артыкчылыктарынан тышкары, энелер балдарына сүйүүнүн, боорукердиктин жана өзүнө баа берүүнүн абдан чоң дараметин өткөрүп беришет. Эмизген энелер, ошондой эле, баласы менен болгон зор психологиялык байланышка ээ болушат.

КУДАЙГА БОЛГОН СҮЙҮҮ ЖАНА КОРКУУ СЕЗИМДЕРИ: Балдарды Боорукер, Ырайымдуу Кудайдан боло турган сүйүү, үмүт жана сыйлыкты эрте тааныштырыш керек. Коркуу, жазалоо жана Тозок түшүнүктөрүн бала абстракттуу түшүнүктөрдү жана көрүнүштөрдү толук түшүнүп калган кезде маанисин чечмелеп берүү керек. Эрте курактагы сезимтал болгонуна байланыштуу балдардын эркиндик, креативдүүлүк жана элестетүү потенциалы дайым тозок менен коркутула берсе кармалып калышы мүмкүн. Балдарды коркутуу жана чочутуу алардын эр жүрөктүк, тобокелге баруу, чечим чыгаруу жана өзүнө-өзү ишенүү жөндөмдүүлүктөрүн жоготот.

ЭС ТУТУМ: Шейх Мухаммад аль-Газали *Кайфа Ната амал Маа ал-Куран* аттуу эмгегинде (1992) «Куранды качан жаттап баштаса болот жана аны түшүнүп билүүгө ка-

чан көңүл буруу керек» деген суроону көтөрүп чыгат. Азыр өспүрүм куракка чейин түшүнүүгө караганда жаттоого көбүрөөк көңүл бурулушу керек экени жана өспүрүм курактан өткөндөн кийин аны түшүнүүгө жана тафсирге (чечмелөө) өтүш керек экени белгилүү.

ДААВАТТЫН АСПЕКТИЛЕРИ: Балдарга Бейиш, Тозок жана Кийинки жашоо сыяктуу абстракттуу түшүнүктөрдү жакшы кабыл алган өспүрүм куракта күчөтүлгөн таризде окутулушу керек. Алардын энергиясын жана эмоцияларга толуп турган учурун жана алардын кызуусун туура жолго, руханиятка жана жалпы жакшылык үчүн курмандык кылууга багыттаса болот. Өспүрүмдөрдүн эмоциялары акыл-эстүүлүк менен баланста болушу керек. Алар диний ырым-жырымдарды аткарууга оор учурларда эмоцияларын көзөмөлдөөгө билимин арттырып, Кудуреттүү Кудайга таянуулары керек (*таваккул*).

ӨСПҮРҮМ КЕЗДЕГИ СЫНГА БОЛГОН СЕЗИМТАЛДЫК: Өспүрүмдөргө алардын сезимдерин оорутуп албаш үчүн жана өзүн-өзү сыйлоосуна доо кетирбеш үчүн кылдаттык менен мамиле талап кылынат. Башкы максат – алардын өзүнө ишенүүсүн жоготуу эмес, алардын өнүгүүсүн башкаруу болуп саналат. Бул этапта колдоо көрсөтүп, аларды туура, жакшы жолго салуу зарыл. Мындай куракта аларда кызганыч жана салыштыруу сезимдери болгондуктан, бардык бир туугандарга бирдей мамиле кылуу сунушталат.

ӨЗДҮКТҮ КАЛЫПТАНДЫРУУ КҮЧӨТҮЛҮШ КЕРЕК: Анткени ушул учурда өспүрүмдөр өздөрүн, коомду, ааламды жана метафизиканы, *аль-гайб* (көрүнбөгөн нерселер) изилдей башташат. Ушул убакта *таухид* (Кудайдын жалгыздыгын), *истихлаф* (адамзатынын башкарылуусун), *имран* (цивилизацияны куруу) түшүнүктөрүн, жашоого көз карашын, жашоонун максаттарын жана өзү менен, ошондой эле башкалар менен, айлана-чөйрө жана Жараткан менен байланышты талкуулоого ылайыктуу учур болуп саналат.

ЭКИНЧИ ТИЛДИ ҮЙРӨНҮҮ: Бул өспүрүм куракка чейин калтырылбашы керек. Бул 10 жашка чейин болгону дурус. Бул учурда мээ нервдери жана байланыштары аркылуу тил үндөрү калыптанат. Канчалык эрте болсо, алфавиттеги бардык тамгаларды өз тилиндей айтуу ошончолук оңой болот. Эрте балалык чагында балдар бир нече тилди эч кыйынчылыгы жок эле үйрөнүп алуу жөндөмдүүлүгүнө ээ болушат. “Эң жаш мээ тилди кабыл алууга көбүрөөк жөндөмдүү болуп, кичинекей кезинде эки тилди сүйлөгөн балага кийин, үчүнчү же төртүнчү тилди үйрөнүүгө оңой болот. Чоңдорго же ал тургай жогорку мектептеги окуучуларга салыштырмалуу жаш балдар немис тилин дээрлик өз тилиндей сүйлөп же мандарин тилинин жумшак тондорун туурай алышат. (Глод, 2006). Ушундай эле көрүнүш араб тилин жана башка тилдерди үйрөнүүдө болот.

Алты жаштагы персиялык хафиз

(*Хафиз* Куранды толук жатка билген адам, ал араб тилин түшүнбөшү деле мүмкүн).

Эне тили перс тили болгон Саид Мохаммед Хусейн Табатабай 6 жашында Куранды толук жаттап алган. Анын атасы айтат: “Мен анын талантын байкаганда ал болгону 2 жашта болчу”. Бала өз энесин угуп үйрөнгөн, ал дагы *Хафиза*. Ал аяттарды бир же эки эле жолу угуп, жаттап алган. Ал билген нерсесин унутуп калбаш үчүн Куранды күнүгө окуйт. Анын эң жакшы көргөн бөлүгү Пайгамбарлардын окуясы, өзгөчө Юсуф Пайгамбардын окуясы.

(МУСУЛМАН ЖАҢЫЛЫКТАРЫ, 1998)

Араб тилин билбеген адам Куранды баштан аяк жаттап алуусу – Курандын керемети болуп саналат! Азыркы күндө, 10 жашка чыга элек ар түрдүү расадагы миңдеген балдар Куранды араб нускасында жаттап алышкан.

Төрт жарым жаштагы сириялык хафиз

Куранды толук жатка билген эң жаш бала болуп (төрт жарым жаштагы) Сириянын Алеппо шаарында 1996-жылы туулган Абдулла Ахмад Шкала болуп эсептелет. Ал Куранды үч жашында жаттап баштап, төрт жарым жашында бүткөн. Беш жашында ал ошондой эле Пайгамбардын 1000 насаатын жана башка 1000 сап ырды жаттап алган.

Бул окуя анын атасынын дүкөнүндө башталган, ал эки жаштагы баласынын кошунасынын үналгысынан жаңырып жаткан Умм Кульсумдун “Заламуни ан-Нас” аттуу ырын ырдап жатканын байкап калган. Ата-эне анын талантын Куранга бурууну чечишкен. Алар бир нече бөлүктү Абдуллага окуп берип башташкан жана ал экинчи кайталоодо жаттап алган. Бир нече айдын ичинде, Абдулла *тажвид* эрежелерине ылайык айтууну дагы жакшы өздөштүргөн.

Беш жашында Абдулла Сириядагы Улуттук Куран Мелдешинде баш байгеге ээ болгон, ал жактагы катышуучулардын жашы 14төн 30га чейин болгон. Ал Куран Мелдештерине катышкан эң биринчи эң жаш катышуучу болгон.

(АЛ УСРА ЖУРНАЛЫ, 2005)

Батыш менен Чыгыштагы эске тутуу өзгөчөлүктөрү

Мусулман өлкөлөрүндөгү мектепке чейинки балдарды Куранды окуп үйрөнүү мектептерине жаздыруу практикасы жакшы жыйынтыктарды берип жатат. Мусулмандардын басымдуу бөлүгү (бештен бир бөлүгү) араб тилин түшүнбөсө дагы, алар Куранды түшүнбөй эле толук жаттап ала алышат, анткени эрте балалык кураста мээнин эске тутуу жөндөмү эң жогорку ченинде болот. Аны түшүнүү кийинчерээк, өспүрүм куракка туура келет. Азыркы учурда Батышта окуп, жаттап жана эске тутууга система катары жакшы басым жасалбайт, Библияны жаттоо, поэзия жана пьесаны окуп жаттоо сыяктуу. Бирок, биринчи христиандар Библияны жатташчу.

Куранды эрте куракта жаттоо мектепте жакшы окууга жардам берет

Др. Юсуф Халифа (Судандын мурунку Билим берүү Министри) айтат: "Биздин ар кандай халавилердеги (айыл медреселери) жана мектептердеги Хафиздер менен болгон тажрыйбабыз Куранды эрте жашта жаттап алгандар татаал түшүнүктөрдү жана көйгөйлөрдү түшүнүүгө жана жакшы эс-тутумга ээ экенин көрсөттү. Бул хафиздер светтик кадимки мектептерге барбаган студенттер эле. Алар университеттерге тапшыруу үчүн 2 жылдык даярдоочу курстан өтүшкөн. Алардын токсон пайызы Республикалык жалпы тесттен эң мыкты жыйынтыктарды көрсөтүштү. Алар 12 жыл мектептерге барып окуган окуучулар менен бирдей жыйынтыктарды көрсөтүшкөн".

(Абдулла 1994) эрте курактагы эске тутуу кийинки жылдарда эске тутуу жөндөмүн бекемдөөгө жардам берет деп тапкан.

ИШ-АРАКЕТ

33- ИШ-АРАКЕТ: Ата-энелерге кеңеш

Ата жана эне: Төмөнкү нерселерди талкуулап, андан соң аларды балдарыңарга кандайча колдонууну чечкиле.

- Балдарыңарга алар күткөндөн көбүрөөк бергиле жана муну ак көңүл менен жасагыла.
- Уккандын баарына эле ишенип, колдо бар нерсенин баарын эле чача бербегиле.
- “Мен сени жакшы көрөм” деп чын ниеттен айткыла.
- “Кечирип койчу” деп айтканда адамдын көзүнө карагыла.
- Балдарыңардын кыялын эч качан шылдыңдабагыла. Кыялы жок адамда көп нерсе жок.
- Талашып-тартышууда адилеттүү болгула. Атынан атоо болбош керек.
- Адамдарды бир туугандарына карап сындабагыла.
- Бирөө силер жооп бергиңер келбеген суроону сураса, жылмайып анан: “Эмне үчүн билгиң келип жатат?” – деп сурагыла.
- Чоң сүйүү жана чоң жетишкендиктерге жетүү үчүн тобокел кылуу керек болот.
- Эгерде кимдир бирөө чүчкүрсө “Ак чүч” деп айткыла.
- Эгерде бир нерседен жолуңар болбой калса, андан сабак алууну унутпагыла.
- Өзүнөрдү, башкаларды сыйлап, ар бир кылган нерсеңерге жоопкерчиликтүү болгула.
- Кичинекей эле нерсе үчүн бир тууганыңардан кол үзбөгүлө.
- Эгерде силер ката кетирсеңер, тез арада аны оңдоого аракет кылгыла.
- Телефонго жооп бергенде жылмайып тургула. Чалып жаткан адам аны үнүңөрдөн билет.
- Жалгыз болууга убакыт бөлгүлө.

11-БӨЛҮМ

Ден соолугу чың баланы өстүрүүгө карай жол: гигиена, тамактануу, дене тарбия жана уйку

- Киришүү 225
- Кош бойлуулук мезгили 225
- Төрөттөн кийин: эмдөө тууралуу карама-каршы ойлор 227
  Эмдөөгө каршы иш 228
- Тазалык жана гигиена 230
- Ден соолук - ислам адептеринен 231
  Даараткана тазалыгы 232
  Чач жана тырмактар 232
- Тамактануу 235
  Ашыкча тамак ичүү 236
  Имам аль-Газалинин тамактануу адаттарына болгон көз карашы 238
- Балдар жана тамактануу тууралуу фактылар 239
  Кош бойлуулук мезгили 239
  Жаңы төрөлгөндөн өспүрүм жашка чейинки балдар 239
  Өспүрүм жашка чейинки жана өспүрүм курактагылар 239
  2 жаштан 10 жашка чейинкилер үчүн диетанын үлгүсү 240
  Көп берилүүчү суроолор 240
- Курандагы тамак тууралуу көрсөтмөлөр 246
- Балдар жана дене тарбиясы 247
  Балдар жана бут кийимдер 249
  Балдардын активдүүлүгүн жогорулатуу жолдору 250
  Машыгуулардын сунушталган жадыбалы 250
- Уйку 252
  Уйкунун бузулуусунун медициналык кесепеттери 253
- Уулуу заттар: спирт ичимдиктеринин жана бангизаттардын алдын алуу 255
  Балдар жана азгырык 255
  Баңги заттарын колдонуунун белгилерине эрте көңүл буруу: ата-энелер эмне кыла алышат? 256
  Наркомания жана туугандар менен тыгыз байланыш 259
  Реабилитациялык программалар 260
- Мыйзам бузуу 262
- Иш-аракеттер 34–37 264

Киришүү

Бейтап дарыгерлерге туруктуу оорусу тууралуу арызданууусун токтотподу. Акырында бир дарыгер мындай деди: «Сиз абдан көп убакытыңызды жана акчаңызды жабдыктардын жана имараттардын коммерциялык активдерин коргоого жумшагансыз, бирок сиз өзүңүздүн эң маанилүү активиңиз болгон өзүңүздүн денеңизди унуткансыз!»

«Алдын алуу – дарылоодон жакшыраак» деген эски макал дайыма чындык жана ата-энелер көңүл бура турган нерсе. Алар ооруну күтүп отура берип, анан эсине келбеши керек. Баланын ден соолугуна терс таасирин тийгизген ата-эненин ар бир катачылыгы баланын келечегине балта чабышы мүмкүн. Ата-энелер өздөрүнүн ден соолугу үчүн жана балдарынын ден соолугу үчүн эки эсе жоопкерчиликтүү. Тилекке каршы, көпчүлүк адамдар алдын алууга бир нече «грамм» акча сарптоонун ордуна, интенсивдүү дарылоо бөлүмүндө «тонналаган» акча сарпташат. Туура ишти өз убагында аткаруу кымбатка турбайт жана оңой бүтөт, ал эми жыйынтыктары жогору жемиштүү болот. Аракетсиздик – бизди кайгылуу жана бактысыз кылат. Бирок, андан да коркунучтуурагы, балдардын ден соолугуна тийген зыянын түзөтүү мүмкүн болбой калышы ыктымал. Жеңил эле алдын ала дарылап койсо боло турган оору менен балдар ооруп калганда, анын ден соолугуна көңүл бурбай койгонунан, адам канчалык деңгээлде өзүн күнөөлү сезээрин айтыш кыйын эмес. Канчалык катуу аракет кылса да, же канча көп каражат жумшаса да, бир айла кылууга өтө кеч болуп калышы мүмкүн.

Ошондуктан, ден соолук эң биринчи орунда турат. Эгер ден соолугу чың болбосо, анда жакшы үй-бүлөлүү болууга, жакшы карьера курууга, жакшы билим алууга, жакшы убакыт өткөрүүгө мүмкүн эмес. Мындан сырткары, чымыр

денеде туура акыл-эс бар, баланын дени соо болсо, анын акыл-эси жана психикасы керектүү деңгээлде өнүгөт.

Ата-энелер балдарын таза суу, жакшы санитардык-гигиеналык шарт, пайдалуу тамак-аш, өз убагындагы вакцинация, туруктуу көнүгүү жана дарыгерге көрүнүү мүмкүндүгү менен камсыз кылышы керек. Ден соолугу чың балдарды өстүрүү бала бойго бүтө электе башталат; ошондуктан ден соолугу чың жубай тандоо керек.

Кош бойлуулук мезгили

Кош бойлуу эне түйүлдүк үчүн чоң жоопкерчиликте. Төрөт ийгиликтүү болушу үчүн азыктуу тамак-аш, жетиштүү уйку, дарыгерге убагында көрүнүп туруу жана көнүгүү жасоо керек. Эне өзүн бактериялык инфекцияларды жугузуп

алуу коркунучунан сактап, ошондой эле зыяндуу заттарды (баңгизат, туура эмес тамак-аш, спирт ичимдиктери) колдонуудан баш тартышы зарыл. Чылым чегүү – абдан зыяндуу адаттардын бири, кош бойлуу учурда эне мындан алыс болуусу зарыл. Түйүлдүк энеден бардык нерселерди сиңирип алат (тамак болуучу заттар жана кычкылтек баланын тону жана киндик аркылуу келет), ошондуктан чылым чегүү түйүлдүктү тамекинин түтүнүндөгү уу заттар менен гана ууландырбастан, ал тондун иштөөсүн да бузат. Кошмо Штаттарда сатылган чылымдын сыртында жазылган эскертүү менен таанышыңыз:

БАШКЫ ХИРУРГДУН ЭСКЕРТҮҮСҮ

Чылым чегүү өпкөнүн рак оорусун, жүрөк оорусун, эмфиземаны пайда кылат жана кош бойлуулук мезгилинде кошумча ооруларды козгошу мүмкүн.

Чылымсыз чөйрө: эрк болсо, жолу да табылат!

Эгер адамдар чылым чегүүнү азайтууга милдеттенме алса, алар аны азайта алат. Бул Кошмо Штаттарында ишке ашты.

Чылым чегүүгө уруксат жок – 1985-жылы турак-жайлардын ичиндеги таза аба тууралуу токтомдор кабыл алынган муниципалитеттердин саны 202 болчу, 2003-жылы 1631 жеткен.

Ошентсе дагы, мыйзамга карабастан, ата-энелер балдарын түтүндөн таза чөйрөдө чоңойтушу керек, үйдүн ичинде да, сыртта да.

Эгер эне вирустуу инфекцияга чалдыкса, анда ал түйүлдүккө зыян келтирбеш үчүн сөзсүз түрдө дарыгерге кайрылуусу керек. Бул эмчек эмизүү учуруна да тийиштүү. Инфекция баланын сокур, дүлөй, акыл-эси төмөн, шизофреник же аутист болуп төрөлүшүнө алып келиши мүмкүн. Энелер кош бойлуу мезгилинде гемолитикалык оорулардын (баланын мээсинин жабыркашына же өлүмүнө алып келиши мүмкүн) алдын алуу үчүн канын текшертип туруулары керек.

Төрөттөн кийин: эмдөө тууралуу карама-каршы ойлор

Бул жерде ата-энелер туура маалыматтын негизинде тандоо жүргүзүшү үчүн эмдөөгө каршы болгон жана аны жактаган аргументтер келтирилди.

Ымыркай төрөлгөндөн кийин дарыгерлер аны текшериши керек, биринчи кезекте көздөрүн, кулактарын жана рефлекстерин. Эркек балдарды инфекциянын алдын алуу үчүн сүннөткө отургузуу керек. Көпчүлүк ата-эне иммунизациянын пайдалуулугун түшүнүшүп аны графиги боюнча жүргүзүшөт. Бирок, алардын 80% жакыны көпчүлүк эмдөөлөр эки жашка чейин жүргүзүлөөрүн билишпейт. Биз жөжөлөрдү жумуртканын ичинен жарылып чыгаардан үч күн мурда эмдейбиз, музоолор туулганга чейин укол жасап эмдейбиз, ошол эле мезгилде биздин кээ бир балдарыбыз эки жашка чейин эмдөөлөрүн албаганы – тан калаарлык нерсе.

Эмдөөнүн көп жакшы жактары бар!

«Балдардын» өтө коопту алты оорусу – кызамык, полиомиелит, туберкулез, столбняк, көк жөтөл жана дифтерия – жыл сайын миллиондогон балдардын өмүрүн алат. Алардын көпчүлүгүн ооруга каршылыгы төмөн, начар тамактанган жаштар түзөт. Бул оорулардын алдын ала турган эмдөөлөр ондогон жылдар мурда эле белгилүү болуп, өнүккөн өлкөлөрдө бул оорулардын коркунучун жоюшкан. Америкадагы дээрлик ар бир бала негизги балдар ооруларына каршы эмделишкен, бирок өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдөгү миллиондогон балдар жөнөкөй эле эмдөөгө алууга мүмкүнчүлүгү жок болгондуктан коркунучта калып жатышат. Өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдөгү балдардын жыйырма пайызы дагы эле иммунизацияга мүмкүнчүлүгү жок, ошол себептен, дүйнө жүзү боюнча жылына үч миллионго жакын бала эмдеп, алдын алууга мүмкүн болгон оорулардан жок жерден каза табышат.

«Балдар үчүн: ден соолук, билим жана үмүт белеги»
Кайрымдуулук китепчеси, ЮНИСЕФ, 2003

Балдарыңызга эмдөөнүн баянын айтып бериңиз: «1796 – жылы эмдөө тууралуу инновациялык ойду айтып чыккан Доктор Эдвард Дженнер болгон, ойлоп тапкычтыктын чыныгы окуясы. Медицинада жакшы ойлордун үч түрү болот: айкын ойлор, айкын эмес ойлор, жана Др. Эдвард Дженнер ойлоп тапкан ойлордун түрү. Ал өзүнүн Англиянын алыскы Глостершир графствосунда жашаган кошуналарынан уй чечеги менен ооруган адамдар табигый чечектин өмүрдү кыйган коркунучтуу түрү менен сейрек оорушканын уккан, ал биринчи жолку оору денени экинчи жолку оорудан кор-

гоонуусуна түрткү болгонун байкаган. Анын кесиптештерине мындай түшүнүк сандырактык катары угулса керек. Ал кезде аларда “иммундук система” жана “микроб” дегенди туюнткан сөздөр жок болчу, себеби бул эки түшүнүк жөнүндө тең эч ким биле элек болчу.

(Кармайкл, 2007)

Ошентсе да, Дженнер өзүнүн оюна ишенген. Бул ойго ошол жылдын жаз айларында фермасына уй чечеги жайылып кеткен эне дагы ишенип, Дженнерге 8 жашар уулу, Джеймс Фиппске, бул ойду сынап көрүүгө макулдугун берген. Дарыгер ооруган саанчыдан ириң чогултуп алып, аны балага укол кылып куйган, андан кийин канчадыр бир убакыт күткөн. Алты жума өткөндөн кийин ал балага табигый чечекти жугузган. Ал Джеймс ооруп калбасына толук ишенгенче дагы бир нече убакыт күткөн. Андан соң ал жаңы доордун башталганын жарыя салган. Ал вакцинаны ойлоп тапкан. Көпчүлүк революционерлердин башынан өткөнүндөй, Дженнер өзүнүн оюн сунуш кылганда, аны тамтырактап жатат деп кабыл алышканы күмөнсүз.

Вакциналар табигый чечекти жок кылуу, өөрчүп кеткен полиомиелит жана кызамыктан дүйнөнү дээрлик куткаруу менен бүткүл жер бетин толук өзгөртүштү. Эмдөө – акыркы эки кылымдагы эң маанилүү медициналык инновациялардын бири жана чыгымдары жагынан караганда дагы эң эффективдүүсү. Эмдөө ооруну дарылабайт, ал аны алдын алат, бул алда канча жакшыраак. Эгерде 100 киши эмделген болсо, алар дени сак боюнча эле калышпастан, дагы миңдеген адамга оору жугузуу коркунучунун алдын алат.

Жыл сайын вакциналар эсеби жок элдин санын аман алып калышат. Ошентсе да, миллиондогон адамдар дагы эле эмдөө ала алышпайт. Африканын, Азиянын жана Латын Америкасынын көпчүлүк аймактарындагы балдар өнүккөн өлкөлөрдөгүдөй негизги эмдөөлөрдүн бирин дагы алышпайт, жыйынтыгында алар каза табышат. Ошондой эле дүйнөлүк чоң “киши өлтүргүчтөр”, баары биригип жылына алты миллион өмүрдү алып кеткен – ВИЧ, туберкулез жана малярияга каршы эч ким, эч жакта, туруктуу жана натыйжалуу эмдөөдөн өтө элек, себеби заманбап медицинанын бардык күчтөрүн бириктирген күндө да аталган ооруларга каршы натыйжалуу вакцина табыла элек.

ЭМДӨӨГӨ КАРШЫ ИШ

Көпчүлүк адамдар жаш балдарды эмдөөдөгү мүмкүн болуучу терс таасирлери тууралуу кабардар эмес. Эмдөөгө каршы аргументтер, эмдөө программаларына байланыштуу ийгиликтердин көпчүлүгү менен: коомдук саламаттык сактоонун, өзгөчө таза суу жана санитардык-гигиеналык шарттардын, элдин өтө жык эмес жайгашуу шарттары, жакшыраак тамактануу жана жашоо стандарттары жагынан өркүндөшүнө байланыштуу түшүндүрүлөт.

"Бардык вакциналар уулу химикаттардан, жаныбарлардын жана эмбриондордун клеткалар түркүмүнүн ДНКаларынан, тирүү же өлүү вирустар жана бактериялар формасындагы чочун протеиндерден турат. Заманбап вакциналар технологиясына эки жүз жыл болгон жана вакциналар "иммундук жоопту коопсуз жогорулатат" деген илимге негизделген... Вакциналарга кошулган уулу химикаттар иммундук жана нерв системаларынын дагы көйгөйлөрүн жаратат, себеби алар оңой менен денеден чыгып кетпейт, алар мээнин жана органдардын клеткаларында топтолушуп, нервдерди жабыркатышат. Чочун протеинидер жана ДНК, эгер алар туура нейтралдаштырылып жана иммундук система менен денеден чыгарылбаса, алар клетка мембраналары аркылуу кирип кете алышат".

(http://www.know-vaccines.org/parent.html)

Иммундук системанын толук өрчүшү үчүн бир нече жылдар керек, ал бактерияларга жана вирустарга кабылуу менен өнүгөт (дене аларды ысык дене табы, чимкирик, тердөө жана денеге майда кызыл тактардын пайда болушу менен чыгарууну үйрөнөт). Эмдөөлөр балдарды салыштырмалуу зыянсыз ооруларды (кызамык, свинка, краснуха, ветрянка жана көк жөтөл) жуктурбоочу өмүрлүк табигый иммунитетке ээ болуу мүмкүнчүлүгүнөн ажыратат. Эмдөөдөн кийин дене кандайдыр бир эч качан болбой калышы мүмкүн нерседен чочулоо абалында калат. Ошондуктан, иммундук система гиперсезгичтүү болуп, аллергияга кабылат.

Эмдөөгө каршы болгондор, дени сак болуунун эн жакшы жолу – ооруларга каршы ИММУНИТЕТтин болушу керек деп айтышат.

Коңуздар биздин "тегерегибизде" бизге жете албай жүргөн жери жок. Эгер биздин ички жагыбыздан денибиз сак болсо, денебиз суукка, сасык тумоого, кызамыкка же бизди тегеректеген кандай гана нерселер болбосун баарына туруктуу болобуз. Эң негизгиси КАБЫЛДАГЫЧТЫК.

(Синклер, 1995)

Кайталап айтканда, биз ата-энелерди дарыгерлер менен кеңешип эмдөөнүн кереги бар же жок экенин маалыматка таянып тандасын дейбиз.

Балдар алты, сегиз жана он жашка чыкканда жана он бир жаштан баштап жыл сайын туруктуу текшерүүлөрдөн өтүп турушу керек деп педиатрлар сунушташат. Мындай текшерүүлөрдүн жакшы жагы – көйгөйлөр билинбей жүрө берип, айыкпас дартка өтүп кеткенинен көрө, эртерээк аныкталып, натыйжалуу дарылоого мүмкүнчүлүк түзүлгөнүндө. Кээ бир өлкөлөр башталгыч класстын окуучуларын окуу жылы башталганда медициналык текшерүүдөн өткөрүшөт, бул мактоого абдан татырлык. Балдардын ден соолугундагы мүчүлүштүктөр (начар угуу, көрүү же сүйлөө сыяктуу)

ушундай ден соолугун текшерүү учурунда аныкталат. Ата-энелер оорунун алдын алууга көп көңүл буруулары зарыл. Эмдөөдөн сырткары, ден соолуктун чың болушу үчүн гигиена, туура тамактануу, уйку жана көнүгүүлөр керек.

Иммунизация – дүйнөлүк эң ири ден соолук келишими

Баланы коргоого $15 кетет. Акыркы эки он жылдыкта дүйнө жүзүндөгү балдардын 80 пайыздан көбүрөөгүн эмдөөдөн өткөрүүдө зор жетишкендиктерге ээ болсок да, жыл сайын эки миллиондон ашык бала дагы эле бул кымбат эмес негизги коомдук ден соолук кызматынын жоктугунан каза болушат.

Тазалык жана гигиена

Тазалык – бул бактериялык жана вирустук оорулар менен күрөшүүдөгү адамзаттын эң натыйжалуу куралы болуп эсептелинет. Демейде, инфекциялар денеге колдор аркылуу адамдар көзүн, оозун, мурдун жана кулактарын кармалаганда жугушат. Ошондуктан, колду күнүнө бир нече жолу жууп туруу – микробдорду канализацияга агызып кетет.

Америкалык автор Роуз Уайлдер Лэйн (1886 – 1968) өзүнүн *«Эркиндикти изилдөө»* деген эмгегинде, кызыктуу нерсени баяндаган: «Адамдар Мухаммед пайгамбарды фанат деп айыпташкан, бирок ал бир гана нерсе – тазалык жана гигиена туурасында фанат болгонун байкадым».

Пайгамбар (с.а.в.) беш маал намаздан мурда даарат алууну жогору баалаган: «Беш маал намаз – кимдир бирөөнүн дарбазасынын алдынан агып өткөн сууда ал беш жолу сууга түшкөну менен окшоштугу бар”.

(МУСЛИМ)

СУРОО: Мусулмандарга жана еврейлерге каршы “Тергөөнүн” жүрүшүндө алар күч менен башка динге кийирилгенден кийин, жүрөгүндө дагы эле мусулман боюнча калган, бирок христианин болумуш болуп амалдангандарды Испания бийлиги кантип аныктаган?

ЖООП: Эгер адам таптаза боюнча жүрсө, анда ал христиан болумуш болгон, бирок дагы эле мусулман адам деп эсептелинген.

(Ахмад, 1997)

Эркектер, аялдар жана гигиена

Гигиеналык адаттар жагынан алып караганда америкалык аялдар америкалык эркектерге караганда тазараак келишет. Сурамжылоого катышкан адамдардын 91% коомдук дааратканага баргандан кийин колдорун дайыма жуушарын айтышты. Бирок, Кошмо Штаттар дагы төрт чоң шаарлардагы алты коомдук дааратканаларга көз салып байкоонун жыйынтыгында эркектердин 75% гана, аялдардын 90% салыштырмалуу, колдорун тазалоо үчүн токтошкону айкындалган.

Чоңдордун көпчүлүгү моюндарына алышат:
42% чоңдор итти же мышыкты сылагандан кийин колдорун дайыма жуушарын айтышты;
21% акчаны кармагандан кийин жуушарын айтышты;
32% чүчкүргөндөн же жөтөлгөндөн кийин колдорун жуушаарын айтышты.

Оорунун таркап кетүүсүн алдын алуунун бирден бир эң жакшы жолу – колдорду 15тен 20 секундга чейин самындап жууша жатат.

Кошмо Штаттары жылына тогуз миллиарддан ашык долларды колдорду жуубагандан чыккан ооруларга сарптаары божомолдонот!

(Хайда жана Сансони, Asm, 2005)

Ден соолук - ислам адептеринен

Пайгамбардын (с.а.в.) гигиенадагы сүннөтү колду, бетти жана билекти беш маал жууш керектиги менен эле чектелбейт. Ал бизди тамактануудан мурда жана кийин, ошондой эле дааратканага баргандан кийин колдорубузду жуубузду милдеттендирет.

Тазалыкты жана ден соолукту сактоо – исламдын медицина тармагына кошкон маанилүү салымдарынын бири болушу мүмкүн. Мүмкүн, таза суу жана жеке гигиенаны туура сактоо бардык антибиотиктерден да көп өмүрлөрдү сактап калышты. Пайгамбардын (с.а.в.) айткандарына көңүл буруңуз: “Тазалык – ыймандын экинчи жарымы”.

(ад-Дахабу, 2004)

Пайгамбар (с.а.в.) ооруп калганда традициялык медицина менен дарыланып жана кээде дарылануунун жолун жазып берген. Ал көптөгөн оор физикалык иш-чараларга катышчу, айта кетсек бир нече согуштарга жана Мединага кол салуу болгондо, шаарды курчай канал казууга катышкан, ал – күчтүү жана дени сак адам болчу.

Ата-энелер уулдарынын жана кыздарынын жеке гигиенасын алар өспүрүм жашка чыга электе, канча эрте болсо ошончо жакшы, биринчи кезекке коюшу зарыл. Балдардын жеке тазалыгына өзгөчө көңүл бөлүнүшү абзел. Балдар намаз окууга, орозо кармоого жана башка диний милдеттерди чоң адамдар сыяктуу эле аткарууга, дайыма өздөрүн тыкан алып жүрүүгө, денесин, кийимдерин жана айлана – чөйрөсүн таза алып жүрүүгө жоопкерчиликтүү болушат.

ДААРАТКАНА ТАЗАЛЫГЫ

Мусулмандар ич кийимдерин жана жыныс мүчөлөрүн мүмкүн болушунча таза алып жүрүүгө милдеттүү. Жаман жыттанып кетпеши үчүн ич кийимдерди, байпактарды күнүгө алмаштырып туруу сунушталат. Эгер, заара кийимге чачырап кетсе, анын жыты жана тагы кетмейинче жуулушу керек. Дааратканага баргандан кийин *(istinjā')*, өзүбүздү дыкаттык менен тазалашыбыз керектигин, биринчи кезекте зааранын же заңдын бардык калдыктарын суу же таза жана кургак, даарат кагазы өңдүү, нерсени колдонуп сол кол менен тазалоо керектигин Пайгамбарыбыз (с.а.в.) кеңеш берген. Жыныс мүчөлөрүн даарат кагазында калдыктардын изи жок калмайынча жумшак жууш керек. Бул мүчөлөрдү суу менен жууп, анан кургактайбыз. Мусулман үйлөрүндө ушул максатта даараткананын жанына орнотулган атайын суу түтүктөрү же суу чөөгүндөрү болушу мүмкүн. Тамакты (орган) ыплас нерселер менен булгануудан сактоо максатында – сол кол жууную үчүн, ал эми оң кол тамак жегенде колдонулат. (дааратканага баргандан кийин колдорубузду жууганга карабай)

Суу менен тазалангандан кийин (айрыкча кыздар) ным чөйрөдө пайда болчу инфекциялардын алдын алуу үчүн жыныс мүчөлөрүн кургактоо – эң жакшы адат. Кыздар артынан алдын карай эмес, тескерисинче алдынан артка карай сүрткөнү оң. Ошондой эле кенен пахта кездемеден тигилген, синтетикалык нейлон же полиестерден жасалган ич кийимдерге караганда, тез кургаган жана "дем алган" ич кийимдерди кийүү сунушталат. Даараткана барып келгенден кийин, гигиенаны сакташ үчүн жана тырмактардын алдында же айланасында жагымсыз жыт калбашы үчүн колдорду самын менен жууш керек. Пайгамбарыбыз (с.а.в.) тырмактарды кыска алып жүрүүнү катуу сунуштаган.

ЧАЧ ЖАНА ТЫРМАКТАР

Балдар инфекциясынын 98 пайызы алар колдорун ооздоруна салгандан келип чыгаарын билдиңиз беле? Аны таза упчу колдонуу менен алдын алыңыз…
(Gookin 1996)

Колтуктагы жана жыныс мүчөлөрүнүн айланасындагы түктөр жагымсыз жыттардын себеби болушу мүмкүн. Караңгы жана нымдуулуктун коштоосунда, түктөр бактериялардын пайда болушуна

эң ыңгайлуу шарт түзүп берет. Эгер алынып салынса, дененин жагымсыз жыты азаят жана экзема же дене бити сыяктуу проблемалуу дүүлүктүргүчтөрдү жугузуп алуу мүмкүндүгү төмөндөйт.

Пайгамбарыбыз (с.а.в.) айтты:

Фитрга (fitrah) мүнөздүү беш адеп бар (таза табигый абал, же пайгамбарлардын салты): сүннөткө отургузуу, чаттагы жүндү кыруу, колтуктардагы жүндү, тырмактарды алуу жана сакалды кыскартуу.

(АЛЬ-БУХАРИ)

Колтуктагы жана чаттагы жүндөрдү салыштырмалуу жөнөкөй жана тез жолдор менен (жулуп, кырып, кыркып жана момдоп тазалоо) каалаган өлчөмдөгү атыйын депиляциялык кремдер же майлар, же жаңы лазердик технологияны колдонуу менен алып салууга болот. Ар бир кырк күндө же өсүшүнө жараша алууга болот. Спорт менен машыгаарда, мектепке же мечитке бараарда башкаларды ыза кылып албаш үчүн колтукка арналган дезодоранттарды колдонуу сунушталат. Бардык табигый дезодаранттар сунушталат. Антиперспиранттар, тилекке каршы, коркунучтуу болгондуктан, аларды колдонуудан алыс болуу керек.

Исламда кээ бир эркектердин же аялдардын чачынын түсүн өзгөртүп алуу адатына жол берилбейт, ошондой эле тырмактарды да абдан узун кылып өстүрүү, колдордун жана буттардын тырмактарын лак менен боёого да болбойт. Узун тырмактардын алдына кир топтолуп, ооруларды жуктурушу мүмкүн (айрыкча тамак жасоо учурунда). Алар ыңгайсыз жана лакталган тырмакка суу жетпегендиктен дааратты *wudū* туура алууга тоскоолдук жаралат. Анткен менен, колдун тырмактарын хна менен боёгонго жол берилет, себеби ал тырмактын бетин тосуп калбайт. Эркектерге айрыкча, мечитке бараарда табигый жыттарды жана атырларды колдонуу сунушталат. Аялдар болсо атырды үйүндө жүргөндө, ал жерде нике курагындагы (non-*mah.ram*) эркек кишилер жок болсо, колдоно алышат.

Сиз жашаш үчүн тазалайсызбы же тазалаш үчүн жашайсызбы?
Аша чабуудан сак болуңуз!

- Айым Миссис Тазалык деген наамга ээ болду, себеби ал өтө эле таза болчу. Ал тазалоо үчүн жашачу. Анын үйү стерилденген таптаза жай болчу. Ал балдарынын сазайын берип, аларды башкалар менен ойноо жана баарлашуу кубанычынан, үйдө эч кандай баш-аламандык жаратышпасын деп ажыратып койгон. Үй жашоо үчүн өтө эле таза болгон. Бакыт ал үйгө кире албай койгон, ал үчүн ал жер аябагандай таза эле. Айым акырындык менен ажырашууга бараткан, себеби нике чөйрөсү ага анча таза эмес болчу. Ал ашыкча тазалык үчүн тынчтыкты курмандыкка чалды. Балдарга анча-мынча жөнү бар иретсиздикке жол берип, аны кийинчерээк жыйнап койсо болот. Бир нерсеге ашыкча эле берилгендик – мандемдүүлүккө жатат, жадагалса тазалыкта да.
- Дарыгер психоневрологиялык ооруканадагы бир невротик оорулуунун башкалар менен кол алышып учурашкан сайын, анын ичинде медицина кызматкерлери да бар, колдорун самындап жууй берген адаты тууралуу айтып берген.

Исламдагы дене жана жан дүйнө үчүн пайдалуу салттар:

- Бөбөктөргө эмчек эмизүү (эки жаштан ашык эмес).
- Эркек балдарды сүннөткө отургузуу.
- Аялдын айына болуучу этек кири учурунда аны менен жыныстык катнаштан убактылуу баш тартуу.
- Үзгүлтүксүз душка түшүү жана күнүнө беш маал даарат алуу.
- Жыныстык катнаштан кийин милдетүү түрдө гусул (ghusul) алуу жана жума кундөрү сунушталчу сууга түшүү.
- Тамак ичээрден мурда жана кийин дааратканага баргандан кийин колду жууп туруу.
- Мисвак (miswāk) колдонуп тиштерге кам көрүү (азыркы күндө тиш щеткасына жана пастасына барабар).
- Түн ичинде уктоо жана күндүзү иштөө.
- Бала төрөлгөндөн кырк күнгө чейин аялы менен жыныстык катнашта болбоо.

Тазалык – “такыбалыктын жарымы” деп эсептелинет. Куран чочко этин, чочко этинен жасалган тамактарды, өлгөн малдын этин, канды, бардык спирт ичимдиктерин жана баңги заттарды колдонууга тыюу салат. Жылына бир келүүчү отуз күндүк Рамадан айында күн чыккандан күн батканга чейин ооз бекитип орозо тутуу – денени эс алдырат жана бир топ дарычылык касиетке ээ. Ой жүгүрүү жана намаз окуу – психилогиялык тынчтык тартуулайт.

Маанилүү исламдык медициналык көрсөтмөлөр:

Эркектерди сүннөткө отургузуу аялдардын жатын моюнчасынын инфекциясынан, адамдын папиллома вирусун жуктуруп алуу коркунучун 50 пайызга төмөндөтөт, ал сейрек учурларда алар 24 жашка чыгып калганда жатын моюнчасынын рагына алып келет. Азыркы учурда адамдын папиллома вирусу – АКШда жыныстык жол менен эң көп жугуучу оору.

- Өмүрдү сактоо талап калынат.
- Кан куюуга жол берилет (канды толук туура текшерүүдөн кийин).
- Өзүн өзү өлтүрүүгө жана эвтаназияга жардам берүүгө жол берилбейт.
- Аутопсияга (өлүктү союу) жол берилбейт (мыйзам талап кылбаса же коомдук пайдасы болбосо).
- Өлүм алдында жаткан оорулунун өмүрүн жасалма узартып кома абалында кармоого тыюу салынган.
- Бойдон алдырууга уруксат жок (эненин өмүрүн сактап калуу керек болбосо).
- Трансплантацияга (органдарды алмаштыруу) уруксат берилет (кээ бир чектөөлөр менен).

- Күйөөсү менен аялынын ортосунда жасалма репродуктивдүү технологияларды колдонууга уруксат берилет (никеде турган учурунда гана).
- Гомосексуалдуулукка тыюу салынат.
- Мурас кагазын жана медициналык ишеним кагазын колдонуу сунушталат.
- Дартты айыктыруу үчүн генетикалык инженерияны колдонууга болот, бирок клондоо маселесинин ылайыктуулугун андан ары изилдөө талап кылынат.
- Органдарга донорлук кылууга жол берилет.

Ар бир адамдын өмүрүндөгү алгачкы 1000 күн – тамактануунун эң маанилүү учуру. (“Экономист”, 26 март, 2011)

Тамактануу

Баланын дени сак болушу үчүн ал жакшы тамактанышы керек. Бардык эле тамактар азыктуу эмес; тамак – бул биз жегибиз келген нерсе, бирок туура тамактануу – бул биз эмнени жешибиз керек болгон нерсе. Биринчи эки жылда энелер мүмкүн болушунча балдарын физикалык, эмоциялык, социалдык, акыл-эс жана психологиялык жактан туура өнүгүүсү үчүн аларды эмчек эмизүү менен багышы керек. Эмчектен чыгараардан мурда жана чыгаргандан кийин тең салмактуу азыктар менен багышы зарыл.

Күнүмдүк керектөө өсүп жаткан балага керек болгон витаминдерди жана минералдарды камсыз кыла турган тамактын бардык түрүн, сүт азыктарын, дан азыктарын, жемиштерди, жашылчаларды жана этти камтышы керек. Жемиштерди жана жашылчаларды сөзсүз түрдө жакшылап жууш керек, себеби аларда бактериялар, химикаттар жана кир болушу мүмкүн.

Куранда ал түшүрүлгөн убакта туура тамак-аш азыктары *(azkā ta‘āman)* катары белгилүү болгон бардык керектүү тамак-аштын булактары айтылат. Аларга эттердин

ар кандай түрлөрү (уй эти, төө эти, кой эти, эчки эти, кулун эти жана деңиз жаныбарларынын этери), дан азыктары (буудай), буурчак өсүмдүктөрү (фасоль жана жасмык), жаңгактар, жемиштер жана жашылчалар (жүзүмдөр, инжирлер, зайтундар, анарлар, курмалар, пияздар, сарымсак жана бадыраңдар), сүт жана бал кирет. Бал – адамдар үчүн дары жана айыктыруучу зат катары сүрөттөлөт. Балдарга бир жаштан кийин дайыма бал жеп турууга болот.

АШЫКЧА ТАМАК ИЧҮҮ

Бала тамактын бардык пайдалуу түрү менен азыктанышы керектигине карабай, ашыкча тамак ичүүгө жол бербөө керек.
Куранда айтылат:

> *Эй, Адамдын урпактары! Ибадатка эң мыкты кийиминерди кийгиле. Жегиле, ичкиле, бирок ысырапкорлук кылбагыла! Анткени Аллах ысырапкорлорду жакшы көрбөйт.* (Куран, 7:31)

Өзүңдүн “укмуштуудай” денеңе эмнени кошуп жатасың ошону кара. Эсиңде болсун, *сен эмнени жесең ошол сага таасир этет*. Тамак ичүү үчүн жашабай, жашаш үчүн кантип тамак ичүү керектигин үйрөн.

Ата-энелер балдарын таза, химикаттары жок суу менен камсыз кылышы туура. Толук бала – дени сак бала деген туура эмес түшүнүк бар; бул туура эмес. Бирок, чоңдордон айырмаланып, баланын тамак-ашында майдын белгилүү өлчөмү болуш пайдалуу.

Америкадагы ашыкча салмак көйгөйлөрү

Биз ашказаны менен эмес, көздөрү менен тамак ичкен элбиз. Жакын жерден канча көп тамак көрсөк, ошончо көп тамак жейбиз.

(Др. Санжай Гупта, CNN, 2008)

Ата-энелер: үйдө керектүү жерлерге, балдарыңардын айланасына пайдалуу туура тамактарды коюп коюу – силердин мүмкүчүлүгүңөр!

20 жаштан жогору америкалык аялдардын 36 пайызы жана эркектердин 31 пайызы ашыкча салмакта. Он жылдан ашыгыраак мурда чоң адамдын орточо салмагы сегиз фунт эле. “Ашыкча салмакта” болуу тийиштүү салмактан 20 пайызга же андан да жогору болуу деп аныкталат.

Эгер сиздин салмагыңыз аял үчүн орточо 5 фут 4 дюйм (162, 56 см) болуп, тийиштүү салмактан 25 фунтка жогору болсо жана эркек үчүн 5 фут 10 дюйм (177,8 см) болуп тийиштүү салмактан 30 фунтка жогору болсо, анда сиз ашыкча салмактасыз.

Балдардын арасында семирүү чоңдорго караганда ылдамыраак көбөйүүдө. Тамак-аштын көптүгү менен коштолгон аз кыймылдуу жашоо мүнөзү – семирүүнүн негизги себептери. Америкалык тамак-аш менен камсыз кылуу – ар бир эркек, аял жана балага күнүнө 3,700 калория өндүрөт, тийиштүү өлчөмдөн алда канча көп.

(Kuczmarski Et Al, 1994)

Тамак-аш рационунун сапаты жана балансы өтө чоң маниге ээ; бала семиз болушу мүмкүн, бирок ал ал кыз/уул бала баалуу эмес тамактануудан жабыркап жатат. Ата-энелер балдарынын туура тамак менен азыктануу адаттарынын калыптанышына көп нерселерди кыла алышат.

“Альхамдулиллах” (Alhamdu Lillāh – мактоолор Аллахка болсун) деп айтуудан баш тарткан бала

Биздин үйгө келген мейман жети жаштагы уулуна ал 4 жумуртка, 4 кесим нан жана грилде даярдалган сыр сэндвичин эртең мененки тамакта жеп бүткөн соң, тамактанып бүтүүнүн белгиси катарында: “Уулум, *“Альхамдулиллах”* деп айт”,– деди. Баласы жооп берди: “Ата, бирок мен дагы эле ачкамын! Мен тамактанып бүтө элекмин! Мен азыр *“Альхамдулиллах”* деп айткым келбей жатат!” Үй ээси эмнеге баланы колуна көтөрө албай койгонун эми түшүндү. Бала аябай семиз болчу!!

Ата-энелер ашыкча тамак ичүүдөн, суктуктан *(Tukhmah*) сак болушу керек.
Пайгамбар (с.а.в.) айтты:
Адам уулу толтура ала турган эң начар чөйчөк – бул анын ашказаны. Эки тиштем анын денесин камсыз кылууга жетиштүү, бирок ал тамакты дагы эле талап кыла турган болсо, анда ал ашказанынын үчтөн бирин тамакка, үчтөн бирин суусундукка, дагы үчтөн бирин дем алганга колдонуусу керек.

(АХМАД АТ-ТИРМИЗИ ЖАНА БАШКАЛАР)

Даниялык изилдөө 15 өнүккөн өлкөлөрдүн ичинен АКШдагы өспүрүмдөр эң семиз экендигин аныктаган, алардын дээрлик үчтөн бири күнүгө фаст фуд жешет. Дүйнө жүзү боюнча туура эмес тамактануу – миллиондогон балдардын өлүмүнүн негизги фактору болууда, миллиондогон башкаларын майып кылып, ооруга туруксуз жана акыл-эсин кем кылууда. Тамактануу – балдар үчүн түйүлдүк пайда болгондон үч жашка чейин эң негизги чечүүчү ролду ойнойт.

(ЮНИСЕФ, 2003)

Балдар үчүн зыяндуу тамак-ашы жок чөйрөнү түзүп берүү – алардын туура тамактануу адаттарын калыптандыруунун, аларды пайдалуу тамак-ашты жегенге мажбурлаганга караганда, кыйла эффективдүү жолу. Эркек балдар семирип кеткенде, адатта ал белинен байкалат; ал эми кыздар семиргенде алардын санынан, көкүрөгүнөн жана жамбашынан байкалат.

Адам өзүнүн мүрзөсүн өзүнүн тиштери менен казат!

Имам аль-Газалинин тамактануу адаттарына болгон көз караштары

Имам аль-Газали (1058–1111), мусулман тарыхынын көрүнүктүү реформисттеринин бири, мындай деп айткан:

1. “Мусулман адам биринчи болуп тамак ичкен бөлмөгө кирбеши керек жана ар кайсы тамак-ашты же бирөөнүн тамак жеп жатканын суктанып карабашы да керек. Оозундагы тамакты жакшылап чайнап жеп жана тамакты колу менен же чүпүрөк менен сүрбөшү керек”.
2. “Соргокторду балага көрсөтүп, анын көзүнчө соргок балдарды жемелеп, ошондой эле тамак-ашты аз ичкендерди мактап баланын акыл-эсине соргоктукту жаман көрүү сезимин орнотуу керек”.
3. “Тамаккка келгенде биринчи кезекти башкаларга бергенди жакшы көрүүнү жана өзүнө эмне тийсе ошого ыраазы болууну балага үйрөтүү керек. Анын даамдуу тамак-ашка, суусундукка жана жакшынакай кийим-кечеге жөнү жок ашыкча умтулуусу уяткарылышы керек”.
4. “Баланын кичинекей кезинде жана бала чагында ашыкча тамактандыруу – кийин чоңойгондо семирип кетүүсүнө өбөлгө түзүүчү фактор болушу мүмкүн, ал эми семиздик – “байлардын оорусун” жаратышы мүмкүн”.

Балдар жана тамактануу тууралуу фактылар

КОШ БОЙЛУУЛУК МЕЗГИЛИ: баланызга эң жакшы башталыш берүү үчүн, боюңузга бүтө электе эле оюңузда бала менен чогуу тамак ичиңиз. Кош бойлуулуктун алгачкы 4–6 жумасы, сиз кош бойлуу экениңизди биле элек болушуңуз мүмкүн, баланын өсүшүнүн маанилүү мезгили. Зайыптар жана болочок энелер түйүлдүктүн мээсинин жана жүлүнүнүн өөрчүүсүнө керек болгон фолий кислотасын күнүнө 400 мкг ичип туруулары зарыл. Муну менен нерв системасынын өрчүүсүнүн 50дөн 70 пайызга чейинки жалпы кемтиктеринин алдын алса болот. Кош бойлуулукта 20-30 фунт салмак кошуу дурус болуп саналат.

(Sutherland and Stoever, 1997)

ЖАҢЫ ТӨРӨЛГӨНДӨН ӨСПҮРҮМ КУРАККА ЧЕЙИНКИ (10 ЖАШКА ЧЕЙИНКИ) БАЛДАР: Биринчи жылдагы чукул чоңоюу жана аппетит экинчи жылы басаңдайт. Адатта балдар экинчи жылы болгону 6-8 фунт салмак кошот, тамакка табити тартпай жаткандай сыяктанат. Ар бир тамактанууда сунушталган ден соолукка пайдалуу тамак-аштын түрлөрүнөн балдар өздөрүнө керектүүсүн жешет. Кошмо Штаттарда жакшы ниеттүү ата-энелер 1-3 жаштагы балдарын майлуулугу аз тамак-аш менен тамактандырышкандыктан алар арыктап кетишкен. Эки жашка чейинки балдардын тамак-ашынын “майлуулугун контролдоо” болбош керек. Майлар энергия берүү менен бирге териге пайдалуу май кислоталары менен камсыздайт. Ошондой эле майлар денеге А, Д, Е жана К витаминдерин ташууга жана сиңирүүгө көмөктөшөт. Бала уйдун сүтүн ичүүгө даяр болгондо жок эле дегенде эки жашка чейин дайыма нак сүт бериңиз, эки пайыздуу же майсыздандырылган эмес. Кошмо Штаттардагы 2 ден 5 жашка чейинки балдардын төрттөн бири гана, өспүрүмдөрдүн 6 гана пайызы менен салыштырмалуу ден соолукка пайдалуу туура-балансталган мүнөздөгү тамак-аш ичишет.

ӨСПҮРҮМ КУРАККА ЧЕЙИНКИ ЖАНА ӨСПҮРҮМ КУРАКТАГЫЛАР: Көпчүлүк балдар ден соолуктун негизги эрежелерин билишсе дагы, дайыма эле аларды сактай беришпейт. Өспүрүм куракка чейинки жана өспүрүм балдар жей турган ден соолукка пайдалуу тамак-ашты камсыздоо кыйынчылык жаратышы ыктымал. Сегиз жаштагы бала столдун үстүнө эмне коюлса ошону жей алат, бирок 14 жаштагы бала бир ай мурда жеп жүргөн тамагынан баш тартышы мүмкүн. Жагдайды жеңилдетүүнүн бир жолу – балдарды тамак-ашты пландаштырууга жана даярдоого аралаштырып, тамак даярдоо көйгөйүнөн чыгуу болуп саналат. Тамак ичүү учурунда көңүлдү тамакка эмес, көбүрөөк күнүмдүк болуп өткөн иштерге буруу керек. Өспүрүмдөр бир жаштан кийинки убакка салыштырмалуу тезирээк өсүп жатышат. Өсүүнү камсыздоо үчүн кыздарга күнүнө 2,000–2,500 калория керек болсо, эркек балдарга 3,000–4,000 калория керек болот, ал эми көбүрөөк кыймылдаган балдарга көбүрөөк калория керек. Өспүрүмдөрдүн тамак-ашты көп жешинин эң жогорку чеги кыздар үчүн 15 жаш жана эркек балдар үчүн 19 жаш. Кыздар 25 жашка чыкканчакты көбүрөөк кальций колдонушу зарыл. Кальций алардын өсүп жаткан сөөктөрүнүн тыгыздыгын жогорулатып, аларды кийинчерээк остеопороздон (жумшак сөөктөрдөн) сактайт. Балдар тамакты өткөрбөй убагында ичүүсү абдан маанилүү. Өткөрүп жиберген тамак – бул пайдалуу азык заттарды албай калуу, ошондуктан күндүз тамакты аздан ичип туруу аны өткөрүп жибергенге караганда жана кечинде аябай көп жеп алганга караганда жакшыраак.

2 ЖАШТАН 10 ЖАШКА ЧЕЙИНКИЛЕР ҮЧҮН ДИЕТАНЫН ҮЛГҮСҮ

Америкалык диета ассоциясынын сунушуна ылайык балдардын күнүмдүк диетасы төмөнкүлөрдү камтышы зарыл:

- 6 – 11 үлүш дан азыктары;
- 2 – 4 үлүш жемиштер;
- 3 үлүш жашылчалар;
- 2 – 3 үлүш эт, канаттуулар эти, балык жана кургатылган буурчактар;
- 2 – 3 үлүш сүт азыктары;
- Абдан аз өлчөмдө малдын майлары, өсүмдүк майлары жана таттуулар. Жаңгактар жана данектер майлардын жакшы булактары.
- 1 – 5 жаштагыларга, бир үлүш болжолу менен бир аш кашык ар бир жашка.
- Бардык жаштагылар үчүн, идиште тамактын өтө толтура болуусу жаман нерсе.

КӨП БЕРИЛЧҮ СУРООЛОР:

Баш аламан тамак ичүү адаттарына карабай көпчүлүк балдар жакшы тамактанышат. Алар тамактан өздөрүнө керектүү нерселерди алышат, ал чоң адамдын тамагынын төрттөн биринен үчтөн бир бөлүгүнө чейин түзөт, болжолдуу түрдө бир аш кашык ар бир жашка. Балдар өздөрүнө жаккан даамы бар тамактарды гана жешет. Төмөндө жакшы тамак ичүүгө пайдалуу кеңештер берилет.

(Андервуд жана Кучмен, 2008)

1. Ата-энелер аларга кандай тандоо бериш керек?

Тамак учурунда, ата-энелер пайдалуу тамактардын түрлөрүн сунушташы керек: протеин, сүт, жемиштер же жашылчалар, нан жана экинчи углеводдор (күрүч, кесме жана картошка). Анан алар балдарына сунушталган нерселердин ичинен жактырганын тандоого мүмкүндүк бериши керек. Ата-энелер балдары жактыраарын билген тамактар менен гана чектелбеши керектигин билиши керек. Жок дегенде алар демейде жеген нерселердин бирөөсүн, нан болобу же жемиш болобу, кошкула. Балдарда витаминдердин жетишсиздиги чанда кездешет, ошондуктан көпчүлүк учурда кошумчалоонун кереги жок.

2. Вегетарианец болууну сунуштоо жөндүүбү?

Эреже – тамактануюда эт менен жашылчалардын баланстaлган мүнөзүн сактоо. Кудай бардык пайдалуу нукура тамактарды адамзат үчүн жакшы максатта жаратты. Ошондуктан, алар уруксат берилген бардык тамак-ашты чени менен жеши керек. Балдардын рационунан алынып салынган тамактардын түрү канча көп болсо, аларда жетишсиз тамактануу коркунучу ошончолук жогору болот. Этти, канаттуулардын этин жана балыкты алып салуу балдарга темирди жетиштүү өлчөмдө алууну кыйындатат. Адамдын организми жашылчалардан жана дан азыктарынан темирди болгону 3-8 пайызга гана, салыштырмалуу эттен 20 пайызды өздөштүрө алат. С витаминине бай нерселерди жеп туруу (апельсин же помидор) биз жеген тамак-аштардагы темирдин көбүрөөк өлчөмдө сиңишине жардам берет. Вегетариандык тамак-ашта май жана калориялар төмөн болушу мүмкүн, ушул себептен балдардын калориялык керектөөлөрүн канаатандыруу кыйындайт.

3. Менин балам сүттү жек көрөт. Ал кантип кальцийди жетиштүү өлчөмдө алышы мүмкүн?

Өспүрүм куракка чейинки жана өспүрүм курактагы балдар үчүн кальцийди жетиштүү өлчөмдө алуу өзгөчө маанаге ээ, себеби алардын бой жеткен курактагы сөөктөрүнүн жарымы алар өспүрүм кураста калыптанат. Сүт кальцийдин эң жакшы булагы, ошондуктан, эгер балдар сүт ичпесе, аны сорпо, бышкан крем, пудинг жана соустар сыяктуу даярдалган тамак-ашка кошуп берүүгө болот. Башка кальцийге бай тамак-аштарга йогурт, сыр жана бал муздак кирет. Шоколад кошулган сүттө жөнөкөй сүткө караганда таттуусу көп болот, ошентсе да кальцийдин жакшы булагы болуп саналат.

4. Балама негизги тамактардын ортосунда жеп-ичүүгө уруксат берүү туурабы?

Ооба, болот, балдар бир аздан тамактанып туруулары зарыл. Балдардын ашказаны кичинекей болгондуктан, аларга көп энергия керек экенине карабай, бир отурганда көп деле тамак жей алышпайт. Алар ар бир эки же үч саатта бир жолу пайдалуу нерсе жеп туруулары керек. Шам-шум этип алуу балдарга башка тамак учурунда өткөрүп жиберген пайдалуу азыктарды алууга жардам берет. Анткен менен, шам-шум этүү убактысын жөнгө салуу керек. Эгерде балдар саат 7де эртең мененки тамакты ичишсе, алар аябай ачка болуп кетсе да саат 9га же 10го чейин шам-шум этүүгө болбойт. Графикке көнүү кыйын болушу мүмкүн, айрыкча эгер бала абдан аз тамак жесе, анан калса ата-энелер балдарынын бир нерсе жегенине ушунчалык кубанышат. Каалаган учурунда тамак ичүүгө уруксат берилген балдар белгилүү маалда тамак ичип жана шам-шум

эткен балдарга салыштырмалуу эки эсе аз тамак жешет. Шам-шум эткенге тамак даярдоону кичинекей тамак даярдоо катары карагыла: жемиштер жана жашылчалар, бир аз протеин, крахмал жана бир аз май. Жакшылап шам-шум этүүдө нукура печенье жана сүт, алма жана арахис майы же крекерлер, сыр жана жаңы сыгылган ширелер болушу мүмкүн.

5. Жемиштерди жана жашылчаларды жеп туруу маанилүү, бирок менин балдарым аларды дээрлик жебегендиктен, мен алар үчүн тынчсызданам. Эмне кылышым керек?

Орто эсеп менен, америкалык балдар 1,5 үлүш жемиштерди жана 2,5 үлүш жашылчаларды күн сайын жеп турушат. Көп жемиштер жана жашылчалар балдар үчүн жакшы даамданышпайт. Ага карабай, балдар акырындык менен аларды бир аздан жеп үйрөнүшү үчүн аларга тынымсыз берип туруу маанилүү. Балдарга жагымдуу болушу үчүн аларды төмөндөгүдөй жол менен даярдоого болот:

- Сүттү жана жемиштерди чалып аралаштырып смузи даярдоо.
- Кургатылган жемиштерди сунуштоо: мейиздер, банандар, өрүктөр жана чиелер, таза өзүн же печеньеге же кекске кошуп бышырылган түрүндө.
- Жашылчаларды сорполорго же запеканкаларга кошуу.
- Бала менен “соодалашуудан” качыш керек. Албетте, балдар сыйлыкка таттуу-тамак турса, жашылчаларды жеши мүмкүн, бирок аларды кийин да жакшы көрүүнү үйрөнбөй калышат. Балдар эгер ата-энелер тамакты жедириш үчүн амалдуу иштерге барууга муктаж болуп жатышса, демек алар тамак жакшы даамданышы мүмкүн эмес деген ойго кетишет.
- Ата-энелер балдары менен табака түшкөн нерселердин барын жеш керек экендигин жүйөлүү суроо катары караш керек. Эгер бала брокколини же брюссель капустасын жегенден баш тартып жатса, анда ага сүт жана нукура печенье (кальций үчүн) сунушталышы мүмкүн.

Бир эненин тажрыйбасы

Биз балачакта, табакка эмне салынса ошонун барын үндөбөй жешибиз керек болчу. Эгер мен мисалы, майлуу эттен же балыктан баш тартсам энем мага:

- согуш маалы же согуштан кийинки тамак-аштын талон менен таркатылганын айтчу;
- жер бетинин башка бөлүктөрүндө ачка калган адамдар жөнүндө эскертчү;
- жебей койгон тамагымды кайра кийинки тамактанууда берчү;
- эгер тамактануунун ортосунда ачка болуп кетсек, биз кара нан менен маргарин жей алчубуз. Башка эч нерсе жок болчу!

(*Сильвия Хант, Улуу Британия)*

6. Кайсы жогорку клетчаткалуу тамактарды балдарга сунуштайсыз, эмне үчүн?

Ата-энелер балдарын жемиштер, жашылчалар, дан азыктары, күрүч жана кесме менен тамактандырышы керек. Жогорку клетчаткалуулар менен, мисалы: алма, инжир, апельсин, алмурут, кулпунай, картошка, буурчак, жасмык, буудай же кара буудай наны, рогаликтер, күрөң күрүч, кебектер жана сулуу азыктары. Клетчатка рак оорусун алдын алат жана ашыкча тамак ичүүгө жол бербейт. Клетчатка ичегилерде майдын жана калориялардын сиңишин азайтат, сууну кармайт жана ачка болууну басаңдатып, токтук сезимин туудурат.

7. Эртең мененки убакыт биздин үй-бүлө үчүн эң баш аламан убакыт. Бизге чынында эле эртең мененки тамак керекпи?

Ооба. Үй-бүлө эмне болсо да, эртең мененки тамакты ичүү – абдан маанилүү, жадагалса 15 мүнөт эрте туруш керек болсо да. Эртең мененки тамакты ичпей калган балдар сабакка жана оюнга толугу менен көңүл бура албай калышат. Эртең мененки тамак мээни да, денени да азыктандырат. Бош ашказандын кесепетинен окуучу алы жок жана жөндөмү аз болот.

8. Менини кызым арык болууну чечти. Мен кантип аны тамактан баш тарткандын ордуна, ден соолукка пайдалуу тамак ичүү керек экендигин үйрөтө алам?

Изилдөө көрсөткөндөй америкалык өспүрүм кыздардын 78 пайызы азыраак салмакта болгулары келет. Кээ бирлери эт жешпейт, ошондуктан анын ордуна жогорку протеиндүү альтернатива керек болот (кургатылган буурчак, жасмык, нокот, сүт, сыр, жумуртка жана жаңгак сыяктуу). Эгер кызыңыз өспүрүм курактан өтүп жатса, анын чукул өсүүсү үчүн энергиянын запасы болгон тери алдындагы май катмарлары керектигин түшүндүрүңүз. Эгер ал дагы эле тамактануудан баш тарта турган болсо, анда аны үй-бүлө дарыгерине же тамактануу боюнча адиске анын тамактануу адаттарын талкуулоо үчүн көргөзүш керек.

9. Кээде биздин кечки тамагыбыз фастфуд эле болуп калат. Бул туурабы?

Ата-энелер газдалган сууну, кытырак (фри) картошканы жана бургерлерди колдонуудан баш тартышы керек. Анын ордуна грильде бышкан тоок этин, салат, майлуулугу аз сүт жана йогурт тандаңыз. Пиццанын үстүнө грильдеги тоок этин же балык этин жана жашылчаларды жаап, жеңиз.

10. Сиздин балаңыз тамакка кыйкымчылбы?

Экиден беш жашка чейинки балдарды “тамакка кыйкымчыл” деп бала багуучулар туура эмес мүнөздөшү мүмкүн, а бул чынында ченемдүү жүрүм-турум. Бала жаңы тамакты жеп көргөнгө чейин жок эле дегенде 10 жолу аны менен кездешет. Үй-бүлө менен чогуу тамактануу – терең маниге ээ. Жаш балдар ата-эненин тамак ичүү адебин туурашат жана тамак жөнүндөгү сүйлөшүүлөрдөн көп нерселерди үйрөнүшөт. Ошентсе да, америкалык балдардын 51 пайызы үй-бүлө менен күндө чогуу отуруп тамак ичпейбиз деп билдиришет. Үч жашка чыкканда, баланын тамактарды таануусу – ал кайсы тамакты жей турганынын эң маанилүү фактору болуп калат. Кошмо Штаттардагы бардык балдардын 75 пайызы күнүнө жок эле дегенде бир жашылча жеген менен, демейде ал дагы кытырак картошка (фри) түрүндө болуп жатат. Помидор кошулган тамактар да, сальса жана спагетти соустары менен кошо, балдардын арасындагы по-

пулярдуу тамактар. Чоңураак балдардын тамакты тандоосу курдаштарын туурап, ага жараша өзгөрөт. Кошмо Штаттарда беш жашка чейинки балдардын сүт ичүүсү ар бир балага 16 пайызга төмөндөп кетти, ошол эле маалда суусундуктарды ичүү 23 пайызга өстү. Балдардын элүү бир пайызы күндүн эң маанилүү тамагы болгон эртең мененки тамакты ичишпейт.

(АКШ, Айыл чарба департаменти)

11. Ачуу тамак ден соолукка пайдалуубу же зыяндуубу?

Корнелл Университинин эки окумуштуусунун изилдөөлөрүнүн жыйынтыгында ачуу азыктар тамакты бузган болжол менен отуздай бактерияларды өлтүрө ала турган жөндөмү бар экени аныкталган. Аларга пияз, сарымсак, калемпир, лимон жана башка көптөгөн чөптөр жана специялар (петрушка, орегано, көкөмерен, зире, гвоздика, жалбыз жана имбирь) кирет.

(Шерман жана Биллинг, 1998)

Кайсынысы биринчи орунда турушу керек, жумушпу же эртен мененки тамакпы? Эртең мененки тамакты ичпей туруп, эч качан жумушту баштабагыла! Эртең мененки тамактан мурда иштешиңиз керек болсо, биринчи тамактанып алыңыз!!



12. Окумуштуулар оюн өзгөртүп турушат, а биз кандай кылышыбыз керек?

Окумуштуулар бизге “жумуртка, маргарин жана туз жөнүндө билгениңерди унуткула. Жалпы кабыл алынган көз караштар жаңы күтүүсүз изилдөөлөргө кайра-кайра кабылышкан; алар акылынан айныган өндөнүшөт. Бир жума өтүп-өтпөй эле кайсы бир жакта бир эксперт жаңы ачылышын жарыялап, кайсы бир тамак же витамин, же кыймыл-аракет, же шарт жүрөк кан тамыр ооруларын айыктырышы же жабыркатышы тууралуу кабарлайт жана жаңы берилген кеңеш дээрлик ар дайым эскисине карама каршы келет”. *(Лемоник, 1999)*

Жооп кандай? Тамак-аш жана тамактануу жөнүндө Куранда айтылган жана Пайгамбар (с.а.в.) көрсөткөн негизги көрсөтмөлөрдү жолдогула. Туура тамактануу – бул адамдын жашы менен калыптана турган туура тамактануу адаттарын тандоо. Көп түрдүү тамактан орточо өлчөмдө жеңиз.

Курандагы тамак тууралуу көрсөтмөлөр

“Эй, момундар! Аллахтын силерге адал кылган жакшы нерселерин арамга чыгарып, чектен ашпагыла! Акыйкатта, Аллах чектен ашуучуларды сүйбөйт! Аллахтын силерге берген адал, таза ырыскысынан жегиле. Өзүңөр ыйман келтирген Аллахтан корккула”. (Куран, 5:87-88)

“Эй, Адамдын урпактары! Ибадатка эң мыкты кийимиңерди кийгиле, жегиле, ичкиле, бирок ысырапкорлук кылбагыла! Анткени Аллах ысырапкорлорду жакшы көрбөйт”. (Куран, 7:31)

“Аллах өз пенделерине чыгарган Аллахтын кооз нерселерин (кийимдерин) жана Ал берген жакшы насиптерди (ырыскыларды) силерге ким арам кылды?” – деп айткын. “Бул жакшы нерселер, чындыгында, бул дүйнөдө ыйман келтиргендер үчүн. Акыретте болсо бул момундарга гана таандык”. Билген коомдорго Биз аяттарыбызды ушинтип баяндайбыз”. (Куран, 7:32)

[бал аарыга] *“... ар түрлүү өсүмдүктөрдөн жеп, Эгеңдин жеңил кылып койгон жолуна түш!” – дедик. Аллах аарынын ичинен түрлүү-түрлүү балдарды чыгарды. Анда адам баласы үчүн шыпаа бар. Чындыгында, мында да ой жүгүрткөн коом үчүн ибарат-өрнөктөр бар”.* (Куран, 16:69)

“... мына бул акчалар менен бирөөбүздү шаарга жиберели. Тамактардын кайсынысы адал болсо ошонусун (сатып) алып, кайра келсин. Бирок этият болуп эч кимге сездирбесин...” (Куран, 18:19)

Жыйынтыктоо

- Тамактын бардык түрүн чени менен жеңиз. Барынан аз-аздан жеңиз жана бирөөнү эле көп жеп албаңыз.
- Вегетарианец болуу үчүн билим жана тажрыйба керек. Эгер сиз “этти чени менен” жесеңиз вегетарианец болуунун кажети жок.



- Чочко этин, канды, өлгөн малдын этин, спирт ичимдиктерин жана тамекини колдонбоңуз. Булар толук жарамдуу азыктар эмес, таза эмес жана зыяндуу.
- Ашказаныңызды толтурбаңыз. Көбүрөөк тамак ичкиңиз келип турса да, тамак ичүүнү токтотуңуз.
- Күнүмдүк тамагыңызга балды кошуңуз. Анда дарылык жана айыктыруучулук касиет бар.
- Зайтун майын чени менен колдонуңуз, себеби ал пайдалуу холестерин менен камсыз кылат жана зыяндуу холестеринди азайтат.
- Химикаттар, пестициддер жана жасалма кошулмалары бар нерселерди колдонбоңуз.

Балдар жана дене тарбиясы

“Эртең аны [Жусуп] биз менен бирге жибер. Тамактансын, ойносун. Чындыгында биз анын коргоочуларыбыз”. (Куран, 12:12)

“Бул жакка кайра кел!”; “Үйдү айланып чуркаганыңды токтот!”; “Мен сага үйдүн ичинде топ ойнобо дедим!”

Буларды ата-энелер балдарына көп айтышат. Алар туура эмес кылып жатышат! Алар тескерисинче айтышы керек:

“Бар баскетбол ойно”; “Барып досторуң ойно”: “Бар чурка, жөө жүрүшкө чык”.

Балдар дарыгеринин таң каларлык тапшырыгы

Атасы баласына келген дарыгердин тапшырыгы салынып чапталган конвертти ачканда, анын ичинен $10 долларлык акча жана балдар дарыгеринин мындай деген катын алды: “Кызыңызга ден соолукка пайдалуу тамак-аш алып бериңиз, ал тамакты тоё жебегенден жабыркаган”.

Бул көрүнүш ата-энелер канчалык балдарынын дени сак өсүшүнө керектүү нерселерге көңүл бурбаганынан кабар берет. Келемиш жарышына түшкөн коом жана ата- эненин куюндаган жашоо мүнөзү алардын балдарга пайдалуу жана азыктуу тамак-аш берүүнү көңүлгө албоосунун себеби болууда. Ата-энелер балдарынын керектүү муктаждыктарын алардын өсүшүнүн алгачкы жылдарында кеч болуп кала электен мурда камсыз кылуулары зарыл. Балдар үчүн эмоциялык да, физикалык да муктаждыктар абдан маанилүү.

Эмнеге менин балам үчүн дене тарбия көнүгүүсү маанилүү?

Физикалык активдүүлүктү жогорулатууну жашоо мөөнөтүнүн узарышы жана жүрөк-кан тамыр ооруларынын азайышы менен байланыштырышкан. Физикалык активдүүлүк жалпы физикалык, психологиялык жана социалдык артыкчылыктарга алып келет. Активдүү эмес балдар адатта активдүү эмес чоңдорго айланышат. Физикалык активдүүлүк төмөндөгүлөргө жардам берет:

- Салмакты көзөмөлдөөгө;
- Кан басымын төмөндөтүүгө;
- Пайдалуу холестеринди көтөрүүгө;
- Кант диабетинин жана кээ бир рак ооруларынын коркунучун азайтатууга;
- Психологиялык ден соолукту чыңдоого (өзүнө тереңирээк ишенгендик жана өзүн жогорураак баалоо менен кошо);
- Команда менен иштөөгө үйрөтөт.

(Америкалык жүрөк ассоциациясы)

Кошмо Штаттардагы 6-17 жаштагы балдардын 21 пайызга жакыны семиз. Ашыкча салмактагы өспүрүмдөр ашыкча салмактагы чоңдорго айланаары – шексиз. Чоң курактагы семиздик диабеттин, жүрөк ооруларынын, инсульттун, ректын жана башка өнөкөт оорулардын коркунучун жогорулатат. Семиздикти жана башка оорулардын алдын алуунун эң жакшы жолу – балачактан баштап көнүгүү жасоо. Көнүгүү жасоо күчтү, ийкемдүүлүктү жана чыдамкайлыкты жогорулатат; бул айрыкча эки жана андан жогору жаштагыларга маанилүү. Балдар үчүн көнүгүү – бул оюнду жана дайыма активдүү болууну түшүндүрөт. Адатта активдүү баланын булчуңдары жана сөөктөрү чымыр, денеси сымбаттуу келип, жашоого жакшыраак көз карашта болот. Активдүү эмес балдар ооруларга, инсультка, семиздикке жана пайдалуу холестериндин төмөндөп кетүүсүнө көбүрөөк кабылышат. Машыгуу балдарга жакшы уктоого, күнүмдүк физикалык жана эмоциялык кыйынчылыктарды жеңүүгө (эртең менен автобуска чуркап жетип үлгүрүүгө, бут кийимдин боосун байлоо үчүн оңой эңкейүүгө же тестке ийгиликтүү даярдануу) жөндөмдүүрөөк кылат. Демейде балачактагы аз кыймылдуулук чоңойгондо деле аз кыймылдуулукка алып келет.

(АКШ, Ооруларды көзөмөлдөө жана алдын алуу борбору)

Балдар жана бут кийим

“Гардиан” газетасына жарыяланган кызыктуу макалада, фитнес эксперти Сэм Мёрфи балдар үчүн жыңайлак басуу эң пайдалуу экенин баса белгилейт жана балдардын бут кийими алардын мээсинин өрчүшүнө терс таасирин тийгизиши мүмкүн деп эскертет. Трэйси Бёрн (балдардын таман ооруларын караган ортопед) айтат, жыңайлак басуу буттун булчуңдарын жана тарамыштарын бекемдейт, таман чуңкурчасын бекемдейт, келбеттин сындуу болушуна жана баланын өзүн курчап турган чөйрөгө салыштырмалуу кайда турганын билүүгө жардам берет.

Бут кийимдер моданын агымы болбош керек, себеби жаш буттарды зыянга учуратышы мүмкүн. “The Foot” ортопедия журналынын 2007-жылдагы чыгарылышы балдардын кээ бир бут кийимдери толугу менен катуу келип, таманы физикалык кыймылдарга керек ийилгич эмес (кыймылды чектеген) экендигин көрсөткөн. Туура эмес отурган жана кыскан бут кийимдерден буттар зыянга учуроо коркунучуна көбүрөөк дуушар болушат. Табигый жол менен өсүү мүмкүнчүлүгүнүн ордуна бут кийимдин формасын кайталоого мажбур болуу жана кысуусуна дуушар болуу – буттар үчүн зыяндуу.

Ата-энелер балдарына бут кийим сатып берүүдө анын эргономикасына, анын модасына жана жарашыктуулугуна караганда артыкчылык бериши керек жана ата- энелер балдарын жыңайлак басууга шыктандыруулары зарыл (айрыкча үйдүн айланасында, жана мүмкүнчүлүк болгон жерлерде).

(Мёрфи, 2010)

Балдардын активдүүлүгүн жогорулатуу жолдору

Ата-энелер балдарынын машыгуу адаттарынын калыптанышына жардам берүү үчүн көп нерселерди жасай алышат. Төмөндө бир нече сунуштардын тизмеги берилди:

- Балдардын телевизор көрүүгө же видеоюндарды ойноого кеткен убактысын кыскартыңыз. Көп балдар, коопсуздук маселесинин айынан, ата-энеси жумуштан кайтканчакты телевизор көрүп отурууга жана сабак даярдоого муктаж болушат. Эң жакшысы, балдар мектептен кийин активдүү болушуп, ал эми сабакты кечирээк даярдаганы туура болчу.
- Баланы өзүнүн жашына ылайык иштер менен алек болуусуна шарт түзүп бериңиз. Эки жашка чыга элек бала телевизорду таптакыр көрбөшү керек. (Педиатрлардын америкалык ассоциациясы)
- Физикалык активдүүлүк көңүлдү көтөрөөрүн жана машыгуу ар кандай формаларда (куушмак, мак жана спорт оюндарын ойноо) болоорун балдарыңызга үйрөтүңүз. Эгер машыгуудан баланын көңүлү көтөрүлсө, анда ал аны сөзсүз улантат.
- Физикалык машыгууну жазалоо катарында колдонбоңуз. Мисалы, мугалим студентти күнөөлү болуп калганы үчүн стадионду беш жолу айлантып чуркатпашы керек.
- Ата-энелер балдары туураган үлгү, ошондуктан алар дайыма машыгып туруулары керек. Лифтке түшүүнүн ордуна тепкич менен басыныз, машина айдагандын ордуна жөө басыңыз, жөө баскандын ордуна акырын чуркаңыз.
- Машыгууга бүткүл үй-бүлөнү кошуңуз. Ата-энелер диванга отуруп алып, балдарына көчөгө чыгып ойноп кел деп айтпоолору керек.
- Тынымсыз физикалык машыгуу жана туура тамактануу – туура жашоо мүнөзүнүн негизи. Балдар жемиштерди, жашылчаларды жана пайдалуудан азыктарын тынымсыз жеп туруулары зарыл.
- Күчтү, ийкемдүүлүктү жана чыдамкайлыкты көтөргөн көңүлдүү машыгууларды өткөрүңүз. Күчтү эң эле жөнөкөй “шведдик дубалда”, колдор менен күч сынашып жана реслинг өңдөнгөн машыгуулар менен чыңдоого болот. Отуруп-туруу, тартылуу, түртүлүү боюнча жарышты уюштургула.
- Балдарга аэробикалык көнүгүүлөрдү үйрөтүңүз. Жүрөк катуурак согуп адамды тереңирээк дем алууга мажбур кылат, муну менен жүрөк чыңдалат жана дененин көбүрөөк клеткаларына кычкылтек жеткирилет. Аэробикалык машыгууларга кирген оюндар: баскетбол, волейбол, футбол ойноо, велосипед тебүү, коньки тебүү, ролик конькисин тебүү, соккер ойноо, сууда сүзүү, теннис ойноо, жөө басуу, акырын чуркоо жана чуркоо.

Машыгуулардын сунушталган жадыбалы

Балдардын машыгуусунун графиги алардын өсүүсү үчүн керек, алардын жашына жараша көнүгүүлөрдүн керектүү саны аныкталат. Спорт жана дене тарбия боюнча улуттук ассоциация (NASPE) сунуштайт:

Жашы	Күнүмдүк активдүүлүгү	Комментарийлер
Ымыркай бала	Өзгөчө талаптар жок	Физикалык активдүүлүк моториканын өнүгүүсүн шарттайт
Жаңы баскан бала	1 ½ саат	30 мүнөт пландалган физикалык активдүүлүк жана 60 мүнөт ирээтсиз активдүүлүк (эркин оюн)
Мектепке чейинки жаштагы бала	2 саат	60 мүнөт пландалган физикалык активдүүлүк жана 60 мүнөт ирээтсиз активдүүлүк (эркин оюн)
Мектеп жашындагы бала	1 саат же андан көбүрөөк	15 мүнөттүк же андан көбүрөөк бөлөк-бөлөк көнүгүү жасоо убактыларына бөлүү

Америкалык жүрөк ассоциациясы сунуштайт:

- Эки жашка чыккан жана андан чоңураак балдардын баары күнүнө жок эле дегенде 30 мүнөттүк орточо-кыймылдуу көңүлдүү оюндар менен ойноосу керек.
- Балдар жумасына 3-4 күн 30 мүнөттөн жүрөк жана өпкө саламаттыгын сактоо жана кармап туруу үчүн кыймылдуу физикалык активдүүлүктө болуусу зарыл.
- Эгер кимдир бирөөнүн баласы күнүнө толук 30-мүнөттүк тыныгуу кылбаса, анда 15-мүнөттөн эки жолу же 10-мүнөттөн үч жолу кыймылдуу аракетте болууга аракет кылсын.

Мухаммед пайгамбар (с.а.в.) айтты:

“Чын дилинен ишенген адам жакшыраак жана Кудай аны чала ишенген адамга караганда жакшыраак көрөт, мунун баарында жакшылык бар”. (Муслим)
Хадистеги ‘qawy: деген сөз күч дегенди түшүндүрөт (руханий жана физикалык күч).

“Же колдон, же жогот” эрежеси дененин тарамыштарына, жүрөк булчуңдарына жана мээ клеткаларына тийиштүү: жеке өнүгүү үчүн дене тарбия көнүгүүсү сөзсүз (балким эмес) түрдө керек. Дени сак физикалык абалга жетүү жакшы болгону менен, ошол абалды кармоо оңой эмес. Физикалык машыгуу биздин энергиябыздын деңгээлине, психологиялык маанайыбызга жана руханий умтулууларыбызга оң таасирин тийгизет. Эгер дүйшөмбүдө чуркап, кайра жума күнгө чейин чуркабасаңыз, жума күнү анын ордун толтуруу үчүн эки эсе көп чуркабаңыз. Өзүңүздү кыйнабаңыз. Чуркоону улантыңыз, качан мүмкүн болсо ошондо машыгуу залында же көчөдө машыгыңыз.

Жада калса кичинекей бөбөктөргө да тамактын жана уйкунун ортосунда бир аз көнүгүү жасоо пайдалуу. Төрөлгөндөн бир жашка чейин балдарды чалкасынан жаткырып, педалды тегеретип жаткансып акырындык менен буттарын айлантыңыз, көмкөрөсүнөн

жаткырып, баштарын көтөргөнгө көмөк кылыңыз жана полдун үстүнө жууркан салып оюнчукка же башка коопсуз нерсеге жеткенге денеси менен жылышы үчүн ага көмөктөшүңүз.

Уйку

Дени сак жана күнүмдүк кыймыл-аракетте болуш үчүн балдар толук кандуу укташы абдан зарыл. Адатта, балачактагы уйку адаттары кийин чоңойгондо деле уланат. АКШнын уйкуну жакшыртуу боюнча кеңешмеси адамдардын дээрлик үчтөн экиси жумушубузду аткарууга уктабай калуу таасир этти деп айтышканын кабарлайт; (эркектердин 26 пайызы, аялдардын 13 пайызы жумушчу ордунда үргүлөөрүн моюнга алышат). Уйку түн ичинде болуш керек. Биздин денебиз күндүз ойгоо болуп, түн ичинде уктоого жана кеч киргенден таң атканга чейин дем алууга ылайыкталып жаратылган (күн баткандан күн чыкканга чейин). Өзгөчө абалдарда бир аз ылайыктоо болушу керек. Мисалы: түндүк Европада түн убактысы жайкысын абдан кыска жана кышкысын абдан узун болот. Жайдын ортосунда түндүк Шотландияда түнкү саат 22:30дарда күн батат жана болжол менен эртең мененки 3:00 күн чыгат (ортодо күүгүм эле болот). Кышкысын түшкү саат 15:30дарда күн батып, эртең мененки 9:00дарда күн чыгат.

Силерди жуп кылып жараттык. Уйкуңарды эс алуу үчүн жасадык. Түндү жамынчы кылдык. Тиричилик үчүн күндүздү жараттык.

(Куран, 78:8–11)

Күндүзгү уйку түнү укталбаган уйкуну толугу менен алмаштыра албайт. Түн ичинде толук кандуу уктоо – адамдын дени сак болушуна жардам берет жана ооруга чалдыгуу коркунучун азайтат. Кээ бир мусулмандар орозонун Рамадан айында түнү боюу уктабай, анан күндүзү кечке уктоону адат кылып алышкан! Орозо кармоо күн менен түндү, түн менен күндү алмаштыруу үчүн багышталган эмес! Бул дене ритминин табигый мүнөзүн бузат.

Күндүн батышы менен, биздин мээбиздин түпкүрүндөгү сезгич механизмдер дене мүчөлөрүбүздү эс алууга мажбурлаган химиялык сигналдарды, бизди уйкуга даярдоо үчүн, иштеп чыгара баштайт. Түндүн кириши менен биз эстей баштайбыз; көзүбүз жабышып, кыймылдарыбыз жайлай баштайт. Уйкуга киргенибизде, мээбиздин кабыл алуу жөндөмү бизди курчап турган чөйрөдөн бөлүп коёт. Уйку процесси мелатонин жана ага чейинки серотонин гормону менен башкарылып турат. Бул химиялык заттардын экөө тең уйкунун сапатын түн караңгысынын жардамы менен башкарат. Күн менен түндүн табияттан тышкары орун алмашып өзгөрүшү – биздин эртең менен эс алып, жандуу жана сергек ойгонушубузду шарттаган “биологиялык саатыбызды” бузат. Бул ички сааттын ишине кийлигишүүдө биздин уйкубуз бузулуп, денебиздин жана акыл-эсибиздин талаптарын аткарууга жетишсиз болуп калат.

Толук кандуу уктабаганда, акыл-эс реакциялары жана жөндөмдөрү төмөндөйт жана физикалык рефлекстер менен реакциялар жайлайт. Бул көңүл буруну талап кылган жумуштарда иштөөдө жана унаа башкарууда айрыкча коопту. Бошоңдогон реакциялар эффективдүүлүктүн төмөндөшүнө, туура эмес эсептөөгө же катачылыктарга жана кырсыктарга түрткү берет. Себеби, уктабай калуу топтолот, биздин мээбиз бул карызды дыкаттык менен эсептеп турат, ал сапаттуу уйкунун жетиштүү өлчөмү менен кайтарылууга тийиш. Көпчүлүк оку-

муштуулар канааттандыраарлык акыл-эс жана физикалык ишкердүүлүк үчүн ар бир түндө жетиден тогуз саатка чейин уктоо керектигин сунушташат. Биз канчалык аз уктасак, ишкердүүлүгүбүз жана сергектигибиз ошончолук төмөн болот. Уктабай калуу кыжырданууга жана уйкусуроого алып келет, ошондой эле биздин когнитивдүү жөндөмүбүздү төмөндөтөт.

УЙКУНУН БУЗУЛУУСУНУН МЕДИЦИНАЛЫК КЕСЕПЕТТЕРИ

Уйку сапатынын төмөндөшү иммундук клетканын калыбына келишине жана иммундук күрөшүүчү клеткалардын иштелип чыгышына тоскоол болуп, биздин денебиздин коргоочу механизмин начарлатат, инфекцияга жана ооруга чалдыгуу коркунучун жогорулатат. Уйкунун жакшы тартиптери ден соолугубузду, эсте тутуубузду, сергектигибизди, психикалык реакцияларыбызды жана физикалык рефлекстерибизди чыңдайт. Туура уктоо – эффективдүү жана жоопкерчилик менен иштөөгө өбөлгө болот. Жетишээрлик уйку ката кетирүүнүн, туура эмес чечимдердин, акчаны ысырап кылуунун жана балким биздин өмүрүбүздү ала турган кырсыктардын алдын алып сактайт. Биздин денебиз жана акыл-эсибиз өз ара байланышта. Мээ, нерв системасы жана иммунитет системасы бири бири менен симпатикалык нерв системасы тарабынан иштелип чыккан нейромедиаторлор (мээнин химиялык заттары) аркылуу байланышта болушат. Тынч уйку адамдын энергиясын, көңүлүн, ойлонуу жөндөмүн жана көңүл коюучулугун жогорулатат.

Уйкулуу көздөр жана күндүзгү жыйналышта үргүлөөдөн сырткары, толук кандуу уктабай калуу же ар кайсы убакыттарда уктоо – түрдүү ооруларга кабылуу коркунучун жогорулатат, мисалы, жоон ичеги жана эмчек рагы, диабет, жүрөк оорусу жана семирип кетүү.

Уйку биздин кан тамырларыбыздын ички бетиндеги катмарынын иштөөсүнө таасир этет, ушул себептен эмне үчүн адамдар көбүнчө эртең менен эрте инфарктарга же инсульттарга кабылаарын түшүндүрүүгө мүмкүн. “Мелатонин шишик клеткаларынын өсүшүн токтото алат, бул рак оорусунан сактайт” – дейт

(*Эва Шернхаммер, Гарвард медициналык окуу жайынан)*

Эгер сизге түн ичинде жарык тийсе сиздин денеңиз азыраак мелатонин бөлүп чыгарып, сиз рак оорусуна чалдыгуу коркунучуна кабыласыз.

(Стэйн, 2005)

Башка залакалуу шишиктер, простата безинин рагы дагы, туура эмес уйкуга байланыштуу болушу мүмкүн. Уйкусу бөлүндү болгон адамдар же кеч жаткан адамдар, же түн ичинде көп турган адамдар дагы ушундай көйгөйлөргө кабылышат. Жадагалса, бир аз чала уктоо – табитти жөнгө салган грелин жана лептин гормондорун бузат.

Батыштагы адамдар суткасына – 24 саат, жумасына – жети күн аракетте болуп, мурдагыдай толук кандуу уктабаган коомго айланып баратышат. Балким табитти жөнгө салып турган гормондорду жана протеинди бузуу менен, уйкунун орточо узактыгынын азайышы – семирүү эпидемиясынын жарым-жартылай себеби болуп жатат.

Психологиялык изилдөөлөр көргөзгөндөй, уйкунун жетишсиздигинен дене жогорку деңгээлде тынчсыздануу акыбалында болушу мүмкүн, бул стресс гормондорунун иштелип чыгуусун жогорулатып, инфарктардын жана инсульттардын негизги коркунуч фактору болгон кан басымын көтөрөт. Уйкусу канбаган адамдардын денесинде көтөрүңкү сезгенүү акыбалы болот, ал жүрөк оорусунун, инсульттун, рактын жана диабеттин негизги коркунуч фактору болуп саналат. Үргүлөө уйкусуздуктун терс таасирлери менен күрөшүүдө жардам бериши мүмкүн.

Эрте жатып, эрте турган адам дени сак, байлыгы көп жана даанышман болот.

Бенджамин Франклин

Уулуу заттар: спирт ичимдиктеринин жана баңгизаттардын алдын алуу

Физикалык ден соолук тууралуу темабызды улантабыз, уулуу заттар, тамеки ж.б. кош бойлуу энелерге, балдарга жана спермага зыяндуу болгондуктан, аларды колдонуудан баш тартуу керек экенин ата-энелер балдарына эскертүүлөрү кажет.

Ооруну алдын алуу – аны дарылагандан алда канча жеңил.

Сигарета — кагазга оролгон бир чымчым тамеки, анын бир жак учунда от, экинчи жагында акылсыз адам бар.

Алкоголизм жана баңгичилик профессионалдык медициналык жана психологиялык дарылоону талап кылат. Төмөндөгү кеңеш алкоголизмдин жана баңгичиликтин алдын алат деген үмүттөбүз. Ири көйгөйлөр дайыма эле абдан чоң жаңылыштыктан келип чыга бербейт; алар бир нече майда факторлордун жыйындысы болушу мүмкүн. Эгер ата-энелер бактылуу жана жагымдуу үйбүлө чөйрөсүн түзө алган болсо, адатта алардын балдары канааттанууну чет жактан издебейт.

Алкоголизм жана баңги заттарды (марихуана, кокаин, героин, ЛСД сыяктуу) колдонуу мээ клеткаларын, ошондой эле репродуктивдүү, кан айлануу жана дем алуу системаларын жапырт жабыркатышы мүмкүн. Бул баңги заттар мээни жабыркатышат, анын кесепетинен адам агрессивдүү болуп, реалдуулукту бурмалап кабылдап жана умтулуудан ажырайт. Марихуана сыяктуу жеңил баңги затты колдонуу шизофренияга алып келиши мүмкүн.

БАЛДАР ЖАНА АЗГЫРЫК

Балдар достору же таныштары тарабынан мыйзам тыюуу салган баңги заттарды колдонуп көрүүгө азгырылышы мүмкүн. Алар өзүнүн мастыктан алыс болуу жана баңги заттан эркин болуу чечиминде туруктуу калышы керек. Бойго жеткен курак (14-20) – өмүрдүн эң кыйын мезгили. Баңги заттар жөнүндө билүү жана түшүнүү – өтө маанилүү. Эгер, бирөө кызыктырып же мажбурлап калса, кантип ал жагдайдан чыгуу керектигин билиши үчүн балдар менен ролдуу оюндарды өткөргүлө.

Америкада ар бир эки адамдын бирөө спирт ичимдиктерин ичет же мыйзамсыз баңги заттын бирөөнү колдонуп көргөн. Коркунучтар тууралуу жөн гана сүйлөшүүдөн адамдар алкоголь ичимдиктерин ичүүнү жана тамеки тартууну токтотушпайт, таң калыштуусу, тамеки түтүнүнүн өпкөгө тийгизген коркунучтуу таасирин көрсөткөн

фильмди көрүүдөн кийин тамеки чеккен адам жанталашып тамеки чегүүгө шашат. Эмне басым кылып жатканын жана ага кантип туруштук берүү керектигин талкууга алышыбыз керек.

Ата-энелер балдарына баңги заттарды колдонууга азгырылуунун себептерин түшүндүрүүлөрү керек, көбүнчө ал "кайф алуу" сыяктуу жагымдуу тассирлеринин айынан болот. Мындай "жасалма жыргоо" убактылуу жана өтө коркунучтуу "кыйноо" менен коштолот. Муну айтмайынча, баңги заттарды колдонгондон ыракаттанып жатышкансыган адамдарды кезиктиргенде, балдар ата-энелерибиз калп айтып жатышкан экен деп ойлошот. Мындай пайдасы өтө кыска, оорусу өтө узак ыракаттануу кымбат баага түшөөрүн алар түшүнүүлөрү зарыл. Шарап жана кумар оюндары жөнүндө сөз болгондо, Куран бул маселенин эки тарабын тең дыкаттык менен сүрөттөйт. Ал айтат:

> *Сенден арак жана кумар оюндары тууралуу сурашат. Ал экөөндө чоң күнөө бар. Бирок адамдар үчүн бир аз пайдалары да бар. Ал экөөсүнүн пайдасынан күнөөсү чоңураак...*
> (Куран, 2:219)

Демек, элдер менен чогулганда бир аз ичип коюунун жакшы жактары бар экени жана жүрөккө же мээге жакшы таасир бериши мүмкүн экендиги – бир аз туура. Ошентсе да, жалпы зыяны пайдасынан алда канча эсе ашып түшөт.

БАҢГИЗАТТАРЫН КОЛДОНУУНУН БЕЛГИЛЕРИНЕ ЭРТЕ КӨҢҮЛ БУРУУ; АТА-ЭНЕЛЕР ЭМНЕ КЫЛА АЛЫШАТ?

Баңгизаттарын колдонуунун көп белгилери бар, жалпы белгилерине төмөкүлөр кирет: күйгөн фольга, сабы ийилген кашыктар, күйүп калган калай капкактар жана кумаралар, күзгүлөр же бритванын лезвиялары, тоголоктолгон кагаздар, эриткичтин ыргытылган банкалары же бөтөлкөлөрү, сигарета кагаздары, көзгө тамчылатып дары куйгучтар, дары салынган бөтөлкөлөр, жуунуучу бөлмөдөгү же өспүрүрүмдөрдүн кийимдериндеги кандын тактары, жеңдерин түрүүдөн баш тартуусу, тамакка табитинин өзгөрүүсү, күтүүсүздөн таттууга берилүүсү, уктабай жүрүүсү, эртең менен аранда зорго ойгонуусу, сырдуу телефон чалуулар жана жашыруун жүрүм-турумдары. Балдар билинбестен сырткы келбети өзгөрбөй же көздөрүндө жапайычылыктын белгилери жок туруп эле баңгиликке берилип, мунун бардыгы жашыруун түрдө кылышы мүмкүн. Эгер ата-энелер балдарынан шек санап жатышса, аларга байкоо жүргүзүп ооздорунда, эриндеринде же мурундарында жарачалар бар-жогун жана кээде мас абалда же "эс учун билбеген" абалда болоор-болбосуна көз салышы керек. Эгер алар белгилүү "шылуундар" "sniffers," менен чогуу жүрсө, анда ата-энелер тынчсызданышы керек.

Уулуу заттарды колдонуунун алдын алууга ата-энелер төмөнкүлөрдү колдоно алышат:

- Уй-бүлөнүн динге болгон ишенимин бардык мүмкүнчүлүктөр менен бекемдөө керек. Динге ишенүү – эң жакшы коргоо. Баңги заттар, спирт ичимдиктери жана кумар оюндары мусулманга катуу тыюу салынган. Курандагы 2:219 сүрөөдө айтылган "хамр" "khamr" деген сөз ачытылган жана ууландыруучу зат дегенди туюндурат жана ага адамдын акыл-эсин төмөндөткөн жана аны колдонгон адамды өзүн-өзү башкара албай калган акыбалга алып келген бардык заттар кирет.

- Үй-бүлөңүзгө тамеки тартуунун, арак ичүүнүн жана баңги зат колдонуунун терс таасири туурасында түшүндүрүңүз жана алардын зыяндуу натыйжалары жөнүндө маалымат бериңиз. Алар баңги заттан жабыркаган бирөөнү чын жашоодо көрүшсө, ал да жардам берет. Балдарды баңги заттардын жана спирт ичимдиктеринин социалдык, медициналык жана экономикалык коркунучтары жөнүндө дилбаян жазгыла деп тапшырма берүүгө, ошондой эле презентация өткүлө деп өтүнүүгө болот. Эгер алардын изилдөөлөрүнө акча керек болсо жардам бериңиз.
- Чоң адамдар тарабынан көзөмөлдөөгө алуу – эң жакшы чектөөчү фактор. Эгер чоң адамдар жаштарга көз салып турушса, алар өздөрүнө зыян келтире алышпайт. Аларга түн ичинде кеч калып туш келди жакта тентиреп жүрүүсүнө же ата-энелер сейилге кеткенде үйдө жалгыз калуусуна жол бербеңиз. Ата-энелер мүмкүн болушунча бүт үй-бүлө мүчөлөрүн чогултуп, баарлашып турууну адатка айлантуусу керек жана үйдө жана сырттагы убакытты узартууну пландаштырышы керек. Бирок өспүрүмдөргө ашыкча акча берүү – аларды бузат жана мыйзамсыз баңги заттарды сатып алууга мүмкүнчүлүк берет.
- Ата-энелер кээде балдарынын бөлмөлөрүн текшерип туруулары керек. Алар балдарынын жеке жашоого болгон муктаждыгы тууралуу билүүсү кажет. “Мен муну сенин келечегиң үчүн жасап жатам”, – деп айтуулары туура эмес, анын ордуна “Мен сенин коопсуздугуң жана аман-эсендигиң үчүн милдет-

түүмүн” – деп айтыңыз. Бул жеке турмушка кокусунан кийлигишүү эмес, тескерисинче өспүрүмдөр түшүнө ала турган маанилүү, жүйөөсү бар текшерүү. Балдарга билгизбей алардын чөнтөктөрүн, сумкаларын жана капчыктарын кез-кезде текшерип туруу керек.

- Балдар үчүн өтө көп жеке жашоо терс натыйжалуу болушу мүмкүн. Алардын уктоочу бөлмөсүнө телевизор, интернети менен телефон же компьютер коюуга уруксат бербеш керек. “Спирт ичимдиктердин көйгөйү” агентствосу (2009) Улуу Британияда спирт ичимдиктерин колдонуунун саны 11ден 13 жашка чейинки балдар арасында бир кыйла өскөнүн тастыктаган көрсөткүчтөрдү келтирет.
- Туура курдаштарды тандаңыз. Ата-энелер өздөрүнүн чөйрөсүнөн, туугандардын жана кошуналардын арасынан балдарына туура келген досторду тандап берүүлөрү абзел; анын акыбети кайтат.

Кээде мындай бардык алдын алуу чараларына карабай, кимдир бирөөнүн кызы же уулу көйгөйгө кабылат. Дүрбөлөңгө түшпөңүз. Мунун натыйжасындагы жан дүйнөнүн кыйналуусу, ачуу жана жапа чегүү абдан чоң болушу мүмкүн. Адистин кенеши жана сунуштары ата-энелерге маселени чечүүгө жардам берет. Ата-энелер сезимдерин башкара билүүсү жана абалды туура баалай билүүсү абдан маанилүү. Көпчүлүк учурларда, толугу менен же анча-мынча сакайууда көп нерселерге адистердин жардамы менен жетүүгө болот, кийинки карала турган логикалык кадамдарга дарылоо маселелери жана кийлигишүү кирет. Ата-энелер үчүн, булардын үй-бүлөсүндө наркоман бар деген сөздөн уялуу же качуу менен, же мыйзам кесепеттеринен коркуу менен жашынып алуу же жардам албай коюу – туура эмес. Ашыкча ачууга алдырбоо үчүн ата-энелер бул биздин балабыз эмес, бизге кеңеш сурап кайрылган досубуздун баласы деп элестете алышат. Бул токтоолук менен ойлонууга жана эмоцияга алдырбастан туура чечим издөөгө мүмкүндүк бере алган пайдалуу курал. Мындай татаал акыбалда эч ким жалгыз эмес, себеби миллиондогон үй-бүлөлөр так эле ушинтип кыйналып жатышат.

Ата-энелер балдары менен төмөнкүлөр жөнүндө бөлүшүүсү керек:

1. Алкоголь – бардык жамандыктардын энеси

Ууландыруучу заттар жөнүндөгү окуяны Усман ибн-Аффан баяндайт:

Бир жолу адамды беш жамандыктын ичинен бирөөсүн танда деп кыйнашты: Курандын көчүрмөсүн тытасың, баланы өлтүрөсүң, бутка сыйынасың, алкоголдук ичимдик ичесиң же зына кыласың. Ал эң эле кичине жамандык алкоголдук ичимдик ичүү го деп ойлонду. Ал арак ичти, анан зына кылды, баланы өлтүрүп, Куранды тытты жана бутка сыйынуу үчүн жүгүндү. Мындан ала турган сабак: алкоголдук ичимдик – бардык жамандыктардын энеси.

2. Кокаин түйүлдүккө зыян келтирет

1980-жылдары Кошмо Штаттарда кокаиндин эпидемиясы болгон. Педиатрлар кокаин колдонгон энелерден төрөлгөн балдар башка ымыркайларга окшобогондугун байкашкан. Алардын салмагы аз болгон, титиреп турушкан, сооронo албай ыйлашкан, кучактоодон же тийип кетүүдөн жалт этип качышкан жана кичинекей эле дабыштан катуу чочушкан. Алар мектеп жашына келишкенде көпчүлүгү дагы эле түз олтура алышчу

эмес же өздөрү сүйгөн нерселерге да көңүлүн топтой алышчу эмес. Мындай кокаин балдар жоголгон муунга тете.

(Бегли, 1998)

3. Баланын баары эле күнөөсүз эмес

1987-жылы Түндүк Америка мусулман жаштарынын (MYNA) Президенти Вирджиния штатындагы Херндон шаарынын Полиция башкармалыгынын башчысын "Уулуу заттардын алдын алуу" деген темада Ислам ойлору Эл аралык институтунун Херндондогу залында семинар өткөрүүгө чакырды. Башчы төмөндөгү окуяны айтып берди:

Мага жоголгон баалуу буюмдар тууралуу тегерегибизден көп арыздар келип түшкөн. Мен 14 жаштагы бир баладан шек санап, анын ата-энесине баланын бөлмөсүн текшерүүгө ордер менен бардым. Анын ата-энеси чечкиндүү түрдө: "Бул эч качан биздин балабыз болушу мүмкүн эмес. Ал абдан жакшы бала", – деп айтышты. Мен сурадым: "Анын бөлмөсүн жок дегенде бир жолу текшерип көрдүңөр беле?". "Жок, эч качан, бул менин жеке мейкиндигим деп бизди ичине кийирбейт, дайыма бөлмөсүн бекитип коёт", – деп айтышты. Анын бөлмөсүнө күч менен киргенимде, жоголгон буюмдарды таптым: телевизорлор, камералар, стереолор, сааттар жана зер буюмдар. Ата-энеге мындай кеңеш бердим: "Ага жеке бөлмө уюштуруп берсеңер дагы, үйгө силер ээлик кылласыңар, анын бөлмөсүнө кирүүгө укуктуусуңар жана аны кез-кезде текшерип коюп туруу силердин милдетиңер!"

Мындай нерсе сиздин балаңыз менен болушу мүмкүнбү? Жок, эгер сиз полиция башчысынын сунуштарын колдонсоңуз!

ТУУГАНДАР МЕНЕН ТЫГЫЗ БАЙЛАНЫШ ЖАНА НАРКОМАНИЯ

Ата-энелер өздөрүнө жалпы суроону бериши керек: "Биз балдарыбыз менен дурус мамиледебизби? Же, алар менен байланышыбызды үзүп койгонбузбу?" Дурус мамиле – бул ата-эне балдарын көргөндө көңүлү көтөрүлүп жана сүйүнгөн абалда болуусу жана тескерисинче. Адамдар башкалар менен өз ара жакшы байланыш сезиминде болушканда, аларга жакын болуп, алар менен ойлорун бөлүшкүсү жана сүйлөшкүсү келет.

Адамдар байланыш сезимин жоготуп алганда, спирт ичимдиктерине жана баңги заттарга берилип кетишет. Кошмо Штаттарда алтымыш миллиондон ашык адам спирт ичимдиктеринен жабыркашат. Алардын балдары менен сүйлөшүүгө, ойноого же алар жөнүндө ойлонууга көңүлдөрү тартпайт. Ата-энелер менен байланыш үзүлгөндө, спирт ичимдиктери, баңги заттар жана тамеки тартуу – балдардын эңсеген керектөөлөрүн канааттандырышат. Алар канааттанууну берген кандайдыр бир нерселерге байланышат.

Адамдар туугандары менен кантип байланыш түзүп жана алар менен кантип жакын болушту үйрөнүүлөрү керек. Ар кандай тажрыйбаларды баштарынан чогуу өткөрүү жана чогуу күрөшүү менен үй-бүлө мүчөлөрү бири бирине жакын болушуп, тыгыз байланышта болуп калышат. Ата-энелердин жоопкерчилиги – балдарына тынымсыз көз салып туруу жана өз убагында чара көрүү. Мындан бир да тыным жок, себеби бул арабаны тоонун бети менен өйдө карай акырындан түртүп баратканга окшош, аны түртпөй калсаң эле, төмөндү көздөй кулайт. Эгер балдары кечелерге бара турган болсо, ал кечелер чындыгында кандай өтөөрүн ата-энелери билиши керек. Балдар спирт ичимдиктерин жана баңги заттарын диний жаштар тобу, музыкалык

топ, мугалимдер, мектеп кеңешчилери, дарыгерлер жана полиция кызматкерлери менен мектептин ичинде жана мектептин сыртында колдонушканы тууралуу кабарлашканын укканда ата- энелер тынчсызданышат! Ата-энелер балдарыбыз ишеничтүү колдо деп өз жоопкерчиликтеринен кете алышпайт. Ишеним аздык кылат, алар көздөрү жетип ынануулары керек.

Ата-энелер бала багуучулар жөнүндө маалымат алышы зарыл. Алар балдарга уктатуучу дары берип уктатып коюп, ээн эркин жыргап убакыт өткөргүлөрү келип силердин дары койгон жерлериңерден дары издеши мүмкүн! Демейде, чоң ата менен чоң энелер – эң жакшы "бала багуучулар", аларда балдарга керек болгон сүйүү жана тажрыйба бар.

АРАКЕЧТЕН ӨСПҮРҮМДӨРГӨ КЕҢЕШ

Бир кружка сыра абдан аз, ал эми бир челек жетпей калат!

Эч качан алкоголдук ичимдикти ичип баштаба, жада калса бир кружка дагы. Бир жолу ичип алсаң, аны андан ары улап бир челек ичсең дагы аздык кылган акыбалга жетесиң! Анан сен андан күчтүүрөөк нерселерге өтөсүң, коркунучтуу баңги заттарга!

Балдарыңарга улгү болуп, алар менен жакшы мамиледе болгула. Эгер ата-энелер тамеки тарткан, спирт ичимдигин ичкен же баңги зат колдонгон адамдар болушса, алар балдарына эмне деп айтышы керек? Өз балдарына жакшы үлгү болуудан башка альтернатива жок. Ошондой болсо да, эгер ата-энелер бул ооруларга көз каранды болсо жана андан арыла албай жатышса, эң эле аз дегенде өздөрүнүн кемчиликтерин моюнга алуулары керек. Балдарыңарга зыянын түшүндүрүп бериңиз жана аларга мындай жаңылыштыктардан сак болууга кеңеш бериңиз. Спирт ичимдиктерине жана баңгиликке ашкере берилүү – кандай трагедия экенин көргөзүңүз. Жалган айтуу же эки жүздүүлүк кылуу – абалды начарлатат, себеби балдар жалган айтса же эки жүздүүлүк кылса болот экен деп кабыл алып калышы мүмкүн.

РЕАБИЛИТАЦИЯЛЫК ПРОГРАММАЛАР

Эгер уул же кыз уулуу заттардын курмандыгына кабылса, дарылоо борборундагы терапия – аны айыктыруунун биринчи эле баскычы; соңку калыбына келтирүү – кийинки өтө маанилүү баскыч. Тийиштүү соңку калыбына келтирүү болмоюнча, ата-энелер, алардын балдары жана дарылоо мекемеси жумшаган каарман аракеттери текке кетиши мүмкүн. Соңку калыбына келтирүү – бул дарылоо мекемесинде жетишилген жылыштарды улантуу, демек дарылоону улантуу дегенди түшүндүрөт. Соңку калыбына келтирүүдө ата-энелер кыйынчылыктарга кабылышат. Дарылоо программасы интенсивдүү болуп, бала бир топ жакшы болуп калгандыктан, ата-энелер бала кантип эле "кайра артка кетишин" элестете алышпайт. Ошентсе да, алар дарылоо-

Эгер ата-энесинин экөө тең тамеки тартса, баласын сактап калууга болобу? Же баңги зат колдонушса? Жеке окуя!

Менин атам да, энем да тамеки тартышканына карабай, мен эч качан тамеки тарткан жокмун. Эмнеге? Себеби менин атам мага минтип айта берчү: “Оо, менин уулум, мен бул жаман адаттын курмандыгымын, мен мындан кутулууну каалар элем, бирок минтүүгө менде күчтүү эрк жок. Бул жаңылыштык жана ал менин ден соолугумду талкалап жатат”.

Мен чайырга жана ылайга толуп шалтактаган түтүктү тазалап жатканымда, атам мага мындай деди: “Уулум, ушул кирлердин баары азыр менин көкүрөгүмө толуп жатат!”

Жаңылыштык кетирген ата-энелер аны мойнуна алышы керек жана балдарына анын кесепеттери жөнүндө түшүндүрүп бериши керек. Балдары андан сабак алып жана андай жаман нерселерден алыс болот деп үмүттөнөбүз. Мындай эреже бардык жаман адаттарга колдонула алат: тамеки тартуу, спирт ичимдигин ичүү, абдан кеч уктоо, түшкө чейин уктоо, ашыкча тамак ичүү, тырмактарды кемирүү, өтө катуу же көп сүйлөө, жаман угуучу болуу жана өтө көп уктоо. Бирок, өзүнүн жаман адаттарын түшүндүрүп берүүдө ата-энелер балдарынын ишенимин жана сыйын жоготуп албоо үчүн алардын ылайыктуу жашын жана чөйрөнү этияттап тандоосу керек.

ну улантышы өтө маанилүү! Алардын уулун же кызын туура эмес жүрүм-турумдан бир эле пикир келишпестик, туура эмес компания менен байланыш түзүүдөн бир эле телефондук коңгуроо, химиялык заттарды ашкере пайдалануу кайра кайтуудан бир эле ууртам, жыттоо, сайынуу же жутуу бөлүп турат! Акыркы күрөштүн жеңиши же жеңилүүсү – соңку калыбына келтирүүнүн жүрүшүнө көз каранды!

Скотт (1989) айтат, наркологиялык борборлордун программалары дээрлик ар дайым руханий “жогорку күчтөр” концепциясын камтышат. Алар муну психология жаатында Кудай этибарга алынбаганына карабастан колдонушат.

Кесипкөй кеңешчилер диний программалардын эффективдүү экендигин билишет. Башка эч нерсе мындай жакшы иштебейт.

Төмөндөгү жагдайларга ата-эне дароо көңүл бурушу керек: эгер алардын баласы жан кыйууга жакын болсо, өзүн-өзү башкара албаса, башкаларга коркунуч жаратса, наркотикалык заттардан дары-дармектин жардамы менен дарылоого муктаж болуп турса, реабилитациялык борборго жиберилип же түзөтүү мектебине кесилип жатса жана ал туура эмес компания менен жүрсө.

Эгер ата-энелер өкмөткө кайрылууга аргасыз болуп жатышса, алардын баласы Кудай менен байланышы болуп турушу үчүн акылдуу динге ишенген адам менен жума сайын кездешүү уюштурушу керек.

Мыйзам бузуу

Наркотикалык заттарды колдонуу акырындык менен колдонуучуну мыйзамды бузууга алып келет жана кылмышкер болууга түртөт. Кылмышкер – бул жүрүм-туруму мыйзам боюнча жазалана турган адам. Көпчүлүк ата-энелер балдары бир күнү түрмөгө отуруп калаарына ишенишпейт, бирок ал көпчүлүгүнүн башына келет. Эгер ата-энелер балдарын мыйзамды сактоого үйрөтө алышса, мунун алдын алууга болот. Эгер ата-энелер ылдамдык чектөөнү бузушса, кызыл түстө жолду кесип өтүшсө, салык декларациясына жалган маалымат берсе, бажы кызматкерлерине калп айтышса, кеңседен же ишканадан уурдашса, балдары мектептен калса аларга каалоосу менен калп түшүнүк кат жазып беришсе, мындай балдар мыйзамдын мааниси жок турбайбы деп ойлоп калышат. Эгер ата-энелер полицияга душманындай мамиле кылышса, алардын балдары да полицияны сыйлашпайт.

Кээ бир иммигранттар ак сөөк мыйзамдар менен башкарылган өлкөдө азчылык калк катары жашагандыктан мыйзамдарды бузууга эркибиз бар деген туура эмес ойдо. Мындай туура эмес ойду төгүнгө чыгаруу үчүн Шейх Таха Джабир аль-Алвани, Ислам Ойлору Эл Аралык Институтунун кызматчысы, мындай деп айтат:

Адам чет өлкөгө барганда ал өлкө менен чындыгында алардын конституциясына жана мыйзамдарына башийем деген "келишимге" кол коёт. Мындай кылуу менен, мусулман адам бардык келишимдерин жана контрактарын Куран жана Пайгамбарыбыз (с.а.в.) буюургандай так сактоосу керек. Эгерде ал ошол өлкөнүн мыйзамдарын сактоого ниеттенбесе, анда ал жакка баруудан баш тартышы керек же алардын мыйзамдарын сактабай тургандыгын билдириши керек, мындай учурда сот аны өлкөдөн чыгарып жиберет.

Эгерде жаранга кандайдыр бир мыйзам жакпай жатса, аны конституцияда тактап жазылган демократиялык процедураларга жараша өзгөртө алат. Ислам жеке адамдарга мыйзамды өз колдоруна алып, аны каалаганындай колдонууга тыйуу салат, себеби мындай кылуу шексиз түрдө баш-аламандыкка, мыйзамсыздыкка жана адилетсиздикке алып келет. Ошол эле учурда, мусулман жарандык укуктун негизинде мыйзам буза албайт.

Мусулманга арам *(haram)* ишти аткарууну талап кылган мыйзамга баш ийүүгө уруксат берилбейт. Мыйзам адилетсиз болгон учурда, аны өзгөртүүнүн жолу – бул ага тынчтык жолу менен Туру, Ганди жана Мартин Лютер Кинг көргөзгөндөй жарандык баш ийбөө болуп саналат. Булардан көп мурда эле, Мухаммед Пайгамбар (с.а.в.) бутпарас курайшиттердин жол башчыларына баш ийбей, өз элин тынчтык жана зомбулуксуз жол менен Меккеге зыяратка алып барган, анын натыйжасында биздин замандын 630-жылы Худайбия Келишими түзүлгөн.

Алмаштырылгыс мүлк: денең сага аманат!

Биздин кыймылсыз мүлкүбүз, кыймылдуу мүлкүбүз жана алмаштырылгыс мүлкүбүз бар. Биздин денебиз алмаштырылгыс. Биз көбүрөөк унааларды, үйлөрдү, эмеректерди сатып алалсак дагы, биздин бир гана денебиз бар жана ал бизге Жараткандан аманатка берилген. Биз ага Жараткандын көрсөтмөсүнө ылайык жакшы кам көрүшүбүз керек. Биздин болгон милдетибиз – мындай кымбат мүлк үчүн Анын алдында жооп берген камкорчу болуу. Бул төмөндөгүдөй негизги багыттарды камтыйт: гигиена, тамактануу, туура көнүгүү, уйку, уулуу заттарды колдонбоо жана зына кылбоо.

ИШ-АРАКЕТТЕР

34- ИШ-АРАКЕТ: Медициналык текшерүү тизмеги

Үй-бүлөңүз менен чогуу отуруп үзгүлтүксүз медициналык текшерүүлөрдүн тизмегин түзүңүз, тиш дарыгерин да кошуңуз. Китепканачы, мугалим, бала багуучу, дарыгер же оорукана кызматкери менен кеңешиңиз. Корутунду тизмектин көчүрмөсүн үй-бүлө мүчөлөрүнүн баарына бериңиз.

35-ИШ-АРАКЕТ: Үй-бүлөлүк дене тарбия планы

Балдарыңыз менен үй-бүлөдө жасалган дене тарбия көнүгүүлөрүнүн жагдайы тууралуу талкуу жүргүзүңүз. Андан кийин бүт үй-бүлө менен физикалык активдүүлүктүн планын макулдашып алгыла жана кийинкиге орточо дене тарбия көнүгүүлөрүнүн тизмегин түзгүлө. Көнүгүүлөрдүн санын акырындап жана маал-маалы менен көбөйткөнгө аракет кылгыла. Бир жакка унаа менен баргандын ордуна бутуңуз менен басып барганга, кирди кир жуугуч машинада эмес кол менен жууганга, анда-санда, аракет кылыңыз! Жабдуу сатып алганга, атлетикалык клубдун мүчөлүк картасын алууга жана пайдалуураак тамак-аш алганга бюджетте каражат каралышы керек.

36-ИШ-АРАКЕТ: Өз ара маңыздуурак саламдашуу менен байланышыңыз

Ата-энелер мындан кийин балдары менен жолугушканда, жөн эле: “Салам! Эмне болду! Кандайсың?” – деп коюунун ордуна алар менен көбүрөөк кызыгуу, жакшы көрүү, кам көрүү менен саламдашканга аракет кылып көрүүлөрү керек:

- Бүгүн жакшы тамак ичтиңби?
- Көнүгүү жасадың беле?
- Жакшы уктадыңбы?
- Ата-энеңе жылмайдың беле? Досторуңачы?
- Бүгүн бир нерсе окудуңбу?
- Ата-энең менен өбүшүп, кучакташып же кол алышып учураштың беле?
- Кимдир бирөөгө бүгүн жардам бердиңби?
- Кайрымдуулук кылдың беле?
- Сыйындың беле?

Тизмедегилердин барын суроонун кажети жок, кээ бирин сурап коюу жетиштүү. Абалга жараша каалаган ылайыктуу суроону кошуңуз.

37- ИШ-АРАКЕТ: Уктоо адаттары

Балдарыңызга туура уктоо жана туура тамактануу адаттары тууралуу түшүндүрүп бериңиз.

Ибн Маджа айтты: Пайгамбар (с.а.в.) мечиттин ичинде көмкөрөсүнөн жатып, уктап жаткан бирөөнүн жанына өтүп бараткан. Ал аны буту менен ойготуп мындай деди: “Минтип жатпа, себеби Аллах жана Анын элчиси муну жек көрөт”. Ушул сыяктуу эле, Пайгамбар (с.а.в.) адамдарды көмкөрөсүнөн жаткан абалда тамак ичпегиле деп эскерткен.

12–БӨЛҮМ

Эркек балдарды жана кыздарды тарбиялоо: алар айырмаланышабы?

- Кириш сөз 267
- Өзгөчө айырмачылыктары: логика жана эмоциялар 267
- Эмоциялык байланыш 270
- Сезимдер 271
- Статус 271
- Мимикалар 272
- Балдарды жана кыздарды маданий стереотиптерге бөлүү 273
- Кайгы 273
- Жыныстык айырмачылыктар 273
- Жыныстык айырмачылыктардын даанышмандыгы 274
- Америкалык эркектердин жана аялдардын приоритети: изилдөө 276
- Гендерлик бөлүнүү качан башталган? 277
  Эркек сымал аялдар жана аял сымал эркектер 279
- Ата-энелик милдетти аткаруу: гендердик акылдуулук 281
- Эмнеге дисбаланс? 281
- Аталардын бала багуучу катары ролу чындык жана миф 282
- Атасыздыктын балдарга тийген таасири 284
- Эркек балдардын жана кыздардын ар кандай муктаждыктары 284
  Кичинекей кыз эмнеге муктаж 285
  Кичинекей эркек бала эмнеге муктаж 286
- Гендердик айырмачылыкка карай рационалдуу мамиле 288
- Кыздар жана эркек балдар ар башкача окушат 290
- Эркек балдарды жана кыздарды мектептерде жана класстарда бөлүү 292
- Ата-энелик милдетти аткаруу жана гендердик суроолор: исламдын тили менен 294
- Кудайдын жолу – эң жакшы жол: Кытайдын, Германиянын жана Индиянын мисалдары 298
- Иш-аракеттер 38-40 300

Кириш сөз

Аялдар менен эркектердин ортосундагы айырмачылыктарды талкуулоо – абдан маанилүү, анткени алар ар түрдүү ролдорду жана муктаждыктарды түшүнүүгө жардам берет, ошондой эле күйөөлөр менен аялдардын ортосундагы өз ара мамилени түздөн-түз карап, ата-энелер менен алардын уулдарынын жана кыздарынын ортосундагы карым-катнаштарга да таасири тийет. Жыныстар ортосундагы окшоштуктарды жана айырмачылыктарды эки жактын тең түшүнүүсүнөн улам, туура мамилелер курулат. Ата-эненин эркек балдар жана кыздардын ортосундагы айырмачылыктар жөнүндөгү түшүнүгү анын балдарынын келечек жашоосундагы мамилелерине таасир этет. Түшүнүктөр жана ойлор сөзгө айланат, сөздөр кыймыл- аракеттерге өтүшөт, кыймыл-аракеттер адаттарга айланышат, ал эми адаттар өздүктү калыптандырышат.

Бул жерде кайсы жыныс жакшыраак же маанилүүрөк экендиги талкууга алынбайт, анткени Куран жана Пайгамбар (с.а.в.) бул маселени төмөндөгүчө так чечмелешкен:

> *Эркектердин аялдарына акылары болгон сыяктуу эле, аялдардын да күйөөлөрүндө белгилүү акылары бар.*
>
> (Куран, 2:228)

Пайгамбар (с.а.в.) айтты:

> **Аялдар – эркектердин “чыныгы тең укуктуу” теңдеши.** (АХМАД)

Ошентип, ал аялдарды жана эркектерди ар түрдүү, бирок бири-бирин толуктаган ролдорду аткарган жана бири-бирине карама-каршылык кылбаган же теңтайлашуучу болбогон бирдей орунга коёт.

Өзгөчө айырмачылыктар – логика жана эмоциялар

Смолли (1995), эркектердин жана аялдардын ортосундагы төмөндөгүдөй айрым айырмачылыктарды көрсөтөт:

- Аялдардын (хх хромосомасы бар) иммундук системасы эркектердикине (ху хромосомасы бар) караганда күчтүүрөөк.
- Эркектердин кызыл кан клеткалары аялдардыкына караганда көбүрөөк, ошондуктан алардын денесинде көбүрөөк күч чуркап турат.
- Аялдарга караганда эркектердин булчуңдары көбүрөөк, баш сөөгү жана териси калыңыраак.

Эркектер менен аялдардын болжол менен 80 пайызынын төмөндөгүдөй өзгөчөлүктөрү бар: аялдар мээнин эки жа-

гын тең пайдаланышат, ал эми эркектер көбүрөөк сол жагын пайдаланышат. Аялдар эркектерге караганда сагыраак келишет, себеби алар эркектерге караганда жакшыраак угушат жана сезишет. Бир изилдөөнүн жүрүшүндө, билдирүүнү компьютердин экранында тездик менен көргөзүшөт. Аялдар экрандан көргөнүн жазып калууга үлгүрүшөт, ал эми эркектер: "Сен аны көрдүңбү? Мен көрө албай калдым", – деп бири-биринен сурашат.

Жалпысынан алганда, эркектер мээнин логикага, мейкиндикти кабылдоого, жеңишке умтулууга, акыл үйрөтүүгө, эсептөө жана инженердик жөндөмдөргө жооп бере турган сол тарабын колдонууну артыгыраак көрүшөт. Аялдар болсо сезимдерди, эмоцияларды, искусство, поэзия, сүйүү, музыка жана сүйлөө жөндөмдөрүн башкарган мээнин оң тарабын пайдаланууну артыгыраак көрүшөт, ошентсе да алар мээнин сол жагын да пайдаланышат. Аялдар анчалык агрессивдүү эмес, эркектер болсо талашканды жана мактанганды көбүрөөк жакшы көрүшөт жана балдар сыяктуу аларды окутуу кыйыныраак. Карталарды окууда эркектерде көп кыйынчылыктар болбойт, себеби демейде алар мейкиндикте туура багыт алууга жөндөмдүү. Акыл-эс жөндөмү "аял" мээге караганда көбүрөөк "эркек" мээде жайгашкан, антсе да экөө тең мээни толугу менен колдонушат. Мээнин кайсы тарабын артыгыраак колдонуу эркектердин арасында айырмаланышы мүмкүн (чыгармачыл мүнөздөгүлөр мээнин оң тарабын, ал эми илимий мүнөздөгүлөр сол тарабын колдонууну артыгыраак көрүшөт).

(Барон-Коэн, 2002; Гилмартин жана башкалар, 1984)

Эгер эркектер жана аялдар өздөрүн тарбиялап жана кантип мээнин эки тарабын пайдаланууну үйрөнүшсө, алар анын эки жагын тең пайдалана алышат.

Грэй (2003) айтат, эркектер чечим кабыл алууну, жеңишке ээ болууну, жөнгө салууну жана жетишкендиктер менен өнүгүүнү жактырышат. Аялдар болсо сезимдерин чыгарганды, көйгөйлөрүн талкуулаганды жакшы көрүшөт жана аларды уккандарды баркташат, ошондуктан алар жакшы көрүүгө жана коргоого муктаж.

Эркектер фактыларды тапканга жана билдиргенге, аялдар болсо сезимдери менен эмоцияларын билдиргенге жөндөмдүү. Бир изилдөө жүрүп жаткан-да, эркек балдардан жана кыздардан каалаган сөздөрүңөрдү айткыла деп өтүнүштү. Кыздардын бардыгы сүйлөшүүгө керектүү сөздөрдү айтышты, ал эми балдардын 60 пайызы болсо сөздөрдүн ордуна ызы-чуу болуп жатышты. Орточо Америкалык эркек киши күнүнө 12000 сөз сүйлөйт, ошол эле учурда орточо Америкалык аял күнүнө 25000 + сөз сүйлөйт. Төрөлгөндө эрин булчуңдары балдардыкына караганда кыздардыкы көбүрөөк кыймылдайт.

(Элиот, 2009)

Маселе болгондо, эркектер аны чечүүнүн жолун сунушташат. Аялы күйөөсүнө даттанганда, ал аны чечүүгө аракет кылат. Тескерисинче, аялдар боорукердикти жана сүйүү тартуулаганды жакшы көрүшөт.

Эркектер объективдүүрөк жана рационалдуурак болууга тарбияланышкан, ал эми аялдар көбүрөөк өздүгүнө көңүл бурууга үйрөнүшкөн. Эгер эркек киши

баскетбол оюнун көрүп жатса, ал оюнчулардын жашоосу жөнүндө билүүгө кызыкпайт. Бирок аял киши оюнчулардын аттарын жана алардын үй-бүлөлөрү тууралуу билишсе гана оюнду көрүүгө кызыгышат. Эркектерге караганда аялдар өз ара мамилелерге көбүрөөк көңүл бурууга тарбияланышкан.

Эркектер кандайдыр бир деңгээлде курчап турган чөйрөлөрдөн өздөрүн бөлгөндү үйрөнүшөт. Аялдар болсо аларды билген адамдардан жана курчап турган чөйрөлөрдөн өздүгүнө ээ болушат. Аял өзүн үйүнөн, балдарынан жана жумушунан бөлүп карабайт. Эгер ал идиш жууганды унутуп калса, кайра барып аларды жууп коюу тууралуу ойлонот. Аялдын үйү – анын эң маанилүү бөлүгү. Эркек үчүн анын үйү негизинен эс алуучу жер болгондуктан, ал үйүн башкача көз караш менен карайт жана идиштерди өз убагында жуу – ал үчүн артыкчылыкка ээ эмес.

Эркектер өз ара мамилелеринде негизги нерселерди эстеп калышат, ал эми аялдар майда-чүйдөлөрүнө көңүл бурушат, мисалга: үйлөнгөнүнүн бир жылдыгында алар эмне кийим кийип жана кандай тамак ичишкенин билишет.

Аялдар жакшы мамиле курууну көбүрөөк каалашат жана начар мамилени эркек кишиге караганда тезирээк аныктаганга жөндөмдүү. Кээ бир изилдөөчүлөр жубайларды өздөрүнөн төмөндөгү суроолорду сурап көрүүсүн өтүнүшкөн: Биздин мамилебиз 0-10 шкаласында кайсы көрсөткүчтө? Биздин мамилебиз 10 деген көрсөткүчкө жакын болуп жакшырышы үчүн биз эмне кылышыбыз керек?

Эркектер биринчи суроого аялдарга караганда эки көрсөткүчкө жогорууракак жооп беришет, ал эми аялдар мамилелердин сапатына карата тагыраак болууга аракеттенишет.

Күйөө өзүн ылайыктуу сезиши керек, мындай муктаждык качан аялы аны мактап, бирок сындагандан (күйөөсү өзү суранмайынча) алыс болгондо ишке ашат.

Аялдарга балдарды туура өстүрүүгө керек болуучу эмоциялуурак күч керек. Эркектер балдарына келгенде аялдарга караганда сабыры азыраак. Бир ата 4 жаштагы уулун бир күн бою толук баккан.

Эгер ал баланы тентектиги үчүн бир күн бою жазаласа, уулунун кылган тынымсыз тентектигине жазалоо жетпей калышы мүмкүн экендигин билдирген жыйынтыкка келген! Энелер мындай коркунучтуу нерсени айтышы мүмкүн да эмес.

Эмоция жагынан алганда, эркектердин аял менен байланыш куруусу кыйынчылык жаратат, ал эми аял үчүн бул жеңилирээк өтөт. Бул бир чети биологияга, бир чети тарбияга жана үйрөтүүгө байланыштуу. Эркектерге караганда аялдар жакын досчулук мамилерди курууга жөндөмдүүрөөк келишет. Көпчүлүк эркектердин тарбиясына жараша сулуулук алардын жашоосунда негизги орунда

Жаңы клиент кайрылганда ага мындай деген суроо берем деп Др. Уоррен айтат: “Сенин эң жакын үч-досуң ким?” Эгер клиент аял киши болсо демейде жооп тез болот жана ал үчтөн көп досун сүрөттөп берет, бирок тизмени үч кишиге кыскарта албай кыйналат. Эгер клиент эркек киши болсо: “Эң жакшы дос дегенди кандай түшүнөсүң?” – деген суроодон кийин демейде пауза болот.

Көпчүлүк эркектердин тыгыз мамиле курууга жөндөмү жок. Аларга чогуу отуруп оюндарды көрүү, чогуу мергенчиликке же балык уулоого чыгуу жагат. Бирок алар “жакын” достордонбу?

(Вольгемут, 1996)

турбайт, алар үчүн финансылык кубаттуулук негизги орунда.

Аялдарды көп учурларда финансылык кубаттуулукка эмес, сулуулукка көбүрөөк көңүл бурууга тарбиялашат. Аялга, эркекти өзүнө тартышың үчүн жана ал үй-бүлөнү колдоо жоопкерчилигин өзүнө алышы үчүн сенин келбетиң жагымдуу болуш керек деп айтылат.

Аялдардын мээлери көбүрөөк канды айлантуу менен өзүнө көбүрөөк жалпы жоопкерчиликти алып, кичине жогорураак температурада иштегенсийт деп Гур жана башкалар (1999) көрсөттү. Кыздар, мисалы, балдарга караганда эртерээк жетилишет, алар эртерээк жашында сүйлөшөт жана келбеттүүрөк кыймылдашат. Аялдардын жана эркектердин мээлери ар башка жолдор менен өнүгүп жатышкандай, эмнеге андай экенин эч ким билбейт. Бул айырмачылыктар туруктуу эмес, себеби алар жашка жараша көбөйүшү же азайышы мүмкүн. Жаш кыз жаш балага салыштырмалуу сөздөрдү оңойураак колдонушу мүмкүн, ошентсе да кийинчерээк бала кызды балким, кууп жетет.

Нейрондук-визуалдык изилдөөлөр көрсөткөндөй, биологиялык айырмачылык жүрүм-турумдун белгилүү бир түрүн алдын алып айта алат. Көбүнчө эркектер күч менен, ал эми аялдар сөз менен сокку урушат, бул адатта адамдар өзүн кандай алып жүргөнүнө жараша болот. Мындай учурларда жүрүм-турумду башкарган маданият эмес, биология башкарат деп тыянак чыгаруу – кызыктуу нерсе. Ошентсе да, функционалдуу айырмачылыкты табуу бизге маданият жөнүндө көп нерсени айтып бериши мүмкүн, анткени ал биологияга тийиштүү. Биздин мээлерибиз, биз аларды ар башкача колдонсок дагы, негизинен бири-бирине окшош. Эгерде эки мээни катар коюп карасак, алар оппокшош көрүнүшөт, алардын айырмачылыктарын табуу үчүн биз абдан дыкаттык менен карообуз керек. Булар таптакыр эки башка мүчөлөр деп сунушташ үчүн, булардын окшош эместиктери өтө эле кичине, анан да өтө эле сырдуу. Адамдар кээ бир нерселерди башкача жолдор менен аткарышса дагы, эркектердин жана аялдардын ортосундагы негизги жүрүм-турум үлгүлөрү бирдей.

Эмоционалдык байланыш

Эмоциялык байланыш стереотиптерге жана куттуктоо баракчаларына айланган: аялдар берилгендикти издешет, эркектер болсо качышат; аялдар өздөрүнүн сезимдери тууралуу айтышат, эркектер болсо теманы футболго бурушат; аялдар эмоциясын достору менен бөлүшөт, эркектер болсо муну татыксыз жүрүм-турум деп эсептешет. Бул болгону кабыл алуубу? Эгер ушундай болсо, бул кабыл алуу каяктан пайда болот?

Бир күндүк ымыркайлардын эмоциялык реакциялары үйрөтүүгө же социализацияга байланыштуу эмес. Тесттин жүрүшүндө кичинекей балдар ар кандай добуштарды: башка балдардын ыйлап жатышканын, жаныбарлардын үндөрүн, компьютердик тилдин бир кызыктай дуулдаган добушун жөн гана угушкан жана кыйынчылыкка кабылган башка адамдын добушуна чукул көңүл бурушкан.

(Кассиди, 1999)

Бирок башка адамдардын кыйынчылыктарына көңүл бурушкандар кичинекей кыздар болушчу, мындай реакция алардын өмүрүнүн аягына чейин сакталып калат. Эки жыныстагылар тең башка бирөөнүн кайгысына көңүл бурушаарына карабай, биринчи күндөн баштап эле кыздар боорукерирээк сезимге жакын болушат. Башка бирөөгө таасир эткен кыйынчылыктар өздөрүнө таасир этсе кандай болоорун көз алдыга келтирүүгө

кыздар жөндөмдүрөөк келишет. Ушунча көп убакыттан бери камкордук көрүүнүн алдыңкы катарында турган жана ымыркайдын бул дүйнөдөгү биринчи коргоочусу болгон аялдар башкалардын муктаждыктарын жакшы түшүнүшөт.

Сезимдер

Анда, аялдардын мындай кылдат сезимдерге ээ болушу таң каларлык деле нерсе эмес. Алардын жыт сезүүсү эркектердикине караганда бир топ курч болот (айрыкча овуляция учурунда) жана эркектерге караганда аялдар кармалоого сезгичирээк келишет. Баланын кармалоо менен байланыш куруусу – анын аман-эсен туура чоңоюшу үчүн өтө маанилүү. Ара төрөлгөн ымыркайларды багууда аларды жок эле дегенде жөнөкөй сылап коюп турса, ымыркайлар тезирээк өсүп, тезирээк торолушат. Жалгыз калып көңүл бурулбай калган ымыркайларга караганда, экөөнө тең бирдей тамак берилгенине карабай, алар 47 пайызга тезирээк салмак кошушат.

(Додд, 2005)

Энелердин үн салуусу ымыркайлардын сезимталдыгы жана муктаждыктары менен жакшы дал келишет. Кассетага жазылган үндөрдү ымыркайларга

угузганда, алар аялдын жогорку нотадагы үнүнө, ошол эле аялдын чоң адамга кайрылгандагы үнүнө караганда, тезирээк көңүл бурушат. Мындан сырткары, эненин үнүндөгү өзгөчө музыканы укканда ымыркайдын жүрөгү жумшак согуп жайлайт, тынчыйт жана бир калыпка келет. Эненин балага берген соорутуусу жатында эле башталган негизги биологиялык жана тынымсыз көрүнүш. Аялдар менен эркектердин ортосундагы эмоциялык айырмачылыктар эне менен баланын ушундай чиеленишинен, эки жүрөк жөнүндөгү баяндан башталат.

Статус

Статус жөнүндөгү ой эркек балдарда абдан эрте башталгандай. Кыздарда ал мынчалык көп байкалбайт. Жалпысынан алганда, кыздар биринчиликти ээлегенге, сейрек учурлардан сырткары, көп деле умтулушпайт. Балдардын оюнун демейдеки изилдөө бир жыныстагы балдардын тобу “дарыгер” оюнун кантип ойношконун анализдеп маңызын ачат. Эркек балдардын баары башкаларга эмне кылуу керек экенине көрсөтмө берген дарыгер болууну каалашат. Алар бул тууралуу көпкө талашып-тартышышат. Кыздар болсо ким дарыгер болгусу келет деп сурашат. Андан соң алар талкуулашып, кимиси дарыгер, медайым жана пациент болоорун чечишет.

Балдар кыздарга караганда чыныгы жеңүүчүлөрү бар оюндарды көбүрөөк жакшы көрүшөт. Алар үчүн оюндун натыйжасында кагылышуу – кадыресе көрүнүш. Кыздардын оюндары балдардыкына караганда кыскараак болот. Балдар оюндардын жүрүшүндө талаша беришет, ким эмне кылды, кимде эмне бар, ошентип талаштын айынан алардын оюндары бүтпөйт. Ал эми кыздар өздөрү даттанышкандай, алар дайыма талаштын айынан ойнобой калышат.

Балдар чыр-чатактарды кыздарга караганда тез эле унутуп калышат; кыздар болсо аларды көбүрөөк сезимге берилүү менен кабылдашат. Кээ бир адамдар бул маданияттын таасири болуш керек деп айтышат, себеби биз кыздардын сезимталыраак болуусун кубаттап, балдардын сезимдерин билдирбөөсүн колдойбуз.

Бирок, биз канчалык аларды бөлгөнгө аракет кылган сайын, биология жана маданият бирине-бири каршы келбейт. Алар андай кыла алышпайт. Тарбияга салыштырмалуу жаратылыштын ролу жөнүндөгү биздин суроолорубуз, биринин таасири экинчисине тийген айлананы пайда кылышат. Башталышы болгондуктан бул айлананын ичинде биология көбүрөөк маанигe ээ. Ошентсе да, айлана кайдан башталаарын кантип билесиз?

Мимикалар

Аялдар эркектерге караганда мимиканы окуганга алда канча чеберирээк келишет. Алар эркектерге салыштырмалуу көбүрөөк жылмайып жүрүшөт, эркектер да алардын жылмайып жүрүшүн жактырышат. Мындай нерсе эки жыныс ортосундагы үстөмдүк кылуу – баш ийүү мамилесине негизделген өткөн мезгилге байланыштуу болушу мүмкүн деп кээ бир адамдар талашышат. Аялдар эркектерге салыштырмалуу сөзү-жок билдирүүлөрдү жакшыраак окуганга жөндөмдүү (дене тилин жана бет кыймылдарын).

Беттердин сүрөттөрүн үйрөнүп жатышканда, эки жыныстагылар тең кайсы бирөөсүнүн бактылуу жүзүн тез эле байкашкан. Аялдар адамдын жүзүндөгү капалыкты дагы, ал аялбы же эркекпи 90 пайыз тактык менен оңой эле окушат. Анын тескерисинче, эркектер башка эркектин жүзүндөгү нааразычылыкты 90 пайызга, бирок аялдардын жүзүн карап



70 пайызга туура айтышкан. Аялдын жүзү эркек киши байкашы үчүн чынында эле абдан капалуу болуусу керек. Аларга билинер-билинбес өзгөрүүлөр байкалган эмес.

Эркек балдарды жана кыздарды маданий стереотиптерге бөлүү

Адамдар биздин биологиянын чындыгын туура эмес түшүнүшөт. Эски балалык ырда кийинкидей айтылат: кыздар “шекерден, татымалдардан жана башка жакшынакай нерселерден” жасалат, ал эми эркек балдар “желимдерден, үлүлдөрдөн, күчүктөрдүн куйруктарынан” жасалат. 5 жаштагы эркек баланын ачуусу келген: “Эмнеге кыздар жакшынакай нерселер болушат? А эмнеге балдар бак зыянкечтери жана иттин ампутациялангган мүчөлөрү болот?”

Кээ бир изилдөөлөр эркек балдарга бирге-бир көңүл буруу керектигин айтышат, себеби жакшы көрүү мээдеги жыныстык гормондордун деңгээлин

өзгөртөт, бул болсо мээнин өрчүшүнө таасир этет. Аялдарга жана эркектерге жүргүзүлгөн көп изилдөөлөр көргөзгөндөй, алар жадагалса эң оор илдеттерди, жүрөк оорусун же ракты, эгер анын жакшы көргөн жана колдоочу жубайы болсо оңой эле жеңип чыгаары айтылган. Жадагалса кичине эле үй-бүлөлүк чыр-чатак иммундук система аркылуу денеге калтырак жиберет, жаңжалдан кийин жубайлар суук тийип же сасык тумоолоп ооруп калышы толук ыктымал. Жубайлардын бирөө кайтыш болуп калса, тирүү калганынын иммундук системасы төрт айдан он төрт айга чейин депрессия

Кайгы

Акыл-эс саламаттыгы болобу же дене саламаттыгы болобу, эч ким жалгыздыктын же кайгынын ден соолукка тийгизген пайдасын тапкан эмес. Аялдар кайгыны эркектерге караганда башкача жолдор менен жеңишет. Бул жагдай эмнеге баласын жоготуп алуу кайгысын аялдар жана күйөөлөр башкача жолдор менен көтөрүшөөрүн түшүндүрө алышы мүмкүн (демейде күйөөлөрү кетип калышат, аялдар болсо ар кимге боздоп ыйлашат). Ошентсе да, биз ар бир аял – мыкты эмоционалдуу аңгемелешүүчү же ар бир эркек – "кайраттуу" деп талаша албайбыз. Илим биздин ким экендигибиздин бардык аспектилерин аныктай албаган бир учур бар.

Эмнеге Курандын бөлүмдөрү "Мээримдүү жана Ырайымдуу Алланын аты менен" деп башталаарын ойлонуп көрдүңүз беле? Ата-энелер балдарына мээримдүү болушуна ишара кылууну байкайсызбы?

Жыныстык сезимдердин айырмачылыктары

"Эгер күйөөңүз менен мындан ары жыныстык байланышта боло албасаңыз өзүңүздү кандай сезээр элеңиз?"– деген суроого кээ бир аялдар жакшы эле болмок, кучактап өөп койсо эле жетиштүү деп жооп беришкен. Ал эми эркектер аялдары менен жыныстык байланышта болушпаса өздөрүн жаман сезишээрин айтышкан.

(Фишер ж.б., 2012)

Жыныстык сезимдери жагынан аялдар эркектерге салыштырмалуу күчтүүрөөк келишет. Алар байланышы жок көп убакытка чейин жүрө алышат. Адатта алардын сезимдерин козгоо үчүн кармалоо керек. Көп убакытка жыныстык байланышта болбой калуу – эркектер үчүн кыйынга турат. Бир эле сөз эркектин сезимин козгоп, эрекцияга алып келет. Аял эркектен айырмаланып, жыныстык байланышка сезими козголбосо деле бара алат.

Кошмо Штаттардагы эркектер орточо эсеп менен бир нече мүнөттө бир жолу секс жөнүндө ойлонот. Эркектер берилип кароодон качышы керек, себеби алар сексуалдык каалоосун жакшы башкара алышпайт. Жыныстык байланыш – маанилүү иш, ал эми балдар анын жыйынтыктары. Жыныстык байланыштарды башкаруу – коомдун моралдык, психологиялык жана социалдык жактан туура өнүгүшүнүн эң маанилүү милдети.

Жыныстык айырмачылыктардын даанышмандыгы

Аял балдарын бардык коркунучтардан тоскоолдуксуз сактай алышы үчүн сезимтал жана эмоционалдуу кылып жаратылган жана үйрөтүлгөн. Бул жаныбарлар дүнөсүндө да абдан ачык байкалат. Эне-мышык өзүнүн балдарын башка мышыктардан жана эркек мышыктардан, алардын атасынан дагы коргойт жана катат, антпесе аларды чычкандардай кылып жеп салышат. Кош бойлуулук учурунда балдарды төрөөгө, эмчек менен багууга жана аларды коргоого керектелүүчү атайын гормондор бөлүнүп чыгат.

Ар бир айда келүүчү айыз учурунда, кош бойлуулук учурунда, төрөт учурунда, эмчек эмизүү учурунда аялдар көз каранды абалда болушат. Ошондуктан, бул учурларда аларга көбүрөөк көңүл бөлүү керек. Миллиондогон аялдар айыз учурундагы ыңгайсыздык тууралуу айтышат. Көйгөйлөр бир нече күнгө созулуп, билинер-билинбес ооруксунуудан катуу ооруганга чейин болушу мүмкүн. Анын белгилерине ич көбүү, сайгылашуу, төштүн ооруксунуусу, баш ооруу, кандын көптөн жана узакка келиши, маанайынын өйдө-ылдый болушу жана чарчоо кирет.

Эркек киши аялга жыныстык жактан тартылып турат, ошондуктан ал ошол аялга жана анын балдарына кызмат кылуу жоопкерчилигин алат. Аялынын жана балдарынын муктаждыктарын камсыз кылып туруу үчүн күйөөсү жоомарт болушу керек, ал эми эне көбүрөөк өзү жана балдарынын жашоосу жөнүндө тынчсыздануусу керек. Эркекке ар бир айдагы этек кир, кош бойлуулук, төрөт жана эмчек эмизип багуу түйшүктөрү жүктөлгөн эмес. Ошондуктан, ал тийиштүү киреше тапканга жана үй-бүлөсүнүн муктаждыктарын камсыздаганга жакшыраак аракет кылуусу үчүн бошотулган.

Эркектер менен аялдардын табиятындагы кошумча айырмачылыктар исламдык үй-бүлө мыйзамдарын жана тыйуу салууларын түшүндүрөт. Алардын өзгөчө жыныстык мүчөлөрү “*awrah* – адамдын уяттуу жерлери түшүнүгүндө камтылган. Эркектин уяттуу жерлери анын киндиги менен тизесинин ортосунда деп эсептелгендиктен, ал оор кара жумушту тоскоолдуксуз жана чеги жок аткара алат. Ошол эле учурда, анын денесинин ачык жерлери аялдарды баш-учун жоготуп ага ашык болуп калгыдай анча деле кызыктырып азгырбайт. Тескерисинче, аялдарга келгенде бул чындык. Аялдын денесинин бардык жери эркектердин көңүлүн буруп кызыктырып турат. Аялдын денесин көргөндө эркектер тез эле кызыгышат, ошондуктан аялдын бардык денеси, анын бети, колдору жана тамандарынан башкасы, уяттуу деп эсептелинет. Аялдар денелерин эркектерге көрсөтүүсүнүн чынында зарылчылыгы жок. Бет таптакыр башка нерсе, анткени анын аялдын инсандыгын жана өздүгүн аныктоо сыяктуу башка таасирлери жана кызматтары бар. Бул *“awrah”* жөнүндөгү так аныкталган жана толук түшүндүрмө – үй-бүлө жана коомду бузган баш аламан жыныстык байланыштарга каршы эффективдүү камсыздандыруу мыйзамы. Бирок, аял-күйөө ортосундагы мамилелерде бири-биринин денесине эч кандай чектөөлөр жок, себеби Куран ушундай деп түшүндүрөт.

...Алар силердин кийимиңер, силер алардын кийимисиңер... (Куран, 2:187)

Коомдун тең укуктуу мүчөлөрү болгон эркектердин жана аялдардын бирдей укуктары бар, ошондой эле физиологиялык жана психологиялык өзгөчөлүктөрүнө жараша ар башка жана кошумча

милдеттери дагы бар. Үй-бүлө – бул эркектерге, аялдарга жана балдарга пайда алып келген жана эффективдүү иштеген адамдар түзгөн атайын мекеме.

20 жаштан 40 жашка чейинки аялдар үй-бүлөнүн негизин түзүшөт. Алар жумшак жана камкор, ошондуктан алар үй-бүлөлөрүнө тынчтык жана жайлуулук тартуулай алышат. Күйөөгө тынчтык керек, айрыкча жашоону камсыздоо үчүн ал бир күн бою оор жумушта иштеп, үйүнө кайткан кезде. Бул алардын жашоосунун ушул баскычтагы табигый артыкчылыгы.

Бирок, бул аялдар башка көп нерселерди кыла алышпайт дегенди билдирбейт жана аталарды үй ичинде тынчтыкты камсыздоо милдетинен бошотпойт. Мындай сапаттар аялдардын алсыздыгы жана эркектердин катуулугу деп кабыл алынбашы керек. Алар үй-бүлө мүчөлөрүнүн ар биринин атайын милдеттерине туура келет.

Ислам мыйзамы киреше табуунун мыйзамдуу жоопкерчилигин аялга эмес, анын экономикалык статусуна карабай, күйөөгө жүктөйт, себеби маселе – милдеттерде жана бул милдеттерди аткарууга даярдык көрүүдө. Аялдын жумушка чыгып иштөө же иштебөө чечими анын колунда. Аны жумушка чыгып иште деп мажбурлаганга болбойт, себеби аны жана анын балдарын жашоо каражаттары менен камсыздоо толугу менен күйөөсүнүн мойнунда болот. Эгерде аялы жумушка чыгып иштейм десе, мунун эч бир жаман жагы жок. Аял жумушту да жана энелик милдетти да аткара алгандыктан, анын киреше табууга да жана эне болууга да укугу бар.

Өнүгүүнүн ар кайсы баскычтарындагы физиологиялык жана психологиялык айырмачылыктар алардын укуктарын жана милдеттерин кыскартпайт. Кээ бир өзгөчөлүк же сапат аял үчүн позитивдүү (мисалы, жумшак үн) жана эркек үчүн негативдүү болушу мүмкүн, жана тескерисинче. Эркектин аялды кумарануу менен карашына, ислам боюнча жол берилбейт.

Америкалык эркектердин жана аялдардын приоритеттери: изилдөө

“Вашингтон пост” газетасы жана Гарвард университети төрт миң эркектерге жана аялдарга изилдөө жүргүзүп Кошмо Штаттардагы эркектердин жана аялдардын төмөндөгүдөй приоритеттери бар деп жыйынтыктаган:

- Заманбап жашоонун психологиялык жана экономикалык кыйынчылыктары менен күрөшүү;
- Үй-бүлө байланыштарын чыңдоо;
- Балдар менен баарлашып туруу.

Тилекке каршы азыркы күндө, Батышта жана мусулман өлкөлөрүндө аялдар курмандыкка кабылышты. Финансылык кыйынчылыктардан тышкары, Батыш маданиятынын көз карашында аялдар жумушка чыгып иштеши керек жана алар секс объектилери, арзан көңүл ачуу жана коммерциялык ишкана катары каралышат. Кээ бир мусулман өлкөлөрүндө аялдардын билими жок жана энелик чоң милдетке даяр эмес. Алардын көпчүлүгүнүн камсыздандыруулары жок, күйөөлөрүнүн ырайымынын астында, көп өлкөлөрдө аларга көңүл бурулбайт жана маргиналдашып кетишкен.

Маркум Шейх Мухаммед аль-Газали өзүнүн мемуарларында, кыштакта өткөн балачагында аялдарды мечиттен башка жердин баарынан көрүүгө болоорун жазган. Кээ бир өлкөлөрдө аялдарга мечитте орун жоктугун көрүү кайгылуу. Турциядагы теолог студенттердин көпчүлүгүн азыр аялдар түзүшөт. Бирок, мечит архитекторлору “намаз окуган аялдарды жайгаштырууга абдан аз көңүл бурушкан”. Ошондуктан, Стамбулда, конгрегационалдык сыйынуучулар үчүн негизги намазкананын бир бөлүгү жана жадагалса өзүнчө мечит аялдар үчүн бөлүнүп берилген.

(МУРАД, 2009)

Азыркы күндүн эң беделдүү институционалдык билим булагы болгон ар бир жумада өтүүчү Жума күнкү дааватта берилген диний түшүнүк жана илим-билим алууну энеге уюштуруп бербестен, кантип биз андан бала тарбиялоону күтөбүз?! Мындай чектөө, Пайгамбардын (с.а.в.) салтына карабай, кылымдарга созулуп келген.



Пайгамбар (с.а.в.) айтты:

Алланын аял-пенделерин Алланын мечитине баруусуна тыюу салбагыла. (Муслим)

Аялдар, өздөрүнүн кошумча үй-бүлөлүк милдеттерин аткарууларына байланыштуу, кызматтарына жана жоопкерчиликтерине жараша мечитте же үйдө өтүүчү намаздарга катыша алышат. Чынында, аялдарын түйшүккө салуунун ордуна, аларга жардамдаша калып, мечитке баруусуна шарт түзүп берүү – күйөөлөрүнүн милдети.

Он алты жыл – өтө кеч

Араб акыны жазган:

Кызың Любнаны өзүң жок кылгандан кийин, эми ыйлап жатасыңбы? Любна кайтыш болду, ал эми кайтып келбейт?!

Кээ бир ата-энелер көпчүлүк учурларда балдарын бузуп, туура эмес тарбиялап жана күч колдонуп зомбулук кылышат, анан кайра өздөрүнүн кылгандарына өкүнүп калышат.

Алардын өкүнүүсү 16 жылга кечигип калышы мүмкүн!

Эркектер аялдардын үйдөн сырткары иштөөсүн колдогону менен, көпчүлүк эркектер жана аялдар эненин эртеден кечке чейин балдары менен үйдө болуусун артыгыраак көрүшөт. Америкалык аялдардын жумушта иштешинин негизги себеби – жашоонун керектөөлөрүн канааттандыруу үчүн көбүрөөк киреше табуу деп көпчүлүк ишенет.

(аль-Усра, 61 суроо, 1419)

Гендерлик бөлүнүү качан башталган?

Балдардын көпчүлүгүндө бир жаштын тегерегинде гендерлик айырмачылыктар башталат. (Бил, 1993). Эки–үч жаштын ортосунда алар өздөрүнүн жынысын түшүнүп башташат. Үч жаштагы анатомия жөнүндө үн чыгарып байкоолорду жүргүзгөн балдар дээрлик эки жылча ойлонгондорун айтышы мүмкүн. Гендерлик көз карашта, кичинекей балдар дүйнөнү эки топко бөлүп карашат. Өздөрүнүн жынысын билээри менен алардын өзүн-өзү кабылдоосу эркек же кыз деп тез аныкталып, алар кантип ылайык келүүнү үйрөнүп башташат. Үч жашка чыгып калганда, баланын жүрүм-туруму байкалаарлык жынысына ылайык келген мүнөзгө ээ боло баштайт. Кыздар көп агрессивдүү болбой, үй жасап ойноо сыяктуу “кыздардын” оюндарын тандашат. Эркек балдар орой болушу мүмкүн, машина сыяктуу “эркек балдардын” оюнчуктарына жана кыймылдуу оюндарга кызыгып башташат.

Гендерлик өздүк көбүнчө эндокринологиялык тассирлерден башталат, айрыкча өспүрүм курактан баштап жана жарым-жартылай бала чактагы анатомиялык айырмачылыктарды таануудан жана ошол таанууга болгон психологиялык реакциялардан башталат. Баарынан мурда, гендердик өздүк өзүнүн жынысындагы ата же эне менен өзүн позитивдүү идентификациялоодон башталат. Аялга окшош эркектер же эркекке окшош аялдарда, бездердин соо экенине карабай, көйгөй бир жагынан ата-энелер менен болгон татаал мамилерге барып такалат.

Күчтүү, билимдүү, үй-бүлөсүнө кам көргөн, эр жүрөк атасын тууроо – эркек балага өзүн чынында эркек сезүүсүнө

жардам берет. Жашап жаткан чөйрөсүндө ата башка эркектер менен болгон атаандаш жана кызматташ мамилелеринде өзүн адекваттуу сезиши керек. Өсүп жаткан денедеги жакшы гендердик өздүк анын атасы же жакын чөйрөдөгү эркектердин арстанга мергенчилик кылганына, же кураштыруучу цехте иштегенине, же үйдө тамак бышырып, баланын жалаягын которгонуна байланыштуу эмес. Ата өзүн эркек катары жакшы сезсе жана уулу менен жакшы мамиледе болсо, гендердик өздүк жакшы калыптанып, коопсуз болчудай.

Өзүн эркек катарында дайыма ишенимсиз сезген атанын канааттанбагандыгы ар кандай анча байкалбаган жолдор менен уулуна билинбестен берилип турат. Бул уулдун туура эркектик аң-сезимге ээ болушуна жолтоо болот. Үй жумуштарынын бардыгын “аялдыкы” деп же болбосо “татыксыз” деп эсептеп, аларды четке кагуунун өзү, атанын канааттанбагандыгын уулуна көргөзүүсүнүн бир жолу. Эркек бала муну сезип, ойлонбостон кээ бирлерин кабыл алат.

Кыз бала аял болууну каалап чоңоёт жана аялдын ролунда ыракаттанган эне жакшы көргөн жана колдоп турган ийгиликтүү аял болууга даярданат, анын маданиятында эне – жер иштеткен дыйканды же бошобогон сенаторду түшүндүрөөрүнө карабайт.

Кыздарды жана эркек балдарды бирдей тарбиялоо талап кылынбайт. Үйдө кыздарга же эркек балдарга артыкчылык берүүгө болбойт. Алардын башкача ролдоруна карабай, бала багуу жана үйдө жардам көрсөтүү – кеңседе, заводдо иштегендей же коомдук жашоо сыяктуу эле татыктуу жумуш.

Эркек балдарга жана кыздарга жетишерлик, бирок окшош эмес мамиле кылуу керек. Аларды жашоо менен бетме-бет чыгууга жана эркек балдарды агрессияга жана сезимсиздикке, ал эми кыздарды алсыз жана эркекке толугу менен көз каранды болууга тарбиялабастан, өздөрүнүн ролдорун да ийгиликтүү аткаруусуна даярдоо керек. Кыздарды өтө эле эмоционалдуу болбоого жана өздөрү каалагандай болбой калса ыйлабоого үйрөтүү керек. Эркек балдарды болсо өтө эле агрессивдүү болбоого жана оюндагыдай болбой калса күч колдонбоого тарбиялоо зарыл.

Мүмкүн болушунча, колледжди бүтмөйүнчө билим алуу – кыздарга да, эркек балдарга да бирдей маанилүү. Эркек балдарга жана кыздарга ар бирине мүнөздүү болгон куурчактардын жана action figures ордуна гендердик көз карашта нейтралдуу оюнчуктарды берүү зарыл. Лего курама оюнчуктарын кыздардын куурчактарынын жана балдардын action figures оюнчуктарынын жанына тизип коюу керек.

Кичинекей кыздын кийими анын ойноосуна жолтоо болбошу керек. Ата-энелердин кызына юбка кийгизип коюп, кайра анын ич кийими көрүнүп калса ага кыйкыруусу адилеттүүлүккө жатпайт. Ата-энелер кызына өтө тар эмес, ыңгайлуу шым кийүүгө жана ага инисиндей болуп активдүү ойноого уруксат бериши керек. Кызы көңүлүн куунак

алып жүрүүгө жана иниси сыяктуу өзүнүн физикалык жөндөмдүүлүгүн барктоого үйрөнүшү керек. Уулду эч качан, жадагалса ойноп жатканда да, кызды түртпөөгө үйрөтүү зарыл. Кызды болсо эркек баланын аны түртүүсүнө жол бербөөгө, эгерде түртө турган болсо ыйлагандын жана качып кетүүнүн ордуна өзүн коргошу керектигин үйрөтөбүз.

Эркек сымал аялдар жана аял сымал эркектер

Пайгамбарыбыз (с.а.в.) аялга окшош эркектерге жана эркекке окшош аялдарга өтө терең нааразылык билдирген.
(АЛЬ-БУХАРИ)

Эркек деген эркек, аял деген аял, экөө тең ким экендигине ыраазы болушу керек! Алар бирин-бири туураганга болбойт. Эркектер менен кыздарды, алар жашап турган маданияттын чегинде биринен-бирин ажырата билүү жеңил болуусу керек, анткен менен азыркы күндө бул нерсе кээде түшүнүксүз болуп баратат.

Кудай эркектер менен кыздарды бири-биринен башкача кылып жараткан, себеби алардын аткарган кызматтары ар башка, бирок бирин-бири толуктап турушат. Биздин ар түрдүү болуп, бири-бирибизге тартылып турушубуз жана жашообуздун шаңдуурак болушу – Кудайдын бергени.

Биз мындай бөтөнчө жана жагымдуу айырмачылыктарды бурмалап, бузбашыбыз керек!

Гендердик “согушту” бир да жыныс жеңе албайт. “Душмандар” менен болгон байланыштар өтө эле терең! Радикалдык феминисттер Батыш маданиятына терс таасирин тийгизишкен. Кээ бир феминисттер аялдар эркектер сыяктуу эле катуу жана кебелбес, жана алар эркектер жасаган нерселердин баарын жасай алышат деп айтышат. Башка радикалдык чакырыктар булар: Аялдар эркектерге муктаж эмес. Аялга эркек, балыкка велосипед керек сыяктуу эле керек. Коомго эмне керек болсо, аялдар аны эркектерсиз эле кыла алышат.

Үстөмдүк кылуучу христиандык көз караш мындай чакырыктарга карама-каршы келет. Иса Машаяк эркектер сылык жана берешен эле болбостон, кайраттуу жана лидер болушу керек деп айткан. Кайсы гана жинди болбосун “кыйын жигит” боло алат, бирок чыныгы мырза гана аялга урмат жана сый мамиле кылат. Эркек үй-бүлөлүк чечимдерди аял менен бир нече жолу чындап кеңешкенден кийин гана кабыл ала алат. Күйөөлөрү аялдарына сый мамиле кылышы керек, бул урмат менен иш кылуу дегенди түшүндүрөт. Кудай эркектерди эр-жүрөк кылып, аялдарды назик кылып жараткан, ошондуктан кыздарга эркек балдарга кылгандай мамиле кылууга болбойт.

Куранда гендердик маселе жөнүндө төмөнкүчө айтылат:

> “Аллах силердин бириңден, экинчиңерди артык кылганына суктанбагыла. Эркектерге өздөрүнүн эмгегине жараша үлүш. Аялдарга да өздөрүнүн эмгегине жараша үлүш. Аллахтын жакшылыгын сурангыла. Акыйкатта, Аллах – бардыгын Билүүчү!” (Куран, 4-3)

Аялдар дагы, эркектер дагы – уникалдуу

- Жүз эркек лагерь жасай алышат, бирок үй жасаш үчүн бир эле аял керек. (Кытай макалы)
- “Дүйнөдөгү эң күчтүү адам ким?”- деп Фемистокл Император сураган. “Афиналыктар Грецияны башкарат; мен Афиналыктарды башкарам; сен, менин аялым; мени башкарасың; менин балам менин аялымды башкарат; бала сени башкарат”.
- Эркек аялды толугу менен түшүнө алабы? Аял эркекти толугу менен түшүнө алабы?
- Эркек кош бойлуулуктун жана төрөттүн азабын түшүнө алабы? Муну түшүнүү мүмкүн эмес, бирок бөйрөктүн катуу сайгылашып оорушу буга жакыныраак болушу мүмкүн. Эгер сизди эркекти окутасызбы же аялды окутасызбы тандаңыз десе, кимисин тандайт элеңиз? Эгер эркекти окутсаңыз, инсанга билим берген болосуз, ал эми аялды окутсаңыз улутка билим берген болосуз!

Ата-энелик милдетти аткаруу: гендерлик акылдуулук

Азыркы күндө, бала тарбиялоо – көпчүлүк үй-бүлөлөрдө эненин милдети, ата болсо жардам берет. Америкадагы аялдар менен эркектер ортосундагы бала багуунун дисбалансы (2001) төмөндөгүдөй:

- аталардын 75 пайызы күнүмдүк бала багууга катышышпайт;
- аталардын 50 пайызы алардын графиги боюнча бош убактысы болгондо жардам беришерин айтышат;
- аталарга караганда (орто эсеп менен жумасына 10 саат) энелер (орто эсеп менен жумасына 32 саат) бала багууга көбүрөөк убакыт жумшашат.

(Таффел, 1994; Таффел, 2001; Дэвидсон, 1992)

XXI кылымда бала тарбиялоо иши жана жоопкерчилиги гендер боюнча эмес, мүмкүнчүлүгүнө жана жакын тургандыгына жараша аныкталат, ал бардыгына бирдей мүмкүнчүлүктөгү тапшырма сыяктуу болуп калды. Баланын жалаягын алмаштыруу өткөн мезгилде калканчы болгон “Менин атам эч качан жалаяк алмаштырган эмес, эмнеге мен алмаштырышым керек” деген эмес, “Ким биринчи жытты сезди?” деген түшүнүктүн чегинде чечилип калды.

Өспүрүм кызга мүнөздүү болгон “бала багуучу” деген аныктама, эне жок учурда балдарын багып жаткан атага тийиштүү болбой калды, себеби ал азыр өз балдарынын биргелешкен-багуучусу. Ошентсе да, аталар бала багуунун бардык багыттары боюнча тең партнерлор эмес. Аялдардын жумушчу ордундагы ролу, аялдарды жана эркектерди алардын үй-бүлөдөгү салттуу ролдорун кайра карап чыгууга мажбур кылды. Алар экөө тең жумуштан үйүнө кайткан маалда ким отуруп алып гезит окуйт жана ким кечки тамакты жасап, балдарын тамактандырып, жуунтуп жана уктаганга жаткырат? Бул маселелер демейде милдеттерди бөлүштүрүү аркылуу чечилет: бирөөсү тамак жасаса, экинчиси сууга түшүрөт жана төшөккө жаткырат. Жадагалса, балдарды жазалоо да калысыраак жолго өзгөргөн. Азыркы күндө энелер чанда эле мурдагыдай: “Коё тур, атаң үйгө келсинчи!” – деп коркутушат. Аталардын ийнинен зор жүктү алуу менен жазалоо “Ким биринчи көрдү?” эрежеси менен жүргүзүлөт.

Эмнеге дисбаланс?

АЯЛДАР ТАРАБЫНАН, АЯЛДАРДЫН БАЛА БАГУУГА КӨБҮРӨӨК КАТЫШУУСУНУН СЕБЕПТЕРИ:

- Аялдар көйгөй жаратып же чыр-чатак чыгаргылары келбейт.
- Аялдар бала багууга көбүрөөк даяр, себеби аларды ушинтип үйрөтүшкөн жана бул алардын биологиясына байланышкан тубаса реакциясы.
- Балдарга байланыштуу көйгөйлөрдү коомчулук дагы эле аялдарга тикелей жүктөгөндүктөн, көпчүлүк аялдар бул жоопкерчиликтен баш тарткылары келбейт.
- Көпчүлүк аялдар бул милдеттерди бөлүшүүгө каршы, себеби алар көзөмөл жүргүзө албай калышы мүмкүн жана алар муну балдарынын сүйүүсү жана берилгендиги

менен бөлүшүү деп эсептешет, же болбосо алар шеригинин ишти кандай аткаргандыгын жактырышпайт.

ЭРКЕКТЕР ТАРАБЫНАН, ЭРКЕКТЕРДИН БАЛА БАГУУГА АЗЫРААК КАТЫШУУСУНУН СЕБЕПТЕРИ:

- Мен жооптуу болгон учурда коркунучтуу бир нерсе болуп кетеби деп чочулайм.
- Баланын суроо-талаптарын аткара албай калып, ачууга алдырып коём.
- Алардын энеси бала бакканды жакшыраак билет, мен эч качан муну өздөштүрө албайм.
- Эгерде балдар менен өтө көп нерселерди кылсам, аябай көп иштердин айынан жана убакыттын жоктугунан жумуш боюнча көтөрүлүү мүмкүнчүлүгүнөн ажырайм.
- Мектепте бала багууну же баланын өнүгүүсүн окуткан сабактарга катышууга эркектер үчүн мүмкүнчүлүктөр азыраак.
- Эркектердин балдарды жакшы тарбиялашы үчүн үлгүлөрү болушу керек.
- Эркектердин тарбиялоо милдети үчүн колдоо системасы жок.
- Кээ бир энелер атанын көбүрөөк катышуусуна тоскоол болушат.

Бирок, бүгүнкү муундагы аталар бала багууга өздөрүнүн аталарына караганда көбүрөөк убакыт жумшап жатышат, ошондуктан жүрүм-турумда өзгөрүү бар сыяктанат.

Аталардын бала багуучу катары ролу: чындык жана миф

АТАЛАРДЫН БАЛА БАГУУЧУ КАТАРЫНДАГЫ РОЛУ ЖӨНҮНДӨГҮ МИФТЕРДИН ТИЗМЕСИ ЖАНА ЧЫНДЫК

МИФТЕР	ЧЫНДЫКТАР
• Аялдар балдарды дайыма жакшыраак багышат.	• Балдар энелерине кандай жакын болушса, аталарына деле ошондой жакын боло алышат.
• Алгачкы бир нече жылдын ичинде, аталар балдары үчүн анча деле маанилүү эмес, качан балдары чоңоё баштаганда гана алар менен көбүрөөк иши болушу керек.	• Аталар деле ымыркай балдарына энелердей сезимтал болушат.
• Атанын эң маанилүү ролу – тартипке көз салуу.	• Америкалык аталар энелерге караганда балдары менен башкачараак ойношот: аталар физикалык активдүү оюндарды көбүрөөк колдонушат, жана убактыларынын көбүрөөк бөлүгүн ойноо менен өткөрүшөт (аталардын 45 пайызы энелердин 25 пайызына салыштырмалуу). (Парке, 1996; Йогман, 1981)

• Ата үй-бүлөнүн багуучусу болгондуктан, ал балдар менен көп убакыт өткөрүүгө тийиш эмес.	• Аталар камкор болушат: дайыма аталары баккан балдардын көрсөткүчтөрү стандарт текшерүүлөрдүн нормасынан жогору болушат.
• Дени сак болуп чоңоюшу үчүн балдар энесине жакыныраак болушу керек.	• Атанын тарбиялоо ыкмасы балдардын коомго кантип аралашаарына чоң таасир этет. Балдарынын жүрүм-турумун жакшы көрүү, акыл-эс жана чечкиндүү ыкма менен башкарган аталар жогорку компетенттүү балдарды тарбиялап чыгарышат. Жакшы көрбөгөн, жазалоону жакшы көргөн жана өкүмчүл аталар адатта көз каранды, коомдон бөлүнүп турган жана тынчсызданган балдарды тарбиялап чыгарышат.
• Атам менен анын уулу катарында жакын мамиледе болгон эмесмин, ага карабай менде баары жакшы, ошондуктан мен деле уулум менен жакын мамиледе болушум керек эмес. • Ата катарындагы менин кемчиликтерим үчүн мени күнөөлөй албайсыңар, себеби атам мени ушинтип тарбиялаган.	• Биз дайыма өзүбүздүн иштерибиз үчүн жооптубуз. Эгер биздин ата-энелерибиз биз үчүн жакшы үлгү болушпаса, жакшы үлгүлөрдү биз өзүбүз издешибиз керек.

Атасыздыктын балдарга тийген таасири

Тарбия берген атанын жоктугу менен балдардын төмөндөгү жаман жүрүм-турумунун өз ара байланышын изилдөөлөр көрсөткөн:

1. Баңги заттарды жана спирт ичимдиктерин колдонуу;
2. Эркектердин зордук-зомбулугунун көбөйүшү;
3. Үлгүлүү эркектери жок тарбияланган балдардагы гипер-эрдик;
4. Жаман жүрүм-турум;
5. Ата-энелердин ажырашуусуна же кайра үйлөнүүсүнө кыйынчылык менен көнүү;
6. Башкалардын сезимдерине жана муктаждыктарына кайдыгер кароо;
7. Окуудагы жетишкендиктердин төмөндөөсү жана жогорку окуу жайдан чыгып калуунун жогорку көрсөткүчү.

Эркек балдардын жана кыздардын ар кандай муктаждыктары

Эркек балдардын жана кыздардын муктаждыктарынын ар башкача болуусу – табияттанбы же тарбияданбы эч ким так айта албайт. Ошентсе да, балдарынын муктаждыктарын канааттандырууга жардам берүүдө ата-энелер чечүүчү ролду ойной алышат. Кээ бир коомчулуктарда, гендердик ролдор жана аларга байланыштуу жүрүм-турумдар так аныкталган, айрыкча коомдун кедейирээк бөлүктөрүндө. Бул эрежелерди бузгандардын баары жазалоого алынышат.

ТӨМӨНДӨ КИЧИНЕКЕЙ ЭРКЕК БАЛДАРДЫ ЖАНА КЫЗДАРДЫ ӨЗ МИЛДЕТТЕРИН ТУУРА АТКАРУУГА ШЫКТАНДЫРУУ ҮЧҮН КЕҢЕШМЕЛЕР БЕРИЛГЕН (ФРИДМАНДАН АДАПТАЦИЯЛАНГАН, 1998):

КИЧИНЕКЕЙ КЫЗ ЭМНЕГЕ МУКТАЖ?

Өзүнө ишенгендик: Ата-энеси кыздарында кайсы сапаттарды өнүктүрүүнү кааласа, ошону сүрөттөгөн сөздөр менен аларды тез-тез шыктандырып туруулары зарыл: “Тепкичтердин баарына өз алдынча чыкканың чоң эр жүрөктүк болду”. Ата-энелери аларга ишенерин билүү, алар акылдуу жана жөндөмдүү экендигин билүү – кыздар үчүн абдан маанилүү. Кыздарга лидерлик кылуу үчүн көбүрөөк мүмкүнчүлүктөр берилиши керек, мисалы, эмне иш кылууну аларга тандатууга, эрежелерди аныктоого жана чыр-чатактарды жөнгө салууга мүмкүнчүлүктөрдү берүү менен. Башчылык кылганды үйрөнгөн кыз өзүнүн билимин жана карьерасын башкарууга жакшыраак даярдыкта болот.

Өз алдынчалык: Колунан келген ишти өз алдынча жасай ала тургандыгын сезүү – кичинекей кыз үчүн маанилүү: стакандагы сокту көтөрүп баруу, чачын тароо, же бирөөнүн жардамысыз блоктор менен мунара куруу. Көп аялдар өмүрүнүн көпчүлүк бөлүгүндө акы үчүн иштей ала тургандыгын кыздарга эскертүү абзел, ошондуктан, ар бир кыз өзүн колдоого даяр болушу керек. Ата-энелер акы төлөнгөн жумушту, волонтердук ишти жана үй-бүлөлүк жашоону айкалыштырып жашаган күжүрмөн аялдарды позитивдүү үлгү катарында мисал кылып айта алышат.

Өлчөмдү кабыл алуу жана координация: Кыздарга ойноо үчүн ар түрдүү оюнчуктарды, жүк ташуучу жана жеңил машиналарды, куруу блокторун, түрдүү топторду жана айдап ойногон же үстүнө чыгып ойногон оюнчуктарды кошо берүү керек.

Физикалык ден соолук: Ата-энелер кызы менен активдүү оюндарды ойной алышат (жөрмөлөө, орто топ, күрөш). Жадагалса уюшулган спорт оюндарын ойноого али кичине кыздар деле оюн аянтчасында горкада ойносо, куушмай ойносо жана тоңкочук атып ойносо пайда табышат. Ата-энелер кызын сактоодон алыс болгону дурус, анын даракка чыгып же чөптө ойноп кир болуп, саксайып, тердеп ойногонуна жолтоо болбостон, ага “фу” деген сезимден чыгууга жардам бере алышат. Ага баткак менен ойноого жана көчө оюндарын ойноого мүмкүндүк берүү керек.

Чечим кабыл алуу жөндөмдөрү: Ата-энелер кызына тандоо жүргүзүп жана өзүнүн чечими үчүн жоопкерчиликти алганга уруксат бериши керек. Кичинекей кезинде ага тамак ичкенге каалаган чыныны же тарелканы жана ойногусу келген досун тандоого уруксат берилиши керек.

Кызыгуучулук: Кыздарга чөйрөсүн изилдөөгө ар бир мүмкүнчүлүктү берүү керек. Алар ымыркай же жөрмөлөп жүргөн кезинде, үйдүн ичинде ары-бери жүрүшү үчүн үй толугу менен коопсуз болушу зарыл. Ата-энелер кыздарын дүйнө менен тааныштырып ар кайсы жактарга алып бара алышат: китепканага, паркка, зоопаркка, супермаркетке, көчө базарына жана сыйынуу жайларына. Ошондой эле алар кызда-

ры окуган мектептен окуучулар үчүн фабрикаларга, фермаларга, кол өнөрчүлүк ишканаларга, бактарга, сот залдарына жана башка билим борборлоруна жүрүш уюштуруп берүүнү өтүнө алышат.

Дене келбети: Ата-энелер кызынын сырткы көрүнүшүнө караганда, анын жетишкендиктерине көбүрөөк басым жасашы керек. Кызы менен ал эмнени бүтүрө алаары тууралуу көбүрөөк сүйлөшүү, ал бул көйнөктү кийгенде кандай татынакай экендиги тууралуу сүйлөшкөнгө караганда жакшыраак. Мисалы, алар: "Сен бүгүн татынакай көрүнүп турасың" дегендин ордуна: "Сен укмуштуудай иш бүтүрдүң", – деп айта алышат.

Критикалык анализдөө жөндөмдөрү: Эгер балдары телевизор же фильм көрүп жатышса, ата-энелери бул ишти критикалык көз менен караганды үйрөтө алышат. Алар көргөн нерсесин чогуу талкуулап жана "салттуу" ролдорду издей алышат. Мисалы, талкууну дене келбетинен баштаңыз. Телеберүүдө кыздар кандай сүрөттөлгөнүн талкуулагыла: Толугураак кыздар элге таанымал эмес кыздар катарында сүрөттөлүптүрбү? Алар күлкүлүү каарман катарында колдонулуптурбу? Мүчөсү келишкен кыздар секс символдору эле болуп көрсөтүлүптүрбү? Алар акылдуудай көрүнөбү?

Математикалык жана илимий шык: Кыздарга илимди, математиканы жана технологияларды өздөштүрүүгө бардык мүмкүнчүлүктөрдү бериш керек. Кыздардын дүйнөнү изилдөөгө даярдыгына, каалоосуна жана умтулуусуна карабай, алар көп учурда жетишерлик таасир жана шыктануу албаган болушат.

Үлгү болуу: Өздөрүн жана башка аялдарды, энелерди, жеңелерди жана тууган аялдарды сыйлоо менен кыздар сактай ала турган стандарттарды аныкташат. Ушинтип, алар салттуу стереотиптерди жеңе алышат, бул стереотиптер кыздарга "ачуу жана таттуу бардыгы жакшы" дегенден башкага түрткү боло алышпайт.

КИЧИНЕКЕЙ ЭРКЕК БАЛА ЭМНЕГЕ МУКТАЖ?

Эркек үлгү болуу: Эркектер өздөрүнүн жеке жана кесиптик жашоосундагы гендердик маселелерди өздүгү, теңдиги жана жыныстык ориентациясы жаатында кайтадан карап жана күрөшүп келишкен. Көп учурларда аталары жок доордо, эгер эркек балдар эркектен үлгү алышпаса, анда алар популярдуу маданияттан (спорт жана телеберүү сыяктуу) эркектик кадыр төрт нерсе менен аныкталарын үйрөнүшөт: секс, күч, спорт жана материалдык байлыктар. Бала тарбиялоочулар катарында, ата-энелер аялдардын, эркектердин жана эркек балдардын ортосундагы өз ара байланыштарды кайтадан карап чыга алышат.

Эркектер салт боюнча аялдардын маданиятына тийиштүү болгон: Сезимдери менен бөлүшүү, эмоционалдык колдоо көрсөтүү жана баарлашуу искусствосунун үстүнөн иштөө сыяктуу нерселер менен эксперимент жүргүзүп көрүүлөрү – туура. Эгер эркек бала атасына келип аны башка бала уруп жатканын айтса, анда атасы мындай баарлашуу энеси менен кызынын ортосунда

кандай өтөөрүн элестете алат жана алардын баарлашуусунун кээ бир нерселерин өзү колдоно алат.

Физикалык эркелетүү: кичинекей кыздарды канча кучактасак кичинекей эркек балдарга да ошончолук кучакташуу керек, ошондуктан ата-энелер ымыркай эркек баласы ыйлаганда аны кучактап сооротушу керек. Мындан сырткары, алар уулу менен жумшак оюндарды ойноо менен чогуу убакыт өткөрүүлөрү абзел жана кичинекей уулу чоңойгон сайын кучакташып турууну улантышы керек.

Сүйлөө жөндөмдөрү: Ата-энелер уулу менен көп-көп сүйлөшүп туруулары керек, жадагалса анын ымыркай кезинде дагы. Алардын үндөрү уулун сооротуп жана анын сүйлөө жөндөмүнүн өрчүшүнө түрткү болот.

Башкаларга кам көрүү: Ата-энелер уулуна анын иш-аракеттери башкаларга кандай таасир этиши мүмкүн экенин түшүндүрүшү зарыл. Кыз бир нерсени туура эмес кылса, ага кимдир-бирөөнүн тынчын алдың деп айтышат, ал эми балдарды жөн гана жазалашат. Балдарды жазалаганда, алардын туура эмес кылгандары ата-энелерине же досторуна кандай таасир этерин талдагандын ордуна, адатта алар ачууланганын гана эстеп калышат.

Тынчтык жолу менен чечүү жөндөмдөрү: Конфликттерди чечүү үчүн эркек балдарга конструктивдүү жолдорду үйрөтүү керек. Адатта жаңы басып жүргөн балдардын көпчүлүгү кылгандай, алардын түрткөн же тиштеген адаттары болсо, ата-энелер бирөөнүн денесин оорутууга болбосун айтып, ачуусун башкача жолдор менен чыгарууну сунушташы керек.

Өзүнүн иш-аракеттери үчүн жоопкерчиликти алуу: Эки башка талап коюудан оолак болуу маанилүү. Эгер ата-энелер кызы үчүн айрым жүрүм-турумдарды ылайыксыз деп эсептешсе, анда ушундай эле талап уулуна да коюлушу керек. Алар “эркек деген эркектей” деген шылтоону карасанатайлыкты кечирүү үчүн колдоно алышпайт.

Эмоцияларды билдирүү: Эркек балдарды сезимдерин, ыйды да кошуп билдирип туруусуна шыкак болуш керек. Эгер эркек балдар кайгылуу сезимдерди билдирүүгө болбойт дегенге ишенишсе, алар бул эмоцияларды чоңдор сыяктуу эле жашырганды үйрөнүшөт.

Гендердик айырмачылыктарга карай рационалдуу мамиле

Ата-энелер балдарына гендердик айырмачылыктарды аныктоого жардам бере алышат.

- Кызынын гендердик айырмачылыктар жөнүндөгү байкоолоруна жана билгендерине тиешелүү мамиле көрсөтө алышат.
- Балдарына керектүү жүрүм-турумдарды ата-энелер өздөрү үлгү катары көрсөтө алышат. Мисалы, алардын уулу энесинин газондогу чөптү чапканын же машина айдаганын, атасынын чаң сүртүп, тамак жасап же идиш жууганын көрүп туруусу. Кээ бир өлкөлөрдө оор жумуштардын көпчүлүгүн аялдар жасашат (суу ташуу сыяктуу).
- Ата-энелер гендерлик көз карашта нейтралдуу оюнчуктарды сунуштай алышат. Жаңыдан басып жүргөн бала өзү менен курдаш балдардан канча үйрөнсө, ата-энесинен да ошончо үйрөнөт, ошондуктан ата-энелер башка ата-энелер менен иштөөсү абзел.

Гендер жана темперамент

Өтө эле эркек чалыш болуу же өтө эле назик болуу жакшы эмес экендигин айткан психологдор менен көпчүлүк ата-энелер макул болушат. Эркек балдар дагы, кыздар дагы чечкиндүү жана жумшак, сезгич жана аналитик болуулары керек. Бирок, көп ата-энелер баласы "карама-каршы жыныстагылардын" жүрүм-турумун кыла баштаганда сарсанаа болушат. Барби куурчагы менен ойногусу келген уулуна ата сарсанаа болсо, көйнөк кийүүдөн баш тарткан кыздын апасында көйгөй жаралат.

(Кесслер жана Маккена, 1978)

Булар канчалык олуттуу? Булар эмнени түшүндүрүшөт?

Биздин ар бирибиз белгилүү бир темперамент менен төрөлгөнбүз. Температмент бул – биздин айланабызда болуп жаткан нерселерге мүнөздүү түрдө мамиле кылуубуз. Темпераменттер, кандайдыр бир деңгээлге чейин, бизди эмнелер кызыктыраарын жана эмнелерди жаман көрөөрүбүздү аныкташат. Кээ бир балдар башынан эле башка адамдарга сезгич келишип жана аларга кызыгышкандай (көз менен байланышка оңой барышып жана жылмаюуга жылмаюу менен жооп берип). Башка балдар көрүнүктүү нерселерге же добуштарга көбүрөөк көңүл бурушат (алардын көздөрү үстүндө илинип турган музыкалык оюнчукка кадалып калган).

Эгер ата-энелер белгилүү бир темпераменттик манераларды жаратылышы боюнча эркекке же аялга тиешелүү деп ишенсе көйгөй келип чыгат. Бул нерсе абалды курчутуп жиберет. Мисалы, ата же эне тырмагын күлгүн түскө боёп ал-

ган уулуна: “Сен эмне өзүңдү кызмын деп ойлойсуңбу?” – деп сураса, бала туура эмес түшүнүп, эгер ал “кыздардын ишин” кылгысы келсе, анда кыз болуш керек экен деген жыйынтыкка келиши мүмкүн. Андан соң ал кыз болуп калсам болмок деген каалоосун же “чын эле” кыз болуу тууралуу айта башташы мүмкүн. Бул анын ата-энеси кокусунан жараткан ой. Көп кыздарга “катуу-контакттуу” оюндардын ызы-чуусу жана баш аламандыгы жагат. Эгер кыз физикалык жактан активдүү болуп, катуу оюндарды ойногусу келсе, ата-энелер аны “кыздай эмес” деп саноосу мүмкүн, а чындыгында маселе, ал кыздын темпераменти сырткы чөйрөдөгү бийик деңгээлдердеги стимуляцияга жооп бергендигинде.

Темперамент менен гендердик функцияларга байланыштуу үмүттөр эркек балдар үчүн айрыкча көйгөйлүү. “Эркек балдардын оюнуна” кызыккан кыздарга караганда “кыздардын” оюнуна кызыккан эркек балдарга көбүрөөк терс баа берилет. “Кызтеке” деген сөз “ашынган тентек” дегенден алда канча коркунучтуурак. Себеби, коомдо “эркектей” деген белги “аялдай” дегенге караганда кадырлуурак, эркек адамдын эркектигин четке кагып, аялдыкындай “төмөнүрөөк” статусту тандашы өзгөчө айыптоого кабылат.

Ата-энелер өздөрүнүн уулдарын жана кыздарын жакшы көрүүлөрү керек. Балдар ата-энелери менен бекем жана камкор карым-катнашта болгондо жана ата-энелер балдарын камкор, кайрымдуу, дени сак жана бактылуу адам болуусун каалаганда чоң ийгиликке жетишет.

Ата-энелер төмөндөгүлөрдү билиши керек:

- Эгерде сиздин балаңыздын ойноо жүрүм-туруму нормадан сырткары жана катаал болсо, тынчсыздануу керек. Эгер бала (кыз же эркек бала) Барби куурчагы менен ойногусу келсе же аялдардын кийимин кийгиси келсе – бул бир иш. Ал эми, эгер баланын каалаганы ушул эле болсо же кайра-кайра эле ушул оюнду ойной берсе, анда ал башка иш.

- Сейрек учурларда, абдан бактысыз балдар өздөрүнүн денелери, айрыкча жыныс мүчөлөрү, башкача болуп калса болмок деп айта башташат. Эгер баласы денесин майып кылганга аракеттенсе же бул жөнүндө сүйлөгөн эле болсо, ата-энелер кооптонушу керек. Мындай учурда, адистин кеңешин алуу керек.

- Ата-энелер баласынын темпераментинин мүнөзүн ооруга айлантпашы керек. Эгер алардын уулу же кызы бактысыз болуп, депрессияга түшүп же тынчсызданып жүрсө, анда аны балдар депрессиясына же тынчсыздануусуна адистешкен балдар психиатрына көрсөтүү керек.

- Медикаменттик терапия – коркунучтуу. Ошондуктан дарыларды жазып берүү кеңеш кылынбайт, анын ордуна баарлашуу терапиясы сунушталат.

- Кимдир бирөөнү күнөөлөнүн кереги жок. Баланын адаттан тышкары артык көрүүлөрү – ата-энелердин эч кандай иштерине байланыштуу эместиги толук ыктымал.

Кыздар жана эркек балдар ар башкача окушат

“Мектепке чейинки жашынан баштап, эркек балдар жана кыздар маалыматты ар башка деңгээлде, ар башка себептер менен, ийгиликтин ар башка көрсөткүчтөрү менен кабыл алышат” (Гуриан, 2001). Жаш эркек балдар бир нерселерге же буюмдарга көбүрөөк кызыгышса, кыздар адамдар жана алардын ортосундагы мамилелерге көңүл бурушу мүмкүн. Башталгыч класста, эркек балдар картадан Францияны оңой эле табышса, кыздар француз тилин оңой эле өздөштүрүшү мүмкүн. Туура жоопту таап аны тегеректегенге эркек бала кыйыныраак болсо, суроону угуп жана ага туура жоопту жазууга кыз жөндөмдүүрөк келет. Тилекке каршы, дагы эле эркек балдар жана кыздар бирдей окушат деген түшүнүк өкүм сүрөт, жыйынтыгында балдардын жүрүм-турумдары туура эмес болуп, окууну таштап коюшат.

Эгер биз эркек балдар менен кыздардын ортосундагы айырмачылыктарды моюнга алып жана алардын жеңишке жетүүсүнө жардам бериш үчүн өзүбүздү кайра окутсак, көптөгөн начар окугандар өзгөрө алышат эле. Майкл Гуриандын ийгиликтүү стратегиялары начар окуган студенттерди эң жакшы студенттерге өзгөртүүдө колдонулган. Анын стратегиялары ар бир класска жардам бере алган, себеби ал эркек балдардын жана кыздардын күчтүү жактарын чыңдап, ал эми кемчиликтерин толуктаган.

Кыздар үчүн: ата-энелер алардын лидерлик сапаттарын чыңдашы керек, алар менен кыймыл-аракеттүү оюндарды ойноп, алардын жазуу жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүп, компьютерлерди колдонууга жана үйрөнүүгө жардам берүүлөрү жана аларга математика, илимий конкурстарга катышуусуна түрткү болуулары керек.

Эркек балдар үчүн: ата-энелер аларга өздөрүнүн энергияларын жууп-тазалоо, жардам берүү жана буюмдарды ары-бери жылдыруу иштеринде колдонууга түрткү болушат; аларга ачуулануу, капачылык жана кубаныч сыяктуу сезимдерди барктоого көмөктөшөт; алардын мээсинин чыгармачылык жана сүйлөө жөндөмдөрүн өрчүтүү максатында аңгеме жана жомок айтып берүүнү сунуштайт; физикалык кыймыл-аракетти камсыз кылышат (кучакташуудан баштап тоңкочук атканга чейин); медиа-сабаттуулукка үйрөтүшөт; конфликттерди чечүүгө жана коомдук окууларга катыштырышат.

Бөлөк-бөлөк гендердик билим берүү маселеси – карама-каршылыктуу. Бирок, эркек балдар жана кыздар башкача окушуп, класста ар башка окутуу стратегияларын колдонуу зарылчылыгы жаралып жаткандыктан, эмнеге натыйжалуу жана эффективдүү билим үчүн башка-башка класстарды колдонууга болбосун? Биз кантип эки башка стратегияны бир убакта бир класста колдонгону турабыз? Муну ишке ашыруу мүмкүнбү? Эгер мүмкүн болсо, анда канча убакыт жана каражат керектелет жана жыйынтыктары канчалык эффективдүү болот?

Майкл Гильберт (2007) бир-жыныс мектептерин сунуштайт. Төмөндө анын онлайн макаласы кыскартылып берилди:

Көп сандагы эркек балдар кыздардан артта калышып, мектептен чыгып калып жатышат. Колледжге тапшыра алган жаш жигиттер өздөрүн азчылыктын катарынан табышат, себеби сан жагынан аялдар дээрлик үчтөн экисин түзөт. 1960-жылдары, бөлөк окутуу теңсиздикти туюнтат деген коркунучтан улам жана жыныстык стереотиптерди жок кылуу аракетинде пландоочулар мүмкүн болушунча эр-

терээк жашында эки башка жыныстагыларды аралаштыруу тууралуу чечим кабыл алышкан. 1965-жылы, Америкалык коомдук мектептердин көпчүлүгү бир жыныстуу болушкан; 2000-жылга карата алардын бир нечеси гана сакталып калган. Азыркы күндө АКШда кичинекей эркек балдар мектепке киргенде, алар аял мугалимдер жана администраторлор басымдуулук кылган дүйнөгө дуушар болушат. Улуттук коомдук мектептердеги эркек мугалимдердин саны 40 жыл ичинде эң төмөнкү көрсөткүчтө. Алардын арасында кыздар тезирээк окушат, эмоцияларын жакшыраак башкарышат жана азыркы күндөгү билим берүүдө көңүл бурулган чогуу окуу жана сезимдерди көрсөтүү менен өздөрүн жакшы сезишет.

Эркек балдар үчүн визуалдуу иштеп чыгуу ыңгайлуу жана аларда кыздар башталгыч класстарда тоскоолсуздук өздөштүрө алышкан колдордун кыймылын башкаруу жок. Алар өзгөчө каалаган физикалык активдүүлүк, жарыш же курулуш ал жакта жок. Эркек балдар сезимдерин билдиргенден көрө, башка эмне болсо да жасаганды артык көрүшөт.

Эркек балдар класста көңүлүн топтой алышпайт. Алар көп учурларда инструкцияларды этибарга алышпайт жана тапшырмаларды туура эмес аткарышат. Алар өнүгүүнүн кечеңдеши менен үч-төрт эсе көп жабыркашат жана кыздарга караганда эки эсе көп окууга жөндөмсүз деп классификацияланышат. Көптөрү тентектиги үчүн жазаланышат. Эркек балдар өздөрүн жөн эле эркек балдар сыяктуу алып жүргөндүктөрү үчүн контролго алынып жана дарылануунга дуушар болушат (Кавказдык эркек балдардын бештен бири убактысын Риталин менен өткөрүшөт, өтө күчтүү наркотик). Аларга жадагалса танапис учурунда чуркаганга уруксат берилбеши мүмкүн. Мындай көрүнүш, эркек балдарда көп учурда мектепти жек көрүү сезими туулат дегенди түшүндүрөт.

Орто мектептин эркек окуучу балдары кыздарга караганда 50 пайызга көбүрөөк классты кайталап окушат жана жогорку окуу жайларда кыздарга караганда үчтөн биринин көбүрөөгү окуудан чыгып калышат. Аз улуттардан жана кедейирээк үй-бүлөлөрдөн чыгышкан эркек балдар эң көп жабыркашат. Акырында, Американын билим берүү системасы, анын келечектеги кирешелерге олуттуу таасир этиши жакшы документтештирилсе да, начар даярдыктагы же өздөрүнүн билимин өркүндөтүүгө эч кызыкпаган жаш жигиттердин легионун даярдап чыгат. Бул эркектер үчүн, аялдар үчүн жана өлкөнүн экономикалык келечеги үчүн жаман көрүнүш.

Бирге окутуу – окуу материалдарынын, бир түрдүү тестирлөөнүн жана жүрүм-турум стандарттарынын жыныстысы эске албаган мүнөздө болушун таңуулайт. Жыйынтыгында, мектептерде тең салмактагы идеалдуу гендердик чөйрө куруу жолунда, “тең” түшүнүгү “ушундай сыяктуу” түшүнүгүнө айланат. Бирок бул жерде бир маселе бар: эркек балдар жана кыздар – бирдей эмес. Алар бирдей жол менен же бирдей убакытта чоңоюшпайт. Балдары бар ата-энелердин көпчүлүгү эркек балдар бардык жагынан, сөздөрдү билүүдөн баштап сулуу жазууга, жадагалса түз олтуруу жөндөмүнө чейин, жайыраак өнүгүшөөрүн билишет.

Маргарет Мид, башка атропологдор сыяктуу эле, дээрлик бардык гүлдөп, өнүгүп жаткан элдер эркек балдарды жана кыздарды бөлүп окутушуп жана даярдашкандыктары тууралуу бизге маалымдайт.

Америкадагы 90000 чогуу окутуу мектептеринин ичинен 33 штаттагы 250дөн азыраак коомдук мектептер бир гендерлүү мектеп боюнча калууну чечишкен. Бир гендерлүү мектептер варианты диний жана жеке мектептер арасында кеңири жайылган.

Бир гендерлүү жеке мектептер көп убакытка чейин гүлдөп өнүгүп келишкен. Флорида орто мектебинин 4-классынын окуучулары бир гендерлүү класска которулушкан. Кыздар да, эркек балдар да жазуу жүзүндөгү текшерүү иштеринде таң каларлык жыйынтыктарга жетишишкен. Мындан башка да перспективалуу эксперименттер АКШда, Канадада жана Ирландияда орун алды. Эркек балдар жана кыздар жалпы билим берүү мектептеринде мелдештен жана социалдык көйгөйлөрдөн кутулушканда жана дисциплиналык маселелер азайганда ийгиликтерди жаратышат.

Кыздарга да жана эркек балдарга да арналган бир гендердүү билим берүүнүн жакшы жыйынтыктары бар, атап айтканда окуу жана чет тилдерди үй-рөнүүдө жогорураак көрсөткүчтөргө жетишүү, көбүрөөк убакытты үй тапшырмаларын аткарууга жумшоо жана жогорку билим алууга умтулуу. Мамлекеттик билим берүү кеңештеринин улуттук ассоциациясы (NASBE) 2002-жылдагы отчетунда бир гендердүү мектептерде "жакшы жетишкендиктер кыздар арасында жана аз улуттагы эркек балдар да, кыздар да арасында эң чоң көрсөткүчтө" экендигин белгилейт.

Эркек балдарды жана кыздарды мектептерде жана класстарда бөлүү

АКШнын Джорджия штатындагы Грин Каунти Америкадагы эркек балдарды жана кыздарды бөлөк класстарда окуткан биринчи бир гендердүү мектеп аймагы болууну пландаштырып жаткан. Мындай чечим тестирлөөнүн жыйынтыктары бир нече жыл бою начар болгондуктан, мектепти окубай таштап коюу көрсөткүчтөрү тездик менен өскөндүктөн жана өспүрүмдөр арасында кош бойлуулуктун көбөйүшүнөн улам кабыл алынган.

Көпчүлүк ата-энелер жана мугалимдер түшүндүрүү иштери болбогондуктан, мындай өзгөртүүгө каршы болушкан жана план акырындык менен ишке ашпай калган.

Мектеп директору Макколоу, эркек балдар жана кыздар ар башкача окушат жана аларды бөлүп окутуу мугалимдерге сабактарын ыңгайлаштырууга мүмкүнчүлүк берет деп айткан. Ошондой

эле, эркек балдар дагы мынчалык көп тартип бузууларга барышпайт эле, себеби алар кыздарга таасир калтырууга аракеттенишмек эмес, кыздар дагы класста сүйлөп башташы мүмкүн болчу, себеби алар балдардын алдында акылдуу көрүнүүдөн коркушмак эмес.

(Индия мезгили, 2008)

Бөлүп окутуу сабактарды гендердик артыкчылыктарды жана муктаждыктарды эске алуу менен пландаштырат. Кыздар жана эркек балдар ар башкача үйрөнүшөт, эгер сабактар алардын белгилүү муктаждыктарына карата даярдалган болсо, алар жакшыраак окушмак. Биз улут катарында гендердик айырмачылыктарды түшүнбөйбүз жана аны талкуулоо – саясий көз карашта туура эмес деп эсептейбиз деп Сакс (2006) билдирет. Натыйжада, мектептер студенттерге мүмкүнчүлүктөрүнө жетүүгө көмөктөшө алган жери жок. Биз кыздарды кокусунан компьютердик илимдерден, ал эми эркек балдарды искусство жана тилдерден четтетип жатабыз. Эркек балдардын угуусу кыздардыкынан башкача болоорун жана кыздар жарыкка сезимталыраак келээрин Гуриан (2001) белгилейт. Сак болуш үчүн эркек балдар көп учурда ойдолоп жана кыймылдап турушу керек, кыздар болсо өздөрүн жакшы алып жүрүп, көбүрөөк көңүл бурушат. Ушул сыяктуу айырмачылыктарды жоюу үчүн ар түрдүү окутуу методдору колдонулат.

(Чандлер жана Глод, 2008)

Биз Малазиянын Эл аралык Ислам Университети (IIU) тарабынан өзүнүн башталгыч, орто жана жогорку мектептеринде ийгиликтүү ишке ашырылган төмөндөгү системаны сунуштайбыз:

1. Бала бакчадан баштап үчүнчү класска чейин: кыздар жана эркек балдар үнбөй чогуу окушат, мугалимдери аялдар.

2. Төртүнчү класстан алтынчы класска чейин: кыздар жана эркек балдар башка класстарда, бирок бир мектептин ичинде. Аралашууга иш-чаралардын жана танапистердин учурунда уруксат берилет. Ошентсе да, кыздар жана эркек балдар бир класстын ичинде бирге боло алышат, бирок төмөндө көрсөтүлгөндөй эки башка жакта отурушат:

Класстын сунушталган структурасы (4-6-класстар)

Эркек балдар		***Кыздар***	

3. Жетинчи класс менен сегизинчи класстар: Кыздар үчүн жана эркек балдар үчүн бөлөк мектептер жана окуучулар менен бир жыныстагы мугалимдер болсо жакшы болот. Бул 13-14 жаштагы жыныстык жактан жетилип келаткан өспүрүм курактагы топ, балдар эксперимент жүргүзүп жана үйрөнүп акырын-

дык менен чоңоюп жаткан учур.

Жыныстык зордуктун олуттуулугун түшүнмөйүнчө аларды аралаштыруу коркунучтуу.

4. Тогуздан он экиге чейинки класстар: бөлөк мектептер, бирдей жыныстагы мугалимдер гана.

5. Университеттик билим: кыздар жана эркек балдар бир класстын ичинде, бирок эки башка тарапта отурушат. Бул куракта өспүрүмдөр жүрүм-турумуна көбүрөөк жоопкерчиликте болушат. Алар келечектеги жубайларын ийгиликтүү тандай алышат, айрыкча мугалимдер жана ата-энелер колдоо көрсөтүп жана кеңеш беришсе. Мындай көрүнүш Малайзиянын Эл аралык Ислам Университетинде, студенттердин баарын "Ата-эненин милдетин аткаруу" курсуна катыштыруу менен ийгиликтүү ишке ашып жатат.

Ата-энелик милдетти аткаруу жана гендердик суроолор: Исламдын тили менен

Ислам 610-жылы келгенде, араб коому эркектер үстөмдүк кылган шовинисттик коом болчу; кыз төрөө – уят жана маскаралык иш болгон.

> *Эгер алардын бирөөсү кыз менен сүйүнчүлөнсө, анын ачуусу келип, бети карара баштайт.* (Куран, 16:58)

Курандын жообунда укум-тукум белегин берген бир Кудай экендиги, алардын баары кыздарбы, эркек балдарбы же экөө теңби, ал бир Анын иши экендиги айтылат. Пайгамбырыбыз (с.а.в.) кыздарын туура чоңойткон ата-энелерге кубанычтуу кабар айтат:

> Кимдин үч кызы же эже-карындаштары, же эки кызы жана эки эже-карындаштары болсо жана алар менен жакшы мамиле кылса жана алар үчүн Аллахтан корксо, анда ал адам бейишке кирет. (АЛЬ БУХАРИ ЖАНА МУСЛИМ)

> *Эй, адамдар! Биз силерди эркек ургаачыдан жараттык. Ошондой эле бири бириңерди таанып-билишиңер үчүн урууларга жана элдерге бөлүп койдук. Аллахтын алдында силердин эң сыйлууңар – такыбараагыңар. Чындыгында, Аллах – (баарын) Билүүчү, (баарынан) Кабардар!* (Куран, 49:13)

Адамдардын баары бир ата (Адам) жана бир эненин (Обо) тукумдары. Эркектердин жана аялдардын өзгөчө милдеттерине келгенде, Пайгамбарыбыз (с.а.в.) төмөндөгүдөй түбөлүктүү концепцияларды жана практикаларды эркектер-үстөмдүк кылган эбегейсиз чоң араб коомунун чөйрөсүндө орноткон:

> Силердин араңарда эң жакшыңар үй-бүлөсүнө жакшы мамиле кылгандар, силердин араңарда менин үй-бүлөмө эң жакшысы менмин.
> (ТИРМИЗИ ЖАНА ИБН МАДЖА)

Пайгамбарыбыз (с.а.в.) үй жумуштарын аткарчу:

> Айша жана Умм Салама айтышат, Пайгамбарыбыз (с.а.в.) өзүнүн бут кийимдерин оңдоп алчу, кийимдерин тигип же оңдоп, жөнөкөй эркек киши үйүнөн эмне жумуш кылса ошолорду кылчу. (АХМАД)

Пайгамбарыбыз (с.а.в.) ар түрдүү милдеттерди айырмаланып турган эки топко “аялдардын жумушу” жана “эркектердин жумушу” деп бөлгөн эмес. Куран аялдардын биологиялык милдети болгон энелик, кош бойлуулук, бала эмизүү учурунда энеге жана балага материалдык жана эмоциялык толук колдоо көрсөтүү милдетин атага жүктөйт. Мындан сырткары, Пайгамбар (с.а.в.) эң жогорку даражаны атага эмес, энеге ыйгарат:

Бейиш энелердин таманынын алдында.

(Ахмад, аль-Насаий жана Ибн Маджа)

Пайгамбар (с.а.в.) эркектер менен аялдардын теңдигине жардам берген жана өзүнүн жеке жашоосунда үй жумуштарын аткарып үлгү болгон, аны анык эркек үстөмдүк кылган шовинисттик араб жана бутпарастык коомдордо орун алган өзгөртүүчү үлгү деп классификацияласа болот.

Пайгамбарыбыз (с.а.в.) айтты:
Балдарыңыз жети жашка чыкканда, аларга намазды үйрөтүңүз, качан он жашка чыкканда, аларга намаз окуганга чындап жол көрсөтүңүз (алар намаздарын тургузушу үчүн); жана алардын уктоочу керебеттерин бири биринен бөлүп коюңуз.

(АХМАД ЖАНА АБУ ДАВУД)

Жыныстык катнаш жөнүндөгү маанилүү маселеде, эркек менен аялдын ортосундагы никеден тышкаркы эч кандай жыныстык байланышка жол берилбешин ислам дини айкын жана бекем ырастайт. Бул эреже үй-бүлөнү жана коомду оорудан жана бөлүнүүдөн сактоого багытталган. Ислам бул маселелерге жол бербейт жана мыйзамсыз жыныстык байланышка алып баруучу бардык нерселерге тыюу салат (спирт ичимдиктери, баңги заттар, флирт, азгырык).

Бир туугандар он жашка чыкканда, ар түрдүү сексуалдык көйгөйлөргө жол бербөө үчүн, алар ар башка керебеттерде укташы керек.

Ислам кыздарды эне болууга жана бала багууга, ошондой эле, үйдөн сырткаркы жана коомдук иштерди да аткарууга даярдайт (аскердик иштерге да активдүү катышуу менен). Пайгамбардын (с.а.в.) учурундагы аялдар анын катарына туруп согушушкан. Балдары белгилүү жашка чыккандан кийин энелер коомдун активдүү катышуучулары болушуп (расмий же расмий эмес түрдө), толук же толук эмес жумушчу күнү менен жумуштарда, акы төлөнгөн волонтердук жумуштарда, саясий жана саясий эмес иш-чараларда иштей алышат. Алардын абалына, адистигине, билимине, тажрыйбасына туура келген каалаган жумушту иштей берсе болот. Бул аялдардын милдети эмес, бирок бул аларга берилген артыкчылыктуу укук. Карама-каршысында, эркектин милдети бардык үй-бүлөнү камсыз кылуу.

Кээ бир гендердик ролдордун майда-чүйдөлөрү заманга жараша болгон. Мисалы, Пайгамбардын (с.а.в.) учурунда эркек кишилердин чачы узун болчу. Батышта, 1900-жылдардын орто ченинде узун чач эркекке жакшы жумуш табууга жолтоо болмок. Азыр болсо, жыйырма биринчи кылымда, узун чач кайрадан кабыл алынды. Өткөн мезгилде, кыйын жумуштар күчтүү эмгекчил эркектерге тапшырылчу. Азыр болсо, ошол кыйын жумуштар информациялык технологиялардын, электрониканын жана компьютерлердин жардамы менен булчуңду жана күчтү талап кылбай калышты. Куруучулук, инженердик жана транспорттук адистиктер аялдар тарабынан оңой эле аткарылып келет. Аялдар жана эркектер төмөндөгү чөйрөлөрдө бирдей эле белги менен иштей алышат: билим берүү, коомдук тамактануу, бала багуу, секретардык жумуш, информациялык технологиялар жана мейманкана ишин башкаруу. Мындан сырткары, кийим маселесине келгенде аялдар да, эркектер да жөнөкөйлүктү, кадыр-баркты



жана кадырлоону (өтө тар эмес, ачык эмес, денени жапкан жана одоно эмес) эске алуу менен джинсыларды жана шымдарды кийе алышат. Кээ бир мусулман өлкөлөрүндө, Пакистан сыяктуу, шымдар аялдардын салттуу кийимдерине кирет.

Эркектер менен аялдар бири биринен үйрөнө турган көп нерселер бар. Ар бир эркекте анча-мынча аялдык сапат жана ар бир аялда анча-мынча эркектик сапат бар деп айтууга болот. Экөөндө тең ар башка өлчөмдө эркектик жана аялдык гормондор бар. Эгер биз төмөндүгү сүрөөлөрдү талдасак, таң калычтуу эч нерсе жок экенини байкайбыз:

> *...алар силердин кийимиңер, силер алардын кийимисиңер...*
>
> (Куран, 2:187)

> *Ошондо алардын тилектерин Эгеси кабыл кылып: "Чындыгында, Мен силерди эркек же ургаачы болсун, амал кылуучуңардын амалдарын текке кетирбеймин, силер бири-бириңерденсиңер...*
>
> (Куран, 3:195)

> *Аллах силерди (баарыңарды) бир адамдан таратты.*
>
> (Куран, 39:6)

Эркектер менен аялдардын ортосундагы акыркы позиция төмөндөгүдөй:

> *Аллах силердин бириңерден, экинчиңерди артык кылганына суктанбагыла. Эркектерге өздөрүнүн эмгегине жараша үлүш. Аялдарга да өздөрүнүн эмгегине жараша үлүш. Аллахтан жакшылыгын сурангыла. Акыйкатта, Аллах – бардыгын Билүүчү.*
>
> (Куран, 4:32)

Куран бардык адамдардын маселелерин карайт. Айрым учурларда, сүрөөлөр өзгөчө милдетти аткаруу керек болгондо эркектерге жана аялдарга кайрылат. Бирок, кандай гана шарт болбосун, Куран аялдарга жана эркектерге сый жана урмат менен кайрылат.

Кудайдын жолу – эң жакшы жол: Кытайдын, Германиянын жана Индиянын мисалдары

Ааламдын Жаратуучусу ар бир нерсени өзүнүн өлчөмү менен жараткан жана бизге тең салмактуу чөйрөнү тартуулаган. Кудай жараткан жаратылыш мыйзамдарына кийлигишкенибизде биз баш-аламандыкты жаратабыз. Кытай – мунун көрүнүктүү далили. Калктын санынын өсүшүн башкаруу максатында, ал карама-каршылыктуу "бир үй-бүлө – бир бала" саясатын киргизген.

Жубайлар балдардын санын бир үй-бүлөгө бир гана бала менен чектөөгө тийиш болгон, болбосо алар жеңилдиктерге ээ болмок эмес. Бул эркектер басымдуулук кылган коомго алып келген, себеби элдер ошол жалгыз бала кызга караганда үй-бүлөгө жакшыраак жардам бере ала турган эркек бала болуусун артык көрүшкөн. Ондогон жылдар бою, ата-энелер эркек балдарды сактап калышып, кыздардан кутулушкан. Натыйжада калк арасында аялдарын жетишсиздиги келип чыккан, бул көп сандагы жашыруун аборттордун зыяндуу таасирлерин эске албаганда, кылмыштуулукка, адам уурдоого жана проституцияга түрткү болгон.

Мындай катастрофалык дисбаланс өкмөттү акырындык менен "табигый эмес" социалдык экспериментти токтотууга мажбурлап жана үй-бүлөлөргө табигый абалга кайтууга мүмкүндүк берген. Куран Кудайдын жаратуу мыйзамын төмөндөгүдөй түшүндүрөт:

> *Асмандар менен жердин бийлиги Аллахка гана таандык. Ал каалаганын жаратат: кимге кааласа кыз, кимге каалса уул берет, же Ал уулдарды да, кыздарды да берет. Кимди кааласа тукумсуз кылат. Анткени, Ал – Билүүчү, Кудуреттүү.*
>
> (Куран, 42:49–50)

Адам ата жана Обо эненин мезгилинен бери, гендердик баланс Жаратуучу Кудайдын жазганына жараша табигый жол менен сакталып келет.

Нацисттер адамдык сапаттар менен эксперимент жүргүзүүгө аракеттенишкен. Алардын идентификациялоо, изоляция жана окутуу сыяктуу бир нече процедуралардан турган Евгеника программасы "супер адамды" жаратууга багытталган болчу. Кайрадан, жыйынтыгында алардын иши таптакыр ордунан чыккан эмес.

Агнивеш жана башкалар (изилдөө борбору) Индияда кантип жашоого жөндөмдүү кыз түйүлдүктөн арылуу жана селективдүү аборт менен кыз түйүлдүктү аныктап, бойдон алып салуу иш аракеттери – аялдарга караганда эркектер 50 миллионго көп болгон коркунучтуу "гендердик ажырымга" алып келгенин көрсөткөн. Таң калыштуусу, технология бул ишти жеңилдеткен.

Өткөн тарыхта кичинекей кыздар төрөлгөндөн кийин өлтүрүүгө дуушар болушкан. Азыр болсо, жазалоочу укуктук чараларды тобокелге салбай, УЗИ процедурасы менен аныктап, кыз түйүлдүктү бойдон алуу – ата-энелер үчүн жеңилирээк жана догдурлар үчүн жогорку кирешелүү иш болуп калды. Мындай көрүнүштү токтотуу аракетинде, өкмөт түйүлдүктүн жынысын УЗИ аркылуу аныктоону мыйзамсыз деп киргизди.

Мындай практика (кыз түйүлдүктөн арылуу) калктын кедей жана сабатсыз катмарында, негизинен күйөө баланын үй-бүлөсү тарабынан колуктунун себине коюлган бийик талаптардын айынан кеңири жайылган. Ошентсе да, кыз түйүлдүктү бойдон алуу бай жана жогорку билимдүүлөрдүн арасында да тез-тезден кездеше баштады. (аялдардын арасында эң төмөнкү билим деңгээли – бешинчи класс жана эң жогоркусу – университеттик билим)

Кыздар жакыр жашаган Бангладеш жана Непалдан же Индиядагы начар жагдайда жашаган уруулардын аймактарынын уурдалып, күйөөгө болжол менен $200 АКШ долларына сатылат, ошол эле убакытта бир буканын баасы $1,000 АКШ доллары турат.

(Хьюз жана башкалар, 1999)

Тилекке каршы, Индиядагы көп элдерде, уул төрөлсө майрамдашып, ал эми кыз төрөлсө кайгыга батышат.

ИШ-АРАКЕТТЕР

38-ИШ-АРАКЕТ: Ата-энелердин баарлашуусу

“Баланы кантип жакшы тарбиялоо керектигин” талкуулаш үчүн жана оң жана терс тажрыйбалар менен бөлүшүү максатында бир нече ата-энелерди чогултуңуз.

Бир үйдө тамактанган соң, бардык ата-энелер чогуу отуруп, жакшы баланы кантип өстүрүү керектигин талкуулап башташты. Көптөгөн баалуу ойлор айтылды. Аягында бир акылдуу ата мындай деди: “Айтылган нерселердин баары керек, бирок жетишсиз, себеби эрежелердин барын сактасаңыз дагы, Кудайдын ырайымы сиздин үй-бүлөгө түшмөйүнчө, сиздин балаңыз көңүлүңүздү калтырат”. Ата-энелер төмөндөгүдөй консенсуска келишти:

Канча аракет жумшасаңыз дагы, ар дайым билимиңизди жана тажрыйбаңызды Кудайдын ырайымын издөө менен айкалыштырып, андан мындай кайрымдуу жана татаал ата-энелик милдетти аткарууга жардам берүүсүн сурануу керек.

Баланы жакшы тарбиялап чоңойтуу үчүн үй-бүлө, айыл, Умма жана Кудайдын ырайымы керек. Мунун жообу – обочолонууда эмес, бардык тараптардын кызматташтыгында.

39-ИШ-АРАКЕТ: Мен ким экендигим үчүн Кудайга ыраазымын!

Бардык мактоолор Аллахка болсун “Al-Hamdu Lillāh”
Балаңызга төмөнкүлөрдү кайталап айтып турууга үйрөтүңүз:
Мен Кудайга мага берген бардык жакшылыктары үчүн ыраазымын.
Мен Кудайга мени адам кылып жаратканы үчүн ыраазымын.
Мен Кудайга мени кыз кылып жаратканы үчүн ыраазымын, же
Мен Кудайга мени эркек кылып жаратканы үчүн ыраазымын.
Мен Кудайга мени кара, ак, күрөң, же сары кылып жаратканы үчүн ыраазымын.
Мен Кудайга мени мен кылып жаратканы үчүн ыраазымын!

40 ИШ-АРАКЕТ: Барак Обама: баланы жалгыз тарбиялап чоңойтуунун мисалы
Ата-энелерге балдары менен чогуу отуруп Африко-америкалыктын планетадагы эң жогорку саясий кеңсеге кантип чоңоюп келгени тууралуу сүйлөшүү сунушталат. Анын Президеттиги кандайча аяктаарына карабай, Барак Обаманын жетишкендиктеринин мурасы – дайыма адамдардын эң оор кыйынчылыктарды жеңе билүүсүнүн далили

болуп кала берет. Балдарыңызды Обаманын эки китебин окуп чыгууну сураныңыз: Менин атамдын кыялдары: расанын жана мураска ээ болуунун окуясы, жана Үмүттүн осолдугу. Ата-энелер Кудайдын тагдыр буйруктары бар экени жана анын кеменгерлиги жөнүндө, ал кантип муундан муунга берилерин, узак жол басаарын жана тоскоолдуктарга карабай, ар дайым өзүнүн акыркы дайындоосуна жетерин түшүндүрүп бере алышат. Обаманы жалгыз бой энеси тарбиялаган, бул жөнүндө ата-энелер балдары менен талкуулай алышат. Алар Муса жана Иса пайгамбарларды тарбиялаган энелер (жаткан жерлери жайлуу болсун) жөнүндө да, Мухаммед пайгамбарды (с.а.в.) тарбиялаган таякеси жөнүндө да сүйлөшүүлөрү абзел.

Обама жана Кудайдын тагдыр буйруктары тууралуу, эгер төмөндөгү анын турмушун аныктаган шарттардан кандайдыр бир четтөө болсо, анын жыйынтыгы канчалык деңгээлде айырмаланаарын билүү кызыктуу болмок.

Төмөндөгү “эгер...кандай болмок” жөнүндө ойлонуп көргүлө:

- Эгер Обаманын атасы (Барак Хусейн Обама, Улуусу) Кениялык мусулман болбосо жана Америкага стипендия утуп албаса кандай болмок?
- Эгер ал Канзастык ак аялга (Анна Данэм) үйлөнбөсө кандай болмок?
- Эгер ал аялы Аннаны, Барак эки жашка чыкканда экинчи кайтып келбеш үчүн таштап кетпесе кандай болмок?
- Эгер анын энеси Анна кайрадан Индонезиялык мусулманга (Соеторо) турмушка чыкпаса жана төрт жыл Джакартада жашап, Обама аяктан мусулман балдар менен мектепке барбаса кандай болмок?
- Эгер анын энеси өгөй атасы (Соеторо) менен ажырашып, кайрадан Кошмо Штаттарына кайтып келбесе кандай болмок?
- Эгер анын энеси ректын айынан каза таппаса жана ак түстөгү таятасы менен таянеси (Маделин жана Стэнли Данэм) аны Гавайиде чоңойтушпаса, жана ал жакта мектепке барбаса кандай болмок? ЧОҢ үй-бүлөнүн таасири жана алардын батасы тууралуу ойлонуп көрүңүз!!
- Эгер ал Гарвард Университетине өтпөй калса жана белгилүү Гарвард Обзору журналынын биринчи Африкалык Америкалык редактору болбой калса эмне болмок?
- Эгер ал Чикагодо христиан катары жашабаса жана Христиандык Троица чиркөөсүнө барып жүрбөсө кандай болмок?
- Эгер ал Африкалык кулдардын тукуму, ошондой эле, Гарварддын да бүтүрүүчүсү болгон Мишельге үйлөнбөсө кандай болмок?

Адам ниет кылат, Кудай буйрук кылат.

Адамзаттын расизмди жана фанатизмди жеңиши жана тең укуктуулуктун, ар түрдүүлүктүн жана чыдамдуулуктун принциптерин колдонушу – чоң жетишкендик.

Ак Үй Африкалык кулдар тарабынан 1792 жана 1800-жылдардын ичинде курулган, азыр аны өздөрүнүн бирөөсү ээлеп отурушу, атасы, энеси жана эки кызынан турган үй-бүлө, бул укмуштуу өзгөрүш. Акыр аягы, Обама кандай иш кылса да, албетте ал тарыхты жаратты!

Ушул эле темада, ата-энелер Кудайдын тагдыр буйруктары жөнүндөгү өздөрүнүн башынан өткөн окуяларды айтып бере алышат жана алардын жашоосундагы ар түрдүү жолдордун кесилиштеринде кабыл алынган тагдырды чечкен чечимдер менен бөлүшүп, ал чечимдер кандайча турмуш куруусуна, бала-чакалуу болушуна таасир эткени жана азыркы турган жерине алып келгени жөнүндө айтып бере алышат!

Мунун баары Жаратуучу Эгебиздин маңдайга жазган тагдыры:
Кудайдын каалоосу болмоюнча, сиздин “каалоңуз” орундалбайт!

13-БӨЛҮМ

Балдарга жыныстык тарбия берүү жана жыныстык мамиле тууралуу түшүндүрүү адеби

- Киришүү 304
- Жыныстык тарбия деген эмне? 304
- Америкадагы көрүнүш 305
- АКШдагы эне менен кыздын ортосундагы мамиле 310
- Баалуулуктар жана жыныстык мамиле: кече жана бүгүн 311
- Эмне үчүн балдарга жыныстык тарбия берүү керек? 313
- Сексуалдык зомбулуктун олуттуу зыяндары 316
- Имбрахимден таркаган диндер бузуктук менен никесиз жыныстык мамилеге тыюу салат 319
- Никесиз жыныстык катнаш жана жубайлардын кыянаттыгын (чыккынчылыгын) мыйзам жолунда жазалоонун себеби 320
- Жыныстык жол менен берилүүчү илдеттер 320
- Кыз менен жигиттин мамилелери тууралуу 322
- Бала туруп балалуу болгон жаштар: Ислам дининде бойдон алдыруу жана бала асырап алуу 324
  - *Бойдон алдыруу 326*
  - *Ислам дининде бала асырап алуу 327*
- Гомосексуализм жана ата-энелер 328
- Исламдагы жыныстык тарбия 332
- Балдардын алдындагы ата-энелердин милдети 334
- Жыныстык мамилелер жана гигиена эрежелери 335
- Өспүрүмдөр жана аруулук 336
- Жыныстык тарбиянын ич-ара көйгөйлөрүнө карата Ислам дининин чечими жана алдын алуучу чаралары 339
  - *Уяттуулук (ḥayā’) 341*
  - *Кийинүү адеби 346*
  - *Аял эркектин эркин аралашуусуна жана жалгыз калуусуна жол жок! 347*
  - *Тең курлардын таасири жана тышкы факторлор 348*
  - *Эмне кылуу керек? 349*
  - *Эрте никеге туруу 350*
- Билим берүү системасы эрте никеге турууга каршы 351
- Балдарды жыныстык зомбулуктан коргоо 354
  - *Сойкулук жөнүндө балдар менен сүйлөшүү үчүн ылайыктуу курак 356*
  - *Балдардын үй–бүлө мүчөлөрү тарабынан сексуалдык зомбулукка кабылышы 357*
- Мусулмандарга мүнөздүү жыныстык тарбия берүүнүн планы 359
- Иш-аракеттер 41-42 361

Киришүү

Жыныстык мамиле жана жыныстык тарбия – өтө маанилүү жана терең каралуучу маселелердин бири. Ата-энелердин көпчүлүгү балдары менен бул темада сүйлөшүүнү ыңгайсыз сезишип, жыныстык тарбия берүүнү билим берүү мекемелери, мектеп жана жогорку окуу жайларына калтырышат. Адам баласынын ден соолугу чың, акыл-эси менен дүйнөсү тең салмакта кармалып, толук кандуу жашоо сүрүшү үчүн жыныстык мамиледе болушу – мыйзам ченемдүү көрүнүш. Бирок чар-жайыт калыптанган түшүнүктөрдөн улам пайда болгон жыныстык көз караш туура эмес мамиле түзүүгө алып келип, анын кесепеттеринен арылуу көпкө чейин созулушу мүмкүн.

Биздин, бул ааламдын Жаратуучусу никесиз катнашка барууга тыюу салып, аны зына деп атаган. Жыныстык адеп–ахлактын жоктугу бүтүндөй адамзаттын келечегине кедергесин тийгизип, орду толгус апаатка алып барат. Ошондуктан, жыныстык мамиле нике менен корголуп, жубайлардын гана ортосунда болушу керек. Адам баласы Кудай орноткон мыйзамдарга баш ийбей, инсандын табиятынан тыш иш-аракеттерди жасаганда, оорунун жаңы түрлөрү пайда болот. Мыйзамсыз катнаш аркылуу жыныстык жол менен берилүүчү илдеттер (ЖЖБИ) келип чыгат да, жаңы илдеттердин катарын толуктайт. Ошондуктан, ар бир ата-эне өзүлөрү жана балдардын келечеги үчүн жыныстык билим берүүгө активдүү катышуусу керек.

Жыныстык тарбия деген эмне?

Бул адам денесинин анатомиялык же физиологиялык өзгөчөлүгүбү? Физиологиялык муктаждыкты канааттандырган кубулуш тууралуу окутабы? Тукум улоо, үй-бүлөлүк жашоо же оорунун жана күтүлбөгөн кош бойлуулуктун алдын алуубу? Балдарга жыныстык мамиле тууралуу билим берүү менен жыныстык катнашууга уруксат берген болобузу? Бул суроого жооп берүүдө ар бир инсандын көз карашы ар башка болушу мүмкүн. Бир ирет мугалимдин: “Мен балдарыңарга жыныстык катнаш менен алектенүүнү сунуштайын же анын зарылдыгы, жолдору тууралуу айтайын деген оюм жок. Бирок алар жыныстык мамилеге барууну чечишсе, оорунун жана кош бойлуулуктан сактануунун жолдорун билиши керек” – деп айтканын укканым бар. Жыныстык билим берүү программаларынын көпчүлүгү көмплекстүү эмес жана адеп-ахлак, сексуалдык зомбулук, чектен чыгуу жана нике маселелеринен бир топ алыс пландаштырылган.

Жыныстык тарбияда каралбай жаткан эки чоң көйгөй бар. Биринчиси – ата-энелердин жыныстык жактан жетилип жаткан улан кыздарга менструалдык цикл, жыныс уруктарынын бөлүнүп чыгуусу жөнүндө түшүндүрүп, алдын ала даярдабаганы үчүн өспүрүмдөрдөгү коркуу сезиминин пайда болушу. Дагы бир орчундуу маселе, жыныстык жактан

активдүү жаштарга керексиз кош бойлуулуктан сактануу жана бойдон алдыруунун кесепеттери тууралуу жетиштүү маалымат берүү. Маалымат аларды коркунучтан коргоого жардам берет. Учурдагы билим берүү мекемелеринин көпчүлүгүндө жыныстык тарбияны калктын санынын көбөйүшү жана моралдык жоопкерчилик сыяктуу темаларга кошуп окутушат.

Ал эми айрым мектептерде маалыматтар дээрлик жокко эсе. Атайын адистештирилген мектептерде жыныстык тарбия *адеп-ахлактык жана социалдык билим* берүү программасынын маанилүү бөлүгүнө киргизилген. Улуу сөздө уят жок демекчи, балаңызды бул сабактардан четтетүүнүн эч кандай мааниси жок, анткени талкууланган темалар англис тили, тарых, дене тарбия, искусство же диний билим берүүнүн жумалык программасына киргизилип калуусу ыктымал. Негизи жыныстык мамиле биздин жашообуздун ажырагыс бөлүгү болгону менен, жыныстык тарбия берүү программаларынын басымдуу бөлүгү толук кандуу жана бактылуу үй-бүлөлүк жашоого өбөлгө түзүп бере албайт. Ошол себептүү көпчүлүк жубайлардын үй-бүлөлүк жашоосунда кыйынчылыктар, түшүнбөстүктөр пайда болуп жатат.

“Эркектин жыныстык жактан активдүү болушу аялга жетиштүү, анткени адамзаттын табияты ушундай” – деп коомго тарап кеткен түшүнүк – жаңылыш пикир. Бир гана көндүмдөрдүн өзү жетишсиз. Бул боюнча атайын билим берүү жана алуу – учурдун талабы болуп турат. Тилеке каршы, бул маалыматтар толугу менен коомго жетип, эски стереотиптерди оңдоого убакыт келе элек көрүнөт. Адатта, өз балдарыбыздын жыныстык жактан жетилип, бой тартканын баарынан кеч байкайбыз. Себеби, биз үчүн алар наристе, баёо бойдон кала берет. Бирок баланын жүрүм-турумуна, мүнөзүнүн өзгөрүлүп баштаганына маани бергениңиз дурус. Анын жаш курагына жараша мамиле жасап, мүнөзүнүн, кызыгууларынын өзгөрүүсүн түшүнүү менен кабыл алып, ашыкча чектөө койбой, керек болгон учурда жардам берүүгө шай турунуз.

Азыркы техника өнүккөн заманда өзүлөрү жана тең-курдаштары жөнүндө маалымат ала турган жашыруун тармактар көп. Тестиер же өспүрүм курактагы балдар гормоналдык жактан жетилип баштаган үчүн, баскан-турганын ата-энелеринен сыр сактаганга аракет кылышат. Кандай учур болбосун, балдарыңызга жардам бергени даяр болууңуз кажет.

Жыныстык таалим берүүнүн иштиктүү жана натыйжалуу ыкмасы катары Пайгамбарыбыздын үлгүсүн айтууга болот. Ал эми орто билим берүү мекемелериндеги окуу программаларына киргизе турган болсок, оң таасиринен сырткары терс жактарына кабылышыбыз турган кеп. Ошондуктан, ар бир ата-эненин өз баласына тарбия берүүсү максатка ылайыктуу болот. Коомдо, анын ичинде мектептерде, телекөрсөтүүлөрдө, интернет булактарында жана курдаштар арасындагы жыныстык мамиле жөнүндө талкууланган маалыматтардын артыкчылыктары менен кошо бир катар кемчиликтери бар.

Америкадагы көрүнүш

1990-жылы Шахид Атхардын орто билим берүү мектептери, андан тышкары ММКда берилип жаткан жыныстык тарбиянын маанисиз жана пайдасыз экендигине байкоо салган “Исламдык көз караш боюнча жыныстык тарбия берүү” аттуу эмгеги жарык көргөн. (караңыз: Sex Education)

Американын дээрлик бардык мектептеринде жыныстык тарбия берүү

2-класстан баштап 12-класска чейин окутулуп, программаны каржылоого миллиарддаган доллар каражат сарпталат. Мектептердеги окутуу жараяны жыныстык алакалардын физиологиялык өңүтүн, кандай ооруларга алып келүүсүн түшүндүргөнү менен адеп-ахлактык баалуулуктар, зарыл учурда туура чечим чыгарууга ылайык таштырылган эмес. Жыныстык мамиленин анатомиясы жана психологиясы жөнүндө кыскача түшүндүрмө берилгенден соң, жыныстык жол менен жугуучу ооруларга жана өспүрүмдөр арасындагы кош бойлуулуктун алдын алууга олуттуу басым жасалат. СПИД же ЖИКС (жуктурулган иммункем синдрому) жыныстык катнаш аркылуу жуктурулган ооруларга кирери баарыбызга маалым. Бирок бул дарттын коркунучу чар-жайыт мамилелерге тоскоол болбой эле, “коопсуз жыныстык катнаш” тууралуу талкууларды жандандырып, сактануучу каражаттарды колдонуу көз карашын кеңири жайылтууда. Айта кетүүчү нерсе, айрым мектептер коргонуучу каражаттарды таратканды-гы үчүн окуучуларга акы төлөп берүүнү колго алган. Ал эми жогорку окуу жайларында презервативдерди сатуучу автоматтар орнотулган.

Учурдагы коомдо, жыныстык тарбия тарбия берүү боюнча ата-энелердин ролу өтө төмөн, дээрлик жокко эсе деп айтууга болот. Мисалы, эркек балдар атасынан жыныстык мамиле тууралуу сураган учурда, ыңгайсызданып, жооп берүүдөн качып же теманы өзгөрткөнгө шашышат. Натыйжада, балдар бул тууралуу башка эле чочун адамдар аркылуу билишет. Америка көп улуттуу континент, ар кандай рассанын өкүлдөрү жана диний принциптердеги айырмачылыктарга байланыштуу кээ бир мектеп мугалимдеринин кеңештери кабыл алынбай калган учурлар кездешет. Ошол себептүү жыныстык таалим берүү ата-энеге жүктөлгөнү – эң туура чечим болот.

Доктор Адхар Шахид балдардын жыныстык мамиле тууралуу ой-жүгүртүүсүн калыптандыруу боюнча мугалимдер берген беш жаңылыш кеңешке назар салган:

а) Айрым мугалимдер 5 жашка чейинки наристе балдардын жылаңач денени жуунучу же уктоочу бөлмөдөн көрүп тааныша бергени туура, анткени бул курактагы балдар психологиялык жактан көп суроо берүүсү менен өзгөчөлөнгөндүктөн, суроо жооп аркылуу көп нерсени үйрөнө алат деген пикирлерин билдиришкен. Бирок, 1997- жылы жүргүзүлгөн изилдөөгө ылайык, жыл ичинде балдарга карата жасалган 500,000 сексуалдык зомбулуктун 75% жакын туугандары (ата-энеси, асырап алуучусу, үй-бүлөнүн башка мүчөсү) тарабынан үй шартында жасалганы аныкталган.

(Abel et al. 2001)

б) Балдардын жыныс органдарын ачык көрсөтүп, теңтуштары менен талкуулаган учурларын мугалимдер жана тарбиячылар кадимки көрүнүш же балдардын билбестиги, аңкоолугу катары

кабыл алышы. Бирок аңкоолук менен жыныстык катнаштын ортосундагы чек ара дээрлик билинбей, аралашып кеткен учурлар катталган. Мисалы 12-жаштагы тестиер баланын 8-жашар кызды зордуктап койгону – кенебестиктин кесепети деп айтууга болот.

в) Дагы бир жагдай, мугалимдер “Жылаңач денелерди жарыялаган журналдарды көрүп жаткан балдарды кармап же байкап калган учурда, аларды өзүнөзү күнөөлүү сезүүгө мажбурлоо туура эмес. Мындай абалды жыныстык мамилелер жана үй-бүлөлүк баалуулуктар жөнүндө сүйлөшүү үчүн пайдалануу керек” – деп эсептешет. Бул эң чоң катачылык! Мындай журналдардын көпчүлүгү жыныстык катнаш — бул муктаждыкты канааттандыруунун бир ыкмасы, ал эми аялдар, эркектер үчүн жөн гана эрмек экендигин ырастаган көз караштарды жайылтат.

Чынбы же калпы?

Канчалык көп билген сайын, ошончолук ошол нерсени аткаргысы келет!

г) Чындыгында күнөөлүү сезим кылган ишине өкүнүп, өзүн-өзү тарбиялоосуна себеп болгон учурда, эч кандай зыяны жок. Күнөөсүн моюнга алуу менен өкүнүү – өзүн-өзү баалоого жана жоопкерчилик сезимин көрсөтүүгө багытталган билим берүүнүн усулу.

Кээде мугалимдер бой жеткен улан-кыздардын жыныстык мамилеге баруусуна тыюу салбастан, тескерисинче контрацепция жана жыныстык жол менен жугуучу оорулардын алдын алуу боюнча маалыматтарды берүүнү сунушташат. Сыягы жыныстык мамиле жөнүндө маалымат берүү – түз эле жыныстык катнашка түрткү болорун түшүнбөй жаткансыйт. Бир эле мисал, кимдир бирөөгө жаңы жемиштин көрүнүшү, түсү, жыты жана даамы тууралуу айтканда, сөзсүз татып көргүсү келет. Ошол сыңары өспүрүмдөр, жаңы маалыматтарга, мурда жасап көрбөгөн нерселерге өзгөчө кызыгат.

Эң башкысы – ата-энелердин өзү эрте жыныстык мамилелерге бөгөт коюу боюнча талкууларды көтөрүп чыгышы зарыл. Мындай маекти баштоого, таныштардын арасындагы эрте кош бойлуулук, телекөрсөтүүлөрдөгү одоно жарнак, музыка же программалар себеп болушу мүмкүн.

Американын мектептеринде окутулуп жаткан жыныстык сабаттуулук өспүрүмдөрдүн арасында жыныстык жол менен жугуучу оорулардын же кош бойлуулуктун санын азайтып, жыныстык маданиятына таасир берип, көп убакыт аралыгында калыптанган аң-сезимин өзгөрткөн жок. Тилекке каршы, чиркөө менен болгон байланыш да керектүү жардам бере алган эмес.

(Адхар, 1990)

Балаңыз мектептеги биология сабагына барбаган учурда деле, эртеби-кечпи жыныстык мамиле тууралуу билери турган кеп. Ата-энелер буга даяр болушу керек. Адатта мектептер, жөнөкөй биологиялык билимдерди жана контрацепция жөнүндө маалыматтарды гана бериши мүмкүн. Ириде мусулмандар гана эмес, көпчүлүк ата-энелер мамлекеттик мектептердеги жыныстык тарбия берүүнүн мүнөзү динге туура келбестигин, контрацепция жөнүндөгү кеңештер өспүрүмдөрдүн жыныстык жактан өсүшүнө жана кызыгуусунун артышына өбөлгө түзөрүн айттып келишет. Анткен менен, бул маалыматтар – жаштар үчүн чынында эле маанилүү.

Негизи мусулман жана мусулман эместигине карабай, эркектердин аң-сезиминде аялдын милдети – эркектин талаптарын орундатуу деген көз караш менен калыптанган. Аял кишинин да жыныстык муктаждыктары болоорун жана аларды орундатуу керектигин билген соң көпчүлүгү таң калышат. Бирок, аялды канааттандыруу белгилүү бир көндүмдөрдү талап кылаарын баары эле биле бербейт. Эркек киши аялдын дене түзүлүшүнүн биологиялык өзгөчөлүктөрү менен таанышып, жеке тажрыйбасында изилдеп чыгуусу тийиш. Анткени, аялдардын нааразычылыгы үй-бүлөнү катуу сыноолорго, атүгүл ажырашууга алып баруусу ыктымал.

Дээрлик ар бир ата-эне балдарынын адеп-ахлактуу чынчыл болуп, чар-жайыт жыныстык мамилелерден алыс болоорун ишенишет. Бирок, такай көзмөлдө болгон өспүрүмдүн, чынчылдык сапаттары 10 жашка чейин сакталып, кийинчерээк коомго карата өзгөрүлүп кетүүгө мүнөздүү келет. Мындай өзгөчөлүктөрдү этибарга албаган ата же эне өспүрүм бой жеткенден кийин, мурункудай баланы тескеп, текшерип, көзөмөлдөө кажет эмес деп ойлойт. Анткени ата-энелер балдардын баё, наристелик аруу сезимдери, чынчылдыгы өмүр бою сакталып калуусун каалашат жана ишенишет. Ал ортодо өспүрүмдүн организими тездик менен өсүп, физиологиялык жана психологиялык активдүүлүктөрдүн таасири астында өзүлөрүн кызыктырган нерсе боюнча интернет булактарынан, телевизорлордон маалымат жыйнап, билүүгө аракет жасашат. Ал эми алардын “жыныстык мамиле” жаатындагы билимдери ата- энеси билгенден ашып түшүшү толук мүмкүн.

СПИД же ЖИКС – Тайланддагы өлүмдүн алдыңкы себептеринин бири

2001-жылы СПИД Тайланддагы өлүмдүн эң башкы себебине айланган. Анын кесепети кырсыктар, жүрөк кан-тамыр жана рак ооруларынын статистикасынан ашып түшкөн. Сурапонг Саламаттыкты Сактоо Министринин орун басары Суйвонг-Ли конкреттүү маалыматтарды ачык айткан эмес. Бирок ВИЧтен (адамдын иммундук жетишсиздиги вирусу) жабыркагандардын чыныгы саны кыскартылып айтылгандыгы тастыкталган. Анткени, айылдарда каза болгондордун көпчүлүк туугандары өлүмдүн чыныгы себебин жашырган учурлары болгон.

“Айылдыктар көп өлүмдөрдүн себебин кырсык же бир башка техникалык себептер менен эмес, жөн гана жүрөктүн токтоп калуусу менен түшүндүрүшкөн. Ушундан улам көпчүлүк тайлар жүрөк кемтиги менен жабыркап, өлүмгө дуушар болуп жатат деген жаңылыш ишеними пайда болду. Бирок биз жаңы изилдөө жүргүзүп, айыл жеринде СПИД – өлүмдүн негизги себеби экендигин аныктадык”. Бангкоктогу БУУнун СПИДге каршы күрөшүү бюросунун иш-чаралары аркылуу 10 жыл мурун эпидемиянын башталышында инфекция жуккан тайлардын айынан СПИДдин өлүмү көбөйө баштагандыгы маалым болду. Тайланддагы 60 миллион кишинин болжол менен бир миллиону ВИЧ-инфекциясын жуктуруп алган, ал эми үчтөн бири оорунун айынан каза болушкан

(СПИД боюнча билим берүү
дүйнөлүк маалымат системасы)

Эмне үчүн ийгиликтүү профессор АКШдан кетүүнү чечти?

Малайзиядагы Эл аралык Ислам Университетинин (IIUM) профессорунун айтуусу боюнча: Мичигандагы мамлекеттик башталгыч мектептин үчүнчү классында билим алып жаткан уулу, бир жолу үйгө келип, класташтарынын мектептеги кыз менен уюштурган сексуалдык акты жана анын «аткарылышы» жөнүндө кеңири айтып берет. Бул профессордун чемоданын жыйнап, беш баласы менен Америкадан кетүүсүнө мажбур кылган. Адеп-ахлактуулука багытталбаган, «бейтарап» жыныстык тарбия берүүнүн жыйынтыгы – жыныстык катнашка ыксыз жана ирээтсиз мамиле кылган муунду жаратты. Бул көз караш менен калыптанган маданият үчүн жыныстык катнаш жагымдуу, эркин жана жеткиликтүү кумарга айланган.

АКШдагы эне жана кыздын ортосундагы мамиле

Өспүрүм курактагы балдар жыныстык мамиленин адебине көп маани беришип, кандай болгондо туура болот деп көп тынчсызданышат. Анткени, анын туура модели кандай боло тургандыгы жөнүндө маалыматтары жок. Аларга ата-энелер менен мугалимдердин жардамы жетишсиз.

- Селма, 16 жашта: “Мен апам менен жыныстык мамиле жөнүндө сүйлөшө албайм. Эгер мен бир нерсе сурасам, ал жооп бербейт. Бирок ал, менден эмне үчүн кызыгып жатканымды сурай баштайт: “Муну эмне үчүн билишиң керек? айт, же...бир нерсе болдубу?” – деп айтуумду талап кылат”.
- Жульетта, 14 жашта: “Апам көп билбегениң өзүңө жакшы деп айтат. Мен андан жыныстык мамиле жөнүндө сурасам, ал аңкоолонуп кетет. “Күйөөң сага билишиң керек болгон нерселердин бардыгын үйрөтөт”, – дейт”.
- Луиза, 18 жашта: “Мен ата-энемден карама-каршы пикирлерди угам. Бири: “Бул туура эмес, андайга барба, көп кыйынчылыкка кабыласың!” – десе, экинчиси: “Жаш кезиңде баарын татып көр”– деп айтат. Алардын ойлорун түшүндүрүп берүүсүн каалаймын. Эгер жыныстык жакындашуунун жакшы жагы бар болсо, анда уруксат бергиле. Эгер терс жактары көп болсо, анда азгырбагыла, ал тууралуу айтпагыла жана башыбызды айлантпагыла”.
- Жошуа, 15 жашта: “Атам бизден ар дайым чынчыл жана ачык болушубузду талап кылат. Бирок, анын ачыктыгы жыныстык мамиле тууралуу суроо берер замат аяктайт. Бул жерде менин чын ыклас менен жашырбай айтып, билгим келген нерсе тууралуу сураганыма көңүл бурулбайт”.
- Джонатан, 22 жаш: “Колледждин жигиттери үчүн жыныстык мамиле – жетилгендиктин жана эркектиктин белгиси. Кыздар үчүн – жалгыздыктан коргонуу жана тең курларынын арасында кадыр-баркка ээ болуу”.
- Өспүрүм жыныстык мамилелер тууралуу дилемманы мындайча сүрөттөгөн: “Эгер мен комедияны көрсөм күлүп, капаланткан трагедияга ыйлайм, кыжырыма тийип же ачуумду келтирген нерсе үчүн кыйкырып жиберишим мүмкүн. Ал эми менин делебемди козгогон нерсени көрсөм, анда эмне кылышым керек?”

Жогорудагы өспүрүмдүн аң сезиминде калыптанган жыныстык мамилеле тууралуу диллема – туура жыныстык тарбия берүү менен адепсиздикти жойсо болоорун тастыктап, ошол эле учурда коомчулуктун көчөлөргө жана чоң экрандарга илинүүчү көрнөк жарнактар боюнча, атайын нормаларды орнотууга алсыз экендигин баса белгиледи.

Баалуулуктар жана жыныстык мамиле: кечээ жана бүгүн

Азыркы тапта белгилүү бир баалуулуктардын ортосундагы өз ара карама-каршылыктар байкалып жатат. Айрым ата-энелер үчүн чындыкты кабыл алууга убакыт келип жеткендей сезилип, жыныстык жол менен жугуучу оорулар, эрте жана пландаштырылбаган кош бойлуулуктун кесепеттери тууралуу тынчсызданышып, объективдүү жыныстык тарбия аркылуу гана кырдаалды түздөөгө мүмкүн деп үмүттөнүшөт. Кээ бирөөлөрү балдарына контрацепция жөнүндө маалымат беришсе, контрацептивдер никеден тышкаркы жыныстык мамилелерге себеп болуп жолдон азгырат, атүгүл аял-эркектин интимдик мамилеси жөнүндө сүйлөшүү жаман тарбиянын белгиси дегендери да басымдуу. Алардын өспүрүмдөрдүн эрте жыныстык мамилеге тартылуусуна шарт түзгөн терс көрүнүштөрдүн коомчулук тарабынан четке кагылаарына болгон ишенимдери күч. Анткени алар өспүрүмдөрдү жыныстык жактан эрте жетилтип, жоопкерчиликтүү мамилесинин калыптанышына кедергесин тийгизет.

Жаштардын негизги милдети – билимге ээ болуу менен изгилик жолдо бой жетип, үй-бүлөлүк жашоого даяр болуу. Ата-энелердин арасында: “Биз улуулар кандайдыр бир жакшы үлгү болчудай, тажрыйба көрсөтүп жана ошого жараша өзүбүздү алып жүргөндө гана, биз каалаган балдарды тарбиялай алабыз”, – деп айткандары бар.

Жашоодо да, адабиятта да жыныстык адеп-ахлактын нормалары орнотулушу керек. Бул коомдордо азгыруучу көрүнүштөрдүн ачык жарыяланышы жана жаштардын ага берилип, азгырылуусу кадимки адатка айланып баратат. Ошол себептүү, кээ бир ата-энелер эркек балдарынан шек санап, кабатыр болушса, кыздарын коштоп жүрүүгө мажбур. Жаштайынан менчик унаасына ээ болгон уландар, кеңири басып турганга көнө түшүп, үйгө каалаган учурда келип, кетишине мүмкүнчүлүк түзүлөт. Ал эми, кыздарга абалкыдай көзөмөл болбой, көбүрөөк эркиндик берилген. Тегеректин туш тарабы азгырык, кумар, оңой жашоонун чакырыктарына толуп жатса, анан кантип, адеп-ахлактуу жүрүм-турум жөнүндө кеп болсун?

Мурунку убактын кыздары өтө эле чектен чыккан жигит менен кездешкенде, ашып барса маңдайынан сүйдүрүп же эркелетүү менен тим болушкан. Аларга баарынан абийиринин тазалыгы, ыймандын бүтүндүгү маанилүү эле. Бир жагынан ички дүйнөсү, абийири жол бербеген көз карашы, экинчи жагынан коомдон артта калбай, заманбап болоюн деген мүдөөсү, ички дүйнөсүнө бүлүк салып, маңдайынан сүйдүрүп, саамайынан сылатканы коом менен жеке абийиринин ортосундагы конфликтти жыйгарган ымаласы болчу. Азыркы өспүрүмдөр үчүн кыз-жигиттик мамиленин мындай модели болбогон жомок сыяктуу. Анткени ал мамилелерден кыпындай учкун да калган эмес. Эркек балдар телевизор, кино жана журналдардагы ачык сүрөттөр, аларды ашыкча дүүлүктүргөнүн айтышса, кыздар одоно, жагымсыз көрүнүштөр, алардын баркын түшүрүп, кыжырды келтирген оюнчука айландырганына нааразы болушат.

Колледжде окуп жүргөн селкилердин ою боюнча, кыздык абийири менен калып кетүү, кийинки мамилелери үчүн чоң маселе жаратат. Ал үчүн, көпчүлүк жигиттер “себепсиз эле” жолугушуудан баш тартып, тең курлары замандан артта калган деп мамилесин үзүп коюшу ыктымал.

Никеге чейин абийирин сактоону чечкендер, коомдон обочолонуп калуусуна туура келет. Өкүнүчкө карай туш тараптан жасалган басымдан кыздар өзүнүн нормалдуу экендигине шек санай башташат. Акыр аягы өз каалоосу менен эмес, тең курларынын басымынан улап жыныстык катнашка барышат. Мындан бир топ убакыт мурун, бойго бүтүп калуу коркунучун шылтоо кылууга болот болчу, бирок азыр бул эч кандай маселе жаратпайт, анткени коргонуучу каражаттар каалаган соода тармактарында сатылып, мектептерде, ал тургай чиркөөдө бекер таратылып калган учур.

Бир киши колледже жаңы тапшырган уулунан кабар алууга барат, уулу ага: “Мен эркек балдар менен кыздардын ортосундагы чыныгы айырмачылыкты эми түшүнүп жеттим. Кыздар сүйгөндүгү үчүн жыныстык мамилеге барышат, ал эми эркек балдар жыныстык катнаш үчүн сүйгөндөй түр көрсөтөт. Менин философиям — аларды сүйүмүш болуу жана таштап кетүү” – деп өз оюн айтат. Атасы: “Сен жана досторуң сүйүмүш болуп таштап кетип калган кыздардын абалы эмне болот?” – деп сураганда, “Бул менин көйгөйүм эмес”, – деп жооп берди уулу.

“Ойлонуп көр. Чыгышта эгер адамды өлүмдөн сактап калсаң, анда сен анын өмүрү үчүн жооптуусуң деп айтышат. Эгерде сен ал кызды азгырып, сүйүүгө тартуу жолдорун алдын ала ойлонуштурган болсоң, демек бул анын эмес, сенин көйгөйүң”, – деп айтты.

Джейсондун атасы, жөнөкөй жана татаал маселе болбосун, мамиленин бардык түрлөрүндө, атүгүл жыныстык мамилелерде дагы чынчылдык жана жоопкерчилик талап кылынаарын эскертти.

Эмне үчүн балдарга жыныстык тарбия берүү керек?

Өспүрүмдөр үчүн жыныстык мамиле кызык, ал жөнүндө баарын билүүнү каалашат. Алар өзүлөрүнүн сексуалдык өзгөчөлүгүн билүүгө аябай берилгендиктен, баш аламан маалыматтардын арасынан, конкреттүү жоопторду бере турган даректи талап кылышат. Эгер жыныстык мамиле тууралуу ачык маек курууга оңтойлуу шарт түзүп берсеңиз, алардын ээн-эркин билдирүүлөрүн уга алышыңыз мүмкүн.

Өспүрүмдөр арасындагы жыныстык мамиле тууралуу маектердин актуалдуулугу – “Өспүрүмдөргө жыныстык тарбия берүү керекпи?” – деген суроонун көтөрүп чыгууда. Адатта, жыныстык тарбиянын зарылчылыгын көбүнчө кеч болгон учурда эске алабыз. Балдардын ыңгайлуу жаш курагын күтүп жүргөн аралыкта, аял-эркектин мамилеси тууралуу көчөдөн мектептен жана интернет булактарынан эбак эле үйрөнүп бүткөн болушат. Ата-энелер менен мугалимдер керектүү акылын айтуудан чоочулашып, азырынча “эрте” дегенче, жыныстык катнашты уяттуу ачык сүрөттөр жана сөздөрдөн үйрөнүшөт.

Экран жана көчөлөр чексиз маалымат агымынын булагы болуп бара жатканын эч ким төгүндөй албайт. Сатуучулар уят-сыйытсыз эле дүүлүктүрүүчү каражаттарды сунуштап калышкан. Жыныстык мамиледе бир топ тажрыйба арттырган улуу ага-достору же теңтуштары чыныгы жана ойдон чыгарылган тажрыйбалары тууралуу айтып беришип, кызыгуусун ого бетер күчөтөт.

Негизи жыныстык тарбия берүүнү экиге бөлүп караганыбыз туура болот: жыныстык мамиле тууралуу маалыматтардын баарын белгиленген ыраттуулук менен окутуп, үйрөтүү жана баалуулуктарды эс-акылына орнотуу. Маалыматтар сөзсүз түрдө тиешелүү адистер тарабынан бирдиктүү системага салынып, жайгаштырылышы керек, ал эми баалуулуктарды жана адеп-ахлактык өңүттөрү менен иш алып баруу ата-эне же камкордукка алган адамга тиешелүү милдет. Жыныстык мамилелерге байланыштуу суроолордун бардыгын эле тестиер курактын кызыгуучулугу менен байланыштыра албайбыз; кээ бир балдар жөн эле ыңгайсыз суроолор менен ата-энелерди уялтуу үчүн атайын сурап көрүшөт.

Көпчүлүк абалдарда ата-энелердин жыныстык мамилеге байланыштуу суроолорго объективдүү, ылайыктуу жана ачык жооп берүүгө билими же психологиялык даярдыгы жетишпейт. Ошентсе да, өспүрүмдөрдүн суроо берүүсүнө тыюу салбай, чынчыл болууга аракет жасашыбыз керек. Объективдүү жооп берүү менен эки муундун ортосундагы мамилени жумшартып, ишеним орнотууга мүмкүн болот. Улуу муун менен жаш муундун ортосундагы

өз ара түшүнүшүү, ишеним орнотулган учурда өспүрүмдөр ата-энелеринин алардын келечеги үчүн кам көрүп, жалпы адамзаттык баалулуктары менен бөлүшүп, жакшылык тилеп жатканын түшүнүп жетишет.

“Жыныстык тарбия кандай форматта берилиши керек?” – деп, ойлонуп жаткан болсоңуз, төмөнкү турмуштук мисалга көңүл буруңуз. Өрдөк балапандарын алгач ирет сууга түшүрөөрдөн мурун, сүзгөндү үйрөтөбү же өздөрү эле сууга түшөр замат, сүзүп кетеби? Албетте тубаса инстинкттин жардамы менен, эч чоочулабай сууга талпынат. Ошонун сыңары миңдеген жылдар бою эркек менен аял атайын билимдерсиз, ык-көндүмдөрсүз эле жыныстык мамиледе болуп келишкен. Дээрлик бардык цивилизацияларда жыныстык мамилелер үйлөнгөндөн кийин гана каталардан же жеке тажрыйбалары аркылуу үйрөнүүдөн башталат. Бирок он балалуу болуу – аял эркектин ортосундагы чыныгы сүйүүгө, аяр мамиленин бар экендигине далил боло албайт. Бактылуу үй-бүлөнү түптөп, өз ара гармонияда жашоо үчүн, жыныстык мамилелер туура уюштурулушу зарыл.

Туура жыныстык тарбияны кимден алууга болот? – деген суроо баары үчүн актуалдуу маселе. Үй – бүлөдө ар кимдин өзүнө тийиштүү милдеттери болот. Атасынын милдети – уулунун суроолоруна жооп берүү, ал эми эне кызынын суроолоруна жооп берүүсү кажет. Турмушка чыккан улуу эже кичүү сиңдисине, үйлөнгөн агасы кичүү инисинине түшүндүрүүгө милдеттүү. Биз мектепте же ММК аркылуу берилип жаткан жыныстык тарбия менен чектелелип калбашыбыз керек, алар берген маалыматты адеп-ахлактык өңүттөрү менен толуктоого тийишпиз. Дин багытындагы мектептин мугалимдери, үй-бүлөлүк дарыгер, педиатр, илимдүү имам, руханий чиркөө кызматкерлеринин бардыгы окуу процессине тартылышы мүмкүн.

Бирок, бул ата-энелерди жоопкерчиликтен бошотууга негиз боло албайт. Ата-эненин кайдыгер мамилеси же эч кандай маалымат бербеши – балдарда туура эмес көз карашты калыптандыруусу толук мүмкүн, алардын оюнда бул өтө ыксыз, уятсыз жорук катары бааланып, чочун адамдардан жана курдаштарынан алган карама-каршы фактылардан уялып, өздөрүн жемелей башташат.

Кандай шарт болбосун алардын жыныстык жактан жетилүүсү көзөмөлсүз калбашы керек. Биздин реалдуу жана шартка жараша мамиле кылганыбыз көп көйгөйлөрдүн алдын алуусу ыктымал. Балдарды сексуалдык маалыматтан коргогонго аракет кылган ата- энелерди алдыда чоң көйгөйлөр күтүп турганынын биле беришпейт. Аларды ыңгайсыз жана курчап турган чөйрөнүн терс таасиринен сактоо үчүн, билимдүү жана тоскоолдуктарды жок кылууга аракет кылган жоопкерчиликтүү аалымдардын сабагына катыштырган туура болот.

Куран жана Пайгамбарыбыз жыныстык мамиле маселесин жеңил жана даанышмандык менен түшүндүрүп берген. Жыныстык мамиле – ыплас сөз эмес, бул адам жашоосунун маанилүү бөлүгү. Пайгамбарыбыз сахабалары менен жыныстык жашоонун ар кандай оош-кыйыштарын талкуулап, жаштарга жол көрсөтүп турушкан. Ал эми мусулман ата-энелердин жыныстык мамилелер жөнүндө ооз ачпагандыгы, алардын мурдатан калыптанып калган тарбиясына байланыштуу.

Балдарга эмне жөнүндө айтып баштоо керек?

Ата-энелердин дээрлик басымдуу бөлүгү кыздарына биринчи этек кири, ал эми эркек балдарына түнкү поллюция тууралуу түшүндүрүп башташат. Кээ бирлери балдарга эч кандай маалымат бербегени үчүн, алгач ирет айыз циклине кабылган кыздын же жыныстык органынан түшүнүксүз суюктук бөлүнүп чыккан өспүрүмдүн үрөйү учуп, убайымга түшөт. Түшүнүксүз агып кетүү, айрыкча кан кетүү – дүрбөлөңгө себеп болушу мүмкүн, бирок балдар бул жөнүндө айтуудан тартынышат. Биринчи жолу этек кири келген жаш кыз, эмне кылаарын билбей же энесине айта албай, кол аарчысын пайдаланып жүргөн. Өзүн оорулуу катары эсептеп, эч ким менен сүйлөшүүнү каалабай, маанайы чөгүп жүргөн кезде, мугалим анын булганган кийиминен байкап калып, ага түшүндүрүү иштерин жүргүзүп, колунан келген жардамын берет. Ал апасынан корккондугу үчүн көрбөсүн деген ой менен, булганган кийимдерин эптеп жууп салууга шашчу экен.

Энелерге кеңеш катары айтарыбыз, айыз цикл жөнүндө кыздарыңыз менен сүйлөшүүдөн мурун, өзүнүңүздүн жеке ой-пикириңизди, билбеген маалыматтарыңызды толуктап алганыңыз оң болот. Бир эле кыз киши эмес, эркек баланын билип койгону ашыкчалык кылбайт. Анткени айыз башталардын мурун, гормонолдык өзгөрүүдөн улам аялдын маанайы туруксуз болуп, өзгөрүлүп туруу ыктымалдыгы бар. Уулуңузду жаш күйөө катары аялын колдоп, түшүнүү менен мамиле жасоосуна акырындык менен даярдаңыз. Кээ бир өспүрүм жигиттер, айыз күндөрүн байкап калган учурда, адамдын организиминде болуп жаткан табигый кубулушту уят катары кабыл алып, аял кишиге акаарат мамиле жасаганы – акылсыздык болот.

Пайгамбарыбыз айыз циклин табигый кубулуш экендигин айтып, ал учурунда аялдарга эч кандай зыян келтирбөөгө, өзүлөрүн “жийиркеничтүү” сезүүгө мажбурлабай, түшүнүү менен мамиле кылууга үндөгөн. Айыз күндөрү жыныстык мамилелерден толук баш тартуу керек, бирок гигиенаны сактаган абалда, жубайлар бирин-бири ыраазы кыла алышат.

Жыныстык тарбия берүүдө Америка коомчулугунун басымдуу бөлүгү “Тыюу салынган нормаларга карабастан, өспүрүмдөр жыныстык катнашка барып көрүшөт, ошондуктан аларга коопсуз жыныстык катнаштагы сактык чараларын түшүндүрүү керек” деген пикирде. Мындай коомдо адеп-ахлак аспектилери эч кимге маанилүү эмес, кимдир бирөөгө маанилүү болгону менен диний окуулар же доктриналардагы принциптер менен байланыштырылганын көрө албайбыз. Ар кандай улут жана дин өкүлдөрүнүн же болбосо кыз-эркек дебей аралаш билим алуусу жаштардын табигый жөнөкөйлүүлүгүн, уялуу сезимдерин мокотуп жиберет. Атүгүл, кыз-эркек өз-өзүнчө бөлүнүп окутулган класстарда деле сексуалдык тажрыйбаны жасап көрүүгө азгырган көрүнүштөрдү байкоого болот. Өбүшүү жана мастурбация жасап көрүү сунуштары, сексуалдуулук зоналар – “табигый” изилдөөнүн бир бөлүгү деген түшүнүк калыптанган. Бул боюнча биринчи жолу уккан мусулман балдары ата-энелеринен суроого уялышы мүмкүн.

Сексуалдык зомбулуктун олуттуу зыяндары

Исламга ылайык, никесиз жыныстык мамилелер – адеп-ахлактык жана диний кыянаттыктын бир түрү. Айрымдардын ою боюнча, сексуалдык зомбулук көрсөтүп никесиз балдардын төрөлүшүнө себеп болгондор, киши өлтүргөнгө караганда, коом үчүн көбүрөөк зыян келтирет. Никесиз жакындашуунун кесепети үй-бүлө, коом жана кийинки муундар үчүн да узак убакытка чейин таасир этип, коомчулуктагы бир нече көйгөйлөрдүн: ар кандай оорунун түрлөрүн, бойдон алдыруу, майып же кемтиги бар наристелердин төрөлүшү (эгер ЖЖБИ – жыныстык жол менен берилүүчү илдет кош бойлуу аялга берилсе), никесиз төрөлгөн балдар, жалгыз бой ата же эне, бузулган үй-бүлөлөр, чаташкан урпактар

(насил-насаб), ишенимдин жоголушу жана сойкулуктун ого бетер күчөшүнө алып келиши мүмкүн.

Жубайлардын бири-биринин көзүнө чөп салуусу – адамдык кадыр-баркын түшүрүп, өз ара ишенимдерине доо кетирет. Тыюу салынган, бузукулук экенине карабастан никесиз мамилелерге жол берген коом, жыйынтыгында арамдыкты жайылткан сойкулукка бөгөт коё албай калышы мүмкүн. Тыюу салынган эрежелердин бир четин бузгандан кийин, андан ары бузуу –кыйынчылык деле жаратпайт. Бузуктук жана зынаа – бул жашоодо жана акыретте Аллах Таала тарабынан жазалануучу чоң күнөөлөр.

Ислам дини бузукулук жана зынаны жасаган адамдардын күнөөсү эле эмес, жалпы коомдун күнөөсү же коомго карата жасалган кордук катары карайт. Никесиз мамилелерге коом тарабынан жол берилиши – коомдун түптөлүшүнүн негизи болгон үй-бүлөлүк курамдардын урашына себеп болот. Зынаа же бузукулук үчүн Куранда, эл алдында жүз жолу камчы менен уруу жазасы каралган. Байыркы убакта, мындай иш-аракеттердин зыяны коомго коркунуч туудургандыктан, алар күнөөлүү адамдарды ташбараңга алышкан (Библия, Мыйзам. 22: 23—24). Бирок таш бараңга алуу исламдык булактарда айтылбайт жана көптөгөн окумуштуулар мындай иш-аракеттердин мыйзамдуу экендигин четке кагышат. Бузуктук жана чыккынчылык үчүн айыптап жаткан тарап, акыл-эси ордунда, бойго жеткен төрт мусулмандын күбөлөндүрүүсү керек. Мындай талап, бир жагынан шектүүнүн жеке инсан катары абийирин коргосо, экинчи жагынан, соттук кароодо тараптардын пикирлери маанилүү экендигин тастыктайт. Төрт кишиге жетпеген күбөлөргө таянуу далилдерди алуу үчүн жетишсиз, мындай учурларда сот ДНК тестине кайрылышы мүмкүн. Ошол эле учурда, төрт же андан ашык күбөлөрдүн астында жасалган бузукулук аракеттери – жеке каалоосун жашыруун канааттандыруу эмес эле, жамандыкты ачык жайылтуу катары каралат.

Андан тышкары, жубайлардын кыянаттыгы никедеги келишимди бузат. Кошмо Штаттарда биринчи жолу никеге тургандардын жарымына жакыны эки жылдын ичинде ажырашып кетишет, көп учурда жубайлардын экөөнүн тең никеден тышкары мамилелери ажырашууга негизги себеп болот.Соңку кездерде инсанияттын басымдуу бөлүгү Библияга да, Куранга да маани бербей калышты. Эки китепте тең “Никеге кыянаттык кылба”, – деп айтылып, бул иш-аракеттердин өзү гана эмес, ага алып баруучу жолдордун (мисалы, таанышуу, ачык кийим, жылаңачтык, уятсыздык жана порнография) баарына тыюу салынган. Ал эми диндеги эреже боюнча, эркек жана аялдардын кийинүү адеби (дресс код) кумарга берилүүдөн жана башкаларды жолдон азгыруудан сактоого ылайыкташтырылган. Анткени эркектердин сексуалдык каалоолорун башкаруусу аялдарга салыштырмалуу татаалыраак. Өзүн өзү башкара албай, чоң күнөөгө батып зомбулукка барышы мүмкүн!

Жыныстык мамилеге тийиштүү маселелерди жөнөкөй сөз катары айтып коюу менен чече албайбыз. Адамдардын ага болгон мамилесин билүү – көбүрөөк натыйжа көрсөтөт. Чындыгында, коомчулуктун жыныстык мамилеге болгон чыныгы мамилеси кандай? Биздин бул тууралуу адеп-ахлактык түшүнүгүбүз барбы? Белгилей кетчү нерсе, коом катары биздин жыныстык мамиленин адеп-ахлактык мыкты сапаттарын чагылдырган бирдиктүү үлгүбүз жок. Акылы жетик, дилгир өспүрүмдөр жыныстык мамиле тууралуу коомчулукта-

гы эки ача болгон көз карашка таң таңкалуу менен карашат, бир жагынан жыныстык мамилени кинотасма, көрнөк-жарнак тактайларында чагылдырып, акча табуучу коммерциялык булак катары жайылтылып, экинчи жагынан жаштардын *никеге чейинки жыныстык* катнашка баруусуна тыюу салуубуз – алар үчүн парадокс. Эгерде коом никесиз жыныстык мамилелерди пропагандалаган көрүнүштөргө жол берсе, анда ал бузукулук менен жубайлардын ортосундагы кыянаттыка бөгөт коё албай калат. Жаштардын көпчүлүгү никесиз эркин жашоо идеяларын жактырышып, сүйүү – бул жоопкерчиликсиз, каалаган киши менен жыныстык мамиледе болуу деген түшүнүк калыптанат. Бул кайдыгерчиликтин аягы чар-жайыт жыныстык мамилелер менен ажырашууга жеткирет.

Натали, 19 жашта, 2-курстун студенти, жыныстык жашоо жөнүндөгү карама-каршы көз караштарды төмөндөгүчө түшүндүрөт (Фабер жана Мазлиш 1982)**:**

“Биздин үй-бүлөдө белгиленген адеп-ахлак нормалары сакталат, жыныстык катнаш тууралуу ачык суроолор жана ага жооп да берилбейт. Чынын айтканда, ата-энем менде эмне болуп жатканын билгиси келбейт, менда аларга эч нерсе айтпайм. Мен жалпы баш ийген адеп-ахлактуулуктун чегинен чыкпаган кызмын. Биринчиден, мен үчүн дос катары мамиле кыла турган жигит табуу кыйын. Жолугушууга барганды жактырам. Биринчи жолугушуулар ар дайым ойдогудай жагымдуу болот. Андан кийинкилеринде ар түрдүү кыстоолор башталып, спирт ичимдиктери жана марихуаналарды сунуштаган кечелерге чакырышат. Жыйынтыгында, аны менен болооруңа шек жок. Баары эле: “Макул болсоң, бүт баары жакшы болот, макул болбосоң, жалгыз калган үчүн ыйлайсың”, – деп айтышат. Ошондуктан, менин абийирим таза, бирок жалгызмын”.

Мындай көрүнүштөрдүн кесепетинде, балдар жаман менен жакшыны айырмалай албай калышкан. АКШ СПИД, баңги заттар, зордук-зомбулук жана башка көйгөйлөрдү баштан кечирип жаткан учуру, мектептер жыныстык тарбиялоонун мүнөзүн, милдетин өзгөртмөйүн эч кандай көйгөйлөр чечилбейт. Мектептин коому ата-эне менен тыгыз байланышкан адеп-ахлактык чөйрөнү калыптандыруусу – замандын талабы. Акылы жетик, коомго пайда алып келүүчү жаштарды тарбиялаган мектеп, дарыгерлердин, консультанттардын, полиция кызматкерлердин жана социалдык кызматкерлердин армиясына караганда, ден-соолугу чың коомду түзүүдө алда канча ийгиликтүү болот.

Ибрахимден таркаган диндер бузукулук менен никесиз жыныстык мамилеге тыюу салат

Төмөндөгү көрүнүштөр толук түрдө же кайсы бир деңгээлде азыркы жаш муундардын арасында адатка айланган:

Жигит же кыз жандап жүрүү → Кумар жана азгырылуу → Никеге чейин жыныстык катнашта болуу → Кыздык абийирин жоготуу → Каалабаган жана күтүсүүз кош бойлуулук (бойдон алдыруу же эрте никеге туруу, мажбур түрдө үй-бүлө куруу, никесиз төрөлгөн балдар жана аларды асырап алуу) → Жакырчылык → Үй-бүлөлүк мамилелердин бузулушу → Оору-сыркоо → Өлүм!

Туруктуу өнөктөшү жок, чар-жайыт жыныстык мамиледе жүргөн адам, жыныстык жол менен жугуучу ооруларга жана СПИД илдетине кабылып, өмүрлүк жолдошуна жуктурушу мүмкүн. Кош бойлуулук учурунда бул оорулар эне аркылуу балага өтүп, ымыркай сокур же өнүкпөй, кемтиги менен төрөлүшүнө ыктамылдуулук чоң. СПИДти жуктурган эркек аялы менен баласынын жай жана азаптуу өлүмүнө себепкер болот.

Бузукулук менен арамдыктын таасирлери балдарды четтеп өтпөйт. Үй-бүлөсүн бузуп алуудан же уяттын айынан, эркек кишилердин көпчүлүгү никесиз төрөлгөн балдарына жоопкерчилик алуудан коркушат. Кыянаттыка эркек киши эмес аялдар да барат, күйөөсүн алдаган аял башка бирөөдөн боюна бүтүп, бул чындыкты баарынан жашырса дагы, өз абийиринен жашыра албайт. Бала чыныгы атасын эч качан тааныбай калган учурлар арбын. Чыныгы атасы балага кам көрө албай, ал эми аялына алданган күйөө башка бирөөнүн баласын багууга жооптуу болуп калат.

Ислам дининде никеге кыянаттык кылгандар үчүн жазаны шариатка негизделген сот аркылуу аныкташат. Жеке адамдардын шариятка таянып чечим чыгарууга укугу жок, алар зарыл болгон далилдерди чогултуп сотко кайрылуулары керек. Тилекке каршы, кээ бир аталар өзүн-өзү башкара албай, турмушка чыкканга чейин кош бойлуу болгон жана “ар-намысынан” айрылган кыздарын же аларды азгырган адамдын кошо жанын кыйышат. Бирок “намыс үчүн жан алгандардын” айрымдары далили жок эле күмөндөргө таянып, бул кадамга барышат.

Өспүрүмдөргө ар кандай таасирлер берилип, туш тараптан маалыматтык кысым көрсөтүлүп жаткандыгы – көз көрүнөө чындык. Азыркы учурдун талабы боюнча, жаштар бир эле учурда моралдык нормаларды сактоого жана ММК тарабынан берилип жаткан заманбаптуулукка ылайыктуу болуулары керек. Аларды өз абийирине коюп, эч кандай басым же азгыруучу багыттар берилбесе, жыйынтыгы жакшы болооруна ишенебиз. Никеге чейин жыныстык катнашка барган адамдардын көпчүлүгү, тилекке каршы кеч болгондо туура эмес жасагандыгын түшүнүшөт. Бир нече мүнөттүк көңүл ачуудан кийинки жашоо кайгы-капа жана көйгөйлөр менен коштолоорун биле беришпейт. Балким, бул алардын жашоосундагы эң жаман чечим болгондур. Кыямат күнү алар кылган иштери үчүн Кудуреттүү Аллахтын алдында жооп беришет.

Никесиз жыныстык катнаш жана жубайлардын кыянаттыгын мыйзам жолунда жазалоонун себеби

Азыркы заманда никесиз жыныстык катнаш жана жубайлардын кыянаттыгын кылмыш деп эсептөө – кай бирөөлөргө өөн учурашы мүмкүн. Ислам дини адам заты тарабынан жасалган ар бир иш-аракетке туура баа берип, зынанын кылмыш катары жашоого жана коомго тийгизген чоң зыяндарын далилдеп, көрсөтүп жатат. Эмне үчүн табигый жараяндын кылмыш катары каралышын жана кылмыш экенин биле туруп, ошол ишке барган адамды табиятын терең түшүнүү үчүн, ошондой эле адам тарабынан жасалган иш-аракеттердин коомго тийгизген таасирлерин билүү максатында, иш-аракеттердин курамын түзгөн бөлүктөрдү карап көрөлү: биринчиси – Кудайдан келген аян, экинчиси – себеп, үчүнчүсү – иш-аракеттин мүнөзү, төртүнчүсү – максат. Демек акыл-эстүү бой жеткен инсандын иш-аракеттери, Кудайдан келген аянга негизделип, жакшылык мүнөзгө ээ болуп, кандайдыр бир максатты көздөп жасалуусу керек.

Катаал жаза орнотуунун негизги максаты — коомго тынчтык жана коопсуздук берүү. Мүлккө же өмүргө зыян келтирген кылмыш иштеринде Ислам мыйзамы боюнча эки гана күбө талап кылынат, ал эми чыккынчылык же кыянаттык боюнча айыптоо үчүн төрт күбө болуусу шарт деп берилген. Эмне үчүн? Себеби, маселе жеке күнөөнүн өзүндө эмес, анын коомго тийгизген таасирине байланыштуу. Күнөөнү элге жайылтуу же коом алдында күнөөсүн моюнга алуусун талап кылсак, терс таасирлердин таралышына түз жол ачып берген болобуз. Күнөөсү үчүн жазага тартуу менен күнөөлүүлөрдүн абийирин сактаган купуялууктун ортосундагы тең салмактуулукту бир калыпта кармоо маанилүү. Каалоосуна азгырылып, жашыруун күнөө кылган адам менен эл арасында күнөө жайып, алардын кадыр-баркын кетирүүчү ачык күнөөкөрлүктүн ортосунда белгилүү бир айырма бар. Экинчи халиф Умар ибн Хаттаб бир үйдүн жанынан өтүп бара жатып, адамдардын ырдап, ичимдик ичип жатканын угуп, ошол адамдын короосун көздөй жөнөйт. Дубалга чыгып, үй ээлеринин ичимдик ичип, ыймансыз жоруктарды жасап жатканына күбө болот. Ал адеп-ахлакты сактабай жаткандарды күнөөлөсө болмок, бирок алар халифанын дубалга чыгып, аларга тыңчылык кылууга укугу жок экендигин билдиришет, ошентип Умар өз катасын мойнуна алып, эч кандай чара көрбөстөн жолун улаган экен. Эгер зынага барган адамардын күнөөсү төрт күбө менен тастыкталбаса, күбөлөр өзүлөрүн жаманнаты болуудан сактоо жана куру доомат тагуучу болуп калбашы үчүн, ар ким тууралуу эч качан жаман сөз айтпашы керек. Ислам бирөөнүн күнөөсү ачыктаган билдирүүлөргө каршы, анткени алардын байма-бай болуп туруусу эл арасында кеңири тараса, коомдо кеңири жайылган көрүнүшкө айланып кетүүсүнөн коопсонот.

Жыныстык жол менен берилүүчү илдеттер

Бир гана жубайлардын ортосундагы жыныстык катнаш же түгөйлөрдүн никеге чейин жана никеден кийинки ишенимдүүлүгү – жыныстык жол менен жугуучу оорулардан коргонуунун эң ишенимдүү жолу. ЖЖБИ бир нече өнөктөшү бар бойдок адамдар же жубайына ишенимсиздик көрсөткөн жана башка-

лар менен жыныстык катнашта болгон адамдар аркылуу таралат.

Пайгамбарыбыз:

“Эгер коомдо жыныстык азгыруу өнөкөткө айланып, кеңири тарашы коом тарабынан кабыл алына турган болсо, анда алардын арасында жугуштуу оорулар жана башта белгисиз болгон, оорунун жаңы түрлөрү пайда болот” – деп айткан.

(ИБН МААЖАХ)

1940-жылдары жыныстык жол менен жугуучу негизги оорулар сифилис жана гонорея болгон. Андан бери пайда болгон ооруларды дарылоо бир топ кыйынчылыктарды жаратып келет.

СПИД менен герпес – айыктырууга мүмкүн болбогон илдеттер. 1960-жылдардагы АКШдагы сексуалдык революциянын жыйынтыгында саламаттыкты сактоого чыгымдарынын өлчөмү бир кыйла көбөйгөн. Америкалык жыныстык ден соолук ассоциациясынын маалыматына ылайык, 2008-жылы АКШда аялдар менен эркектердин арасында 110 миллионго жакын ЖЖБИ катталып, ар бир төртүнчү өспүрүмдөр илдетти жуктуруп алышкан. Ассоциациянын статистикалык маалыматы: «Бардык америкалык аялдардын кеминде 15 пайызы, жыныстык жол менен берилүүчү ооруларды толук айыктырбаганы үчүн жамбаш сөөктөрү сезгенип (сальпингит), жатын түтүктөрү жабыркап, тукумсуздука кабылышат.

2012-жылы АКШнын Ооруларларды көзөмөлдөө жана алдын алуу борборунун маалыматы боюнча, Кошмо Штаттарында 1422976 хламидиоз, 334826 гонорея оорулары, андан башка жыныстык жол менен берилүүчү илдеттер катталган. СПИД оорусу биздин коркунучту ого бетер күчөтүп, абалды оорлоштуруп келет. Англияда 2014-жылы жыныстык жол менен жугуучу оорулардын болжол менен 440,000 (миңине) хламидиоз диагнозу коюлган. Акыркы он жылдын ичинде гонорея, сифилис, жыныс сөөлү жана жыныс герпеси диагноздорунун саны айрыкча эркектерде, кыйла жогорулап кеткендиги байкалууда. Жыныстык жол менен берилүүчү илдеттерге эң көп салттуу эмес ориентацияга, эркек менен эркектердин ортосундагы жыныстык мамилеге баргандар кабылышат. Улуу Британиянын Саламаттыкты сактоо жана социалдык камсыздандыруу боюнча аткаруучу агенттиктин 2015-жылкы изилдөөсүнө ылайык: 2013-2014-жылдары сифилис 46%, гонорея 32% жогорулаган жана сифилис диагнозунун 81%, ал эми гонорея диагнозунун 52%зы гомосексуалисттерге туш келет.

Жатын моюнчасынын рак оорусунун коркунучтуу факторлоруна бир нече жыныстык партнёрлордун болушу жана тамеки тартуу кирет. Рак тобокелдигине кабылган аялдар Пап тесттерин үзгүлтүксүз тапшырышып турушу керек.

(Улуу Британиядагы рак илдетин изилдөө борбору)

АКШда ЖЖБИ эң жогорку көрсөткүчкө ээ. Жылына 12 миллиондон ашуун адам, анын ичинде үч миллион өспүрүмдөр бул ооруну жуктурушат.

(Медицина Институту 1997)

Кыз менен жигиттин мамилелери тууралуу

Наристелер ойноп жаткан учурда теңˆ туш балдарынын кыз же эркек бала экендигине маани беришпейт, бирок 8 жаштан баштап эркек балдар эркек балдар менен, кыздар кыздар менен ойногонду жактырып баштайт. Балдар адатта 10 жана 12 жаш курак аралыгында эң жакын досторун таап, достугу өспүрүм курактан өткөнгө чейин уланат. (D'Oyen, 1996). Адам чоңойгон сайын, ал үчүн достук мамилелердин баалуулугу арта берет. Үй-бүлөдөгү атмосфера талаптагыдай уюштурулган кезде, туугандар арасындагы мамиле ойдогудай калыптанып, эркек балдар атасы, агалары, атасынын бир туугандары, кийинчерээк уулу менен жакын мамиледе болот. Үй-бүлөлүү аялдар, курбулары, апасы, эжелери, кошуналары менен болгон достукка жана алардын колдоосуна таянышат.

Аруу таза достуктун өзүнө жараша белгилүү мүнөзү бар. Жакын тууган же *махрам* болбогон кыз менен эркек бала күбөлөрсүз чогуу убакыт өткөрүшү мусулмандар үчүн мүмкүн эмес. Кийими жана жүрүм-туруму адепке жооп берип, сыпаа түрдө гана сүйлөшүүлөрү шарт. Көптөгөн коомдордо кеңири жайылган "кыз жигиттин мамилесине" Исламда тыюу салынган. Туугандардын жайналуусу, мечиттеги сабактар, достук жолугушуулар белгилүү бир деңгээлде эркек балдар менен кыздардын ортосунда баарлашуусуна жетиштүү мүмкүнчүлүк боло алат.

Дээрлик бардык коомдордо үйлөнүү тоюна чейин жыныстык катнаш боюнча тажрыйбага ээ болуу – нике мамилелерин жакшыртууга шарт түзөт, андан сырткары тажрыйба мыкты өнөктөш тандоого мүмкүнчүлүк берет деген көз караштар орун алган. Кээде жыныстык мамиледеги өнөктөштөр узак убакыт бою чогуу жашашат жана күйөөгө тийбей, үйлөнбөй эле балалуу болушат же такыр үйлөнбөй жашоосун уланта беришет.

Мындай жүрүм-турумга көптөгөн диндер тыюу салганы баарыбызга маалым, анткени анын кесепети – толгон-токой көйгөйлөрдүн башаты болуп жатпайбы. Адатта кыз-жигит болуп сүйлөшүүгө эрте киришкен жаштар көйгөйлүү үй-бүлөлөрдөн чыгышат. Ата-энесинин ажырашып кетиши же үйдө жылуу мамиле жана камкордуктун жетишсиздигинен, башка жактан жылуулук издеп, кыз-жигит катары мамиле түзүүгө, убактылуу болсо да моралдык же материалдык колдоо табууну каалашат. Бул өтө кооптуу абал, анткени каны кызуу кезде, сезимдерин башкара албаган, эч нерсеге даяр боло элек жаштарды жыныстык мамилеге алып келиши мүмкүн.

Тилеке каршы, коомдо анын алдын алуунун ордуна, жаштарды азгырып, зынага түрткөн таасирлер күч алууда. Телекөрсөтүү жарнамалары, тасмалар, интернет, жада калса мектеп адабияттарынын айрымдарында кыз-жигит мамилеси – сүйүүнүн символу катары даңазаланып, кандайдыр бир кемичилиги бар гана адамдын жигити же сүйлөшкөн кызы жок болушу мүмкүн деген көз карашты таңуулап, ынандырууга аракет кылып келет. Мисалы, тогуз жаштагы окуучулар өзүнөн улуу, карама-каршы жыныстагы өспүрүмдөр менен достошконун мактанып, ал эми алардын катарына кошулбагандарды акылсыз же замандан артта калган деп шылдыңга алганын өз балдарыңыздан же тааныш досторуңуздан угууңуз толук мүмкүн.

Эң өкүнүчтүүсү, алар өзүнүн туура эмес кылып жатканын билишпейт, аларды бир калыпка салган бирдиктүү система же үлгүлөр дээрлик жок.

Үйлөнгөнгө чейин кыз-жигиттик мамиледе болгондор мусулман коомуна жат көрүнүш, андайларды “кийилген кийим же колдонулган буюмга” салыштырышат. Никеге чейин жыныстык катнашка барган кыздар кыздык ар-намысынан айрылган соң, көп кыйынчылыктарды башынан өткөрөөрү шексиз. Анткени дүйнө жүзүндөгү көптөгөн салттуу маданияттарда турмушка чыккан кыздардын аруулугуна өзгөчө көңүл бурулат, ал эми кыздар өзүлөрүнүн кадыр-баркын жоготуп алса, татыктуу өмүрлүк жолдош табуусу кыйын. Ошондуктан Ислам эркектер менен аялдардын өзүн өзү башкара билүүсүн жана адамдык адеп-ахлактуулугун жогору баалайт. Мусулман ата-энелердин көпчүлүгү кызынын колун сурап келген жигиттин, мурда жаман жолдо жүргөнүнөн кабардар болсо, мындай адам аялына камкор боло албайт, башка аял үчүн таштап коё алат же аны сыйлабастан, ага катаал мамиле кылышы мүмкүн деген ойдо, кызын берүүдөн баш тартат. Ирээтсиз, эркин жыныстык катнаштын аягы кош бойлуулук менен бүтүшү айтпаса да белгилүү, сактануучу каражаттар дайыма эле натыйжалуу боло бербейт. Жаман жолго түшүп, адашкан кыздын боюна бүтүп, төрөй турган болсо, бул анын жана анын болочок баласынын башына мүшкүл үйүп, үй-бүлөсүн чоң уятка калтырат. Эне болуу – бул өтө жоопкерчиликтүү милдет, толук кандуу үй-бүлөсү бар, ата-энесинин жардамына таянган аял үчүн да, эне болуу бир топ түйшүктү талап кылган учурда, үй-бүлөсүнүн колдоосунан айрылган жаштардын абалы айтпасак да түшүнүктүү. Ата-эне статусуна ээ болгон жаштарды жоопкерчиликтүү болуп, үй-бүлөсүн камсыздоого, эрте жашта өз алдынча болууга аракет кыла баштайт деп айтууга үмүт аз. Бала туруп балалуу болгон жаштар өз балдарына жакшы жашоо түптөп бере алышпайт. Бул жерде эң эле аянычтуу абалда калган – бир гана бейкүнөө ымыркай. Өспүрүм жигиттер жоопкерчиликтен коркуп, өз

баласынан баш тартып кеткенине күбө болуп жүрөбүз. Көп учурда кыздар баласын чоңойтууга аргасыз болушат.

Эркин коомдордо ата-энелер кызына жана кыздардын эркек балдар менен болгон мамилесине карата кандай чара көрүшү мүмкүн? Ата-энелер кызы чоңойгон сайын, эркек балдарга болгон кызыгуусун байкап, ошол тегеректеги "өктөм" жигит жөнүндө сүйлөгөнүн угуп калуусу да ыктымал. Ата-эненин кызынын чоңойгондугун же жигиттерге көз артып баштаганын кабыл алуусу – оор болот. Кызынын тандоосуна арзыган жигит алар үчүн бир түркөй көрүнүп, аны менен жакын болууга аракет кылуусу – ата-эненин көңүлүн чөктүрүп, убайымга салат.

Кыз кишинин аталык мээрим, камкордук жана сүйүү менен тарбиялануусу маанилүү. Анткени, атанын мээрими аркылуу өзүн-өзү сыйлоосу жогорулап, эркек кишинин аялга карата жоопкерчилигин түшүнүп жетет. Бул анын туура тандоо кылуусундагы эң негизги шарт. Эгерде ата-эне башынан эле кызын ачык-айкын болуп, ойлору менен бөлүшүүгө көндүрсө, эркек балдарга болгон табити, кызыгуулары тууралуу айтып, ата-эненсин артыкбаш кыжаалатчылыктан арылтышы мүмкүн. Ошол эле учурда ата-энелер шартка жараша керектүү кеңештерин бере алышат.

Ата-эне өспүрүм курактагы кыздарга "сүйүү" тууралуу түшүндүрүп чыныгы жана жалган сезимдерди айырмалай алуусуна жардам бергени туура болот. Өспүрүм куракта гормондор жетилип, организмде өзгөрүүлөр болуп турат, жыныстык гормондордун калыптануу процесси, өспүрүмдөрдүн мүнөзүнө таасир бербей койбойт. Ошол учурдагы жыныстык мамилелеге болгон каалоосун "баёо сезими" менен сүйүү катары кабыл алышы мүмкүн. Кыздардын эркек балдардын кулакка сүйкүмдүү угулган таттуу сөздөрүнө ушунчалык берилип кеткендигинин себеби да ушул. Эркек балдарды да так өздөрүндөй ойлошуп, айткан сөздөрүн чындык катары кабыл алышат. Бирок эркек балдар физикалык жана психологиялык жактан башкача жетилери тууралуу ойлонуп көрдү бекен? Көпчүлүк коомдордо эркек балдарга көп тыюу салынбай, никеге чейинки жынынстык мамилелерин көнүмүш адат катары карашат, ата-энелери "каалаганча көңүл ач, бирок үйгө алып келбе" – деп, ачык эле эскертишет.

Турмушка чыкканга чейин, аруулугун жана ар-намысын таза сактоо, бирөөлөрдүн колдонуп кетүүсүнө жол бербөө – ар бир кыздын милдети. Ал эми, эркек бала кызга аяр мамиле жасап, жаратылыштан алсыз экендигин эске алып, пайдаланбашы керек. Жыныстык мамиленин өзүнө таандык орнотулган катуу эрежелери бар экендигин эркектер да, кыздар да балагатка жеткен кезден баштап үйрөнүшү – көп көйгөйлөрдүн алдын алат. Кыз киши эркек баланын намысына тийген сөздөрдү айтып, атайын жолдон азгыруусуна жол берилбейт. Ошол сыңары жигиттер кыздарга жылуу сүйлөп, психологиялык, эмоционалдык басым жасашына тыюу салынган. Анткени, эркек киши кыздын макулдугусуз эле, жоопкерчилик тууралуу ойлонбой туруп, өз мүдөөсүн канааттандырганга чейин бара алат.

Бала туруп балалуу болгон жаштар: Ислам дининде бойдон алдыруу жана бала асырап алуу

Өспүрүмдүр арасындагы кош бойлуулуктун алдын алуу чаралары көрүлгөнүнө карабастан, никеге чейинки мамилелер кош бойлуулук менен аякташы ыктымал. Кош бойлуулуктун көпчүлүгү

– пландаштырылган эмес. Боюнда бар кош бойлуу өспүрүм үчүн бул өтө оор. Психологиялык травманын үстүнө, эки жолдун бирин: бойдон алдырууну же жалгыз бой эненин тагдырын тандоого аргасыз болушат. Бул аябай көп кездешкен абалга айланды.

АКШда жыл сайын бир миллиондун тегерегинде кош бойлуу өспүрүмдөр кат-

КАТА КЕТИРГЕНИНЕ ӨКҮНҮП ТУРДУ...

1960-жылдары, Ливерпуль университетинде окуп жүргөндө, бир мусулман досум бар болчу, ал жергиликтүү мусулман эмес кыздар менен ар дайым кезигишип жүрчү. Мен ага мындай чар-жайыт мамилелердин кооптуу жана аягы жакшылык менен бүтпөшүн түшүндүргүм келди, бирок андан майнап чыккан жок.

Үч жылдан кийин ал мага мындай деди: “Үйлөнгөндө сен чыны менен бактылуу болосуң, анткени, үйлөнгөн күнү сен да, аялың да аруу жана таза болосуңар. Анткени бул сенин алгачкы жана мыйзамдуу мамилең болот. Абийириң таза болгону үчүн, белегиң сага эң бир башкача кооз сезимдерди тартуулайт. Ал эми мен үйлөнгөндө, аялымды мурда жолугуп жүргөн кыздардын бири катары кабыл алуудан корком, мен үчүн жакын мамиле – өзгөчө жана маанилүү нерсе болбойт!”

Кош бойлуу болуп калган америкалык өспүрүмдөр үчүн жашоо кандай? Алардын 50 пайызы гана орто мектепти аяктаган, 50 пайыздан ашыгы башкалардан көз каранды. Алар балдарды зомбулукка дуушар кылышы мүмкүн жана алардын бойго жеткен балдары өспүрүмдөрдүн кош бойлуулугунун 82 пайызын түзүшөт.

Америка Кошмо Штаттарында ушул өспүрүм энелерге каржылык жана медициналык жардам көрсөтүү үчүн жыл сайын миллиарддаган доллар сарпталат.

Мыйзамсыз төрөлгөн балдар болбойт, күнөөсүз балдарды жарыкка алып келген жоопкерчиликсиз ата-энелер болот!!

(Weiss, 2007)

БОЙДОН АЛДЫРУУ

Ата-энелер кызынын кош бойлуу экендигин өтө кеч билген учурда, бул кырдаалдан чыгуу үчүн эмне кыла алышат? Эң эле туура чечим – баланын атасын аныктоого ДНК тестин жасап, аны үйлөнүүгө мажбурлап, үй-бүлөнүн намысы сакталганын тастыктоо керек деп эсептешет!

Кош бойлуу кыз баласына өз алдынча кам көрө албай тургандыгын түшүнүп, бойдон алдырууга барышы мүмкүн. Ал түйүлдүктү мүмкүн болушунча эртерээк алып салуучу доктурга кайрылат. Айрымдар түйүлдүктү ашыкча орган катары эсептеп, бойдон алдырууга жеңил карашат.

Бирок, эркектин уруктугу энелик жумуртка клеткасы менен кошулган учурдан баштап түйүлдүктүн жашоосу башталат жана уруктанган энелик клеткага эч кандай тоскоолдук болбой, тынч бойдон сакталса, ал толук кандуу адам болуп өсөт. Куранда жана хадисте түйүлдүк төртүнчү айга чейин кыймылдабашы ачык айтылган. Эгерде аялдын төрөлө элек баласы – төрт айдан баштап, кандайдыр бир себептерден улам эненин курсагында туруп чарчап, боюнан түшүп калса, балага ат коюлат жана урмат-сый менен жерге берилип, ал үчүн дуба кылынышы керек.

Ислам дини адамзаттын өмүрүнө зыян келтирбөөгө жана боорукерлик, ырайымдуулук менен мамиле жасоого үндөйт. Ар бир инсандын (киши өлтүрүү сыяктуу оор кылмыш жасап, сот тарабынан катаал өкүм чыгарылганына карабастан) жашоого укугу бар. Анткени бул Жараткандан бизге берилген негизги укук. Мусулман укук таануучулары, жүйөөлүү себептерсиз бойдон алдырууну – (медициналык жактан төрөгөнгө тыюу салынбаган учурда) күнөөсүз, каршылык көрсөтө албаган тирүү жандыктын өмүрүн кыюу, киши өлтүрүү менен барабар болгон оор кыл-

мыш деп эсептешет.

Аял кишинин кош бойлуулукту улантуусу өмүрүнө катуу залал келтирип же жакын тууганынан боюна бүткөн учурда гана түйүлдүктөн арылышы мүмкүн деп айтылган. Бирок башка дин аалымдары мындай катуу чектөөлөрдү никедеги аялдарга карата орнотулгандыгын эскертет, ал эми башка учурларда төрт айга чейин жүйөөлүү себептерди карап чыгып, жол берилген учурлары бар мисалы: эненин өмүрүнө коркунуч туулган абал, үй-бүлөлүк ар-намыска тийгизген кооптуу кесепеттердин алдын алуу үчүн, энеге же балага, бүт үй-бүлө мүчөлөрүнө психологиялык, социалдык таасирин тийгизбөө үчүн бойдон алдырууга уруксат берилген. Бирок, Ислам динин эрежелери боюнча каалаган убакта түйүлдүктөн арылууга болбойт жана төртүнчү айдан баштап кандай жүйөөлүү себеп болбосун бойдон алдыруу – чоң күнөө.

Саналуу себептер боюнча бойдон алдырууга уруксат берилгенине карабастан, калктын санын тескөө же экономикалык чыгымдардын алдын алуу үчүн пландаштырылбаган кош бойлуулуктан арылууга жол берилбейт. Кош бойлуу кыз ымыркайын жарык дүйнөгө алып келүү менен никесиз төрөлгөн баланын жалгыз багуу чечимин кабыл алат. Бул эне жана атасыз төрөлгөн бала үчүн чоң кыйынчылыктарды жаратат.

ИСЛАМ ДИНИНДЕ БАЛА АСЫРАП АЛУУ

Ата-энелер балдарынын никеге чейинки жыныстык катнашка баруусуна каршы чараларды көрүп, колунан келген аракеттердин баарын жасаганына карабастан, күтүлбөгөн учурда неберелүү болуп калышы ыктымал, мындай жагдайларда эмне кылуу керек? Турмушка чыкпай туруп, кош бойлуу болгон кыздардын ата-энелеринин басымдуу бөлүгү, перзентинин уятсыз жүрүм-турумуна аябай арданышып, никесиз төрөлгөн балага кам көрүп, жардам берүүнү каалашпайт. Ислам дини баланы багууга, кам көрүүгө жөндөмдүү кимдир бирөө асырап алуусу үчүн, төрөгөн энесининин баш тартуусуна жол берген. Бирок асырап алуучулар, чыныгы ата-энелери менен кабарлашып туруусу керек. Балдарын таштап кеткен аялдардын көпчүлүгү аларды эч качан көрбөйт, болгону балдарынын тагдырын божомолдой гана алышы мүмкүн.

Ал эми асырап алынганын билген балдар, эрезеге жеткенден кийин, өзүнүн чыныгы ата-энеси, келип чыгышына көп маани берип, билүүгө ынтызар болуп башташат. Асырап алынган балдардын баары тең эле жакшы шарттарга туш боло бершпейт. Кээ бирлери бой жеткенге чейин балдар үйүндө болсо, кээ бири бир балдар үйүнөн экинчисине же бир үй-бүлөдөн экинчи бир үй-бүлөгө которулуп жатып, бойго жетишет. Никесиз төрөлгөн балдар дароо четке кагылып же экинчи типтеги адам катары кабыл алынган көрүнүш айрым коомдордо дале болсо уланып келүүдө. Мындай мамилеге туш болгон балдардын психикасы жабыркап, көйгөйлүү болуп чоңоюшу чындык.

Ата асырап алган баласына өз атын берүүгө болобу? Куранда адамдардын тегине, санжырага олуттуу көңүл бөлүнүп, кимдир бирөөнүн чыныгы жүзүн жашырууга тыюу салынган.

> *Асыранды балдарыңар – өз балдарыңар эмес. Булар силердин оозеки айтылган сөзүңөр гана. Аллах чындыкты айтып, туура жолду көрсөтөт.* (Куран 33:4)

Ар бир адам өзүнүн чыныгы биологиялык атасынын аты менен аталышы керек:

Аларды өз аталарынын аты менен чакыргыла. Ошол Аллахтын алдында адилеттүүрөк. Эгер алардын аталарын билбесеңер, анда алар силерге дин жагынан бир тууган-дарыңар жана досторуңар болот.
(Куран 33:35)

Асыранды балдардын биологиялык атасы белгисиз болгон учурда, Куран аларды диндеги бир тууган ага-ини, эже-карындаш жана жакын тууган катары, багып алган үй-бүлөнүн ысмын алууга болоорун белгилейт. Бул жердеги эң негизги маселе – ат коюуда эмес, балдардын бирин-бири таанып билүүсүндө. Балким, алар келечекте үй-бүлө куруп калышат. Пайгамбарыбызга алгач жээн болгон Зайнаб өгөй уулу Зейит ибн Харистен ажырашкандан кийин, Мухамамад Пайгамбар Зайнабга үйлөнүү менен мындай мамиленинин үлгүсүн иш жүзүндө көрсөтүп кеткен.

“Эй, Мухаммед! Сен ошондо Аллах да жакшылык кылган, сен да жакшылык кылган (Зайитке): “Аялыңды өзүңө алып кал. Аллахдан корк!”– деп, сен Аллахтын жарыя кыла турган нерсесин жашыргың келген. Адамдардан коопторгон элең. Чындыгында, коркууга – Аллах гана татыктуу. Андан кийин, Зейиттин иши бүткөн соң (ажырашкан соң), аны сени менен никелештирдик. Анткени, момундарга асыранды балдары менен ажырашкан аялдарга үйлөнүү күнөө болбой турганын көрсөтүү үчүн (ушундай кылдык). (Аныгында) алар (күйөөлөрү) аялдарынан өз максаттарын бүтүрүшкөн соң, Аллахтын буйругу аткарылды.
(Куран 33:37)

Ислам динине чейинки сабатсыздык доорунда асыранды балдардын ата-тегин жашырып, өз ысымын ыйгаруу –туура эмес экендигин билишкен эмес. Бирок азыркы күндө бул нерседен кабардар боло туруп, өз ысымын берүү салтка айланган. Мындай салтты токтотуп, чыныгы атасынын аты калыбына келтирилиши керек. Эң негизгиси – жетимге жакшылык кылуу жана анын укугун коргоо. Бул нерсени толугу менен ишке ашыруу – ошол мезгилдин маданиятынан жана үрп-адаттарынан көз каранды.

Гомосексуализм жана ата-энелер

Алгач гомосексуализм жана тыюу салынган жыныстык багыттарды тандап алган адамдар жана алардын коомчулуктагы аталышы тууралуу түшүндүрүп өтөлү. Гомосексуал – бул карама-каршы эмес, өз жынысындагы адамдар менен жыныстык мамиле түзгөн адам. Ал эми карама-каршы жыныстагы адамдар менен жыныстык мамилелерди чектеген адам гетеросексуал деп аталат. Аялдар арасындагы жыныстык катнашты тандаган аялдар лесбияндар катары аныкталган. Гомосексуал эркектерди жалпак тил менен “гей” же “көгүш” деп атап коюшат. Биз гомосексуалдык жыныстык мамилеге жана анын жайылышына караманча каршы болгонубуз менен, гомосексуалдарды адам катары кадыр-баркын тебелөөгө укугубуз жок, анткени адамдардын баарына бирдей урмат-сый менен мамиле кылууга милдеттүүбүз. Өзүлөрүн гомосексуал катары сезген балдардын ата-энелери өтө оор абалга тушугуп, балдарына жардам берүүсү оңой болбойт. Себеби ыйык жазмалардын баары мындай багытты четке кагышса, светтик система кайра мыйзамдаштырып жатат.

Куран гомосексуализмди чоң күнөө катары карап, ал тууралуу эскертет:

Дүйнөдө (көптөгөн аялдар туруп) эркектер менен кошуласыңарбы? Эгеңер силер үчүн жараткан аялдарыңарды карабай коёсуңарбы? Силер – бузуку элесиңер. (Куран 26-165:166)

Берген тарбиясын туура жана талаптагыдай деп ойлогон ата-эне үчүн капыстан эле баласынын гомосексуалист экенин билүү – өтө оор жана күтүлбөгөн кырдаал болот. Бул учурда кандай кылуу керек? Ата-эне өспүрүм баланын гомосексуалдык мамилеге ооп же анын таасирлерине берилгенин байкап калган учурда, оболу этияттык менен мамиле жасап, анын себептерин изилдеп, туура жолго салууга аракет кылуусу керек.

Гомосексуализм – ата-энелер үчүн оор маселе. Айрым ата-энелер балдар бул тууралуу канчалык аз билсе – ошончолук жакшы болот деп ойлошот. Ата-энелер уулдарынан бардык жагынан эркеке мүнөздүү кайраттуулукту, ал эми кыздарынан аялга тиешелүү назиктикти көргүсү келет. Азыркы учурда АКШ да 10 миллиондон ашуун гомосексуалдар бар, алар да кимдир бирөөнүн көптү үмүттөндүргөн балдары болушкан. Күн санап алардын саны өсүп бара жатат.

(Smith et al. 2001)

Окшош жыныстыны тандаган адамдар күн сайын эркиндигин чектеген нормаларга каршы жана укуктары үчүн аябай активдүү күрөшүп жатышат. Параддар жана нааразычылык жүрүштөрүн уюштуруп, эркиндигин чектеген мыйзамдарды өзгөртүүгө аракет кылып келүүдө. Элдин алдында өбүшкөн же аялдай кийинген эркектерди (ажыкыз) көрүү – кыйынчылык деле жаратпай калган. Салттуу эмес жыныстык байланышты тандап алгандардын кийинкилерин трансвеститтер деп атап коюшат (трансвеститтердин көпчүлүгү гетеросексуалдар болгону менен, “гей укуктары” кыймылы “трансгендер маселесин” камтыйт). Айрым өлкөлөрдө жана штаттарда расмий түрдө аялдар аялдар менен үйлөнүүгө, ал эми эркектер эркектерге үйлөнүүгө уруксат берилген. Мындай гомосексуалдык жубайларды кадимки үй-бүлө катары каралат. Бул “үй-бүлөлүк жубайлардын” жалпы биологиялык баласы болушу мүмкүн эмес, бирок айрым учурларда бала асырап алууну чечишет. Алардын жүрүм-турумун сындаган адамдарды “гомофоб” деп атап коюшат. Тагыраагы алар – гомосексуалдарды жек көрүшкөн жана алардан кооптонушкан адамдар.

1960-жылдары АКШда бойго бүтүүнүн алдын алуучу каражаттардын иштелип чыгышы жана бойдон алды-

рууну мыйзамдаштыруу, популярдуу психология жөнүндөгү окуулардын жыйынтыгы «сексуалдык революция» менен аяктады. Өтө эле демократияга берилген топтордогу адамдар, никелүү экенине карабастан, каалаган адамы менен каалаган ориентацияда жыныстык катнашта болууга укуктуу экенин жана алардын тандоосу коомчулук тарабынан урматталышы керектигин талаша башташты. Натыйжада, көпчүлүк тарабынан бул идеялар колдоого алынып, атүгүл айрым өлкөлөр гомосексуалдарды дискриминациялоого мыйзам тарабынан тыюу салган.

Кантип адам гомосексуал болуп калышы мүмкүн? Бул тууралуу көптөгөн теориялар сунушталган. Ириде бул аң-сезимдүү тандообу же генетикалык жактан ушундай калыптанабы? 1970-жылдарга чейин көпчүлүк эксперттер тарабынан гомосексуализм – психологиялык кемтик катары каралган. Өткөрүлгөн тажрыйбалар же байкоолордон маалым болгондой, адатта аял затынын үй-бүлөдө кадыр-баркы жок жана алсыз же тескерисинче катаал, мээримсиз энелердин эркек балдары бардык аялдарды жек көрүшөт, ал эми аталарынан көп запкы жеген, аларга таарынган кыздар эркектерди жек көрүшү мүмкүн, ошондуктан аларга камкор боло алган, өз жынысындагы адамдардан өнөктөш издешет. 1990-жылдары кээ бир дарыгерлер жана психологдор гомосексуализм – адамдын жыныстык мамилесине мүнөздүү нормалдуу көрүнүш, гомосексуалдуулуктун гени тукум кууп өтүшү мүмкүн деген теорияны иштеп чыгышты. Анткени айрым үй-бүлөлөрдө гомосексуалдар башкаларга караганда басымдуулук кылышы ыктымал. Мындан тышкары, жаныбарлардын гомосексуалдуу жүрүм-турумунун сейрек учурлары илимде белгилүү болуп, аныкталды. Бирок, жапайы жаныбарлардын жүрүм-турумун үлгү кылып алып, баалуулуктарды четке кагуубуз керекпи?

Жараткан адамга аң-сезимдүүлүк берип, бардык тирүү жандардан жогору койгон. Генетиктер түшүндүрмө катары сунуштаган гомосексуализмге түрткү болгон себептер төмөндө талкууланат. Ага ылайык, башкалардын жашоосу, айлана-чөйрөнүн факторлору жана мамилелердин түзүлүшүндөгү маселелер чоң таасир берет:

- Достук жөнүндөгү күмөндүү сезимдер. Жаштар арасындагы достукка аябай берилгендик, бири-бирине болгон бекем байланыш алардын сезимдерин чаташтырып жиберген учурлар болот. Кыз өзүнүн эң жакын курбусун ушунчалык жакшы көргөндүктөн, аны кучактап же өпкүсү келип кетиши мүмкүн, бирок ал сезимдерди сексуалдык назиктик менен чаташтырып, өзүн күнөөлүү сезип баштайт. Атүгүл, ага кыздар көбүрөөк жагарына ишенип, курбусун жыныстык катнашка көндүрүүгө аракет кылат. Бул көйгөйдү, өспүрүм курака чейинки жана өспүрүм курактагы балдардын ата-энелери менен жыныстык тарбия берүү жөнүндө үзгүлтүксүз талкуу жана ачык пикир алышуу аркылуу чечүү мүмкүн.

- Балдарга болгон сүйүүнүн жоктугу. Адамда сүйүү жана жакшы көрүү сезимин бере турган же тескерисинче, багыттай турган турган эчким болбой калган учурлар болот. Ата-энеси жана үй-бүлө мүчөлөрү менен жакын мамиледе болбогон өспүрүмдөр мээримге муктаж. Кыздар жакын курбусу, ал эми балдар эң жакын жолдошу менен ээн-эркин сүйлөшө алышса, эркелөө же кучактоо муктаждыгы ойдогудай болуп, сексуалдык мүнөзгө айланып келиши мүм-

күн. Маселенин эң башкы чечими: эмчек эмизүүдөн баштап, балдарга сүй-үү жана мээрим тартуулаңыз. Сүйүү үй-бүлөдө эң бийик деңгээлде жүргүзүлүшү керек. Ошондо аны сырттан издөөнүн кереги жок болот.

- Балага сексуалдык кордук көрсөтүү. Айрым жаштар балдарга жаман мамиле жасагандан ыракат алышып, алар көнүп калганга чейин, алардын эркине каршы иш-аракеттерди жасоого мажбурлашат. Эркектер менен жыныстык катнашта болгон 2881 эркек кишинин бештен бири сексуалдык зомбулукка кабылгандар Paul et al. (2001). Бул кесепеттин алдын алуунун бир гана жолу – ата-энелер балдарын ар дайым көзөмөлдөп, алардын тегерегиндеги адамдарды байкап туруусу керек. Эсиңизде болсун, балдарга зомбулук жасагандардын көбүнчөсү үй-бүлө мүчөлөрү болушат, ошондуктан сергек болуу – өтө маанилүү!

- Аномалия: Айрым адамдар сейрек кездешүүчү оорулар менен төрөлүшөт же ал илдеттердин өрчүп кетиши аял жана эркеке тиешелүү өң-келбетке жооп берген гормондордун жетишсиздигине алып келет. Ал тургай жүрүм-турумунда өзгөрүүлөр пайда болушу мүмкүн. Гормондор – бул дененин ар кандай органдарында өндүрүлгөн химиялык заттар, алар жыныстык өзгөчөлүктөргө (мисалы, аялдын көкүрөгүнүн өсүшү), эркектин (мурут жана сакалды өстүрүү, булчуңдардын өрчүшү, күчү менен мактануу жана физикалык чабалдыгына) же аялдардын энелик мээримине (балдарын кучактоо, эркеле-түүсүнө) жооп берет. Эркектик гормондору жетишсиз болгон жигит сакалын өстүрө албай, үнү керектүү деңгээлде жоонорбой, ал өзүн толук кандуу эркек катары сезбей калыш көп кездешет. Маселенин чечими – бир гана дарылоо жолунда.

- Үйлөнүү же турмушка чыгуунун кечиктирилиши. Туура кураста никеде турган эркектер менен аялдардын организиминде жыныстык муктаждыктарын канааттандырууга болгон күчтүү каалоо өзүнөн өзү пайда болот. Эгер бул талаптагыдай аткарылбаса, альтернативдүү ыкмалар тууралуу ойлонуп башташат. Бойго жеткен курактан баштап никени кечиктирбөө керек, анткени бул балдардын укугу. Никени жеңилдетип, чарбалык маселе боюнча балдарга көмөк көрсөтүү – ата-эненин милдети.

Балдарында гомосексуалдык белгилер аныкталганда, ата-энелер сабырдуулук жана түшүнүү менен мамиле жасоосу зарыл. Тезинен кесипкөй адистердин жардамына кайрылуу – биринчи кадам болуп эсептелет. Бул жоругу үчүн балдарын жемелеп, таш-боордук көрсөтүү болбойт. Айрым өлкөлөр гомосексуалдардын укугун коргоп, аларды сындаган көз караштарды мыйзам тарабынан жоопко тартканы үчүн гомосексуалдык аракеттерди жасоо туура деп кабыл алуунун кажети жок. Ар кимдин дин тутуу эркиндиги бар. Мыйзам гомосексуалдардын укугун коргогондой эле, дин тутуу эркиндигин да коргойт.

Ата-энелердин гомосексуализмге байланыштуу укуктук маселелерди билүүсү зарыл. АКШ мыйзамы жарандардын жынысына, жыныстык ориентациясына, расасына, тилине же улуттук тегине негизделген дискриминациялардын баарына тыюу салат. Көпчүлүк коомдор гомосексуалдуулук – нормалдуу көрүнүш деген өңдүү билдирүүлөрдү пропаган-

далап, адеп-ахлактуу жүрүм-турум менен тыюу салынган иш-аракеттердин ортосундагы карама-каршылыкты жокко чыгарууда.Туш тараптан айтылып жаткан мындай чакырыктар, балдардын аң-сезимине доо кетирип, табигый чектөөлөрдү бузуп, кумар, азгырылуунун артынан ээрчигенге эрксизден мажбурлайт.

Балдарына гомосексуалдык жүрүм-турумдун туура эмес экендигин түшүндүрүп берүүгө ата-эне өзү жооптуу жана балдар башка булактардан маалымат алганга чейин ата-энелер эң алгачкы болуп профилактикалык чараларга кам көргөнү дурус.

Кээ бир мугалимдердин гомосексуалдык жүрүм-турумду макул көрүп, нейтралдуу көз карашта болгонун этибарга албай коюу туура эмес. Мындай учурду байкаган ата-энелер сөзсүз мугалим менен жекече сүйлөшүүсү керек.

Эркек киши кайраттуу,
аял затын сыйлаган, алсыздарды коргогон, сыпаа болуп, аялдарга тик карабаган, денесин жапкан, олуттуу кийим кийүүсү абзел.

Аялзаты уяттуу,
сылык, денесин толук жапкан кийим кийип, ачык кийим менен эркекти азгыруудан сактанып, ою жаман эркектерден өз намысын коргой алуусу керек.

Исламдагы жыныстык тарбия

Ислам Улуу Алла Тааланын жыныстык муктаждыкты жаратканды-гынан кабардар. Куранда жана Пайгамбарыбыз (с.а.в.) тарабынан нике жана үй-бүлөлүк жашоо тууралуу маселелерге өзгөчө маани берилип, урмат-сый менен мамиле жасалган. Ислам дининде аял менен эркектин ортосундагы жыныстык мамилеге жөн гана ырахат алуунун куралы катары эмес, адамдын муктаждыктарын жана Кудайдын эркин канааттандырган, кошумча мамилелердин бир бөлүгү катары сый-урмат көрсөтүлөт. Ыйык жазма боюнча, никесиз жыныстык мамилелерге тыюу салынган жана эң катаал жазалануучу күнөө. Ал эми жубайлар ортосундагы жыныстык мамиле ибадат катары бекемделет. Исламдагы жыныстык мыйзамдар ачык жана табигый мүнөздө берилип, теңтуштардын кысымы же коомдун өзгөрүп турган баалуулуктарына карата туруштук бере алат, анын эрежелери шарият тарабынан бекем орнотулган. Башка коомдордон айырмаланып, Ислам жамааттарында никеге чейин кыздын абийиринин сакталышы – көп көйгөйлөрдүн алдын алып, күнөөлөрдөн сактайт.

Төмөнкү аяттарда эркектер менен аялдардын жыныстык мамилелери тууралуу айтылган:

Биз силерди көрүмсүз начар суудан жаратпадыкпы?! Белгилүү бир убакытка чейин, (сууну) Биз ишеничтүү орунга (жатынга) жайгаштырдык. Биз мөөнөттү белгилейбиз жана Биз мөөнөт белгилөөчүлөрдүн эң кудуреттүүсүбүз. (Куран 77:20-23)

Зынага жакындабагыла, анткени ал эң ыплас, жаман жол.
(Куран 17:32)

Төмөндө үй-бүлөлүк мамилелерге байланыштуу сүннөттөрдүн кээ бирлерлери мисал катары берилди:

Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам) никедеги жакындыкты сооптуу иш деп эсептейт:

"Аялы менен жакындыка баруу – сооп иш". Сахабалар таң калышып: "Кантип биз муктаждыгыбызды канааттандырып, ал үчүн сооп ала алабыз?" – деп сурашат. Пайгамбарыбыз: "Тыюу салынган ишти жасоо – күнөө болуп эсептелет, бирок аны Куранда жазылган эрежелери менен мыйзамдуу түрдө жасоо – сооп чулукка жатат"– деп жооп берди.
(Муслим)

Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам) аял эркектин никедеги жакындыктары тууралуу башкаларга айтууну күнөө экендигин эскертет:

Силердин араңардан эң жаманыңар жубайларыңардын сырларын ачкандар. Бул үчүн Кыямат күнү жооп бересиңер.
(Муслим)

Аишанын айткандары боюнча:

Аллахтын элчиси менен бирге жаткан учурумда, айыз күндөрүм башталды. Мен ал күндөрү кийе турган кийимдеримди кийип, бөлөк жерге жатууга камындым. Ал: "Сенин айызың башталдыбы?" – деп сурады. Мен "ооба" деп жооп бердим. Ал кайра мени жанына чакырып, бир жабынчы астында жатуумду айтты.
(Аль-Бухари жана Муслим)

Куранда күйөө менен аялды бири-бирин коргоочу кийимге салыштырат. Кийим – бул жеке бир адамга таандык нерсе, ал денеге жакын, ошол сыяктуу жубайлар бири-бирине жакын болуп, коргоочу болушу керектиги айтылган. Кийим биздин абийирибиздин белгиси, жубайлар да бири-биринин ар намысын коргоого тийиш. Кийим адамдын сулуулугун баса белгилесе, жубайлар бири-биринин артыкчылыктарын баса белгилеши керек. Жыныстык катнаш – ашыктыкты билдирүү жолдорунун бири. Күйөөнүн милдети – аялына жыныстык мамилени үйрөтүү, тагыраагы ага жаккан жана жакпаган нерселер тууралуу ачык айтуу. Ошондой эле, башка аялдар менен салыштырууга тыюу салынат. Ырахатка жетүү үчүн, аялдар да так эркектер сыяктуу ачык айтканы дурус. Аялдар эркектердин жыныстык муктаждыктары аялдарыкына салыштырмалуу өзгөчө болоорун түшүнүшү керек. Аял киши жыныстык мамиледе уялып, толук берилбегени туура эмес, мүмкүн болушунча күйөөсүнүн аракеттерине мээримдүүлүк менен жооп кылганы оң. Жубайлардын экөө тең көчөдөгү азгырыктарга туш болоору шексиз. Кээ бир учурда мындай азгырыктарга туруштук бере албай күйөөсү аялына же тескерисинче аялы

күйөсүнө адилетсиздик кылуусуна жол берилип кетүүсү мүмкүн. Экөөнүн тең кызыкчылыгы үчүн, аял күйөөсүнө жагууга, ага ашыкча кысым көрсөтүп, аны менен башка аялдардын ортосунда тандоо жасоого негиз бербеши керек, бул үй-бүлөнүн бузулушуна, кирешенин азаяшына жана Кудайдын ааразычылыгына алып келет. Анын сыңарындай, аялынын бардык муктаждыктарын канааттандырып, жашоосун, түйшүктөрүн жеңилдетүү – күйөөсүнүн милдети.

Азирети Пайгамбарыбыз (с.а.в.) жубайлардын ортосундагы жакын мамилелерден жогорку деңгээлде ырахатка жетишүү жолдорун кеңири түшүндүрүп берген. Ислам дини аналдык жыныстык катнашка тыюу салат, бирок Курандa жана сүннөттө оралдык жыныстык катнашка тыюу салган билдирүүлөр тууралуу айтылган эмес. Жыныстык мүчөлөрдү таза кармоо жана суюктук бөлүнүп чыккандан кийин же жыныстык катнаш бүтөөрү замат, дененин бир жерин да калтырбай жууп *(гусл)* алуу – парз.

Азирети Пайгамбарыбыз (с.а.в.) айтты: “Эч кимиңер аялыңарга жаныбар сыяктуу кол салбагыла, адегенде араңарда элчи болуш керек”. Ага: “Кайсы элчи?” – деп суроо беришти. Ал: “эркелетүү жана боорукердик”.

(Аль-Зубайди жана Аль-Ираки)

Пайгамбарыбыз дагы бир жолу эскертти: “Аялыңар менен болгон учурда, ага жакшылып көңүл бургула. Аялыңардан мурун өзүңөрдү ойлобой, биринчи аялды канааттандыргыла”.

(Абу Яла)

Ар бир эркек өмүрлүк жарына кам көрүүгө милдеттүү. Аялынын ишенимдүү болушун кааласа, жыныстык катнаштан толук ырахат алуу үчүн жетиштүү убакыт берүүсү зарыл. Адатта, аялды канааттандыруу үчүн 15-20 мүнөт талап кылынат. Эркек аялына, жаныбар сыяктуу ташталуусу –туура эмес. Ислам дини аялга орой мамиле кылууну, эркине каршы мажбурлоону туура көрбөйт. Эркек аялына ырахат жана бактылуу жашоо тартуулоо үчүн, аялдын жыныстык мамилеси жөнүндөгү биологиялык фактылар тууралуу изилдеп чыгуусуна туура келет. Аялына катаал мамиле жасап, кам көрбөгөн күйөө анын сезимдерин мокотуп, азгырылуусу үчүн оңтойлуу шарт түзүп берет.

Ыйман жана аддеп-ахлактуулуктун чеги менен болгон жыныстык мамиле – шайтандын азгырыгы же күнөө эмес, тескерисинче аруу жана ден соолукка пайдалуу

Балдардын алдындагы ата-энелердин милдети

Ата-энелер балдарына жыныстык мамилелер тууралуу туура жана толук маалымат берүүлөрү керек. Эрежелерди туура сактап, жыныстык канташ – шайтандан болгон ыплас иш эмес экендигин балдарга түшүндүрүп берүү кажет.

Никедеги таза, аруу жыныстык катнаш – Кайрымдуу заттын белеги жана ырайымы, бейиштин кандайдыр бир кубанычтарын алып келүүчү жол экендигин түшүндүрүп берүү милдеттүү.

Бирок, жыныстык мамилелер Иблис колдонуучу куралдардын бири катары бузукулукту жайылтып, адамдын акылын туткундап, азап-кайгыга алып келүүсү да мүмкүн. Тыюу салынган жыныстык мамилелер баарынан мурун ачкачылык жана согуш сыяктуу азап-кайгыга себепчи болуп, бир эле никесиз катнаштын кесепети калган жашоонун баарын тобокелчилике салат. Жыныстык мамиле – Жараткандын буйруктарына ылайык таза жана пайда алып келген мүнөздө, куру кыйынчылыксыз канааттандырылышы керек болгон физиологиялык муктаждык.

Айшанын көз карашы боюнча айтканда Пайгамбар эркектер менен аялдардын муктаждыктарын түшүнүүдө ачык, боорукер жана чынчыл болгон. Ал өтө эле ашынган ышкыбоз да болгон эмес, жөн гана никелик жашоодон ыракат алуу жолдорун жакшы билген. Жыныстык ырахаттануунун да адеп-ахлактык нормалары болушу зарыл.

Жыныстык мамиледеги адеп-ахлактын жоктугу – үй-бүлөнүн жана коомдун бузулушуна, калп айтууга, алдамчылыкка, жоопкерчиликсиздикке, атүгүл зордуктоо, баңгилик, уурулук жана киши өлтүрүү сыяктуу кылмыштарга алып келет. Кудайды чын дили менен сүйгөн такыба инсан азгырыктарга жооптуу түрдө туруштук берип, жакшы менен жаманды айырмалай алууга милдеттүү. Көптөгөн адамдар ушунчалык карапайым жана көп түйшүккө кабылгандыктан, жыныстык мамилени пайдалуу жол менен кантип жүргүзүү жана өз максатына жеткирүү керектиги жөнүндө аздыр-көптүр таалим алуу – маанилүү экендигин деле биле беришпейт.

Жыныстык мамилелер жана гигиена эрежелери

ЭТЕК КИР УЧУРУНДА ЖЫНЫСТЫК КАТНАШ.

Орто кылымдагы жүйүттөр айыз учурунда аялдары менен байланышууну таптакыр токтотушкан. Ал эми Пайгамбарыбыз (с.а.в.) сахабаларына айыз учурунда аялдары менен жыныстык катнашка баруусуна тыюу салганы менен адаттагыдай сүйлөшүп, байланышты үзбөөнү буйруган.

Кыздарга гигиеналык каражаттарды кантип колдонуу жана аларды даарат канага унутуп койбостон, тыкан жана жыйнактуу болуусу боюнча практикалык кеңештерди берүү зарыл. Гигиеналык каражаттар жок болуп калган учурда жуулуп, кургатылып, кайра колдонула турган, шейшептерди даярдап көрсөтүп берүү – энелердин жана эжелердин милдети. Айыз күндөрү табигый мүнөзгө ээ болгондуктан, жашыруунун же уялуунун кажети жоктугун түшүндүрүңүз. Анткени, айыз учурунда ыңгайсыздык жаралып же ооруксунган белгилер болсо, медициналык кеңеш керектелиши мүмкүн.

ЖЫНЫС МҮЧӨЛӨРҮНДӨГҮ ТҮК

Пайгамбарыбыз (С.а.в.) жубайлардын толук ыракат алышы үчүн, эркек жана аялдарды жыныс мүчөлөрүндөгү түктү айына бир жолу алып, денени таза жана тыкан бойдон кармоону насаат кылган. Алар табигый жана ден соолукка зыяны жок, алардан арылуу жанга тынчтык жана тазалык алып келет.

Эркек балдар үчүн муруттун пайда болушу же түктүү буттар көйгөй деле эмес. Бирок көпчүлүк кыздар үчүн бул жагымсыз жагдай. Энелер кыздарына депиляциялык кремдерди колдонууну же керексиз түктөрдөн арылуунун башка жолдорун көрсөтүп, кеңеш бере алышат. Бет түзүлүшүндө пайда болгон бир-эки түк үчүн, эркеке айланып бара жатам деп тынчсыздануунга негиз жок. Азыркы күндө аларды жок кылуунун ар кандай ыкмалары бар.

СҮННӨТКӨ ОТУРГУЗУУ

Пайгамбарыбыз жаш балдарды сүннөткө отургузууну ар бир мусулман үчүн милдеттендирген. Бул гигиенанын таза сакталышына жана сексуалдык ырахатты жакшыртууга өбөлгө түзөт. Эркектердин сүннөткө отургузулуусу рак оорусун, инфекциялардын санын азайтып, заара кылууга тоскоол болуучу оорулардын алдын алат. Исламда аялдардын жыныс органдарынын кайсы бир бөлүгүн кесүүгө тыюу салынган. Кыздарды сүннөткө отургузуунун кесепети, аялдардын жыныс органдарынын бузулушуна жана жабыркашына алып келет. 2006-жылы Дар-аль-Ифта аль-Мисрия конференциясы тарабынан сунушталган эрежелерди кабыл алабыз, ага ылайык:

- Адамдын денеси – кол тийгис;
- Куранда жана хадистерде айтылганы боюнча, кыздарды сүннөткө отургузууга эч кандай негиз жок;
- Сүннөткө отургузуу амалдары аялдын денесине жана психологиясына залал келтире;т
- Илимпоздордун баары тең мындай аракеттерди токтотууга чакырат;
- Окумуштуулар бул иш-аракеттин кесепеттери, зыяндары тууралуу билип, таанышууга үндөйт;
- Ошол эле учурда коркунучтуу тажрыйбага тыюу салуучу мыйзамдарды кабыл алууну талап кылышат.

ЭРКЕК БАЛДАРДЫН УРУКТУК СУЮТУГУ ЖАНА ТҮНКҮ ПОЛЛЮЦИЯ

Кээ бир өспүрүмдөр ич кийимдеринин булганып же суюктутун бөлүнүп чыгуусунан уялышып, ата-энелери көрүп калбасын деп аябай тынчсызданышат. Суюктуктун белгилүү бир өлчөмдө бөлүнүп чыгышы – нормалдуу экендигин алдын ала эскертүү – максатка ылайыктуу. Эгерде суюктук кан аралаш же кандайдыр бир жыт чыгарып, ич кийимди күнүнө бир жолудан көп алмаштырууга себеп болсо, дарыгерге кайрылуу кажет. Уруктукту заара менен алмаштырууга болбойт. Заара таза эмес (нажас) болгону үчүн таза жуулушу керек. Ал эми уруктук таза болот, аны заара сыяктуу жууй берүүнүн кажети жок, бир нече тамчы суу менен сүртүп койгон жетиштүү.

Өспүрүмдөр жана аруулук

Бүгүнкү күндө америкалык жана канадалык балдардын жыныстык жактан мурдагыга салыштырмалуу эрте жетилгендиги байкалууда. Кыздардын балагатка жетүүсү 8 жаштан 13 жашка чейин, ал эми эркек балдар 9 жаштан 14 жашка чейин уланат. Улуу Британияда

акыркы 150 жылдын ичинде жыныстык жетилүүдөгү орточо курактын көрсөткүчү 16,5 жаштан 12,8 жашка чейин төмөндөгөн. Мунун себеби, жаныбар текстүү азык-түлүктөрдү көп пайдалануу байланыштуу, анткени жаныбарларды тышкы таасирлерге туруштук берип, илдеттерден алыс болуп, интенсивдүү салмак кошуусу үчүн антибиотиктер менен гормондор белгиленген өлчөмдөн көп колдонулууда.

Экинчи жагынан алып караганда, биринчи жолу никеге туруунун орточо курагы өсүүдө. Америка Кошмо Штаттарында эркектер үчүн 29 жана аялдар үчүн 26. Иорданияда экономикалык жагдайга байланыштуу, нике үйлөнүүнүн орточо курагы эркектер үчүн 35, аялдар үчүн 30 жаш. Үйлөнүүгө чейин аруулукту сактоо керек деген принципти кармангандар, балдарынан никеге чейин жыныстык катнашка барбоону талап кылышат. Демек, жыныстык каалоо жана күч-кубат туу чокусуна чыккан учурдан тарта 16 жылды күтүү менен өткөрүүгө туура келет. Бул жаштар үчүн чоң көйгөй.

100 жыл мурун, көпчүлүк адамдар балагатка жеткенден көп өтпөй баш кошушкан. Коомдор арасында жашоо үчүн күрөшүү жүрүп турган убак эле. Ымыркайлардын өлүмүнүн жогорку деңгээли жана тез-тез болуп турган согуштардын айынан, артынан тукум калтырууга жетишип калуу үчүн эркектер да, аялдар да жыныстык күч-кубаты туу чокусуна чыгып турган учурунда үйлөнүшү маанилүү болчу.

Айрым коомдор жыныстык мамиледеги чектөөлөрдү жеңилдетип койгондугу үчүн, кеч үйлөнүү кадимки көрүнүшкө айланып бара жатат. Диний адамдар буга макул эмес, анткени өспүрүмдөрдүн азгырыктардан баш тартып, туруштук берүүсү – өтө кыйын маселе. Адамдар үчүн, жыныстык жактан жетилгенден баштап никеге чейин (20 жылдай убакыт) сексуалдык каалоолорун басып туруу мүмкүн эмес. Гормондору активдешип, оргуштап турган өспүрүм азыркы шартта туш тараптан курчап турган азгырыктарга берилип кетчү болсо, кесепетинен далай азап чегээри шексиз.

Мусулман коомдору көйгөйлөрдүн алдын алуу үчүн эрте турмуш курууну колдоого алышы зарыл. Жыныстык каалоолорун башка альтернативдүү жолдор менен канааттандыруу – психологиялык, социологиялдык көйгөйлөргө себеп болот. Ошол себептүү ата-энелер милдеттүү түрдө, никеден тышкаркы жыныстык катнашка тыюу салынгандыгын айтуу жолдорун табышы керек.



Айрым мусулман окумуштуулары үйлөнө элек жаштардын чыдатпай турган жыныстык каалоолорун канааттандыруу учурлардан тышкары, адатка айланып калбашы үчүн, мастурбациядан баш тартуу керектигин эскертишет. Сексуалдык каалоону башкаруу мүмкүн болбой калганда, мастурбация анчалык деле жаман эместир. Шейх аль-Хамид *Rudūdun ʿalā Abātīl* аттуу китебинде, укук таанучу аалымдар атайын сексуалдык каалоолорду ойготуу үчүн мастурбация жасоого тыюу салат деп түшүндүрөт. Бирок, каалоо ушунчалык күчтүү болуп, акыл-эске баш ийбей жатса адамдын туруктуулугун бузат (аны зынага түртүшү мүмкүн), ошол учурда мастурбация орунсуз каалоону басууга жардам берсе, анда бул – жайиз.

Мастурбация бейтараптуулук амалдарына кирет, ал үчүн сооп да, жаза да каралган эмес. Мастурбация өзүмчүлдүкө алып келет. Өспүрүм куракта-гы жигит кыз менен жакын мамиледе болуунун ордуна, кыялын өз алдынча ишке ашыра алат. Мындай ыкма стрессти убактылуу жеңилдеткенде пайдалуу болгону менен үй-бүлө курууга тоскоолдук кылышы мүмкүн. Жаштар үй-бүлө кургандан кийин, жыныстык мамиледен ырахат ала албай көйгөй жаралуусу ыктымал.

Ата-энелер өспүрүмдөрүнүн сексуалдык муктаждыктарын канааттандыруу үчүн маструбация менен алектенгенин түшүнүү менен кабыл алуусу зарыл. Негизи мындай адаттар үйлөнгөндөн кийин калат. Спорттук жана ар кандай жамааттык иш-чаралар, орозо кармоо сексуалдык каалоону жана дүүлүгүүнү басаңдатуучу каражат катары болушу мүмкүн. Бирок мастурбацияны туура эмес колдонуу ден соолукка олуттуу зыян келтиришин, ошондой эле, азгырыктан жана жыныстык кысымдан алыс болуу керектигин эскертип туруу керек. Ошондо гана өспүрүмдөрдүн мастурбацияга берилип, адепсиздикке айлантып жиберүүсүнө жол берилбейт.

Ата-энелер балдарына дене мүчөлөрүнө кантип туура кам көрүүгө жана алардын физиологиялык өзгөчөлүктөрү боюнча болгонун болгондой айтып, кеп кеңешин берүүгө тийиш. Жыныстык мамиле жаштардын ой жүгүртүүсүнүн маанилүү бөлүгүн ээлейт,

бирок бул мамиленин түрү ата-энелер жана балдары тарабынан эң аз козголгон маектерге кирет, анткени ата-эне ал тургай, балдар үчүн ыңгайсыз болуп, сүйлөшүүнүн өзү реалдуу эмес.

Мусулман аалымдары өспүрүмдөрдүн мастурбация менен алектенүүсүнө тыюу салынгандыгын айтышат, бирок айрым учурларда жол берилип келүүдө.

Жыныстык тарбиянын ич-ара көйгөйлөрүнө карата Ислам дининин чечими жана алдын алуу чаралар

Lā taqrabū al-zinā **же зынаанын алдын алуунун эң негизги ыкмасы – бузукулуктан жана күнөөгө алып келе турган жолдордон алыс кармоо.**

Зынага жакындабагыла, анткени ал – эң ыплас, жаман жол. (Куран 17:32)

Көпчүлүк өспүрүмдөр баары бир бул нерсени жасап көрөөрү шексиз, андан соң өзүлөрүн уят болгондой же күнөөлүү сезишет. Тең салмактуулук үчүн, бул ыкманы физикалык жана эмоционалдык зыян келтирбестен акыркы чара катары гана колдонуу кажет. *Lā taqrabū* же жакындабагыла, алыс болгула, өзүңөрдү коргогула, ага алып баруучу бардык жолдорду колдон келгенче тосуп салууңар керек, дээрлик ага жетүү мүмкүн болбой калсын. Коомдун стратегиясы мыйзамсыз жыныстык мамилелерди иш жүзүндө жеткиликсиз кылуу үчүн бардык чараларды көрүп, күнөөгө тарткан азгырыктарды жок кылуусу абзел. Сексуалдык индустриянын бардык түрлөрүн жоюп, кызматтарды жана суроо-талапты минималдаштыруу аркылуу коом жүрүм-турумду туура багыттап, никени таза жана коопсуз сактай алат. Үй-бүлөгө болгон мындай сый мамиле бир гана Исламга мүнөздүү эмес, Ибрахимден таркаган христиан, жүйүт жана индуизм да колдойт. Акыл-эстүү жаш муун же токтолгон орто муундагы адамдар үчүн башаламан сексуалдык жашоо менен алектенүү жана дене кумарларынын кулу болуп күн кечирүү – нормалдуу көрүнүш эмес. Кудайга ишенген, диндар инсандар жыныстык мамилелер үчүн эң сонун орун – никенин ичинде деп эсептешет. Ал эми, бүгүнкү күндөгү көпчүлүк коомдордогу жыныстык мамилеге болгон салттуу көз караштын жаш муун тарабынан четке кагылуусу чоң маселеге айланып бара жатат.

Учурда жыныстык жол менен жугуучу ооруларга алып келүүчү жолдор аябагандай көп жана азгыруучу мүнөзгө ээ. Алардан оолак болуу үчүн бир топ курмандык талап кылынат. Аруулук жана пакизалыктын арты кайырлуу болуп көп балээден сактайт, ал эми никесиз сексуалдык иш-аракеттерди жасагандар азап чегип, аябай жаман абалга туш болушат. Исламдын тутумун изилдөөдө, анын маңызы үй-бүлөнүн ыйыктыгына жана корголушуна багытталгандыгы ачык көрүнүп турат. Адеп-ахлактуулук жана жүрүм-турумдагы карапайымды-

ка, кийим-кече эрежелерин сактоого, алкоголдук ичимдиктерден жана баңгизаттардан баш тартууга, ошондой эле азгырыктардан алыс болууга өзгөчө маани берилет. Андан тышкары эркек менен аялдын ортосундагы курулай ашыктык сезимдердин тутанышына, порнография, сыналгыдан берилген ыплас сексуалдык көрүнүштөрдүн жайылышына жана делебени козгогон жарнак, музыкаларга тыюу салат. Булардын баары адашуу жана бузукулукка алып баруучу жолдорду тосууга жасалган олуттуу аракеттер болуп эсептелет. Бир эле дин же коом эмес, ата-энелер да өспүрүмдөргө жоопкерчиликсиз жыныстык байланыштын коркунучтарын түшүндүрүп берүүгө милдеттүү.

Зынанын (никесиз сексуалдык мамилелер) алдын алуучу тарбия бала кезинен башталууга тийиш. Өспүрүмдөрдүн жыныстык каалоосун басаңдатуу же көзөмөлдөө үчүн жеке инсандардын жана жалпы жамааттын күч-аракеттери талап кылынат.

Куранда адамдын жыныстык каалоосу тууралуу айтылган. Эгер Кудай оор учурда ырайым кылып, колдобогондо, Жусуп Пайгамбар да азгырыктын кысымына кабылып күнөөгө жыгылышы мүмкүн эле:

Жусуп турган үйдүн аялы, анын көңүлүн өзүнө тартмакчы болду да эшиктерди бекитип, “Кана кел бери!” – деди. Жусуп: Аллах сактасын! Ал (күйөөң) – менин кожоюнум. Мени жакшы орунга койду. Чындыгында заалымдар кутулушпайт” – деди. Ырасында, ал аял Жусуп тууралуу ойлоду. Эгер Жусуп Эгесинин далилдерин көрбөгөн болсо, Жусуп да аны кааламак. Жусуптан жамандыкты, бузукулукту алыстатуу үчүн Биз ошенттик, анткени ал ыкластуу момун пенделерибизден эле.

(Куран, 12:23-24)

Кудай тарабынан эркектер менен аялдарда берилген жыныстык каалоону, демейде, башкарууга болот. Бирок аларды атайын козгоп, ойготпош керек. Жыныстык каалоолорду никенин ичинде гана канааттандырууга жол берилет. Азгыруучу таасирлердин көптүгүнөн кумар эрте ойгончу болсо, аны башкаруу кыйынга турат. Бирок, эркектердин жыныстык дүүлүгүүсү аялдарга караганда ачык байкалып, акылга баш ийүүсү кыйын. Аялдар эркектерге караганда жыныстык каалоолорун жана жүрүм-турумдарын башкара алууга жөндөмдүү.

XXI кылымда сексуалдык чөйрөнүн кеңири жайылышы – көптөгөн коомдор үчүн таң калыштуу деле эмес. Коом жаштарга жардам берип, азгырыктарга бөгөт коюуда жетишерлик чара көрө албай жатат. Мындайча айтканда, өспүрүмдөрдү колу байланган абалда сууга ыргытып, “суу болуп калуудан сак бол!” – деп эскертүү берген сыяктуу. Азгырык өспүрүмдөрдүн жыныстык каалоосун күчөтөт, ал эми коом алардан баш тартууну жана өзүн-өзү тыюуну талап кылып келет. Бул ачка мышыктын алдына даамдуу балыктарды коюп, “Жебе!” дегенге барабар.

Аруулукту сактап, никеге чейин бекем болуу – азгырыктар жок болгондо, бир топ жеңилирээк болмок.

Куран адашуунун жана бузукулука баруунун алдын алып, бирдиктиктүү чара көрөт. Бирок азгырыктарга жол берилип жаткан коомдо өспүрүмдөр кандайча өз этикалык нормаларын сактай алышат деген суроо жаралат. Адам катары туш тараптан берилип жаткан азгырыктарга туруштук берүү мүмкүнбү? Ислам дининде жана шариаттын мыйзамы боюнча, эрежелерди бузууга алып келген нерселердин бардыгына тыюу салынган. Демек, жыныстык катнаштагы түркөйлүк, жапайычылыка жана денени башкаруудан чыгаруучу чакырыктардан сактануу – ар бир мусулмандын милдети.

Төмөндө никесиз жыныстык катнашка алып баруучу жолдорго бөгөт коюу боюнча көптөгөн кадамдардын тизмеси келтирилди. Азгырыктарды азайтуу – бул ата-энелердин, үй-бүлөнүн, мектептин, маалымат каражаттарынын жана жамааттын биргеликте кызматташуусун талап узак жараян.

УЯТТУУЛУК (*HAYĀ*)

Ымыркай төрөлгөндөн баштап анын уяттуу жерлерин көздөн обочо алып жүрүүгө үйрөтүп, уяттуулук *(Hayā')* түшүнүгүн калыптандыруу маанилүү. Ата-энелер ымыркайдын жыныс органдарына кол тийгизбеши керек, жууганда колго чүпүрөк кийип алганы туура болот. Үч жаштан жогору балдардын жыныс мүчөлөрүн жууган учурда, кездеме менен жаап коюу абзел. Жыныстык органдардын таасиринен алыс болуу – баланын жеке жашоосун бекемдейт.

Өспүрүмдөрдү колу байланган абалда сууга ыргытып, “суу болуп калуудан сак бол!” – деп эскертүү берген сыяктуу.

Уяттуулук деген эмне? Уят-сыйыттуулук *(Hayā')* деген сөз адамды “арамдыкты, акыл-эстен тайдырган иш-аракеттерди жасоодон уяткарган сапат”. Араб тилинде ал:

Укук аалымдары сыпаалыкты адамга жаман же уяттуу, ыплас иш-аракеттерди жасоого тоскоол болгон сапаттын белгиси катары мүнөздөшөт.

Сыпаалык сапаттарын ата-энелер балдарына үзгүлтүксүз түрдө уктуруп турса, бара-бара бул үй-бүлөдө, коомдо да адеп-ахлактын нормасына айланат.

Ал тургай, сөөк коюу маалында, денени жууп,тазалоочу адамдар жыныс органдарын карабашы жана аларга түздөн-түз колу тийгизбеши керек. Ал эми маркумдун ауратын тазалоо үчүн чүпүрөк же мата колдонгон оң болот. Пайгамбар (С.а.в.), сыпаалыктын көлөмүн жана өлчөмүн түшүндүрүү үчүн төмөнкүлөрдү айткан:

Ыймандын жетимиштен ашык бутагы бар. Алардын эң жакшысы –“Аллахтан башка Кудай жок” – деп тообо келтирүү. Эң кичинеси – зыяндуу нерсени жолдон алып салуу. Ал эми уяттуулук, сыпаалык – ыймандуулуктун бир бутагы.

(МУСЛИМДЕН)

Адамдар алгачкы пайгамбарлыктардан мураска алган нерсе – уяттуулук, эгерде сенде уяттуулук жок болсо *(haya)*, анда каалаган нерсени жасай аласың.

(АБУ ДАУД)

Адамдын ыңгайсыз абалга туш болуусунан же чуулгандуу иш-аракеттерге себеп болуп калуусуна карата коркуу сезими же мамилеси деп түшүндүрүлөт.

Пайгамбарыбыз айткан:

Уятсыздык гана арамдыкка алып келиши мүмкүн. Уяттуулук, сыпаалык жакшылыкка жана сулуулукка гана алып келет.

(Ибн Маажах)

Аль-Журани уяттуулук сапатын төмөнкү эки топко бөлүп караган:

а)Уяттуулуктун психологиялык мүнөзү бардык адамдарда бар, мисалы, ауратын ачык көрсөтүп же башкалардын көзүнчө жыныстык катнашка эч ким барайт. Сыпаалыктын бул түрү адамдарга тубаса табияттан берилиши мүмкүн.

б)Ишеним, такыбалыктын аркасында пайда болгон ыймандуулук, бул Кудайга болгон сүйүү жана анын жазасынан корккондугу үчүн адамды жамандык кылуудан сактайт.

Уяттуулук – ыймандын бир бутагы

Балдарга уяттуулуктун төмөнкүдөй көрүнүштөрүн айтуу керек:

1. Карама-каршы жыныстагы адамдарга же адепсиз көрүнүштөргө тике карабоону;

2. Сексуалдык чакырыктардан жана кыздардын эркек балдарды, ал эми эркек балдардын кыздарды тууракан жоруктардан алыс болуусун;

3. Шаңданып элдин назарын бурбай, акырын, сылык-сыпаа сүйлөөнү;

4. Ибраттуу, кооз жана адеп менен кийинүүнү жаштайынан үйрөтүү керек.

Уялуу талап кылынбаган үч жагдай:

1. Биринчи учуру – илим алууда уялуу тоскоолдук кылышы мүмкүн. Нике, жыныстык катнаш, этек кир, кош бойлуулук жана түнкү поллюцияга байланыштуу диний көрсөтмөлөр боюнча билим алганыңар өзүңөргө эле жакшы. Аалымдар билим берүү чөйрөсүндө: “Диний окууда эч кандай уялуунун кереги жок” – деген сөздү айтып келишет. Жогоруда айтылган кепти: “билим алууда тартынып, уялуу туура эмес, өз оюн ачык айтуу – көп нерсени үйрөнүүгө өбөлгө түзөт” – деп чечмелесек болот.

2. Реформа жүргүзүүдө: Акыйкаттыкты жайылтуу жана жамандыктан тыюу салууда тартынып, ийменүүгө болбойт. Анткени мындай иш-аракеттер ачык айкын таразаланып, ар бир адамдын ою эсепке алынуусу кажет.

3. Никеде: жубайлардын ортосунда тартынчаактыка орун болбошу керек.

Пайгамбарыбыз (с.а.в.):

“Ауратыңарды аялдарыңардан башкасына көрсөтпөгүлө” – деп айткан.

(Абу Дауд, ибн Мажах жана аль-Хаким)

Жубайлардын ортосундагы жыныстык мамилелени жеке уктоочу бөлмөсүнөн тышкары чыгарууга мүмкүн эмес, коомчулукка ашкерелөөгө толугу менен тыюу салынат.

Жөнөкөйлүк жөнүндөгү араб поэзиясы

Эгерде сиз өзүңүздү кандай алып жүргөнүңүздүн кесепетинен коркпосоңуз жана жөнөкөйлүк кылсаңыз, анда каалаганыңызды жасай аласыз. Бирок, Кудайга ант болсун, адепсиз жашоодо жакшылык жок! Бак-дарактын сөңгөктөрү кабык менен жабылганда корголгон сыяктуу, жөнөкөйлүк менен иш алып барганда, адам ыңгайлуу жашайт.

Искусство жана сөз эркиндигин жамынып, көптөгөн өлкөлөрдүн музейлери жана коомдук аянттары жылаңач аял-эркектердин ауратын ашкерелеген сүрөттөрүнө жана айкелдерине толуп кеткен. Мындай көрүнүштөр Индиянын айрым храмдарында кездешет.

Көпчүлүк искусство деп эсептеген порнографиялык же адепсиз көрүнүштөр менен чыныгы искусствонун ортосунда даана айырмачылык бар. Батыш салтында жылаңачтык көбүнчө адамдардын аруулугун, тазалыгын жана сулуулугун даңазалоого багытталган. Микеланджелонун “Даут” айкелинде Пайгамбарды толугу менен жылаңач чагылдырганы жогоруда айткан көрүнүшкө жакшы мисал боло алат. Индиянын айрым ибадатканаларында, ал сыйынуучу жер болгонуна карабастан, адамдын жылаңач денесин чагылдырган айкелдер жана сүрөттөр ыйыктык катары каралганы – таң калыштуу. Ал эми Дауттун айкели чыныгы пайгамбардын элеси эмес, Кайра жаралуу доорундагы элдин көз карашын чагылдырган десек жаңылыштык болбос. Ата-энелердин жылаңачтанган көрүнүштөрдүн коом тарабынан кабыл алынышын балдарына түшүндүрүп берүүсү көп кыйынчылыктарды жаратат, ал үчүн тереңирээк, объективдүү ойлонуусу керек болот.

Эгер ата-эне балдардын уяттуулук сапаттарына жаштайынан көңүл бурбаса, бир эле үй-бүлө эмес, жалпы коом жабыр тартат. Уяттуулук, ыймандуулук – азгырык жана адашуудан сактоочу эң бекем калкан. Төмөндөгү мисалдарда улуттар арасындагы адеп, уят нормаларын бузган далилдер келтирилген:

- Чилинин Сантьяго шаарындагы музейде жыныстык акты учурундагы эркек менен аялдын скульптурасы коюлган.
- АКШдагы жаш аял уктоочу жана жуунуучу бөлмөсүнө видеокамераларды орнотуп, интернет аркылуу күнү-түнү жылаңач видеолору менен бөлүшкөн учурлар катталган.
- Кошмо Штаттарда элүү миң адам чыныгы төрөт жараянын интернет аркылуу көрүп, толук графикалык майда-чүйдөсүнө чейин күбө болушкан.

(Time, 1998-жыл, 29-июнь)

Адеп-ахлактын уяттуулукту мүнөздөгөн айрым стандарттары төмөндө берилди:

- Балдар ата-энелеринин жана башка туугандарынын бөлмөсүнө кирерден мурун эшикти тыкылдатышы керек (аларды чечинген абалда көрбөшү үчүн).

- Ата-энелер жана балдар үйдө, үйдөн тышкары жерлерде да жупуну, жабык кийимдерди кийиши керек. Ашыкча боёнуп же жыныстык каалону козгогон косметика каражаттары менен атырларды колдонуудан алыс болушу шарт. Балдардын көзүнчө интимдик жакындык тууралуу сүйлөшүүдөн өзүлөрүн тыйып, балдарды да көзөмөлдөп туруу кажет. Андан сырткары, жубайлардын балдарынын көзүнчө бирин-бири ашыкча эркелетүүсү, дененин интимдик бөлүктөрүнө кол тийгизүүсү адепке таптакыр туура келбейт.
- 10 жашка чыккан балдардын ар биринин жеке уктоочу керебеттери болушу керек.
- Эркек балдардын кыздарга, ал эми кыздардын эркек балдарга тике карабашы керектигин жаштайынан уктуруу зарыл.

Эй, Мухаммед! Момундарга айткын: Ар бир аялды карай берүүдөн көздөрүн сакташсын жана уяттуу жерлерин аягы суяктук кылуудан сактасын. Бул алардын өздөрү үчүн абдан жакшы. Чындыгында, Аллах эмне жасагандарынан Кабардар! Момун аялдарга айт: Ар кайсыл эркекти кароодон көздөрүн сакташсын жана уяттуу жерлерин аягы суяктук кылуудан сактасын. Сулуулуктарын көрсөтпөсүн, көрүнүп тургандан башкасын. Жоолуктарын көкүрөктөрүнө чейин жаба салынышсын. Бирок, өз күйөөсүнө, аталарына, кайын аталарына, өз уулдарына, өгөй уулдарына, (бир туугандан ага-инилерине, алардын уулдарына, мусулман аялдарга, кол алдындагы күңдөргө, аялга муктаждыгы (кумарданууусу) болбогон кызматкерлерге, же болбосо аялдардын уяттуу жерлерин билбеген наристелерге көрсөтсө болот. Анан да, көмүскө кооздуктарын башкаларга көрсөтүү үчүн буттарын жерге каттуу уруп жүрүшпөсүн. Эй, момундар! Баарыңар Аллахка гана тобо кылгыла! Балким (азаптан) кутулаарсыңар!

(Куран 24:30-31)

Тигилип карабастан, көздү ылдый түшүрүү – адептин өтө маанилүү белгилеринин бири. Пайгамбарыбыз (с.а.в.) айткан:

Кимде-ким ага арам кылынган нерселерден көзүн сактаса, Аллах анын жүрөгүнө кубаныч тартуулайт.

(ИБН МАСУД)

- Кыздарды азгыруучу кылык-жоруктарды жасоодон тыйып, токтоо болууга үйрөтүү керек. Алар кыска кийип же багалегин өйдө көтөрүп, буттарын көрсөтпөшү зарыл.

Эй пайгамбарлардын аялдары! Силер катардагылардан (жөн эле аялдардан) эмессиңер. Эгер такыбачылык кылсаңар, (кумарлангандай) өтө назик сүйлөшпөгүлө. Анда жүрөгүндө дарты барлар (мунафык эркектер) силерге кызыгып калуусу мүмкүн. Ошондуктан (баары менен) каадалуу сүйлөшкүлө.

Куран (33:32)

- Балдардын күүгүмгө чейин көчөдө жүрүүсүнө тыюу салынган. Ата-энелер тарабынан алардын күндөлүк тартибине көзөмөл жүргүзүлүп, эки тараптуу макулдашуу орнотулушу керек.
- Музыканын айрым түрлөрү бузукулукка алып келип, аң-сезимди мокотот (жыныстык каалоонун пайда болушуна түрткү болгон цензурасыз лексика жана ыргактар). Музыка маанайга таасир берип, шишик сыяктанган бездеги мелатонин гормонун бөлүп чыгарууну тезде-

тет, андан тышкары бул без жыныстык жетилүүгө, репродуктивдүү циклге жана жыныстык каалоолорго жооп берет.

- Интимдик көрүнүштөрдү ачык иммитациялаган рок музыкалары сексуалдык каалоону ойготот. Кээ бир хард-рок музыкаларында уяттуу сөздөр камтылгандыктан, балдарга "порнографиялык рок" угууга тыюу салынышы керек. Балдар мындай музыкага берилип баштаганда, өзүнүн адепсиз жүрүм-турумун сезбей калышат.

- Порнографиянын таасири – балдар үчүн өтө кооптуу, анткени ал сексуалдык каалоолорду чыдагыс деңгээлге чейин алып барышы мүмкүн. Демейде алардын ой жүгүртүүсүнө бүтүндөй сүңгүп кирип, ыплас көрүнүштөрдү элестетүүгө мажбур кылып, сексуалдык аракеттерди кыялдандырат.

- Порнографияда аялдар эркектердин кумарын кандыруучу сексуалдык объект катары каралып, басмырланган көрүнүштөр көп.

Аялы бар эркек аларды көрүп делебеси козголсо, каалоосун аялы менен канааттандыра алат. Ал эми үйлөнө элек эркекте андай мүмкүнчүлүк жок болгондуктан, эрте үйлөнүүгө же зына кылууга мажбур болот.

Табигый каалоолору үчүн адамды күнөөлөөгө болбойт, бирок алар башка адамдарды азгыргандыгы үчүн күнөөлү болуп калышы мүмкүн. Никедеги күйөөлөрдүн көпчүлүгү башка аялдарга суктануу менен өз аялдарына зыян келтиргенин байкабай калышат. Порнографиялык тасмалардан тышкары, жарнамалык такталардагы, журналдардын мукабаларындагы жана керебеттердеги мода моделдеринин жана кино жылдыздарынын сүрөттөрү да эркектердин аң-сезимин бузат жана эркектин ою боюнча, толуп кеткен, чарчаңкы жубайына салыштырмалуу алар дайыма жаш жана сулуу бойдон калышат.

Кандай абал болбосун, жубайлар бири-бирине аяр мамиле жасашы керек; адам картайса деле, туура тамактануу жана ылайыктуу көнүгүүлөр менен күдөлүк тартибин туура пландаштырса, жагымдуу бойдон кала берет.

Бүгүнкү күндө ата-энелер интернет порнографиясынын кооптуулугун, таанышуу жана уятсыз жыныстык маектешүүнүн зыяндуулугун билүүгө милдеттүү. Балдарын дыккат көзөмөлдөп, компьютерди баланын уктоочу бөлмөсүнө эмес, үйдүн коомдук бөлмөсүнө орноткону туура болот.

КИЙИНҮҮ АДЕБИ

Улан кыздардын ыймандуу кийим кийип, токтоо болуулары зарыл. Тар, денесин, келбетин толук жаппаган же өтө ачык түстөгү кийимдерди кийип, элдин көнүлүн тартуудан алыс болушу шарттуу. Кыздардын үй-бүлө мүчөлөрүнө кирбеген адамдардын алдында жүзүнөн бөлөк жерин ачык алып жүрүүсү – туура эмес. Ошондой эле карама-каршы жыныстагы адамга мүнөздүү кийим-кечелер жана зер буюмдардарды колдонуусу адепке туура келбейт.

> Абу Хурайрадан: Пайгамбарыбыз аялдарга окшоп кийинген эркекке жана эркекке окшоп кийинген аялдарга наалат айтты.
>
> (Абу Дауд)

Балдардын кийинүү адеби – өтө маанилүү. Бекеринен адамдын сырткы келбетине карап баа берилет деген сөз айтылбаса керектир. Ошондуктан аларга кийим тандоодо, тыкан жана мүмкүн болушунча адепке жооп берүүсүнө көңүл буруу шарт. Коомчулукта адамдардын ыңгайына карап, ар кандай стилде

кийингени байкалат. Мисалы: спорт, интервью, ибадат үчүн, ар кандай кечелерге арналган стилдерге бөлүп кийишет. Көпчүлүгү коомго шайкеш келүүнү кааласа, айрымдар башкаларды таң калтырып, өзгөчөлөнүүгө басым жасашат. Эң негизги талап, чектен чыгып кетүүсүнө жол бербөө. Кийимдер, чач жасалгалары жана зер буюмдары адамдын адебине шайкеш болушу зарыл. Ата-энелердин дээрлик баары тең эпатаждык стилдеги кийимдерди жактырышпайт. Маданияттуу кийинүү стили коомдук талапка кире турчу болсо, коомчулуктан колдоо табаары шексиз. Жүрүм-турум адебине жооп берген жана өтө эле чектен чыкпаган кийинүү адебин, маданияттуу стиль деп айта алабыз.

Адатта балдар 3 жашынан баштап, өз пикирлерин, оюн билдирип, жаккан жакпаган нерселери тууралуу айта башташат. Айрыкча кыз балдар кийимге келгенде өз тандоосуна бекем туруп алышат. Алдын ала кийимдердин эки үч вариантын даярдап, тандоо укугун баланын өзүнө ыйгаруу – акылдуу чечим болот. Ошондо ал мажбурий түрдө эмес, тандап алуу укугу бар экендигине ынанат.

Мисалы мектептердеги окшош формалар, адегенде балдарга жакпай, көп нааразычылыктарды жаратышы мүмкүн. Бирок күн сайын ошол форманы кийүү талап болгону үчүн, бара-бара көнүмүш адатка айланып, кийинчерээк маселе деле жаратпай калат. Кыз балдар мектепке провакация жараткан, өспүрүмдөрдүн арасында кызыгууну арттырган, ашыкча саркеч же кымбат баалуу кийим, асем буюмдарды кийип баруусун көзөмөлгө алып, керек учурда тыюу салуу – коом үчүн пайдалуу.

АЯЛЭРКЕКТИНЭРКИНАРАЛАШУУСУНА ЖАНА ЖАЛГЫЗ КАЛУУСУНА ЖОЛ ЖОК!

Khalwah сөзү (жалгыз калуу) маанисин билдирет. Эркек менен аялдын ортосундагы жолугушуу, аларды эч ким көрбөгөн жерде (мисалы, мейманкана бөлмөсүндө) болбошу керек. Бул шайтандын жыныстык катнашка түрткөн тузагы. Мындай тузака кабылбоо үчүн эркек же аял менен жалгыз калуудан абай болуңуз! Пайгамбарыбыз (с.а.в.):

“Эркек аял менен жалгыз калаар замат, алардын үчүнчү шериги шайтан болот” – деп айткан.

(ТИРМИЗИ)

Өспүрүмдөрдүн көзөмөлсүз аралашып жүрүүсүнө тыюу салынганы менен улуулардын же ата-энесинин көзүнчө кандайдыр бир деңгээлде жол берилген.

Тузак!
Көз менен байланышуу→Жылмайуу→Саламдашуу→Сүйлөшүү→Жолугушуу→Кол тийгизүү→ Каалоону ойготуу→Артка кайра жол жок→Жыныстык катнаш→ Күнөө жана көйгөйлөр!! Натыйжасы ЖЖБИ, кош бойлуулук, бойдон алдыруу же никесиз төрөлгөн бала менен аякташы мүмкүн.

Өспүрүм жигит мечиттен, мектептен, китепканадан же базардан дайыма жолуктуруп жүргөн кызга көңүлү бурулуп, кыздын жанына келип эч кандай жаман ою жок, өзүнүн пикири тууралуу айтып же өзү тууралуу кыздын оюн билүүгө аракет кылат. Маектешкен соң алар жолугушуу белгилеп, тынчыраак жерде, сейил бакта же үйдө кезигишүүгө макулдашат. Эч кандай тоскоолдук жок

болгону үчүн кызды кучактап, өпкүсү келиши – табигый көрүнүш. Кыз тараптан эч кандай каршылык жок болсо, аша чаап кетиши ыктымал. Мындай учурда алар өз акылына ээ боло албай, аягы жаман кесепеттерге алып келишин биле беришпейт.

Жогорудагы эрежелерди эч убакта жеңилдетүүгө болбойт, бул кырсыктын алдын-алуу үчүн көрүлгөн чара. Динчил, такыба адамдар дагы, азгырылып кетүүсү ыктымал. Анткени адамзаттын баарына жаратылып жатканда сезимдер ыйгарылган. Бул сыноого Жусуп Пайгамбар да туш болгон.

- Таанышуу: таанышуу системасы – "жыныстык катнашка алып баруучу жол". Адатта бул жол адамдар, алардын үй-бүлөлөрүнө жана коомго азап-кайгы алып келүүчү апаат. 1999-жылы Америка Кошмо Штаттарында биринчи курстун студенттери арасында изилдөө жүргүзүлгөн. Ал изилдөөдөгө ылайык, эркек балдардын 25 пайызы, кыздарды түшкү тамака чакырып, акысын төлөп, андан ары кыз жигит менен сейилдөөгө макулдук бере турган болсо, демек аны жыныстык катнашка тартуу мүмкүн деп эсептешкен. Бирок жолугушуу учурунда катталган зордуктоолор жөнүндө көп айтыла бербейт. (Норрис ж.б. 1999; Боммер 1993).

ТЕҢ КУРЛАРДЫН ТААСИРИ ЖАНА ТЫШКЫ ФАКТОРЛОР

- Өспүрүмдөрдүн жыныстык катнашка азгырылуусуна теңтуштарынын кысымы жана башка факторлор таасир этет. "Баары эле жасап жатат" эч кандай кооптонуу жок деген ынандырууларга же таасирлерге туш болушат. Андан бөлөк жүйөөлүү себептери – чоңдордун астында социалдык прогресске жетишип, толук кандуу калыптанган адам катары көрүнүү жолу. Айрымдарында өзүнөзү сыйлоо, баалоо сезиминин жок болуп, ата же эне болуу менен өзүнөзү баалоо сезими жакшырат деп үмүттөнүшөт. Кээде жаштыктын кубатын, энергиясын багыттоочу башка ишмердүүлүк же кызыгуулары жоктугуна байланыштуу болот. Ал эми үйдөгү мээримдин жана ыраазычылыктын жоктугу, өспүрүмдүн үйдөн бөлүнүп башка жакта жашашына себеп болушу мүмкүн. Дал ушул учурда көзөмөлдүн таптакыр жоктугу, гезит, журнал беттеринде, телевизордо жайнаган сексуалдык азгырыктарга, теңтуштарынын чакырыктарына эч тоскоолдуксуз берилүүгө шарт түзөт. Америка Кошмо Штаттарында жыл сайын 20000ге жакын сексуалдык көрүнүштөр жарнамаларда, телекөрсөтүүлөрдө, прайм-тайм шоуларында жана MTV телеканалы аркылуу көрсөтүлөт. Ошондуктан, ата-энелер балдарын сүйүүгө толтуруп, алардын убактысын пайдалуу иштерге жумшап, алар менен ачык маек куруп туруусу зарыл.

- Алкоголдук ичимдиктер жана баңги заттары өзүн-өзү башкаруудан чыгарып, жыныстык катнашка түрткү болгондуктан, алардан оолак болуу керек.

Аял эркек болуп бийлөө бул – горизанталдуу абалдагы каалоонун вертикалдык түрдө чагылдырылышы

- Аял менен эркектин аралашып же кынашып бийлөөсүнө тыюу салынган. Анткени мындай жакындык эрксизден өбүү, эркелетүү, мойнунан тартуу, укалоо жана кучактоо кыймылдарын жасоого түртөт. Бул ишаракеттердин бардыгы денедеги жыныстык каалоолорду пайда кылып, жыныстык катнашка жакындаткан кадамга жеткирет.

ЭМНЕ КЫЛУУ КЕРЕК?

Ата-энелер – балдарына эң жакшы жол көрсөтүүчүлөр. Алар балдарын турак-жай, тамак-аш, кийим-кече жана материалдык муктаждыктарын камсыздоо менен өз милдеттерин чектебестен, руханий жана адеп-ахлактык жетекчилик кеңештерин берип, туура жолду түптөп берүүчүлөрдөн.

- Балдарынын аң-сезимин “туура ой жүгүртүүгө” жөндөп, адеп-ахлактык жана интеллектуалдык “ой жүгүртүү үчүн азык” боло турчу тарбия башатын камдап жүргөнү – адегенде өзүлөрүнүн тынчтыгы, андан кийин балдарынын келечеги үчүн эң негизги пайдубал болот. Тарбиянын маани-мазмуну, анын баалуулуктары, себеби жана ага амал кылбаганда алып келүүчү кесепеттери айкын берилиши керек. Буга мисал катары: Пайгамбарыбыз жыныстык каалоолорун башкара албай, бузукулукка уруксат сураган бир жигит менен сүйлөшкөн. Пайгамбар анын энеси, эжеси, кызы, жеңеси же жубайы менен жыныстык катнашта болгусу келгендерге макул болуусун сураган. Ар бир суроого “жок” деп жооп берген. Пайгамбарыбыз жигитке, аны менен жыныстык катнашта боло турчу аял сөзсүз бирөөнүн энеси, эжеси, кызы, жеңеси же аялы болоорун түшүндүрүп, барын өзүндөй көрүүнү айткан. Ал киши түшүнүп, өкүнүп, Пайгамбарыбыздан кечирим сураган экен.

- Эң негизгиси ар бир дам өзүнүнүн инсандык туюмун чыңдап, көпчүлүктүн агымына түшпөшү керек! Ата-энелер балдарына өзгөчө баалуулук тутумун, дүйнө таанымын жана жашоонун белгилүү бир эрежесин камтыган тарбия башатына салуу менен буга жетише алышат. Тарбиянын негизи ичкилик ичпөөгө, чочконун этин жебөөгө, баңгизат колдонбоого жана никеге чейинки жыныстык катнашка барууну тыйган эскертүүлөрдөн баштап майда-чүйдө эрежелерге чейин камтышы зарыл. Адегенде ата-энелер өздөрү балдарына жакшы үлгү болгону туура, өздөрү айткан эрежени өздөрү бузуп, никеден тышкаркы иштерге баруусу, балдарынын ата-энеге болгон урмат-сыйын жоготот.

ЭРТЕ НИКЕГЕ ТУРУУ

Никеге туруу үчүн белгиленген жаш курак жок. Университеттин дипломун алгандан кийин, жумушка орношкондон же 26 жаштан өткөндөн кийин үйлөнүү жаш жигиттер үчүн модага айланган. Ошол сыяктуу эле, жаш кыздар “Азырынча даяр эмесмин” – деп, 24 жаштан кийин турмушка чыгууну каалашат. Ден соолугу чың адамдын сексуалдык каалоолору табигый экендигин түшүнгөн жаштардын эки гана мыйзамдуу тандоосу бар: никеге туруу же никеге чейин жыныстык мамилелерден баш тартуу.

Үйлөнө албагандар, Аллах Өз берешендиги менен байытканга чейин жаман жолдон сактансын.

(Куран 24:33)

Пайгамбарыбыз саллаллаху алейхи васаллам айтты:

Кудай акы, мен силердин арацарда эң такыбацармын, орозого бекеммин, орозо кармап, намаз окуймун, түнү уктап күндүз ибадат кыламын, аялдарды никелеп аламын. Менин салтымды четке каккандар менден эмес.
(аль-Бухари)

Ника – ыймандын биринчи жарымы; экинчи жарымы Аллахтан коркуу!
(ат- Табарани жана аль- Хаким)

Пайгамбарыбыз (с.а.в.) айтты:

Арацарда каражаты бар жаштар үйлөнсүн, болбосо орозо кармагыла, анткени, бул каалоолорду ооздуктайт.
(аль-Бухари)

Ата-энелер үйлөнүүнү же турмушка чыгууну катуу дегдеген жаштарды эртерээк баш коштурууга аракет кылганы жакшы. Каражатка же башка шартка шылтап, никени кечеңдетүү менен баласын кандайдыр жамандыкка түртүп жаткан болушу мүмкүн. Пайгамбарыбыз ата-энелердин милдеттеринин бири жөнүндө мындай деген:

Алла Таала тарабынан балага берилген үч нерсе бул: кооз ысым, билим жана балагатка жеткенде үйлөндүрүү.
(Тирмизи 1985)

Эгерде ата-энелер баланын өтүнүчүн кабыл албай үйлөнүүгө шарт түзүп бере албаса, анда баласынын жасаган күнөөсүнүн жоопкерчилиги ата-энесине да жүктөлөт. Бирок, жаштарды өз эркине каршы үйлөнүүгө же турмушка чыгуусуна мажбурлоо да өтө маанилүү карала турган маселе. Айрым ата-энелер өзүнүн жеке тааныштарынын кадыр-баркына карап, балдарын үй-бүлө күтүүгө мажбурлашат. Жаштарга тандоо эркиндигин бербестен, укмуштуу үй-бүлө мүчөлөрүнө турмушка чыгышы керек деп алдын ала чечип коюшкан учурлар көп катталат. Болочок жубайларын алдын-ала бирин-бири таанып билүүгө болгон укуктарынан ажыраткан туура эмес. Себеп дегенде, болочок жубайлардын бирин-бири жакшылап билип турмуш куруусу, ата-энелердин да буга кызыкдар болушу никенин бекем пайдубалын түптөөгө негиз болот. Ошондуктан жаштардын пикирин эске алуу – ата-энелердин милдети, анткени бул жубайлар жана эки үй-бүлөнүн ортосундагы узак мөөнөттүү бактылуу мамилеге өбөлгө түзөт. Үй-бүлө куруудагы негизги максат ортомчулардын жеке кызык-чылыгына эмес, жубайлардын бактылуу болушуна жана алардын

жыргалчылыгына багытталышы керек. Жамааттын буга байланыштуу бир нече кызматтары бар:

- Жаштарды көзөмөлсүз калтырбай, бирин-бири жакшылап билип таанышуусу үчүн ыңгайлуу, адеп-ахлака жооп бере тургандай жагдай түзүп берүү.
- Жаштарга никеге чейинки билим берүү жана кеңеш берүү курстарын, борборлорун уюштуруу. Аларды ата жана күйөө, эне жана аял ролуна даярдоо.

Билим берүү системасы эрте никеге турууга каршы

Биздин учурдагы билим берүү системасы бир катар татаал жыныстык мүнөздөгү көйгөйлөрдү жаратууда. Никеге туруу же үйлөнүү убактысы колледждин же университеттин дипломун алгандан кийин жыйырма бештен 30-жашка чейин болушу керек деген ишеним калыптанган. Бирок, эркектердин жыныстык жетилүүсү же каалоолорунун туу чокусу кеч өспүрүм куракка туура келет. Ал эми бул курактагы кыздар күчтүү сезимдерине эмоциялык жактан көз каранды болуп, азгырыкка көп дуушар болушат. Эрте бойго жеткен улан-кыздардын никеси кечеңдеп, никеге чейинки жыныстык катнашка баруусу жалгыз бой энелердин, жыныстык жол менен жугуучу оорулардын жана никесиз балдардын төрөлүшүнө же түйүлдүктүн бул жашоого келбей туруп, бойдон алдырылышына алып келет.

Жогорку окуу жайларындагы жаштар эрте үй-бүлө куруу демилгесин колго алуу же никеге чейин жыныстык катнаштан баш тартуу чечимин кабыл алуусу керек. Эгерде коом өспүрүмдөрдү жубайлык жашоого жана өз балдарына жоопкерчиликтүү болууга даярдаса, эрте турмуш куруу канааттандырарлык чечим болот.

Азыркы коомдогу сексуалдык првакокациялык чакырыктардын арасында жаштардын үй-бүлө курганга, тагыраагы, 25 жашка чейин жыныстык жашоодон баш тартуусу кыйын. Тарых барактарынан ала турчу көп үлгүлөр бар.

Мурунку убактарда мындай көйгөйлөр жаралган эмес, анткени эрте никеге туруу – мыйзам ченемдүү көрүнүш катары кабыл алынып, социалдык тармактардын баары аны колдоого багытталган.

Тээ Пайгамбарыбыздын доорунда эле төмөнкүдөй интегралдык система түзүлгөн:

а) Эрте никеге туруу демилгесин колго алуу;

б) Жаш жубайларга балдарын багып кароодо кол кабыш кылуу үчүн, үч муундун өкүлдөрү бир үй-бүлө болуп жашашкан. Үй-бүлөлөр бүгүнкүгө салыштырмалуу алыс отурукташпай жакын-жакын болушкан;

в) Биринчи бала чоңоюп, жаш эне кош бойлуулукка даяр болмоюнча төрөттү көзөмөлдөп, үй-бүлөнү пландаштырууга Ислам дини өзгөчө маани берген.

Күтүүсүз кош бойлуулуктун алдын алуу – күйөө менен аялдын бирин-бири жакшы билүүсүнөн, билиминен көз каранды болгон.

Бүгүнкү күндө студенттер же кесиби менен иштеген энелер отуз жашка чейин жарым күндүк жумуштарда иштегенче, бош убактыларын балдарына арнап, толук камкордукка ала алышат. Андан кийин толук түрдө жумушуна

кайтканга мүмкүнчүлүгү бар. Мындай учурда, балдар энелердин камкордугунда болушуп, ал эми коом компетенттүү адистерди жоготпой кармап тура алат.

Өспүрүмдөрдү 19 жашка чейин баладай көрүп, ашыкча камкордукка алып, жоопкерчиликтен бошотуу менен, керектөөчү катары мамиле кылуу туура эмес. Учурдагы тенденция боюнча балалыктын фазасы 20-жашка чейин созулат. Жаштар жоопкерчиликтүү, өз алдынча жана пайдалуу адам болуунун ордуна, башкаларга толугу менен көз каранды.

Куранда бизге үлгү боло турчу, өспүрүм курагында чоң милдеттерди аткарган Ибрахим, Жусуп, Муса жана Иса (алейхумус-салам) сыяктуу жаш пайгамбарлар жөнүндө айтылат. Андан тышкары үңкүр элдеринен чыгып жаш болгонуна карабастан, адил башкаруучу болуп, жетишкендиктери менен элдин батасын алган Асхаб аль- Кафтын окуясы баяндалган.

Үй-бүлө курууну 25 жаш курака чейин артка сүргөн коомдун учурдагы талабы – канааттандыраарлык эмес. Турмуш курган соң, ийгиликтүү улантып кетүү тажрыйбалары буга чейин дүйнө жүзүндө колдонулуп келген. Медициналык жактан алып караганда, кош бойлуулук жана төрөт жараяндары организм жаш мезгилде жеңилирээк өтөт, ал эми отузга таяп же андан өткөн кураста бир аз кыйын болушу мүмкүн. Сексуалдык аракеттерден баш тартуу, эрте никеге туруу зарылчылыгы жана өспүрүм курактагы үй-бүлө курууга байланышкан карама-каршы пикирлерди эң негизги көйгөй катары карап, туура чечим кабыл алуу учурдун талабы болуп турат.

Пайгамбарыбыздын (с.а.в.) сахабаларынын арасында өспүрүм кураста жол башчы аталгандар болгон. Усама ибн Зейд 15 жашында уруулар аралык (Аль-Ахзаб) согушуна катышкан. Ал эми 18 жашында сахабалар баш болгон армияны жетектеген. Ухуд согушуна Самра ибн Жундуб жана Рафи Шибен Худайж сыяктуу 15 жаштагы бир нече өспүрүмдөр катышкан. Уруулар аралык согуш учурунда Абдулла ибн Умар, Зейд ибн Сабит, Бара ибн Хиб, Амр ибн Хазм жана Асид ибн Тахир болгону 15 жашта болушкан. Кутайба ибн Муслим Бахили 18 жашында мусулман армиясы менен Кытайга жүрүш жасаган. Ушул сыяктуу мисалдарды Пайгамбардын жолун жолдогон кыз-келиндердин арасынан келтирүүгө болот.

Адеп-ахлаксыз жол	Кесепеттери	Адеп-ахлактуу жол	Натыйжалары
Никесиз мамилелер – оңой, жагымдуу, кумарды кандыруунун жеткиликтүү жолу, аягы жоопкерчиликсиз жыныстык катнаштын адат болуп калышына алып келет	-ЖЖБИ; -Өспүрүмдөрдүн кош бойлуулугу; -Никесиз балалуу болуу; -Жакырчылык; -Ажырышуу; -Толук эмес үй-бүлөлөр; -Сексуалдык башаламандык; -Кылмыштуулук; -Зомбулук;	Зынага жол жок, зынанын жолдору жагымсыз. Таза, кадыр-баркка ээ жыныстык катнашка никеаркылуу гана жол берилет. Жоопкерчиликтүү жыныстык мамилелер коом тарабынан колдоо табат	-Ден соолуктуу ата-эне; -Ден соолуктуу балдар; -Толук кандуу үй-бүлө; -Адилеттүү коом; -Бактылуу үй-бүлө; -Коомдо кылмыштуулуктун жана зомбулуктун азайышы;

Балдарды жыныстык зомбулуктан коргоо

Наристе балдардын чоңдорго ишенүүсү – табигый нерсе. Айрыкча мусулман коомчулугу балдарга жаштайынан улуларга урмат көрсөтүп, баш ийүүсүнө үйрөтөт. Балдар улуулардын сураганын аткарбай коюдан чочулашат, анткени чоң кишилер тарабынан коркутуп-үркүтүүлөр болушу мүмкүн. Мындай учурда алар эмне кылуу керектигин билишсе, өздөрүн зомбулуктан коргой алышат. Чоң кишилерге каршы балдарга айтып берүү үчүн бир нече кеңеш:

- Эгерде чочун бирөөнүн кыймыл-аракеттери шектенүү жаратып, жакын келип, карап, тынчын алып же баланын аркасынан эрчип, жолун торогону аракет кылса, балага качып кетүүсүн же жардам сурап кыйкыруусун үйрөтүңүз. Эгер ал баланын аркасында экенин билген учурда: "От! Өрт! деп кыйкыруусу зарыл. Адатта адамдардын топтолуусунан корккон кылмышкер, дароо изин жашырууга аракет кылат.

- Эч качан чочун унаага отурбашын жана чочун кишини ээрчип бир жака барбашын эскертиңиз. Эгер ал үй-бүлөнү жакшы билген адам сыяктанып, сиз жөнүндө жана балаңыздын атын, мектебин же үй дарегиңизди билсе дагы макул болбошун эскер-

тиңиз. Чочун киши болбой эле суроо бергенди улантса, элдин көңүлүн буруу үчүн "Жок!" – деп катуу кыйкырышы, коркпошу керектигин айтыңыз. Ээн жана кооптуу жерлерге баруудан алыс болушу керек. Кыздар топтолуп же чоң кишилердин коштоосунда мектепке барып келгени туура болот.

- Милициянын ыкчам жардам берүү номерин жатка билүүсүн жана караңгыда да терүүнү үйрөтүңүз. Ата-энесине же милицияга телефон чалуу үчүн ар дайым монеталар, жетон, уюлдук телефон же телефон карталарын алып жүрүүсү зарыл.

- Унаада же үйдө жалгыз калган учурда эшик, терезелери бекилген болушу шарт. Бейтааныштар эшиктин коңгуроосун кагып же телефон чалса, жалгыз экениңдигин айтпашын эскертиңиз. Чочун адамга эч качан үй дарегин же башка маалыматтарды телефон аркылуу айтпасын! Кылмышкер баланын үйдө жалгыз экендигин билүү максатында, көп суроолору бериши мүмкүн. Бала үйдө башка үй-бүлө мүчөлөрү бар болгондой түр көрсөтүп, апам уктап жатат же бош эмес болгондуктан телефонго келе албайт деп, ойлонбой туруп жооп берүүсүнө даярдаңыз.

- Кимдир бирөөнүн балага тигилип же сүйлөшүүгө аракет кылуусу шек жаратса же чоочулатса улууларга сөзсүз айтышы керектигин эскертиңиз.

- Өзүн-өзү коргоо максатында мушташуунун айрым техникаларын, ыкмаларын үйрөтүүчү иийримдерге жаздырыңыз. Бирок ашыкча берилип, адеп-ахлаксыз жолго түшүп кетпешине көзөмөл салып туруңуз.

- Балдар порнографиясы жөнүндө билүү. Балдар эч качан чочун адамдардын жанында жылаңач бол-

бошу керек. Көптөгөн өлкөлөрдүн мыйзамдарында порнографиялык көрүнөштөргө тыюу салынган. Ошону менен катар балдарды порнографиялык индустрияга тарткан аракеттер дээрлик бардык жерде катуу куугунтукталып, жазага тартылат.

- Кимдир бирөөдөн корккон учурда Курандагы коргоо аяттарын (*Фатиха*, *аят-аль Курси* жана *аль-Фалак* жана *ан-Нас*) сүрөөлөрүн окуп чыксын. Керек болсо, аларды токтоосуз кайталасын. Кудайдан жардам сураганды үйрөтүү –эң биринчи милдет. Анткени адамдын эң жакын досу жана коргоочусу бир гана – Аллах!

БАЛДАРГА СОЙКУЛУК ЖӨНҮНДӨ ТҮШҮНДҮРҮҮ ҮЧҮН ЫЛАЙЫКТУУ КУРАК

Жыныстык тарбия берүүдө эң оорчундуу деп эсептелген маселелердин бири бул – сойкулук. Сойкулук же денесин саткан ыплас кызматтарды түшүндүрүүдө ата-энелер сөзсүз балдардын жаш курагын эске алышы шарт. Балдар сойкулардын жашоосу тууралуу толук маалыматы жок болгондуктан, кызыгуу иретинде суроолорду бериши мүмкүн. Ата-энелер баланын жаш курагын жана балалык боё аң-сезимин эске алуу менен, сойкулардын жашоосундагы терс көрүнүштөрдү, коркунучтарды майда-чүйдөсүнө чейин түшүндүрүп бергени оң. Сойкулукка кабылган кыз-келиндер күн сайын 20 дай эркек менен жыныстык катнашка барууга аргасыз болушу мүмкүн, алардын басымдуу бөлүгү айыккыс оорулардын айынан эрте курагында каза болушат. Өз ыктыяры менен сойкулукту тандап алган кыздар өтө эле аз. Адатта, аларды ниети бузук адамдар жолдон азгырса, кээ учурда кандайдыр бир турмуштук кырдаалдан улам ушул кадамга барышат. Айрымдары жаштайынан көп жолу ур-токмокко же сексуалдык зомбулукка кабылгандыгы үчүн үйдөн качууга мажбур болуп, ушул жолго түшүп калганын сезбей да калышат. Ал эми, баңгиликке көз каранды болуп оңой акча табуу максатында жалданып иштегендери да бар. Чет элдик жарандар тарабынан уурдалып, кул катары сатылгандары, тил билбегендиги үчүн керектүү документтерин алдыргандары, жалгыз саякатоонун курмандыгына айлангандары, деги койчу ар кандай шартка байланыштуу туткундукта иштеп жүргөндөр кездешет. Балким, алар мындан ары өз үй-бүлөлөрүн көрбөйт. Ичкиликке берилген ата-энелердин балдары, көчөдөн соорону, жөлөк издеп, адам сатып иштеген сутенёрлордун тузагына илинип, алардын акча алып келүүчү булагына айланышат. Ата-энелердин жоопкерчиликсиздиги балдарынын жашоосун азапка салып, дээрлик үйдөн кетүүгө аргасыз кылышы мүмкүн. Кээ бир кыздарды бала багуучу же үй кызматкери сыяктуу кызматтарга маектешүү үчүн атайын чакырып алып, керектүү документтерин алып койгон соң, аткезчилик жол менен башка өлкөлөргө алып өтүп, камап иштетишкен. Morris басылмасынын 2008-жылы берген статистикасы боюнча бир жыл ичинде 4000ге чукул сойкулукка сатуу фактысы катталган. Адам сатууга каршы топтор чыныгы көрсөткүч мындан бир кыйла жогору болушу мүмкүндүгүн айтышат. Сойкулук кызматтары үчүн кардарлар төлөгөн акчанын бир бөлүгү гана кыздарга берилсе, калгандары кызматты уюштурган адамдардын чөнтөгүнө түшөт.

Үйдө кандайдыр бир чечилбеген жагдайларга туш болгон жана мындай шартта кандай жол тутууну билбеген ар бир бала, ишенимдүү чоң кишилерге (мисалы, тууган, имам, мугалим, кеңешчи же милиционерге) жардам су-

рап кайрылганы туура болот. Жаштардын көпчүлүгү көйгөйлөрдөн алаксып же унутуу үчүн баңги заттарга берилип кетүүсү ыктымал, мындай чечим кырдаалды ого бетер начарлатат.

Сойкулук тууралуу эч кандай кабары жок балдар, өз баамына, акыл-эсине таянып ой жүгүртө башташат. Балким алар, сойкулук жеңил жана сексуалдык ырахатка толгон жашоону тартуулаган же кыялданган косметикалык каражаттар, атырлар, жагымдуу кийим-кече алууга, ал эле эмес эркектердин көңүлүн бурдурган же 5-жылдыздуу мейманканаларда жашоого мүмкүндүк берген жумуш деп ойлоп жүргөн чыгар.

Ата-энелери кеч боло электе бул элестердин чыныгы өңүтүн түшүндүрүп бербесе, өспүрүмдөр бат эле алданып кетиши ыктымал. Азыр кайсы жакты караба, баалуулуктардын мүнөзү өзгөрүп, маданий же руханий эмес материалдык баалуулуктарга үндөгөн чакырыктар, жарнактар. Ал тургай жалпыга маалымдоо каражаттары ийгиликтүү эркектерди арбап, өзүнө имерип алган көңүлдөш аялдардын жашоо образын ансайын кооздоп, көбүртүп-жабыртып алып чыгууну салтка айлантып алышкан. Мисал катары, Хоратио Нелсондун көңүлдөшү катары таанылган Эмма Гамильтондун байма-бай гезит беттерине чыгып, көңүл чордонунда жүргөнүн айтууга болот.

БАЛДАРДЫН ҮЙ-БҮЛӨ МҮЧӨЛӨРҮ ТАРАБЫНАН СЕКСУАЛДЫК ЗОМБУЛУККА КАБЫЛЫШЫ

Баланын үй-бүлө мүчөлөрү тарабынан кордолгонун кабыл алуу өтө кыйын. Бул нерсеге ишенүүнү эч ким каалабагандыктан, көп учурда далилдөө түйшүктү жаратат. Мындай учурда, үй-бүлө мүчөлөрү өз ара чечишип албастан имамга же милиция кызматкерлерине кайрылуу туура кадам болот. Эгер кылмыш жасалган болсо, бул укук коргоо органдары карай турган маселе. Ар бир адам коргоо укугуна ээ, айрыкча күнөөгө бата турган кылмыштарга мажбурлоо дыккат каралышы керек.

Бүгүнкү күндө зордуктоо көнүмүш адатка айланып бараткандай. АКШдагы ар бир төртүнчү аял өмүрүндө жок дегенде бир жолу зордуктоого кабылышат. Зордуктоонун курмандыктарына кичинекей балдар жана кыздардан тарта улгайган айымдарга чейин кирет. Улгайган айымдар көбүнчөсү үйлөрүнө кирип келген каракчы же уурулар тарабынан кордолушат.

BBC маалымат кызматы 2009-жылы Аравияда 5 баланы зордуктагандыгы үчүн, өлүм жазасына тартылган зөөкүр тууралуу фактыны жазып чыкан. Зордуктоонун курмандыгы болгон балдардын эң кичүүсү үч жашта болчу. Кордолгон наристе чөлдө жалгыз ташталгандыгы үчүн, адашып каза болгон.

Зордуктоого кабылган кыз, өзүн алсыз, коргоосуз сезип, аябай ызага батып, андан ары эмне кылаарын билбей башы маң абалда калат. Кандайдыр бир туура эмес нерсе жасагандыгы үчүн ушундай кордукка дуушар болдум деп, өзүн күнөөлүү сезиши да мүмкүн (бирок бул чындыкка дал келбейт). Адатта кимдир бирөөгө айтуудан уялып же катуу коркондуктан эмне кылаарын билбей убайымга түшөт. Мындай учурда дароо милицияга кайрылып, медициналык жардам жана кеңеш алуу шарт. Бул өтө маанилүү маселе, анткени ал кош бойлуу болуп же кандайдыр бир илдетти жуктуруп алуусу ыктымал. Бир гана медициналык тыянак, анын өз эрки менен эмес зордуктоонун курмандыгы болгонун далилдей алат. Андан сырткары турмуштагы аял болсо, күйөөсүнүн көзүнө чөп салбагандыгын, ага карата айтылган жалган жалаалардан куткаруунун ишеничтүү жолу.

Зордукчунун жаман ою ишке ашып, анын туткунуна түшүп калган учурда кыйкыруу туура эмес, анткени ал дүрбөлөңгө түшүп, муунтуп, өлтүрүп коюу ыктымалдыгы бар. Канчалаган жаш балдар менен аялдардын муунтуп өлтүрүлгөн абалда табышкан. Коргонуу же качып кетүүгө аракеттенген убакта жабырлануучу каршылык көрсөтөт, тырмагынын астындагы кичинекей тери зордукчунун өздүгүн анытоо үчүн ДНК анализдерине жарашы мүмкүн. Милиция жана медициналык кызматкерлер биргеликте иш алып барса, кылмышкердин өздүгү тезинен такталып тиешелүү чаралар көрүлөт.

Жогоруда айткандай кыйкырып элдин көңүлүн бурууга аракеттенгенден көрө, жакын жерде калк жашаган пункт болсо, ошол тарапка качып же терезесин сындырган туура болот. Терезе сынган учурда милиция кызматкерлерине чакыруу түшөөрү бышык. Ал эми кылмышкер изин жашырууга аракеттенет. Мүмкүн болсо ага таандык чач же топчуну жулуп алуу керек. Негизи өспүрүм же кичинекей балдардын кароосуз калганы туура эмес, бирок шартка жараша окууга же ийримдерге жалгыз барууга мажбур болсо, кыймыл-аракетти жеңилдеткен, кененирээк спорттук костюм жана бут кийим кийип алганы оң. Андан тышкары алкоголдук эмес деп эсептелген иичимдиктерге эс-акылдан тандырган заттарды кошуп берип коюу ыктымалдуулугу болушу мүмкүн. Бул тууралуу сөзсүз эскертүү зарыл.

Айтууга оңой болгону менен, зордук-зомбулукка кабылган адамдын ички абалы өтө катуу жабыркайт. Бул абалдан чыгуу үчүн психологиялык кеңеш берген адиске муктаж болот. Ал анын шок, ачуулануу, үмүтсүздүк, коркуу сезимин жеңүүгө жардам берет.

Мусулмандарга мүнөздүү жыныстык тарбия берүүнүн планы

Ислам дининде жыныстык таалим тарбия берүү үй шартында уюштурулуп, балдардын кичинекей кезинен башталуусу тийиш. Эң оболу Жаратканга болгон ишеним бекемделип, күнөө боло турган иш-аракеттерди айырмалай ала тургандай таалим берилиши керек. Кудайга болгон ишеним, коркуу жок болгону себеп, жүрүм-турумдун айрым адеп-ахлакка туура келбеген үлгүлөрүнө жол берилүүсү ыктымал. Ошол себептүү ата уулуна, эне кызына анатомия жана психология жөнүндө айтып берүүдөн мурун, ишенимин бекемдеп, күнөөдөн оолак кылууга кам көргөнү дурус. Адатта балдарын жоопкерчиликтүү жашоого даярдоо – ата-эненин милдети, бирок ата-энеси жок балдар диний мектептер, медреселердеги агай-эжейлерден билим ала алышат. Окуу программасы окуучулардын жаш өзгөчөлүктөрүнө жараша түзүлүп; эркек балдар менен кыздар өзүнчө бөлүнүп окутулат. Балдар баё сезими менен ар кандай суроолорду бериши толук мүмкүн. Жооп берүүдө абайлап, баланын жаш курагына жараша түшүндүрүлөт. Мисалы, 6 жашар бала: «Мен апамдын курсагына кандайча кирип калганмын?» – деп сураса, бүтүндөй биологиялык процессти сүрөттөп берүүнүн кажети жок. Ошондой эле алты жаштагы балага презерватив кантип колдонуу керектигин айтуу дагы адепке туура келбейт. Бул боюнча никеге чейин даярдоо курстары уюштурулуп, үйрөтүлгөнү максатка ылайыктуу.



Жыныстык таалим-тарбия берүүнүн планы төмөндөгүлөрдү камтышы керек:

Курандын аяттары жана Пайгамбарыбыздын хадистери

Жыныстык жактан жетилүүнүн баскычтары:

Жыныстык жетилүүдөгү жаш курак;
Жыныстык жетилүү мезгилиндеги физикалык өзгөрүүлөр;
Жыныстык жетилүүнүн психикалык, эмоционалдык жана социалдык аспектилери;

Репродуктивдүү системанын психологиясы:

Кыздарга айыз жана репродуктивдүү органдар, айыз астындагы белгилер тууралуу түшүндүрүү;
Балдар үчүн жыныстык активдүүлүк жана жыныстык органдардын физиологиясын түшүндүрүү;

Түйүлдүктүн өрчүшү жана төрөлүшү;
Жыныстык жол менен жугуучу оорулар;
Жыныстык мамилелердин социалдык жана диний этикасы;
Тең туштардын кысымына туруштук берүүнүн жолдору.

Эсиңизде болсун, балдарга жыныстык тарбия берүү жетиштүү деңгээлде жүргүзүлбөй турган болсо, ар кандай маалымат каражаттарынан, теңтуштарынан билүүгө аракет кылышат. Бирок жаман жолго берилип кетүүдөн сактоо үчүн ата-энелер менен балдардын ортосундагы бардык чек араны алып салуу – тескери натыйжа бериши мүмкүн. Балдарыңызга ислам динине мүнөздүү дени сак жашоо сүрүү үчүн зарыл болгон жогорку адеп-ахлактык жүрүм-турум, аял эркектин айырмачылыгы менен жыныстык мамилелердин ортосундагы өзөчөлүктөрдү үйрөтүңүз. Эркектер менен аялдардын жашоодогу милдетти, алардын айырмачылыктары баланын жаш курагына, өнүгүү фазаларына жараша негизделип, так формада түшүндүрүлүшү керек.

Ата-энелер балдарын туура жолго багыттап, балдардын өнүгүшүнө, тарбиясына кылдат көз салып, жыныстык ден-соолугуна туура кам көрүүнү үйрөтө алышат. Ата-эненин жыныстык тарбия берүү үчүн балдарды төмөнкү жаш курактарга бөлүп алууну сунуштай алабыз:

- 5 жашында балага эркек балдар менен кыздардын ортосундагы физикалык айырмачылыктарды түшүндүрүү;
- 10 жаштагы балада жетилүү процесси жөнүндө түшүнүк болушу керек;
- 15 жаштагы өспүрүмдөрдүн контрацепциялык каражаттар жөнүндө түшүнүгү болушу шарт.

Эскертүү:

Жыныстык мамиле тууралуу материалдар жубайлар Мохамед Рида Башир жана Доктор Экрамдын эмгектеринен алынды. Кыздары Сумая, Худа менен ата-энелер жана үй-бүлө маселелери боюнча англис жана башка тилдерде 15ке жакын китеп жазышкан. Ошондой эле интернет айдыңында көп сандаган окурмандарга ээ, төмөнкү электрондук дарек аркылуу пайдалуу маалымат ала аласыз. www.familydawn.com

ИШ-АРАКЕТТЕР

41-ИШ-АРАКЕТ: Балдардын акылын өстүр!

Белгилүү Бенджамин Франклин тарбия берүүнүн ыкмасы катары, конокторду үй-бүлөлүк кечелерге чакырып, балдардын көзүнчө интеллектуалдык маектешүүлөрдү атайын өткөрүп турган; бирок, балдар ушул маектешүүлөрдүн максаттуу аудиториясы экендигин билбей туруп, аларга күбө болушкан (Франклин 1909). Дал ушул сыяктуу ата-энелер мындай конокторду жамааттардан чакырып, бир гана конкреттүү маселени чечүүнү эмес, балдарга оң таасир бере турган кеп кеңештерди айтып берүүсүн сунуштай алышат.

42-ИШ-АРАКЕТ: Жакшылык иш-аракеттери үчүн жадыбал түзүп берүү

"*Чындыгында жакшы амалдар жаман амалдарды жууп кетет*" Куран (11:114)

Пайгамбарыбыз: "Кайда болсоңор да, Кудайга сыйынгыла жана жаман иш кылгандан кийин, күнөөлөрдөн арылуу үчүн биринчи катачылыгыңарды оңдоп, андан соң адамдарга ак ниеттүүлүк адилдик менен мамиле кылгыла".

(ТИРМИЗИ)

Ата-энелер ар бир бала үчүн атайын жадыбал түзүп, "туура", "туура эмес" жана "кошумча кызматтар" деген белгилерди графаларга жайгаштырып, муздаткычка илип койсо болот. Эгерде ал жакшы, мактоого арзыган амалдарды айттырбай кылып жатса, "кошумча кызматтар" графасына 2 жолу белги коюңуз. Жума сайын жыйынтыктарды эсептеп, туура эмес жасаган амалдары басымдуулук кылганына карабай, баалап, ошого жараша сыйлык бериңиз. Ошондо бала сыйлык же белеке татыктуу болуу үчүн көбүрөөк аракеттенет. Бирок бир гана сыйлык үчүн жакшылык кылууга көндүрүү туура эместигине карабастан, бул ыкма балдардагы мыкты сапаттарды өрчүтүүгө жардам берет. Анткени балдар абстрактуу түшүнүктөргө караганда, алардын "жакшы" жана көбүрөөк мактоого арзыган жүрүм-турумдарын белгилегенде жана белек алганда маанайы көтөрүлөт. Ата-энелер "жакшы" нерселерди айырмалоого көмөктөшүп, түшүндүрүп берүүсү зарыл. Ал эми балдардын өзүн "жаман" же "жакшы" деп бөлүштүрбөстөн, алардын жүрүм-турумундагы туура жана туура эмес аракеттерди баалоосу мүмкүн.

ЖАКШЫ ЖАНА НАЧАР ИШТЕРДИН СХЕМАСЫ

Хиба **Хала**

	Кошумча кызматтар	Туура	Туура эмес		Кошумча кызматтар	Туура	Туура эмес
Дүйшөмбү	Бир тууганыма баштыгын көтөрүштүм √√	Таштанды чыгардым √				Керебетти жыйноо	
Шейшемби		Ибадат кылдым √	Катуу кыйкырык ×				Эжекемди чаап жибердим ×
Шаршемби			Таштандыны полго төктүм ×		Чоң энеме байпагын кийгиздим √√		
Бейшемби		Куран үйрөндүм √				Кийимдерди жыйноо √	

Жума	Окуудагы мыкты же-тишкендик √√						
Ишемби						Та-макты толук жедим √	
Жек-шемби		Куран жатта-дым					
Жалпы	8 √		2 ×		5 √		1 ×
Баалоо	6 √ сыйлыкка татыктуу				4 √ сыйлыкка татыктуу		

ҮЧҮНЧҮ БӨЛҮК

Мүнөз жана мүнөздү калыптандыруу

14-БӨЛҮМ: Мүнөз жан мүнөздү калыптандыруу: жакшы сапаттарга үйрөтүү 366
15-БӨЛҮМ: Позитивдүү сыпаттар: көз карандысыз, жоопкерчиликтүү жана чыгармачыл балдарды тарбиялоо 429
16-БӨЛҮМ: Телевизордун, уюлдук телефондордун жана компьютер оюндарынын зыяндуу таасирлери 485

14-БӨЛҮМ

Мүнөз жана мүнөздү калыптандыруу : жакшы сапаттарга үйрөтүү

- Кириш сөз 368
- Кулк-мүнөз деген эмне? 370
- Мүнөздүн калыпьанышы 372
- Мүнөз - үстүртөн эмес, ал терең тамырлуу 373
- Мүнөз деген эмне? 374

Сүйүүгө үйрөтүү 375

- Эмоционалдык мүмкүнчүлүктөрдү берүүнүн негизи 376
- Сүйүү: жаратман акыл түшүнүгү жана Куран 377
- Ата-энелерге пайдалуу кеңештер 379
- Балаңар “Мен сени жек көрөм” десе эмне болот? 380
- Тун бала 380
- Эмне үчүн ата-энелер балдарын жакшы көрүшөт? 382
- Сүйүү жана ата-энелердин өзүлөрүнө ишенүүсү 384
- Боорукердикке үйрөтүү жолдору 384
- Сурамжылоо: канткенде балдарыңар өздөрүн сүйүктүү сезе алат? 387
- Ата-энелер балдарына жек көрүү сезимин үйрөтүүсү керекпи? Кээде! 388

Өзүнө баа берүүнү калыптандыруу 389

- Баланы “эрке” кылып өстүрбөө үчүн эмне кылуу керек 390
- Чырлар: ыйлоону каражат катары колдонууга жол бербегиле 391

Чынчылдыкка жана ишенимдүүлүккө үйрөтүү 392

- Ата-энелер балдарына ишенүүлөрү керек, бирок алардын кайда жүргөнүн көзөмөлдөп туруулары зарыл! 393
- Жалпы принциптер 394
- Кулк-мүнөздү дүйнөгө болгон жалпы көз караш менен айкалыштыруу 396
- Балдар эмне үчүн калп айтышат: калп айтууну кантип токтотуу керек 398
- Калп айтууну токтотуудагы Пайгамбардын жолу 400

Кайраттуулукка тарбиялоо 402

- Кайраттуулуктун жана коркоктуктун негизги принциптери 403
- Балада пайда болгон коркунучту түшүнүү 406
- Балдар эмоционалдык дагы, физикалык дагы кайраттуулукка үйрөнүүлөрү керек 407
- Кайраттуулук менен баш ийүүнүн ортосунда 408
- Ата-эне: эрктүүлүк жана маданий практикалар 408
- Теңтуштар тарабынан болгон кысым 410

Туура досторду тандоо 412

- Балаңардын достору 412
- Жаман достордун кесепеттери 414
- Мектептеги күнүмдүк кысым 414
- Туура досторду тандоо 414
- Балаңар туура эмес досторду тандап алса эмне кылуу керек? 415
- Эмне үчүн өспүрүмдөр бири-бирине тартылышат? 417
- Ылайыксыз жерде жашаган үй-бүлөлөр 419
- Иш-аракеттер 43-59 420

Мүнөздү калыптандырууга болгон үч жактуу мамиле

Билүү→ Жакшы көрүү → Аткаруу

Жүрөк: Жакшы нерсени жактыруу
Акыл: Жакшы нерсени билүү
Адат: Жакшы нерсени аткаруу

Кириш сөз

Кулк-мүнөздүн калыптануусу – тарбиялоонун эң маанилүү бөлүгү болуп саналат, анткени ансыз баланын адеп-ахлактуу адам болуп чоңоюшу мүмкүн болбой калат. Ал балдарга жашоодо багыт жана максат берип, баланын негизги мүнөзүнүн пайда болушун башкарып турат. Бул бөлүмдө үйрөтүү жана тарбиялоо үчүн керек болгон эң маанилүү принциптер жана аларды аткаруунун жолдору каралат.

Кулк-мүнөздүн калыптанышы ымыркай кезде, баланын өнүгүүсүнүн биринчи жылдарында башталыш керек. Так ушул балачактын баалуу этаптарында мүнөздүн сапаттарынын көптөгөн негизги аспекттери пайда болот. Тилекке каршы, лидерликке үйрөтүү программаларынын көпчүлүгү балдарга эмес, чоңдорго багытталган жана мусулман өлкөлөрүндөгү адамды өнүктүрүү боюнча адабияттар негизинен жогорку окуу жайларында окугандарга же колледждеги студенттерге, же андан жогорку деңгээлге арналган.

"Кулк-мүнөздү калыптандыруу" деген эмнени билдирет? Негизги сапаттар (кайраттуулук, сүйүү, эркиндик, чынчылдык, жоопкерчилик жана креативдүүлүк) адам мүнөзүнүн маанилүү бөлүгүн түзөт жана ымыркай кезден баштап эле пайда боло баштайт. Алар адамда калыптанып калгандан кийин аларды өзгөртүү, алмаштыруу же жок кылуу кыйын болуп калат. Бул сапаттар адамдын келечектеги мүнөзүнүн фундаментин пайда кылат, ошондуктан ата-энелер мүмкүн болушунча бул сапаттарга үйрөтүүгө аракет кылышы керек. Билим, тажрыйба жана жөндөмдөр ийгиликке жетүү үчүн маанилүү сапаттар болгону менен, аларды кийинчерээк, балдар чоңойгондо өнүктүрсө болот. Алар негизги сапаттарды жакшыртууга салым кошуп, жакшыраак жана акылдуураак болуш үчүн адамдарды жакшы жакка багыттоо менен маанилүү милдетти аткарышат. Эгерде башкы сапаттар адамдын мүнөзүнүн "аппараттык каражаттары" болсо, биз билим менен динди "программдык камсыздоо" деп атай алабыз.

Күчтүү мүнөзгө ээ, бирок туура эмес багытка кеткен адамдарды рационалдуу ишендирүү менен туура жолго салса болот,

анткени алардын негизги түзүлүшү бекем. Ал эми начар, алсыз кулк-мүнөзгө ээ адамдар, күчтүү руханий баалуулуктарга ээ болсо дагы, коомдо алдыңкы лидер боло алышпайт. Ошондуктан, жакшы тарбия берүүдө балдарда мүнөздүн ушул элементтерин эрте жаштан баштап калыптандырууга басым жасоо керек, анткени аларды кийин орнотуу кыйыныраак болуп калат. Коркок адам, кайраттуулук жана эр жүрөктүүлүк боюнча курстарга баруу менен эле, кокусунан эр жүрөк болуп калбайт. Ошондой эле, жек көрүү сезими жогору жана таш боор адам жакшы көрүү жана боорукердик жөнүндө китептерди окуу менен чын ниетинен жакшы көргөн жана кам көргөн адамга айлана албайт. Калпычы чынчылдык жөнүндө кеңештерди угуп, дароо эле чынчыл жана ишенимдүү боло калбайт.

Баланы тарбиялоонун маңызы – күчтүү мүнөздөрдү калыптандыруу, туура түшүнүктөрдү үйрөтүү жана балдарда такыбалык адат болуп кала тургандай баалуулуктарга көндүрүү болуп саналат.

Көпчүлүк адамдарга, алардын мүнөзүнүн негизги сапаттары пайда болгондон кийин, (алардын ким экенин жана кандай алып жүрөөрүн аныктап турган) аларды өзгөртүү же “аппараттык каражаттарынын” формасын өзгөртүү кыйын болуп калат. Эң жакшы сапаттарды сиңирүүгө эң оңой жана жакшы жол – балачактын алгачкы жылдарында болот.

Абу Бакр аль-Сыддык, Умар ибн аль-Хаттаб, Халид ибн аль-Валид жана башка сахабалардын мисалдары белгилүү. Бул адамдардын мүнөзүндө кайраттуулук, ишенимдүүлүк, чынчылдык жана лидерлик сапаттар алардын балачагында эле үйрөтүлүп бар болгон.

Ислам – жакшы мүнөздү ишеним, акылмандуулук жана билим менен толуктаган дин. Ислам аларды цивилизациялуу вазыйпа сезимине шыктандырып, алардын жашоолоруна жаңы максат, маани жана дүйнөгө болгон көз карашты бере алган. Алардын мүнөзүнүн бекемдиги алар жаңы динди кабыл алганда начарлаган эмес, тескерисинче андан дагы бекемдеген.

Куран Пайгамбарларга дагы, башка адамдарга дагы тиешелүү болгон бул көрүнүштү адам чоңоюп, орто жашка келгенде, Кудай ага билим менен акылдуулукту берет деп айтып, түшүндүрөт.

Пайгамбар айтты:

Адамдар [жеке сапаттарга ээ минералдар же металлдар] сыяктуу; Исламга чейинки түркөйүлүк (*жахилияя*) доорундагы эң мыктылар Ислам доорунда дагы мыкты, эгерде алар түшүнүп, аңдашса.

(БУХАРИ ЖАНА МУСЛИМ)

О Аллах! Исламды эки жакшы адамдын, Абу Жахль же Умар ибн аль-Хаттабдын бири менен бекемде. Жана Умар көбүрөөк жагымдуу болгон.

(ТИРМИЗИ)

Бул эки адам балачагынан эле күчтүү мүнөзгө ээ болушкан жана бутпарастык кландарында лидер болушкан. Аларда динди кабыл алып, билим алганга чейин эң жакшы сапаттар болгон. Мүнөздүн элементтери ишеним жана билимден тышкары башка аспекттерди камтыйт. Башкаруу билим, ишеним жана акылдуулуктан келип чыгат.

Жакшы полиция кызматкери менен жаман кылмышкер экөө тең жумуштарын жакшы аткарып, өз топторуна пайда алып келүү үчүн эр жүрөктүүлүк жана берилгендик сапаттарына ээ болушу керек. Бирок, полиция кызматкери бул сапаттарды коомго кызмат кылуу үчүн, ал эми кылмышкер аларды жаман нерселерге колдонушат. Эр жүрөктүүлүк менен берилгендик керек болгону менен, алар пайдалуу болуш үчүн баалуулуктарга багытталган болуш керек, антпесе алар зыяндуу жана кыйратуучу болуп калышы мүмкүн. Баланы тарбиялоонун маңызы – күчтүү мүнөздөрдү калыптандыруу, туура түшүнүктөрдү үйрөтүү жана балдарда такыбалык адат болуп кала тургандай баалуулуктарга көндүрүү болуп саналат.

Тарбиялоо футуристтик аракет болуш керек, анткени ал креативдүү ойчулдарды, акылдуу окумуштууларды, жумушчуларды, эр жүрөктүү жоокерлерди, күчтүү спортсмендерди жана адам цивилизациясынын дүйнөлүк чыгаан лидерлерин камтыган коомдун эң жакшы кадрларын даярдоого жооптуу. Бул китепте Ырайымдуу Кудайдын кулдарынын нускаларын “чыгаруу” болгон биринчи каалоосу талкууланган. Бул лидерлер акылдуу, физикалык жактан күчтүү болуп жана ошондой эле, “туура элементтерге, минералдарга же мүнөзгө” ээ болуулары керек. Мындай белгилер мүнөздүн негизин түзөт. Эгерде мүнөздүн бөлүктөрү туура эмес же начар болсо, анда жалпы адамзатынын системасы туура эмес иштейт.

Мындан ары биз мүнөздүн айкын элементтерин карайбыз: сүйүү, чынчылдык жана ишенимге татыктуулук, эр жүрөктүүлүк жана өзүнө өзү баа берүү.

Кулк-мүнөз деген эмне?

Мүнөздүн сөздүктөгү негизги аныктамалары төмөндөгүдөй: айырмалоочу сапат; адамды түзгөн жана аны башкалардан айырмалап турган мүнөздүү белгилердин же сапаттардын бири; адамды, топту же элди түзгөн акыл-эс жана этикалык сапаттардын жыйындысы; белгилүү же ачык сапаттар менен айырмаланган адам; инсан; абийир жана руханий артыкчылык жана бекемдик.

Балдарды өстүрүп чоңойтуунун максаты – көз карандысыз, такыба жана жоопкерчиликтүү адамдарды өстүрүп чыгаруу болуп саналат.

Тарбиялоо балачактан баштап лидерлик сапаттарды өнүктүрүүнү камтыйт. Бир нече психологдор жана ойчулдар эр жүрөктүүлүк, эркиндик, креативдүүлүк, сүйүү, жоопкерчилик, берешендик, чынчылдык, өзүнө өзү ишенгендик, көз карандысыздык, өжөрлүк, намыскөйлүк, адилеттүүлүк, чындык, ак ниеттүүлүк жана топ менен иштей алгандык сапаттарын басып көрсөтүшкөн.

Бул китепте төмөнкү сапаттарга көңүл бурулат:

Эр жүрөктүүлүк, креативдүүлүк, чынчылдык, ишенимдүүлүк, сүйүү, жоопкерчилик, көз карандысыздык жана эркиндик.

Жакшы же жаман беделдүү дүйнө лидерлеринин мүнөздөрүндө жогорудагы элементтер бар. Адам жана Ободон баштаган Нух, Ибрахим, Сара, Хажар, Муса, Марям, Иса жана Мухаммед баштаган (алардын баарына тынчтык болсун) эң мыкты жана таасирдүү үлгүлөрдү карап көргүлө. Ошондой эле Наполеон, Джордж Вашингтон, Мао Цзе Дун, жана ошондой эле Пайгамбарлардын сахабаларын: Сумая, Хадижа, Айша, Абу Бакр, Умар ибн аль-Хаттаб, Усман ибн Аффан, Али ибн Аби Талиб, Фатима, Халид ибн аль-Валид жана Осмон баатыры, Мухаммед аль-Фатих жөнүндө ойлоп көргүлө. Алардын баары кайраттуу, эрктүү жана жоопкерчиликтүү болушкан, болбосо алар лидерликке жетип, аны сактап кала алышмак эмес.

Муса Пайгамбар жана Израилдин балдары жөнүндө төмөндөгү окуя өзгөчө баалуу болуп саналат. Муса Израилдиктерди Египеттеги Фараондун кулчулугунан бошотконду, ал ошол кулга айланган муундан бир маанилүү нерсеге жетүүсүн күткөн эмес, анткени аларда керектүү эр жүрөктүүлүк, эркиндик жана креативдүүлүк сапаттары болгон эмес. Алар кылымдар бою кулчулукта, коркунучтан жана коркутуулардан жапа чегип жашап келишкен. Ал алардын негизги кулк-мүнөзүн ишеним жана билим аркылуу өзгөртө алган эмес, анткени аларды үйрөтүү өтө эле кеч болуп калган. Алардын “металлы” туура эмес болчу. Ошентип, ал Синай чөлүндө өзү өстүрүп, эр жүрөктүү, эркин, чынчыл жана жоопкерчиликтүү адамдарга айланта алгыдай жаңы муундун пайда болушун күткөн. Бул мүнөздү куруу процессине 40 жыл кеткен. Муса жана Харун Египеттен куткарылгандан кийин төрөлгөн еврейлердин күчтүү жана туруктуу жаңы муунун жаратуу үчүн ачык жана бош Синай чөлүн колдонушкан.

Жогоруда айтылгандай, ата-энелер мүнөздү курууну ымыркай кезде башташ керек, анткени мүнөздүн көпчүлүк сапаттары орноп калган, бойго жеткен мезгилде окутуу жана насаат айтуу мүнөздү өзгөртө албайт. Ата-энелер колдоно алчу көптөгөн

көрсөтмөлөр бар, бирок аларды үйдөгү жакшы жана ынтымактуу чөйрөдө колдонуу абдан маанилүү. Мүнөздүн пайда болушу дайыма болуп турган процесс болгону менен, ал эрте балалык кезде натыйжалуу болот.

Мүнөздүн калыптанышы

Мүнөздүн пайда болушу ымыркай кезде башталып, андан ары уланганы менен, биринчи бир нече жылдар эң натыйжалуу болуп саналат. Мүнөздүн калыптанышы күндөн күнгө, ойдон ойго жана аракеттен аракетке болот.

Мүнөз качан калыптанат? Аны кийин өзгөртсө болобу? Бизде так жооп жок. Др.Спок 5 айдан бир жарым жашка чейинки аралык адамдардын жашоого болгон негизги мамилесин орнотууга болгон эң маанилүү мезгил болушу мүмкүн деп эсептейт. Бул мезгилде балдар өздөрүн өз алдынча адам катары сезип, көз карандысыздыкка умтула башташат (бөтөлкөлөрүн өздөрү кармагылары келип, көпкө чейин көтөрүп же кучактаганды жактырбай). Ата-энелердин жүрүм-туруму жана мамилелери балдардын көз карашына, үмүт-тилектерине жана дүйнө таанымына чоң таасирин тийгизет. Ата- энелер бири-бирине жана башкаларга кандай мамиле кылганы дагы балдарга таасир берет. Эгерде ата же эне мееримдүү адам болсо, алар башкаларды дагы ошондой деп ойлошот, ал эми ата-эне муздак жана ишенбеген адам болсо, алар ошондой көз карашты кабыл алышат. Өздөрүн кандай көрүү боюнча, ымыркайлар бул этапта алар негизинен жагымдуу же жагымсыз, жакшы же татыксыз деген кабыл алууларга келишет. Бир жарым жаштан үч жашка чейинки аралыкта балдар өздөрүн өз алдынча адам катары сезе башташат. Балдар үч жаштын аягында кандай болуп өзгөргөнү алардын ата-энеси менен болгон мамилесинин жылуулугуна жараша болот. Мүнөздүн калыптанышы, ошондой эле ата-эне менен балдар бул кыйын мезгилде конфликтти кантип чечкенинен дагы көз каранды.

Адамды түзгөн нерсе бул кокустуктар же жагдайлар эмес, кулк-мүнөз болуп саналат. 18 жашка чыкканда адамдын мүнөзү дээрлик калыптанып бүтүп, турукташып калат. Мүнөздүн пайда болушу наристе бакчасы, бала бакча, башталгыч мектеп, орто мектеп жана жогорку мектеп этаптарында ишке ашат. 20 жаштан кийинки курактары – билим алуу жана аны өркүндөтүү этабы деп атасак болот. Балдарды жакшы өстүрүү үчүн, мүнөздүн төмөн аспекттерине көңүл буруу керек: руханий, адеп-ахлактык, физикалык, акыл-эстик, психологиялык жана коомдук.

Ар бир тармакта ата-эне балдары менен тыгыз байланышты орнотуулары керек. Мисалы, эгерде ата-эне өтө эле башкарып, ал эми балдар тил алчаак болсо, алар өтө эле элпек болуп чоңоюшат. Эгерде, ата-эне ырайымсыз

жана орой болсо, бирок балдарынын каяша айтуусун жөн койсо, балдар өтө эле ырайымсыз болуп чоңоюшу ыктымал. Эгерде, ата-эне таш боор жана тазалыкты чоң көйгөйгө айланткан адам болсо, алардын балдары эгерде табиятынан элпек болсо, өтө эле таза жана тартиптүү болуп чоңоюшу мүмкүн. Эгерде, ата-эне балдарын дайыма көзөмөлдөп, өтө эле тынчсыздана берсе жана балдар сезимтал болсо, алар өтө эле көз каранды болуп чоңоюшу ыктымал. Ар түрдүү психологдор баланын мүнөзү үч жашында калыптанат деп

Күчтүүлөр тынчтыкты, алсыздар адилеттүүлүктү каалайт

Президент Теодор Рузвельт америкалыктарга жумшак жана элпек болбоону эскерткен: “Американы жок кыла турчу неселер булар эмне болбосун, гүлдөп өнүгүү, тынчтык, милдеттен мурда коопсуздук, жай турмушту жакшы көрүү жана бат баюу жашоо теориясы”. Эч бир адам мыйзамдан жогору турбайт жана максатка ылайыктуулук укуктарды бузууну актабайт деп эскерткен ал. Американы Америка кылган жакшы сапаттар: эр жүрөктүүлүк, абийирдүүлүк, адилеттүүлүк, чынчылдык жана ак ниеттүүлүк.

Кулк-мүнөз – үстүртөн эмес, ал терең тамырлуу

Кулк-мүнөз балдарга башкалар тарабынан окутуу же тажрыйба аркылуу оңой эле өткөрүлүп берилчү нерсе эмес. Кулк-мүнөздүн пайда болушу мүнөздүн эрте орношунда болушу керек. Ата-энелерге кулк-мүнөздү орнотууга убакыт керектелет (чоң бактын тамырлары жерге өсүп орноого убакыт керек болгондой эле).

Жакшы мүнөз баланын салабаттуулугун күнүмдүк окуяларга карабай сактап калат. Жакшы калыптанган мүнөз бактын жалбырагындай болуп кыймылдабайт же үйүр сыяктуу кайсы жакка айдаса кете бербейт.

Кулк-мүнөз балдарда терең тамыр сыяктуу өскөн күчкө ээ. Эгерде ата-эне муну төрөлгөндө эле орнотсо, ошол жакшы мүнөздүн натыйжасы эрте пайда болот.

“Ата-эне балага бере алчу эң мыкты белек – жакшы мүнөз”.
(Тавфиг, 1967)

Баланын мүнөзүн жок кылуу



“Сен акылсызсың! ”

Мүнөз деген эмне?

Мүнөз тууралуу бир нече теория бар. Окутуучулардын жана психологдордун көпчүлүгү мүнөздү көп өзгөрмөлөр түзөт деп ойлошот: физикалык, коомдук, эмоционалдык жана руханий.

Бул жердеги басым мүнөздүн негиздерине жасалат: эр жүрөктүүлүк, сүйүү, креативдүүлүк, жоопкерчилик, чынчылдык, ишенимге татыктуулук, көз карандысыздык жана эркиндик.

Этика окутуучусу Майкл Жозефсон кулк-мүнөздүн алты негизи бар деп айтат: ишенимге татыктуулук, сый-урмат, жоопкерчилик, калыстык, кам көрүүчүлүк жана жарандык.

Башка ар түрдүү окумуштуулар атаган сапаттар төмөнкүлөр: акылдуулук, токтоолук, жөнөкөйлүк, өзүнө өзү ишенгендик, курмандык кылуу жана берешендик. Кулк-мүнөз ички болуп, мүнөздүн негиздери менен байланыштуу, ал эми жүрүм-турум анын сырткы чагылдырылуусу. Адат – бул убакыттын өтүшү менен билинбей калуучу үзгүлтүксүз, кайталанган жүрүм-турум.

Роза, Наристе жана Ата-Эне

Биз наристени розага окшоштурсак болот. Ал гүлдөп, жагымдуу жыт чыгарып жана сулуулук берет. Бирок, анын сабагында көптөгөн тикенектер бар. Боорукер ата же эне розаны сабагынан аяр кармайт жана ага гүлдөгөнгө мүмкүнчүлүк берет, бирок өзү тикенектен колун оорутуп алышы мүмкүн. Ал эми чыдамсыз ата же эне, тикенектен качууга аракет кылып, розанын бүчүрүнөн кармайт да аны өлтүрүп алат. Ал өзүн тикенектен сактап калышы мүмкүн, бирок розаны жок кылып салат. Ата-энелер балдарына розадай эле кылдат кам көрүп, чыдамдуулук менен мамиле кылуулары керек.

Сүйүүгө үйрөтүү

Жашооонун оош-кыйыштарында ата-эне баласына бере алчу эң жакшы белек – СҮЙҮҮ. Сүйүп турган ата-эненин күчү – эң кубаттуу күчтөрдүн бири болуп саналат.

Тарбиялоочулар тарабынан болгон жылуулук жана колдоп туруу – жакшы эмоционалдык өнүгүүнүн эң маанилүү бөлүктөрү болуп эсептелет. Биринчи эки жылдан үч жылга чейин балдардын мүнөзүнө ата-энелер жана тарбиялоочулар тарабынан чоң таасир болот. Кызматкерлер жетишпеген жетимдер үйүндө жашаган же наристелер бакчаларында көңүл бурулбай керебетте жатып чоңойгон балдар өмүр бою жапа чегиши мүмкүн. Бул мурунку Советтер Союзунда көрсөтүлгөн. Баланын акылына жана эмоцияларына көңүл бурулбаса алар толук жетилбейт, ал эми ата-эненин мээрими менен кам көрүлгөн балдар жакшы өсүп чоңоюшат.

Балдар сүйүүгө жөндөмдүү болуп төрөлүшөт, аны ата-эне өнүктүрүү керек. Алты жума болгондо ымыркайлар ата-энелердин “куку” деп аларга кайрылганына жооп берип калышат. Ата-энелердин сүйүүгө болгон жөндөмдүүлүгү балдардын сүйүүгө болгон жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүүдө эң таасирдүү фактор болуп саналат. Бул балдар алты ай болгондо иштей баштайт.

Балдар адамдар жөнүндө биринчи таасирди ата-энесинен алышат. Эгерде ата-эне сүйүүгө толуп турса, бул балдардын сүйүүгө болгон жөндөмдүүлүгүн өнүктүрөт. Балдар бардык адамдар ак ниеттүү жана мээримдүү деп ойлоп, башкалардан коркушпайт.

Ата-энелерге өз сүйүүсүн билдирбей эмес, ачык жана физикалык түрдө көрсөткөнү жакшы. Америка коомунун

англо-саксондук бөлүгүндө жакшы көрүүнүн физикалык аспектин, өзгөчө ата менен уулунун ортосунда, басуу салты болгон. Бул кайсы бир деңгээлде америкалык балдардын карама-каршы жыныстагыларга болгон эрте тартылуусун түшүндүрүп турат, ал балачакта ата-эне тарабынан физикалык жакшы көрүү жок болгонуна байланыштуу болушу мүмкүн. Тарбиялоо боюнча эксперт Др. Спок аталар менен уулдарынын ортосундагы жакшы көрүү сезиминин жоктугун сынга алган. Ал өзү ушундай тарбияланган жана жаңылыштык менен өз балдарына дагы ушундай мамиле кылган. Мусулман жана башка салттарда кол алып учурашуу, бири-бирин өбүү жана кучактоо колдонулат.

Сүйүүнү пайда кылуу – баланы эмизүүдөн башталат. Кучактоо, жылмаюу, кармоо, өбүү жана акырын сылоо балага абдан керек. Балдарга сүйүүнү, кабыл алууну жана колдоону сөз түрүн-

дө билдирүү керек. Ата-энелер балдары менен болгон кереги жок уруштардан качуулары керек, жадагалса бир жаштагы баласы менен дагы. Балдардын кооптуу жана сынып калуучу нерселерди кармоосун алдын алуу үчүн (дары-дармек, көз айнек жана бычак сыяктуу) ата-энелер аларды бала жетпеген жерге алып коюулары керек. Бул силердин "Жок! Жок!" деп айткан сөздөрдүн санын кыскартат.

Эмоционалдык мүмкүнчүлүктөрдү берүүнүн негизи

Үй балага физикалык жана эмоционалдык жактан коопсуз жана ыңгайлуу чөйрө болушу керек.

Ата-энелердин балага болгон мамиле кылуу жолу балдардын көз каратарына, үмүт-тилектерине жана мамилесине таасирин тийгизет. Балдар чоңойуп калганда, ата-энеси башкаларга кандай мамиле кылып жатканын байкашат. Алар боорукер жана назикпи же таш боор жана оройбу? Бул баланын дүйнөнү таанышына жана анын жүрүм-туруму менен башкаларга болгон мамилесине таасир тийгизет.

Балдар ошондой эле ата-энесинин үй жаныбарларына, өсүмдүктөргө жана айлана-чөйрөгө кандай мамиле кылып жатканын байкап турушат. Ата-энелер жамгырга, карга, күнгө, айга жана жылдыздарга ыраазычылыгын билдирип туруулары керек (алар ыңгайсыз жаратканда каргагандын ордуна). Биз жаратылышка назик жана камкор мамиле кылуубуз керек. Ата-энелер сүйүүнү көрсөтүп билдиргенде, алар эмоционалдык күчтү бекемдешет. Балдарыңарды алардын кичинекей жетишкендиктери үчүн, терең ойлонуучу оюндар жана алардын суроолоруна жооптор менен сыймыктануу жана кубануу сезимдерин билдиргиле. Аларга эркин, бирок коопсуз жерде ойноого уруксат бергиле, китеп окуп бергиле жана сүрөттөрдү көрсөткүлө. Балдар алсыз, тажрыйбасыз жана көз каранды экенин билишет; ошондуктан алар лидерлик, сүйүү жана коопсуздук боюнча ата-энелерине таянышат.

Наристелер дайыма ата-энесин байкап турушат жана эркинен тыш өздөрүн аларга окшоштурушат. Алар ушундай жол менен өздөрүнүн кулк-мүнөзүнүн күчтүүлүгүн жана бир нерсеге жөндөмдүү болуусун кабыл алышат. Алар балачакта өздөрүн ата-энелерине окшоштуруу менен чоңойгондо кандай жа-

ран, жумушчу, жубай жана ата-эне болууну үйрөнүшөт.

Ата-энелер сүйүүсүн сансыз жолдор менен билдиришет: бактылуу жүз, физикалык жакшы көрүүнүн күтүлбөгөн көрсөтүүсү, балдарынын жетишкендиктери менен сыймыктануу, алар ооруп же коркуп жатканда соороту жана аларга коркунуч туулганда коопсуздук менен камсыздоо. Ата-эненин сүйүүсү – балдардагы сүйүүнү жаратат. Бул ата-энеге болгон жакшы көрүүдөн балдар жашоодо достору, мугалимдери, жубайлары, балдары, кошуналары жана кесиптештери менен жакшы мамиле курууга өтүшөт.

Балдарда ата-энелер тарабынан болгон сүйүү жана сый-урматтан өздөрүнө болгон ишеним пайда болот. Бул өзүнө өзү ишенүүдөн өздөрүн ыңгайлуу сезип жана өмүр бою башка ар түркүн адамдар менен болгон мамиледе дагы ыңгайлуу сезишет. Ата-энелердин сыйы жана сүйүүсү балдарга өз учурунда ата-энесине жана башкаларга болгон сый жана сүйүү менен мамиле кылуусун үйрөтөт.

Зордук-зомбулук күчөгөн коомдо, аны толтуруу үчүн балдарга сүйүүнү үйрөтүү күчөтүлүш керек. Эгерда ата-эне балдарын сүйүүгө үйрөтпөсө, алар башка жактан кантип үйрөнүшөт?

Сүйүү: жаратман акыл түшүнүгү жана Куран

Куран жүрөктү туюм, түшүнүү, жакшы көрүү жана боорукердик жайгашкан жер катары сүрөттөйт. Жүрөк Математикасы Институту (Боулдер Крик, Калифорния, АКШ) жүрөктү кабыл алууларды алмаштырууда, кыйынчылыктарды чечүүдө жана баалуулуктарды чагылдырууда күчтүү агент катары көрсөткөн. Жүрөктү жана мээни сүйүү менен теңдөө толук акылды, толук өздүктү орното алат. Жан (фуад) менен жүрөк (калб) дененин руханий жана эмоционалдык борборлору болуп саналат.

“Жүрөктө” болгондо адамдар изилдеп, үйрөнүп жана креативдүү болгулары келишет. Балдар “жүрөктө” болгондо кайрымдуураак болушуп, жакшы угушат. “Жүрөктө эмес” болгондо, көңүл чөгүү, ачуулук, зеригүү, өзүн өзү аёо же тынчсыздануу басымдуу болуп, көйгөйлөр чечилбечүдөй сезилет. Сүйүүнү үйрөнгөн балдар дени сак жана теңдемделген болуп, жашоого болгон көз карашы толук болуп, акылдуу чечимдерди чыгарып, өздөрүнө жана башкаларга жакшыраак кам көрүп жана кантип жакшы көрүү керек деген түшүнүктү өздөрүнүн балдарына беришет.

(Бредли 2009)



Эмоционалдык интеллект аттуу китебинде, Голман бала алган эмоционалдык сабактар мээнин схемасын түзөт деп көрсөтөт. Жашоодо ийгиликке жеткен адамдар демейде эң жогорку логикалык интеллектке эмес, эң жогорку эмоционалдык интеллектке ээ адамдар болуп саналат. Эмоционалдык интеллект өзүнө импульсту көзөмөлдөө, кулк-мүнөз жана өзүн өзү тарбиялоо, альтруизм жана боорукердикти камтыйт.

(Голдман, 2005)

Балдардын интеллектуалдык жөндөмдүүлүктөрү, алардын сүйүүнү берүү жана алуу жөндөмдүүлүгүнөн өзүнчө турат деген ойдон чыгарылган нерсе туура эмес. Кабыл алуулар, акыл-эс жана эмоционалдык мамилелер, реакция кылуу убакыттары жана чечим чыгаруу жөндөмдүүлүктөрү – мунун баары тең биздин жүрөгүбүз менен түз байланышта. Мээдеги кабыл алуунун жогорку жөндөмдүүлүктөрү жүрөк чыгарган электрикалык ритмдер теңделген жана айкалышкан болгондо жакшы иштейт. Сүйүү, кам көрүү, баалоо жана боорукердик теңделген жана айкалышкан жүрөк ритмдерин жаратат. Акыл менен жүрөктү теңдөө аркылуу адамдар акылдуу, күчтүү болуп, тандоо кылууда жана сүйлөшүүдө түз багытта кете алышат. Сүйүү менен сезимталдык көбөйүп, сүйлөшүү ачык болуп, түшүнүү пайда болот. Сүйүү, боорукердик жана ыраазы болуу креативдүүлүктү күчөтүп, көйгөйлөрдү чечүүнү жакшыртып жана биздин жакшы тандоолорду кылуу жөндөмүбүздү жакшыртат.

Балдарда сүйүү жок болсо жана дайыма коркуп же тынчсызданып турушса, алар стресске кабылып, алардын көнүшүү жөндөмдүүлүгү кыскарат. Стресс менен шартталганда мээнин нейрондук түзүмдөрү стресске жооп берген түзүмдөрдө жайгашышат; ошондуктан, сүйүүсү жок балдар окууда кыйынчылыктарга дуушар болушат. Кам көргөн жана жакшы көргөн чөйрөдө балдардын окууга болгон каалоосу күчөйт.

Физикалык жүрөк сүйүүгө жооп берет жана бул ЭКГ (электрокардиограмма) жана жүрөктүн ритминин өзгөрүшү аркылуу ченелет. Кыжырдануу, тынчсызданууу, көңүл чөгүү сезимдери же стресс жүрөк ритмдеринин ирээтсиз жана теңделбеген мүнөздө болуусуна алып келет. Келечек тууралуу позитивдүү жана үмүттөндүрүүчү сезимдерге ээ болуу үчүн балдарга сүйүү керек.

Др. Илхам аль-Талиб (АДАМС Борборунун семинары, 2008) “Мен сени бардык жүрөгүм менен жакшы көрөм” же “Мен сени жүрөгүмдүн түпкүрүнөн жакшы көрөм” деп айтуу негизинен туура, анткени жүрөк адамдын эмоцияларынын жана сезимдеринин борбору болуп саналат деп түшүндүрөт.

БАЛДАРЫҢЫЗГА ЖҮРӨКТӨН ЧЫККАН СӨЗДӨРДҮ КӨБҮРӨӨК АЙТЫҢЫЗ, АЛАР АНЫ ЖАЗБАЙ ТҮШҮНҮШӨТ

Ата-энелерге пайдалуу кеңештер

Балдар сүйүү үчүн төрөлүшөт. Ошол сапатка тарбиялап, аны жакшыртуу – ата-энеден көз каранды. Эгерде ата-энелер өз балдарына сүйүүсүн көргөзүшсө, ал аларды өз учурунда кайра сүйүүсүн шыктандырат. Төмөндө балдардын назик жана сүйүп турган мүнөзгө ээ болуусуна болгон бир нече практикалык кадамдар келтирилген:

- АЛАР КИЧИНЕКЕЙ КЕЗИНДЕ БАШТАГЫЛА
  Ымыркайыңарды сүйүүгө көндүргүлө. Аларга тамак берүү учурунда колго алуу –сүйүүгө үйрөтөт. Колго алуу, кучактоо, өбүү жана ымыркайлар менен сүйлөшүү – аларды коопсуздукка жана сүйүүгө үйрөтөт.

- БАЛДАРГА “ӨЗҮҢӨ КАНДАЙ МАМИЛЕНИ КААЛАСАҢ, БАШКАЛАРГА ДА ОШОНДОЙ МАМИЛЕ ЖАСА” ДЕП ҮЙРӨТҮҮ.
  Өз балдарыңарга башкаларга өзүмчүл жана жекечил болбой мамиле кылууну үйрөткүлө. Алар башкалардын аларга кандай мамиле кылуусун кааларын эске алуу – аларды бир нерсе кылууда токтоп, шашпай ойлонууга түртөт. Алар адамдар кандай мамиле кылса, ошондой мамиле алышарын түшүнүшөт. Эреже – “жакшы жол менен” жооп берүү, душмандык эмес, достукту камсыз кылат.

  Силерге салам берилсе, силер алардын саламынан жакшыраак алик алып саламдашкыла, же ошондой эле салам кайтаргыла. Акый катта, Аллах ар бир ишти эсептейт. (Куран 4:86)

- СҮЙҮҮДӨ ҮЛГҮ БОЛГУЛА
  Балдарга маанилүү болгон нерсе – бул ата-энесинин аларга, бири-бирине жана башка үй-бүлө мүчөлөрүнө кандай жол менен сүйүүсүн билдиргени болуп саналат. Сүйүүнү адекваттуу түрдө көрсөтсөңөр, балдарыңар сүйүүнү ошондой көрсөтүшөт.

Балаңар “Мен сени жек көрөм” десе эмне кылуу керек?

Балдарыңарга берген бардык сүйүүдөн кийин, ошондой эле кучактоо жана өбүү, белектер, доктурга алып баруулар жана силер камсыз кылган бардык шарттардан кийин, ошол силер сүйгөн балдарыңар “мен сени жек көрөм” деп айтышы мүмкүн. Алар чын эле ата-энесин жек көрүшөбү? Албетте жок! Алар ата-энелеринин эртең мененки тамактанууда сагыз чайноого уруксат бербегенин же кечеге барууга уруксат бербегенин жаман көрүшөт. Алар жек көрүп эмес, ачуусу келгендиктен жана көңүлү чөккөндүктөн айтып жатышат. Балдар “мен сени жек көрөм” деп айтканда озүнө көп көңүл бурдураарын билишет, анткени алардын ата-энесинин реакциясы, негативдүү болсо дагы, дароо көңүл буруу болот. Ошондой эле, ата-энелердин жини келип, көңүлү ооруйт жана алар балдарынын талаптарына, эгерде алар ошол сөздү чын ниеттен айтпаганын айтышса гана көңүшөт. Балдар чектерди жылдырып, көңүл бурдурууга аракет кылып жатышат. Ата- эне өздөрүн колго алуусу абдан маанилүү. Алар бир нече убакка чейин жек көрүнгөнү менен, балдар жөн гана алардан реакцияны күтүп жатышат. Алар жакын арада “мен сени жек көрөм” деп айтуу эч кандай реакцияны пайда кылбасын билишип, келечекте ата-энесин ушундай жол менен колдоно албай калышат. Ата-энелер, өз кезегинде, ошол айтуунун артында турган сезимдерди билүүлөрү керек. Алар балдарына “сен аябай эле жинденгендей сезилип жатасын” деп айтып, көңүл оорутуучу нерсени айтуудан кармануулары керек. Эгерде ата-энелер кырдаалдан чыгып, башка бөлмөгө барып, диванга отуруп, терең дем алса эң жакшы болот. Көңүл көтөрүү жана ынындыруу үчүн жубайыңарды чакыргыла. Балдарыңар менен кийинчерээк, тынчыраак убакта талкуулоого даярдангыла: “Биз бул жөнүндө кийинчерээк сүйлөшөбүз”.

Тун бала

Жогорку талаптары бар ата-энелер балдарында дагы жогорку талаптар болуусун каалашат. Өз жашоосунда жеткен нерселерге, ата-энелер тун баласынын дагы ошондой жетишкендиктерге жетүүсүн каалашат. Алар умтулуп, бирок жетпей калган нерселерге алардын тун баласы жетет деп үмүттөнүшөт. Алар кетирген бардык жаңылыштыктарды тун баласы дагы кетирет деп коркушат. Салыштырмалуу, бул аң-сезимдүү ата-эне экинчи баласына келгенде анча көп тынчсызданышпайт. Ошон үчүн, экинчи бала биринчи балага салыштырмалуу иш- аракеттеринде жана сезимдеринде көз карандысызыраак болот.

Жаңы ата-эне болгондорго “тун балаңарга анча тынчсызданбагыла, аны жайына койгула” деп айтуу оңой. Бул биринчи жолу атка минүүнү же машина айдоону үйрөнүп жаткандарга тынчсыздануунун кажети жок экенин айтуу менен барабар. Бул тун баланы башка балдар ойногон жерлерге алып барууга жардам берет. Ойноо – башкалар менен чогуу болууну, берүүнү жана алууну үйрөнүүгө эң жакшы мүмкүнчүлүк болуп саналат. Башкаларга баруу жана башка балдардын келишин колдоо абдан пайдалуу. Убакытты чогуу өткөрүү – сүйүүгө болгон жөндөмдүүлүктүн негизи болуп эсептелет.

Кээ бир социологдор ата-энелерге балдарынын арасы алыс эмес болушун кеңеш беришет. Бул балдарга бири-бири менен сүйлөшүп, ойноп, коомдук жашооого аралашууга жардам берет. Көп ата-энелерге бир муунду толук тарбиялап, андан кийин алардын жашоосундагы жаңы фазага өтүү оңоюраак болот. Эгерде балдардын ортосундагы айырмалар чоң болсо, алар ымыркай, өспүрүм жана бойго жеткен балдарын бир убакта тарбиялап, аларга оор болуп калышы мүмкүн жана жашоосунун көбү “бала багуу” менен өтүп кетет. Алар эмгек өрүүсүнө чыкканда гана бир аз эле өзүнө убакыт бөлүп калышат.

Көрө албастык – сүйүү менен карама-каршы турат, анткени бул башка адамдардын жакшы нерселери аларды таштап, силерге келүүсүн каалоо менен барабар. Бул абдан олуттуу көйгөй, ата-энелер муну балада эрте жаштан эле жок кылуулары керек. Пайгамбар муну коомдук көйгөй деп эсептеген. Пайгамбар айткан:

> Адамдар бири бирине көз артпаса жакшы бойдон калышат.
>
> (АЛЬ-ТАБАРАНИ)

Жаңы төрөлгөн бала демейде үй-бүлөдө ата-эненин бардык көңүлүн бурат. Адамдар аны көргөнү келип, ага белектерди алып келип, бала кандай сонун экенин баары айтышат. Башка балдарына көңүл бөлүү үчүн эне абдан чарчап, ата башка нерселерди кылуу менен алек болуп калышы мүмкүн. Улуураак балдар көңүл сыртында калганын сезишет, өзгөчө кичүү баласы жинденип же эмне кыларын билбей калат, анткени ал мындан кийин үй-бүлөнүн кичүү баласы болбой калат. Эң кичүү балага көбүрөөк көңүл бурулганда, улуу балдардын кызгануу жана көрө албастык сезимдери – табигый нерсе.

Көрө албастыкты жок кылуу же азайтуу үчүн ата-энелер төмөнкү нерселерди кылса болот:

- Бардык балдарыңарга аларды жакшы көрөөрүңөрдү жана алар керек экенин билдиргиле.
- Башка балдар азыраак сүйүү же кам көрүү алып жатканына жол бербегиле. Аларга жетишерлик көңүл бөлүү жана алар маанилүү экенин билдирип турууну улантуу керек.
- Уул-кыздарыңардын арасында салыштыруу же атаандашууга жол бербегиле.

- Сабырдуулук, сыйлыктар жана тарбия баарына бирдей болушу керек.
- Бардык балдарды мүмкүнчүлүк болушунча көбүрөөк өөп, кучактоо керек.
- Ата-энелер улуураак балдарына жаңы төрөлгөн ымыркайга кам көрүүдө жоопкерчилик сезимин берип койсо жана чечим чыгарууда алардын оюн дага угуп коюшса болот.

Ата-энелер балдарын эмне үчүн жакшы көрүшөт?

Еврипид боюнча: “Мында бардык адамзаты бирдей: байлар дагы кедейлер дагы. Алардын баары балдарын жакшы көрүшөт”. Рабиндранат Тагор мындай деген: “Мен аны жакшы болгону үчүн эмес, ал менин кичинекей балам болгону үчүн жакшы көрөм”.

Көп балдар сүйүү жок өсүп жатканы – өкүнөөрлүк, анткени:

1. Алар “кокустуктун”, коомдук кысымдын же зордуктоонун натыйжасы;
2. Аларды төрөт учурунда каза болуп калган энесинин өлүмүнө себепкер катары көрүшөт;
3. Алар кылмышкердин баласы болуп калат;
4. Уул бала күтүп жаткан үй-бүлөдө кыз болуп төрөлүп калат;

(Кээ бир өлкөлөрдө жаңы төрөлгөн ымыркай эркек бала болсо гана ата-энени куттукташат)

Эмне үчүн балдарга алардын күнөөсү жок болсо деле жаман мамиле кылынышы керек?

Сүйүүнү жүрүм-турум менен байланыштырбагыла. Бул ата-энелер сүйүүсү үчүн шарт коюп жаткандай сезилет. Ата-энелер эч качан “мен сенин жүрүм-турумуң оңолгондо сени көбүрөөк жакшы көрөм” деп айтпашы керек.

Балдарга сүйүү керек, өзгөчө алар татыксызмын деп ойлоп жатканда. Ата-энелер балдарына алардын сүйүүсү алардын кылган иштеринен көз каранды эмес экенин айтып, ишендирүүлөрү керек. Алар балдарын кандай болсо ошондой жакшы көрүшөт. Ата-эненин ийгилиги – балдарынын коопсуз жакшы көрүлгөнүн сезүү деңгээли менен бааланат. Балдарга мактоолор жакса дагы, алар баарынан мурда сүйүүнү каалашат. Марк Твен мындай деп айткан: “Мактоо жакшы, комплимент жакшы, бирок жакшы көрүү – бул адам жете алчу эң акыркы жана эң баалуу сыйлык”.

АКТЕРЛОРДУ ЖАКШЫ КӨРГҮЛӨ, БИРОК ЖАМАН РОЛДОРДУ ЖАМАН КӨРГҮЛӨ!

Ата-энелер менен балдардын ортосундагы сүйүү шартсыз болушу керек. Алар бири-бирин шарттары жок кабыл алуулары керек. Балдарды алар кандай болсо ошондой, коркуу сезимдери менен, чочулоосу менен жана идиосинкразия (адаттар, сүйлөө манерасы жана өзүн алып жүрүүсү) менен кабыл алуу керек. Шартсыз деген бул айыптоосуз жана сынсыз дегенди билдирет. Силердин балдарыңар эң жагымдуу, жакшы окуган же белгилүү болушу да, болбошу да мүмкүн.

Бирок (Кудайдын буйругу менен) алар бул дүйнөгө келишти жана бул аларга шартсыз кабыл алынууга жана сүйүүгө укук берет.

КИЧИНЕКЕЙ БАЛДАРДЫ УНЧУКПАЙ ЖАКШЫ КӨРҮҮ ЖЕТИШТҮҮ ЭМЕС, АЛАРГА СҮЙҮҮҢӨРДҮ АЙТКЫЛА.

Пайгамбар сахабаларга бири бирине болгон сүйүүсүн айтууну үйрөткөн.

Бир күнү, Пайгамбар сахабалары менен отурганда, алардын жанынан бир киши өтүп кетти. Отургандардын бири “Мен бул адамды жакшы көрөм” деп айтты. Пайгамбар сурады: “Сен ага айттын беле?” Киши жок деп жооп берди. Пайгамбар “Барып ага айт” деди. Ал туруп, жанагы кишинин артынан чуркап барып “Мен сизди Аллахтын ыраазычылыгы үчүн жакшы көрөм” деп айтты. Берки киши мындай деп жооп берди: “Сиз мени Аллах үчүн жакшы көргөнүңүз үчүн Аллахым сизди жакшы көрсүн”.

(АБУ ДАВУД)

Сүйүү жана ата-энелердин өзүлөрүнө ишенүүсү

Ата-энелердин өзүлөрүнө ишенүүсү – бири-бирин жакшы көргөн ата-энелер менен балдардын мамилесинин негизи болуп саналат. Ата-энелер балдарына дайым жакшылыктарды гана каалайт жана балдары жөнүндө баарын билүүнү да каалашат, бирок, балдары буга ишене беришпейт жана алар ата-энелерин сынап, текшерүүлөрүн уланта беришет. Бул ата-энелерди мүңкүрөткөн түгөнгүс текшерүүлөр алардын ортосундагы мамиленин чыңалышына алып келет. Стресс жакшы көрүүгө зыянын тийгизет. Стрессти азайтуу мамиледеги жакшы көрүү сезимин жакшыртат. Сүйүү жок болсо, башкаруу кысым көрсөтүп же байланыш жок болот. Өзүнө ишенген ата-энелер сүйө дагы, башкара дагы алышат. Жакшы көрүү менен башкарып жана башкаруу аркылуу жакшы көрүү менен алар сезимдерин тең салмакта сактай алышат. Ушундай кылуу менен алар балдарына коопсуздукту билдиришет жана коопсуз балдар шаттуу жана жайбаракат болушат. Балдар тентек кыла баштаганда аларга жөн гана үйдө ким башкараарын эскертүү жетиштүү болот.

Боорукердикке үйрөтүүнүн жолдору

Ата-энелер балдарын жакшы көрүшөт, ошондуктан балдарыңар ошол жакшы көрүүнү сезүүсү тууралуу ойлонгула. Бирок жакшы көрүү ар түрдүү жолдор менен билдирилиши керек. Жакшы көрөөрү тууралуу көп айтпаган ата-энелер алардын балдары алардын жакшы көрөөрүн билбегенин билгенде абдан таң калышат. Боорукердикти практика аркылуу өнүктүрсө болот. Ал ниетти жана аракетти камтыйт. Ниет бул башкаларга өзүнүн жүрөгүн ачууга болгон каалоо жана алар маанилүү экенин көрсөтүү. Аракет болсо ошол ниеттерди ишке ашырууга кылган нерселер. Мисалы: ата-энелер өздөрү жактырган топко регулярдуу түрдө акчалай жардам берип же убактыларын бөлсө болот (же экөөнү тең), же болбосо көчөдө кетип бара жаткан бейтааныш адамдарга жылмайып, чын жүрөктөн салам айтуу. Ата-энелер канчалык кылганы маанилүү эмес, эң башкысы алар бир нерсе кылып жатканы маанилүү. Тереза эне мындай деп түшүндүргөн: “Биз бул дүйнөдө чоң нерселерди кыла албайбыз. Биз болгону кичинекей нерселерди чоң сүйүү менен кыла алабыз.”



Төмөндө ата-энелер балдарына болгон сүйүүнү өрчүтө алчу бир нече жолдор келтирилген:

- “Чоң нерселерге” көңүл буруп, “майда нерселерге” көңүл бурбагыла.Боорукердик ыраазычылык билдирүүнү күчөтөт. Силер жашоодогу чоң жөндөмдөр жөнүндө ойлонгондо, мисалы бул китепти окуй алуу жөндөмү, сүйүүнү өрчүтө аласыңар.
- Балдарыңар менен бөлүшкүлө, анткени сүйүү - бул бөлүшүү жана кам көрүү. Балдарыңар менен тамакты, акчаны, калемдерди, барактарды, компьютерди, машиналарды, отургучтарды, китептерди, саякаттарды жана ойлоруңарды бөлүшкүлө.
- Үй-бүлө мүчөлөрүнө аларды жакшы көрөөрүңөрдү айткыла (өзгөчө бир жакка бир нече күнгө кетип жатканда).
- Балдарыңар менен “мен сени жакшы көрөм” деген ыр жазгыла.

Жакшы көрүү сезимин практикалоо маанилүү. Материалдык нерселерди берүү жакшы болгону менен, ал чын жүрөктөн жакшы көрүүгө жетпейт.

ЖАКШЫ КӨРҮҮ – БУЛ БӨЛҮШҮҮ

Баланын жүрөгүндө башкаларга болгон жакшы көрүү жана кам көрүү сезими болушу керек; ал өзүнө каалаган нерселерди башкаларга дагы каалаш керек. Пайгамбар айткан:

Силердин эч киминер озунорго каалаган нерсени, башка бир мусулман тууганынарга кааламайынча, толук момун боло албайсынар.

(АЛ-БУХАРИ)

Сүйүү бул…

Жаркын үмүт-тилектерибизди, туюк коркунучтарыбызды, катуу күлкүбүздү, жумшак көз жашыбызды, таттуу кыялдарыбызды, оор кайгыларыбызды, жогорку максаттарыбызды, артып турган сүйүүбүздү бөлүшүү. Биз канчалык көп бөлүшсөк, ошончолук кам көрөбүз.

Өз көйгөйлөрүбүздү унутуунун эң жакшы жолу – бул башкалардын көйгөйлөрүн чечүүгө жардам берүү. Силер кимдер менен күлгөнүңөрдү унутуп калышыңар мүмкүн, бирок ким менен ыйлаганыңарды эч качан унутпайсыңар.

Жон грейдин китебинен алынган окуя: чыныгы Марс жана Венера

Ден соолугу начарлап бараткан бир таанышым өз баласы менен анын аялынын айынан урушуп кетип, үч жылдан бери сүйлөшө элек экенин жана баласы биринчи чалмайынча ал менен сүйлөшпөөрүн айтты. Мен ага биринчи чалуусун сунуш кылдым, бирок ал "мен анте албайм, ал биринчи кечирим сураш керек" деп болбой койду. Ал жалгыз баласы менен сүйлөшпөй өлүп калууга даяр эле. Жумшак көндүрүүдөн кийин ал өзү биринчи чалууну чечти. Ага таңкалычтуусу, анын баласы анын чалганына ыраазы болуп, кечирим сурады. Бирөө мүмкүнчүлүктү пайдаланып, биринчи болуп кол сунганда баарына жакшы болот.

Жек көрүү – кычкылдык сыяктуу. Ал куюлуп турган идишти дагы, ал куюлган нерсени дагы жок кылат.

Канчалык жакшы көрүү жетиштүү? Ата-энелер балдарына болгон сүйүүсүн көрсөтүү менен сүйүү банкына көп депозит салса болот. Эч бир адам көп депозит алууга каршы эмес.

Ата-энелер канчалык көп сүйүү беришсе, алар ошончолук көп алышат. Бирөөнү сүйүү көзөмөлдөй алчу сапат, бирок сүйүүнү алууну көзөмөлдөй алуу мүмкүн эмес. Ата-энелер балдарынын сүйүү менен жооп берүүсүн күтө алышпайт, анткени сүйүү анын өзүнүн сыйлыгы. Балдар ата-энелери аларды канчалык жакшы көрөөрүн өздөрү ата-эне болмоюнча билишпейт.

Ата-энелер баласы менен урушуп кеткенде, биринчи болуп кол сунушу керек. Көп адамдар талашуу жана түшүнбөстүктөргө таарынып, башка бирөө биринчи болуп кечирим сурашын көгөрүп күтүшөт.

Адамдар жинденип жүрө берсе алар оюнда "болбогон нерселерди" чын эле "чоң маселеге" айлантышат. Алар бактылуулуктан дагы көз караш маанилүүрөөк деп ойлошот. Тынчтыкты сүйгөн, жайдары адамдар бактылуу болуу – туура болууга караганда маанилүүрөөк экенин түшүнүшөт. Адамдар жинденгенин токтотуп, башкаларга биринчи болуп кол сунуулары керек. Башкаларга туура болууга уруксат берүү – өзү туура эмес экенин билдирбейт. Адамдар жинденгенин токтотуп, башкалардын туура болуусуна уруксат бергенде, өздөрүн жеңил сезип, көңүлдөрү тынчый түшөт. Ал эми башкалар мурунку каршылаштарына көп каршы турбай, жакшы мамиле кылып калышат.

Жакшылык менен жамандык тең эмес. Жамандыкты жакшылык менен жойгула: силер душман болуп жүргөн адам силердин жакын досуңарга айланат! (Куран 41:34)

- Балдар үчүн убакытты, аракетти жана акчаны аябай берүү арзырлык нерсе. Ата-энелер балдарын канчалык жакшы көрсө, ошончолук курмандык кылышат жана канчалык көп курмандык кылышса, ошончолук жакшы көрүшөт.

- Ар бир таңда ата-энеле өздөрүнөн сураш керек: бүгүн менин үй-бүлөмдөгүлөрдүн кимисине өзгөчө сүйүү билдирсем? Алар бул нерсени үй-бүлөсүнөн башка адамдарга дагы кылса болот. Ар бир күндү сүйүү менен өткөрүү – таарынычтарды болтурбайт.

Сурамжылоо: канткенде балдарыңар өздөрүн сүйүктүү сезе алат?

Самон (1999) 1 жаштан 16 жашка чейинки 55 балдардын атасынан жана энесинен алардын балдары менен болгон мамилесин сураган. Ар бир учурда, жооп алар менен чогуу бир нерсе көрүү, окуу, тамак жасоо, сүйлөшүү, бөлүшүү жана чогуу болуу болгон. Биргелешкен иш-аракетте балдарыңар менен чогуу убакыт өткөргүлө. Төмөндө ата-энелер балдары менен кыла алчу сүйүүнү күчөтө турган иш-аракеттердин тизмеси берилген:

- Чогуу сейилдөө
- Булуттардагы ар түрдүү формаларды табуу/түнкү асманда жылдыздарды изилдөө
- Үй-бүлөлүк видеолорду көрүү/радио программаларды угуу/ырларды чогуу окуу
- Аларга чачыңарды таратуу
- Алар менен күрөшүү

- Альбомду сүрөттөр менен толтуруу
- Алар менен чогуу азык-түлүк дүкөнүнө барып, кечки тамакка эмне алуу керек жөнүндө алардын дагы оюн угуу
- Чогуу оюндарды ойноо (чиймелөө, мен шпион ж.б.). Алар арзан, айлана-чөйрөгө зыяны жок (электр энергиясынын же кубаттоочу нерселердин кереги жок), акыл-эсти жакшыртуучу, бардык тилде ойносо болот жана телефондун экранына караганда көзгө зыян эмес
- Үй тапшырмаларын алар менен чогуу аткаруу, бирок алар үчүн аткарып коюу эмес
- Куранды, нашиддерди, ыр-музыканы чогуу жаттоо
- Кийимдерди чогуу жууп, бүктөө
- Чогуу сүрөт тартуу
- Кучактоо, өбүү (оозго эмес) жана кол кармашуу
- Музейлерге чогуу баруу
- Дубаларды чогуу айтуу
- Эски кийимдерди чогуу кийүү
- Аларды иштеген жерге алып келүү
- Казан-табактарды чаап ойноо (кошуналардын тынчын албагандай)
- Балдарды ар кандай кинолорго, көрсөтүүлөргө, спортко, матчтарга, раллилерге, парктарга жана пикниктерге алып баруу (токойго, чөлгө, көл жээгине)
- Алар менен үйдө болуп, телефон менен сүйлөшүп, каттарга жооп бербей аларды угуу
- Чоң ата, чоң энелерге жана башка бир туугандардыкына чогуу баруу
- Үйдү чогуу жыйнап, тазалоо
- Печенье, таттуу токочторду чогуу жасоо
- Үй-бүлөлүк фотоальбомду чогуу көрүү
- Алма, апельсин, алмурут жана кулпунайларды чогуу терүү
- Огороддо чогуу иштөө

Ата-энелер жек көрүү сезимин үйрөтүш керекпи? Кээде!

Жакшы көрүүгө көбүрөөк көңүл бурулганы менен, жаман көрүү сезимин дагы унутпаш керек, анткени экөө тең маанилүү. Эгерде адамдар Кудайды, пайгамбарларды, ата-энелерин, бир туугандарын, башка адамдарды, жаныбарларды, өсүмдүктөрдү, айлана-чөйрөнү жана ааламды жакшы көрүшсө, анда алар шайтанды, жамандыкты, жемкорлукту, калп айтууну, алдоону, уурдоону, сексуалдык жактан зомбулук көрсөтүүнү, наркотиктерди, аракты ичүүнү, тамеки чегүүнү, көрө албастыкты, расизмди, бөлүнүп жарылууну жана жинденүүнү жаман көрүшү керек. Бирок, жаман нерселерди жек көрсө деле, актерлорду жек көрбөш керек. Жамандыкты жек көргүлө, бирок жамандык кылгандарды эмес.

Чындыгында шайтан силердин душманыңар: ошон үчүн ага душман катары мамиле кылгыла… (Куран 35:6)

Өзүнө баа берүүнү калыптандыруу

Сүйүктүү болуу жана жөндөмдүү болуу – өзүнө баа берүүнү үйрөнүүдөгү негизги психологиялык талаптар. Өзүнө баа берүү балдарга бактылуу, өзүнө ишенген инсан болуп чоңоюшуна түрткү болот жана ал эмоционалдык ден соолук менен байланыштуу.

Балдар ката кетиргенде, алар бир нерсени чечкендегидей эле колдоого муктаж. Аныгында, каталар жашоонун бир бөлүгү болгондуктан, балдарга аларды жолу болбой калуу эмес, үйрөнүүгө болгон тажрыйба катары саноого үйрөтүү маанилүү. Балдардын көңүлүн сындырууга жол бербегиле; тескерисинче каталарды аларды колдоо үчүн колдонгула. “Кантип ушунчалык мээң жок болушу мүмкүн?” менен “Мен сенин акылдуу жана жөндөмдүү экениңди билем” деп айтуунун ортосунда чоң айырма бар. Колдоп туруу – балага үйрөнүүгө жана келечекте жакшыраак аракет кылууга жардам берет. Алар эң жакшы көрүп, суктанган адамдардан алардын жолу жок экенин угуу – аларды чынында эле жолу жок, эч нерсеге шыгы жок адамдарга айлантат.

“Менин жолум болбой калды, ошондуктан мен эч нерсеге жарабайм”, деген сыяктуу көңүл чөктүрүүчү ойлор балдардын жашоодон ырахат алуусун азайтып, эмоционалдык энергиясын жоготуп, алардын кыйын кезге туш болгондо оңой жол аркылуу чыгуусуна түрткү болот. Өзүн өзү баалабаган балдар максаттарга жетүүгө умтулбай калышат, анткени аларга жетүү мүмкүн эмес деп ойлошот. Узак мөөнөттүү ийгиликке жетүү үчүн өзүнө ишенүү керек. Өзүнө ишенбеген балдардын ачуусу чукул болуп, анын кесепеттерин көп ойлонушпайт. Аларда максаттарга умтулууга өзүнө ишенгендик жетишпейт. Өзүнө баа берүүсү төмөн балдар алкоголдук ичимдик, баңгизаттар, жыныстык жакындык жана зомбулук көрсөтүү аркылуу тез канааттануу жолдоруна жакын болушат.

Балдарга баары жетиштүү экенин айтып, каталарды мүмкүнчүлүк катары көрүү керек экенин үйрөтүү керек. Балдарда кайсынысы жакшы экенин тандоого күчү жетиштүү (достору менен эс алгандан көрө сынакка даярдануу). Аларда үмүт бар жана алар ийгиликке жетем деп оптимисттик көңүлдө болушат. Алар өздөрүнүн аракеттеринин натыйжасын көрүп, өздөрүн жеңиштүү аташат. Ийгиликти коштогон бактылуулук – аларды келечекте андан дагы көп ийгиликтерге жеткириши ыктымал.

Ата-энелердин өзүнө баа берүүсү – алардын баласынын өзүнө баа берүүсүнө таасир берет, анткени балдар ата-энелерин көрүп үйрөнүшөт.

Ата-энелер бир нерсе аларга жаман таасир кылат деп кабатыр болушса, балдар ал нерсе тынчсызданууча нерсе экен деп билишет. Тескерисинче, ата-энелер көйгөйлөрдү чечүүдө жакшы көз карашта болушса, балдардын кыйынчылыктарды чечүүдө өзүнө ишенүүсү жана эрктүүлүгү өсөт.

Ата-энелер балдарынын психологиялык жана эмоционалдык өнүгүүсүнө жакшы көңүл буруулары керек. Мисалы, ата-энелер башка бирөө менен жолугушууга бара албай калса, алардын катасын кечирим суроо оңдойт. Ошол эле ката балдарга карата болсо, анын таасири тереңирээк болот, анткени алар өздөрүн кереги жок жана маанилүү эмес сезип калышы мүмкүн. Алардын жолугушууга болгон эмоционалдык байланышы өтө чоң болушу мүмкүн, ошондуктан алар чыккынчылык кылынган жана оңтойсуз абалда калтырылгандай сезишет. Алардын сезимтал убагында алардын ата-энелеринин иш-аракеттери алардын ишенбестигин жана чынчыл болбой калуусун күчөтүп алышы мүмкүн.

Жакшы көрүү, эрктүүлүк, креативдүүлүк, чынчылдык жана жоопкерчилик сезими өзүнө ишенүү жана баа берүүнү бекемдейт. Бул сапаттардын баары бири- бири менен байланышта болуп, бири- бирин бекемдеп турат. Алардын баары эмоционалдык күч менен психологиялык капиталды көбөйтөт. Өзүнө жакшы баа берүү – балдар көйгөйлөрдү, кыйынчылыктарды жана теңтуштарынын кысымдарына туруштук берүүдө күчтүүрөөк болушат дегенди билдирет.

Баланы “эрке” кылып өстүрбөө үчүн эмне кылуу керек?

Кээ бир ата-энелер балдарынын өзүнө баа берүүсүн калыптандыруу максатында алар эмне кылбасын дайыма мактап, сыйлап турушат. Мындай мамиле балдардын эрке болушуна алып келет.

Балдарды ата-энелеринин, досторунун, мугалимдеринин, кошуналарынын жана башка чочун адамдардын “жок” дегенине көнүүгө үйрөтүү керек. Балдарыңарга көңүл калуу, баш тартуу жана кабыл албоолорго кандай мамиле кылуу керек экенин үйрөткүлө. Балдар атаандашууну жана стрессти кантип колдонууну үйрөнүшү керек.Төмөндө баланы эрке кылып албоо үчүн бир нече кеңештер берилген:

ТАРТИПТИ БУЗБАГЫЛА

Кээ бир ата-энелер балдарын эркелетүүгө жакын болушат. Оюнчуктун, оюндун, акчанын же шоколаддын көптүгү балдарды кичине кезинен эле эрке кылат. Бай үйбүлөлөрдө чоңойгон балдар эгерде аларда бардыгы ашыкча болсо, эрке болуп калышы мүмкүн. Ата-энелер балдарын жашоонун ачуу-таттуусуна даярдоо үчүн аларга керектүүдөн ашыкча бербеши керек.

ЭЧ КАЧАН БАРДЫК ТАЛАПТАРДЫ АТКАРБАГЫЛА

Ата-энелер балдарынын каалоосун аткаруудан канааттанышат. Эгерде баланын ар бир каалоосу аткарыла берсе, ал өзүн-өзү өтө эле сүйгөн адам болуп чоңоюшу мүмкүн. Мындай балдар кээде логикасы жок, таш боор жана көңүлкош болуп калышат. Алар кийин жумушка болгон аңгемелешүүдөн өтпөй калышса, аны кабыл ала албай калышат. Алар башкаларга салыштырмалуу депрессияга кабылууга жакын болушат жана көңүл калууну оңой көтөрө алышпайт.

САЛЫШТЫРУУГА ЖОЛ БЕРБЕГИЛЕ

Ата-энелер баланын өзү ээ болгон нерселерин башкалардыкы менен салыштыруусуна жол бербеши керек. Эгерде балдар оюнчукту кошунасыныкында бар болгону үчүн эле алып берүүнү талап кылып жатса, ал талабы аткарылбаш керек. Мындай балдар кийин өздөрүн башка адамдар менен дайыма салыштырып турган адамга айланышат.

СООРОТУУДАН АЛЫС БОЛГУЛА

Чырдан качуу үчүн кээ бир ата-энелер балдарынын айтканын дайыма аткарууга даяр болушат. Сооротуу кыска мөөнөттүү пайда алып келиши мүмкүн, бирок узак мөөнөттүү зыяндарга алып келет, андан сырткары мындай ата-энелерди балдар сыйлабай калышы мүмкүн. Ата-энелер чынчыл болуп, балдарынын жөнү жок талаптарына “жок” деп айтуулары керек. Силер жашооңорду алардын талаптарына ыңгайлаштыра албайсыңар.

СЕБЕБИ ЖОК ЭЛЕ КӨНӨ БЕРБЕГИЛЕ

Кээ бир ата-энелер балдарынын айткандарына жөн эле көнө беришет. Мисалы көп иштеген эне үйүнө келип, баласынын үй тапшырмасына жардам берүүгө убактысы болбой калат. Бала тамакка чейин балмуздак алып берүүнү талап кылат. Эне макул болот. Бала мындай макул болуунун себеби эмнеде экенин жакшы билет. Ата-энелердин баланын ызы-чуу салганына карабай “жок” деп айтууга эрки болушу керек.

Балдарды ата-энелеринин, досторунун, мугалимдеринин, кошуналарынын жана башка чочун адамдардын “жок” дегенине көнүүгө үйрөтүү керек.

Чырлар: балдарга ыйлоону каражат катары колдонууга жол бербегиле

Чыныгы муктаждыктан келип чыккан ый бар (мисалы ачка болуу, коркуу, ооруу). Бул ата-эненин көңүл буруусун талап кылат. Дагы бир ыйлоо бар, ал чыр салып ыйлоо. Бала кереги жок нерсеге ээ болгусу келип, ошондуктан катуу кыйкырып ыйлап баштайт. Мындай ыйлоого көңүл бурбай коюу керек, болбосо бул ыйлоо ата-эне макул болмоюнча күчөй берет. Бала жөнү жок ыйлоо аркылуу ата-энесин башкарып алууга үйрөнөт. Ызы-чуу салып ыйласа, көңүл бурбагыла. Балага кыйкырбагыла.Өзүңөрдү колго алып, баланын сезимдерин кабыл алгыла. Макул болбогула. Чыр бүткөндө бала жөнү жок эле ыйлоо туура эмес экенин түшүнөт.

Чынчылдыкка жана ишенимдүү болууга үйрөтүү

Чынчылдык жана ишенимдүүлүк – ата-энелер балдарын бекемдеп алууга жардам бере алчу эң негизги сапаттар. Көпчүлүк ата-энелер баласы биринчи жолу калп айтканда тынчсызданышат. Бирок, баланын калп айтуусу анын нормалдуу өсүүсүндө болгон өтүп кетүүчү фаза болуп саналат, ал бир чети инстинктивдүү реакция болсо (жазалоодон коркуу), бир чети үйрөнүлгөн сапат болуп саналат. Көпчүлүк балдарга калп айтуу негизинен тынчсыздануучу нерсе эмес болгону менен, ата-энелер чынчылдыкты үйрөтүүгө умтулушу керек. Калп айтуу баланын көп факторлорго болгон жообу болуп эсептелет, мисалы өзүн өзү коргоо.

Балдар реалдуулукту өздөрүнүн кыялдары, элестетүүлөрү менен алмаштырышат. Ата-энелерге балдарынын кыялдарынын баасын кетирбөө абдан маанилүү. Кыялдануу жана элестетүү адамдардын ким экенин көрсөтүп туруучу негизги элементтер болуп саналат, жадагалса чоңдордун дагы. Башка бирөө болууну же бир жерде болууну элестете алуу көбүнчө стрессти жоюп, эс алдырат. Өтө эле сындай бербегиле. Эгерде балдар ата-энелеринин көзүнчө дайыма актанып туруу керек экенин сезишсе, бул урушуулардан качуу үчүн алардын калп айтуусун көбөйтөт. Курайш бутпарастары Пайгамбарды кичине кезинен эле “Чынчыл жана Ишенимдүү” *(ас-садик аль-амин)* деп аташкан. Ишеним арабдарда көп нерсени билдирет: ишеним, ишенич, жоопкерчилик, кам көрүү жана көзөмөлдүк кылуу.

Чынчылдык жана ишенимдүүлүк – такыба лидердин мүнөзүндөгү эң маанилүү сапаттар болуп эсептелет. Ата-энелер чынчылдык менен ишенимдүүлүк балдарга сиңмейинче үгүт-

төп, практикалап турушу керек. Балдар башка адамдар алардын ата-энелерине ишеним көрсөтүп жана алардын акчалары, кыймылсыз мүлктөрү жана сырлары коопсуз экенин сезишкенде, өзүлөрү ишенимдүү боло алышат. Ишенимдүү ата-энелер коомчулук тарабынан лидер болуп шайлана алышат. Аныгында, Пайгамбар мусулмандарга үйрөткөн сапаттардын бири – ишенимдүүлүк болуп саналат.

Мусулман – бул башкалар алардын тилинен (сүйлөгөндө) жана колунан (кылган иштеринде) өздөрүн коопсуз сезген жана чыныгы ишенген жана Кудай тыюу салган нерселерден алыс болгон адам. (АЛЬ-БУХАРИ)

Ата-эне менен балдардын ортосундагы ишеним – абдан маанилүү. Аны орнотуп, сактап жана өнүктүргүлө. Кээ бир балдарга ишенүү кыйын болсо дагы, ата-энелер аларга ишенип жаткандай түр көрсөтүш керек. Эгерде алар калп айтып жатышса, ата-энелер этият болуп, аларды дароо күнөөлөбөш керек. Урушуу учурунда бала алардан “Сен мага ишенбейсинби?” деп сурашы мүмкүн.

Ата-энелер калп айтуу менен күрөшүүгө натыйжалуу жана ылайыктуу жол тапмайынча, ишенгендей түр көрсөтүшү керек. Балдарга башкаруу жоопкерчиликти талап кыларын, ал эми жоопкерчилик ишенимди талап кыларын үйрөтүү керек. Балдар ата-энеси менен ишеним орнотуу үчүн башкалар ата-энесинин ишенимине кантип татыганын жана кандай жүрүм-турум ишенбестикке алып келерин үйрөнүү керек.

Ишенимге ээ болуу дайыма болуп туруучу процесс. Балдар ата-энелери менен ийгиликтүү мамиле түзсө дагы, кээде ал бузулуп кетиши мүмкүн. Бул ата-энелердин балдарына кайрадан ишенүүсүнө шек жаратат. Бирок, ишенип туруу – маанилүү! Алар чыдамдуу болушу керек.

Ата-энелер балдарына ишенүүлөрү керек, бирок алардын каякта жүргөнүн көзөмөлдөп туруулары зарыл!

Ата-энелер балдары бир жакка кеткенде аларга ишенишсе болот, бирок ошол эле учурда алардын кайсы жакта жүргөнүн билип туруулары керек. Ата-энелер балдарынын каякта, ким менен жүргөнүн билүүлөрү керек. Муну ишенбестик жана байкоо жүргүзүү жок эле кылса болот. Ата-энелер балдарын эртең менен мектепке таштаганда, алар бир күн кечке мектепте болот деп ойлобошу керек. Кээ бир балдар ата-энесине же мугалимдерине айтпай мектептен качып кетишет. Ата-энелер убагы менен аларды текшерип туруулары жакшы (мектеп жазуулары, достору, кошуналары аркылуу). Бир канча балдар күндүз мектептен качып кетип, кылмыштарды кылып, ар кандай балээлерге туш болушкан. Алар баңгизат колдонуп же акча жана баалуу нерселерди уурдабаганына ынануу үчүн алардын бөлмөлөрүн жана кийимдерин убагы менен текшерип туруу маанилүү. Балдарыңарга эмне кылып жатканыңарды жана анын себебин түшүндүргүлө.

Адамдарга, алар мыкты инсан болгондой мамиле кылгыла жана силер аларга мыкты инсан болууга жардам берген болосуңар.

(Иоганн Вольфганг фон Гёте)

Адамдарга ишенгиле жана алар силерге чынчыл болушат; аларга абдан жакшы мамиле кылгыла, ошондо алар эң жакшы адам болуп чыга келишет.

(Ральф Уалдо Эмерсон (Эксли, 1997)

Жалпы принциптер

Төмөндө балдар менен мамиле түзгөндө эске алчу бир нече маанилүү пункттар келтирилген:

ҮЙ-БҮЛӨЛҮК БААЛУУЛУКТАР

Балдар калп айтуу этикага жана адеп-ахлакка туура келбесин түшүнүш керек. Калп айтуунун кесепеттери жаман болушун айткыла. Аларга чынчылдык менен ишенимдүүлүктү сөз жана кылган ишиңер аркылуу үйрөткүлө. Ата-энелер балдары менен алардын калп айтууга болгон ойлорун чогуу талкуулашы керек. Калп айтуунун мисалдарын алардын жашына ылайыктап келтиргиле. Өзүңөрдүн үй-бүлөлүк баалуулуктар тизмеңерге “чындык” саясатын кошкула. Балдар түшүнүп жана сактоо үчүн аларга чындык менен ишенимдин аныктамасын бергиле. Балдарыңарды чынчыл болууга үгүттөгүлө. Өзүңөрдүн каякта жүргөнүңөр жөнүндө калп айтпагыла, дүкөндөрдөн же жумушчулардан уурдабагыла жана жубайыңарды же салык кызматкерин алдабагыла.

ҮЛГҮ БОЛУУ

Ата-энелер өздөрүнөн “мен кандай үлгү көрсөтүп жатам?” деп сурашы керек. Калп айтуудан, өзгөчө балдардын көзүнчө, алыс болуу керек. Ата-энелер эч качан балдарынын жашы тууралуу калп айтпашы керек: “Балдардын билетин берип коюңуз сураныч, бул болгону

11 жашта”. Ата-энелер эч качан балдарынан алардын ордуна калп айтып коюуну суранбашы керек: “Чоң апаңа мени душта деп айтып койчу”. Ата-энелер айткандарына туруу, убагында келүү, эмне айтса, ошону кылуу жана алар аткара алчу гана нерселерди убада кылууга болгон аракетин жумшашы керек. Эгерде жагдай силердин көзөмөлүңөрдөн тыш өзгөрүп кетсе, анда түшүндүрүп берип, бирок башкаларды күнөөлөп же актануудан алыс болгула. Сөздөр менен ойноо аркылуу алдабагыла, бир саясатчы айткандай: “Мен убада бергем, бирок убадаларымды аткарам деп убада берген эмесмин”.

ЗЫЯНСЫЗ КАЛП, ЗЫЯНДУУ КАЛП ЖЕ БАШКА ОЙДОН ЧЫГАРЫЛГАН КАЛПТАРДЫ АЙЫРМАЛООНУ ҮЙРӨТКҮЛӨ

Балдарга атайын зыян алып келүүчү калп менен сылыктыктан айтылган калптын айырмасын түшүндүрүү – абдан маанилүү. Адамдар калп айтууну четке какканы менен, ар бир адам калп айтат. Кошуналарга алар жаман жана ырайы суук экенин айтуунун эмне кереги бар? Же кандай иштеп жатканы жөнүндө сураган почточуга аябай жаман иштеп жатканы жана ага психологиялык жардам керек экенин айтуунун кажети эмне? Кээде биз сыйдан улам калп айтабыз. Балдарды калп айтууну, көбүртүүнү, ойдон чыгарууну, метафораны жана алдоону ажыратууга үйрөткүлө.

ФАНТАЗИЯ МЕНЕН РЕАЛДУУЛУКТУН АЙЫРМАСЫН ҮЙРӨТКҮЛӨ

Реалдуу жана реалдуу эмес нерсенин ортосундагы айырманы аныктагыла. Балдар менен түштөрдү, кинодогу нерселерди жана жашоодогу нерселерди талкуулагыла. Окуялардагы нерселерди жана чыныгы жашоодо болуп жаткан нерселерди сүйлөшкүлө.

ЧЫНЧЫЛДЫК ҮЧҮН СЫЙЛАГЫЛА

Эгерде балага чындыкты айтуу кыйын болуп жатса, ал чынчыл болгон кезде аны дайыма мактап туруу– маанилүү. Балдарга көңүл буруп туруу жагат. Ошондуктан, алар жаман нерсеге кабылып калса дагы, чындыкты айтууга шыктандырылыш керек. Ата-энелер алардын чынчыл болууга болгон аракеттерин мактап, жакшы мисалдарды көрсөтүп, ал эми калп айтууну колдобоосун билдирип туруу керек.

БИР НЕРСЕНИ АЛААРДА СУРАГЫЛА

Ата-энелер үй-бүлөдө башка үй-бүлө мүчөсүнө таандык нерсени аларда сурап алууну эреже кылып коюшса болот. Бул балдарды башкалардын буюмдарын эске алып, ар бир адамдын буюмдарын сыйлоого үйрөтөт. Бул ошондой эле башка бирөөнүкүн уурдап алуу туура эмес экенин үйрөтөт.

КӨЙГӨЙЛӨРДҮН АЛДЫН АЛГЫЛА

Тез канааттануу – олутуу көйгөй болуп калды, көп адамдардын акчалары азайып, ашыкча салмактуу болуп жана кереги жок эле нерселерди сатып алуудан баш тарта алышпай калды. Балдарга каалоолорун жылдырып, туура эмес кылган нерселерин моюнга алуу өзгөчө кыйын. Балдарды каталарын моюнга алууга жана каалоолорун жылдырууга үйрөткүлө.

Балдар уурдоонун жаман кесепеттерин алар бир нерсени уурдаганга чейин билиши керек. Алар менен туура эмес нерселерди алар жасаганга чейин талкуулагыла.

УЛУУ БАЛДАР

Эгерде ата-энелердин дайыма калп айтып, туура эмес жүргөн улуу балдары болсо профессионалдык жардам керек болот. Көп адамдар өспүрүм кезинде өзүнчө болуу үчүн калп айтышат. Өспүрүмдөр өз сырларын ата-энелери менен дайыма эле бөлүшө беришпейт, бул түшүнүктүү нерсе. Бул алар бат өзгөрүп, бойго жетүү маалы менен кез келип, бирок көпчүлүк аларды дагы деле бала катары санаган мезгил болуп саналат. Бул мезгилде сырларын катуу кадимки нерсе. Обочолонууну сыйлоо керек. Бирок өспүрүм дагы ата-энесинин оюн жана үмүттөрүн сыйлаш керек. Калп айтуунун кесепеттери ачык аныкталыш керек. Өспүрүмдөр калпычылыктын кесепеттерин түшүнүүлөрү керек. Эгерде силердин өспүрүм балдарыңар башка калп айткан өспүрүмдөр менен чогуу жүрүшсө, аларды бөлүп, алардын достугуна чекит коюу керек.

Балдарга мамилелердеги ишенимдин маанилүүлүгүн үйрөтүү манилүү. Ошондуктан алар алдамчылык жана көбүртүп - жабыртуу болгон кырдаалдарда (мисалы кумар оюндары, алдамчылык, тармактык маркетинг жана жогорку кысым аркылуу соода жүргүзүү) болбошу керек, бирок алар кырдаалга жоопкерчиликтүү экенин билмейинче аларды күнөөлөбөш керек. Балдар чындыкты айтуудан коркпош үчүн калпычылык тууралуу талкуулоолор алар менен жеке сүйлөшүү аркылуу өтүшү керек.

Кулк мүнөздү дүйнөгө болгон жалпы көз караш менен айкалыштыруу

Эй момундар! Силер эмнеге өзүңөр кылбаган нерсени айтасыңар? Аллахтын алдында өзүңөр кылбаган нерсени айтканыңар өтө жек көрөрлүк! (Куран 61:2-3)

Чынчылдык, ишенимдүүлүк жана убадага туруунун аныктамаларын үйүнөрдө көрсөткүлө.

Чынчылдык жана ишенимдүүлүк сыяктуу жакшы сапаттарды ар кандай темаларга сүйлөшүүдө кошкула (саясат, дин, тарых, илим, адабият, тил жана математика сыяктуу). Мисалы, банк кассиринин уурдоону жашыруу үчүн болгон математикалык жөндөмдүүлүгүнүн этика менен байланышы барбы?

Илимпоздордун ачылыштарынын адамзатынын пайдасына колдонууда этикалык милдети барбы?

Тарыхта айтылган бардык адамдар этикага жооп беришкенби? Драмалык чыгармалардагы бардык каармандар чынчыл, таза болушканбы? Калп айтуу – олуттуу көйгөй, ага көңүл бурбай койбой, дароо акылдуулук менен чечүү керек. Калп айтуу – ушунчалык зыяндуу болгондуктан, Пайгамбар ал жөнүндө мындай деп айткан:

Пайгамбардан: “Момундарга калп айтса болобу?” - деп сурашты. Ал: “Момун эч качан калп айтпашы керек”, - деп жооп берди.

(КАНЗ АЛЬ-УММАЛЬ)

Дүйнөдөгү айтылып жаткан чындыктардын дээрлик бардыгы балдар тарабынан айтылат.

(Оливер Вендел Холмз, 1994)

Тогуз жаштагы бала мындай деди: *«Апаңдын көзүнө карап туруп калп айтуу кыйын».*

Ымыркайлар чынчыл болуп төрөлүшөт, бирок алар калп айтууну аңдап же аңдабай эле ата-энесинин, бир туугандарынын жана башкалардын жүрүм-турумунан үйрөнүшөт. Калп айтуу – укумдан-тукумга өтүүчү эмес, үйрөнүлгөн нерсе. Убакыттын өтүшү менен балдар калп айтууну үйрөнүшүп, кийин ал алардын мүнөзүнүн бөлүгү болуп калат. Өспүрүмдөр көбүнчө каталарын актоо үчүн, сырларын жашыруу үчүн жана уят кылуучу кырдаалдардан качуу үчүн калп айтышат. Балдар канчалык көп калп айтышса, калп айтуу

алардын мүнөзүндө ошончолук бекем-деп калат. Пайгамбардын айтканында түшүндүрүлгөндөй калп айтуунун артынан калп айтуу келет, чынчылдыктын артынан чынчылдык келет:

Чындык жакшылыкка алып келет жана жакшылык бейишке жетелейт. Адам чынчыл болуп турганга чейин чындыкты айтат. Калп айтуу бузукулукка алып келет жана бузукулук тозоктун отуна жетелейт. Адам калпычы деп жазылмайынча калп айта берет .

(Аль-Бухари жана Муслим)

Балдар эмне үчүн калп айтышат: калп айтууну кантип токтотуу керек

Мында балдардын калп айтуусунун болжолдуу себептери берилген:

- Алар жазалоодон качышат;
- Алар башкаларга таандык болгон нерселерди өзүнүкү деп айтышат;
- Алар өздөрүн көңүл бурулбаган, таштaлган жана каралбагандай сезишет;
- Алар теңтуштарынын алдында мыкты адам катары болуп мактангылары келишет;
- Эгер алар кандайдыр бир жаман иш жасаса, аны моюнга алгылары келбегени үчүн;
- Алар ата-энеси калп айткан үчүн алар дагы калп айта алышат деп ойлошу мүмкүн.

Балдардын калп айтуусунун эң башкы себеби бул жазалоодон качуу. Ылайыктуу учур келгенде ата-энелер балдарына алардын туура эмес кылгандарын моюнуна алып, кечирим суроого үйрөтүш керек. Эгерде алардын балдары дүкөндөн бир нерсени акча төлөбөй эле алып алса, ата-энелер балдарынан аны кайтарып берип, дүкөнчүдөн кечирим суроосун талап кылышы керек.

Эгерде балдардын калп айтуусу кайталана берсе, ата-энелер себептерди изилдеп көрүшү керек. Балдарга көбүнчө ар кандай иш-аракеттер жүктөлүп, алар жетишпей калышат жана аны аткарууга болгон кысым өтө жогору болот. Алар кысымды көтөрө албагандыктан калп айтышы мүмкүн. Кээ бир балдар зериккенде же толук көңүл бурулбаганда калп айтышы мүмкүн. Ар кандай ойдон чыгарылган окуялар же жалгандарды айтуу аркылуу көңүл бурдуруу үчүн ушундай кыла бериши мүмкүн.

Балдардын качан жана кайсы жерде калп айтып жатканын байкоо – көйгөйдүн олуттуулугун аныктоого жардам бериши мүмкүн. Мүмкүн балдар ойноп жатканда гана калп айтышат же мүмкүн алар тентектик кылганда, же достору менен жүргөндө көңүл борборунда болуу үчүн калп айтып жатышат. Бул жагдайлардын ар бири ар кандай жоопторду талап кылат.

Калп айтууну башынан эле, биринчи жолу калп айтканда токтотуу керек. Калп айтуу менен чоңойгон адамдын жашоосу татаал болуп калат. Балдарга калпычылык таптакыр туура эместигин үйрөтүү керек. Эгерде бала туура эмес нерсе кылып, бирок чындыкты айтса, аны жазалабагыла. Бирок, балдар кылган нерселерине жооп бериши керек. Мисалы, алар башка баланы уруп койсо, аларды ошол баланын ата-энесине алып барып, алардан кечирим суратуу керек; эгерде алар мектептеги тест учурунда алдаса, алар дароо четтетилиши керек. Бирок, эгерде алар чындыкты айтышса, түз жазалоо болбош керек. Чындыкты айтуу үчүн берилген бир сыйлык – бул ата-энелердин урушпай, жайбаракат кабыл алуусу болуп саналат. Алар бул маселеге акылдуулук менен мамиле кылуу-

- “Калптын арканы кыска”.
- Калп айтуу адамдардын силерге болгон ишеничин азайтып, аларга карата чыккынчылык кылынгандай же алдангандай сезишет.
- Чындыкты айтсаңар, адашпайсыңар; эмне деп айтканыңарды эстөөнүн кажети жок болот жана эмне деп айтканыңарды унутпайсыңар.
- Чынчылдык чоңураак ийгиликке жетелеген күчтү жаратат. Ал эми калп айтсаңар, силерди жаман жакка жетелеген күчтөр пайда болот.

Бул эки маанилүү максатка жеткирет. Биринчиси, ата-эне менен баланын ортосундагы сүйлөшүү линиясы ачык болот. Алар чынчыл болушканы үчүн сыйлыкка ээ болушат, анткени калп айтуу көбүнчө жазалоодон корккондон келип чыгат.

Экинчиси, ата-энелер менен балдардын ортосунда орногон жакшы мамиледен (сүйлөшүү, ишеним жана жакшы көрүү менен) балдар ата-энелеринин көңүлүн калтырууга жол бербөөгө аракет кылышат. Алардын бири-бирине болгон жакшы көрүүсү балдардын жүрүм-турумуна “түздөө” жана “кармоо” натыйжасын берет. Ата-энелер “чындыкты айткан үчүн жазалабоо” эрежеси – балдардын акылга сыйбаган жүрүм-турумуна алып келет деп коркпошу керек. Бири-бирине болгон жакшы көрүү сезими көзөмөл менен камсыз кылынат.

Төмөндөгү калп айтууну айыктыруу жолу Мухаммад Жад Аль-Мавланын *аль–Хулук аль-Камиль* (Толук мүнөз) аттуу китебинде берилген (араб тилинде 2004):

- Эгерде бала көп сүйлөгөндүктөн калп айтса, аны унчукпоого үйрөткүлө;
- Эгерде бала аеосуз жазалоодон коркуп калп айтып жатса, ага мээримдүү жана боорукер болгула;
- Эгерде ал ач көздүктөн же бир нерсени алууга аракет кылып, калп айтып жатса, ал каалаган нерсени алууда анын жолун тоспогула;

- Эгерде ал башкаларды алдап же шылдыңдап калп айтып жатса, анда аны жазалагыла;
- Эгерде ал жаман досторунун таасиринен улам калп айтып жатса, анда ага жакшы досторду таап бергиле;
- Ал калп айтуу аркылуу жеткиси келген нерсенин карама-каршысына туш келтиргиле.

Өспүрүмдөргө калп айтуу уят экенин жана ал жакшылыкка, адилеттүүлүккө, калыстыкка жана сыйга каршы турарын үйрөтүү керек. Ибн Хальдум бизге мындай кеңеш берет: Калпычыга калптын жаман жактарын жана ал адамдардын туура жүрүм-турумуна кандайча каршы турары тууралуу айтып, үйрөткүлө. Адамдар чынчылдыкты, адилеттүүлүктү, такыбалыкты жана чындыкты жакшы көрүшөт.

Билим берүүдө зордукту колдонуу – окуучуларга зыян, өзгөчө балдарга. Бала баш ийдирүү жана запкы көрсөтүү болгон атмосферада тарбияланса, ал стресске жана депрессияга кабылат (жалкоолукка алып келип, калп айтууга жана туура эмес иштерди кылууга түрткү болот).

(*аль-Мукадима,* 32-бөлүм, 1992)

Балдардын жашоосун боорукердик жана камкордук менен толтургула. Башка адамдар силердин калп айтканыңарды билери менен алар силерге болгон ишенимин жоготуп, силерди жактырбай калат.

Ата-энелер балдарына кандай гана жагдай болбосун чындыкты гана айтууну эскертишкенде, алардын чынчыл жана адилеттүү адам катары кабыл алынышы үчүн, өздөрү чындыкты гана сүйлөшү керек. Ишеничтүү жана чынчыл адамдар башкалардын сыйына жана ишенимине татыйт.

Калп айтууну токтотуудагы-Пайгамбардын жолу

1. Жаш жигит Пайгамбарга келип мындай деди: “О Аллахтын элчиси, мен намаз окубайм, зына кылам жана калп айтам. Мен кайсынысы үчүн кечирим сурашым керек?” Пайгамбар айтты: “Калп айтканың үчүн”. Ошентип ал адам калп айтпоого убада берди. Ал кеткенден кийин зына кылууга аракет кылды, бирок өзүнө айтты: “Пайгамбар менден күнөө кылдыңбы деп сурашы мүмкүн. Эгерде мен жок деп жооп берсем, калп айткан болом, ал эми ооба деп жооп берсем, күнөөм үчүн жазага тартылам”.

(ТИРМИЗИЙ, 1991)

Балдарга бул окуяларды айтып бергиле:

Багдаддын шейхи Абд аль-Кадир аль-Жайлани баяндайт: “Мен энеме дайыма чындыкты айтууну убада бергем. Меккеден Багдадка билим алуу үчүн жөнөдүм. Энем мага жолго деп 40 динар берди. Хамдандын жанынан уурулардын тобу биздин караванга чабуул жасашты. Бир ууру менден “канча акчаң бар?” деп сурады. Мен “40 динар” дедим. Ал мени жайыма койду, анткени мени тамашалап жатат деп ойлоду. Андан кийин экинчи ууру дагы сурады, мен 40 динар деп жооп бердим. Ал мени башчысына алып барды, ал менден “эмне үчүн чын айтып жатасың?” деп сурады. Мен энеме ар дайым чындыкты айтууга убада бергенимди, ал убадамдан кайткым келбегенин айттым. Башчы коркуп кетти.

Ал дүрбөлөңгө түшүп, кыйкырды: “Сен энеңдин алдында убадаңды бузуудан коркуп жатасың, а мен болсо Кудайдын алдында убадамды бузуудан корккон жокмун?!” Ал тобуна биздин буюмдарыбызды кайтарып берүүнү буйруду жана мындай деди: “Мен Аллахтан өкүнүп, кечирим сурайм”. Анын жактоочулары ага “сиз биздин уурулук боюнча башчыбыз элеңиз, бүгүн болсо өкүнүп, тообо келтирүү боюнча башчыбыз болдуңуз. Алардын баары чындыкты айтуунун натыйжасында кечирим сурап башташты”.

Ата-энелер: Бул чындыгына карабай пайдалуу окуя. Бул окуянын балдарга болгон насыяты – бул чынчылдык силерди жана башкаларды сактап кала алат дегендик.

Эң чоң күнөө болгон калп айтуудан алыс болсоңор, силер башка күнөө жана жамандык кылуудан дагы алыс болосуңар.

2. Майда нерселер болсо дагы чындыкты айтуу – олуттуу маселе. Пайгамбар төмөндөгүдөй багыт берет: Кимдир бирөө баланы чакырып, анын жабык колундагыны (момпосуйду) ал деп айтып, бирок ага эч нерсе бербесе, бул калп айтуу болуп саналат.

(Ахмад)

Адамдардын эң жаманы бул эки жүздүү адамдар: алар кээ бир адамдарга бир жүзүн, кээ бирлерине экинчи жүзүн көрсөтөт.

(Аль-Бухари)

Жакшы көрүү жана эрктүүлүккө кошумча чынчылдык менен ишенимдүүлүк – ата-энелерин ыраазы кылган балдардын мүнөзүндө байкалган сапаттар болуп саналат.

Кайраттуулукка тарбиялоо

Кайраттуулук баланын мүнөзүнүн өнүгүүсүндөгү эң маанилүү сапат болуп саналат. Кайраттуулук – бул бардык коркунучтуу, кыйын же азаптуу нерселер менен кез келгенде түз карап, аларды чечүүгө бел байлоо (алардан качкандын ордуна). Тайманбас же кайраттуу болуу сапаты ар түрдүү элементтерди камтыйт: эрдик, чыдамдуулук, бекемдик, кайраттуулук жана баатырдык.

Жаш балдарды кайраттуулукка шыктандыруу керек. Биз кайраттуулук сыяктуу сапаттарды балдарда болгон үмүттү жакшыртуу, ийгиликке жетүүнү күтүү жана кыялдарын кубаттоо аркылуу үйрөтө алабыз. Биз балдарга ар кандай кырдаалдарда дүрбөлөңгө түшпөй, шашпай көзөмөлдөөнү үйрөтө алабыз. Ата-энелер балдарын баатырдыкка башкаларга кам көрүү, башкаларды сактап калуу жана аларга сый көрсөтүү аркылуу үйрөтө алышат.

Төмөндө кайраттуулуктун жүрүм-турумдук аныктамалары берилген:

1. Чындык үчүн бекем туруу, жалгыз болсо дагы;
2. Теңтуштардын жаман кысымдарына көңүл бурбоо;
3. Бир нерсени болбой калат же ката кетирем деп корксоңор дагы аракет кылып көрүү;
4. Кээ бир адамдар колдобосо дагы өзүңөрдүн оюңарды айтуу.

Балдардагы кайраттуулукту талап кылган кээ бир негизги кырдаалдар төмөнкүлөр:

1. Натыйжасы жагымсыз окуяга туш болсо дагы чындыкты айтуу;
2. Ээн баштар менен кез келүү;
3. Теңтуштарынын кысымына дуушар болуу;
4. Мектепке бара баштоо;
5. Сырткы көрүнүш боюнча башкалардан айырмаланып туруу (мусулман кыздарга жоолук салынуу же мусулман балдарга куфи кийүү);
6. Мурунку жетишкендиктерден дагы чоңураак жетишкендиктерге жетүү;
7. Элдердикинен башкача ойлорду билдирүү.

Бирок, кайраттуулук одонолук болуп калган учурлар дагы болот, мисалы ата-энесине, мугалимдерге, эрежелерге же мыйзамдарга баш ийбөө. Кызуу кандуулук жана акылсыздык менен маданиятка жана динге каршы чыгуу дагы жактырылбайт. Динди ар кандай өлкөлөрдүн ар түрдүү маданияты менен аралаштырбоо – абдан маанилүү, анткени кээ бир маданияттар Ислам мыйзамына таптакыр туура келбейт. Мисалы, зордоп үйлөнтүү же турмушка берүү, атага анын жүрүм-турумун эске албай эле балдарга кам көрүүгө укук берүү, балдарга билим берүүдөн баш тартуу (өзгөчө кыздарга) жана аялдарга алар ээ болгон мурасты берүүдөн баш тартуу – Ислам мыйзамынын бузулушу болуп эсептелет. Аялдарды жана кыздарды бөлүү, ал эми эркектерге жана эркек балдарга каякка болбосун, качан болбосун жана ким менен болбосун жүрүүгө уруксат берүү жана аялдар менен кыздарды кичинекей эле шек болсо жазалоо дагы – Исламда тыюу салынган. Бул практикалардын көпчүлүгү “дин” деп туура эмес колдонулуп келген. Ошондой эле ата-энелерге балдарын калп айтууга жана туура эмес жүрүүгө мажбурлоо туура эмес.

Кайраттуулук жөнүндө билдирүүлөр

Пайгамбар мындай деп айткан:

“Азап тарткандардын башкаруучусу Хамза ибн Абд аль-Мутталиб (Пайгамбардын таякеси) жана тиран башкаруучуга каршы чыккан адам чындыкты айтты жана башкаруучу аны өлтүрүп салды”. (Аль-Нисабури 1990) Хамза Исламды кабыл алганда ал бутпарастарды кыйнады, Пайгамбарга зыян келтирүү үчүн. Ал “Азап чеккендердин башчысы” деген наамга согуш учурунда артынан куулук менен өлтүрүлгөндө ээ болду. Ал абдан эр жүрөк киши болчу.

- “Кайраттуулук жакшы сапаттардын эң башкысы болуп саналат, анткени эгерде, силерде кайраттуулук жок болсо, көп мүмкүнчүлүктөрдү колдоно албай каласыңар”. Семюэл Жексон
- Томас Жефферсон мындай деген: “Бир кайраттуу киши көп кишиге тете”.
- Жаңы континенттерди өз жериңерден чыкмайынча изилдей албайсыңар.
- Жакшы адамдар кайраттуу нерселерди кылмайынча, жамандык көбөйө берет.

Кайраттуулук менен коркуунун негизги принциптери

Кайраттуулуктун карама-каршысы – адамдардын негизги импульстарынын бири болгон коркуу сезими. Коркуу – кабыл алынган реакция же болбосо инстинктивдүү коргоочу реакция болушу мүмкүн. Ата-энелер балдардын өзгөрүп турган дагы, дайымкы дагы коркуу сезимин байкап турушу керек. Өзгөрүп туруучу коркуу келип, кетип турат (ал бир канча мезгилге чейин болуп, андан кийин жоголуп кетет). Бул нормалдуу болуп эсептелет. Ал эми дайымкы коркунуч – калып калат же жадагалса күчөп кетиши ыктымал. Балдардын учуудан, бийиктиктен, иттерден, жөргөмүштөрдөн жана эл көп жерлерден дайыма коркуп туруусу нормалдуу эмес. Дайымкы коркунучту жеңүү үчүн чыдамдуулук керектелет жана алтургай профессионалдуу дарылоо керек болушу мүмкүн. Туура же кадимки коркунуч күнүмдүк жашоонун бөлүгү болуп саналат, анткени алар балдарга жана чоңдорго коркунучка бат реакция кылышына жардам берет. Кээ бир туура коркунучтар уулуу жыландардан, ачык оттон жана туз кислотасын туура эмес колдонуудан коркуу болуп эсептелет. Ал эми коркунуч адамдардын күнүмдүк иштерин кылууга тоскоол болгондо терс жана зыяндуу болуп эсептелет.

Төмөндө балдарга коркуу сезимин жеңүүгө жардам берүү үчүн бир нече сунуштар берилген:

- Ата-энелер балдарынын аракеттерин мактоо керек. Бала аракет кылганда, анын канчалык ийгиликтүү болгонуна карабай мактоого татыктуу болот. Моралдык кайраттуулукту мактоо – өзгөчө маанилүү, мисалы туура эмес нерселерди жасап жаткандарга кошулбоо же чындыкты айтуу.

- Кайраттуулукка шыктандыруучу негизги нерсе – ата-эненин үлгүсү. Ата-энелер кайраттуулукту көрсөтүшсө, балдар аларды туурайт. Балдар абдан берилген тууроочулар болушат, анткени алар чоң адамдардай болгулары келишет, өзгөчө ата-энелериндей. Көбүнчө балдардын коркунучтары ата-энелериникиндей болот.

- Ата-энелер кайраттуулук менен (мактаарлык сапат) “текеберлик” же “дарданоонун” айырмасын жакшы түшүндүрүп бериши керек. Ата-энелер ошондой эле кайраттуулуктун жоктугу, уяңдык жана сыйлоонун айырмасын жакшы билүүлөрү керек. Балдарга өз укуктарын коргоону жана башкалардыкын сыйлоону үйрөтүү абзел. Ата-энелер “тымызын кайраттуулукту”, туура эмес нерседен баш тартууну түшүндүрүп беришсе болот.

- Ата-энелер үйдө сый жана бири биринин сөзүн угууга болгон атмосфераны түзүүлөрү керек. Балдарга өз коркунучтарын ачык айтуу үчүн коопсуз жер керек. Чоңдорго канчалык жөнү жок болгону менен, балдарга ар бир коркунуч реалдуу болуп саналат. Ата-энелер балдарынын коркунучтарын шылдыңдап же көңүл бурбай коюудан алыс болушу керек. Коркок баланы шылдыңдап, жазалап же өтө эле коргоштун кереги жок.

- Ырааттуу жана болжолдуу күнүмдүк күн тартиби – балдарды көзөмөлдөө жана күчтүү болуу сезими менен камсыз кылат. Балдардын коркуу сезими көбүнчө алардын жашоосунда эмне болуп жатканы жөнүндө маалыматты билбегенинен келип чыгат. Күн тартибинде өзгөрүүлөр керек болгондо, бала менен алдын ала талкуулоо аны ошол өзгөрүүлөргө даярдайт. Экскурсиялар, үйгө келген адамдар же өрт сигналы балдарды чочутушу мүмкүн, анткени алар эмне болуп кетээрин билишпейт. Алардан эмне болору тууралуу сурап, андан кийин окуя бүткөндө, аларды ошол окуя жөнүндө талкуулоого кошуп, алардын кандай сезимде болгонун сураш керек. Алардын сезимдери тууралуу сүйлөшүүдө “коркуу”, “коркунуч”, “кооптонуу” сыяктуу сөздөрдү колдонсо болот.

- Балдар даяр болгончо, алар корккон нерсе менен кез келтирбегиле. Алар даяр болгондо, алар корккон нерсе менен күрөшүүгө акырындан көндүрүү керек. Мисалы, эгерде бала чаң соргучтун үнүнөн корксо, ал өчүк кезде аны кармап көрсө болот же ата-эне баланы колуна алып, сооротуп турганда башка адам чаң соргучту иштетсе болот. Сууда сүзүү учурунда балдарга башын сууга качан киргизүүнү чечүүгө уруксат берүү – аларды көзөмөл

сезими менен камсыз кылып, анча коркпошуна түрткү болот.

- Балдарыңардын маанайы жок болсо же бир нерсеге капа болуп жатса, өтө эле тынчсыздана бербегиле. Силер кокусунан алардын коркунучун күчөтүп алышыңар мүмкүн, анткени алар коркууга чын эле себеп бар экен деп ойлоп калышат. Балдарга маалыматты алардын жашына карап жай жана ишендирүүчү тон менен берүү керек. Мисалы ата же эне минтип айтса болот: “Аябай катуу үн чыгып жатат ээ? Ал тез жардам машинасы; ал бирөөгө жардам берүү үчүн бара жатса керек”.

- Балдарга алар коркпой калган нерселер тууралуу акырын, жумшак тон менен эскертип туруу керек. Бул аларга башка коркунучтарды дагы жеңүүгө жардам берет.
- Балдарга коркунучту түшүнүүсүнө жардам бергиле. Мисалы “фейерверк же чагылган сыяктуу катуу чыккан үндөр коркунучтуу болушу мүмкүн”, “иттер үрүшөт, алар ушундай жол менен сүйлөшөт, кээде алар бирөөнү көрүп сүйүнгөндө катуу үрүшөт” деген сыяктуу. Баланын коркуу сезими бир күндө эле кетип калат деп ойлобогула; чыдамдуу болгула.

Балдар аларга айтылган нерселерди түз кабыл алышат, мисалы “сен азыр өзүңдүн ордуңа отурбасаң, полиция кызматкери сени алып кетип калат” же чочун адамдын “сен абдан татынакай экенсиң, мен сени үйүмө алып кетем” деп айтышы. Өлүмдү уйку катары сүрөттөбөш керек, анткени балдар уктагандан коркуп калышы мүмкүн. Ошондой эле эгерде алар коркуу сезимин жеңишсе, алар чоң кыз же чоң бала болуп калат деп айтпаш керек. Бул балага абдан эле чоң кысым болуп саналат.

Балада пайда болгон коркунучтарды түшүнүү

ЖАШ	ЭРТЕ БАЛАЛЫК КЕЗДЕГИ ЭҢ НЕГИЗГИ КОРКУНУЧТАР
6 ай	Чочун адамдар
8 ай	Ата-энеден бөлүнүү, кулоо
1 жаш	Ата-энеден бөлүнүү, катуу чыккан үндөр, жаныбарлар, доктурлар, сууга түшүү
2 жаш	Ата-энеден бөлүнүү, даарат канага барууну үйрөнүү, уктоо маалы, доктурлар, сууга түшүү
3 жаш	Ата-энени жоготуу, даарат канага барууну үйрөнүү, уктоо убагы, желмогуздар жана элестер, үй-бүлө мүчөлөрүнөн башкача адамдар (майыптыгы, сакалы бар адамдар, териси башка түстөгү же башкача кийим кийген адамдар)
4 жаш	Катуу үндөр, жаныбарлар, уктоо маалы, желмогуздар жана элестер, үй-бүлө мүчөлөрүнөн башкача адамдар, ата-энени жоготуу, ата-эненин өлүмү, ата-эненин ажырашуусу
5 жаш	Катуу үндөр, жаныбарлар, желмогуздар жана элестер, адашып кетүү, бала бакчага баруу, бир жерин оорутуп алуу, ата-энени жоготуп алуу, алардын өлүмү же ажырашып кетүүсү

Жаш балдардын кайсы бир учурда чагылган, иттер, аарылар, караңгылык же керебеттин астындагы түрү суук желмогуздар сыяктуу нерелерден коркуусу – нормалдуу нерсе. Коркунуч үч жана алты жаш аралыгында өзгөчө көп болушу мүмкүн, анткени ушул мезгилде баланын коркунучтуу нерселерди ойлоо жана элестетүү жөндөмдүүлүгү көбөйөт. Кээ бир балдар табиятынан башка балдарга салыштырмалуу коркогураак болушат. Ата-энелер коркуп жаткан балдарын соороткондо, алар балдарга өзүн коопсуз сезүүсүнө жардам берген болушат. Бул коопсуздук сезими аларга коркунучтарына түз карап, аларды жеңүүсүнө керек болгон кайраттуулукту берет.

Ымыркайлар катуу чыккан үндөрдөн, чочун адамдардан жана ата- энесинен бөлүнүүдөн коркушат. Жаңы басып келе жаткан балдар чочун адамдардан, ата-энесинен ажыроодон жана белгисиз нерселерден коркушат. Элестетүүлөрү өсө баштаганда мектепке чейинки жана мектеп жашындагы балдар караңгылыктан, бир жерин оорутуп алуудан, жаныбарлардан, жалгыз калуудан жана өлүмдөн коркушат. Бул коркунучтарга кошумча, чоңураак класстагы балдар ата-энесинин жана мугалимдердин үмүтүн актай албай калууга тынчсызданышат. Өспүрүм куракта, балдар көбүнчө өзөктүк согуштарга, табигый кырсыктар жана террорчулук жөнүндө көп тынчсызданышат.

Балдар мүмкүн болбогон нерселерден коркушу мүмкүн. Мисалы, балдар баса баштап жана энесинен өзүнчө болууну түшүнө баштаган кезде, алар энелери дагы аларды таштап кетет деп ойлошот же суу канализацияга (же даарат канада) кеткенде аларды дагы агызып кетет деп коркушат. Баланы курчап турган нер-

селер, мисалы чочун жерлер, көп элдер жана түнкү жарык бергичтин көлөкөсү алардын коркуу сезимин күчөтүшү мүмкүн. Балдардын коркуу сезими ашыкча болуп, алардын жашоосуна терс таасирин тийгизе баштаса, ата-энелер профессионалдуу жардам издеп башташы керек.

Бул чечимге келгенде ата-энелер өздөрүнө кийинки суроолорду бериши керек: Коркунучтар канчага чейин созулду? Коркунучтар балага зыянын тийгизип жатабы? Коркунучтар нормалдуу жүрүм-турумга же мамилелерге жолтоо болуп жатабы? Коркунучтар баланын ойногонуна же уктаганына тоскоол болуп жатабы?

Балдар эмоционалдык дагы, физикалык дагы кайраттуулукка үйрөнүүлөрү керек

Эмоционалдык эрктүүлүк – бул бир нерсени айтуудан, жазуудан же кылуудан коркпоо (мисалы ыйлоо). Эмоционалдык эрктүүлүк – чыныгы эрктүүлүк жана ал жашоодогу күчтүүлүктүн булагы болуп саналат. Белгилүү кинолор балдардын кайраттуулуктун бир эле түрүнө ээ болуусуна үндөйт: физикалык жактан күчтүүрөөк каршылашы менен кармашуу. Душман менен согушууга даяр болуу, чоң жаныбардан куулук менен кутулуп кетүү, башка планетадан келген желмогузду жеңүү жана карасанатайды курал менен атып өлтүрүү, мунун баары массалык маалымат каражаттарынын эркектердин кайраттуулугун жана эр жүрөктүүлүгүн сүрөтөө жолдору болуп саналат. Эркек балдарга эмоционалдык эрктүүлүктүн үлгүсү керек. Алар кайраттуулукту өз үйүндө жана аларды курчап турган адамдардын жашоосунан көрүшү керек. Коом дененин күчтүүлүгүнөн сырткары болгон баатырдыктын үлгүлөрүн бериши керек. Көп чоң адамдар жумушунда же жеке жашоолорунда эмоционалдык эрктүүлүктү көрсөткөнү менен, алар өз балдарына жеке эрктүүлүк кылган учурларын көрсөтө беришпейт. Адамдар бул тууралуу сүйлөшүш керек. Ата-энелер элдин алдына чыгып сүйлөөгө, эч нерсеге карабай активдүү болууга, жаңы тилди үйрөнүүгө же жардам кылууга эрки жеткен адамдардын эмоционалдык эрктүүлүгүн мактап турушу керек. Эмоционалдык эрктүүлүктүн кандай болорун көрсөтүп бергенде балдарга жакшы таасирин берет.

Моралдык кайраттуулуктун дагы бир ченеми болуп – ачуусу келгенде эмоцияларын жана тилин башкара алуу болуп саналат. Бул Пайгамбар түшүндүрүп бергендей, физикалык күчкө карама-каршы турат: *Күчтүү адам – бул жакшы күрөшкөн балбан эмес, ачуусу келгенде өзүн колуна алган адам.*

(АЛЬ-БУХАРИ)

Эрктүүлүк менен баш ийүүнүн ортосунда

Көп адамдар, бала чагында алардын коркунучка болгон реакциясы коркутуу жана уяткаруу тактикаларын колдонгон ата-энелери жана мугалимдери тарабынан кандайча пайда болгонун сүрөттөшкөн. Балдар баш ийүү керек "же болбосо!" деп тарбияланышкан жана алар башкалар айткан нерсеге баш ийүү үчүн көпчүлүктүн алдында шылдыңдалып, коркутулуп жана уяткарылышкан. Балдар унчукпай чоңдордун каалаган нерселерине баш ийүүгө мажбур болушкан. Аларга мындай деп айтышкан: "Балдарды көрүш керек, бирок укпаш керек!", же "Жаагыңды бас, болбосо ыйлап каласың!" Мындай нерселер коркунучту пайда кылып, кайраттуулукту жоготот.

Коркок жана өзүнө ишенбеген балдар "коопсуздукту" ылайыксыз жумуштарда же өнөктөштүктөрдө калуу аркылуу издешет. Ийгиликтүү боло албай калам деген коркунуч болгондуктан, алар ылайыктуураак жумуш таба алышпайт. Алар кабыл алынбай калуудан коркушат. Алар күнөөлүү болуу, уят болуу жана ылдый турууну билдиришет. Алар өздөрүнө ишенишпейт, жакшы шарттарга татыксызмын деп ойлошот жана эркиндикке умтулушпайт. Эркин болуу үчүн эрктүүлүк керек. Бул адамдар бала кезинен эле өз алдынча боло албасын жана башкалардын жардамы керек экенин угуп чоңоюшкан. Алар бир нерсени жаратууну үйрөнбөй, тескерисинче баш ийүүгө үйрөнүшкөн.

Ата-эне: эрктүүлүк жана маданий практикалар

Кайраттуулук – лидер болууда абдан маанилүү. Баладагы кайраттуулукту өрчүтүү кичине кезден башталат. Бул биз ойлогондон жеңилирээк болушу мүмкүн, анткени, изилдөө ымыркайлар эрктүү болуп төрөлөөрүн, алар айланасындагылардан коркпоорун жана адатта алардын аң-сезимине коркунучту орноткон бул ата-энелери экенин көрсөтөт. Алар балдарын жаныбарлардан, караңгылыктан, бийиктиктен, элестерден, желмогуздардан, жыландардан, иттерден жана суудан коркууга мажбур кылышат. Балдарды тарбиялоо жолу алардын канчалык кайраттуу болоруна таасир берет. Кээ бир маданияттарда балдарды элпек жана тил алгыч кылуу үчүн коркутуп, опузалоо кадимки көрүнүш болуп эсептелет. Мындай мамиле балдарды динге, ишенимге, Куранды жана Аллахтын жакшы ысымдарын жаттоону үйрөтүүгө болгон ыкмаларга тассир берген. Туура жол бул сүйүү жана ырайымдуулук жөнүндө аяттардан жана Кудайдын мээримдүү ысымдары менен касиеттеринен баштоо болуп саналат. Алгач тозок менен жазалоого эмес, сүйүү менен бейишке көбүрөөк басым жасоо керек.

Пайгамбарлардын эр жүрөктүүлүгү жөнүндө окуяларды айтып бергиле. Ибрахим пайгамбар ибадатканага кирип, балтасы менен бардык жасалма кудайларды сындырып, андан соң балтаны эң чоң жасалма кудайдын моюнуна илип койду; Муса жана анын агасы Харун кайраттуулук менен күчтүү диктатор болгон Фараонго каршы турушту; Мухаммед Меккедеги Каабада бутпарастардын ага таштарды жана таштандыларды ыргытып, аны коркутканына карабай, намаз окууну уланта берген. Өз заманыңардагы кайраттуу адамдардын чыныгы окуяларын айтып бергиле. Балдардын Кудайдын бар экенине ишенип жашоосу – абдан маанилүү. Балдарды аларды жакшы көргөн Кудайдан башка эч кимден коркпой, эрктүү болууга, өзүнө ишенүүгө жана туура жолдо жүрүүгө үйрөткүлө.

Тилекке каршы кээ бир ата-энелер балдарын башка балдар менен аралаштырып, ойнотпой, аларды обочолотуп турушат. Алар балдарына сууда сүзсө чөгүп кетээрин, атка минсе жыгылып кетээрин жана спорт менен машыкса колдорун жана буттарын сындырып алаарын айтышат.

Ата-энелер балдарына тандоо бербей, аларды чечим кылуудан ажыратканда, аларды коркоктукка үйрөтүшөт. Бул балдарды бир гана ата-энеси билээрин жана алар үчүн бардык чечимди чыгараарын ойлоого үйрөтөт. Алар балдарына бардык нерсени берип, эрке кылып чоңойтушат. Алар балдарынын жашоосунда тобокелдерге баруусуна тоскоол болуп, эч кандай аракет кылбоону үйрөтүшөт. Ата-энелер ошондой эле, өтө эле коргоп туруу жана сезимтал болуу менен чоң ката кетиришет; алар балдарын ооруп, сыркоолоп калат деп үйдөн алып чыгышпайт. Алар балдарына аларга ишенүү болбой турганын жана эч кандай тобокелге барууга уруксат берилбешин айтып үйрөтүшөт. Жакшы чечим – балдарды ар кандай эрктүүлүктү талап кылган кырдаалдарга кез келтирүү менен кайраттуу болууну үйрөтүү болуп саналат. Балдарга коопсуз чөйрөдө кантип коргонуу керек экенин үйрөткүлө. Балдарга токойдо, заводдо жана кайыкта эмнелер кооптуу жана эмнелер коопсуз экенин жана аларды айырмалоону түшүндүргүлө.

Кайраттуулук биздин мадаиятыбыздын бир бөлүгү болушу керек. Эсиңерге түйгүлө: Аллах эрктүүлөрдү колдойт!

- Пайгамбардын таякесинин ысымы Хамза болгон, ал “арстан” дегенди билдирет.

Анын кайраттуулугу жана күчтүүлүгү үчүн аны *Кудайдын жана Анын Элчисинин Арстаны* дегенди билдирген *“Асаду Аллахи ва Расуллух”* деп аташкан!

- Биз балдарга жаныбарлардын дүйнөсүнөн алынган эр жүрөктүүлүк боюнча окуяларды айтып берсек болот:

Арстандын уясында бир өзгөчөлүк бар, түлкүлөр ал жок кезде деле анын уясынын жанына баргандан коркушат. Кээ бир чымчыктарда табиятынан берилген коркоктук бар, алар жадагалса бийик учуп баратышса дагы коркушат, ал эми шумкарларда жадагалса өлүп бара жатышса дагы кайраттуулук менен сыймыктануу сезими бар.

- “Биз коркоктуктун каптоосун токтотуу үчүн кайраттуулуктун эң жогорку деңгээлине жетишибиз керек”. Мартин Лютер Кинг.

УЯЛЧААКТЫКПЫ ЖЕ УЯҢДЫКПЫ ?

Биз колдогон нерсе бул уяңдык, бирок уялчаактык эмес. Уялчакактык – түнт болуп, башка адамдар менен аралашуудан коркуу. Уяңдык – сылык, адептүү жана сыпайы болуу. Бул ошондой эле обу жоктонбоо дегенди билдирет.

Теңтуштар тарабынан болгон кысым

Балдар кичинекей кезде ата-энелер же камкорчулар алар үчүн маанилүү чечимдерди кабыл алышат. Бирок алар чоңоюп калганда өз алдынча чечим чыгарууга үйрөнүшү керек. Өспүрүмдөр өздөрүнүн чечимин чыгаруу керек болгон коомдук кырдаалдарга кабыл болушат. Алардын достору же тааныштары ичимдик, баңгизаттарын же жыныстык жакындыкты татып көрүүгө түртүшү мүмкүн. “Жок” деп айтуу кыйын болуп, топко каршы чыгуу оор болушу мүмкүн.

Балдар бир топко тиешелүү болуп, көптү көргөндөй жүргүлөрү келишет. Алар “кичинекей” болуп көрүнгүлөрү келишпейт. Аларга өздөрүнүн оюна бек болуп, өздөрү туура деп эсептеген нерсени кылуу оңой эмес (өзгөчө достору сыраны же тамекини татып эле көрүүнү сунуштап жатканда). Топ бир баланы тандап же бир баланы оюндан тыш кылып коюушу мүмкүн. Кээде балдар достордун кичинекей тобунда башкарууга болгон күрөшүүгө кириптер болушу мүмкүн. “Мен экинчи сенин жакын досуң болбойм” деп айтуу балдардын бири-бирине эң көп колдонулган куралы болуп эсептелет.

Балдар бир топтун мүчөсү болууну каалап жатышса дагы, ата-энелер теңтуштар тарабынан болгон кысымды түшүндүрүшү керек. Ата-энелер топто эмне болору тууралуу сүйлөшсө болот. Балдардын тобу жашынмак оюнун ойноп жатканда, баарынын эреже менен ойноосу маанилүү, антпесе бир адам оюнду бузуп салышы мүмкүн.

Бирок, эгерде топ тобокелге салууну же зыяндуу нерсени кылууну кааласа, топтун мүчөсү болуудан баш тартуу жакшы. Бир баланын топтон чыгуусу башка балдарга топко “жок” деп айтууга эрк бериши мүмкүн.

Ата-энелер балдары менен жеке айырмачылыктар тууралуу сүйлөшсө болот. Топто баары бирдей болушу керекпи? Эгерде балдар жеке айырмачылыктарды сыйлаганды үйрөнүшсө, алардын жашоолору өспүрүм кезде жана чоңойгондо бай болот. Ата-энелер лидер болуу же башка бирөөнү жактоо тууралуу сүйлөшсө болот. Алар балдарын угуп, теңтуштарынын кысымы менен күрөшүү канчалык оор экенин түшүнүп жатканын билдирүүлөрү керек. Эгерде ата-энелер балдарын айыптабай угуп жана көйгөйлөрдү бирге талкуулай алышса, балдар чоңойгондо ата-энелери менен сүйлөшүп, кеңешүүнү улантышат.

Теңтуштар жакшы болушу мүмкүн, бирок “теңтуштардын кысымы” жаман болушу ыктымал. Бирок, кээ бир балдар башкаларга пайдалуу, жакшы таасир кылышат.

Ата-энелер башкалардын өзгөчөлүгүнө сабырдуулук менен мамиле кылып, башкача же өзгөчө адамдарды баалай билсе, анда балдары дагы башкаларга сабырдуулук менен мамиле кылууну үйрөнүшөт. Ата-энелер адамдарды кийимине, байлыгына, динине же расасына карап сындабаса, алардын балдары да адамдарга материалдык абалына карап мамиле кылуу – туура эмес экенин түшүнүшөт.

Жашоодо достор абдан маанилүү жана башкалар менен аралашууну үйрөнүү балдардын туура өсүүсүнүн бир бөлүгү болуп эсептелет. Бардык балдар топко таандык болууну үйрөнүү менен кошо өз баалуулуктарын жана өзгөчөлүгүн сактоону үйрөнүүлөрү керек. Ата-энелер балдарына өзүнө ишенүүнү, кайраттуу болууну өнүктүрүүгө жардам берсе, балдар топтун кысымы менен күрөшө алышат. Алар туура эмес деп эсептеген нерселерге же аларды ыңгайсыз абалга калтыра турган нерселерге жок деп айтууга кудурети жетет.

Туура досторду тандоо

Ата-энелер балдарынын мунөзүнө, эмоционалдык жактан өсүүсүнө жана жүрүм-турумуна орчундуу таасир кылса, алардын достору менен теңтуштары дагы алардын жүрүм-турумуна жана мамилелерине таасир этишет.

Балдарыңардын достору

Физикада, окшош нерселер бири-бирин түртүп, карама-каршы нерселер бири бирине тартылат. Жаныбарларда болсо, “окшош чымчыктар чогуу учушат”. Биз жолуккан адамдар менен, кошуналар, мектептеги балдар, дүкөндөгү сатуучулар жана башкалар менен жакшы мамиле түзүүгө умтулабыз. Биз ар бир адамга сый жана жакшылык менен мамиле кылышыбыз керек. Ошол эле учурда, маанисиз жашоо сүргөн адамдар менен жакын мамиле куруудан алыс болуу жакшы. Дос болууда динге чындап ишенген адамдарды тандагыла. Мындай достор оюн ортосунда силер менен кошо намаз окууга каршы болбойт. Алар силер эмне үчүн ичимдик ичпээриңерди жана баңгизат колдонбооруңарды жакшы түшүнүшөт. Кээ бир учурда, силердин баалуулуктарыңарды тең бөлүшкөн адамдар менен достошуу – алар алыс жакта болгондуктан мүмкүн эмес болуп калат. Алардын балдары силердин балдарыңар барган мектепке барышпайт. Бирок, башка диндеги, силердин баалуулуктарыңарды жана үрп-адаттарыңарды сыйлаган жакын жерде жашаган үй-бүлө менен достошуу мүмкүн. Спорт клубдары, жаратылышты коргоо сыяктуу коомдук уюмдар силердин кызыкчылыктарыңарды тең бөлүшкөн жакшы досторду табууга ылайыктуу жерлер болуп эсептелет.

Жакшы дос – туруктуулук, берешендик, боорукердик, түшүнүү сыяктуу баалуулуктарды тең бөлүшкөн адам. Чоң адам катары силерде кандайдыр бир стандарттар бар, бирок силердин өспүрүм балдарыңар силердин стандарттарыңар менен макул болбошу мүмкүн. Достор өспүрүмдөргө күчтүү таасир кылышат. Алар кийинүү, өзүн алып жүрүү, башка адамдар менен сүйлөшүү жолдорун чогуу көрүшөт. Кыздар бир эле адам же кыздардын кичинекей тобу менен достошууга жакын болушат. Ал эми эркек балдар, чоңураак топко кошулууга аракет кылышат. Бул достуктар маанилүү, терең болушу мүмкүн.

Миң досуң болуп,бир дагы душманың болбосун!

Суроо: Америка футболу менен адилеттүү жетекчинин окшоштугу эмнеде?

Жооп: Алар экөө тең күчтүүлүктү, кайраттуулукту, командалык духту жана үмүттү баалашат

Суроо: Жоокерлер менен Мафиянын мүчөлөрүнүн окшоштугу эмнеде?

Жооп: Экөө тең өз уюмдарына эбегейсиз туруктуулук жана кайраттуулук көрсөтүшөт, жоокерлер өз өлкөсүнө, ал эми мафиянын мүчөлөрү өз топторуна. Жоокерлер жакшы нерсе үчүн иштешсе, мафия мүчөлөрү аракеттерин жаман иштерге жумшашат.

Алар ошондой эле кокустан эле үзүлүп калышы мүмкүн, анткени алардын бири достукка бекем болуунун "эрежелерин бузушат".

Балдарыңар үй-бүлөсүнө караганда досторуна көбүрөөк көңүл буруп жатса, ачууланбагыла. Силер туугандарыңар менен мамиле түзүүгө анча аракет кылбай деле койсоңор болот, анткени силер бир үй-бүлөдө төрөлүп,алар силердин бир тууганыңар. Силер кылчу нерсе – алар менен кантип ынтымакта жашоону үйрөнүү. Ал эми досторду болсо, силер өзүңөр табышыңар керек. Силер алардын достугуна ээ болуу үчүн аларга өзүңөрдү жагымдуу кылып көрсөткөнгө аракет кылышыңар керек;

Достор эртеңки үй-бүлөнүн булактары экенин эске алуу керек. "Уйду өз жериңерден сатып алгыла" деген илгерки италиялык макал – өзүңөр жакшы билген нерселерди тандашыңар керек дегенди билдирет.

Достук бул эки тарабы бар аркан – сага байланбаган адамга байлануу абдан кыйын. Достукта канчалык алсаң, ошончолук бериш керек: сабырдуудук, жакшы көрүү, тамаша, кам көрүү жана курмандыкка баруу. Силер ар дайым байланышта болушуңар керек.

Көп адамдар өзгөрүшөт. Эгерде өспүрүмдөрдүн достору жаман нерсени башынан өткөрүп же демейдегиден азыраак көңүл буруп жатса, алар өздөрүн күнөөлөбөшү керек экенин түшүндүргүлө. Достук бөлүшүүнү талап кылат.

Ар түрдүү достор болот:

- Кесиптештер – өспүрүм чогуу иштеген адамдар. Алар аларды жактырбашы мүмкүн, бирок ишти бүтүрүү үчүн аларга жакшы мамиле кылуулары керек.
- Тааныштар – жакшы тааныбаган адамдар. Алар анча деле маанилүү эмес.
- Кадимки достор – булар алар билген жана жактырган адамдар; алар мектепте чогуу окушат же жакын жерде жашашат.
- Жакын достор – алар жакшы билген жана аларга кам көргөн адамдар. Алар бул досторуна ишенишет жана аларга таянышат.
- Эң жакын достор – алардын бул досторуна болгон сезими жөн эле жактыруу эмес, жакшы көрүү. Алар бардык нерсе менен бөлүшүшөт жана канчалык талашып-тартышпасын, жакын достор бойдон калышат.

Ата-энелер балдары алар каалабаган достор менен байланышып алышса капа болушат (силер балдарыңарга үйрөтүп жаткан баалуулуктардын карама-каршысын баалаган жаш өспүрүмдөр). “Ылайыксыз достор” булар Кудайдан коркпогон, тамеки тарткан же баңгизат колдонгон, сөгүнгөн, милицияга түшкөн же жаман жүрүм-турумга үгүттөгөн балдар. Бирок ушундай “ылайыксыз” достор силердин үй-бүлөнүн жакшы жактарын тартып алуусу мүмкүн экенин унутпагыла.

Жаман достордун кесепеттери

- Алар силердин буюмуңарды же мүлкүңөрдү зыянга учуратат;
- Алар орой жана жагымсыз;
- Алар силердин үйүңөрдү ээлеп алат;
- Алар силерди коркутуп, силерге көңүл бурбайт;
- Алар силердин кызыңарды же балаңарды силерден тартып алып, жаман жолдорго алып барып жатканына капа болосуңар.



Мектептеги теңтуштардын кысымы

Мектеп системасы балага классташтары тарабынан кабыл алуусуна кысым жасайт. Мусулман эмес чөйрөдөгү мусулман бала тил, кийим (өзгөчө кыздарга) жана тамактануу адаттарынын айынан жаман абалда болушу мүмкүн. Ар кандай диний ишенимдер адатта ар кандай кыймылдар аркылуу чагылдырылат. Бул өзгөчөлүктөр башка балдар тарабынан коркутуу катары кабыл алынышы мүмкүн. Андан сырткары, теринин өңүнүн айынан дагы келип чыккан кыйынчылыктар бар, алар балдарга расисттик чөйрөдө кыйын болушу мүмкүн.

Туура досторду тандоо

Силер балдарыңардын достору ким экенин билишиңер керек. Алар ким экенин жана балаңарга кандай таасир кылып жатканын жакшы билүү үчүн аларды үйүңөргө чакыргыла. Башкаларды үйгө чакыруу – алардын динге ишенүүчүнүн үйү кандай экенин көрүүгө болгон бир гана мүмкүнчүлүк болушу мүмкүн. Кээ бир жаш балдарга силердин үй-бүлө чоң таасир бериши мүмкүн экенин элестеткиле!

Балдарыңар менен алардын досторду тандаганы тууралуу сүйлөшкүлө, өзгөчө ошол тандоолор силерди тынчсыздандырып жатса. Бул нерсеге абайлап мамиле кылгыла. Балдарыңар достук жөнүндө чечимдерди өздөрү кабыл алышы керек. Эгерде силер алар үчүн чечсеңер, анда силер аларга көз карындылыкты үйрөтөсүңөр. Бул жакшы эмес, анткени силер ар дайым эле алардын жанында болбойсунар.

Балдарыңар менен алардын достору жөнүндө талкуулап жатканда эки маанилү нерсени кылгыла:

- “Мен” деп сүйлөгүлө. Балдарыңарга силер анын досторунун жанында болгондо өзүңөрдү кандай сезгенинерди айткыла. Мисалы, “Сен Жасмин менен ойноп жатканда мага ал башкалардан бир нерсени алып жаткандай көрүндү. Өзүмчүл баланы көрүү мени капалантат”. Же, “Мен Сара менен сүйлөшүп жатканда, ал өз энеси жөнүндө жаман нерселерди айтканын байкадым. Мен өзүмдү жаман сездим”. Ушундай кылуу менен силер балдарыңарга ошол эле байкоолорду жүргүзүүгө мүмкүнчүлүк бересиңер. Силер “сен өзүмчүл, бейкам досторду тандайсың ээ?” деп айтпашыңар керек.

- Суроо бергиле. Балаңардан ал ошол көйгөйлөрдү байкаганбы жана ал аларга кандай таасир кылганы жөнүндө сурагыла. Алардын жоопторун көңүл коюп уккула. Силер күтүп жаткан нерсе бул балдарыңардын калыс баа берүүсү. Эгерде алар силердин тынсчызданууңарды тең бөлүшсө, силер мындай деп айтсаңар болот: “Сен башка досторуң менен Жасмин менен Сарага караганда көбүрөөк убакыт өткөрсөң кандай болот?” Бул процессти мүмкүн болушунча эрте баштагыла. Балдарыңарга достору жөнүндө силер менен ачык сүйлөшүүгө уруксат бергиле. Бул алар чоңойгондо силер колдоно алчу эң баалуу “көпүрө” болот.

Балаңар туура эмес досторду тандап алса эмне кылуу керек?

Иман Эл-Кади (коомдук ишмер) мындай деген:

“Бала орой жана одоно досторду тандап алышы мүмкүн. Тынчсызданбагыла, анткени балдар табиятынан белгисиз нерселерди билүүгө ынтызар болушат жана бул ынтызарлык өтүп кеткенде, алардын кызыгуусу тарайт. Эгерде ата-эне бул достукка чекит коюуга аракет кылса, анда алар өжөрлүккө салып, ошол досторго андан дагы көбүрөөк байланышы мүмкүн”. Мындай достор үйүңөргө келгенде “кош келипсиң, бирок биздин үйдүн эрежелерин сакта, сураныч” деп айтсаңар болот.

Балага эң кооптуу таасир – бир диндеги, бирок диндин шарттарын аткарбаган жана жаман нерселерди кылган достордун таасири болушу мүмкүн. Авторлордун бири анын эки баласынын (7 жана 9 жаштагы) Стамбулга биринчи жолу баргандагы айран таң калганын эскерет. Америкада үйдө диний чөйрөдө чоңойгон балдар Стамбулда кээ бир адамдар ичимдик ичип, көчөлөрдө порнографияны ачык көрсөтүп, Орозо айында орозону ачык эле тутпайт деп таптакыр ойлошкон эмес. Мен аларга адамдар мусулман болуп төрөлүшү мүмкүн, бирок алар Исламдын бардык мыйзамдарын аткарбашы мүмкүн экенин түшүнүүгө жардам бердим.

Балдар ата-энесинин көз караштары жана принциптеринен таасирленишет. Ата-эне балдарынын ошол принципти бузганын билүү – абдан маанилүү. Баланы ошол зыяндуу дос менен байланыштырганга эмнелер себеп болду? Эмне үчүн биз кээ бир балдардын чеккенин, ал эми кээ бирлердин чекпегенин көрөбүз. Ошол досу үйдө берилбеген кайсы нерсени берип жатышы мүмкүн?

Балдарды пайдалуу иш-аракеттерге катышууга шыктандыруу – теңтуштарды табуу үчүн абдан маанилүү кадам. Төмөндө бир нече кеңештер берилген:

- Эгерде силерге жакпаган бала келе турган болсо, башка, силерге жаккан досторун дагы чакыруусун сунуштагыла, муну менен жакшыраак таасир кылуу мүмкүн болот.
- Баланы башка нерсе менен алаксытуу (мисалы туугандардыкына алып баруу).
- Бардыгына тең болгон эрежелерди чыгаруу (кыйкырбоо, сөгүнбөө же урбоо сыяктуу).

СИЛЕР БАЛДАРЫҢАРДЫН ДОСТОРУ КИМ ЭКЕНИН БИЛИШИҢЕР КЕРЕК

Эмне үчүн өспүрүмдөр бири – бирине тартылышат?

Өспүрүмдөргө теңтуштары эки башкы себеп үчүн таасир беришет:

- Алар үй-бүлөсү жана туугандарынан айырмаланып *досторун өздөрү тандашат.*
- Теңтуштардын ортосундагы *жакындык* алардын жаш курагы, тажрыйбасы, сезимдери, хоббилери, кыйынчылыктары, көйгөйлөрү, жагдайлары жана мектептеги чөйрөлөрү окшош болгондон болот.

Өспүрүмдөр өзгөчө маданият, символдор, тил, баалуулуктар жана нормалар аркылуу өздөрүнүн коомдук топторун түзүшөт. Максатсыз үй-бүлөлөрдөгү өспүрүмдөр чоңойгондо үй-бүлөлөрүнө караганда достору менен көбүрөөк акылдашып, кеңешип калышат. Өспүрүмдөр ата-энелери, мугалимдери жана улуураак адамдар менен канчалык аз сүйлөшүшсө, теңтуштары менен ошончолук көбүрөөк сүйлөшүшөт. Ал эми финансы жактан, өспүрүмдөр ата-энесинен көз каранды болушат; хобби, кийимдер, клубдар, бош убакыт, саякаттар, экскурсиялар жана машинанын түрлөрү боюнча алар досторун ээрчишет.

Коомдук байланыштын түрлөрү

- **Жаш балдар менен алардын теңтуштары;**
- **Жаштар менен жаштар;**
- **Тамеки чеккендер менен тамеки чеккендер;**
- **Картаң адамдар менен картаң адамдар;**
- **Баңгизат колдонгондор менен баңгизат колдонгондор;**
- **Туура жүргөн адамдар менен түз жүргөн адамдар;**
- **Профессионалдар өздөрүнүн профессиясындагылар менен;**

Достор досторго таасир кылат. Пайгамбар мындай деп түшүндүргөн:

Адам досунан таасир алат, ошондуктан ар бириңер ким менен дос болуп жүргөнүңөрдү карагыла.
(Аль-Тирмиди жана Абу Дауд)

Адам кимди жакшы көрсө ошол менен болот.
(Аль-Бухари жана Муслим)

Жакшы жолдош менен жаман жолдоштун мисалы, атыр сатуучу менен темир устадай. Атыр сатуучу силерге бир нерсе бериши мүмкүн, алардан силер бирдеме сатып алышыңар мүмкүн же жок дегенде анын жакшы жытынан ырахат алсаңар болот. Ал эми, темир уста силердин кийиминерди күйгүзөт же андан жаман жыт чыгып турат.
(Аль-Бухари жана Муслим)

Төмөндөгү аят жаман таасирдин кесепетин түшүндүрүп турат:

Ал күнү заалим бармагын тиштеп минтип айтат: О! Мен Пайгамбардын артынан ээрчисем болмок. “О мен куруп калайын! Мен баланчаны дос кылбасам болмок! Ал мага келип мени Аллахты эстөөдөн азгырды”. Анткени, албетте шайтан инсанды азгырып, таштап кетет.
(Куран 25:27-29)

Ылайыксыз жерде жашаган үй-бүлөлөр

Жаман достор олуттуу, реалдуу жана оңой менен кетпеген көйгөйлөрдү жаратат. Мектептеги жана кошуна жашаган тентек, укпаган достор үй-бүлөнү бузушу мүмкүн. Эгерде үй-бүлө балдарына ылайыктуу досторду табууга мүмкүн болбогон жерде жашаса, алар жакшы досторду табуу үчүн башка жерге көчүп кетиши керек. Көп ата-энелер балдарына жакшы досторду таап бере албаса, баласын башка мектепке которуп же жадагалса башка шаарга көчүп кетишет. Бул кийин алар көрө турган чоң пайдаларга салыштырмалуу кичинекей эле курмандыкка баруу болуп саналат.

Жазууларда көрсөтүлгөндөй, Пайгамбарлар бир коомчулуктан экинчисине көчүшкөн

Ата-энелер: Балдарыңарга досторун үйгө алып келүүгө уруксат берип, аларды байкагыла. Алардын жүрүм-турумун адилеттүү жана калыс карап, баа бергиле. Балаңардын досуна жакшы мамиле кылууга аракет кылгыла!

Американын Социалисттик Бирикмесинин мурунку президенти жана дүйнөдөгү эң белгилүү социологдордун бири Др. Жеймс С. Колман муундар ортосундагы жакындыкты сунуштаган. Бул ата-энелер балдарынын досторунун ата-энелерин таанышат дегенди билдирет. Бул коомдо байланышты өнүктүрүп, жакшы жүрүм-турумду колдоп, жаман жүрүм-турумду жок кылууга жардам берет.

ИШ-АРАКЕТТЕР

43-ИШ-АРАКЕТ: Дубаны жаттоо

Бул дубаны үй-бүлөңөр менен араб тилинде же өз тилиңерде жаттагыла:

اللَّهُمَّ إِنِّي أَعُوذُ بِكَ مِنَ الْهَمِّ وَالْحَزَنِ، وأعوذ بك من الْعَجْزِ وَالْكَسَلِ، وأعوذ بك من الْجُبْنِ والبُخْلِ، وأعوذ بك من غلبة الدَّيْنِ، وَقهرالرِّجَالِ" أبو داود

Пайгамбар айткан: О Аллах! Мен Сенден кайгы жана кападан, алсыздык менен жалкоолуктан, коркоктук менен зыкымдыктан, карыз болуудан жана башка адамдар тарыбынан басмырлоодон сактооңду суранам. (Абу Дауд)

Бул хадисте айтылган сапаттарды талкуулагыла. Эмне үчүн мүнөздү калыптандырууда бул жаман сапаттар жок кылынуусу керек? Балдарыңарга кандай жеке тажрыйбаларыңарды айтып бере аласыңар? Бул хадисте сүрөттөлгөн көйгөйлөрдү байкагыла:

- Стресс жана депрессия;
- Алсыздык жана жалкоолук;
- Коркоктук жана зыкымдык;
- Карызга көп батуу жана башкалар тарыбынан басмырлануу.

44-ИШ-АРАКЕТ: Күнүмдүк жакшы көрүүнү көрсөткөн адаттар

17 жаштагы бала айтат: “Менин апам уктаар алдында менин бөлмөмө кирип, текшергенин дагы деле жакшы көрөм”

Ата-энелер: күнүмдүк жакшы көрүүнү көрсөткөн адаттарды балдарыңар менен талкуулагыла. Күн сайын дуба кылууну унутпагыла!

45-ИШ-АРАКЕТ: Башыңардан өткөн нерселер менен бөлүшүү

Балдарыңарга силер калп айтып койчу учурларда чындыкты айтканыңарды айтып бергиле. Калп айтуунун кесепеттери, андан кутулуу жолдору жана андан алчу сабактар эмнелер? Балдар дагы өз окуялары менен бөлүшө алышат.

46-ИШ-АРАКЕТ: Балдарыңар кылбасын деген эң зыяндуу жаман нерселер

Балдарыңар кылбасын деген эң жаман жана зыяндуу жаман нерсе эмне?
Жооп: Калп айтуу

- Балдарыңарга калп айтуунун кесепетинен өз жашоолорун бузуп алган адамдар жөнүндө чыныгы болгон окуяларды айтып бергиле. Эгерде алар чынчыл болгондо, алар ийгиликтүү болуп, бактылуу жашашмак.
- Меккенин бутпарастары Мухаммед Пайгамбарды ал Пайгамбар болгончо эле «Чынчыл жана Ишенимдүү" деп аташканын балдарыңарга айтып, талкуулагыла.

47-ИШ-АРАКЕТ: Коркуу тажрыйбалары менен бөлүшүү

Балдарыңарга жашооңордо корккон нерселериңер жөнүндө айтып берип, корккон учурларда эмне кылганыңар тууралуу бөлүшкүлө. Балдар өз ойлору жана тажрыйбалары менен бөлүшө алышат.

48-ИШ-АРАКЕТ: Коркок баланы тарбиялоонун тогуз жолу

Төмөндөгү жаман тарбиялоо ыкмаларын жалпы үй-бүлөңөр менен талкуулап, өз тажрыйбаңарда болгон мисалдарды жана окуяларды айтып бергиле. Эгерде бул каталар болсо, алардан болгон зыянды кантип жоюу керек?

- Баланы уяткарып, басынтуу, өзгөчө анын досторунун көзүнчө;
- Баланы жаман аттар менен атоо. Аны эч нерсеге жарабайт деп айтуу;
- Балага эч качан ишенбөө жана ал айткан нерселерден дайыма шек саноо. Ага ал туура эмес экенин жана башкалар ага караганда жакшыраак билерин айтуу;
- Анын жакшы жактарына көңүл бурбай, жаман гана жактарын айтуу;
- Анын бир туугандарына ага караганда жакшыраак мамиле кылуу. Аны алар менен дайыма салыштыруу; ал кандай түрү суук жана жалкоо экенин, ал эми алар кандай сонун жана эмгекчил экенин айтуу;
- Баланы дайыма жанында алып жүрүү;
- Ашыкча белектер менен баланы эркелетүү;
- Башка адамдардын көзүнчө балага сүйлөөгө уруксат бербөө. Ал башкалардын көзүнчө дайыма унчукпай туруш керек;
- Балага жоопкерчилик бербөө, кичинекей дагы. Аны башкаларга таянууга жана бардык тобокелдерден качууга үйрөтүү.

49-ИШ-АРАКЕТ: Кайраттуулук жана ишеним

Балдарыңар менен Курайш эли Пайгамбарды кантип токтотууга аракет кылганы туу-ралуу окуяны талкуулагыла. Пайгамбар мындай деген:

> Урматтуу таяке, Аллахтын аты менен, эгерде алар (Курайш) менин оң колума күндү жана сол колума айды Аллахтын жолунан кайтуумду талап кылып коюшса, мен аны Аллах билмейинче таштабайм жана аны коргоп өлөм.

1. Пайгамбардын Абу Талиб деген таякеси билдирүүдөн баш тартпасын айтып жаткан окуясынан кайраттуулуктун кандай элементтерин аныктай аласыңар?
2. Башка Пайгамбарлардын жашоосунан алынган окуяларды айтып бергиле
3. Пайгамбарлардын сахабаларынын кайраттуулугу тууралуу окуяларды айтып бергиле
4. Дүйнө жүзү боюнча азыркы замандагы ар түрдүү диндердеги баатырлардын кылган кайратуулугу жөнүндө окуяларды айтып бергиле.
5. Өзүңүрдүн кайраттуулук кылган учуруңарды сүрөттөп бергиле. Анын кыйын-чылыгы эмнеде эле? Ал кандай таасир этти? Адамдар силерге кандай реак-ция кылышты?
6. Балдардан өз окуяларын айтып берүүнү сурагыла.

50-ИШ-АРАКЕТ: Кайраттуулук: Өспүрүмдөргө тест:

Сен кайраттуу адамсыңбы? Мисалдарды келтиргиле.

Ооба	Жок	
☐	☐	Мен жалгыз болсом дагы туура нер-сени коргойм.
☐	☐	Мен теңтуштарымдын терс кысымда-рын колдобойм.
☐	☐	Бир нерсе оңунан чыкпай калат деп коркуу мени токтотпойт.
☐	☐	Башкалар мени колдобосо деле мен өз оюмду айтамын
☐	☐	Мен тобокелге барууга жана чечим-дерди чыгарууга даярмын.

Мен кайраттуу/кайраттуу эмесмин деп ойлойм, анткени: _____

51-ИШ-АРАКЕТ: Согуш жана кырсык учурунда балдардын коркуусун азайткыла

Төмөндөгү нерселерди балдарыңар менен чогуу талкуулап, кээ бирлерин чогуу аткаргыла.

Бүгүнкү күндө көп балдар согуштардан жана кырсыктардан жапа чегип келишет. Ата-энелер алардын коркуусун азайтуу үчүн төмөнкү нерселерди кылса болот:

а) Сыналгыдагы жаңылыктарды өчүргүлө. Бирок аларга жаңылыктарды кыскача айтып бергиле.
б) Алардын күнүмдүк тартиптерин сактагыла (уктоо маалы, футбол ойноо, тамактануу маалы жана намаз окуу маалы сыяктуу).
в) Балдарыңарды тарбиялоого жакшы көңүл бургула. Аларды кучактап, алар менен чогуу убакыт өткөргүлө жана аларга көбүрөөк көңүл буруп, мээрим төккүлө. Аларды угуу жана алардын сезимдерин кубаттоо менен сүйлөшүүнү колдогула.
г) Коркунучтуу окуяларга сабырдуулук менен жооп бергиле: коркуп же тынчсызданбагыла жана жаңылыктарды өтө эле көп көрө бербегиле.
д) Роль ойноо аркылуу балага согуш жөнүндө жакшы түшүнүк бергиле. Мисалы, жарадарга жана жоокерлерге бейтапкана уюштуруу, согуш туткундарына орун даярдоо, качкындарды каякта, кантип кармоо жана эмне менен камсыз кылууну чечүү; жапа чеккендерге коргоо агенттиктерин уюштуруу жана жабырлынуучуларга атайын дуба кызматтарын уюштуруу сыяктуу.
е) Электрондук кат аркылуу башка өлкөлөрдөгү кырсыктан жыбыр тарткан балдар менен сүйлөшүп, алар менен кат жана белектер менен алмашкыла.
ж) Бирөөгө кат жөнөткүлө (Кудайга болгон дуба менен): согуш каптаган өлкөнүн башчысына, душманга же кырсыктан аман калгандарга. Жоокерге тынчтык сүрөтүн тартып, жарадар болгон бирөгө таттуу токоч жасап берип же аман калгандардын фондуна акча чогултуп жөнөткүлө.

52-ИШ-АРАКЕТ: Кантип “жок” деп айтып, бирок дос бойдон калса болот

Балдарыңар жок деп айтууда ыңгайсыз болбош үчүн төрт-кадамдуу стратегияны колдонгула. Силер балдарыңардын жашына ылайыктап, ар кайсы кырдаалдарды көрсөтүп берсеңер болот. Мисал: Силердин балаңардын досу анын тамеки тартып көрүүсүн, сыра ичип көрүүсүн, баңгизат колдонуп көрүүсүн каалап жатат.

- “Жок рахмат: мен каалаган жокмун” деп айтуу.
  Достордун кысымына туруштук берүүдөгү биринчи стратегия бул жөнөкөй “Жок рахмат, мен каалабайм” деп айтуу. Көбүнчө, ал ошол нерсеге чекит коет. Силер тандоо кылдыңар жана башкалар силердин тандооңорду сыйлашы керек.
- “Жок рахмат” деп айтууну кайталоо.

Кээ бир учурда, башка бала кысымды күчөтүп, бир нерсени бир эле жолу татып көрүүгө үндөйт. Жөн гана биринчи жообуңарды кайра-кайра кайталай бергиле. Жок рахмат деп айтууну канчалык керек болсо ошончолук айткыла. Ылайыктуу учурларда “бул менин диниме туура келбейт” деп айткыла. Кайталай берүүдөн капаланбагыла жана өзүңөрдүн чечимиңерди актоого аракет кылбагыла. Акыры, кысым көрсөтүп жаткан бала силердин жообуңардан тажап, унчукпай калат. Эгерде бул дагы жардам бербесе, анда өз себебиңерди ачык жана ишенимдүү айткыла.

- Кысымды аларга бургула: “Эмне үчүн мени кыйнап жатасың!?”
Эгерде кимдир бирөө силерди тажатып жатса, кысымды аларга бургула. Ал адамга “эмне үчүн мага тийишип жатасың?” деп айткыла. Бул кысымды аларга оодарып, ал адамды өзүнүн жоругун түшүндүрүп берүүсүнө аргасыз кылат. Бул маселе силерде эмес, анда экенин көрсөтөт. Силер жакшы мамилени сактап калалы деп альтернативдүү сунуш киргизсеңер болот.
- Кечирим сурап, кетип калгыла: “Кечиресиң, мен кетишим керек”. Жумшак тон менен “кечиресиң, мен кетишим керек” деп айтып, андан соң талашып-тартышпай басып кеткиле. Силер эч кимге өзүңөрдүн кылганыңарга актануунар керек эмес жана силерди ыңгайсыз кылып жаткан кысымдарга чыдоо керек эмес.
- Балдарыңарды алардын достору же классташтары туура эмес нерселерди кылууга түртүп жаткан учурда, “жок” деп айтуунун жолдорун ойлонууга үндөгүлө. (www.ehow.com сайтындагы кеңештерден алынды)

53-ИШ-АРАКЕТ: Кайраттуулук бул…

Төмөнкү саптардагы мисалдарды келтирип, окуяларды айтып бергиле:

Кайраттуулук бул:

Көпчүлүктү эмес, өзүңөрдүн оюңарды ээрчүү;
Жаман жана одоно нерселерди жасоого катышуудан баш тартуу;
Башкалардын пайдасы үчүн өз кызыкчылыктарыңарды курмандык кылуу;
Башкалар макул болбосо дагы өз оюңарды айтуу;
Өзүңөрдүн кылган иштериңерге жана кетирген каталарыңарга толук жоопкерчилик алуу;
Эрежелерди сактоо жана башкалар дагы ошондой кылуусун талап кылуу;
Эмне туура деп билсеңер ошону кылуу, тобокелдерге же кесепеттерине карабай;
Жаман нерселерди кылгандарга каршы туруу жана жакшы нерселерди кылгандарды колдоо.

54-ИШ-АРАКЕТ: Баланын үлгүлөрү

Балаңардан ал жолуккусу келген үч адамдын атын атоосун сурагыла жана себебин түшүндүрүп берүүнү дагы сурагыла. Бул алардын “үлгүлөрүн” түшүнүүгө жакшы мүмкүнчүлүк.
Балдарыңар менен жакшы жана жаман үлгүлөр жөнүндө сүйлөшкүлө.

55-ИШ-АРАКЕТ: Жаман таасир берген бала

Төмөнкү кырдаалды талкуулап, андан соң төмөндө берилген тандоолоду талкуулагыла.

Кошунаңардын тогуз жаштагы кызы силердин жети жаштагы кызыңарга жаман таасир берип жатат. Ал экөө дээрлик күндө чогуу ойношот жана силер алардын чогуу болуусун азайтууну каалап жатасыңар. Силер:

1. Кызыңарды ал кыз менен мындан ары ойной албасын жана аны менен жолуга албасын айтууну мажбурлайсыңар.
2. Силер ал кызга силердин кызыңар менен мындан ары ойной албасын жана силердин үйгө келе албасын, ошондой эле силердин кызыңар анын үйүнө бар басын айтасыңар.
3. Ал экөөнү силердиң көзүңөрчө гана ойноого уруксат бересинер
4. Кошунаңар менен сүйлөшүп, эки кыздын чогуу ойноп, чогуу жүрүүсүнө тынчсызданып жатканыңарды айтасыңар.

Терс таасир берген балдар көп ата-энелерге тынчсыздануу жаратат. Төмөндө, жогорудa айтылган жооптордун ар бирине түшүндүрмөлөр берилген.

1. Балаңарды башка балага көйгөйдү түшүндүрүп берүүгө аракет кылуусуна мажбурлабагыла. Алар силердин тынчсызданууңарды түшүнүүгө өтө эле жаш болушу мүмкүн жана мындай мамиле менен баары “шүмшүк” деп билип калышы мүмкүн.
2. Башка бирөөнүн баласына өзүңөрдүн тынчсызданып жатканыңарды билдирүү жана эрежелерди сактоону талап кылуу ылайыксыз болуп калат.
3. Бул көп мээнетти талап кылат. Силер аларды дайыма козөмөлдөп турушунар керек болуп калат. Бул өтө эле жадатма болуп калышы мүмкүн.
4. Кошунаңар менен алардын баласынын жүрүм-туруму туура эмес экени жөнүндө сүйлөшүү оңой эмес. Бирок, бул көйгөйдү чечүүнүн эң мыкты жолу болуп саналат.

56-ИШ-АРАКЕТ: Ишенимдүүлүктү текшерүү

Жакшы мүнөздөгү ар түрдүү сапаттар бири-бирин толуктап турат. Үй-бүлөдөгү жагдайда, үй-бүлөнүн бардык мүчөлөрү ишенимдүүлүктүн маанилүүлүгүн талкуулап, төмөнкү суроолорго жооп бериши керек:

- Мен берген убадаларымды аткарамбы?
- Мен улууларды урматтаймынбы?
- Мен милдеттеримди сыйлаймынбы?
- Мен карыздарымды өз убагында береминби?
- Мен алган нерсени кайра тез эле кайтарып береминби?

- Мен бир нерсени акыркы мөөнөткө чейин бүтүрөмүнбү?
- Мен өз убагында намаз окуймунбу?
- Мен такмынбы?

57-ИШ-АРАКЕТ: Шүгүр кылуу

Төмөндөгү окуяны окуп, үй-бүлөңөрдүн, бир туугандарыңардын жана досторуңардын кылгандары жөнүндө ойлонгула.

Элчи мындай деген:
“Кудай берген нерсеге шүгүр кылгыла, ошондо силер адамдардын эң байы болосуңар”.

Сахабалардын бири Пайгамбардын артында туруп, бир эле жыртык кийим кийип намаз окучу. Пайгамбар анын ар бир намаздан кийин тезден кетип калып жатканын байкап калды. Ал ошол адам тууралуу сурады: “Ал кайда?” Ага жооп беришти: “Ал үйүнө кетти”. Пайгамбар аны чакырып, ал келгенде мындай деп сурады: “Эмне үчүн сиз тез кетип каласыз, намаздарды жыйынтыктабайсыз? Сахаба жооп берди: “Анткени аялым экөөбүздө бир эле чапан бар, ошондуктан мен намаз окуп бүтөөрүм менен, ал намаздын убактысы өтүп кете электе окуш үчүн үйгө тез барышым керек”. Ошентип, Пайгамбар ага өзүнүн көйнөгүн берди. Ал аны кубанып аялына алып барды, аялы “кимдин көйнөгү?” – деп сурады. Ал: “Пайгамбардын көйнөгү. Ал бизге берди”, – деп жооп берди. Аялы мындай деп жооп кайтарды: “Сен Кудайга нааразы болдуң беле?” Ал жооп берди: “Кудай урсун, мен нааразы болгон эмесмин! Кудай урсун, мен Пайгамбардын көйнөгүн менин кепиним болушу үчүн гана алдым!”

(Имам Аль-Газали, Ихяя Улум Аль-Дин)

58-ИШ-АРАКЕТ: Активдүү катышуу

Төмөнкүлөрдү балдарыңар менен кошо окуп, конкреттүү нерелерди алардын тажрыйбалары менен байланыштыргыла.

Балдар айланасындагы нерселерди изилдөөгө активдүү катышканда, алардын үйрөнүүсү натыйжалуу болот: бир нерселерди чечүүгө аракет кылуу, жыгылуу жана кайра турууга аракет кылуу жана алар көргөн нерселер жөнүндө өз ойлорун жана сезимдерин билдирүү. Ата-энелер өздөрүнүн ойлорун жана сабактарын баланын изилдөөсү аркылуу бериши керек. Балдарга ушул “үйрөнүү учурларда” билимдерин текшерүү жана кодонуу үчүн мүмкүнчүлүктөрдү бериңиз, бул президент Обама кездешүүлөрдү иллюстрациялоодо колдонгон фразасы болгон, “үйрөнүү учурлары”.

Балага унчукпай, айланасына көз жүгүртүп, терең дем алып жана ойлоого убакыт бергиле. Бул алсыздыктын белгиси эмес, алар аныгында эмне кылуу керек экени жөнүндө ойлонуп жатышат. Тилекке каршы, көп ата-энелер балдарынын ордуна жооп берип, кыйын кырдаалдарда аларды коргоп жана бала бир нерсени чечүүгө аракет кылып жатканда ошол нерсени өз колдоруна алышат. Бул баланын өзүнө ишенүүсүнө, көйгөй-

лөрдү чечүүгө болгон жөндөмдүүлүгүнө, сабырдуулугуна жана сүйлөшүү жүргүзүү жөнөмдүүлүгүнө терс таасирин тийгизет. Алар өз көйгөйлөрүн чечүүдө башкаларга таянып калышат.
Ата-энелер эсперттин, тренердин жана насаатчынын ролун аткарышы керек. Балдарга өз билимин жана жөндөмдөрүн колдонууга мүмкүнчүлүк бергиле. Ата-энелер кыйын кырдаалдарда баланын өз жөндөмдүүлүктөрүн колдонуп, аларга жол көрсөтүп жана жардам бериш керек. Ата-энелер балдарына ката кетирүүгө уруксат бериши керек. Балага эмне туура эмес болгонун, эмне туура болгонун, эмне үчүн алар ошондой кылышты, кийин алар ошол эле нерсени кантип жакшыраак кыла алышат, алар бул башынан өткөргөн нерседен эмнени үйрөнүштү жана эмкиде алар эмнени өзгөртүшмөк экенин түшүнүүгө жардам бергиле. Маанилүү нерсе – бул ошол маселе эле эмес, ошол маселени чечүүгө аракет кылуу жана кийин ошол эле каталарды кайра кетирбөөгө жол бербөө дагы – маанилүү.

Активдүү катышууда ата-эне-бала жана бала-ата-эне байланышы бекемдеп жана терең мамиле курулат. Бул байланыш орногондон кийин, бала кийинки пайда болчу кыйын кырдаалдарда ата-энеси менен кеңешүүгө даяр болот.

59-ИШ-АРАКЕТ: Мен жакшыраак билсем, башкача кылмакмын!

Үй-бүлөлүк чогулушта ата-энелер бул суроого жооп бериши керек: “Эгерде мен жашоомду кайрадан баштай алсам, мен эмнени өзгөртмөкмүн?” Балдарыңардын алдында өз катаңарды моюнга алгыла. Балдарыңарды өз каталары менен бөлүшүүгө шыктандыргыла.

15-БӨЛҮМ

Позитивдүү сыпаттар: Көз карандысыз, жоопкерчиликтүү жана чыгармачыл балдарды тарбиялоо

Көз карандысыздыкка үйрөтүү 431

- Киришүү 431
- Америкалык балдар «көз карандылыкка» тарбиялануда 432
- Ымыркайлардын ыйлаган учурлары 435
- Жаш курагына байланыштуу жетишкендиктер 436
- Өспүрүмдөргө өз жолун табууга мүмкүндүк бериңиз 437
- Үй-бүлөнүн ажырашуусу. Жабыркаган жүрүм-турум 437
- Өспүрүмдөр 438
- Тарбиялоо стилинин таасири. Укукка негизделген жана күчкө негизделген тарбиялоо стили 441
- Балдарды көз карандысыздыкка тарбиялоонун жолдору 443
- Ата-энелер үчүн кеңештер 448
- Кеңеш берүү жана көз карандысыздык. Кыздар жана энелер 450
- Эгер сизге балаңыздын достору жакпаса... 452
- Балдарга чечим кабыл алууга жардам берүү – көз карандысыздыкты өркүндөтөт 452
- Чечим кабыл алуу кадамдары 454

Жоопкерчиликке үйрөтүү 454

- Өнүгүүнүн башаты. Мамилелер жана дүйнө тааным 456
- Өнүгүүнүн ар кандай баскычтарындагы мүмкүнчүлүктөр 458
- Принциптерди иштеп чыгуу 459
- Практикалык кеңештер 462
- Артыкчылыкты жоопкерчилик менен байланыштыруу. Мисалдар 464

Балдардын чыгырмачылыгын өнүктүрүү 466

- Чыгармачылыктын жалпы түшүнүктөрү 467
- Көрүнүктүү тарыхый ойлоп табуулар 467
- Балдардын чыгармачылыгына бөгөт коюу 470
- Чыгармачылыкка болгон терс мамилелер 471
- Чыгармачылыкты өнүктүрүүнүн жолдору 472
  - *Чыгармачылык суроолору 472*
  - *Практикалык иш-чаралар 473*
  - *Тажрыйбанын түрлөрү 473*
  - *Мээге чабуул жасоо иш-аракеттери 473*
  - *Креатиыдүү оюндар 473*
  - *Балдардын кол жазмасы 474*
  - *Балдардын искусствосу 474*

- Туура эмес түшүнүктөр: “таң калыштуу же пайдасыз” идеялар 475
- Ата-энелер эмне кыла алышат? 476
- Оюнчуктар жөнүндө эскертүү 476
- Иш-аракеттер 60–68 480

Көз карандысыздыкка үйрөтүү

Киришүү

Балдардын өз алдынча чыгармачылыгын колдоп, аларды көз карандысыз жана жоопкерчиликтүү болууга үйрөтүүнүн мыкты жолу кайсы? Ата-эне катары биз тийиштүү деңгээлде колдоо көрсөтүп, балдарыбызды ашыкча коргоону каалабайбыз. Бирок, биз балдарыбыздын муктаждыктарына кайдыгер карабашыбыз керек жана алардын эмоционалдык жактан ашкере тынчтыгын камсыз кылуубуз да туура эмес. Туура баланска кантип жетүү керектигин түшүнүү кыйын. Бул бөлүмдө көз карандысыз, жоопкерчиликтүү, чыгармачыл балдарды натыйжалуу тарбиялоо боюнча көрсөтмөлөр берилген, анын ичинде алардын эмоционалдык муктаждыктарын канааттандыруу жана алардын потенциалын жогорулатууга жардам берүү да каралган.

Тарбиялоо стилинин натыйжалуулугу – баланын өзүн-өзү кабыл алуусуна, эмоцияларына, жүрүм-турумуна, окуудагы ийгиликтерине таасир этет, б.а., психологиялык, социалдык жана академиялык (окуудагы жетишкендик) таасирлерге ээ. Сиздин тарбиялоо стилиңиздин натыйжалуулугуна көп факторлор таасир этет, анын ичинде: сиздин ата-энеңиздин тарбиясы, сиздин жеке мүнөзүңүз, тышкы стресстер, жашоо шартыңыз, ошондой эле, балаңыздын мүнөзү жана анын жүрүм-туруму.

Тарбиялоо стили балдардын чыгармачылыгына да таасир этет. Балдарды ашыкча тыюу салынган чөйрөдө тарбиялоо менен, ата-энелер алардын табигый чыгармачылыгына тоскоол болушат жана авантюрага болгон кызыгуусун басаңдатышат. 2015-жылы жарыяланган изилдөөдө: авторитардык тарбия берүү стили менен чыгармачылыктын ортосундагы орчундуу алгылыктуу мамилени жана авторитардык тарбиялоо стили менен чыгармачылыктын ортосундагы олуттуу терс мамилени баяндап көрсөтүп берди.

(Prosia - Социалдык жүрүм-турум Илимдери)

Көз карандысыз тарбиялоо стилин колдогон ата-энелер балдарына көйгөйлөрдү өз алдынча чечүүгө мүмкүндүк беришет. Бул балдардын кандайдыр бир жумуштарды жасоодо өз жөндөмдүүлүгүнө ишенүүгө түрткү берет. Бул ата-энелер балдары менен жакшы мамиледе жана мээримдүү, камкор болушат, зарыл болгон учурда так эрежелерди жана тартипти орнотууну да билишет. Алар ырааттуу, ийкемдүү жана балдарынын муктаждыктарына жооп бере алышат. Алар мыкты үлгүлөр жана балдарынын аракеттерин жогору баалашат. Ошол эле учурда, эркин тарбияланган балдар, көз карандысыз ой жүгүртүүдөн бир аз алысыраак экендиги жана алар чоңойгондо көбүрөөк консенсуска (макулдук) бараары аныкталган. (Тарбиялоонун стилдери жөнүндө 1-бөлүмдү караңыз)

Көз карандысыз, өзүнө ишенген балдарды тарбиялоо – ата-эненин негизги максаттарынын бири. Көз карандысыз балдар өздөрүнүн компетенттүү экендигине ишенишет жана бул алардын чымырканууусун күчөтөт. Ата-энелер балдарынын эмоционалдык, социалдык көндүмдөрүн өрчүтүү менен жана көйгөйлөрдү чечүүнүн жолдорун үйрөтүү менен аларды мыкты келечекке даярдайт.

Ылайыктуу, ыйгарымдуу жана сезимтал тарбиялоо – адатта, туруктуулукту арттырууда өтө маанилүү. Ачык, жигердүү баарлашууну колдогон, көйгөйлөрдү жеңе алган, ишенимди жана ийкемдүүлүктү өнүктүргөн ата-энелер стрессти жеңүүдө чоң мүмкүнчүлүктөргө ээ жана алар балдарына мыкты үлгү боло алат.

(Джозеф Роунтри Фонду)

Америкалык балдар «көз карандылыкка» тарбиялануууда

Америкалык ата-энелер: "Көпчүлүк балдар узак убакытка чейин ата-энелеринен көп нерселерди күтүп отура беришет",– деп нааразы болушууда. Америка коом катары, жаштарды өз алдынчалыкка жана көз карандысыз болууга даярдай албай жатат.

Бүгүнкү күндөгү "тагдырдын тамашасын" карап көрөлү: бардык эле ата-энелер балдарынын бактылуу болуусун самашат, а бирок алардын бала тарбиялоо формуласы – бактысыздыкка жетелеп жаткандай. Балдар көз карандысыз болууну үйрөнүшкөн жок, анткени ата-энеси алардан мындай каадамдарды күтүшпөйт. Ата-энелер балдарынын жыргалчылыгына барган сайын көп акча сарптап жатышат. Алар чын жүрөктөн берилгендик менен, балдарынын эң жогорку дымагын ишке ашыруу үчүн мүмкүн болгон нерселердин баарын жасоого аракет кылышат.

Мыкты ата-энелерди эки негизги жол менен аныктоого болот: алар өз балдары үчүн эмнелерди кылып жатышат жана балдарына эмнелерди берип жатышат? Адатта, алар балдары көбүрөөк артыкчылыктарга ээ болушу үчүн колунан келгендин баарын жасашат. Алар балдар бөлмөлөрүн түстүү гүлдөр менен кооздоп, ар кандай өнүктүрүүчү оюнчуктарды сатып алышат. Атүгүл, наристесин кымбат массаждык курстарга жаздырышат. Алар балдарды өнүктүрүү боюнча адистердин кеңешин такай аткарып турушат, балдары гимнастикадан сабак алышат, эң прогрессивдүү мектепке чейинки мекемелерде окушат, төрт жашынан баштап мыкты футбол талааларында топ тээп башташат. Бул ата-энелер балдары үчүн убакытты, достукту жана жеке кызыкчылыктарын, атүгүл сексуалдык жашоосун да курмандыкка чалышат. Бирок, бул ата-энелер балдарынын эркине жолтоо болуп жатышканын баамдабайт, алар ар бир мүнөттү учурунан пайдаланып калуу үчүн бардыгын ташташат. Эң негизгиси, алар балдардын өзүн-өзү сыйлоо сезимин өрчүтүү үчүн ар кандай мүмкүнчүлүктөрдү колдонушат (аларды акылдуу, таланттуу, сулуу деп мактоо менен). Балдарынын туулган күндөрүн да жогорку деңгээлде өткөрүшөт. Балдардын эркелигине карабастан, бардык өтүнүчүн орундатышат. Мындай шартта чоңойгон балдар ата-энелеринен ажырагысы келбейт, алар даяр шартка абдан көнүп калышкан. Тилекке каршы, балдардын мындай жыргалчылык жашоо-

су түбөлүккө улана бербейт жана алар бир күнү өз алдынча турмуш баштоосу кажет. Маселе, балдардын ошол өз алдынча, көз карандысыз жашоого даяр эместигинде болуп жатат.

Бүгүнкү АКШдагы чоң ата, чоң-энелер таптакыр башкача тарбияланган. Ошол учурда балдар коңшу балдар менен аралашып, чогуу ойноп, орток тамаша менен чоңоюшса, ата-энелер да көбүнесе өз жумуштары менен алек болушуп, балдарына ашкере камкордук кылышкан эмес. Айрым энелердин балдарына: “Кан чыкмайынча, мени кыйнаба”, деген сөзү да бар болчу. Спорт дем алыш күндөрү эмес, сабактан кийин башталчу жана ата-энелер балдарынын оюндарына дайыма эле келе беришчү эмес. Ал убакта, балдардын окуусу менен мугалимдер алек болушкан. Ата-энелер балдарынын бактылуулугуна эмес, өздөрүнүн бактылуу, жай турмушуна көбүрөөк тынчсызданышчу.



ЭРКИНДИК ЖАНА КӨЗ КАРАНДЫЛЫК

Балдарды көз карандысыздыкка үйрөтүү ата-энелери менен болгон мамилелерин таптакыр бузат дегенди билдирбейт. Бардык үй-бүлө мүчөлөрүнүн ортосунда өз алдынчалуулук, ошону менен бирге өз ара көз карандылык болуусу кажет.

Ал убакта, АКШда үй-бүлөлөр чоң, үйлөр кичирээк, кызматтар чектелүү болчу. Көпчүлүк балдар орто мектеп жана колледж жашында өз чыгымдарын төлөө үчүн жарым күндүк жумуштарда иштеген. Алар автоунааларын өздөрү төлөй алган кезде гана сатып алышкан. Ата-энелер да, балдар да, жаштардын мектепти же колледжди бүтүрүп, жумушка орношсо, материалдык жактан камсыз болооруна ишенишкен. Мындай божомол балдардын көз карандысыздыгына алып келген.

Бүгүнкү күндө ата-энелер балдары өздөрүн жакшы сезүүсү үчүн көп кам көрүшөт, ошол эле учурда, алар балда-

рынын жакшы инсан болуп чоңоюусун камсыз кыла алышпай жатат. Өздөрүн эле эмес, башкалар жөнүндө да ойлонгон татыктуу адамдарды тарбиялоого жетиштүү басым жасалбай келет. Натыйжада, балдар керт башына кам көргөн, башкаларга көңүл бөлбөгөн ашкере өзүмчүл болуп чоңоюуда. Эрке, тарбиясыз балдардан келечекте начар жолдош же жубай чыгышы шексиз. Ата-энелердин жумушу ушуну менен эле токтоп калбайт. Балдардын чоңоюшу менен суранычтар жана талаптар да чоңоё баштайт. Ата-энелер бул убакта "жок" деп айтууга алсыз болуп калышат жана алар кандай гана болбосун, балдарынын бактылуу болушун каалашып, көбүрөөк каражат берүүгө бел байлашат. Тилекке каршы, бул менен алар балдарын бактылуу кыла алышпайт. Натыйжада, көз каранды жана жоопкерчиликсиз жаштар жана алардын бул абалына капа болгон ата-энелердин коому түзүлө баштады. Алар кайсыл жерде ката кетиргенин жана эмне кылыш керектигин билишпей калды.

Бул көрүнүш колунда бар үй-бүлөлөргө эле тиешелүү эмес. Ар бир америкалык бала ата-энелерин акчанын булагы катары көрүшөт. Көпчүлүк ата-энелер акчаны үнөмдөп, жөнөкөй жашашса да, уул-кыздарына көп жардам көрсөтүшөт. Балдар ысырапкорчулукка жана көз карандылыкка үйрөнүп калышкан.

Ата-энелер балдарынын жетишкендиктерине өтө эле тынчсыздангандыктан, ар дайым кийлигишип турушат жана мунун натыйжасында балдардын билими төмөндөп баратат. Албетте, ата-энелердин тийиштүү жардамы – зарыл жана маанилүү бойдон калат. Бирок, алардын балдарына ымыркайлардай мамиле кылуусу – туура эмес. Кээде балдар ата-энесинин ашыкча камкордугунун кесепетинен кадимки эле жагдайларда, мисалы: "Мен эмне кийишим керек?", "Мен бул жумушту аткарышым керекби?" же " Мен бул кызга үйлөнсөм болобу?" деген сыяктуу чечимдерди кабыл алууга жөндөмсүз болушууда. Көпчүлүк адамдар, ата-энеси аларды бала кезинде көп эркелеткенине, сураганынын баарына жок дебегенине, тийиштүү деңгээлде катуураак кармабаганына нааразы болушат.

Жеке эркиндикти жана ишенимди өнүктүрүү.

Көз каранды болбоо жана чечим кабыл алуудан коркпоо.

КЭЭ БИР ЭНЕЛЕР “МҮМКҮН БОЛБОГОН МИССИЯНЫ” АТКАРУУГА ШАШЫШАТ!

АЛАР СҮЙҮКТҮҮ БАЛДАРЫН КАПАЛАНТА ТУРГАН АР БИР НЕРСЕДЕН КОРГООНУ КААЛАШАТ.

БУЛ МҮМКҮН ЭМЕС!

Ымыркайлардын ыйлаган учурлары

Психолог Джеффри Симпсондун айтымында: «Эгерде адам бир жаш курагында өзүнө болгон ишеними жок болсо, анда 21ге чыкканда да өнөктөштөрү менен болгон мамилесинде терс сезимдерге кабылуусу ыктымал».

Симпсон жана анын кесиптештери ымыркай кезинен баштап, чейрек кылым аралыгында 78 адамды байкап турушкан. Изилдөөчүлөрдүн сунушу боюнча, энелер ымыркайларын кыска убакытка лабораторияга калтырышкан. Бул убакта наристелер абдан ыйлап, ыза болушкан. Энелери кайтып келгенде, кээ бир ымыркайлар энелерине бекем жабышып, кубанычын таркатып, бир аз убакыттан кийин тынчтанып калышкан. Экинчи топтогу наристелер көпкө созулган сооротуудан кийин гана тынчтанышкан. Үчүнчү ымыркайлардын тобу энелеринин сооротууларына да көнбөй, көпкө ыза болушкан.

Коопсуз шартта чоңойгон бала: «Мен ата-энеме ишенем, алар мени тынчтандырат», — деген ойдо болот, ал эми кооптуу шартта өскөн бала: "ата- энем мени таштап кетет" же "менин ата-энем мага кайдыгер", же "мен эптеп алардын көңүлүн өзүмө бурдурушум керек" деген ой менен жашайт. Эгерде балдар бир жашка чыкканча кооптуу шартта чоңоюшса, алар алсыз жана көз каранды болуп жетилишет. Жакшы шартта өскөн наристелер өздөрүн коопсуз сезип, көз карандысыз, эркин жүрүм-турумга ээ болуп чоңоюшат. Кароосуз калган же балдар үйүнө таштап кеткен наристелер дайыма кооптонуу абалында болушат

жана алар кийинки жашоосунда да бул абалынан толук чыга албай калуулары ыктымал.

Эгерде сиздин ымыркайыңыз ыйлап, сизге кайрылса, анда сиз сөзсүз түрдө ага жооп беришиңиз керек. Алар сооронуп алгандан кийин гана дүйнөнү изилдөөнү кайра башташат. Романтикалуу жубайлар да эмоционалдык муктаждыктарын канааттандыргандан кийин, бири-бири менен өз ара көз карандылыкта болушат. Адамдар, эгерде бир нерсе туура эмес болуп калса, аларга жардам берүү жана сооротуу үчүн кимдир бирөөнүн бар экендигин билгенде гана, тобокелге салышып, кыйынчылыктарга туруштук бере алышат.

Башкалардан жардам сурап кайрыла алган жана жардам берилген адамдар - өз ара көз каранды болууга жөндөмдүү адамдар.

Жаш курагына байланыштуу жетишкендиктер

Ата-энелери балдарын жөндөмдүү жана көз карандысыз болууга үйрөтүшсө, жаш балдар өздөрүн жөндөмдүү жана көз карандысыз деп эсептешет. Ата-энелери сүйүү жана колдоо көрсөтүп, изилдөөгө жана кызыгууга үндөп, көндүмдөрдү үйрөтүп, тандоого укугуна мүмкүнчүлүк бергенде, балдар эркин болуп өсүшөт. Ата-энелердин балдарды өркүндөтүүгө болгон дилгирлиги, келечекте мыкты жемишин берет.

Өзүн-өзү коргоо милдеттери көз карандысыздыкка алып келет. Ымыркайлардын өздөрүнүн баштарын көтөрүп, оодарылып же отуруусу – көз карандысыздыкка карай жасалган маанилүү кадамдары. Сүйүү, берилгендик жана кам көрүү аларга ушул максатка жетүүгө жардам берет.

Балдар кыймылдуу боло баштаганда, ко-

опсуз чөйрө – чоң маниге ээ. Дүйнөгө болгон кызыгуусу артып келе жаткан наристелер өздөрүнүн коопсуздугу жөнүндө эч нерсе билишпейт. Кичинекей балаңызга аз болсо да, өзүнүн жашоосун контролдоо үчүн, тандоо укугун бериңиз, мисалы: кандай чыгармаларды окуу, кайсыл кийимди кийүүсү, кайсыл ырды жаттоосу сыяктуу.

Мектеп жашына чейинки балдар көптөгөн ойлорду, сезимдерди жана мактаждыктарды билдирүүгө жөндөмдүү жана көз карандысыздыкка карай чоң кадамдарды жасоого даяр. Балдарыңызга кийимдерди жана оюнчуктарды ирээттеп, дастаркон жайып, сүлгүлөрдү ирээттеп же тамакты даярдоодо жардам берүүсүн сураныңыз. Бул компетенттүүлүк жана көз карандысыздык сезимин калыптандырат. Мектеп жашындагы балдардын көз карандысыздыкка жетишүү үчүн көптөгөн мүмкүнчүлүктөрү бар. Дос тандоо, мектептин долбоорлоруна катышуу жана оюндар – бул алардын күнүмдүк жашоосу. Ошондой эле, чоңураак балдарга үй-бүлөлүк кирешени эсептөө жоопкерчилигин берүү менен аларды каржылык чечим кабыл алуу көндүмдөрүнө үйрөтсө болот. Мүмкүн болушунча, балдардын тандоосун урматтоо керек. Чыныгы дилгирлигин көрсөтүү жана балдарынын көптөгөн майда-барат аткарган жумуштарын баалоо менен, ата-энелер балдарына өз дүйнөсүн башкара билүүгө жана аларды дени сак, көз карандысыз жашоого даярдоого жардам беришет.

Өспүрүмдөргө өз жолун табууга мүмкүндүк бериңиз

Балдар өзүлөрү үчүн бир нерсени сынап көргүсү келет. Балдарыңыздын “мага дагы бир мүнөт берчи” деген талабынан баш тартпооңузду сунуштайбыз. Албетте, айрым учурда сиз үчүн оор болушу да ыктымал. Төмөнкү ойлор балдар менен иштөөдө жардам берет:

“…балдарга мээримдүүлүк менен көңүл коюп, алардын коопсуздугун бекемдөө үчүн колуңуздан келгендин баарын жасаңыз”.

- Баш ийбөө; (чоң кишилердин өтүнүчүн аткаруудан баш тартуу), наристенин көз карандысыздыкка болгон каалоосунун маанилүү бөлүгү.
- Жеткинчектердин оюна макул болуу. Эгер алар ата-энелерине ээрчигиси келсе, анда аларга уруксат бериш керек. Эгер алар өзүлөрүнүн каалоосун аткаргысы келсе, анда ата- энелер ага да макул болгону оң (эгер мүмкүн болсо).
- Балдар буйрукту аткаруудан баш тартканда, аларды алаксытуу жакшы тактика. Же болбосо, балдарга тандоо жасоого уруксат берип, бир аз көзөмөл кылсаңыз болот.
- Буйруктардан жана ультиматумдардан оолак болуу сунушталат. Жеткинчектер чоңдордун көзөмөлүнүн ар кандай түрүнө нааразы болуп, ата-энесинин жардамысыз кийинип, тамактанууну артык көрүшөт. Мындай карама-каршы жүрүм-турум ата-энелердин кыжырына тийсе дагы, нормалдуу көрүнүш болуп саналат.

Үй-бүлөнүн ажырашуусу. Жабыркаган жүрүм-турум

Ата-энелер – өз балдары үчүн эң маанилүү адамдар болуп эсептелет, ошондуктан жаш баланын бейтаа-

ныштардан жана үй-бүлөдөн ажырап калуусунан коркуусу – табигый нерсе. Ар бир мүнөтүн ата-энеси менен чогуу өткөргөн бала, алары бир саамга да көз жаздымдан чыгарып коё албасы – бардыгыбызга маалым. Ата-энелер үчүн да, балдар үчүн да ажырашуу – өтө оор. Ажырашууга байланыштуу пунктарды карап көрүңүз.

- Ата-энелер мүмкүн болушунча, балдарына сүйүүсүн көрсөтүп, аларга көңүл бөлүп, кучактап же ойноп, алардын коопсуздугун орнотуу үчүн бардык аракеттерин жасашы керек. Коопсуздук сезимин түзүү – чыдамдуулукту талап кылат жана бул нерсе бала өз алдынча жашоого даяр болгонго чейин улантылышы керек.
- Наристени биринчи жолу таштап кетүү керек болгондо, азыраак убакытка калтыруу керек. Ошондой эле, бала өзүнүн жаңы тарбиячысын таанып билүүсү үчүн да бир нече убакыт талап кылынышы ыктымал.

- Баланы тынчтандыруу керек. Эртең менен бакчага баруу сыяктуу кыска убакыттык ажырашуулар да, сезимтал наристе үчүн кыйын болушу мүмкүн. Ата-энелер, эгер ажырашууга чечим чыгарышса, бул тууралуу баласы менен ачык-айкын сүйлөшүүлөрү жана баласына кайтып келээрин айтып, ынандыруулары керек. Ата-энелер эч убакта баласына айтпай, кетип калбашы керек. Коштошуу оор болсо да, ата-энелердин жөн эле жоголуп кетүүсүнө караганда, балага анча жеңилирээк болот. Эң маанилүүсү–балаңыздын бактылуу болуусу, жана бул күн сайын уруш жаңжалдан стресске түшүүгө караганда кыйла жакшыраак.

- Балаңыздын сизди ээрчүүсү. Эгерде балаңыз сиздин күнүмдүк жумушуңузга тоскоол болуп, ээрчип, жабышып атса, анда аны өзүңүз менен кошо алып жүргөнүңүз оң. Анткени, ушул шартта гана балаңыз өзүн коопсуз сезиши мүмкүн. Албетте, бул убактынчалык, кийинчерээк балаңыз өз алдынчалыкка көнүп кетет. Ымыркайдын улам кийинки өнүгүү баскычына өткөнүн көрүү, ата-энелердин көңүлүн оорутушу – табигый нерсе.

Өспүрүмдөр

Кичинекей балдарды көз карандысыздыкка тарбиялоо керек жана ошону менен эле бирге алар өздөрүн дайым коопсуз сезүүлөрү кажет. Алар чоңдордун жардамына муктаж, анткени алардын тажрыйбасы жок жана билими аз. Айрым учурда ата-энелер өздөрүнүн бул аракеттерин балдарына түшүндүрүп бере албашы мүмкүн, бул учурда сиз

жөн гана балаңыздан сиздин айткандарыңызга кулак салуусун өтүнүңүз.

Өспүрүмдөрдү тарбиялоо такыр башкача. «Командир» болуунун ордуна, ата-энелер компромисске барган тажрыйбалуу ортомчу-сүйлөшүүчү болгону абзел.

Өспүрүмдөр өз алдынча жашоону үйрөнүшү керек, анткени алдыда аларды чоң турмуш күтүп турат. Ата-энелердин милдети – балдарына туура тарбия берип, аларга өзүлөрүнө болгон ишенимин арттырууга жардам берүү. Ата-энелер, адегенде, турмуштун мыкты сабагын балдарына үйрөтүп, андан соң, тизгинди толугу менен алардын колуна өткөрүп берүүлөрү кажет. Өспүрүмдөр ата-энелеринен азыраак көз каранды болууга үйрөнүшү керек.

Эгер үй-бүлөдө эне бардык жумуштарды өз мойнуна алып, үй кызматчысына айланса, балдар жалкоо, өзүнө ишеними жок болуп чоңоюшат. Алар үчүн башкалардан жардам күтүп жашоо – кадыресе көрүнүш болуп калат.

“Кызматчы” эненин күткөнү орундалбай, балдары ага ыраазычылык билдирүүнүн ордуна ачууланып, нааразы болушат. Балдар улам чоңойгон сайын алардын нааразычылыгы күчөйт, анткени алар каалаганын алууга жана каалаганын жасоого көнүп калышкан. Бул өспүрүмдөр үчүн “мүмкүн” жана ”мүмкүн эмес” деген түшүнүктөрдүн чек аралары белгисиз.

Айрым ата-энелер агрессивдүү келишип, ар бир кырдаалды көзөмөлдөп турушат. Мындай аракеттери, көп учурларда, эркиндикти самап жаткан өспүрүмдөр менен карама-каршылыкка алып келет. Өспүрүмдөргө жашоосун көзөмөлдөөгө жардам берүү – ата-эненин милдети. Бирок, ата-энелер айрым учурларда, көйгөйлөрдү талкуулашканда пикир келишпестиктер болуп, өзүлөрүн башкара албай калышат. Ата-энелер балдарына мүмкүнчүлүк берүүнү үйрөнүшү керек.

Алар өспүрүмдөрдүн акылын башкарууга аракет кылгандын ордуна, аларга акыл айтып, жол көрсөткөнү жакшыраак.

Балдарды эч убакта себепсиз мажбурлабоо керек. Эгер, ата-энелер

бала тарбиялоо маселесинде түшүнбөстүккө кабылышса, анда аны жеңүүгө туура келет. Мындай абал адатта, баланын эмес, ата-эненин көйгөйү.

Бирок, СПИД, баңги заттар жана зомбулук көйгөйү күн санап күч алууда. Балдар үчүн коркунучтар болуп көрбөгөндөй көбөйүп жатат. «Өз катасынан сабак алуу» – өспүрүмдөр үчүн өтө чоң баага турушу мүмкүн.

«Балам эмне болду?» жана «Эмне үчүн мындайсын, жөн эле жашасаң болбойбу?!» – булар кээ бир ата-энелердин жалпы сөздөрү.

Өспүрүм курак – бул ата-энелер менен балдар өз-ара мамилелерин карап чыгып, жакшы жака өзгөртүрүү, чоңдордун өспүрүмдөргө жетекчилик кылуу жана колдоо көрсөтүү мезгили. Эгер баары ойдогудай болсо, балдар бул убакты ар дайым жылуу элестер менен эстеп жүрүшөт.

Айрым аталар кыздарына абдан аёо сезим менен карашат. Ашыкча камкордукка алынган кыздар ата-энелеринен көз каранды болуп калышат. Алар өз алдынча чечим кабыл ала алышпайт. Жада калса айдоочулук күбөлүгүнүн мөөнөтүн узартууга, автоунаасынын камсыздандыруу формасын толтурууга же банк эсебин ачууга да жөндөмсүз келишет. Кала берсе, эки сааттык саякатка өз алдынча чыга алышпайт. Чындыгында, ата-энелер мындайга жол бербеши керек, алар кызына кичинекей кезинен баштап эркиндик бериши керек. Кандайча? Сиз кызыңызды чоңдордун көзөмөлүнүн астында, бир жумага досуңуздун үйүнө же жайкы лагерге жөнөтсөңүз болот.

Көз карандысыздыктын бир аныктамасы!

Көз карандысыздык – бул ата-энелердин баласына берген тандоолорунун, варианттарынын же альтернативаларынын саны.

Үй-бүлөлүк жашоодо балдар ата-энелерин “менеджер” катары иштен алып салууну каалашат. Алар үчүн ата-эне жакшы “консультант” гана болуусу керек. Ата-энелер кырдаалды көзөмөлгө алууну уланта беришсе, аларды тирешүүлөр кутуп тураары анык. Көпчүлүк өспүрүмдөр ата-энелеринен аларды өз эркине коюусун талап кылышат. А бирок өспүрүм курагынан өткөн жаштар, ата-энелери балдарына жакшылык гана тилеп тураарын жана дайыма кам көрөөрүн эскертишет.

Хименес атуу жигит жашаган шаарда бир нече бандалар болгон. Мындан улам, ата-энеси уулунун келечегине кабартырланышчу. Ал: “Мен ата-энемдин мага кам көрөөрүн билчүмүн, ошондуктан, үй-бүлөмдүн тынчсызданууусу мага кереги жок болчу, ата-энем мага өз алдынча ой жүгүртүүнү жана ар кыл бандаларга аралашбоону үйрөттү”, – дейт.

Балага ишеним + ата-эненин көзөмөлү = эркиндик жана көз карандысыздык

Тарбиялоо стилинин таасири: Укукка негизделген жана күчкө негизделген тарбиялоо стили.

Реалдуу эркиндикке жана жетиштүү жоопкерчиликке ээ болгон өспүрүмдөр, жашоосунан көз карандысыздыкты издешбейт

Укукка негизделген тарбия (ыйгарымдуу тарбия стили) — балдардын укугун эске алып, аларды өздөрүнө ишенимдүү болууга түрткү берген тарбиялоо стили, ал эми бийликке негизделген тарбия (диктатордук тарбия стили) – ата-энелердин бийлигине негизделип, баланы көз карандылыкка тарбиялоо дегенди билдирет. Көпчүлүк чоңдорго мезгил-мезгили менен чечим кабыл алуу кыйынга турса, кээ бирөөлөр үчүн жашоосунда күн сайын кайталануучу проблемага айланган. Мындай адамдар үчүн кечки тамакты пландоо, буюм сатып алуу, кайсы чыгарманы окуу сыяктуу кыймыл аракеттер кадыресе кайгылуу окуя болушу мүмкүн. Айрымдар өздөрү чечим кабыл алгандан көрө, башкалардын чечимин жактырганды артык көрөт.

Күч колдонгон ата-энелер тарабынан тарбияланган балдарда эки жалпы коркунуч болот. Биринчи коркунуч - ийгиликсиздиктен коркуу. Чоңдордун "Чечим кабыл алуудан коркуу" сезими балалык кезинен тарта калыптанып калган. Кимдир бирөө алар үчүн дайыма кам көргөн жана ар кандай кыйынчылыктардан коргоп, алар үчүн чечим кабыл алган. Ата-эненин күч колдонуусу менен тарбияланган балдар: "Эгер мен үчүн башка бирөө жасай турган болсо, тобокелге барбаганым оң", – деп ойлошот. Бул балдар ой жүгүртүүгө жөндөмсүз болуп, чечим чыгаруудан качышат.

Экинчи коркунуч – четке кагылуудан коркуу. Көбүнчө, күч колдонуу менен өтө катуу тартипте чоңойгон балдар, ата-энесинин макулдугуна муктаж болуп чоңоюшат. Алгачкы жылдары бул бала үчүн пайдалуу жана коопсуз болушу мүмкүн, бирок, кийинчерээк, балдардын өзүн-өзү баалоосу жана өзүн-өзү тастыктоосу төмөндөйт. Өзүн өзү тастыктай албаган бала чечимдери туура эмес болуп, четке кагылгандан көрө, пассивдүү жана көз каранды болууну артык көрөт.

Укукка негизделген тарбияда ата- энелер балдарын кыйынчылыктарды эрдик менен жеңүүгө үйрөтүшөт. Ошол эле учурда, алар балдарына туура чечим кабыл алуу үчүн билим аркылуу тобокелчиликтерге барууга үйрөтүшөт. Өзүнө өзү ишенүүгө үндөө менен, ата-энелер балдарына билим алууга, ийгиликке жетүүгө мүмкүнчүлүк берип, иш жүзүндө ийгиликсиздикке жол беришет.

Укукка негизделген тарбияны колдогон ата-энелердин: «Мага ийгилик көрсөт, мен сага ийгиликсиздикти көрсөтөм» деген сөзү, көптөгөн ийгиликтер ийгиликсиздиктин натыйжасында келип чыгат дегенди билдирет. Балдар кетирген каталарын баалап, кийинки жолу эмнеден сактанууну керек экендигин билип алышат жана ошол каталарынан сабак алышып, дагы бир жолу аракет кылып көрүүгө бел байлашат. Көрсөт-

мөлөрдү түзүңүз, бирок ыраатсыздык менен ийкемдүүлүктү чаташтырбаңыз. Ырааттуулук коопсуздукка, алдын-ала божомолдоого жана себеп менен натыйжаны түшүнүүгө өбөлгө түзгөндүктөн, бул ата-эненин тарбиясынын маанилүү өзгөчөлүгү. Эң негизгиси – ырааттуу бойдон туруп, ийкемдүү болуу. Укукка негизделген тарбиянын ийкемдүүлүгү ачыкка чыккан жаңы маалыматтарга негизделген калыстыкты жана чечимдерди кайрадан баалоого даярдыгын билдирет. Мындай тарбиянын көрсөтмөлөрү орчундуу себептер болгондо гана өзгөрүп турат.

Экинчи жагынан, катаалдык – бул жаңы шарттарды өзгөртүүңүздү талап кылса дагы, өзгөрүүдөн баш тартуу. Күчкө негизделген тарбияны колдогон ата-энелер балдарына карата: «мен айткандай болот» же «анткени мен сенин ата-энеңмин» же «мен айткандай кыл» деген сөздөрдү колдонушат. Мындай абалда балдардын көңүлү чөгүп, ата-энесинин катуу көрсөтмөлөрүн бузушу мүмкүн. Алар «менин оюмча жана өзүм үчүн» деген нерсени “себеп жана натыйжасын” ойлонбой эле жасай башташат. Алар буга чейин ийгиликсиздик менен бет-бет келбегендиктен, андан кантип кутулууну билишпейт, натыйжада көптөгөн каталарга жол беришет. Мунун аягы: өзүн-өзү жеңүү, өзүн-өзү сыйлоо сезиминин жоктугуна, көңүл чөгүүгө алып келет. Тилекке каршы, бүгүнкү күндө өспүрүмдөрдүн мындай абалын көп эле көрүп жүрөбүз.

Күчкө негизделген тарбиялоонун дагы бир өкүнүчтүү натыйжасы – азыркы коомдо өздөрүнүн үстүнөн башка бирөөнүн контролдоосуна мүмкүндүк берген акылсыз чоң кишилердин көбөйгөнү. Азыр никелешүү кантип ишке ашып жатат деп ойлойсуз? Үстөмдүк кылууга жана көзөмөлдөөгө жөндөмдүү адам, никеде үстөмдүкө жана көзөмөлгө муктаж адамды издейт. Муну көп учурда мамиленин дал келүүсү деп ойлошуңар мүмкүн, бирок, мындай никенин аягы кайгы-капа менен аякташы ыктымал.

Күчкө негизделген тарбияны колдогон ата-энелердин балдары жашоодо жубайлары менен кыйынчылыктарга туш болушу мүмкүн: анткени, алардын турмушу ашыкча тынчсызданyу же ашыкча талаш-тартыш менен коштолот.

Балдарды көз карандысыздыкка тарбиялоонун жолдору

Бандалар, баңги заттар же секс сыяктуу көйгөйлөр чыныгы коркунучка алып келиши жана кайгылуу кесепетер менен коштолушу мүмкүн. Мындай коркунучтар кээде ата-энелерди консультант эмес, диктатор болууга түртөт. Жаштар мындай оор учурларда балдарга ишенүү – өтө маанилүү экендигин айтышат.

(Фабер жана Мазлиш, 1982)

Калифорнияда чоңойгон 20 жаштагы Лиз ата-энеси менен жыныстык мамиле же баңги заттары тууралуу ачык айкын сүйлөшө алат жана ата-энесинин колдоосуна, дилгирлигине абдан ыраазы. Алар Лиздин достору, классташтары ар кандай ыплас жолдо жүргөнүн да билишет. Бирок алар кызына тыюу салып, катуу көзөмөл да кылышкан жок, болгону ага жыныстык мамилелерден жана баңги заттардан алыс болуу жөнүндө катуу эскертүү беришкен. Ал эми, Лиздин айрым классташтары ата-энелери менен банги зат жана жыныстык катнаш тууралуу сүйлөшө албайт, себеби ата-энелери мындай баарлашууга каршы. Өкүнүчтүүсү, Лиздин бул достору эч ким көрбөгөн жерде баңгизат же ичимдик ичүүнү адат кылып алышты.

Ата-эне канчалык иштин көзүн билип турганына карабастан, өздөрү баласы үчүн чечим кабыл алгандан көрө, баласынын өз алдынча чечим кабыл алуусуна мүмкүндүк бергени жакшыраак. Жетиштүү реалдуу жоопкерчиликке жана көз карандысыздыкка ээ болгон өспүрүмдөр тобокелдүү иштерди азыраак жасашат.

Жашоодо көз каранды позицияны ээлеген адамдар өздөрүн алсыз, пайдасыз, сезишип, капалуу жүрүшөт. Бул ата-энелер үчүн эки анжы ойду жаратат. Бир жагынан, балдар тажрыйбасыздыктан ата-энелеринен көз каранды, экинчи жагынан көз каранды-лык пикир келишпестикке да алып келиши мүмкүн. Ошол үчүн ата-энелер балдары үчүн көп нерселерди жасашы жана аларга көп нерселерди үйрөтүшү керек. Бактыга жараша, балдардын өз алдынчалыгын бекемдөө мүмкүнчүлүктөрү күн сайын көбөйүп баратат. Төмөндө биз, балдардын өзүнө болгон ишенимин арттыруу үчүн бир нече көндүмдөрдү мисал келтирдик:

- Ата-энелер балдардын сезимдерине кулак салып, алар менен ой бөлүшүп, чечимдерди чогуу кабыл алышса, алардын өздөрүнө болгон ишеними курчуйт. Бир эне: “Мен дагы деле чоң энемдин кошунасына суктануу менен караганын эстеймин: “Ал эң сонун эне. Ал балдары үчүн баарын жасайт”, – деп айтчу. Көпчүлүк адамдар жакшы энелердин образын кандай элестетишет, карап көрөлү: алар балдары үчүн дээрлик баарын жасашат, баарына даяр, атүгүл, алар үчүн коопсуз чечим кабыл алып, ар бир кыймылын көзөмөлдөп турушат. Чын эле бул мыкты энеби?! Ашыкча көзөмөлдүн кесепети талаш-тартыштарга, балдардын эркинин талкаланышына, көптөгөн нааразычылыктарга алып келет.
- Ата-энелер акырындык менен тийиштүү милдеттерди балдарына тапшырышы керек. Эгер ата-энелер байкабастыктан балдарынын жумушуна кийлигишип баштаса, өздөрүн кайра артка тартып: “Бул мага тийиштүүбү?”, “Менин кийлигишүүм талап кылынабы?” же “Бул мага керекпи?” деген суроолорду акылынан өткөрүп туруулары сунушталат.
- Ата-энелердин кулагына кумуш сырга! Төмөнкү суроолорду өзүңүзгө такай берип туруңуз:

«Балам мага көз каранды, мен эмне кылышым керек?» Мындан алыс болуңуз!

«Баламдын өз алдынчалыгын колдоо үчүн эмне кылсам болот?» Муну аткарыңыз!

Балдарды көңүл калуудан коргоого аракет кылуу – алардын үмүт кылуусуна, умтулуусуна жана максатка жетүүсүнө тоскоолдук кылат.

МААНИЛҮҮ ЧЫНЫГЫ ОКУЯ!

Бир эне мындай окуяны айтып берди: Балдарыма абдан керек экенимди сезүү кандай бакыт болчу. Бирок, бир жолу сезимдердин уйгу-туйгусунда, мага караганда механикалык ойготкуч саат балдарымды эртең менен алда канча натыйжалуу ойгото алаарын билдим, балдарым өз алдынча окууну үйрөнгөндө, жатаар алдында аларга жомок окуп берүү жумушунан биротоло бошогонумду билдим.

Мендеги балдарымдын өнүгүп келе жаткан көз карандысыздыгы боюнча уйгу-туйгу ойлорум, бала бакчадагы тарбиячынын окуясын түшүнүүгө жардам берди. Тарбиячы: “Бакчада баласы менен отурган бир энени, балаңызды бизге ишенип, өзүңүз үйүңүзгө кете бериңиз деп жөнөтүп жибердим. Энеси кеткенден беш мүнөт өткөндөн кийин, бала ажатканага алып баруумду өтүндү, мен ага уруксат бердим, ал нааразы болуп: “Менин апам бул жерде жок да. Мен бүткөндөн кийин ал дайыма эки алаканын чаап, туруума ишаарат берет”, – деп айтты. А мен ал балага, ажатканага барып, бүткөнүндөн кийин, өзүң эле эки алаканыңды чаап койсоң болот деп түшүндүрдүм. Бала көздөрүн чоң- чоң ачып карап калды. Экиүч мүнөт сыртта күтүп турганымдан кийин, кол чабууларды уктум.

Ошол күнү кечинде баланын энеси мага телефон чалып: “Билесизби, балам мага эмне деп айтты? “Апа, ажатканада мен өзүм эле колумду чаап коё алам. Сиздин жардамыңызга муктаж эмесмин” деди”, — деп мага нааразычылыгын билдирди.

Ишенесизби, ал эне баласынын көз карандысыздыгына кубануунун ордуна, депрессияга түшүп калган болчу”.

БАЛДАРГА ТАНДОО УКУГУН БЕРИҢИЗ

Балаңыз жарым стакан сүт ичеби же бир стакан сүт каалап жатабы, сураңыз, а балким ал ак эмес, кара нан жегиси келип жаткандыр. Балаңызга берилген ар бир тандоо анын көз карандысыздыгын арттырып, өзүнүн жашоосун көзөмөлдөөгө мүмкүнчүлүктөрүн бекемдейт. Балаңыздын кыжырданып, ачууланып жатканы, сиздин ага тандоо мүмкүнчүлүгүн бербей жатканыңыздан кабар берет.

Балдарга ар дайым:

“Бул даарыны ичүү керек”;

“Чай ичип жатканда барабанды ургулаба”;

“Укта, жат!” деген сыяктуу буйруктарды такай берип келебиз.

Эгер биз ага тандоо мүмкүнчүлүгүн берсек, баланын кыжырдануусу жана ачууланууусу басаңдайт, андан сырткары бүтүндөй маанайы да өзгөрө түшөт.

“Балам, билем, бул даары абдан ачуу, бирок аны алма же өрүктүн ширеси менен ичип көрбөйсүңбү?”

“Балам, барабандын үнү мени тынчсыздантып жатат. Балким сен өз бөлмөңө барып ойнойсуң?”

“Азыр биз атаң экөөбүз сүйлөшүп жатабыз, а сенин уктай турган маалың келди, эгер уйкуң келбесе, бөлмөңдө бир аз ойной турсаң болот”.

Аргасыз тандоо – бул баланы мажбурлоонун же аны башкаруунун дагы бир жолу болуп саналат. Альтернативдүү ыкмалардын бири – балага чечим кабыл алууга мүмкүндүк берүү.

Пенсиялык куракка жеткенин мойнуна албаган адамдар уктаар алдында ымыркайлар сыяктуу.

(Браун, 1994)

Бир ата мындай деди:

“Мен, жубайым жана үч жашар наристебиз Хани үчөөбүз көчөдөн өтүп баратканбыз. Ханинин колунан кармап, жетелесек ал жактырбай, жер тепкилеп ыйлагандыктан, мен ага: “Хани, сен апаңдын же менин колубуздан кармап, жетелеп аласынбы?”, – дедим. Ал ойлонуп: “Мен арабаны кармаймын”, – деди. Анын чечими баарыбыз үчүн жакшы болду”.

БАЛАНЫН АРАКЕТИН БААЛОО

Балдарыңыз бир жумуш жасап жатканда, алардын көзүнчө ал жумушту “абдан жеңил” деп айтпаңыз. Эгер алар бул жумушту ийгиликтүү аякташса, сиздин “жеңил” деп баа бергениңиз үчүн, ийгилигинин даамын сезе албайт. Эгер алар бул жумушту аткара алышпаса, анда: “Жеңил жумушту да аткара албадым”, – деп өздөрүнө нааразы боло башташат. Эгер аларга: «Сен муну оңой эле жасай аласың” же «Бул татаал болушу мүмкүн, бирок сен аракет кылып көр» деп айтсаңыз, анда аларда башкача ой пайда болот. Эгер алар бул жумушта ийгиликке жетсе, өздөрү менен сыймыктана алышат. Эгер жумуш оңунан чыкпай калса, бул тапшырма татаал болгонуна жана аркетин сынап көргөнүнө ыраазы болушат.

Айрым учурда, ата-эненин: “Бул татаал болушу мүмкүн” деген сөзүнө бала ишенбейт деп ойлосоңуз, анда карап көрөлү, кимдир бирөө кандайдыр бир жаңы нерсени жасап жатканда ал сөзсүз кыйынчылыктарга кез келет.

Өсүп келе жаткан бала үчүн ар бир жумуш – жаңы жана татаал. Андан сырткары, балаңызга: “Бул сен үчүн татаал болот”, – деп да айтпаңыз. Балаңыз: “Эмнеге мен үчүн, башка бирөө үчүн эмес”, – деп ойлоп калуусу ыктымал.

Айрым ата-энелер балдарынын майнапсыз иш-аракетин карап тура алышпайт да, жардам берүүгө шашышат. Анын ордуна, балаңызга пайдалуу кеңеш бергениңиз артыгыраак. Мисалы: “Сыдырманы улам өйдөгө карай көтөрө бергенден көрө, алгач сыдырманын учун кичинекей футлярга киргизип, бекем кармап, андан соң өйдө көздөй тартуу керек”. Бул мисалда балаңыз сиздин пайдалуу кеңешиңиз менен өзүнүн милдетин жакшы аткарды деп билсек болот.

БАЛАҢЫЗГА ӨТӨ КӨП СУРООЛОРДУ БЕРЕ БЕРБЕҢИЗ

«Кайда бардың?» ... «Эч жака». «Эмне кылдың?» ... «Эч нерсе». Балдар жооп бергиси келбеген же жооп берүүгө даяр эмес суроолордон качуу максатында, коргонуу тактикасын колдонушат: «Билбейм» же «Мени жайыма кой». Бул ата-энелер балдарына экичи жолу суроолорду бере албайт дегенди түшүндүрбөйт. Болгону балаңызды убактылуу тынч коюңуз жана анын сезимдерин сыйлаңыз. Ошондой эле, балаңыз достору менен болгон көңүл ачуудан кийин үйгө келгенде ага: “Бүгүн сенин маанайын жакшы го”, – деп ачуусуна тийген суроолорду бербеңиз. Ансыз деле анын маанайы көтөрүнкү абалда үйгө келээрин билгенсиз да. Демек, балаңыз убактысын өзү үчүн туура пайдаланды. Ошол үчүн, балаңызга ашыкча суроолорду бере бербеңиз.

СУРООЛОРГО ЖООП БЕРҮҮГӨ ШАШПАҢЫЗ

Чоңойгон сайын балдар таң калыштуу, түрдүү суроолорду беришет: "Асан-үсөн деген эмне?" "Эмне үчүн ымыркай келген жагына кайтып кете албайт?" "Колледжге барышым керекпи?" Ата-энелер көп учурларда, мындай суроолорго токтоосуз жана ылайыктуу жооп берүүгө шашышат. Адатта, балдар чоңдорго өздөрү жооп берүүгө акылы жеткен суроолорду беришет. Алардын максаты – ушундай жол менен маалыматтарды ирээттөө. Балаңыз чын эле маанилүү суроо берсе, ага ойлонуп, туура жооп берүү үчүн дайыма убакыт бар. Дароо жооп берүү балдар үчүн пайдалуу эмес. Балдарыңыздын сизге берген суроолорун, бир аз убакыт өткөн соң, өздөрүнө берсеңиз да болот:

“Сен буга кандай карайсын. Кандай деп ойлойсуң?".

"Эмне үчүн адамдар өздөрү каалаганын жасай алышпайт?"

Бир күнү алар:

"Сиз философтор кылымдар бою сурап келген маанилүү суроону берип жатасыз", – деп жооп бериши мүмкүн. Эч кандай шашуунун кереги жок, жооп издөө процесси да өзүнчө баалуу.

БАЛДАРДЫ ҮЙДӨН ТЫШКАРЫ БУЛАКТАРДАН КОЛДОНУУГА ҮНДӨӨ

Балдарга үй-бүлөдөн сырткары коомдон баалуу ресурстарды алууга болоорун өйрөтүүбүз керек. Дүйнө бизге бөтөн жер эмес, жардам керек болгон учурда ал сөзсүз колун сунат. Мектептин медайымы ашыкча салмактуу бала менен тамактануунун туура адаттарын талкуулай алат, бут кийим сатуучу ар дайым кроссовканы кийип жүрүү бутка кандай таасир этерин түшүндүрүп бере алат, китепканачы өспүрүмгө илимий эмгегин

мыкты жазууга жардам берет, тиш доктур щетканы такыр колдонбоо эмнеге алып келээрин жана көп момпосуй жегендин кесепеттерин түшүндүрө алат. Ушул тышкы булактардын көпчүлүгү айрым учурларда ата-эненин милдеттерин жеңилдете алат.

ҮМҮТТӨРҮН ЖОККО ЧЫГАРБАҢЫЗ

Жашоодон ырахат алуу – бул кыялдануу, үмүт кылуу, күтүү жана пландаштыруудан турат. Бирок, реалдуу турмуш башкача болоорун билсеңиз дагы, балдардын кыялдануусуна эч убакта тоскоол болбоңуз.

Ата-энелер үчүн кеңештер

Төмөндө балдардын көз карандысыздыгын арттыруунун кошумча жолдорун мисал келтирдик.

ӨЗ ДЕНЕСИНЕ ЭЭ КЫЛЫҢЫЗ

Ата-энелер балдарынын көздөрүн, чачтарын тазалоодон, ийиндерин түздөп, көйнөктөрүн кагып, жакаларын оңдоп туруудан алыс болгону жакшы. Балдар мындай ашыкча аракеттерди жеке жашоосуна кол тийгизүү деп билишет.

БАЛДАРЫҢЫЗДЫН АЛДЫНДА АЛАРДЫ БАШКА БИРӨӨЛӨР МЕНЕН ТАЛКУУБАҢЫЗ

Элестетиңиз, балдарын жетелеген эки эне жолугушуп, сүйлөшүп жатат: «Биринчи класста кызым жакшы окуй алчу эмес, азыр жылыш бар”. же “Ага маани бербеңиз, ал абдан уялчаак”. Балдар өздөрүн ушундай жол менен талкууга алынып жатканын укканда абдан уялышат.

БАЛДАР ӨЗДӨРҮ ҮЧҮН ЖООП БЕРИШСИН

Баланын көзүнчө анын ата-энесине кайра-кайра: «Жаңы төрөлгөн бөбөк Амирге жактыбы?» же «Эмне үчүн Амир жаңы оюнчугу менен ойнобой жатат? деп сурагандын ордуна, сиз Амирдин өзүнөн сурап көргөнүңүз абзел. “Амир айтчы...” ж.б. Бул баланын өз алдынчалуулугун урматтоонун чыныгы белгиси.

БАЛАҢЫЗДЫН “ДАЯРДЫГЫН” СЕЗИҢИЗ

Кээде бала бир нерсени аябай каалайт, бирок эмоционалдык же физикалык жактан ага даяр эмес, мисалы: кичинекей кыз ванна бөлмөсүн «чоң кыз» сыяктуу колдонууну каалайт, бирок ал али жаш. Кичинекей бала байкесиндей сууда сүзүүнү каалайт, бирок ал суудан коркот. Ал баш бармагын соруу токтотууну каалайт, бирок чарчап калганда, бармакты соруу кандай гана бакыт тартуулайт.

Ата-энелер балдарын мажбурлоонун же уялтуунун ордуна, балдарына болгон ишенимин позитивдүү жол менен билдирүүсү сунушталат:

«Ушул күндөрдүн биринде сен ваннаны эжең сыяктуу колдонсоң болот”, “Сен чоңойгонунда сууга укмуш чумкуп сүзөөрүнө ишенем”, «Качан өзүң каалаганда, бармагыңды сорбой каласың».

УЛАМ ЭЛЕ «ЖОК» ДЕП АЙТУДАН АЛЫС БОЛУҢУЗ

Ата-энелер балдарынын каалоолорун көп учурда четке кагышат. Кээ бир балдар өзүлөрүнүн эркиндигине түздөн-түз кол салуу катары, ата-энелеринен “жок” деген сөздү угушат. Албетте, ата-эне биринчи кезекте баласынын коопсуздугу жана ага пайдалуу нерселер жөнүндө кам көрөт. Кээ бир учурларда “жок” деп айтууга да туура келет. Ошентсе да, ар дайым балдардын тандоосун жана алар-

дын эркиндигин сыйлаңыз жана тең салмактуу чечим чыгарыңыз.

БАЛАҢЫЗ МЕНЕН КЕҢЕШИҢИЗ

Көпчүлүк ата-эне балдарына тиешелүү маселени өздөрү чечүүгө аракеттенишет. Эгер балаңыздын экзаменди жакшы тапшыргандыгы үчүн сыйлагыңыз келсе, ресторан тандоо укугун балаңызга бериңиз. Эгер балаңызга оюнчук сатып алсаңыз, ал менен биринчи кеңешиңиз, оюнчук ага жакпай калса, чыр салышы ыктымал. Себеби, ал оюнчук балаңыздын табитине эмес, сиздин табитиңизге туура келет. Ата- эне эч убакта баласына өзүнүн каалоолорун таңуулабашы керек. Балаңызга чоң кишидей мамиле кылсаңыз, ортоңордо ар дайым түшүнүшүү болот.

Умар ибн аль-Хаттаб айткан:

Балаңыз менен биринчи жети жыл бою ойноп, экинчи жети жыл ичинде аны тарбиялап, андан соң үчүнчү жети жылга шерик кылып алыңыз. Андан кийин аны эркиндикке чыгарыңыз.

Мүнөздүн айрым белгилерин жакшы сапаттар деп атоо – скелетти тирүү жан менен алмаштыруу-га окшош. Адеп-ахлак мүнөзгө гана тиешелүү эмес, ал адамдын бүт бойдон жасалгаланышы жана көрүнүшү. Ак ниеттүүлүккө ээ болуу – өзгөчө белгилерди өрчүтүү дегендик эмес, бул – жашообуздун бардык чөйрөлөрүндө адам катары бүтүн жана ыйманга шайкеш бойдон калуу.

Джон Дью

Кеңеш берүү жана эркиндик: кыздар жана алардын энелери

Ата-энелерге балдарга кеңеш берүү алардын өз алдынчалуулуугуна тоскоол болушу мүмкүн экенин айтканда, көпчүлүк ата-эне түшүнбөстүккө туш келет. Алар эмне үчүн өздөрүнүн акылмандыгы жана тажрыйбасы менен бөлүшүү укугунан ажыратылышы керек экендигин түшүнүшпөйт.

1- МИСАЛ: Айтканынан кайтпаган эне менен анын кызынын мисалын карап көрөлү: *“Кыйынчылыктарга туш болгондо менин балам менин кеңешимден эмне үчүн пайдалана албайт? Менин кызым кээ бир кыздарды жактырбагандыктан, досунун бүтүрүү кечесине баруудан баш тартты. Эгер мен кызыма досунун кечесине эч нерсеге карабай бар деп айтасам, анын эмнеси жаман? Кызым кечеге барбаса, анда ал досун колдобой койгон болот да”.*

Ата-энелер токтоосуз кеңеш беришкенде, балдар өзүлөрүн акылсыз сезиши мүмкүн ("Мен эмне үчүн бул жөнүндө ойлонгон эмесмин?"), ачууланышат ("Жашоомду кантип башташым керектигин айтпа!") же капа болушат. ("Эми эмне кылсам болот?”) Балдар өздөрү эмнени каалап жатканын аңдашып, ошого жараша чечим кабыл алышса, алар өзүлөрүнө ишенимин арттырып, өзүлөрүнүн чечимдери үчүн жоопкерчиликти өз мойнуна алууга даяр болушат. Эгер балаңыз кыйынчылыкка учураса, сиз эмне кылбашыңыз керек? “Бул сенин көйгөйүң, ал менен сен алектенип жатасың”, – деп айтсаңыз эмне болот? Албетте, ал абдан капаланат. Ата-энелер балдардын көйгөйлөрүнө көңүл бурбай коюшса, балдар өзүн жалгыз сезишет. Бирок, көңүл бурбай коюу менен бир заматта кеңеш берүүнүн ортосундагы алтын эрежени табуу – ата-энелер үчүн абдан пайдалуу.

2- МИСАЛ: Бир эне: *“Мен кызым менен ар дайым урушчу элем. Азыр каникул болгонуна байланыштуу ага каалаган нерсесин кийүүгө уруксат бердим. Мектеп күндөрү мен анын керебетине эки мектеп формасын илип коём, ал өзү тандап алат”. Мектеп формасынын артыкчылыгы – кийим жөнүндө эч кандай тандоо жок, андыктан эч кандай талаш-тартыш да жок!*

3- МИСАЛ: Сэминин апасы: *«Мен баламдын жемпер же куртка кийүүсү керек деп күн сайын тынчсыздана берчүм. Эми буга чекит койдум. Балам экөөбүз аба ырайынын өзгөрүшүнө карап диаграмма түзүүнү чечтик. Биз базардан чоң термометр сатып алып, аны сырттагы бактын бутагына илип койдук. Азыр Семи аны күн сайын эртең менен карайт. Эч кандай талаш-тартыш жок. Мен өзүмдү генийдей сезип кетем».*

АБА ЫРАЙЫ	ТУУРА КИЙИНҮҮ
• 20 градус жана андан жогору	Жука кийим
• 10-20 градус	Жемпер
• 9 градус жана андан төмөн	Куртка

4-МИСАЛ: Муна апасынан: *"Эмнеге биз Бермуд же Флорида сыяктуу эс алуу жайларына барбайбыз?", – деп сурады. Бул суроосуна апасы жооп бергенче эле, өзү кайра: "Билем, билем ... Себеби ал өтө кымбат ... Жок дегенде, зоопаркка барсак болобу?"*

Кызыңызга өзүңүздүн оюңузду таңуулабаңыз

Ата-энем мени эч нерсеге мажбурлашкан жок. Ата-энем мага уруксат бербеген учурду эстей албайм. Жоолук кийгенимде, апам: «Муну сен кийишиң керек, анткени бул сенин дениң», – деп айткан жок. Ал эмне үчүн аны кийип жатканыбызды жана кээде ыңгайсыз болуп калышы мүмкүн экендигин түшүндүрдү. Жок, шамалды өткөргөн жеңил көйнөк же шымдарды деле кийип алсаң да болот. Досторум менден эмне үчүн мындай кийим кийип алганымды сураганда, чындыгында, менин диним экенине же ата-энемдин оюна макул болуп эмес, өзүм каалап кийгенимди айттым. Мени угуп турган эки-уч дос кыздарым да ушундай кийим кийсек болобу деп кызыгышып жатты. Мен ата-энеме аябай ыраазы болдум. Бул аларсыз жашай албайм дегенди билдирбейт. Эмнегедир мен аларды ар дайым сыйлайм. Мен өзүмдүн үй-бүлөмдү аябай жакшы көрөм жана аларга дээрлик баарын айта алам. Эжем экөөбүздүн мамилебиз бекем. Бирок, менин үй-бүлөмдүн эң жакшы жери, Амира эң улуусу болсо дагы, мен эң кичүүсү болсом дагы, биздин үй-бүлөдө баарыбыз теңбиз.

(Бешир жана Рида, 1988)

Эгер сизге балаңыздын достору жакпаса...

Ата-энелер балдарынын сылык, чынчыл, жаркыраган, ичпеген, чекпеген жана баңги затын колдонбогон достору болушун каалашат. Ата-энелер балдарын коргоону каалашат жана ошол эле учурда өз алдынчалыгын да колдошот. Эгер балдардын достору ата-энелердин көңүлүнө туура келбесе, мындай достук узакка созулбайт. Көбүнчө балдар дос тандоодо жаңылыштыктарга жол берүүсү ыктымал. Балаңыздын достору тууралуу көбүрөөк маалымат билүүгө аракет кылыңыз, себеби, балаңыздын тигил же бул жүрүм-турумуна анын досторунун таасири абдан күч экенин билиңиз.

Балаңыздын коомдо өздөрүн жетиштүү деңгээлде ылайыктуу алып жүрө албаган балдар менен достошуусунан кооптонушуңуз керек. Уулуңуз же кызыңыз адамдар менен иштөөнүн бир нече түрүн үйрөнүшү керек. Айрым учурда, балаңыздын коомго каршы же мыйзамга каршы аракеттерди жасап албоосу үчүн, туура дос тандоо тууралуу балаңызга такай эскертип туруңуз. Ата-эненин колдоосу, ишеними балдарга социалдык мамилелерин өркүндөтүүгө жардам берет.

Балдарга чечим кабыл алууга жардам берүү – көз карандысыздыкты өркүндөтөт

Ата-энелер төмөнкүлөрдү аткаруу менен, бадарын көз карандысыздыкка үйрөтө алышат:

- Балдарга чечим кабыл алууга мүмкүнчүлүк бериңиз (мисалы, үй-бүлөлүк көңүл ачуу үчүн ылайыктуу жерди тандоо).

- Балдарга мүмкүнчүлүктөрдү таразалоону, керектүү маалыматтарды чогултууну жана алардын чечими кандай натыйжаларды алып келээрин түшүндүрүңүз.

- Балдарга алардын кабыл алган чечими өзү үчүн жана башкалар үчүн же пайда, же кесепеттерди алып келүүсү мумкүн экендигин түшүндүрүңүз. Тамеки тартуунун мисалын колдонсоңуз болот: өспүрүм “чоң жигит” болуп көрүнүүнү каалап, тамеки чеге баштайт, бирок ал тамеки чегүү коркунучтуу кесепеттерге: сары тиштер, ооз көңдөйүнүн жыттануусу, рак жана жүрөк ооруларына алып келери жөнүндө кабары жок. Тамеки өстүрүү кыйратуучу күчкө ээ: ал жердин эң үстүңкү катмары, топурактын азыктуулугун төмөндөтөт. Андан тышкары, та-

меки өстүрүү үчүн пайдаланылган жерлерди муктаж адамдарга тамак-аш жана кийим-кече өндүрүү үчүн колдонсо болот.

- Чечим кабыл алуу муктаждыгы түзүлгөндө, аны кабыл албай коюу – туура эмес чечим кабыл алган менен барабар экенин балаңызга айтып, түшүндүрүңүз. Ата- энелер балдардын чечимин четке какпоо керек. Эгер балаңыздын чечими толук иштелип чыкпаган болсо, аны өркүндөтүүгө жардам бериңиз.

- Балдардын чечимдери алардын табитине жана муктаждыгына жараша болот жана ата-энелердин чечимдерине дал келбеши мүмкүн. Чечим кабыл алуунун эреже, стандарттарын белгилеп коюуңуз кажет. Албетте, зыяндуу чечимдер кабыл алынбайт, андыктан ата-энелер эмне үчүн аларга жол берилбей турганды-гын түшүндүрүшү керек.

Чечим кабыл алуу кадамдары

Чечим кабыл алуу жөндөмү өзүн-өзү баалоону өркүндөтөт. Жашоосун кандайдыр бир деңгээлде башкара алган балдар өз алдынча, жоопкерчиликтүү жана бактылуу чоң кишилер болууга даярданып жатышат. Көз карандысыз балдар төмөнкү кадамдарды басып өтүшөт:

- Чечим кабыл алынышы керек экендигин моюнга алуу
- Чечим кабыл алууга жардам берүүчү маалыматтарды чогултуу
- Альтернативдүү чечимдерди аныктоо
- Чечимдин мүмкүн болгон натыйжаларын иликтөө
- Опциялардын жеке баалуулуктар менен максаттарга туура келерин карап чыгуу
- Чечим кабыл алууга тоскоол болгон себептерди жоюу (курдаштардын кысымы, жетилгендикти далилдөөнү каалоо же козголоң сезими)
- Чечимди турмушка ашыруу

Балаңыздын чечим кабыл алуусуна жетиштүү убакыт бериңиз. Чечим кабыл алуу ылдамдыгы баланын жаш өзгүчүлүгүнө жараша болот.

Балдарды жоопкерчиликке үйрөтүү

Жоопкерчиликтүү болуу – кысым көрсөтүлбөй же коркутуп-үркүтпөй акылдуулук менен иш кылуу дегенди билдирет. Жоопкерчилик – бул чечим кабыл алуу жана ал үчүн отчёт берүү жөндөмү. Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам) айткан:

Мусулмандардын иштерине маани бербегендер, ыймандуулардын катарына кирбейт.
(АХМАД)

Коңшусу ачка отурганда, тоюп алып, уктап жаткандар ыймандуулардан эмес.
(АТ-ТАБАРАНИ)

Балдарды жоопкерчиликке үйрөтүү – өтө маанилүү. Балдар эскертүүлөрсүз өз милдеттерин аткарууга үйрөнүшү керек. Жоопкерчиликтүү балдар өз ыктыяры менен кызмат кылышып, жардам беришет. Балдардын жоопкерчилигин арттыруунун бир жолу – өзүн-өзү көзөмөлдөөгө үйрөтүү. Жоопкерчиликти сезген балдар өздөрүнүн иш-аракеттеринин маанилүүлүгүн жана алардын кесепеттерин түшүнүшөт. Балдар бүгүн кылган иштеринин кесепеттерин уктаар маалга чейин ойлонуп, жоопкерчиликти моюнга алууну үйрөнүшү керек. Балдарынын ар дайым сергек жана түз жолдо жүрүшү үчүн, ата-энелер алардын жүрөгүнө жана акылына Кудайдан коркуу сезимин орнотуулары керек. Балдар кайда гана болбосун, Кудай алардын жанында экендигин билүүлөрү кажет.

Жоопкерчилик – үй жумуштарын аткарууну же тил алчаактыкты гана эмес, ал – жаман менен жакшыны айрымалай билүүнү, алсыздарга жардам көрсөтүүнү, өзүнүн иш-аракеттери башкаларга кандай таасир берээрин жана эрежелер эмне үчүн маанилүү экендигин түшүнүүнү камтыйт. Балдарын жоопкерчиликке үйрөтүү үчүн ата-энелер өзүлөрү жоопкерчиликтүү болуулары керек.

Жакшы мисал: Ата менен уулу дүкөнгө шашып, чуркап келе жатышты. Тепкичтен түшүп баратып, алар коляска түртүп бараткан жаш балалуу энеге үстүңкү кабатка көтөрүлүүгө жардам беришти. Мындан бала адамдарга жардам берүү – кээ бир жеке каржылык пайдадан да маанилүүрөөк экенин түшүнүп, жакшы сабак алды.

Баласы кандайдыр бир жоопкерчиликти аркалаганда, ата-энелер муну байкап, ыраазычылык билдириши керек. Аларды жакшы жүрүм-туруму үчүн мактап же кубаттап турунуз. Көпчүлүк учурларда, баланын жоопкерчилик менен иш алып барган учурларын этибарга албай же болбосо аны кадимки көрүнүштөй эле кабыл алабыз. Эң жаманы, көпчүлүк ата-энелер балдарынын жоопкерчиликсиз ишин дароо байка-

шат, ал эми баягы күнү жасаган жоопкечиликтүү жумушун ата-энеси этибарга да албаган болушу мүмкүн. Натыйжада, балдар өзүлөрүнө: "Менин туура иш жасаганымды эч ким эстебейт, ал эми туура эмес иш кылганымды эч ким унутпайт", – деп капаланышы турган кеп. Ата-энелер балдарынын аракеттерин баалап туруулары керек. Андан сырткары: "Рахмат, бул чоң жардам болду", "Бүгүн китептериңди чай ичүүчү столдун үстүнө эмес, өз бөлмөңө алып барганыңды байкадым, азаматсың" же "Үйгө киргенде курткаңды илип койгонуңа ыраазымын", – деп балдардын аракеттерин баалап турушубуз керек.

Туура чечим чыгаруу – жоопкерчиликтүү жүрүм-турумду камсыздайт. Эгер балдарыңызга ар дайым эмне кылуу керектигин эскертип, айта берсеңиз, алар туура чечим кабыл ала алышпайт, ошону менен бирге алар жасаган аракетине да жоопкерчиликтүү мамиледе болушпайт. Балдарыңызга тандоо укугун бериңиз, жашоо өзү ар кыл тандоолорду кабыл алуу менен уланат эмеспи. Үй-бүлө мүчөлөрүнө жумуш тапшыруунун ордуна, үйдө жасалышы керек болгон нерселердин тизмесин түзүп, кайсыл жумушту ким жасай тургандыгын үй-бүлөлүк чогулушта талкуулаңыз. Алар биргелешип милдеттерди бөлүштүрүшөт жана ар бир адамга ылайыктуу тапшырмалар жүктөлөт, балким алар, тажатма жана зээригичтүү жумуштарды аткарууда, өз ара ротация системасын иштеп чыгышат. Бул процесс балдарыңызга чечим кабыл алууну, кеңешүүнү жана жоопкерчиликти үйрөтүүнүн практикалык жолу.

Өнүгүүнүн башаты: мамилелер жана дүйнө тааным

Эгер ата-энелер жоопкерчиликтүү болсо, маселенин жарымынын чечилгени. Калган бөлүгү – балдардын жоопкерчиликтүү ата-энесинин кадамы менен басуусу.

Балдарды чоң турмушка даярдоодо, аларды жетиштүү билимге жана жакшы мүнөзгө ээ кылып тарбиялашыбыз кажет. Жоопкерчилик – жакшы мүнөздүн маанилүү элементтеринин бири. Жоопкерчилик ата-энелердин балдарына өткөрүп берген менталитетинен же болжолдоолорунан башталат. Эгерде ата-энелердин ою боюнча, балдар ойноп, өзүлөрүн кубандырышы керек болсо, анда балдар ата-энесинин үмүтүн орундатышат, бирок милдеттерин аткарууга келгенде нааразычылыктарды билдиришет. Эгерде ата-энелер балдарын өзүмчүл болуп чоңоюшат деп ишенишсе, анда баласы чын эле өзүмчүл адам болуп бой жетет. Өзүмчүл, ачуулуу, кайдыгер балдарды тарбиялоонун эң жакшы ыкмаларынын бири – бул ата-эненин баласынан чоң жетишкендиктерди эмес, аз нерселерди күтүүсү. Эгерде ата-энелердин дүйнө таанымы – ар бир адам, жашына жана мүмкүнчүлүгүнө карабастан, коомдун жыргалчылыгына салым кошуусу болсо, анда алардын жүрүм-туруму, мамилелери бул ойлорун чагылдырып турат жана

балдары коом алдында жоопкерчиликтин маанилүүлүгүн түшүнүп, ата-энесинин изи менен чоң турмушка аттанат.

Биз ата-энелер жашоодо ийгиликке жете алган балдарды чоңойткубуз келет. Жоопкерчиликке үйрөнгөн балдар азыраак көз каранды болушат жана өздөрүнүн аракеттери үчүн жоопкерчиликти сезе билишет. Жоопкерчиликтүү болуп эч ким төрөлбөйт, биз аны үйрөнүшүбүз жана балдарыбызга үйрөтүшүбүз керек.

Мүмкүн болушунча балаңызды эрте жаш курагынан жоопкерчиликке үндөңүз. Балдарына ашыкча коопсуз жай түзүүгө аракеттенген ата-энелер, балдарынын жоопкерчиликсиз болуп өсүшүнө шарт түзүшөт. Себеби, бул ата-энелер баладарына жаман иш аракеттердин кесепеттерин көрүүгө жол бербейт. Мындай шартта өскөн балдар милдеттерин унутуп, укуктарын гана талап кылууну жактырышат. “Мен коомго эмне кыла алам?” дегендин ордуна, “Коом мага карыз” же “Коом мага эмне кылды?” деп чоңоёт. Эгер балдарга жоопкерчилик тууралуу үйрөтпөсөк, алар жоопкерчиликтүү боло алышпайт.

Окутуу жана тарбиялоо – ата-эне менен баланын мамилесинин маанилүү бөлүгү. Жоопкерчилик – бул жөндөм гана эмес, ал мамиле.Балдарга оюнчуктарды кантип жыйноо керектигин үйрөтмөйүнчө, алар аны билишпейт.

Ата-энелердин балдарына жоопкерчиликти үйрөтүүнүн эң жакшы жолу – күн сайын, бирок аз-аздан айтып, көрсөтүп, жеткиликтүү деңгээлде түшүндүрүүсү.

Жалкоолукка жол бербеңиз. Балаңыздын жумасына эки жолу идиш жууп, эки күн таштандыларды чыгарып койгону менен эч нерсе чечилбейт. Ийгиликтүү жана жемиштүү турмушта жашоо – оор жумушту жана жоопкерчиликти талап кылаарын дайым эскертип туруңуз. Жоопкерчиликке рөтүүнү мектепке чейинки курактан баштаңыз.Эгерде үй-бүлөңүздө жаңы ымыркайдын төрөлүүсү күтүлүп жатса, уулуңузга же кызыңызга бул жаңылык тууралуу эртерээк кабарлаңыз. “Биз жаңы төрөлгөн ымыркайды чогуу багып чоңойтобуз”, – деп, аларды өнөктөш болууга чакырыңыз. Алар бул идеяны толкунануу менен кабыл алышат. Андан кийин алар өздөрүнөн кичүү бир тууганына кам көрүүгө, таза жалаяктарды алып келип, кийимдерин ирээттеп, ымыркайдын түшүп калган оюнчуктарын чогултууга жардам көрсөтө алышат. Бул менен алар ата-энесинин кыймыл-аракеттерин байкап эле тим болбостон, чогуу иштөөнүн жана үй-бүлөгө кызмат кылуунун артыкчылыктарын үйрөнүп башташат.

Жаш кезинен баштаңыз

Жаш чырпыкты түздөсө болот. Эгер анын бутактары катып баштаганда түздөөгө аракет кылсаңыз, сындырып алууңуз ыктымал.

(Арабчадан которулду)

Өнүгүүнүн ар кандай баскычтарындагы мүмкүнчүлүктөр

ЫМЫРКАЙ ЖАНА НАРИСТЕ КУРАК

Ушул кураста балдар ата-энелерин сынай башташат. Мисалы, эки жаштагы бала ата-энесинин көңүлүн буруш үчүн оюнчукту бир нече жолу ыргытат, андан соң ачууланып оюнчукту ыргытып салганды үйрөнөт, албетте, сиз оюнчукту балаңызга алып берүүдөн тажабайсыз, ошентип ал чоңдордун реакцияларын үйрөнүп, тааный баштайт. Бул учурда ата-энелер балага чек коюуга уруксат бербестен, баласына чек коюшу керек. Эгер ал оюнчукту бир жолу ыргытып жиберсе, анда ата-энелер аны алып, кайра беришет. Бирок, эгерде бала оюнчукту атайылап кайра-кайра ыргыта берсе, анда оюнчукту алып салсаңыз да болот. Мындан бала туура эмес аракеттер үчүн сыйланбай калаарын билет. Бул кураста балдар ата-энелеринин чыдамдуулугун текшерүүдө кандай ыкмаларды колдонууну да билишет. Алар – биздин акылыбызды ойноткон кичинекей психологдор.

ЭРТЕ БАЛАЛЫК

Балалыктын алгачкы жылдарында балдар өзүлөрүнө кам көрүүнү үйрөнүшү керек. Алар чачтарын тарашып, тиштерин жууп, бут кийимин байлап, өздөрүн таза алып жүрүүгө үйрөнө башташы керек. Алардын өзүн-өзү сыйлоо сезимин өстүрүү максатында, үй ичиндеги кичинекей жумуштарды берсеңиз болот, бул менен үй чарбасына салым кошуу сезимдерин көтөрмөлөөгө да жардам бересиз. Үй жумуштарын жасоодон баш тартуу – жазалоо менен коштолоорун билиши керек. Эгер жумуштар аягына чыкпай калса, алар достору менен ойноп же телевизор көрө алышпайт. Үй жумуштары бүткөндөн кийин, балдар каалаган нерсесин жасай алышат.

МЕКТЕП ЖАШЫНДАГЫ БАЛДАР

Балдар чоңойгон сайын алардын жоопкерчилиги дагы жогорулайт. Балдарды жоопкерчиликке тартуу үчүн сыйлык берүү тууралуу да ойлонуп көрүңүз. Балаңыз үй жумуштарына жакшы жардам берсе, үй жаныбарларына каралашып, кичинекей бөбөгүн алаксытып, ойнотсо, аны мактап, белек менен кубантып коюңуз. Анын ар бир жоопкерчиликтүү аракетин баалап туруңуз.

Эгер балдар мектепте жакшы окубаса же үйдүн айланасында жардам бербесе, көйгөйдүн тамырын табууга аракет кылыңыз. Балдарга бир гана ийгиликке жетүүгө эмес, ийгиликсиздик менен бетме-бет келүүгө да мүмкүндүк бериңиз. Бул кураста балдар курдаштары менен каршылыктарга көбүрөөк кабылышы ыктымал. Эгерде үй-бүлөдө ата-энеси аларга туура эмес жүрүм-турумдун кесепеттерин айтып, жоопкерчиликтүү болууга үйрөтсө, алар курдаштары менен келишпестикке, терс мамилелерге азыраак барышат. Сүйлөшүү тилкесин ачык кармоо – балдарга коркуу сезимдерин ата-энелери менен талкуулоого жана алардын сезимдерин түшүнүүгө мүмкүнчүлүк берет.

ӨСПҮРҮМДӨР

Өспүрүм балаңызга туура чечим кабал алууну үйрөтүңүз. Ошону менен бирге туура эмес иш-аракеттер ар кыл кесепеттер менен коштолоорун такай айтып туруңуз. Бул кураста балаңыз жакшы, жаманды ачык айырмалап калат жана бул алардын туура чечим кабыл алуусуна шарт түзөт.

Өспүрүм балаңыздын жоопкерчилик сезимин өрчүтүүгө аракет кылыңыз. Эгерде, жоопкерчиликтин негизи мурунтан эле түптөлсө, анда сиз балаңыз менен анын келечегин талкуулоого жакшы мүмкүнчүлүк аласыз. Балдарга ийгиликке жетүү үчүн жооптуу болуу зарыл экендигин түшүндүрүңүз. Балаңыздын максаттарын аныктоого жана аларга жетүүгө жардам бериңиз.

БОЙГО ЖЕТКЕН КУРАК

Эгер сиз балдарыңызга жоопкерчилик сезимин үйрөткөн болсоңуз, анда алар өзүлөрүнө ишенип, ата-энесинен бөлөк жашоо баштоого аракет кыла башташат. Ал эми, көз карандысыздыкка үйрөнбөгөн балдар ата-энесинен ажыроону каалашпайт. Алар өздөрүнүн жашоосун өз колуна алып, жоопкерчиликтүү болууга даяр эмес. Эгер алар кокустан кыйынчылыктарга туш болушса, күнөөнү ата-энесинен же жакындарынан издешет. Жоопкерчиликти сезбеген адамдар, коомдо мамиле курууда жагымсыз абалдарга туш болуулары ыктымал.

Принциптерди иштеп чыгуу

КӨҢҮЛДҮҮ ЖУМУШ

Жеткинчектер жана наристе балдар ата-энелеринин айткандарына абдан ишенишет, ошондуктан аларга жумуш жасоону көңүлдүү кылып көрсөтсөңүз болот. Мисалы: балдарыңыз менен оюн аркылуу оюнчактарды жыйнасаңар болот. Жеткинчектер үй жумушуна чын көңүлү менен жардам беришет. Атүгүл, жумуштарды сизден талашуулары да

мүмкүн. Болгону – сиз аларды кызыктырууңуз керек. Ата-энелер балдарынын көзүнчө сүйлөп жатканда этият болуш керек. Эгер балдарыңызга: "Апаңар силер менен көңүл ачууну каалайт, бирок ал азыр иштеши керек", – деп айтсаңыз, балдар жумуш кылуу – бул жагымсыз нерсе деп түшүнүп калышат. Анын ордуна, энеси: "Мен үйдү шыпырып жатканда, сен күрөктү кармап тура аласыңбы, сүйлөшүп чогуу жумуш жасамакпыз? – деп айтканы жакшыраак.

Балдарыңызга жумуш – бул артыкчылык (укук эмес) деген кабарды жеткирүүңүз кажет. Ошондой эле, ата-энелер бадарына физикалык жумуштун маанилүү жактарын айтып, түшүндүрүүсү керек. Жумушка жараксыз же майып, же болбосо катуу жаракаттан улам физикалык жумушту жасай албагандар да бар экенин айтыңыз.

Балдарыңыз менен көңүл ачуу убактыңарды шаңдуу өткөрүүгө аракет кылыңыз: ырдап, бийлеп, кызыктуу маек же тамашалар аркылуу. Балдарыңыздын үй жумушу үчүн жана көңүл ачуусу үчүн убактыларын бөлүп коюңуз. Бул балдарды жумушка шыктандырат жана жоопкерчиликтерин арттырат. Айрыкча короо-жай жумуштарын үй-бүлө мүчөлөрү менен чогуу жасоо – көп артыкчылыктарга ээ.

БИРГЕЛЕШИП ИШТӨӨ

Ата-энелер балдарды тарбиялоодо “биз” деген сөздү көбүрөөк колдонгону пайдалуураак. Мисалы: «Биз ар дайым кир кийимдерибизди полго эмес, кир жуучу машинага салабыз», – десе, балдар ата-энелери менен бирге экенин жана алар чогуу туура иш жасап жатканын сезишет. Бул жол менен балдардын өздөрүнүн жүрүм-турумун оңдой башташат. Балдарга: "Бөлмөнү тазалагыла", – дегендин ордуна, «Бөлмөнү чогуу тазалайлы», – деп айтса болот. Ата-энеси менен чогуу жумуш кылганда, балдар ал жумушту туура жасоону жана жоопкерчиликтүү болууну үйрөнүшөт.

Ишениңиз, балдар чогуу аткарылган жумушту жактырышат жана жоопкерчиликтүү болууну ата-энелеринин сүйүүсү менен байланыштырышат. Мектепке чейинки балдарга айрым тандоолорду жасоого уруксат берилиши керек. Айрым учурларда, балаңыз: “Сен ушул жумушту жасаганы жатасыңбы”, – деген сөздү угушу керек. Балдарыңыздын кайдыгер, жалкоо, жоопкерчиликсиздигине уруксат бербеңиз. Жоопкерчиликтин маанилүү бөлүгү – бул адамдын сезимдерине карабастан, эмне кылуу керектигин үйрөнүү. Бир эле учурда мээримдүү жана

ОЮН АЛДЫНАН ОН ЭРЕЖЕ

Балдарыңыздан сыртка чыгып ойноодоон мурун короодогу он ташты ыргытып же он майда чөптөрдү терип салуусун сураныңыз. Же болбосо, алар он жалбырыкты, он соолуп калган гүлдүн бутактарын акыр салаган чакага таштап коюшса да болот. Же балаңыз мунун ордуна чоң бир жумуш жасай алат, мисалы: дарактарды сугарып же тырмооч менен короону тазалап койсо да болот.

Ливиялык бир киши өз бакчасын алты тилкеге бөлүп, аны алты өспүрүм балдарына өткөрүп берген. Алар өздөрүнө тиешелүү тилкеге каалаган жашылча, жемиштерди өстүрө турган болушкан. Эгер аялына үй-бүлөлүк тамак үчүн жашылча керек болсо, ал балдардан помидор, калемпир же дагы башка нерселер барбы деп сурайт. Бакча абдан кооз жана дайыма өз убагында суугарылып турат. Бул система жашылдандыруу тапшырмаларын бөлүштүрүүгө байланыштуу бардык жүйөлөрдү жок кылды!

(Сильвия Хант)

чечимдериңизге бекем болуңуз.

ЖООПКЕРЧИЛИКТЕРДИ АКЫРЫНДЫК МЕНЕН ОРНОТУУ

Ата-энелердин кетирген каталарынын бири – балдарына "жоопкерчиликтүү" жашка жеткенге чейин (эч кандай жумушсуз) ойноп жүрө берүүсүнө уруксат берүү. Андан кийин күтүлбөгөн жерден балдарына бир топ милдеттерди жүктөй башташат. Балдарыңызга милдеттенмелерди акырындык менен, жыл сайын көбөйтүп бериңиз.

Айрым өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдө балдарга (айрыкча кыздарга) ымыркайларга кам көрүү, суу ташып келүү, үй жумуштарына жардам берүү сыяктуу милдеттенмелерди берип баштады. Айрым учурларда 8 жаштагы балдар чоңдордун коштоосунда кээ бир жеңил жумуштарда жардамчы катары иштешүүдө.

19 жаштагы балдар жумасына 40 саат иштегенге мүмкүнчүлүгү бар. Ата-энелердин милдети – жоопкерчиликтерди акырындык менен күчөтүү. Күн тартиби мектепке чейинки куракта башталат (кийимдерин ирээттөө, оюнчуктарды жыйноо сыяктуу).

Балдардын жаш курагына жана жөндөмүнө ылайык келген дагы башка тапшырмаларды акырындык менен кошсо болот. Алты жашка чейинки балдар күн сайын дасторкон жайып, керебеттерин жыйнап, идиштерди кургатууга жардам берип, үй жаныбарларын азыктандырып, тамактан кийин дасторконду тазалап, жардам же көрсөтмө менен жеңил киймдерин жууп баштаса болот. Жыл сайын, акырындык менен жаңы милдеттердин киргизилишин сунуштайбыз . Ошондой эле, өспүрүмдөр жамааттык ыктыярдуу жумуштарда иштей алышат.

БАЛАҢЫЗДЫН: «БУЛ МЕНИН ЖУМУШУМ ЭМЕС» ДЕГЕН МАМИЛЕСИН КОЛДОБОҢУЗ

Балдарыңызга үй-бүлөнүн жоопкерчилигин чогуу аткаруу керектигин түшүндүрүңүз. Адилеттүүлүктү орнотуу үчүн балдарыңыздын ортосунда уруш-талаш болуусунан тынчсызданыңыз. Эгерде ата-эне көбүрөөк отоо чөп терген баласына же эки баласы бирдей идиш-аякты кургаткан болсо да, алардын бирөөсүнө көбүрөөк артыкчылык беришсе, бул ата-андаштыкка, уруш-талашка жана бир туугандардын ортосундагы гармониянын талкаланышына алып келет.

Сиз үй-бүлөдө чогуу иштөө менталитетин калыптандырыңыз. Балдарыңызга: «Дасторкон тазаланып бүткөндөн кийин, баарыбыз сейил бакка барабыз» же «Эгерде бүгүн короо-жай иштерин бүтүрсөк, кечинде балмуздак же попкорн жейбиз» деп айтсаңыз болот. Топтук сыйлыктар ынтымакты, биргелешип иштөөнү, жоопкерчиликти күчөтөт. Балдарыңызды бири-бирине жумушта жардам берүүгө жана бири-биринин жүгүн көтөрүүгө үндөңүз. Чоң балаңыз кичүү инисинин сабактарына жардам берсе, кичүү балаңыз байкесине үй жумуштарына жардам берүүсү керек.

Практикалык кеңештер

- Балаңызга өтө көп тапшырмаларды бербеңиз. Балаңыздын жөндөмүн жана мүнөзүн эске алып, ийгиликке жете турган тапшырмаларды беришиңиз керек. Ийгилик жана мактоо аларды көбүрөөк иш-аракет кылууга түрткү берет, ал эми ашыкча тапшырмалар натыйжасыздыкка алып келип, мотивацияны жок кылат.
- Балаңызда жоопкерчиликтүү мамилени күтүңүз. Сиздин күтүүңүзгө балаңыз абдан кызыкдар. Балаңызга кандайдыр бир тапшырма бергенде, убакыт маселесин дагы талкуулаңыз. Ал тапшырманын аткарылышын толук бойдон балаңызга ишенип тапшырыңыз жана улам көзөмөлдөп туруудан алыс болуңуз. Эгерде балаңыздын күчү жетпей жатканын байкасаңыз, кеңеш айтып же жардам бере аласыз.
- Балаңызды «жоопкерчиликсиз» деп атабаңыз. Эгерде балаңыз кандайдыр бир жумушка кайдыгер, жоопкерчиликсиз мамиле жасаса да, аны мындай оор тийүүчү сөздөр менен урушуунун кереги жок. Андан көрө түшүнүшүүгө аракет кылыңыздар. Эгер балаңыз унутчаак болуп баратса, сиздин: «Эгер башың мойнуңа бай-ланбаган болсо, анда аны да унутуп коймок элең», – деп урушканыңыз жакшы эмес. Мындай комментарийлер көңүлдү оорутат. Сиз балаңызды эмес, анын жүрүм-турумун сынга алыңыз.
- Балаңызга график түзүүдө жардам бериңиз. Ага үй тапшырмасына канча убакыт кетерин эсептеп, ага ылайык пландаштырууну көрсөтүңүз. Ошондой эле, үй жумуштарын жасоого, жуунууга, сыртта эс алып ойноого, дээрлик бардык иш-аракеттерин пландап, убакытты сарамжалдуу колдонууну үйрөтүңүз.
- Чоң тапшырмаларды бир нече майда тапшырмаларга бөлүштүрүңүз. Бул балдарга аткарган жумуштарынын натыйжаларын көрүүгө жана сизге же өзүнө отчётторду берүүгө жардам берет.
- Балдарыңыздын үй тапшырмасын аткарбаңыз. Мектептен берилген тапшырмалар ата-эненин эмес, балдардын милдети. Балдар эртеби, кечпи сабактардан экзамендерди тапшырышат, ошондуктан алар ор-

фографиялык же лексикалык жактан даяр болуусу керек.

- Балдар өз каталары үчүн жоопкерчиликти өз мойнуна алууга үйрөнүшү керек, андыктан, аларды ар бир тоскоолдуктан сактап калууга аракет кыла бербеңиз.
- Балаңызга акчаны туура колдонууну үйрөтүңүз. Балдар ата-энеси, чоң ата, чоң энеси же белекке алган акчаларынан ашыкча коротпоолору керек.

Эгерде балаңызга бир нерсе абдан керек болуп жатса да, карызга акча алуу жаман көрүнүш экенин айтыңыз. Андан көрө, өз каражаттары жетиштүү болгонго чейин күтүп турганы жакшыраак деп үйрөтүңүз.

Жалпы кеңеш

- Балдарды чарчаганда жана ачка болгондо окутуу сунушталбайт.
- Сын айтууну окутуу менен айкалыштыруу ууберген барабар.
- Жоопкерчилик чыдамкайлыкты талап кылат.

Кадимки, чыныгы жумуш сыяктуу... болгону ата-энелер балдарын жумуштан четтете алышпайт!

Жоопкерчиликсиз жүрүм-турум – жумуш этикасына туура келбейт. Бардык кызматкерлер өз милдеттерин белгилүү убакытта бүтүрүүсү керек экенин билишет, эмесе аларды жумуштан четтетүүгө аргасыз болушат. Ата-энелер балдарын кызматтан кетире албаса дагы, аларга жетекчилик кылып, жоопкерчиликке үйрөтө алышат.

Айрым учурларда балдар жумуштарын аткара албай калышат, мисалы: досунун үйүндө түнөп же саякатка чыгып. Ошондой эле, алар чыныгы жумуш сыяктуу эле, жарым күнгө же эртерээк бошоого сурана алышат, болгону алдын ала эскертип айтып коюулары керек. Бирок, алар күндүн башында ата-энелеринин жанына келип: «Кече түнкү көңүл ачууга барганым үчүн бүгүн мага эс алуу күн бериңиз», – деп айта алышпайт.

Артыкчылыкты жоопкерчилик менен байланыштыруу. Мисалдар

Көпчүлүк балдар: “Ата-энелерибиз бизге милдеттүү”, – деп билишет. Мындай ойдо чоңойгон балдарга чоң турмуштун милдетин алуу кыйынга турат. Ар бир үй-бүлөдө бир жылдык каада-салт бар. Жыл сайын ар бир балага жаңы артыкчылык жана жоопкерчилик берилет: бири экинчисине көз каранды. Балдар ата-энелери менен өз тандоолорун талкуулашат, андан кийин алардын көйгөйлөрүнө чогуу олуттуу мамиле кыла башташат.

1-мисал: Сиздин кызыңыз бир нече жылдан бери мышык сатып алууну кыялданып жүрөт. Ал жумасына бир жолу кичинекей инисине карап турууга макул болду. Бул үчүн ал мышыкка ээ болуу артыкчылыгына ээ болот, бирок ал мышыкты өзү багышы керек. Ошондой эле, эгерде кызыңыз жаныбарга жакшы көңүл бурбаса, анда ал кайтарылып бериле тургандыгын эсине тутушу керек. Балаңыз бир туура эмес иш-аракет жасады дейли, эми анын кесепети да болот. Мындай учурда балаңызды дароо эле “куткарууга ” шашпаңыз, бул балаңыз үчүн пайдасыз. Бул көпчүлүк ата-энелердин кетирген каталарынын бири. Балдарды жоопкерчиликке үйрөтүүнүн эң мыкты жолу – бул акылга сыярлык жазаларды колдонуу. Балаңыз жол эрежесин бузгандыгы үчүн айып пул төлөп коюунун ордуна, убактылуу болсо да, мындан баш тартууңуз керек.

2-мисал: Сиз балаңыздан мектептен үйгө келе жатканда сүт алып берүүнү сурандыңыз жана ал унутуп койду. Эртеси эртең менен уулуңуз боткосун сүтсүз ичип кетүүгө муктаж.

3-мисал: Сиздин кызыңыздын, эртең менен аны ойготууңузга карабай, уктап жата берүү адаты бар. Анын кесепетинен бир нече жолу мектептин автобусунан кечигип калган. Эми аны өзүңүз жумушка бара жатып, мектепке таштап кетүүгө муктажсыз жана кызыңызды тактыкка үйрөтүү үчүн сүйлөшүүңүз да керек. Бирок, сиз качан гана кызыңыз менен тактык тууралуу сүйлөшүүнү жана аны мектепке жеткирип баруу-ну токтотконуңузда, кызыңыз өзүнүн журум-турумун өзгөртүшү мүмкүн. Же болбосо, өзүңүздүн жумуштарыңыз бүткөндөн кийин мектепке алып барам деп айтыңыз. Кызыңыз, албетте, сабакка кечигип кирип баруудан уялат жана бул жагдайды оңдоого аракет кыла баштайт. Балдар өздөрүнүн каталарын түшүнүшмөйүнчө, аларды кыйкырып, урушуунун кереги жок.

4-мисал: Бүгүн кечки тамакты жасоо уулуңуздун кезеги. Ал унутуп, мектептен кийин футбол ойноп, үйгө кеч келди. Сиз аны жемелөөнүн ордуна: “Эмне кылабыз эми, ачка отурбайбызда, туурабы? Кандай идеяңар бар?” Ал жумуртка кайнатып, тез эле сендвич жасоону же кийинки түнү кезеги келчү адам менен алмашууну чечиши мүмкүн. Мындан уулуңуз жоопкерчиликтүү болууга мотивация алат. Айрым балдар кетирген каталары үчүн башка адамдарды же жагдайларды күнөөлөшөт. Бирок, бул алардын мыкты адам болуу мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарат. Адатта, мындай жагдайлар ата-энелердин балдарынын жашоосуна жоопкерчиликсиздигинен улам келип чыгат. Бала тарбиялоону ата-энелер өздөрүн тарбиялоодон башташы керек. Балдар көп учурда, ата-энелеринин жүрүм-турумун жазбай кайталашат.

Куранда иш-аракеттер жана кесепеттер жөнүндө мындай дейт:

Кимде ким кыпындай жакшы иш кылган болсо – аны көрөт. Кимде ким кыпындай жаман иш кылган болсо – аны да көрөт.

(Куран 99: 7-8)

Жоопкерчилик жана отчёттуулук – бул биздин балдарга үйрөтүшүбүз керек болгон негизги принциптер.

Балдарыңыздан үй жумуштарын аткаруу менен бирге, жоопкерчиликти жана отчёттуулукту талап кылыңыз. Эгер бул жумуш алардын колунан келбесе, көңүлү чөгүшү мүмкүн, бирок, эң жаманы – жумушту жасоого аракет кылышпаганы.

Балдардын чыгармачылыгын өнүктүрүү

ЧЫГАРМАЧЫЛЫК – бул өзүн-өзү көрсөтүүнүн формасы. Балдар өзүнүн оюн ачык жана эркин билдире алганда гана, канааттануу сезими пайда болот. Оригиналдуу нерселерди жаратуу – жакшы мүнөздүн бөлүгү болуп эсептелет. Бардык искусствонун түрлөрү балдардын чыгармачылыгын өркүндөтүүгө көмөктөшөт. Чыгармачыл балдар өздөрүнүн сезимдерин ачык билдирүүгө, башкарууга жана талантын өстүрүүгө шыктуу келишет. Ой жүгүртүүнүн жана көйгөйлөрдү чечүүнүн жаңы жолдорун сынап көрүү – чыгармачыл баланын сааттарынын бири болуп эсептелет. Чыгармачыл балдарды: кызыктуу, оптимист, кыйынчылыктардан коркпогон, чечим чыгара билген инсан катары мүнөздөөгө болот.

Чыгармачыл адамдар көйгөйлөрдү мүмкүнчүлүк катары көрүшөт, божомолдорду сынашат, талыкпай иштешет, оңойчулук менен багынып бербейт жана туруктуу болушат. Көпчүлүк адамдардын ийгиликке жетпей калуусунун себеби: алар көйгөйдү чечүүгө он мүнөт талап кылынса, алар тогуз гана мүнөт бөлгөндүгүндө. Балаңызга өзүнүн мыкты шедеврин жаратуусу үчүн жетиштүү убакыт бериңиз.

Балаңыз чыгармачылык менен алек болуп жатканда, алагды кылуу, суроолорду берүү же болбосо башка нерсе менен алек болуусун сурануу – такыр туура эмес. Балаңызга өзүнүн чыгармачылыгы менен жетиштүү деңгээлде алектенүүсү үчүн ага жакшы орун же өзүнчө бөлмөнү даярдап бериңиз. Бөлмөнүн жай чөйрөсү, табигый жарыктык, гармониялуу түстөр, ыңгайлуу отургучтар чыгармачылык иш-аракеттерин өнүктүрүүгө түрткү берет. Бөлмөгө балаңыздын өзүнүн жана кумир туткан инсандарынын иштерин илип койсоңуз болот. Чыныгы чыгармачылык башаламандыкты, ызы-чууну жана эркиндикти талап кылат.

Ата-эне катары сиз балаңыздын чыгармачылыгына чоң салым кошо аласыз. Кичинекей бала үчүн өзүнүн шедеврин түзүү – кандайдыр бир даяр буюмга караганда алда канча кызыктуу. Балаңыздын иштерин үлгү иштерге салыштырып, комментарий берүүдөн алыс болуңуз, ар дайым анын уникалдуулугун баалаңыз.

Тиричилик буюмдарын, мисалы: идиш-аяк, казан, банка жана диван жаздыктарын чыгармачылыгына колдонуусуна уруксат бериңиз. Мектеп жашына чейинки балаңызга мүмкүн болушунча, көркөм материалдарды эртерээк бериңиз. Калем сап, кагаз, боёктор салынчу кутучаны баланын колу жете турган жерге коюуну сунуштайбыз. Өтө катуу эрежелерди коюудан алыс болуңуз. Жөнөкөйлүк – бардык ийгиликтин ачкычы.

Чыгармачылыктын жалпы түшүнүктөрү

Төмөндө балаңыздын чыгармачылыгын өстүрүү үчүн бир нече кеңештерди, мисалдарды келтиребиз:

- Өзүңүздүн идеяларыңызга караганда, балаңыздын идеяларына артыкчылык бериңиз. Балаңыздын идеялары сизге жакпай жатса да, аны колдоп коюңуз. Балаңыз менен ар түрдүү идеяларды талкуулаңыз.
- Күнүмдүк жашоодо пайда болгон көйгөйлөрдү чечүү үчүн чыгармачылыкты пайдаланыңыз. Балаңыздын ката кетирүүсүнө жана ийгиликсиздиктен коркпой, эксперимент жүргүзүүсүнө уруксат бериңиз.
- Балаңызга бардык мүмкүнчүлүктөрдү изилдөөсү үчүн убакыт бериңиз.
- Балаңызды адаттан тышкары нерселер менен тажрыйба жасоого үндөңүз. Анын суроолорун жана комментарийлерин угуңуз жана уккан нерселериңизди кайталап, байкаган нерселериңизди түшүндүрүңүз жана тажрыйба тууралуу кошумча суроолорду бериңиз.
- Балаңызды кызыктырып, дем берүүчү чөйрөнү түзүңүз. Ага ар кандай материалдарды, китептерди жана оюндарды бериңиз.
- Балаңызга ар түрдүү маданияттарды, тажрыйбаларды, адамдардын, диндердин жана ой жүгүртүүнүн түрлөрүн ачып бериңиз. Аларга көйгөй жөнүндө ойлонуунун ар кандай жолдору бар экендигин көрсөтүңүз. Өз жөндөмдөрүнүн чегинде жаңы тажрыйбаларды сыноого үндөңүз. Балаңыз менен чогуу музейге барууну сунуштайбыз.
- Ой жүгүртүүнүн жаңы ыкмалары менен тааныштырыңыз. Өзүңүздүн көркөм, илимий жана чыгармачылык долбоорлоруңузду балаңыз менен бөлүшүңүз. Долбоорго якатышуу – балаңыздын чыгармачылыгын өстүрүүгө түрткү берет.
- Ординардуулукка басым жасабаңыз. Балаңыздын көйгөйлөргө дайыма "туура" жооп берүүсү шарт эмес. Инновациялык жана уникалдуу мамилелерди колдоңуз.
- Балаңыздын кыялдануусун колдоңуз. Чыгармачыл адамдарга кызыктуу, адаттагыдай эмес, айрым учурда жапайы ой жүгүртүүлөр жагат. Мээ чабуулу ар кандай уникалдуу ойлорду жана кызыктуу идеяларды колдойт.
- Балаңыздын ката кетирүүсүн – кырсык деп эсептебеңиз! Ката – бул жаңы мүмкүнчүлүк жана ал ийгиликке алып келиши мүмкүн. Бир жетекчи жаңы менеджерине: «Акылга сыярлык катачылык кетиргениңиз бааланат”, – деп эскерткен.

Чыгармачыл студент: татаалдык жана жөнөкөйлүк

Студент жигит абройлуу Башкаруу институтун кабыл алуу бөлүмүндө маек берип жатат:
Интервьюер: – Мен сизге он жеңил же бир татаал суроо беремин, жакшылап ойлонуңуз.
Жигит: – Бир татаал суроону бериңиз.
Интервьюер: – Мага айтыңызчы, күн биринчи келеби же түнбү?
Жигит: – Күн, сер!
Интервьюер: – Эмне үчүн антип ойлойсуз?
Жигит: – Кечиресиз, сер, сиз мага бир эле татаал суроо берем деп убада бергенсиз!
Жигит кабыл алынды!

Техникалык чеберчилик – татаалдыкты өздөштүрүү, ал эми чыгармачыл чеберчилик – жөнөкөйлүктү өздөштүрүү!

Жамандыктан жакшылыкты көрө билүү

Канткенде окуучуларды жакшыраак билим алууга үндөй алабыз? Чечим: Чыбык менен аларды жамбашка чабуу мененби? Бул жакшы чечим эмес, анткени ал – мыйзамсыз. Анда, бул жолду колдонбой эле коёлубу? Эмнеге: “Мунун эмнеси жакшы?” Келгиле, жаманын коюп, жакшы жагын да издеп көрөлү... Бул начар окуган окуучуларга сабак болот; бул бир жагынан, ошондой эле, тиги таяк жеген окуучуну үгүттөөгө түрткү берет; бул жеңил жана эч нерсеге арзыбайт; катуу тийбейт дегеним, ал ичке эле чыбык да. Кийинки суроо: «Бул жакшы нерселердин түпнускасынын туундусу болобу же жокпу, алгылыктуу чечимге киргизсек болобу?»

Биз оңой эле ой жүгүртүүгө алдырабыз да, туура эмес чечимди жаман деп ишенебиз. Чындыгында, анын бизге сабак болчу жакшы жактары болушу мүмкүн. Көбүнчө, жаман чечимдин чындыгында эле бир гана жаман жагы бар, ал оңдолсо, жакшы чечим калат.

Көрүнүктүү тарыхый ойлоп табуулар

1. Чыгармачыл адамдар өркүндөтүүнү издешет. Мисалы, биринчи жасалган маргариндин составы: уйдун ич майы, сүт, суу жана уйдун желининин майдаланган күкүмдөрүнөн турган . Даамдуу да, пайдалуу да эмес болчу. Андан кийин XX кылымдын башында уй майынын жетишсиздиги көйгөй жараткан. Эмнени колдонуу керек? Өндүрүүчүлөр өсүмдүк майларын пайдалана баштады. Ошондон улам, соя, жүгөрү жана күн карама майлары бүгүнкү күнгө чейин колдонулуп келет. Маргарин ден соолукка пайдалуу болуп, даамы да татымдуу боло баштады.

2. Чыгармачыл болуш үчүн гений болуш шарт эмес. Космос тармагында иштеген жогорку квалификациялуу жана тажрыйбалуу илимпоздор башында космосто колдонула турган нөлдүк тартылуу калемин иштеп чыга алышкан жок. Чечим: карандаш колдонуу. Акыры, компания космостук программадан көз карандысыз калемди иштеп чыгып, NASAдан сынап көрүүнү өтүндү. Алар иштеп чыккан калем АКШ жана Советтик космостук агенттиктер тарабынан бааланып, колдонууга уруксат берилген.

3. Кандайдыр бир көйгөйдүн чечимге айланышы толук ыктымал. Айрым адамдар "тоскоолдук" деп сүрөттөгөн нерсе, кээде башка бирөө үчүн "мүмкүнчүлүк" болушу мүмкүн. Мисалы, цианоакрилат желиминин (супер клей) пайда болушунан көп өтпөй, “Этият болуңуз, колуңуз менен кармабаңыз, бармактарыңыз бири-бирине жабышып калышы ыктымал”, – деген кооптонууну жазып чыгышкан.

Бул көйгөй кийин чечим катары карала баштады. Согуш учурунда Вьетнамдагы хирургдар аны америкалык жоокерлердин жараларын жабуу үчүн колдоно башташкан. Дагы бир мисал: АКШдагы 3М корпорациясында иштеген химик бул желимди сынап көрүп, анын жакшыртылган вариантын иштеп чыгуу керектигин белгилеген жана 1980-жылы продукт кайра иштелип чыгып, бүгүнкү күндө хирургия тармагында ийгиликтүү колдонулуп келет.

Балдардын чыгырмачылыгына бөгөт коюу

Балдарыбыздын чыгармачылыгына чоң маани бергенибиз менен, айрым учурда аны өз колубуз менен талкалап да коёбуз... Сизге бул тамашадай сезилип жатабы?

(Амабили жана Хеннеси, “Чыгармачылыктын киллери”, 1992)

Түшүндүрүүгө аракет кылабыз:

- Балдардын үстүнөн ашыкча көзөмөлдөө. Балдар өздөрүн дайыма байкоо астында болуп тургандай сезүүсү менен, алардын тобокелдиги жана чыгармачылыгы жоголот.
- Катаал баалоо. Биз балдарды өзүлөрүнүн абалы жөнүндө дайыма тынчсыздандырганда, алардын чыгармачылыгы төмөндөйт.
- Сыйлыктардын өтө көп берилиши Сыйлыктар баланы чыгармачылык иштин ырахатынан ажыратат. Адамдар сыйлык күтпөгөн учурда, чыгармачыл болуп, процесстен көбүрөөк ырахат алышат. Долбоор аяктагандан кийин күтүлбөгөн сыйлык баалуу, бирок чыгармачылык үчүн кереги жок. Ашыкча сырткы мотивация (мисалы: акча же атайын артыкчылыктар) чыгармачылыкты бузат.
- Экстремалдуу атаандаштык. Балдардын адилетсиз мелдештерге катышуусу, алардын мотивациясын жана чыгармачылыгын жок кылат.
- Чечимдерди чектөө. Балдардын кызыгуусун чектөө менен алардын чыгармачылыгына бөгөт койгон болосуз.
- Басым. Балдардын чыгырмачылык

аракеттеринен өтө көп нерселерди күтүү, алардын потенциалынын төмөндөшүнө алып келет.

Чыгармачылыкка тоскоол болгон терс мамилелер

Балдардын чыгармачылыгына тоскоолдук кылуучу жана бөгөт коюучу бир нече факторлор бар. Төмөндө чыгармачылыкты тосуу үчүн колдонулган кеңири фразалар келтирилген:

- *Жок, бул чоң көйгөй!* Кээде, көйгөйгө реакция – көйгөйдүн өзүнөн чоңураак көйгөй болуп калышы мүмкүн. Көйгөйдү көбүртүп, жабыртпаңыз. Бактылуу адамдар көйгөйлөрдү кабыл алышат жана аларды жакшыртуунун мүмкүнчүлүгү катары карашат. Көйгөй – сизде бар нерсе менен сиз каалаган нерсеңиздин ортосундагы айырмачылык. Учурдагы кырдаалдан чыгууга сизге чыгармачылык жардам берет.
- *Муну аткаруу мүмүкүн эмес!* Бул согушка аттанып, бирок, бат эле багынып бергенге окшош. Бир нерсени жасоого болбойт деп ойлосоңуз, анда сиз кыйынчылыкка багынып бергениңизди билдиресиз. Ар бир жумуштун башталышы – абдан татаал. Элестетсеңиз, баарыбыз аракет кылып көрүүдөн баш тартсак эмне болот: самолёттор уча алмак эмес, оорулар эч качан айыкмак эмес, ракеталар орбитага чыкмак эмес. Маанайыңыз төмөнкүдөй болушу керек: “Татаал нерселерди дароо жасайбыз, ал эми мүмкүн эмес нерселерди аткаруу үчүн бир аз убакыт талап кылынат”.
- *Мен муну жасай албайм! Же: Мен кыла албай турган эч нерсе жок.* Айрымдар: "Балким, көйгөйдү кайсы бир адис чечсе болот эле, анткени мен жетиштүү акылдуу эмесмин" же "Мен адис болбогондуктан, бул маселени чече албайм" деп ойлошот. Чындыгында, өнөр жайдагы инновациялардын көпчүлүгү, ойлоп табуулардан тышкары, жеке адамдар тарабынан негизделген. Туура маанай жана жакшы көндүмдөр аркылуу дээрлик бардык көйгөйлөрдү жеңсе болот. Көйгөйлөрдү жер жүзүнөн таптакыр жоё албасаңыз дагы, кырдаалды ар дайым жакшырта аласыз.

Шылдыңга туруштук бере алган адамдар гана ийгиликке жетише алат. Каталар кызыктуу эмес, бирок алар билимге жол ачаары анык.

Томас Эдисон, жарык лампасынын кемчиликсиз жипчесин табуу үчүн досунун сакалынан баштап, 1800 башка нерселерди да эксперименттен өткөрдү. 1000ге жакын аракеттен кийин, кимдир бирөө андан: “Нааразы эмессинби?”- деп сурады. Ал: «Мен көп нерсени үйрөндүм жана таптакыр иштебей турган миң нерсени билдим», – деп жооп берген.

- *Адамдар эмне деп ойлошот?* Сизге бул жашоодо жөнөкөй жана кадимкидей болуунузга жол бербеген социалдык басым бар: ал баягы эле “Эл эмне дейт?” же “Адамдар эмне деп ойлошот?” Кеңешибиз, андан арылыңыз! Тез арада! Эң маанилүүсү – сиз жана сиздин үй-бүлөңүз!

Адис эмес генийлер!

• Учакты ойлоп тапкан бир тууган Райттар – авиация инженери эмес, велосипед механиги болушкан.
• Кадимки биз колдонгон калем, принтердин корректору Ладислао Биро тарабынан ойлоп табылган, ал – механик дагы, инжинер дагы эмес болчу.
• Суу астында жүрүүчү кемелерди жасоодо чоң жетишкендиктер англиялык дин кызматчысы Г.В. Гаррет жана ирландиялык мектеп мугалими Джон Холландга таандык.
• Пахта жиби адвокат жана тарбиячы Эли Уитни тарабынан ойлоп табылган.
• Өрт өчүргүчтү аскер кызматкери Джордж Манби ойлоп тапкан.
• Kodachrome (түстүү плёнка) эки музыкант тарабынан ойлоп табылган.
• Үзгүлтүксүз болот куюу процессин саат устасы ойлоп тапкан (болот куймасы менен ойноп жаткан убакта).

Чыгармачылыкты өнүктүрүүнүн жолдору

Төмөндө бир нече мисалдарды келтирдик:

ЧЫГАРМАЧЫЛ СУРООЛОР

Балаңызга жогорку деңгээлдеги суроолорду бериңиз. Бул суроолор бүткүл мээге таасир берип, эмоционалдык интеллектти логикалык акыл жана мейкиндик акылы менен айкалыштырат:

- Сен үчүн кайсынысы креативдүү болмок, сууда сүзө алган укмуштуудай автоунаабы же өтө кооз искусствонун жардамы менен курулган хан сарайбы?
- Кимдир бирөө жаңы идеяларды жарата алабы же адамдар эскилерин кайрадан ачып чыгышабы?
- Кайсынысы кыйыныраак – чыгармачыл долбоорду баштообу же аны бүтүрүүбү? Эмне үчүн ?

- Адамдарга көйгөйлөрдү чечүүгө мүмкүндүк берген чыгармачылык искусство, чыгармачылыктын башка түрлөрүнөн эмнеси менен айырмаланат?

ПРАКТИКАЛЫК ИШ-ЧАРАЛАР

- Компьютерди кодонуп, кичинекей буюмдарды чоңойтуп, чоңун кичирейткиле. Коллаж жасагыла.
- Карта жасаңыз. Сиз билген оюнузду өзгөртүп, ойносоңор болот (домино, нарда топтому).
- Мурда болуп көрбөгөн жаңы жана адаттан тышкары таттуу, жыпар жыттуу печенийлерди бышырыңыз.
- Жашооңузда сиз каалаган чөйрөнүн моделин түзүңүз. Үй буюмдарын жана табигый материалдарды гана колдонуңуз.
- Ирээтсиз жана оюңузга келген сөздөрдү колдонуп, өз ырыңызды жазыңыз.

ТАЖРЫЙБАНЫН ТҮРЛӨРҮ

- Көп улуттуу, көп маданияттуу жана диний майрамдарды чыгармачылык менен айкалыштырыңыз.
- Башка планетадан экениңизди элестетиңиз. Башка планеталарды кыдырып жатам деп ырастаңыз. Элестетүү – чыгармачылыкты алга жылдырат.

МЭЭГЕ ЧАБУУЛ ЖАСОО ИШ-АРАКЕТТЕРИ

- Балаңызга чопонун бир бөлүгүн б риңиз жана андан түрдүү моделдерди жасоону өтүнүңүз.
- Балаңыздан тамакты электр жарыгы, буюмдар жана идиш-аяксыз кантип бышыраарын сураңыз.
- Сиз жооп бере албайм деп ойлогон суроолордун тизмесин түзүңүз

КРЕАТИВДҮҮ ОЮНДАР

Балаңызга тааныш материалдарды берип, андан башкача бир буюдарды жасоого аракет кылуусун жана башкача ыкмада колдонуп көрүүсүн сураныңыз. Балаңыз менен ролдук оюндарды оюнуздан чыгарылган сюжет менен ойноп көрүңүз.

Ымыркай кезинен баштап моторикалык оюндарга басым жасаңыз. Драмалык оюн – бул коомдогу адамдарды туурроо. Бул балдарга социалдык ролдорду эксперимент кылууга жардам берет. Драмалык оюндардан балдар акырындык менен бири-биринин муктаждыктарын эске алууну жана ар кандай баалуулуктарды байкап, билүүгө үйрөнүшөт.

Оюн аркылуу балдар өз сезимдерин билдирүүгө жана аны башкарууга үйрөнүшөт. Ойноо – стресстен жана кысымдан арылууга да жардам берет. Балдар чоңдордун чектөөлөрүнөн арыла алышпайт. Оюн учурунда чоңдордун нормаларына ылайык жашоонун кажети жок. Оюн убагында балаңызга үстөмдүк кылууга умтулбаңыз, анын каалоосу боюнча ойноңуздар. Оюн балаңыздын ой-пикирлеринин натыйжасы болуш керек.

Ошондой эле түрдүү костюмдарды кийип, спектакль уюштурсаңыз да болот.

БАЛДАРДЫН ЖАЗУУСУ

Балаңызга бир окуяны окуп бериңиз, андан соң балаңыз менен окуяны талкуулаңыз. Балаңыз сизге бир нече сөздөр аркылуу өз оюн айта алса, демек ал жазууга даяр. Алгач анын жазуулары ирээттүү болбойт, сиз буга тынчсыздан-баңыз. Балаңызга басма тамгалар менен жазууга уруксат бериңиз. Эгер силер чогуу бир нече сөз жазган болсоңор, андан кичинекей китепче даярдап койсоңуз да болот. Китеп жазууга же басып чыгууга өспүрүм балдар абдан кызыгат. Алар муну компьютердин жардамы менен жасай алышат. Жазган китебиңерди окуп чыккыла. Окуунун баалуулугун унутпаңыз. Адатта, жакшы жазуучулар – булар жакшы окуучулар. Окуу балаңызга көптөгөн элестетүүчү идеяларды берет.

БАЛДАР ИСКУСТВОСУ

- *Балдарга чыгырмачылык кечелерди уюштуруп берүү.* Аларга сүрөтчүлөрдүн бир нече даяр сүрөттөрүнүн ордуна, балдардын өздөрүнүн тарткан сүрөттөрүнүн көргөзмөсүн уюштуруп берсеңиз болот. Ошондой эле, балдарга окшош түстөгү баракчаларды таркатуунун ордуна, жеңил музыканын коштосуунда, элестетип сүрөт тартууларын сураныңыз.
- *Сезимдерди жандандыруучу чөйрөнү түзүңүз.* Балдарыңыздын кагаздын текстурасын сезе билүүсүнө, карандаштардын жытын сезүүгө, боёктор аралашкан сайын түстөрдүн өзгөрүшүн байкоосуна шарт түзүңүз.
- *Изилдөө аркылуу өнүгүүсүнө дем берүү.* Карандаштар, маркерлер, пасталар, курулуш кагаздары, щеткалар жана боёктор сыяктуу негизги материалдарды оңой жана жеткиликтүү камсыз кылыңыз. Балдарга ушул нерселердин касиеттерин жана аларды кантип колдонууну билүүгө мүмкүнчүлүк бериңиз. Балдар өз бармактарын боёк щеткасы катары колдоно алышабы? Балдар таякты колдонуп, топуракка сүрөт тарта алышабы? Денелерин бактын формасына окшоштурушабы? Бөлмөнүн айланасында бактылуу, кайгылуу же күлкүлүү образда марш тебе алышабы?
- *Сын–пикирден алыс болуңуз.*

Балаңызды же анын иш-аракеттерин сынга албаңыз. Атүгүл, балаңыздын өзүн-өзү сындоосуна да каршы туруңуз. Анын акылына ар бир адам, ар бир нерсе уникалдуу деген түшүнүктү киргизиңиз.

Туура эмес түшүнүктөр: “таң калыштуу” же “пайдасыз” идеялар

Чыгармачыл балдардын айрым инсандык сапаттарын башкалар “таң калыштуу” же “пайдасыз” деп эсептешет. Төмөндө бир нече мисалдар келтирилген:

- Эркин ой жүгүртүү: чыгармачыл балдар идеялар жөнүндө сүйлөшкөндө, алар тартипсиз жана башаламан көрүнүшү мүмкүн.
- Ишенчээктик: чыгармачыл балдар таң калыштуу идеяларды угушат жана чоңдор оңой эле көрө турган кемчиликтерди алар байкабай калышы мүмкүн.
- Юмор: чоңдор олуттуу деп эсептеген идеяларды чыгармачыл балдар тамашалуу деп кабыл алуусу мүмкүн.
- Кыялкеч : чыгармачыл балдар кыялдануудан сабак алып, көптөгөн көйгөйлөрүн кыялдануу менен чечишет.
- Жалгыздык: чыгармачылык жөнөкөй, өзгөртүлбөгөн идеялардан келип чыгат. Балдар өзүлөрүнүн идеялары пайда болуп жатканда жалгыз болууну каалашат.
- Иш-аракет: идеялар көбүнчө бош убакта жарала баштайт жана ошол убакта алар өз идеяларын кагаз бетине түшүрүүгө аракет кылышат. Сиздин милдетиңиз – калем, кагаз, керектүү буюмдарын дайым балаңыздын колу жеткен жерде сактоо.

Мендеги жаратылыштан берилген фантазия - позитивдүү билим алууга болгон талантымдан да маанилүүрөөк болду.

Альберт Энштейн.

Ата-энелер эмне кыла алышат?

- Балаңызга үлгү болуңуз: өзүңүздү жана идеяларыңызды сыйлаңыз. Жаңы тажрыйбалар менен таанышып, өзүңүздүн чыгармачылык кызыкчылыктарыңыз менен бөлүшүңүз жана балаңыздын кызыкчылыктарын жактырыңыз.
- Балаңызга ишениңиз: балаңыз сиздин сүйүүңүздү жана ага болгон ишенимиңизди сезгенде гана өзүнө ишенимдүү, кайраттуу, чыгармачыл болуп чоңоё алат.
- Балаңызга дем-шык бериңиз: тажрыйба жүргүзүүгө жана изилдөө жүргүзүүгө түрткү бериңиз. Балаңызды айыптабастан, угууга аракет кылыңыз. Балаңыз ийгиликке жетпей жатса, ага колдоо көрсөтүңүз. «Куру мактоого» жол бербеңиз.
- Балаңызды курчап турган дүйнөнү байытуу: балаңызга кыялдануу түрткү берген материалдарды бериңиз. Эски журналдарды, китептерди, гезиттерди, салттык оюндарды жана зергер буюмдарды ар кандай долбоорлорго колдонсо болот. Биргелешип телевизор көрүңүз. Даректүү тасмаларга көңүл буруңуз жана алардын фантазиясын талкууга салыңыз. Балаңыз өз оюнан чыгарып айткан жомокторун же ырларын көңүл коюп угуңуз.
- Балаңызга идеяларды жазууга жардам бериңиз: Балдар кичинекей кезинен тартып сүрөт тартканды жакшы көрүшөт. Бул менен балдар идеяларын, максаттарын, каалоолорун кагаз бетине түшүрүшөт. Кийинчерээк, балаңызды күндөлүк жазууга үндөсөңүз болот.

Оюнчуктар жөнүндө эскертүү

Балдарыңызга оюнчук сатып алаардын алдында сөзсүз ойлонуп көрүңүз. Чыгармачылыкты шыктандырган, өнүктүрүүчүлүк оюнчуктарды сатып алганыңыз оң. Уул балдарга курулуш блокторун, кыздырга куурчактарды алсаңыз болот. Балаңыздын оюнчугу табигый, коопсуз болгону жакшыраак. Сыналгыдан эң көп сунушталган же эң кымбат оюнчук – сөзсүз эле мыкты оюнчук эмес. Эгерде сизде бир нече бала болсо, анда чогуу ойногон оюнчуктарды сатып алууга аракет кылыңыз.

Балаңызга оюнчук сатып алаарда сөзсүз ойлонуңуз: оюнчуктар баланын акыл эсин, чыгармачылыгын өнүктүрүүгө багытталган болушу керек. Блокторду куруу (мисалы: лего) балаңыздын ойлоо жөндөмүн арттырат.

Ошондой эле, атайын адистер тарабынан кабыл алуусу, жөндөмү өзгөчө балдар үчүн иштелип чыккан оюнчуктар да бар.

ИШ-АРАКЕТТЕР

60-ИШ-АРАКЕТ: Ата-энелердин үстөмдүк коэффициентин аныктоо

Балага ата-энесинин көзүнчө кандайдыр бир темага байланыштуу он жөнөкөй суроо бериңиз. Байкаңыз, сиздин сурооңузга бала өзү жооп береби же ата-энеси кирип келип, баланын атынан жооп береби. Ата-энесинин берген жооптордун саны алардын "үстөмдүк коэффициентинин" айкын далили болуп саналат. Бала оор суроого жооп берип жатканда, ата-энеси канчалык деңгээлде тынчсызданганын байкаңыз!

Ата-энелер балдарына үстөмдүк кылган менеджер эмес, аларга жетекчи консультант болуусу керек (балдарына көз карандысыздык берүү үчүн).

61-ИШ-АРАКЕТ: Үй-бүлөңүздүн баалуулук тутумун балдарыңызга түшүндүрүңүз

Балдарыбызды кандайдыр бир мансапка жетүүгө же биздин жолубузду жолдоого мажбурлоо туура эмес. Аларга таза акыйданы (баалуулуктарды), баалуулук тутумун жана дүйнөгө керектүү көз караштарды жайылтуубуз керек. Адамдарды, жаныбарларды, өсүмдүктөрдү жана айлана-чөйрөнү сүйүүгө байланыштуу баалуулуктарыңызды алар менен бөлүшүңүз.

Азыркы балдар ата-энелерин максаттарына жетүүнүн көптөгөн чыгармачылык жолдору менен таң калтырышат. Үй-бүлөңүз менен талкуулап, балдарыңыздан бул баалуулуктарды кандайча чагылдыраарын сураңыз.

62-ИШ-АРАКЕТ: Сиз кандай ата-энесиз, балаңызды колдойсузбу же кийлигишесизби?

Биз бойдоктокчулуктан өтүп, андан соң үйлөнүп, балалуу болдук. Арадан жылдар өтүп, балдарыбыз уясын таштап, колледжге кетишет.

Генерал Макартур менен президент Рузвельт колледжге барганда, алардын энелери жанында болушкан. Аларда күнү-түнү текшерүү үчүн уюлдук телефондор жана электрондук почта жок болчу.

Көпчүлүк ата-энелер балдарынын жашоосуна кийлигишпегендигин белгилешти. Төмөндө ата-энелердин чыныгы жүрүм-турумун белгилөө үчүн бериле турган бир нече суроолор бар:

- Окуу учурунда балаңыз менен канчалык көп сүйлөшөсүз? Күн сайын, жума

сайын же ай сайынбы?

- Сиз балаңыздын профессорлору менен байланышасызбы?
- Эгер балаңыз документтерин жаза албай калса, ага жардамдашасызбы?
- Балаңызга барганда, алардын жумуштарын жасайсызбы (бөлмөсүн жууп, кир жууп, таштандыларды чыгарып саласыз)?
- Эгер балаңыз досу менен конфликтке туш болуп жатса, сиз ага кийлигишесизби?

Жоопторуңузду үй-бүлөңүз менен талкуулаңыз. Үйдөн алыс жашаган студенттер менен иштөө боюнча бир нече кеңеш:

- Балаңызга телефон чалып турууну эскертиңиз. Бул жоопкерчиликтүү болууга жардам берет.
- Документтерди жазуу жана тапшырмаларды аткаруу – бул студенттин милдети.
- Колледждин студенти – чоң адам, ал өзүнүн муктаждыктарын канааттандыра алат, ошондуктан алар өзүлөрүнүн жумуштарын өздөрү жасашы керек.

(*Кантровиц жана Тир, 2006*)

63-ИШ-АРАКЕТ: Кудай баарыбызды карап турат

Балаңыз менен бул окуяларды чогуу окуп, талкуулаңыз.

а) Балдардын жайкы лагеринде кечки тамак берилүүчү столдун үстүндө: «Бир гана алма алгыла, Кудай карап турат» деген жазуу бар эле. Ал эми экинчи столдун үстүнө бир нече татуулар салынган тарелкалар коюлган жана ал жерде эч кандай жазуу жок болчу. Бир бала экинчи столго жакын келип, колундагы кичинекей кагазга: «Каалаган нерсеңди ала бер, анткени Кудай алмаларды кароо менен убара”, – деп жазып, столдун үстүнө коюп койду. (Пастор Пит Мартин, октябрь 2007)

б) Умар ибн аль-Хаттаб халифа болуп турган убакта, алдамчы соодагерге кайрылып: «Ким алдамчылык кылса, ал ыймандуулардан эмес. Сүттү сатаардан мурун ага суу кошуу – мыйзамсыз”, – деп эскертүүлөрдү берген.

Андан кийин Мединадагы бир үйдө төмөнкүдөй маек болду:
Эне: — Кызым, биз көбүрөөк акча табышыбыз керек, ошол үчүн сүткө көбүрөөк эле суу кошуп койчу.
Кызы (сылык карап): — Эне, сиз Умардын айткандарын укпадыңызбы? Сүткө суу кошпоону эскертпеди беле?
Эне: — Сен айтканымды кыл, бизди Умар көрүп турат дейсиңби?
Кызы: — Кантип мен андай ишке барам, энеке? Эгер Умар бизди көрбөсө да, Умардын Раббиси бизди ар дайым карап турат да!

64-ИШ-АРАКЕТ: Кырсыктар жана жоопкерчилик жөнүндө сабак.

Төмөнкү суроого жооп бериңиз, андан кийин комментарийлер жөнүндө ойлонуңуз.
Сиздин 12 жаштагы балаңыз арткы короодо бейсбол ойноп жатып, кокусунан кошунанын терезесин сындырып алды. Сиз:
а) варианты: Коңшуларыңызга телефон чалып, терезени төлөп бере турганыңызды жана уулуңузду жазалай турганыңызды айтасыз.
б) варианты: Уулуңузга кошунаңызга барып, анын терезени кокусунан сындырып алганын жана аны төлөп бере турганын айтууну түшүндүрөсүз. Сиз өзүңүздүн акчаңыздан терезеге төлөп турасыз, уулуңуз акча чогултуп, кийин сизге кайтарат.
в) варианты: Уулуңузга кошунаңызга барып, кокусунан терезени сындырып алгандыгын жана ал акчаны топтогондон кийин төлөп берээрин же тез арада төлөп берүү үчүн кошумча акча таабаарын (майда-барат жумуштарды аткаруу менен) айтууну түшүндүрөсүз.
Комментарийлер: Бул сиздин балаңызга ачууланбастан же жазалабастан, жасаган иштери үчүн жоопкерчиликти алууга үйрөтүү үчүн эң сонун жагдай. Эгер сиздин жообуңуз:
а) варианты болсо: сиз кошунаңызга телефон чалып, уулуңуз үчүн кечирим сурайсыз. Уулуңуз мындан эч кандай сабак алган жок. Бул жагдай жөн гана кокустук же кырсык бойдон калды.
б) варианты болсо: жоопкерчиликке карай биринчи кадам. Уулуңуз өз кылган иши үчүн өзү жооп берет. Демек бул вариант — жакшы!
в) варианты болсо: бул вариант (б) вариантына караганда жакшыраак. Уулуңуз мында өз аракеттери үчүн жоопкерчиликти толук өз мойнуна алып жатат. Мыкты вариант!

65-ИШ-АРАКЕТ: Чыгармачылыкты өркүндөтүү боюнча үй-бүлөлүк көнүгүүлөр

1. **Чыгармачылык оюнун колдонуңуз:** «Лидердин жолун жолдоо» сыяктуу оюндар баланын чыгармачылыгын өстүрүүгө жардам берет. Мисалы: сиз балаңызга кантип үй куруу керектигин үйрөтөсүз. Курулуш иштеринде жөнөкөй материалдарды (блоктор, ылай, кум, чопо, суу) колдонсоңуз болот.
2. **Окуянын уланып жаткан концепциясын колдонуңуз:** Кимдир бирөө окуяны баштайт, андан кийин ар бир бала өз оюнан чыгарып, окуяны улантуусу керек.
3. **Ролдук оюндарды колдонуңуз:** Мында балдар жаныбарлардын кыймыл-аракеттерин көрсөтүп бериши керек. Уйдун мөөрөгөнүн, койдун маараганын, жылкыныны кишинелегенин ж.б.
4. **Ачык суроолорду бериңиз:** Балага сүрөттү көрсөтүп, суроолорду бериңиз. Мисалы: «Сүрөттөгү адамдар эмне кылып жатышат?», «Бүгүн сага эмне кызыктуу болду?»
5. **Балдардан эс-тутумун колдонууну сураңыз:** Балдар көзүн жумуп, колдоруна эмнени койгонуңузду табышат.
6. **Көптөгөн жооптору бар суроолорду бериңиз:** Бул жерде суу түшүнүгүнүн айрым мисалдары келтирилген (башка түшүнүктөр төмөнкүлөр: шамал, кум, ав-

тоунаа, түтүн, муз).

- Сууну кандай пайдалануу керек?
- Суу кайда агат?
- Суу бизге кандайча жардам берет?
- Муздак суу эмне үчүн муздак?
- Суу астында эмнелер бар?
- Суу кандай түстөрдө болот?

7. **“Эгерде ... эмне болот” деген суроолорду бериңиз:**

- Дүйнөдөгү бардык бак-дарактар көк болсо эмне болмок?
- Бардык унаалар жоголуп кетсе, эмне болмок?
- Ар бир адам бирдей кийим кийсе, эмне болмок?
- Баарыбыздын атыбыз окшош болсо, эмне болмок?
- Эгер сен уча алсаң, анда эмне болмок?
- Үйдү эч ким тазалабаса, эмне болот?
- Эгер баары адил же жаман болсо, эмне болмок?
- Баары ооруп же ден-соолугу чың болсочу?

8. **« Дагы кантип колдонсо болот ...» деген суроолорун бериңиз:**

- Кашыкты дагы кантип колдонсо болот?
- Баскычты дагы кантип колдонсо болот?
- Жипти дагы кантип колдонсо болот?
- Кагазды дагы кантип колдонсо болот?

67- ИШ-АРАКЕТ: Жакшы мүнөздүн белгилери

Пайгамбарыбызга (с.а.в.) биринчи аян түшүрүлгөндө, ал коркуп үйүнө келет. Аялы Хадижа пайгамбарды тынчтандыруу үчүн, анын жакшы жүрүм-турумдарынын айрымдарын санап берди:

- Тууган-туушкандар менен байланышуу;
- Конокторго меймандостук көрсөтүү;
- Алсыздарга жардам берүү;
- Жакырларга жардам берүү;
- Оорулууларга жардам берүү;

Балдарыңыз менен ушул жүрүм-турумдун белгилерин талкуулаңыз. Биргелешип окуя жазыңыз.

67-ИШ-АРАКЕТ: Балдарга татаал суроолорду түшүндүрүп берүү

Балдардын эң көп берген суроолоруна кантип жооп берүү керектигин талкуулоо үчүн бир нече ата-энелерди чогултуңуз. Төмөнкүлөрдү карап чыгыңыз:

- Кудайды ким жараткан?
- Эмне үчүн Кудай адамдарды Ага ишенбегендиги үчүн жазалайт?
- Эмне үчүн бардык адамдарга Кудайдын аяны түшкөн жок?
- Биз кайдан келгенбиз?
- Кайда барабыз?
- Акырет кандай болот?
- Кудайды көрө алабызбы?
- Эмне үчүн көрө албайбыз?
- Кудай ар бир адамды Ага ишенгендей кыла алат, а бирок эмне үчүн андай кылбай жатат?

Бул суроолорду ата-энелер балдардын жаш өзгөчөлүгүнө жараша түшүндүрүп берүүлөрү керек.

Бейишти элестетүүдө Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам), Бейиштин ушунчалык сонун жана уникалдуу экендигин, аны эч бир жан көргөн да, уккан да, жүрөк да, акыл да элестеткен эмес деп сүрөттөйт! Бул биздин адамдык сезимдерибиз түшүнө албаган түбөлүк жашоонун жаңы тутуму.

68-ИШ-АРАКЕТ: Уурунун элестетүүсүн түшүнүү маанилүү!
Чыгармачыл чечим

Балдарга төмөнкү болгон окуяны окуп бериңиз. Андан кийин үй-бүлөдөгү айрым көйгөйлөрдү карап, аларды кантип чечүү жөнүндө ойлонуңуз.

American Airlines компаниясынын башкы директору аэропорттун менеджерине кайрылды:
— Биз чыгымдарды кыскартсак болобу?
Менеджер: — Кантип?
Директор: — Эгер күзөтчү ар түнү эмес, күн аралатып кызматта болсо, чыгымдарды кыскарта алабыз. Андан сырткары, уурулар күзөтчүнүн кайсыл түндөрү кызмат ордунда жок болоорун билишпейт.
Кийинки жылы чыгымдарды кыскартуу боюнча ошол эле суроо көтөрүлдү:
— Кантип?
Эми директор күзөтчүнү иттин кызматы менен алмаштырууну сунуштады. Үчүнчү жылы дагы ушундай эле суроо берилди. Чыгымдарды кыскартуу максатында, итти түн жарымга чейин гана алууну сунуштады. Төртүнчү жылы директор менеджерге кайрылып:
— Эгер биз итти аябай ачка калтырып, андан кийин анын үнүн диктофонго жаз-

дырып алсак кантет? Уурулар элестетүүсүндө күзөтчү ит деп ойлоп калышат, диктофон тууралуу билишбейт да! А биз түнкүсүн диктофондун кызматынан бекер эле колдоно беребиз.

Бул иш чоң жыйынтык берди. Аларга эми күзөтчүнүн кереги жок

(MSNBC (америкалык кабельдик телеканал)
3-ноябрь, 2007)

16-БӨЛҮМ

Телевизордун, уюлдук телефондордун жана компьютер оюндарынын зыяндуу таасирлери

- Кириш сөз 486
- Ата-энелерге суроолор 486
- Телевизор көрүүнүн терс таасирлери 488
- ТВ жөнүндө ыкчам далилдер 494
- Чочун киши 494
- Телевизор көрүүнүн ордуна кыла турчу үй-бүлөлүк иш-аракеттердин тизмеси 497
- Олуттууракак варианттар 501
- Интернетти өтө көп колдонуунун зыяны 505
- Компьютердик оюндар 505
- Видео оюндар жана балдар 506
- Корутунду 508
- Жыйынтыктоо 508
- Иш-аракеттер 69-73 510

Сөз аягы 514

Кириш сөз

Биздин үйүбүздө билинбей бурчта турган, бирок биздин жашоого чоң таасир тийгизген нерсе бар; Биз көп көңүл бурбаганыбыз менен ал бизге караганда биздин балдар менен көбүрөөк убакыт өткөрөт жана ал үй-бүлөлөрдү зыянга учуратышы мүмкүн, бирок аны адамдар себеп катары көрүшпөйт. Ал – телевизор. ТВни жана анын биздин жашообузга тийгизген чоң таасирине көңүл бурбай коюу болбойт! 21-кылымда технологиянын өнүгүшү менен телевизор эле эмес, ошол зыяндуу "экран" таасири интернетти, уюлдук телефондорду, Ipad, планшеттерди камтып, бир эле уюлдук телефондун мүмкүнчүлүктөрү дээрлик бардык сүйлөшүү каражаттарын, анын ичинде ТВни дагы өзүнө камтып калды. Ошондуктан, бул бөлүмдүн мазмуну жаңы санарип маданияты жана анын баланын өсүүсүнө болгон таасири менен байланыштуу.

Ата-энелерге суроолор:

- Балдарыңар эртең мененки тамактануу учурунда жана мектепке бараардын алдында телевизор көрөбү?
- Балдар мектептен келери менен же үй тапшырмасын аткаруу учурунда телевизор көрөбү?
- Үй-бүлө тамактануу учурунда телевизор көрөбү?
- Балаңардын сүйлөшүүсү жана ойноосу ТВ менен канчалык байланыштуу?
- Балдар достору менен ойноп жатканда телевизор күйүп турабы?
- Алар телевизордон көргөн фастфудду же оюнчуктарды алып бер деп айтышабы?
- Үй-бүлөнүн күнүмдүк жашоо-тиричилиги жана иш-аракеттери ТВге ылайыкталып түзүлөбү?
- Балаңар кайсы бир телеберүү бүткөндө дароо өчүрөбү же андан ары көрүүнү уланта береби?
- Бала телевизор көрүп кеч уктагандыктан чарчайбы?
- Балада телевизордо көргөн нерселерден улам коркунуч же жаман түштөр болобу?
- Бала оюнга караганда, телевизор көрүүнү артык көрөбү?
- Бала телевизор көрүп жатканда үйгө коноктор келсе, аларга көңүл бурабы же жокпу?
- Бала телевизор көрүүнүн айынан намазды калтырабы?

Телевизорду ашыкча көрүү – зыяндуу нерсеге өтө берилүү болуп саналып, баңгизат колдонуу менен көп окшоштуктары бар. Көп балдар телевизор көрүп жатканда транстык абалга түшүп, толугу менен ага берилип, башка нерселерди байкабай калышат.

Эгерде аларга бирөө сүйлөсө угушпайт же жанында телефон шыңгыраса ага жооп беришпейт. Жадагалса алардын бетинде дагы өзгөрүүлөр болот, жаагы ылдый түшүп, оозу бир аз ачылып, тили алдыңкы тишине түшүп жана көздөрү транстык абалда болуп калат. Активдүү жана акыл жактан сергек болуунун ордуна, алар алардын маңдайындагы күйүп жанып турган экрандын таасиринен гипноздолуп, селейип катып калышат (сүйлөбөй, маңыроо болуп жана акылы токтоп калуу сыяктуу).

ТВ көрсөтүүлөрдүн мазмуну өмүр бою талкууланып бүтпөшү мүмкүн, анткени кээ бир көрсөтүүлөр – пайдалуу болсо, кээ бири – зыяндуу. Бирок, мазмун маселеси – телевизорду көрүү жана ага убакыт коротуу пайдалуубу же зыяндуубу деген маселеге караганда анча деле маанилүү эмес.

Кээ бир балдар телевизорду өтө көп көрүшөт, ал алардын досу жана убакытты өткөрүүнүн жолу болуп калат. Телевизор көрүүгө өтө берилген балдар башка балдарга салыштырмалуу көбүрөөк көйгөйлөргө дуушар болушат: алар өтө эле уялчаак, агрессивдүү, алсыз, ызакор болуп, башкалар менен тил табыша алышпайт.

Үй-бүлөнүн телевизорду өтө берилип көргөн бир эле мүчөсү олуттуу көйгөйлөрдү жаратууга жетиштүү. Үй-бүлөнүн бир мүчөсү телевизор көрүүнү артык көрүп жатканда, үй-бүлөлүк иш-аракеттерди уюштуруп, андан ырахат алуу абдан эле кыйын. ТВге байланыштуу эмес иш-аракеттерден (китеп окуу, ойноо жана сүрөт тартуу сыяктуу) телевизор көрүүгө өтүү – телевизор

көрүүдөн башка иш-аракеттерди кылуу-га өтүүгө караганда оңоюраак болот; телевизорду өтө берилип көргөн бала анын таасиринин абдан күчтүү экенине күбө болот.

Мари Винн (2002) боюнча, ТВ көп адамдарга гипноздук таасир берет. Алар зомбидей болуп калышат (маңыроо, акылы жок жана оңой башкарыла турган болуп). Адам телевизор көрүп жатканда эмне болоору эмес, ал көрүп жатканда эмне болбоору – чоң маселе болуп саналат. Телевизор көрүүгө жүздөгөн сааттарын короткон балдар өздөрүнүн интеллектуалдык жана коомдук өнүгүүсүнө чоң зыян алып келишет. Башка адамдарга жүздөгөн жана миңдеген сөздөр айтылбай, жүздөгөн суроолор берилбей жана жооп алынбай калат.

Телевизор көрүүнүн терс таасирлери

Телевизор көрүүгө баа берүүдө ата-энелер телевизор көрүүгө корогон убакытка эмес, анын мазмунуна көбүрөөк маани беришет. Алар балдарынын эмес, өздөрүнүн муктаждыктарына көңүл бурушат. Ата-энелерге алардын балдарын алаксытып, көңүлүн ачкан булак керек. Аларга үйүндө тынчтык керек. Ата-энелерге бекер, даттанбаган, ишеничтүү жана ар дайым кол алдында болгон электрондук бала багуучу керек. Бирок, бул алардын балдарынын муктаждыктарына каршы турат. ТВ балдардын өз алдынча болуу, өздөрүнүн күчтүү жана алсыз жактарын аныктоо жана кантип сүйлөшүү керек экенин үйрөнүү (жакшы сүйлөө жана жазуу) сыяктуу муктаждыктарына жооп бербейт. Балдарга өздөрү курган кыялдарды ишке ашыруу керек, чоң адамдар тарабынан курулган кыялдар эмес. Балдарга ошондой эле, жөн эле отуруп телевизор көрүү эмес, бир нерсени кармоо, колдонуу жана бир нерсе жасоодон улам болгон интеллектуалдык өбөлгө керек.

Көп ата-энелер баласын тынчтандыруу үчүн телевизорду өтө эле активдүү колдонушат, анткени ал интенсивдүү акыл-эстик көңүл бурууга караганда жай, тынч абалды түзүп берет. Телевизорду көрүүдө болгон көздүн жай кыймылдашы – кыялдануу учурундагы көздүн абалына окшош. ТВдеги материал реалдуу эмес, кыялга окшош сапатты камтыйт. Телевизорду ашыкча көргөндөр өз жашоолорунда телевизорго болгон “адаттан” улам баңгизаттан же алкоголдук ичимдиктерден көз каранды болгон адамдардай эле туруктуу эмес болушат. Алар өсүүгө, өнүгүүгө же бир нерсеге жетүүгө жетелеген иш-аракеттерден баш тартышат. ТВ – натыйжасыз, пайдасыз нерсе; ага салыштырмалуу дээрлик бардык башка иш-аракет пайдалуураак. Балдар телевизор көрүүдөн пайда албаса дагы алар китеп окуу, бакчада иштөө, кийим тигүү, оюндарды ойноо же башкалар менен аңгемелешкендин ордуна телевизор көрүшөт. Бул “мазмундуу” иш-аракеттер телевизор көрүүгө караганда, анча деле кызыктуу болбой калат. Телевизор балдарды “өзүнө тартып турат”, анткени ал – абдан жагымдуу. Ал тамак ичүү же кучактоого салыштырмалуу анчалык жагымдуу болбосо дагы, ал баары бир өзүнө тартып турат. Ал “калп нерсе” анткени, ал тамак же жакшы көрүп турган үй-бүлө мүчөлөрүндөй болуп бир нерсе “бербейт”, бирок антсе да ал сонун болушу мүмкүн, анткени ал көп ырахатты бир булакка камтыйт: түстүү сүрөттөр, ар түрдүү үндөр, музыка, белгилүү жана ойдон чыгарылган нерселер. Америкалык ата-энелердин жарымынан көбү телевизор көрүүгө тыюу салууну жазалоо катары колдонушат жана бул Америкадагы эң көп колдонулган жазалоо түрү болуп калды.

Телевизор пассивдүү, тынч жана

активдүү эмес болгон балдарга ээлик кылат. Сүрөттөрдүн тез алмашуусу, камеранын бурчунун жана фокусунун өзгөрүшү жана көрүүчүнүн ориентиринин ар бир нече секундда өзгөрүп турушу кыска көлөмдүү көңүл бурууга алып келиши мүмкүн. Гиперактивдүү мектеп окуучулары ТВ көрсөтүүлөрүндөгү сүрөттөрдүн динамикалык сапатын өздөрүнүн кабыл алуу багытын өзгөртүү аркылуу калыпка келтире алышат. Жадагалса балдарга арналган телешоулор өтө эле туталантуучу болуп эсептелет. Алар бат өзгөрүп турган электрондук өбөлгөлөргө даяр эмес кээ бир мектепке чейинки балдарга "ашыкча" болуп эсептелет. Мунун азыркы учурда көп байкалып жаткан балдардын башкача жүрүм-турумуна байланышы бар. Бул ошондой эле балдар арасындагы "көңүл буруунун жетишсиздиги жана гиперактивдүүлүк синдрому" эпидемиясы менен дагы байланыштуу. Балдарга арналган телешоуну көрүп, ар бир эпизоддун канча убакытта бир алмашып жатканын жана камеранын бурчунун өзгөрүшүн санап көргүлө.

Сезам көчөсүндөгү тажрыйба

"Сезам Көчөсү" – бул балдарга алиппени жана көп сөздөрдү үйрөткөн эл аралык балдардын телешоусу. Сезам Көчөсүнүн продюсерлери алардын программасы балдарга маанилүү билим тажрыйбасын берет деп эсептешет. Бирок, Сезам Көчөсүнө таандык болгон башка дагы нерселер бар. Ал балдардын телевизорго өтө эле берилип калышына дагы чоң роль ойнойт. Мугалимдер кээ бир балдардын бала бакчага Сезам Көчөсүнөн тамгаларды үйрөнүп келишкенин айтышат. Бирок, телевизорго өтө берилгендер образдуу оюндарда анча жакшы болбой, жөн эле ары бери чуркап, оюнчуктарды жана ойноочу материалдарын колдонбой, көңүлү тез калып, тырышчаактыгы жок болуп жана реалдуу нерселер менен ойдон чыгарылган нерселерди алмаштыра беришет.

Ийгиликтүү окуп үйрөнүү процесси активдүү жана практикалык түрдө катышууну талап кылат. Сезам Көчөсү жана ушул сыяктуу "үйрөтүүчү" программалар реалдуу, бетме-бет окутуу тажрыйбасын алмаштыра албайт. Чындыгында, бардык жакшы китептер – Сезам Көчөсүнө караганда жакшыраак! Башталгыч мектептин мугалимдери көп окуучуларга нааразы болушат, анткени алар окугулары келбей, окууга көңүл бурушпайт. Телевизор көрүү вербалдык эмес ойлонуу жөндөмдөрүн жакшыртууга жардам бергени менен, ал мектепте ийгиликтүү болууга керек болгон башка жөндөмдөрдү жакшыртууга жардам бере албайт. Сезам Көчөсүн 100 саат көрүү – жакшы китепке 10 саат убакыт бөлүүгө салыштырмалуу азыраак пайда алып келет. Ата-эне жана китептер Сезам Көчөсүнө караганда азыраак убакытта баланын интеллектуалдык өнүгүүсүнө көбүрөөк пайда алып келет.

Балдар канчалык көп телевизор көрсө, мектепте ошончолук начар окушат. Мектептеги ийгилик китеп окууну сүйүүнү, башкалар менен иштеше алуу жөндөмдүүлүгүн жана жадатма, кайталанма тапшырмаларга (жадыбалды жаттоо сыяктуу) көңүл коюу адатын талап кылат. Телевизорду көп көрүү бул жөндөмдөрдүн баарын кыскартып же биротоло жок кылат.



ТЕЛЕВИЗОРГО ЧЕЙИН

Телевизор пайда болгонго чейин ата-энелер балдарына катуураак мамиле кылышчу, бул алардын баланы тарбиялоонун жакшы жолу деп эсептегенинен эмес, аларга жашоодо жашап кетүү үчүн абдан керек болгону үчүн ошондой кылышкан. Алар балдарына көз салып, бир канча убакытка чейин балдарын жалгыз ойноого үйрөтүшкөн жана алардын өсүүсүн байкап турушкан. Алар балдарына өз алдынча ийгиликтүү жана ишеничтүү түрдө ойноп, өздөрүнүн көңүлүн ача алуусуна жардам беришкен. Алар балдарын кыска убакытка уктоого үйрөтүшкөн, анткени тынч уктап эс алуу – балага пайдалуу. Ата-энелер балдарынын өз бөлмөлөрүндө тынч уктап же эс алып, ойноп же музыка угуп, же акырын ары бери басып турушуна көз салып турушкан.

Телевизордун пайда болушу менен, бул практикалардын көбү жоголуп кетти. Азыркы заманда балдар өздөрүн кантип алаксытып, кантип көңүл ачуу керек экенин билишпейт. Хобби жана ар кандай кызыктуу нерселер менен алек болгондун ордуна, алар телевизор өчкөндөн кийин эч нерсе кылышпайт. Алар көңүл ачуудан, креативдүү иш- аракеттерден, китеп окуудан баш тартышып, көңүлсүздүккө дуушар болушат.

Телевизор пайда болгонго чейин, балдар көз карандысыз болууга үйрөнүшүп, ата-энеге таянуудан (ымыркай кезде) айлана-чөйрөгө ыңгайлашып, активдүү болууга үйрөнүшкөн. Коомдо жашап кетиш үчүн көнүшүү керек. Балдар үч жашка чыкканда алардын айланасындагы дүйнө менен байланышып, андан көз каранды боло башташат. Бирок бул убакытта көбүнчө телевизор балдарга бала багуучу катары колдонулат.

Телевизор көрүп жатканда балдар энесинин колунда болгондой эле коопсуз, тынч болушат. Алар башка бала менен ойноп жаткандагыдай болуп, бир нерсе бериш керек эмес болот. Балдар үчүн кадимки ойноого салыштырмалуу телевизор көрүү – эч кандай коркунуч жаратпайт: алар бир жерин оорутуп же балээге кабылып, андан улам ата-энесинин жинине тийишпейт. Алар ымыркай кездеги алсыздыгынан жаңы

чыгып келе жатканда телевизор аларды байланган жана көз каранды болгон абалга кайтарып коет. Телевизор пайда болгонго чейин балдар кызыкчылыктарын кенейтип, жаңы нерселерди кылып көрүшчү; алар көңүлсүздүктү жаңы оюндарды ойлоп табуу, китеп окуу, кайталап окуу, кат жазуу жана хоббилери менен алектенүү аркылуу жеңишкен. Телевизор пайда болгондон кийин балдар "кылаарга эч нерсе жок" деп даттанышып, аларга бардык нерсе кызыксыз болуп калды.

Алар буга чейин мынчалык алаксып жана ошол эле учурда мынчалык көңүлсүз болушкан эмес! Телевизор көрүү – жашоо менен убакытты коопсуз, эмгекти талап кылбаган жана кызыктуу колдонуу болуп, ал эми башка бир нерсе кылуу жумуш катары болуп калды! Китептердин экрандаштыруусу балдардын фантазиясын жоготуп, аларга интеллектуалдык эмес, ойлонбогон тажрыйба берет. Алар окуядагы каармандардын жашоосун түшүнбөй, алардын ички ой-толгоолорун жана баалуулуктарын түшүнүшпөйт. Кайсы бир китепти бир нече күн бою окуп, анан анын аягына чыгуунун ордуна толук окуя 90 мүнөттө эле бүтүп калат. Балдар телевизордон кайсы бир окуяны көргөндөн кийин ырахат алып, бирок ички жан дүйнөсү толбой калат. Китеп окуп жатканда алар жок дегенде каармандардын жашоосун жарым-жартылай түшүнүп, аларга тынчсызданып жана өздөрүнүн элестетүү жөндөмүн өстүрүшөт. Китептин жыты, аны кармоо жана сезүү балдарга окуяга сүңгүп кирүүгө түртүп, аны кайра кайталап окууга жөндөмдүү кылат. Телевизор абстиненттүү сезимге алып келет, анткени кино күтүүсүздөн бүткөндө балдардын көңүлү калып, аларда депрессия пайда болушу мүмкүн. Китеп менен биздин ортобузда изилденгис жана түшүндүрүлгүс байланыш бар. Ошол маанилүү байланышты телевизордон алуу мүмкүн эмес.

Телевизор көрүү чоңдордо алсыздыкты жана көз карандылыкты күчөтөт.

Мурда бош убакыт, балдарга чоңдордон көз каранды болуусун азайтып, көп керектүү мүмкүнчүлүктөрдү берчү. Ал эми азыркы заманда көп балдарга бош убакыт – кыйноо болуп саналат. Алар бош убактысында кылчу жалгыз нерсе бул – телевизор көрүү. Кээ бир балдар жадагалса телевизордун алдында отуруп тамак жеп, достору менен ойноп жана үй тапшырмаларын аткарышат.

Телевизор көрүү – үй-бүлөлүк жашоого олуттуу таасир тийгизип жатат. Күнүмдүк жашоо көбүнчө телевизор менен байланыштуу болуп, үй-бүлөлүк адаттар жоголуп бара жатат. Диний жана коомдук иш-аракеттерге катышуу азайды жана мунун башкы себеби – телевизор болуп саналат. Көп ата-энелер өз үйлөрүнүн мейманкана жана ресторан болуп калганын айтып даттанышат: тамак ичип жана уктоо үчүн гана болгон жер. Алар көбүнчө телевизор үй-бүлөдө үстөмдүк кылса, ал оңдогус натыйжага алып келерин түшүнө беришпейт. Үй-бүлө толук кандуу жана үлгүлүү болуш үчүн чогуу жасалган иш-аракеттер көп болушу керек. Көп жылдар бою пайда болуп, өзгөрүп жана өнүгүп келген күнүмдүк иш-аракеттердин саны күчтүү үй-бүлөлүк байланышты түзүүдө эң маанилүү нерсе болуп эсептелет. Антпесе, ата-энелер жөн гана балдарын тамак менен камсыз кылган, аларды кийинткен жана баш калка менен камсыз кылган багуучуларга айланып калышат; ата-энелер балдарынын жашоолорунда анча маниге ээ эмес, экинчи пландагы адамдар болуп калышат.

Телевизор, реалдуу жашоодо адамдар менен сүйлөшүүгө кеткен убакытты алып, үй-бүлөнү бузат. Америкалык үй-бүлөлөрдүн көпчүлүгү тамактануу учурунда телевизор көрүшөт жана дайыма эле бир телевизорду эмес! Алар баары чогуу отуруп жаратылыш, адеп-ахлак жана азыркы болуп жаткан окуялар жөнүндө программаларды көрүшсө дагы, алар дагы деле андан маанилүүрөөк нерседен кур ка-

Ата-энелер балдарына бере алчу эң маанилүү үйрөтүүчү жалгыз каражат – бул китеп окууга болгон жөндөм. Телевизордун кесепетинен балдар китеп окуудан жалкоолонушат. Алар китепти жадатма, оор жана кызыксыз деп эсептешет. Күндөн-күнгө китепти окуп түшүнүүгө аракетин жумшап, аны аягына чейин окууга аракет кылган балдардын саны азайып баратат.

Телевизорду көп көргөндөргө китеп окууга көп убакыт керектей сезилип, ал абдан оор нерседей көрүнөт. Алар анын ордуна телевизордо түшүндүрүлүп берилгенин көрүүнү артык көрүшөт. Китепти жакшы көрүп, көп окумайынча жашоодо ийгиликке жетүү абдан кыйын экенин балдар түшүнө беришпейт.

лып жаткан болушат. Алар ошол күнү кылган нерселерин бири бири менен бөлүшүштүбү? Алар пландарды түзүп, көз караштары менен алмашып, тамашаларды айтышып жана оздөрүнүн жеңиштери жана көйгөйлөрү тууралуу сүйлөшүштүбү? Алар кандай мааниде чыныгы үй-бүлө болуп жатышат? Телевизор үй-бүлөлүк жашоону таптакыр жок кылбаса дагы, ал үй-бүлөлүк жашоону бекемдей албашы анык. Бирок ал үй-бүлө мүчөлөрүнүн ортосундагы мамилени курууга жана эмоционалдык коопсуздукту жаратууга кеткен убакытты алып, ата-энелердин өз балдарын окутуп, аларга жакшы тарбия берүүсүндө тоскоол болуп турат.

Телевизор пайда кылган иллюзиялар

Бир күнү мени эки баласы бар жубайлар үй-бүлөлүк көйгөйлөрүнө кенеш берүүмдү сурап чакырышты. Экөө тең иштеп жаткан доктурлар эле. Менин таң калганым, аялы мындай деди: “Турмушка чыкканга чейин мен үй-бүлөлүк жашоо телевизордо Голливуд актрисалары көрсөткөндөй эч кандай жоопкерчилиги жок, жыргал жашоо болот деп ойлочумун”. Эгерде профессионалдар телевизордун жашоону сүрөттөгөнүнө алданып жатышса, анда балдарыбызда кандай мүмкүнчүлүктөр бар?

Биз экинчи класста окуп жатканда мугалим бизге мышыгы жана күчүгү бар кары жубайлар жөнүндө илгерки окуяны окуп берди. Мышык аларга чыккынчылык кылып, ал эми күчүк аларга ишенимдүү болду. Күчүк качып, бакка чыгып кеткен мышыктын артынан кубалап жөнөдү. Окуя мындай деп аяктады: “Ошол күндөн тартып, мышыкты көргөн сайын күчүк аны тиштеп алуу үчүн артынан кубалап жүрө берди”. Көп жылдар бою мен чын эле иттер менен мышыктардын уруша беришинин себебин мышык ошол жубайларга чыккынчылык кылып кеткени экен деп ишенип жүрдүм. Мугалим бул окуя ойдон чыгарылганын түшүндүрүп бериши керек болчу, анткени балдар укканына жана көргөнүнө ишенишет. Ушул эле сыяктуу, ата-энелер дагы балдарына алар телевизордон көрүп жаткан нерселер чын эмес экенин айтышы керек.

ТВ жөнүндө ыкчам далилдер

- Америкалыктар орточо эсеп менен күнүнө төрт сааттан ашык телевизор көрүшөт, же жылына толук эки ай.
- Күнүнө алты саат телевизор көргөн америкалык бүтүрүүчү класстын окуучуларынын 86% окуу тестинен начар көрсөткүчтөргө ээ болушат.
- 18 жашка чейин америкалык балдар орточо эсеп менен телевизордон зордук-зомбулук тууралуу 200,000 ашык акттарын, ага кошумча 16,000 киши өлтүрүү акттарын көрүшөт.
- 1980-жылдан бери өзгөчө телевизордун жана туура эмес тамактануунун кесепетинен америкалык ашыкча салмактуу балдардын саны эки эсеге көбөйгөн.

Телевизор жөнүндө белгилүү цитаталар

Телевизор баланы жеңилгис күчтөн кыймылсыз нерсеге айлантты.

Белгисиз автор

Эгерде силер үйүңөргө келип, чочун адам балдарыңарга бири-бирин уруп же аларга ар түрдүү нерселерди сатууга аракет кылып жатканын көрсөңөр, силер аны үйүңөрдөн кууп чыкмаксынар; бирок силер үйгө кирип, телевизордун күйүп турганын көрүп, эч нерсени ойлобойсунар.

Джером Сингер

Телевизор психиатрияга ал жөнүндө маалымат таратууда көп нерселерди жасады, ошондой эле ага муктаж болууга дагы жеткирди.

Алфред Хичкок

ТВ. Эгерде балдар эки тамгадан ойноп-күлүп, ырахат алып жатышса, алар жыйырма алты тамгадан ала турган оюн-күлкүнү элестете бергиле. Балаңардын элестетүү жөндөмүн ачкыла. Китепти ачкыла.

Белгисиз автор

Чочун киши

“Менин төрөлөрүмө бир нече ай калганда менин атам биздин кичинекей шаарыбызда чочун адам менен таанышып калыптыр. Башынан эле атам бул сонун жаңы таанышын жактырып, жакын арада аны биз менен чогуу жашаганга чакырыптыр. Бул чочун адам бат эле кабыл алынып, бир нече айдан соң, мени үйгө башка үй-бүлө мүчөлөрү менен кошо тосуп алды. Мен чоңойгондо анын биздин үй-бүлөдөгү ордун сураган жокмун. Апам мени Кудайдын Сөзүн сүйүүгө үйрөттү. Атам болсо Кудайга баш ийүүгө үйрөттү. Ал эми чочун адам биздин окуя айтып берүүчүбүз болчу. Ал эң кызыктуу окуяларды оюнан чыгарып айтып берчү. Укмуштуу, сырдуу жана күлкүлүү окуялар абдан көп болчу. Ал биздин үй-бүлөнү күндө кечинде бир нече саат бою алаксытып турчу. Ал биздин үй-бүлөбүздүн досундай эле. Ал атам экөөбүздү биринчи жолу бейсбол оюнуна алып барган. Ал бизди дайыма кино көрүүгө шыктандырып, бир нече кино жылдыздары менен таныштырган. Чочун адам токтобой көп сүйлөчү. Атам ага каршы эмес болчу, бирок калганыбыз анын дагы бир алыс жерлердеги окуяларын угуп жатканыбызда апам кээде акырын туруп, өз бөлмөсүнө барып Библияны окуп, дуба кылаар эле.

Азыр ойлогонум, апам ошол кезде ошол чочун адам кетсе экен деп дуба кылчу болду бекен? Билесизби, атам биздин үйдү жакшы адаттарга толтурган. Бирок чочун адам ал жакшы адаттарга маани берип, ага көңүл бурчу эмес. Мисалы сөгүнүү биздин үйдө тыюу салынган, өзүбүзгө дагы, досторубузга дагы жана башка чоң адамдарга дагы. Биздин көп күндүк коногубуз болсо жаман сөздөрдү колдончу, анын жаман сөздөру менин кулагымды жарып, атам болсо кабагын бүркөп койчу. Бирок ага эч ким каршы чыкчу эмес. Атам үйдө алкоголдук ичимдикти колдонууга уруксат берчү эмес, жадагалса тамакка кошконго дагы. Бирок чочун адам бизге сыра жана башка алкоголдук ичимдиктерди көп сунуштачу. Ал тамекини даамдуу кылып көрсөтүп, сигараларды жагымдуу кылып өзгөчө жарнамалачу. Ал жыныстык жакындык жөнүндө эркин сүйлөчү. Анын сүйлөгөнү кээде орой, кээде азгыруучу, кээде уяттуу болчу. Менин аял/эркек мамилелерин түшүнүүмө ал кандайча таасир тийгизгенин билем. Артка карап, азыр мен ошол чочун адам биздин үй-бүлөгө дагы көбүрөөк таасир тийгизгенин токтоткону – Кудайдын ырайымдуулугу деп түшүнөм. Бара- бара ал ата-энемдин баалуулуктарына каршы чыгып баштады. Бирок аны эч ким жемелеп, үйдөн кетирүүгө эч ким аракет кылчу эмес. Ошол чочун адам биз менен жашаганыбызга отуз жылдан ашты. Бирок, азыр мен ата-энемдин үйүнө барсам, дагы деле бурчта анын айткандарын угууга жана сүрөттөрүн көрүүгө бирөөлөрдү күтүп отурганын көрөм. Анын аты? Биз аны дайыма ТВ деп атачубуз.

(Белгисиз автор)

БАЛДАРЫҢАР КӨРГӨН ТЕЛЕВИЗОРДУН МАЗМУНУНА ЖАНА КӨЛӨМҮНӨ ЧЕК КОЙГУЛА

Пэм улуттук ТВ-өчүрүү жумалыгына катышууну чечти. Анын ошол кезде 13, 11 жана 4 жаштагы балдары башында күңкүлдөп, нааразы болушуп, бирок ошол жумада башка нерселерди кылып башташканда даттанбай калышты. Улуураак балдар көп окуп, чогуу ойношуп, жадагалса кичинекей карындашына футбол ойногонду үйрөтүштү. Балдар үй-бүлөлүк иш-чараларды уюштуруп, бири бирине жылуу мамиле кыла башташты. Телевизор көрүүнү токтотуу чоң өзгөрүүлөрдү алып келди. Эми үй-бүлөдө бири бирине убакыт бөлүп калышты.

Силер балдарыңарга көрсөткүнөр келбеген иш-аракеттерди камтыган кинону балдарынардын көзүнчө эч качан көрбөгүлө.

Бир нече ата-энелер телевизорду биротоло өчүрүп, анын натыйжасы жакшы экенин айтышкан. Кейндин үй-бүлөсү эс алууда жүргөндө ушундай өзгөрүүгө барышкан:

Биз эс алууда жүргөндө телевизор жок эле, ошондуктан мындай өзгөрүүнү киргизүү кадимки нерсе болуп калды. Башында кызыбыз аны сурап жатты, бирок биз ал сураган сайын аны башка нерселер менен алаксытып жаттык.

Ата-энелер балдар дайыма алаксып туруш керек деп ойлошот. Ата-энелер балдарына жардам берүүгө милдеттүүдөй сезишет: “О, мен сага кыла турган нерсе таап берем”. Бир нече убакыттан кийин алар балдарынын өздөрү тапкан нерселерине каршы эмес болушат.

Жаш балдарга ата-энелерине үй жумуштарына жардам берүү өзгөчө пайдалуу. Балдарды тамак жасоого жардам берүүгө чакыргыла. Ата-энелер балдарына үлгү болуш керекпи? Эгерде балдар ата-энелери телевизор көрбөй эле эс алып же бир нерсе менен алек болуп жатканын көрүшсө, алар дагы ошондой кылууну үйрөнүшөт.

Балдарынар менен дем берүүчү жана жол көрсөтүүчү окуялар жана ырлар менен бөлүшкүлө.
(Беннетт 1996)

Балдарга телевизордун тийгизген таасири жөнүндө изилдөө жана эксперттер

Спок (1998) жана Америка Педиатрия Академиясы (1999) жаңы басып келе жаткан балдар жана жаш балдар телевизорду таптакыр көрбөшү керек деп айтышат, анткени “жаш балдардын телевизор көрүүсү кеч тил чыгуу, көңүл буруунун кыскарышы жана мээнин өсүшүнүн кечеңдешине алып келет…Илимий жактан алганда эч кандай пайда жок жана ал зыян гана алып келери далилденген”.

Спок бул стратегиянын көп ата-энелерге “өтө эле экстремалдуу” экенин түшүнөт.

Розмонд (1993) бала окуп жана китепти жакшы көрүүгө үйрөнмөйүнчө телевизор көрүүгө руксат бербеш керек деп сунуштайт. Андан кийин деле жумасына беш эле саат болгон чек коюу керек дейт ал.

Ранкин (2006) күнүнө үч же андан ашык саат телевизор көргөн балдар мектепте начар окушат деп сунуштаган изилдөөлөрдү айтат, бирок жакшы тандалган билим берүүчү программалар пайдалуу болушу мүмкүн. Билим берүүчү программалар ошондой эле, креативдүүлүктүн өсүшү менен байланыштырылат.

ТВ силерге акча уурдагандан дагы чоңураак зыян алып келүүдө. Ал силердин бактыңарды алып жатат. Силер акчанарды кайсы бир жол менен кайра калыбына келтирип, кайрып ала аласыңар, ал эми убактыңар менен бактыңарды кайра кайтара албайсыңар.

Телевизор көрүүнүн ордуна кыла турчу үй-бүлөлүк иш-аракеттердин тизмеси

Көп ата-энелер балдарынын бош убактыларын эмне менен толтурууну билбей, аларга телевизор көрүүгө руксат беришет. Ата-энелер абдан чарчагандыктан ТВнин алардын балдарын алаксытуусу аларга эс алууга мүмүнчүлүк берет. Жакшы чечим бул пайдалуу иш-аракеттер менен алек болуп баштоо болуп саналат. Биз телевизордун балдарга дагы, ата-энелерге дагы тийгизген терс таасирлери тууралуу айттык. Телевизордун эң жаман зыяны бул үй-бүлөлөрдү жаман жакка буруу болушу мүмкүн, бирок көптөр муну түшүнө беришпейт. Үй-бүлөлөр бири бири менен көп сүйлөшүшпөйт; ТВ аларга чогуу убакыт өткөрүүгө тоскоол болот. Телевизор көрүүнүн ордуна кыла турчу башка неселерди карап көргүлө.

Силердин акчаңарды уурдап алган ууруга кандай реакция кылат элеңер? Ал эми силердин жана үй-бүлөңөрдүн убактысын уурдап жаткан ууругачы?

Телевизордун ордуна кылчу иш-аракеттер

Баланын жашына карап ылайыктуу иш-аракеттерди тандап алса болот. Үй-бүлөлөргө арналган иш-аркеттердин тизмеси бар миңдеген китептер бар, ошол иш-аракеттердин арасында төмөнкүлөр бар:

1. Чеп куруу
2. Коомдук тазалоо иштерин уюштуруу
3. Китепканага барып, китеп алып, китепканадагы иш-аракеттерге катышуу
4. Радио угуу
5. Зоопаркка же музейге баруу
6. Сүрөт тартуу
7. Коомдук борборлорго же парктарга баруу
8. Сууга түшүү
9. Өзүнөн кичүү бир туугандарына китепти үнүн чыгарып окуп берүү
10. Пикник уюштуруу
11. Сейилдөө, чуркоо же велосипед тебүү
12. Ыр ырдоо же ыр жаттоо
13. Чымчыктарды байкоо
14. Аркан менен секирүү
15. Коомдук уюмдарга же кайрымдуулук уюмдарына волонтерлук кылуу
16. Тоого чыгуу (огородго болсо деле)
17. Досторго, туугандарга же чон ата, чон энелерге кат жазуу
18. Гүл отургузуу, жашылчаларды тигүү же бакчада иштөө
19. Гезит журналдарды окуу
20. Шахмат ойноо
21. Достук билериктерин жасоо; бир билерикти бир адамдын колуна, экинчисин башка адамдыкына тагуу
22. Ашыкча нерселерди качкындарга же кайрымдуулук фонддоруна алып барып берүү
23. Күндөлүк жүргүзүү
24. Жергиликтүү китеп дүкөнүнө баруу
25. Үй-бүлөлүк тарыхты изилдөө
26. Жыгачтан китеп текчесин жасоону үйрөнүү
27. Колго бир нерселерди жасап, белекке берүү
28. Окуя ойлоп чыгарып, аны жазуу
29. Жаратылышка сейилдеп чыгуу. Уруктарды жана жалбырактарды чогултуу. Чогулган нерселерден коллаж жасап, аны муздаткычтын бетине чаптоо
30. Дүрбүдөн түнкү жылдыздарды кароо: ар түрдүү топ жылдыздарды аныктоо. Айды кароо. Астрономия жөнүндө окуу
31. Кошуналарга печенье жасап берүү
32. Үй-бүлөнүн улууараак мүчөсүнөн балалыгы тууралуу айтып берүүнү сурап, ал жөнүндө жазуу
33. Кыям жасоо
34. Йогурт жасоо
35. Көнүгүүлөрдү жасоо

36. Мектепке же жумушка жөө басып баруу
37. Боулингге баруу
38. Футбол ойноо
39. Ар түрдүү диндердин диний кызматтарына катышуу
40. Мүшөк менен чуркоо
41. Футбол, волейбол жана баскетбол ойноо
42. Компьютерде терүүнү үйрөнүү
43. Компьютер менен колдонууну үйрөнүү
44. Машина айдаганды үйрөнүү
45. Үстөл теннисин ойноо
46. Кошуналар менен катылган нерсени издөөнү уюштуруу
47. Кийимдерди колго жуу
48. Үйдү чаң соргуч менен тазалоо
49. Терезелерди тазалоо
50. Үй-бүлөңөр менен же досторуңар менен кечки тамакты чогуу жасоо
51. Банк эсебинин көчүрмөлөрүн текшерүү
52. Китепке мүнөздөмө жазуу
53. Үй-бүлөлүк бир айлык бюджетти талкулоо
54. Кече уюштуруу
55. Достор менен журналдарды алмашып окуу
56. Бөлмөңөрдү жыйнап тазалоо
57. Фризби же хоккей ойноо
58. Жакшы көргөн авторунарга кат жазуу
59. Үй жаныбарлары менен ойноо
60. Короодо жумуш кылуу
61. Батперек учуруу
62. Үй-бүлөлүк саякатка чыгуу
63. Термометрди же барометрди балконго же бакка илүү
64. Пьеса жазуу
65. Чана тееп, кар киши жасоо
66. Эски журналдардан ар кандай коллаждарды жасоо
67. Карылар үйүнө баруу
68. Жаш ата-энелерге жардам берүү
69. Жөө саякатка чыгуу
70. Кроссворддорду чечүү
71. Жаңы досторду табуу
72. Китеп окуу боюнча топ түзүү
73. Үстөл оюндарын үй-бүлөңөр менен ойноо
74. Курт-кумурскалардын чарбасын жасоо
75. Бакчада чай ичип олтуруу
76. Кичинекей кайык жасап, аны сууга сүздүрүү
77. Үй-бүлө мүчөлөрүн сүрөткө тартуу
78. Компасты жана картаны колдонууну үйрөнүү
79. Метрикалык системаны үйрөнүү
80. Кары адам менен сүйлөшүү
81. Дойбу ойноо

82. Кийим тигүүнү үйрөнүү
83. Шаардын четине чыгуу
84. Үй сааганды үйрөнүү
85. Бакка чыгуу
86. Күлкүлүү окяларды чогултуп, китеп кылып жазып, досторго жана үй-бүлөгө айтып берүү
87. Табышмактарды жаттоо
88. Күндүн чыгышын жана батышын кароо
89. Азык-түлүк тизмесин жазуу
90. Жөнөкөй фразаларды ар кайсы тилде айтканды үйрөнүү (Рахмат, кутман таң/кеч, ооба, жок, 1ден 10го чейин саноо, аптанын күндөрүн ж.б…)

Олуттууракак варианттар

Төмөндө балдар кыла турчу олуттууракак иш-аракетер берилген (Беширден алынган 1998)

КООМДУК ИШ-АРАКЕТТЕР

- Эң маанилүү жана керектүү эки тилден: өз эне тили менен Курандагы араб тилинен башка тил үйрөнүү.
- Жаштар лагерлерине баруу: балдарга жетиштүү пайдалуу иш- аракеттер уюштурулганына ынануу, өзгөчө узак эс алуу учурунда. Интеллектуалдык жана руханий иш-аракеттерден тышкары лагерь программалары оюндарды, спортторду, пародияларды жана ар түрдүү сынактарды камтыш керек.
- Балдардын жана кыздардын клубуна кошулуу.
- *Нашид* (ыр) топторуна кошулуу. Балдарга жаттаганга оңой жана ылайыктуу ырларды тандап, аларды коомдук майрамдарда ырдоого уруксат берүү.
- Түнкү кечелерди уюштуруу: Балдар тарабынан уюштурулган жана ата-энелер козөмөлдөп турган түнкү кечелер балдарга жакшы оюн-зоок тартуулап, алардын ортосундагы мамилени бекемдетет.
- Жамгырда, карда же күндө ойноо (ылайыктуу калканч болуу керек).

Умар ибн аль-Хаттаб мындай деген:

“Балдарынарга сууда сүзүүнү, жаа менен атууну жана атка минүүнү үйрөткүлө”.

- Эл алдына чыгып сүйлөгөндү үйрөнүү.
- Талашып-тартышууну үйрөнүү.
- Араб жана англис каллиграфиясын үйрөнүү.
- Балык уулоого чыгуу
- Жасалма дем алдырууну үйрөнүү
- Геймлих ыгын үйрөнүү

ЖАРАТЫЛЫШКА БАЙЛАНЫШТУУ ИШ-АРАКЕТТЕР

- **Жаратылышты өз ыргагыңарга жараша изилдөө.** Үй-бүлө жай сейилдей алчу же бат басып жаратылыштын кереметтерин: чымчыктарды, курт-кумурскаларды, жыландарды, гүлдөрдү жана бактарды көрүү үчүн сейилдей турчу ылайыктуу жалгыз аяк жолдорду тандап алса болот. Балдар суудагы таштарды табуу менен сааттар бою алек болсо болот. Алар ошондой эле велосипед тебишсе болот.
- **Жылдыздарды кароо.** Жылдыздарды байкоо – эң сонун нерсе. Топ жылдыздардын картасын колдонгула. Жамынганга төшөк, бир аз жер-жемиш алып, жарык аз жерге баргыла. Огород же дөбөнүн чокусу болсо болот. Толук караңгы болгондо ар түрдүү топ жылдыздарды табууга аракет кылгылы. Кичи Жетигенди таап, андан соң Арстан жылдызын, андан кийин башка жылдыздарды тапкыла. Акырында балдар булуттардан ар түрдүү формаларды тапкандай эле, жылдыздардан дагы ошондой формаларды таап калышат.

ОЮНДАР

- Манжалардын узундугун салыштырган манжа оюнун ойногула. Ар бир адам колунун манжаларын бири бирине жакын коюп өйдө кармап турат. Силер сөөмөй-үңөрдүн аты жок манжанардан кичирээк экенин, ал эми ортон эң узун экенин билесинер, бирок ар бир адамдын манжалары ар башка. Андан соң буттун манжаларын карагыла: байпагыңарды чечип, бири биринердин жанына көмкөрөңөрдөн жатып, анан бутунарды карагыла. Буттун манжалары дагы ар кандай болот.
- Балдардын кабыргасын саноо кызыктуу болушу мүмкүн, өзгөчө чон-ата чоң энелери санаса.
- Алиппе оюнун ойногула. Машинада ар бир адам жол белгилериндеги ар бир тамганы чогултат. Алар ирээти менен чогултулуш керек. Жолдун аркы жагындагы белгилерди кароого эч кимге уруксат берилбейт. Эң акыркы тамганы көргөн адам утат.
- Саякатта жүргөндө, мүмкүн болушунча көбүрөөк өлкөлөрдүн номур белгилерин “чогултткула”.
- “Б.Б. Бамблбии, мен сен көрбөгөн нерсени көрүп жатам”. деген оюнду ойногула. Муну менен силер эки жаштагы баланы бир нече мүнөткө чейин алаксыта аласыңар. “Б.Б. Бамблбии, мен сен көрбөгөн нерсени көрүп жатам, ал кызыл”. деп биринчи айтасынар. Андан сон силер балаңарга бөлмөнү айлана карап, кайсы кызыл нерсени айтып жатканынарды табууга мүмкүнчүлүк бересиңер. Ал туура тапса, анда анын кезеги. Же “Мен А”дан башталган нерсени көрүп жатам

деп айтып, бала ал нерсени табыш керек.

- Шахмат ойногула. Балдарыңардын ойлоо жөндөмүн жана креативдүү болуусун өрчүтүүгө болгон эң натыйжалуу жолдордун бири – бул шахмат ойноо. Ал чыдамдуулукка үйрөтүп, акылды өстүрөт. Ошондой эле атаандаштын стратегияларын талдоо менен анын мүнөзүн билсе болот. Алар агрессивдүүбү же жалтакпы? Алар тобокелге барышабы же жокпу?



Табияттын үндөрү

Балдарды отургузуп, көздөрүн жумуп, мүмкүн болушунча тынч отуруп, алар угуп жаткан бардык түрдүү үндөрдү санаткыла. Чымчыктардын, курт-кумурскалардын жана бакалардын үнүн уккула.

Аларды табиятка жакындаткыла

Биздин балдарыбыз токой, дарыя жана тоо дүйнөсүнөн телевизор, компьютер, интернет жана видео оюндар дүйнөсүнө кетип жатышат. Аларды кайра табиятка алып келгиле.

БАЛДАР МЕНЕН ТАМАКТАНУУ

Колумбия Университетиндеги Баңгилик жана Баңгизат колдонуу боюнча Улуттук Борбору жүргүзгөн сурамжылоого ылайык:

- Үй-бүлөсү менен чогуу тамактанган балдар үй-бүлөлөрү менен жакшы мамиледе болуп, көп сүйлөшүшөт. Үй-бүлөлүк тамактануулар жөн эле тамакты чогуу ичүү эмес. Тамак үстүндө олтуруп сүйлөшүү ата-энелерге балдарынын жашоосу жөнүндө, алар кез келген кыйынчылыктар жөнүндө жана балдар жакшы көргөн иш-аракеттерди билүүгө жардам берет.
- АКШда үй-бүлөлөрү менен такыр чогуу тамактанбаган балдар 72 пайызга көбүрөөк баңгизаттарын колдонуп, алкоголдук ичимдиктерди ичип жана тамеки тартышат.
- Үй-бүлөсү менен дайыма чогуу тамактанган балдар мектепте жакшы окуп, үйдө көп тынчсызданбай жана ата-энелерине көбүрөөк ишенишет.

Интернетти өтө көп колдонуунун зыяны

Телевизордун жаман таасирлеринин көпчүлүгү Интернетке жана компьютер оюндарына дагы тиешелүү. Ата-энелер көбүнчө компьютерди көп колдонууну колдошот. Кээ бир ата- энелер компьютерди биздин жашообузга пайда гана алып келчү нерсе катары көрүшөт. Андай эмес! Ата-энелер балдарынын компьютерди чеги менен жана жоопкерчилик менен колдонушат деп ойлошот. Бирок аныгында кээ бир балдар компьютерди сүйлөшүү сайттарында убактыларын сааттап коротууга, пайдасыз сайттарга кирүүгө жана порнографияны көрүүгө колдонушат.

Телевизор сыяктуу эле Интернетти ашыкча колдонуу – көңүлсүздүктү жаратып, жумушка тоскоол кылып, ашыкча салмактуулукту көбөйтүп жана балдар арасындагы кадимки сүйлөшүүгө жолтоо болот. Балдар ошондой эле жаман идеяларга жана абдан көп жарнамалоолорго туш болушат.

Компьютерлер пайда алып келчү жана керектүү маалыматтарды берүүчү күчтүү каражат болуп саналат.

Бирок, ата-энелер аны колдонууну көзөмөлдөп, сыр сөздөрдү киргизип, айрым сайттарды бөгөттөп, коопсуздук чараларын колдонуп жана чөйрө менен жакшыраак тааныш болушу керек. Балдарга Интернетке ашыкча убакыт коротууга уруксат бербегиле жана компьютерлерди баары көрүп тургандай жерде койгула.

Компьютер оюндары

Компьютер оюндары дагы балдардын, айрыкча эркек балдардын убактысын көп алат. Зыянсыз жана жөнөкөй оюн көрүнгөнү менен, алар аныгында балдарга зыян тийгизиши мүмкүн.

Компьютер оюндары зордук-зомбулукту камтып, бат көнүп, көз каранды болуп калууга жеткирет. Чектен ашып көнүп калуу учурлары өлүмгө алып келген учурлар бар (оюнга азгырылып кеткендин кесепетинен Түштүк Кореяда бир нече өлүмдөр болгон) (BBC News 2005).

Бул оюндар реалдуулуктан реалдуу жашоонун көп бөлүгү оюнга тете болгондой жана “оюн-күлкү” жери болгондой деңгээлде ажыратат.

Телевизорду өтө көп көрүү агрессивдүү жүрүм-турум, окуудагы начар көрсөткүчтөр, эрте жетилүү, ашыкча салмактуулук жана баңгизат жана алкоголдук ичимдиктерди колдонуу менен байланыштырылат. Ал эми ырайымсыз оюндар душманчылык жана физикалык согуштар менен байланыштырылат.

Ырайымсыз оюндарды ойноо төмөнкү нерселерге жеткирет:

1. Ашыкча физиологиялык дүүлүгүү
2. Ашыкча агрессивдүү ойлор
3. Ашыкча агрессивдүү сезимдер
4. Ашыкча агрессивдүү жүрүм-турумдар жана төмөнкү социалдык жүрүм-турумдар

Салгылашкан согушуулар жана мээлеп өлтүрүү стилиндеги өлтүрүүлөр адам жашоосунун баалуулугун кетирет. Аскер кызматкерлери жоокерлерин балдар ойноп жаткан компьютердик оюндарды колдонуп адам өлтүрүүгө үйрөтүшөт. Мындан башка темалар сыйкырдыкты, жин-шайтандарды жана мистикалык дүйнөнү камтыйт. Сыйкыр жана дубалоолор компьютер оюндарында кадимки нерсе болуп калды.

Тилекке каршы, технологиянын өнүгүшү менен бул оюндар реалдуураак болуп, "реалдуу жашоого окшош" болуп калды. Реалдуу жашоону фантазия менен аралаштыруу – эң кооптуу нерсе. Балдар реалдуулуктан качпай, тескерисинче аны бардык кыйынчылыктары менен кабыл алууга шыктандырылыш керек.

Ата-энелер балдарынын компьютер оюнун ойногонуна чек коюп, алар тандаган оюндарды текшерип туруулары керек.

Видео оюндар жана балдар

Видео оюндар 1970-жылдары киргизилген. Ошондон бери алар – балдар арасында абдан популярдуу. Зордук-зомбулук, баңгизаттарын колдонуу жана жыныстык жакындык – видео оюндарда кадимки нерселерге айланып баратат.

Падака (Кентукки), Джонсборо (Арканзас), Литтлтон (Колорадо) жана Блэксберг (Виргиния) шаарларында зордук-зомбулук жөнүндө оюндарды көп ойногон мектеп окуучулары тарабынан мектепте ок атуулар болгон. 1999-жылы Коломбина орто мектебиндеги кандуу окуяда (Гиббс 1999) Эрик Харрис жана Дилан Клеболд аттуу өспүрүмдөр 13 адамды атып өлтүрүп, 23 адамды жарадар кылып, андан соң өз жандарын кыйышкан. Бул эки өспүрүм Doom аттуу жоокерлерди адамдарды өлтүрүүгө үйрөткөн кандуу атышуу видео оюнун жакшы көрүп ойношчу. Харрис оюндун эки атуучудан, ашыкча куралдардан, чектелбеген ок-дарылардан жана каршы тура албаган курмандыктардан турган жеке версиясын түзгөн, ал ишке ашыра турган чыныгы атышууга окшош болгон. (Андерсон жана Дилл 2000). Балдар зордук-зомбулук иштерди канчалык көп практикалашса, аларды кылууга мүмкүнчүлүк ошончолук жогору болот. (Кларк 1993)

Балдардын агрессивдүү жүрүм-туруму менен алардын видео оюндарындагы агрессияга дуушар болуусунун ортосунда байланыш бар. Бала оюнда канчалык агрессивдүү акттарга дуушар болсо, ал башка адамдарга ошончолук агрессивдүү мамиле кылат. Эркектер аялдарга салыштырмалуу видео оюндарды көбүрөөк ойношот.

Видео оюндар коомго жана динге каршы жүрүм-турумдарды колдоп жатат (өлтүрүү, сөгүнүү жана уурулук кылуу сыяктуу).

Видео оюндарда аялдарды жаман сүрөттөшөт. Нинтендо оюндарында аялдар демейде иш-аракеттердин демилгечиси эмес, аларга карата иш-аракет кылынган адамдар катары каралат; өзгөчө кырдаалдарда алар жапа чеккен адам катары сүрөттөлүшөт. Көп оюндар аялдарды уурдап кеткен же аларды куткарыш керек болгон сценарийлерге негизделген.

(Фанк, 1993)

ВИДЕО ОЮНДАРЫНДАГЫ ЖАНА ТЕЛЕВИЗОРДОГУ ГЕНДЕРДИК АЙЫРМАЧЫЛЫКТАРДЫН СҮРӨТТӨЛҮШҮ:

1. ТВ жана видео оюндардагы эркек-аял мамилесинде эркектер көбүнчө үстөмдүк кылышат.
2. Видео оюндарында жана телевизордо эркектер демейде акыл-эстүү, намыскөй, акылдуу, атаандаша алчу, күчтүү, туруктуу жана чыдамкай, ал эми аялдар романтик, тил алган жана уялчаак болуп, кээ бир учурда аларды алдамчы катары сүрөттөшөт.
3. Эркектерге басым күчкө, ишти аткарууга жана жөндөмдөргө болсо, аялдарга жагымдуулук жана каалоочуулукка басым жасалат.
4. Көп Тв-шоулорда эркектерге нике жана үй-бүлө анча деле маанилүү эмес. Эркектердин дээрлик жарымын алар үй-бүлөлүү экенин айтуу мүмкүн эмес болгон, бул далил аялдардын 11 эле пайызына туура келет. Кечки телекөрсөтүүлөрдө аялдар – жаш, жакшынакай, арык. Аялдарды дайыма акылга караганда келбет маанилүүрөөк болгон жана алсыз жана ылайыксыз жүрүм-турумдар күтүлгөн кырдаалдарга дуушар кылышат. Ал эми эркектер болсо аялдарга караганда эки эсе акылдуураак жана көйгөйлөрдү чече алчу жөндөмгө ээ болуп көрсөтүлөт. Аялдар эркектерге караганда секс-объект катары көбүрөөк каралышат, эркектер балдардын муктаждыктарына жооп бере алгыс катары көрсөтүлөт.

(Сейдман 1999; Девис, 1990)

Америкалык музыкалык көрсөтүүлөрүндө аялдар эркекетердин көңүлүн бурууну каалаган секс-объект катары көрсөтүлүшөт. Рэп музыка ви-

деолорунда аялдар жеңил ойлуу катары сүрөттөлүшөт. Аялдар эркектерге караганда төрт эсе аз кийим кийип, ал эми эркектер дээрлик дайыма жабык кийинип жүрүшөт.

ҮЙ-БҮЛӨЛҮК АЛАКСЫТУУЛАР:
Видео оюндар бирөө менен чогуу эмес, жалгыз иштөөгө басым кылат. Белгилүү оюн сценарийи бул анонимдүү каарман анонимдүү душманга каршы агрессивдүү иш кылуу. Оюндар дүйнөсүндө коом менен аралашуу сезими жок болуп, алар бир убакта бир эле киши менен ойноого гана мүмкүнчүлүк беришет. Медиа жана Үй-бүлө Улуттук Институту видео оюндарынын таасирлерин көп жылдар бою изилдеп келишкен. Биз көп видео оюндарынын кылмышкерлердин маданиятын өркүндөткөнүн, зулумдукту майрамдаганын, оройлукту жактаганын жана аялдарга карата зордук-зомбулукту жана ырайымсыздыкты колдогонун билдик!

Корутунду

Жалпысынан, эгерде биздин жаңы санарип маданиятыбыздын бир бөлүгүн түзгөн бардык заманбап технологиялык ойлоп табуулардын пайдалуу жана зыяндуу жагын салыштыра турган болсок, биздин жаш муундарыбызга алар жок жашоо – жалпысынан тазараак, жакшыраак жана пайдалуураак экенин билебиз. Алар кутулгус зыян алып келүүчү болуп калышты. Бул ойлоп табылган нерселер байланыш жагынан пайда алып келип, билим энциклопедиясын колубузга карматканы менен акырында ал үчүн жооп беребизиз анык. Бул нерсенин жаман жагы – бул биздин балдарыбыздын жаман нерселерге көнүп калышы, бузулган үй-бүлөлөр жана ошондой эле, динсиз жана террордук идеялардын жайылышы болуп саналат. Гаджеттерди көзөмөлсүз колдонуу – балдарды экранга байлап койду. Ата-энелердин милдети – жаңы муундун бул нерселерди колдонуусун көзөмөлдөп, аларды пайдалуу нерселерге, билим алууга колдонушун көзөмөлдөө болуп саналат. Алар бизди эмес, биз аларды башкарып турушубуз керек.

Жыйынтыктоо

- Видео оюндарды аз ойногон балдар мектепте жакшы окушуп, уруш-талаштарга аз аралашышат.
- Билим бере турган оюндарды колдоп, зордук-зомбулук тууралуу оюндарга тыюу салуу керек.
- Жакшы мүнөзгө ээ балдарга ТВ жана видео оюндар азыраак таасир тийгизет.
- Ата-энелер балдарынын видео оюнга короткон убактысын чектеп турушу керек.

Телевизорду өчүрүп, жашоону күйгүзгүлө

Балдар менен чогуу убакыт өткөрүп, алар менен чогуу ырахат алгыла. Балдарды тарбиялоо – эң кыйын жана эң пайдалуу жумуш: ал илимди, өнөрдү жана динди талап кылат. Балдарыңардан күндө ырахат алгыла (телевизордон эмес).

ИШ-АРАКЕТТЕР

ТЕЛЕВИЗОРГО ЖАНА ВИДЕО ОЮНДАРГА АЛЬТЕРНАТИВАЛАР

69-ИШ-АРАКЕТ: Билим арттыруучу сапарлар

Балдарды ар түрдүү институттарга жакындаткыла. “Мага айтсан унутуп калам. Көрсөтсөң эстейм. Мени аралаштырсаң түшүнөм”.

- Балдарыңарды судьяларды жана адвокаттарды көрүү үчүн сот залына алып баргыла.
- Балдарыңарды милиция бөлүмдөрүнө жана түрмөлөргө алып баргыла.
- Балдарыңар менен чогуу башка диндеги адамдар сыйына турган жерлерге баргыла.
- Музейлерге, парктарга, китепканаларга жана фермаларга баргыла.

70-ИШ-АРАКЕТ: Аларга тамак кандай жасаларын түшүндүргүлө

Балдардан тамактын курамындагы нерселер жөнүндө жана алар кандай жол менен жасалаары тууралуу сурагыла: шорпо, пицца, нан, йогурт, сыр, гамбургер, куймак, вафли, карри, бирияни, таттуу токоч, бал, попкорн, майонез, кетчуп, чай жана кофе.

Балдарга самындын, шампундун, кагаздын, сыянын, чүпүрөктүн, пластиктин, асфальттын, бут кийимдин, эмеректердин жана килемдердин курамындагы нерселерди жана алардын жасоо жолдорун көрсөтүп бергиле.

Ар бир балага тамактын бир түрүн жана рецебин тандап алып, аны силердин жардам менен жасоого мүмкүнчүлүк бергиле.

71-ИШ-АРАКЕТ: Сиз баарынан эмнени баалайсыз?

Үй-бүлөлүк чогулушта ар бир мүчөдөн сурагыла: “Эгерде сенин жашаганга бир эле күнүң калса, эмне кылат элең? Эмне үчүн?”. Андан соң ар бир жоопту чогуу талкуулагыла.

72-ИШ-АРАКЕТ: Балдар үчүн акылмандыктын асыл таштары

Үй-бүлө мүчөлөрүн чогултуп, балаңардан төмөнкү саптарды үнүн чыгарып окуп берүүсүн өтүнгүлө. Маанисин түшүндүрүп берип, өз тажрыйбаңардагы болгон нерсе-

лер менен бөлүшкүлө. Балдарды өз оюн жана көз карашын айтууга шыктандыргыла.

Балам: Абайла…
Жакшы адамды таарынтып алуудан,
Акылдуу адамды уяткаруудан,
Митаам адамга жакшылык кылуудан,
Акылсыз адам менен тамашалашуудан жана
Бузуку адам менен алакалашуудан.

О менин сүйүктүү балам!
Мен бардык жакшы неселерди татып көрдүм, бирок ден соолуктан артык жакшы нерсе тапкан жокмун.
Мен бардык ачуу нерселерден жапа чегип, бирок башкаларга көз каранды болуудан артык ачуу нерсе көргөн жокмун.
Мен эң оор темирлерди жана таштарды көтөрүп көрдүм, бирок карыздан артык оор нерсе көргөн жокмун.
Жашоодо ак жана кара сызыктар бар экенин унутпа… бир күнүң ийгиликтүү болсо, экинчи күнүң ийгиликсиз болушу мүмкүн, сенин жашооң жакшы жүрүп жаткан убакта текебер болбой, шүгүр кыл, ал эми кыйын жана жаман күндөрдө сабырдуу бол.

(АЛИ ИБН АБУ ТАЛИБ)

73-ИШ-АРАКЕТ: Сиз үй-бүлөңүздү жакшы башкарып жатасызбы?

Суроо: Мен кандай ата же эне болуп жатам?

Балдарга тарбия берүү – бир эле учурда кыйын жана пайдалуу тапшырма. Ата-энелер өстүрүү, тарбиялоо, жол көрсөтүү, башкаруу жана кеңеш берүү менен алек болушат. Ата-энелер ошондой эле окутуу, үйрөтүү, үлгү көрсөтүү менен дагы алектенишет. Алар адамга жакшы болуп кетүү үчүн жана зыян болбош үчүн аракет кылып жаткан чыдамдуу доктурга окшош. Ата-энелер балдарына күч-кубат берип, аларды жакшы жакка үндөп, колдоп жана жардамын аяшпайт.

Өзүңөрдүн тарбиялоо ыкмаларыңарды бирден карап, талдап көргүлө. (Бардык пункттарды камтуу үчүн бир нече сеанс керек болушу мүмкүн).

Ата же эне катары:

- Мен өмүрлүк жарымды жакшы тандадымбы?

Туура жубай табууга кеткен убакыт жана аракет туура эмес жубай менен жашоого кеткен убакыт менен аракетке салыштырганда эч нерсе деле эмес. Тил табышып кетүү үчүн кылдаттык менен байкоо керек.

- Мен балдарыма үй-бүлөлүк миссияны ачык жана так түшүндүрдүмбү?
- Мен аларды туура баалуулуктарга үйрөттүмбү? Үйдү кооздоп турган – бул дубалдар менен шып эмес, баалуулуктар менен адептер болуп саналат.
- Мен ар бир баламдын эң мыкты жөндөмдүүлүгүн ачууга аракет кылдымбы?

Ар бир баланын өзүнчө кызыкчылыктары жана хоббилери болот; биз алардын талантын бекемдешибиз керек.

- Мен үй-бүлөлүк ресурстарды туура пайдаландымбы: убакытты, акчаны жана материалдарды?
- Мен балдарымдын сезимдерине жана кабыл алууларына көңүл бурдумбу? Алардын дүйнөнү таанып, түшүнүүсүнө көңүл буруу керек. Мен “алардын жолу менен” бир нече километрге чейин басышым керек.
- Мен өз балдарыма үлгү боло алдымбы? Балдар туура эмес кылып жатышса деле аларга көңүл бурбай коюуну жаман көрүшөт. Алар менен чогуу кылып, аралашып, тушүнүп жана аларды мактап туруу керек.
- Мен балдарыма туура багыт көрсөттүмбү? Ата-энелер тартип, мүнөздөмө жана эрежелер менен камсыз кылуулары керек.
- Мен жакшы мисал көрсөтө алдымбы? Бири-биринер менен жана бири-бириңер тууралуу сүйлөшүү, бири-бириңерге айткан тамашалар, аткарган убадалар, силер дос болгон достор жана силер ээ болгон кадыр-барк, мунун баары – абдан маанилүү.
- Мен бул үй-бүлөнү мага ишенип аманат кылган Жаратуучубуздун ыраазычылыгы үчүн мага жүктөлгөн бардык үй-бүлөлүк милдеттерди аткардымбы?
- Мен үй-бүлөлүк үмүт-тилектерге жетүү үчүн пландарды түздүмбү? Силердин үй-бүлөлүк планынар бул суроолорго жооп бериши керек:

  - Эмнеге жетүү керек?
  - Аны эмне үчүн кылуу керек? Ал биздин түпкү максатыбызга кандайча салым кошот?
  - Аны качан бүтүрүү керек?
  - Ал максатка жетүүдө биз азыр кайсы жердебиз?
  - Ал планды толтуруу үчүн кимдер талап кылынат?
  - Ага кандай жол менен жетүү керек? Кандай иш-аракеттер керек жана кандай каражаттар талап кылынат?

СИЛЕР ЖУБАЙЫҢАР ЖАНА БАЛДАРЫҢАР МЕНЕН БИРИ-БИРИҢЕРГЕ КӨЗ КАРАНДЫСЫҢАР. АЛАРДЫН КӨҢҮЛҮН КАЛТЫРБАГЫЛА.

СӨЗ АЯГЫ

СӨЗ АЯГЫ

Биз үй-бүлө туура жолдо жүргөн жана жакшы жарандарды чыгарууда эң чоң маанилүү роль ойнооруна ишенебиз. Бул тапшырманы бактылуу жана колдоп турган үйдө аткаруу эң жакшы. Ата- энелер – балдары үчүн эң алгачкы жана эң мыкты тарбиялоочулар болуп саналышат. Ата-энелер – үлгү көрсөтүүчү, чабан, пастор, окутуучу, тренер, тарбиялоочу катары болушу керек.

Бүгүнкү күндө, батыш дүйнөсүндө дагы, мусулман дүйнөсүндө дагы балдарды тарбиялоодо колдонулуучу канаатандыруучу үлгүлөр жок. Биз бири-бирибизден үйрөнүшүбүз керек. Батыш өз кызыкчылыктарын жана каалоолорун канаатандырууга басым жасаган жашоо образын кабыл алган. Адеп-ахлак жана баалуулуктар дээрлик жоголуп кеткен. Бул нейтралдуу баалуулук системасы баңгизатарын колдонуудан, аракечтиктен, сексуалдык бузукулуктан жана үй-бүлөнүн алсырашынан жапа чегип келген.

Экинчи жагынан, мусулман дүйнөсүндө запкы көрсөтүү, зордук-зомбулук, коркунуч, жемкорлук жана коркутуулар көбөйүп кеткен. Кээ бир мусулмандар кайраттуулукка, креативдүүлүккө жана эркин ойлонууга жолтоо болгон кулдук менталитетке ээ. Мусулман дүйнөсүнүн кээ бир бөлүктөрүндө балдардын акыл-эси жок, ырым-жырымдарга ишенген жана көз каранды мууну пайда болуп, алар коомдун кызыкчылыктары менен иши жок болуп чоңоюп жатышат.

Мусулман эместер жашоолорунда кайрадан Кудайга ишенип, оздөрүнүн илимдеги жана технологиядагы чоң жетишкендиктерин Аллаху Акбар (Аллах Улук) жана Аллаху А'лам (Аллах жакшыраак Билүүчү) деген динчилдик менен толуктоолору керек. Ал эми мусулмандар болсо, Кудайды кайрадан таанып, сабырдуулук жана демократия болгон (шура) ынтымактуу, эркин коомдорду түзүүгө аракет кылуулары керек.

Эң кичне деңгээлден алганда, жакшы тарбия берүү – бул бардык нерсенин башаты болуп саналат. Баланы тарбиялоо 24/7 тапшырма, ал жылдын 365 күнүн алат. Бул эс алуусу жок, делегациясы жок, көп кийлигишүүлөрдү жана стрессти талап кылган аракет. Ал ата менен эненин акыл-эстүүлүк менен билимдин эмоциялар жана сезимдер менен толукталып турушун талап кылат. Психология, социология, медициналык илимдер, байланыш жана дин – мунун баары баланы тарбиялоодо эң керектүү жана маанилүү нерселер болуп саналат. Биз балдарыбыз менен болгон урушту жеңе албайбыз; биз аларды сүйүү, чыдамдуулук жана эки тараптуу сүйлөшүү аркылуу жеңе алабыз. Ар бир бала: “Мен өзүмдү баалуу жана керек экенимди сезүүгө жардам бергилечи сураныч” деп айтаарын эч качан унутпагыла.

Көп ата-энелер балдарын жана балдары аларды жакшы билишет деп ойлошот, бирок бул чанда гана болот. Балдар жардамды – кийлигишүү, кенешти – чоңдук кылуу жана жакшы көрүүнү – кичинекей бала катары көрүү катары кабыл алышы мүмкүн. Балдар арасында алардын ата-энелери аларды жакшы көрбөйт деген жаңылыш түшүнүк бар!

Балаңардын мүнөзүндөгү жаман жактарын азайтып, жакшы жактарын өстүрүүгө аракет кылгыла. Ата-энелер, алар кандай тарбиялоо түрүн колдонуп жатышканын аныктап алышы керек: автократтык, эркин, демократиялык же авторитардык. Ата-энелер өздөрүнөн сураш керек: “Биз туура нерсе кылып жатабызбы?” Бул сурооого жоопту көп булактардан издесе болот.

Эгерде менде баламды кайра тарбиялоого мүмкүнчүлүк болсо, мен биринчи кезекте өзүнө баа берүүнү үйрөтүп, андан кийин гана үйдү курмакмын. Мен колдор менен көбүрөөк сүрөт тартып, колумду азыраак кеземекмин. Мен азыраак оңдоп, көбүрөөк байланышмакмын. Мен саатымды карабай, өз көздөрүм менен баламдын көзүнө карамакмын. Сейилдөөгө көбүрөөк чыгып, батперектерди көбүрөөк учурмакмын. Мен олуттуу болбой, олуттуу ойномокмун. Талааларда көп чуркап, жылдыздырды көбүрөөк карамакмын. Көбүрөөк кучактап, азыраак талап кылмакмын.

(Луманс, 2000)

Баланын физикалык жана эмоционалдык өнүгүү фазаларын билүү керек. Ар бир баланын максималдуу потенциалына өз убагында жетүүсүнө аракет кылгыла. Мисалы, балдар он жашка чейин эс тутуму жакшы болуп, тилдерди жакшы өздөштүрүп жана музыканы оңой эле үйрөнө алышы мүмкүн.

Теңтуштар балдарга чон таасир тийгизет. Ата-энелер үйлөрүндө балдарынын досторун жакшы кабыл алган чөйрөнү түзүшү керек. Ата-энелер балдарынын достору жана алардын ата-энелери менен достошуп, жакын мамиледе болгону жакшы.

Ата-энелер балдарын туура өстүрүү үчүн жөндөмдөргө, билимге жана каражаттарга ээ болуулары керек.
Кулк-мүнөздүн калыптанышы чектелүү болот.

Баланы эмизүү – көп оорулардын алдын алып, ымыркайды психологиялык жана эмоционалдык “капитал” менен камсыз кылат. Балдарга сүйүүнү, кайраттуулукту, креативдүүлүктү, чынчылдыкты, эркиндикти, өзүнө ишенүүнү, берешендикти жана ишенимдүүлүктү үйрөткүлө.

Ата-энелер ар бир балага убакытты жана акчаны туура пайдалануу, каршы болуу адебии, чечим чыгарууну, дуба кылууну, көйгөйлөрдү чечүүнү, жакшы кулк – мүнөздү (сыйчылдык, сылыктык, чыдамдуулук, жөнөкөйлүк), башкаларды угууну жана токтоолукту үйрөтүүлөрү керек.

Ата-энелеринин аларга көңүл бурууга убактылары жок балдар – жетимдердей эле болушат. Көп ата-энелер балдары менен жетиштүү убакыт өткөрбөй, анын ордун башка нерселер менен толтурушат (телевизор, бала багуучулар жана белектер сыяктуу).

Телевизорду өтө көп көрүү – зыян. Ага караганда үй-бүлө менен көбүрөөк жана пайдалуу убакыт өткөрүү – жакшыраак. Алыскы туугандар (чон ата, чоң энелер, таякелер жана бөлө-жээндер) – эң мыкты бала багуучу, насаатчы жана үлгү көрсөтүүчүлөр болуп саналат.

Баланын мүнөзүндө сүйүү, кайраттуулук, чынчылдык, креативдүүлүк, жоопкерчилик жана көз карандысыздык сапаттарын калыптандыргыла. Мунун баары бактылуу үй-бүлөлүк чөйрөдө, жакшы адамдарды тарбиялап чыгаруу үчүн болушу керек. Бактылуу үй-бүлө ата-энелер менен балдардын дайымкы эки тараптуу баарлашууларына негизделет. Чын дилден мактоо – балдардын жакшы нерселерди жасоодо аларды колдоп туруудагы негизги ингредиент. Ар бир ай сайын үй-бүлөлүк чогулуштарды уюштуруп туруу – үй-бүлөдөгү гармониялуу мамилени бекемдөөгө абдан маанилүү. Кармоо, өбүү, кучактоо жана жылмаюу ата-энелер менен балдардын ортосундагы сүйүүнү бекемдетет.

Ата-энелер балдарын угууну үйрөнүшү керек. Балдар жакшы баамдоочу болуп, бирок жакшы түшүнө беришпейт. Алар ата-энесинин бири-бирине кылган мамилесин, алардын чон ата, чоң энелерине, туугандарына, бир туугандарына, конокторго, бай жана кедейлерге, үй жумушчуларына (үй кызматчылары) жана кошуналарына кылган мамилелерин көрүп, байкап турушат. Алар ошондой эле алардын үй жаныбарларына, жапайы жаныбарларга, өсүмдүктөргө, гүлдөргө жана айлана-чөйрөгө кылган мамилелерин дагы байкап турушат. Алар ата-энелеринин айткан сөздөрү менен кылган иштерин салыштырып, чындыкты билип жана эки жүздүүлүктү дагы ажырата алышат. “Мен айткан нерсени кыл, бирок мен кылган нерсени кылба” деген таптакыр туура эмес. Ата-энелер өздөрү нассат кылган нерселерди кылышы керек. Бирок, эгерде ата-энелер жаңылып калышкан болушса, эң жок дегенде, алар балдарынын алдында ошол кемчиликтерин моюнуна чын дилден алуулары керек.

Балдарга үлгү көрсөткөн адамдар керек. Эгерде ата-энелер аларга жакшы үлгүлөрдү таап бере алышпаса, алар туура эместерди тандап алышы мүмкүн. Эң мыкты үлгү көрсөтүүчүлөр булар – Кудайдын Пайгамбарлары, андан кийин адеп-ахлакты жана үй-бүлөлүк баалуулуктарды колдогон жана алдыга түрткөн дүйнө жүзүндөгү ар кандай лидерлер болуп эсептелет.

Баланы тарбиялоодо энелер эң маанилүү роль ойнойт. Муса, Иса жана Мухаммед Пайгамбарларды энелери тарбиялаганы кокусунан эмес. Жашоодо аялдарды урматтоо үчүн, эркектер аларга болгон сый-урматын сөздөрү жана кылган иштери менен көрсөтүп туруулары керек.

Бир ата-эне мындай деп белгилеп кеткен: “Мен бир нерсени өзгөртүү үчүн эч нерсеге жарабайм!”. Бирок бул туура эмес. Балдарды тарбиялоо абдан маанилүү болгондуктан, аны жалгыз кылуу өтө оор нерсе. Көмөктөшкөн топторду түзүү – абдан пайдалуу. Силер ата-тегиңерди өзгөртө албайсыңар, бирок өзүңөрдүн урпактарыңарды жакшырта аласыңар. Ата-эне катары силер бул жашоодо эң чоң өзгөрүүлөрдү кыла аласыңар, ошондуктан үмүттү үзбөш керек. Эч качан кеч эмес!

Балдардын мүнөзүнө табият, тарбия жана баарынан мурда, Жараткандын Каалоосу таасир тийгизет! Баланы тарбиялоо – бул илим жана өнөр.

Бул китеп бир нече китептер сериясынын биринчиси, Кудайдын каалоосу болсо башка китептер дагы жарыкка чыгат. Биз окумуштууларды жана эксперттерди алардын эң керектүү салымдары менен баланы тарбиялоо жолун жакшыртууга чакырабыз.

Өмүрүңөрдүн аягында өзүңөргө төмөнкү суроону бергиле: “Мен жашоону жакшыртууга умтулган жакшы ата же эне болдумбу?”

Колуңардан келишинче аракет кылгыла. Кудайга ишенип жана тынч болгула! Жашоонун аягында маанилүү нерсе – бул силердин кандай машинага, үйгө же банк эсептерине ээ болгонуңар эмес, силер канчалык жакшы ата-эне боло алганыңар!

Кеч болуп калгыча күтпөгүлө!

АТА-ЭНЕ МЕНЕН БАЛАНЫН МАМИЛЕСИ

Бул окууга оңой жана ар тараптуу колдонмодо ата-энеге ишенимдүү түрдө баланы кантип тарбиялоо керектиги жөнүндөгү материалдар камтылган. Бул китеп балдарды өнүктүрүү жана ата-энелик милдеттерди аткаруудагы ыкмаларды колдонуунун акыркы изилдөөлөрүн камтыйт, мындан сырткары анда балдардын «гүлдөп, өсүүсүнө» жол берүү, ата-эненин көңүлү жана бактылуу үй-бүлөлүк мамилелерди өркүндөтүү боюнча күчтүү кеңештер жана насааттар сунушталат. Авторлор балдардын мүнөзүн, билимин, баалуулуктарын жана жөндөмдөрүн өркүндөтүү боюнча көрсөтмөлөрдү беришет, ошондой эле, ата-энелер ар түрдүү курактагы балдардын ишенимине негизделген көз караштарды пайдалана алышат. Сунушталган көптөгөн стратегиялар жана ыкмалар балдардын көйгөйлөрдү чечүү, чечим кабыл алуу жана өзүн-өзү сыйлоо сезимин өрчүтүүгө багытталган. Бүгүнкү дүйнөдө жарандык жоопкерчиликти сезген, кудайлык аң-сезимдүү, адеп-ахлактуу жана ийгиликтүү балдарды тарбиялоо - оңой иш эмес. Ошондой эле, бул мүмкүн дагы эмес. Натыйжалуу ата-энелик милдет - бул маселелерди чечүүнүн ачкычы болуп саналат.

Эң негизгиси бул китепте балдарды тарбиялоодогу көйгөйлүү маселелерди чечүүнүн исламдык жолдору сунушталат. Мени көпчүлүк учурдагы балдарды өнүктүрүү теорияларынын ар тараптуу чагылдыргандыгы таң калтырды. Авторлор популярдуу психологиянын кеңири тараган жаңылыш түшүнүктөрү жөнүндө сөз кылууну унутушкан жок.

Доктор КУТАЙБА ЧАЛЕБИ, балдар психиатры, Америка Психиатрия жана Неврология Кеңеши тарабынан тастыкталган. Ошондой эле, ал Сауд Арабиясынын Падышачылык бөлүмүнүн, Падыша Фейсал ооруканасынын жана Изилдөө борборунун башчысы.

Бул колдонмо - натыйжалуу ата-энелик милдет жөнүндөгү эң түшүнүктүү жана ар тараптуу китептердин бири. Бул эмгек - үй шартындагы жана балдардын тажрыйбалуу дүйнөсүндөгү көйгөйлөрдү чечет жана дүйнө жүзү боюнча үй-бүлөлөрдү өзгөртүүчү маалыматтарды камтыйт.

ЭДРИС ХАМИССА, Билим берүү жана адам өнүгүүсү боюнча эл аралык консультант.

Бул китеп көптөгөн мыкты өзгөчөлүктөргө ээ жана мен муну ата-эне жана үй-бүлө маселелери боюнча ар кандай тилдерге которулган көптөгөн китептердин автору катары айтып жатам. Ата-энелерге жардам берүү максатында көптөгөн ресурстарды жана баалуу шилтемелерди сунуштайт, балдар үчүн талаптардын аткарылышынын туура маанисин белгилеп, буга коомчулуктун ынтызарлыгы жана катышуусу керек экендигин, ошондой эле, бекем үй-бүлөлүк байланышты талап кылган мыкты иш-чаралардын тизмесин сунуш кылат. Эгерде ар бир бөлүмата-энелер тарабынан колдонулса, анда үй-бүлөдө ден соолугу чың бала жана позитивдүү атмосфера болот.

Доктор МОХАМЕД Р.БЕШИР, «Американын Исламдык Үй-бүлө Кеңешчилеринин Шурасы», SIFCАнын консультативдик кеңешинин мүчөсү. Ошондой эле, Канада Мусулмандар Ассоциациясынын (MAC) жана Мусулман Америка Коомунун (MAS) тарбия маселелери боюнча бөлүмүнүн кеңешчиси.

Китеп үй-бүлөлүк байланышты жакшы билген ата-энени тарбиялоого үндөйт. Өзгөчө мүнөздүү балдарды тарбиялоодо убакытты, күч-аракетти, сүйүүнү жана түшүнүктү жумшоо бир нече жолу баса белгиленет. Бул китептеги Курандын шилтемелери жакшы жана чоңураак кабарга басым жасабастан, ойду гана баса белгилешкен. Албетте, авторлордун диний таасирлери күчтүү жана алар өз аргументтерин туура айтышкан. Семинарлар, консультациялар жана башка тапшырмалар үчүн китептин айрым бөлүктөрү алынып, жалпыланса, бул мени таң калтырбайт.

ПАУЛ ГЕНРИ ТИСОН, *Египет, Ирак, Кувейт жана Сауд Аравияда иштеген АКШнын Тышкы иштер министрлигинин пенсиядагы кызматкери.*